Бектурсун Алымов, Абдыкерим Муратов

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

Орто мектептин 7-классы үчүн хрестоматия
окуу китеби

Оң долуп, түзөтүлүп, үчүнчү басылышы

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлиги бекиткен*

Бишкек – 2015

**УДК 373.167.1**
**ББК 83.3 Ки я721**
**А 59**

2-басылышы 2007-жылы чыккан

**Алымов Б., Муратов А.**

**А 59** **Кыргыз адабияты:** Орто мектеп. 7-кл. үчүн хрестоматия окуу китеби. Онд., түзөт., 3-бас.– Б.: Билим-компьютер, 2015.– 400 б.

ISBN 978–9967–31–257–9

**Эскертүү:** Бул окуу китебиндеги материалдар авторлор тарабынан төмөнкүдөй иштелди:

«Киришүү», «Кожожаш», «Эр Табылды», «К. Акы уулу», «Б. Жакиев», «Т. Касымбеков», «Р. Гамзатов», «А. П. Чехов» бөлүмдөрү, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, О. Бөлөбала уулу, А. Үсөнбай уулу жана А. Осмоновдун өмүр баяндары эки автор (Б. Алымов, А. Муратов) тарабынан жазылган.

Кыргыз адабияты программасы өзгөртүлгөндүгүнө байланыштуу А. Токомбаевдин «Жараланган жүрөк», Ч. Айтматовдун «Эрте келген турналар» повесттери, Назым Хикметке жана Муса Жалилге байланыштуу бөлүмдөр профессор Бектурсун Алымов тарабынан, Осмонкул, Алымкул, Алыкулдун ырлары, Т. Сыдыкбековдун «Акылман куудул» повести,- «Молдо Кылыч», «Токтогул», «Барпы», «Айтыш», «Коргоол», «Ж. Садыков», «Саади», «Т. Кожобердиев», «Ж. Мамытов», «О. Султанов» бөлүмдөрү Абдыкерим Муратов тарабынан иштелди.

*Китептеги шарттуу белгилер:*

– сөздүк

– жөнөкөй суроолор жана тапшырмалар

– татаал суроолор

**А 4306020400–15**

**УДК 373.167.1**
**ББК 83.3 Ки я721**

ISBN 978–9967–31–257–9

© Б. Алымов, А. Муратов, 2015
© «Билим-компьютер», 2015
© Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлиги, 2015

## *САЛАМ САГА, ЖАШ ОКУРМАН !*

Китепти сүйгүлө, ал силердин жашоо-тирлигиңерди жеңилдетип, адамдарды сүйүүгө, өзүңдү өзүң урматтоого жардам берет, дүйнөгө, адамдарга карата оюңарды жана жүрөгүңөрдү эргитип, көңүлүңөрдү кушубак кылат.

*М. Горький*

Жарык менен билимге эшик ачуу үчүн жана ал эшик эч качан жабылбасын үчүн, силердин ата-бабаңар, энелериңер, эже-агаларыңар канын төккөнүн жана чексиз күч менен күрөшкөнүн эч убакта жадыңардан чыгарбагыла.

*М. Шолохов*

Китеп – адамдардын руханий байланышындагы көөнөрбөс көрөңгөнүн бири, ал адамдарды өз башатына баш багууга, жан-дүйнөсүнүн сырдуу түйүндөрүн чечүүгө, учурдагы, өткөндөгү жана келечектеги турмушка серп салып, байкоо жүргүзүүгө түрткү берет. Китеп – адамдарды байланыштырат.

*Ч. Айтматов*

*Урматтуу китепкөй жаш достор, мына дагы бир жаңы окуу жылы алдыда. Адаттагыдай эле бул жылда да сени жаңы чыгармалар менен таанышуу кубанычы күтүп турат.*

*Колуңардагы китепти окуп таанышуу менен, силер, тээ өткөн кылымдардын жаңырыгы болгон уламыш, аңыз кептер менен таанышасыңар, элдин оор күндөрү жөнүндө окуп алып кабырганар кайышат, көзүңөрдө жаш тегеренет. Силердин бүгүнкү балалыгыңар бактылуу, бейпил болушу үчүн кара жанын карч урган жигердүү, тайманбас адамдар тууралуу, жана дагы жаңы көптөгөн нерселер жөнүндө билесиңер, жаратылыштын сыйкырдуу сырларына саякат жасап, өрнөктүү адамдардын өмүрүнүн жаркын жактарынан өзүңөргө шам жагасыңар. Бул китеп силерди сөз өнөрүнүн ажайып дүйнөсүнө жетелейт деген үмүттөбүз. Силер бөлмөдө болсоңор, китеп – сыртты көрсөткөн терезе, силер сапарга чыксаңар, китеп силерге – жол, түнкү багытыңдан адаштырбас – Алтын казык жылдыз. Кыскасы, китеп өмүр-жолдошуң, жашооңдо колдон түшпөс жан-буюмуң, өмүрлүк жан-шеригиң.*

*Китепти булгаба, айрыба, жоготпо деп акыл-насаат айтыштын зарылчылыгы деле жоктур, анткени силер андай насааттардын далайын биринчи класстан бери угуп келесиңер.*

*Анда эмесе, китепкөй окурманым, менден силер эмнелерди ала аласыңар, өзүңөргө кандай жакындык табасыңар, кел анда, менин дүйнөмө, көркөм сөз дүйнөсүнө сапарга чыгалы! Силердин көркөм табитиңер, жан-дүйнөңөр мол, бай болсун, чаалыгып-чарчаганыңарда, кубаныч-кайгыңарда, чыйыр издеп адашканыңарда дайыма мен силер менен чогуу жүрөйүн.*

*Ак жол силерге, жаш досторум!*

СЕНИН КИТЕБИҢ

# Киришүү

## ТУРМУШТУН КӨП ТҮРДҮҮЛҮГҮ ЖАНА АНЫ АДАБИЯТТА ЧАГЫЛДЫРУУНУН ФОРМАЛАРЫ

Акындын сөзү чынчыл болсо гана,
Ар убак бере алмакчы пайда сага.

*Баласагындык Жусуп*

**Балдар, силер күн сайын адам баласы ойлоп тапкан, жаратып жаткан өнөр чыгармалары менен таанышып, кездешесиңер. Алыска барбай эле өзүңөр окуган мектепти алалы. Анын имараты мейли жаңы болсун, мейли эски болсун, кимдир бирөө тарабынан ойлонулуп жасалган кандайдыр өзүнчө бир формада, көлөмдө, бөтөнчө бир стилде курулган. Демек, анда архитектура өнөрүнүн изи бар; сүрөт көрсөңөр, аны бирөө тарткан; ага автор-сүрөтчү өзүнүн чыгармачылык өнөрүн жумшаган; чоң атаң сага жомок айтып берсе да, мугалимиң сүйлөп жатса да мунун өзүндө ошол чоң атаңдын, же мугалимиңдин өнөрү камтылган, кино, телевидение менен радио, музыка, театр – мына ушунун баарына инсан аң-сезими сарпталып, анын баары адамдын оюнан, иш-аракетинен жаралган. Ошентип, сен искусствонун ченемсиз зор мухитинде сүзө баштайсың. Ошол искусствонун, б. а. өнөрдүн ичинен эң байыркыларынын бири – адабият, анан ал, мейли оозеки же жазуу түрүндө жашасын, аны ошол өнөрлөрдөн айырмалап турган негизги белгиси – сөз. Ушул башкы касиети үчүн адабият – сөз өнөрү деп аталат.**

**Ар бириңер жамгырды жакшы билесиңер. Жамгыр... Күнтүндөп басылбай, майдалап, жердин мээсин чыгара ээзип жааган ак жаан, жок жерден бир азда эле кайдан-жайдан кара булут пайда боло калып, анан жер сабап, төгүп жааган нөшөр, анчалык арбыта албай, себелеп өткөн өткүн, кабак салып түнөрүңкү жааган күзгү кара жаан... Табиятта анын канча-канча түрлөрү бар? Аны сөз менен айтыштын өзү да кыйын. Дал ошол түрлөрү өтө көп табият кубулушун кандайча «кармап», өнөр чыгармаларында кандайча чагылдырууга болот? Сүрөтчү**

боёк менен ошол көрүнүштүн элесин тартса, фотосүрөтчү көз ирмемде эмне болсо өзгөртпөй, дал ошол калыбында өркүндөтпөй «катырып» таштайт, ал эми музыка анын ыргактарын, дабышын, күүсүн үнгө салып берет. Адабият менен илим бул кубулушту сөз менен түшүндүрөт. Илим жамгыр жөнүндө минтип айтат: «Жамгыр – жаан-тамчы түрүндө жер бетине түшүүчү атмосфералык суу. Жаан, адатта, муздак тамчылар менен муз кристаллдарын 0° С дан төмөнкү температурада кармап турган аралаш булуттардан жаайт» (КСЭ).

Адабияттын илимден айырмасы көркөмдөп сүйлөйт, сөз тандап, жандандырып, көркөм сөз каражаттарын колдонуп, сүрөттөп, же баяндап берет. Жамгыр жөнүндөгү белгилүү акын Алыкул Осмоновдун бир ырын окуп көрөлүчү:

Жамгыр жаады, жамгыр жаады шатырап,
Күн күркүрөп, чарт-чурт этип чатырап.

Жамгыр кантсин, жаба куюп эркелейт.

Ал эми Ч. Айтматов табияттын ошол кубулушун төмөнкүчө сүрөттөйт: «Мына ошондо нөшөр төктү дейсиң! Тим эле челектеп куйгандай төгүп жиберди. Канчадан бери жаабаган эсесин чыгара төктү. Жер силкинип алды, көлчүк көбөйүп, бети көбүктөнүп көөп чыкты. Ал анан кара нөшөр жинденгендей, албууттанып... Гималай мөңгүсүнөн алып келген салкынын ысык жерге жапшыра төгүп кирди... Сабалаган жамгырдын арасында Абуталип суучулдардай кол булгалады... Жамгыр кандайча жаабасын, алакандагы сымап сыңары токтой албай ылдый чуркайт, аң-жарларга куюлуп кетет. Шатырап келет да, шаркырап жок болот. Нөшөр башталгандан кийин бат эле жылга-нуктарга кыяндан суу толуп чыкты, көбүктөнүп, жошолонуп, өктөмдөнүп акты». Жогорку мисалдардан сөз өнөрүнүн негизги материалы – образ, образдуулук жана көркөм тил экендигин силер баамдасаңар керек. Мына ошол адабияттын түзүүчүсү – автор, эгер ал жазма адабияттын өкүлү болсо, *жазуучу же акын, драматург*, ал эми чыгарманы оозеки жаратуучу болсо, *ырчы, манасчы, акын, төкмөчү, жомокчу* делип аталып келатат. Арийне, автордун талантынын канчалык деңгээлде экендиги, анын изденүүлөрүнө жараша чыгармалары ар кандай сапаттык, көркөмдүк деңгээлде жаралат.

Тигил же бул чыгарманы жаратыш үчүн акын, жазуучу, же ырчы материалды кайдан алат? **В. Г. Белинский** «Искусствонун түбөлүктүү үлгүсү – табият, табияттагы өтө улуу, өтө сыймыктуу нерсе – адам», – дейт. Ал эми **М. Горький** адабиятты

адамтаануу илими катары караса, **Н. Г. Чернышевский** аны турмушту көрсөткөн күзгү деп эсептейт. Кыскасы, баяндала турган окуяларды, адам мүнөзүн адабият ириде турмуштан алат. Экинчиден, адабият окурмандарга турмуштун, жашоонун, адамдын кандай экендигин түшүндүрүп берет. Бирок ошол турмуш көрүнүшүн сүрөттөөдө жазуучу фотосүрөтчү сыяктуу көргөн нерсенин сүрөтүн гана албастан, ага өзүнүн жекече алымча-кошумчаларын киргизет, айрым ичинен «токуп» чыгарган окуяларды, образдарды, сүрөттөөлөрдү кошот. Ансыз адабият жансыз жана кызыксыз болуп калат. «Көркөм чыгармада турмуш чындыгы чыгармачылык фантазия аркылуу берилет», – деп **К. Федин** айткандай, турмуш өзү жазуучунун кыял-дүйнөсүнүн, ой-сезиминин элегинен өтпөсө, ал али өлүү нерсе. **Гёте** өзү катышпаган бир да чыгармасы жок экенин, бирок ошол эле учурда турмушта эмне көрсө, анын баарын ошол калыбында жаза бербегенин эскерет. Демек, турмуш адабиятта ар кыл формада, ар кандай өң-түстө сүрөттөлөт.

Алар кайсылар? Биринчи кезекте – көркөм образ. Жазуучу чыгармада көбүнчө окуяларды бир же бир нече адамдын айланасына топтойт, ал адамдын ой-санаасын, тышкы көрүнүшүн, сүйлөө кебин, ичинен эмнелерди ойлоп жатканын да чагылтат, а түгүл фантастикалык чыгармаларда турмушта болбогон, турмуштагыга окшобогон окуяларды да баяндайт. Искусстводо ошондой эле көркөм шарттуулук учурайт, бул реалдуу чындык эмес, «жалган», кездешпей турган көрүнүштү колдонуу ыкмасы. Мисалы, Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестинде Жер менен Толгонай кадимки адам менен адам сүйлөшкөндөй сүйлөшөт. Мындай ыкманы жазуучулар образды тереңдетүү, окуялардын чегин кеңейтүү, турмуш көрүнүшүн жеткиликтүү чагылдыруу максатында колдонот. Ал эми жомоктордо, тамсилдерде айбандар, а түгүл буюмдар да кадимки адамдардай ой жүгүртөт, сүйлөйт, түш көрөт ж. б. Бул да адабиятта турмушту сүрөттөөнүн бир формасы болуп саналат.

**О. Бальзактын** романдарынан ошол кездеги Батыш Европанын турмушу, бүткүл тарыхчылардын, экономисттердин жана башка адистердин жазганына караганда тереңирээк көрүнсө, **В. Г. Белинский, А. С. Пушкиндин** «Евгений Онегин» романын орус турмушунун энциклопедиясы катары баалайт. Андай болсо көркөм адабият турмушту чалгындап, элдин жашоосун көрсөтүп берүүчү күзгү, жол баштаар маяк дешке болот. Ал гана эмес калкты таалим-тарбия менен куралдандырар, адамдардын пейил-ынсабын оңдоп, дилин тазартаар, демин көтөрүп,

дымак берер, чарчоосун унуткараар, кыялын айтып алар жан-жолдошу да ошол – сөз өнөрү эмес бекен? Энелерибиз, эжелерибиз жакындарын жоктоп неге кошок кошот? Жомоктордо неге дайым эле адилетсиз хан жеңилүүгө учурайт да, анын ордуна баатыр жигит же жетим бала бийликке келет? Көрсө, адам күйүтүн басып, көксөөсүн суутуп шыпаа болчу бирден бир нерсе – ыр экен. Көрсө, адилеттик жөнүндө кылымдар бою эңсеп келгендер аткарылбас кыялдарын жомокко айландырыптыр. Ата Журтту коргоо үчүн согуш учурунда жаздым болгон кыргыз жоокерлеринин койнунан **Шота Руставелинин** «Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасы чыкканын, жаш гвардиячы У. Громова туткунга түшкөндөгү кыйноодо ички бийик духту **М. Ю. Лермонтовдун** ырларынан тапканын, элибиздин баатырлары жоого аттанаарда «Манас» угуп, «манастап» ураан чакырып, байыркы Манас баатырды асаба туу, сүрөмөлөөчү жөлөк кылып, анан душманга каршы киргенинен кабардар да болсоң керек. Мунун баары – **сөз күчү**, адабияттын аркалаган милдет-жүгү.

А ошол адабиятты терең түшүнө алып, талдоо, андан күч топтоор күлазык алуу сенин китеп окуу маданиятыңа, окумалдыгыңа байланыштуу экенин унутпаганың абзел.

1. Эмне үчүн адабиятты сөз өнөрү дейбиз? Илимден искусствонун айырмасы эмнеде? Өзүңөр билген чыгармалардын мисалында Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө көркөм чыгармалар менен тарых окуу китебинде согуш тууралуу жазылганын, алардын айырмачылыктары менен окшоштуктарын түшүндүргүлө.
2. Революцияга чейинки оор турмуш тууралуу тартылган сүрөттөр менен өткөн жылы окуган М.Элебаевдин «Бороондуу күнү» деген аңгемесин салыштыргыла. Мугалимдин жардамы менен көркөм чыгармалардан пейзаждык сүрөттөөлөрдү же каармандын портретин көрсөткөн учурларды таап, ошол көрүнүштүн сүрөтүн тарткыла.

1. «Толубай сынчы» мультфильмин жана А.Осмоновдун ушул эле наамдагы поэмасын салыштырып айтып бергиле.
2. Бешик ырлары кандайча жаралган? Алардын мааниси эмнеде? Эмнеликтен бешик ырлары аз ырдалып баратат? Бешик ырларынан мисал келтиргиле.
3. Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар» жана «Манас-Атанын ак кар, көк музу» аттуу чыгармаларында сүрөттөлгөн турмуш көрүнүштөрүн жазуучу кандай чагылдырганын салыштырып талдагыла.
4. Дептериңердин биринчи жагына Ысык-Көл жөнүндөгү географиялык маалыматтарды энциклопедиялардан таап, көчүрүп жазгыла, экинчи жагына А. Осмоновдун Ысыккөл жөнүндөгү ырларынан жазгыла. Анан илим менен адабияттын айырмасы жөнүндө айтып бергиле.
5. Төмөндө берилген учкул сөздөрдүн маанисин чечмелегиле жана жаттагыла:

Жараткан бергенин бүт койбой алат,
Бир гана жагымдуу сөз аман калат.

(*Фирдоуси*)

Жакшы сөз – жарым ырыс.

(*макал*)

Жакшы сөз жан эритет, жаман сөз жан кейитет.

(*макал*)

Искусство – адамдарды баш коштуруунун бирден бир куралы.

(*Л. Н. Толстой*)

Акылдуу адам көптү билиш үчүн окуйт,
майда адам көпкө билиниш үчүн окуйт.

(*япон макалы*)

Тил – жазуучунун, мылтык – жоокердин куралы.
Курал канчалык кубаттуу болсо,
анын ээси ошончолук күчтүү болот.

(*М. Горький*)

Адам өлөт, өнөр эч качан өлбөйт.

(*Гиппократ*)

# ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН КАЗЫНАСЫНАН

## «КОЖОЖАШ» ЭПОСУ

*«Кожожаш» дастанынын оозеки чыгармаларда өзүнчө орду, башка эпостордон айырмаланып турган белгиси бар. Бул өзгөчөлүк адам менен жаратылыштын татаал байланышын элдин байыркы түшүнүгү менен кароо аркылуу ачыгыраак байкалат. Байыркы адамдардын түшүнүгү боюнча табиятта жашаган ар кандай жан-жаныбарлардын, тоо-таштын, суунун колдоочусу бар. Ошондой эле алар ар кандай сыйкырдуу күчтөргө ээ деп эсептешкен. Анан ошол күчтөрдүн алдында адам алсыз деп ойлошуп, эгер ал ченемден чыгып, ыйман-ынсабын тебелеп, ашыкча сугалактык кылып, өз напсисин ашкере агытып жиберсе, адам өз күнөөсүн тартууга тийиш деген идея, түшүнүк кеп толгонткон. «Кожожаш» эпосуна элдин ошол тотемдик (адамдарды кандайдыр бир жандыктар, же башка буюмдар менен теги, каны бир болгон, же ошондон келип чыккан деген түшүнүк) жана анимисттик (ар кандай нерсенин жаны, колдоочусу бар, алла таала баарын башкарып турат деген көз караш) идеялары терең сиңген.*

*Эми төмөнкү маалыматтар боюнча ой жүгүртүп көрүңүз: 1600-жылдан бүгүнкү мезгилге чейин жер бетиндеги сүт эмүүчүлөрдүн 60тан ашык, канаттуулардын 100гө жакын түрлөрү таптакыр жок болуп кеткен. Бул сүт эмүүчүлөр менен канаттуулардын төрттөн биринин жоголушуна табият таасирин тийгизсе, калган үч бөлүгүнө адамзаттын чарбачылык аракети түздөн-түз себепкер. Биздин өлкөбүздө да өткөн кылымдын ичинде эле ондогон жаныбарлардын түрлөрү жок болуп кеткен. Айталы,* ***тур, тарпаң*** *жана жакында эле жок болуп кеткен* ***туран жолборсу*** *ж. б.*

* * *

*Жергебизде кеңири жайылган* ***марал, күрөң аюу, аркар, кулжа, илбирс, сүлөөсүндөрдүн*** *саны кийинки мезгилде өтө сейрек болуп кеткендиктен бардыгы Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине жазылган. Бардыгы болуп азыр Кызыл китепке сүт эмүүчүлөрдүн 13, канаттуулардын 20, сойлоп*

*жүрүүчүлөрдүн 3, балыктардын 1, курт-кумурскалардын 5, өсүмдүктөрдүн 65 түрү катталган.*

* * *

*Соңку жылдарда эле канаттуулардын 290 түрү, азыр 1029 түрү жоголуп отурат. Канаттуулардын мындай тез жоголушуна адамдардын өтө «чарбачылдыгы» түздөн-түз себепкер. Баарынан кейиштүүсү айрым кызыл кулактар сейрек кездешүүчү куштарды, канаттууларды алып сатарлык кылып түбүнө жетишүүдө.*

* * *

*Дарыя, көлдөрдөн биз пайдаланган суулардын теңинин сапаты төмөндөп, кайрадан дарыя, көлдөргө куюлат, куюлганда да анын ондон бир бөлүгү булганып, ыпластанып барып кошулат.*

* * *

*Абаны, жердин тазалыгын туура сактап турган токойлордун абалы эң начар. Жыл сайын Жер жүзүнөн 11 млн гектар тропикалык токой кыйылып жок болуп турат.*

* * *

*Абанын булганышынан жана өнөр жайдын таасиринен 31 млн гектар аянттагы токойлор дартка чалдыгууда.*

* * *

*Мындан 10 миң жыл илгери **токой пили, токой кериги, үңкүр кызыл тумшук таан**, кийинчерээк **зор бугу, жүндүү керик, мамонттор** жок болгон. 63 миң жыл мурда Түндүк Америкада жашаган **мастодонт, зор лама, кара тиштүү мышык, чоң ак кунас** тыптыйпыл жок кылынган.*

*Бүгүнкү күндө канаттуулардын 187, сүт эмүүчүлөрдүн 120 түрү таптакыр тукуму курут болор коркунучунда турат. Бардыгы болуп 100 жылдын ичинде адамдын колунан дээрлик 3000 илбирс аёосуздук менен жок кылынган. 1967-жылдан 1986-жылга чейин гана браконьерлер 88 илбирс кармашкан, алардын көпчүлүгү капкан менен кармалган.*

**Төмөнкү суроолордун айланасында толгонуп ой жүгүртүп көргүлө. Ал суроо-тапшырмалар боюнча сабак-диспутка даярдангыла.**

1. Жаратылыш, бизди курчап турган айлана-чөйрө: аба, суу, тоо, токой, жер, күн-түн, таш, өсүмдүктөр, жаныбарлар, а адам да ошол жаратылыштын бир бөлүгү. Муну кандай түшүнүүгө болот? Адам менен жаратылыштын кандай байланышы бар?

2. Тамак-аш жок кезде, ачкадан өлбөө үчүн адамдар жандыктарды атып алган, ал анын негизги тамагы болгон. Ансыз ал өлүмгө учурамак. Эптеп өлбөй жашаш үчүн мындан башка эмне кылуу керек эле? Деги, адам кантип, эмне үчүн аңчылыкты үйрөнгөн? Бардык нерселер адамдар үчүн дейбиз, андай болсо ошол адамдын суудан балык кармап жешке, чөлдөн жейрен, тоодон бугу атып алышка акысы, укугу жокпу?
3. V класстан силер өткөн «Бугу эне» жомогун эстегилечи: адамга Бугу-эне эмнеликтен, кандай жардам кылды? Майрык Чаар жезкемпирдин сөзүн кайрадан эсиңерге түшүргүлө.

* * *

Жогорудагы маалыматтардын жана суроолордун тегерегинде ой жүгүртүп көргүлө. Ал суроолорго берген жообуңар, талаш-тартышыңар, тике же кыйыр түрдө алдыда тааныша турган эпос менен кандайдыр бир даражада карым-катышы бар.

## БЕТ АЧАР

Кыргыздын урук ичинде,
Кытай деген эл эле,
Жердеп жаткан жерлери,
Таластын башы Каракол
Керилген кең сай төр эле.
Атасы мунун Карыпбай,
Баласы мерген болду деп,
Кошула көчүп бир жүргөн
Жыйырма түтүн эл эле.
Мерген болду Кожожаш,
Бир атадан жалгыз баш.
Кызыгы кыйын мылтыктын,
Айлына келбей бир айча,
Түнөгү болгон аска-таш,
Кийгени кийик териси,
Мага десе жүз болсун,
Бирөөн койбой терүүчү
Атып салып кийикти,
Айлына кабар берүүчү.
Мергендиктин пайдасын,
Жыйырма үй кытай көрүүчү.
Мергендиги ашынган,
Карыптын жалгыз баласы,
Мылтык жакка калганда,
Артык мунун чамасы.

Айлына турбайт күнүгө,
Жүргөнү тоонун арасы.
Күнүгө кийик этин жеп,
Элинин тынган санаасы...

Мына ушундай кадыресе турмуштун жөнүн баяндап, бир элди баккан бир азамат жигит жөнүндө, анын адис мерген экендигин баяндаган «Бет ачар» (кириш сөз) менен эпос башталат. Мындан кийинки «Каракожонун кызы Зулайка», «Кожожаштын Зулайкага үйлөнүүсү» деген бөлүмдөрдө Зулайканын жигиттен жигит тандап, өзүнө тең болор жар табуу үчүн жигиттерге тапшырма берип, эрегиш-мелдеш өткөрүп, анда эч бир кишинин колунан келбеген иштерди бир гана:

Алты сайлуу ак бараң,
Айлыңда бир күн жатпаган,
Ак бараңдай мылтыкты,
Кара жонун ойдуруп,
Кызыл алтын чаптаган, – деп

Кожожаш деген жигит бардык тоскоолдуктарды жеңип чыгып, Зулайкага үйлөнөт. Ошентип, бир-бирин татаал сынактан өткөрүшүп, арзып кошулушкан эки жаштын үй-бүлөлүк турмушу башталат. Үйлөнүүнүн алгачкы күндөрүнөн тартып эле Кожожаштын мурдагыдай мергенчилик кылып, табияттын жан-жаныбарларын атууга аялы каршы чыгат. Бирок Кожожаштын түнү түшүнөн, күнү оюнан мергендиктин ышкысы, аңчылыктын кумары кетпейт. Ушундай күндөрдүн биринде Кожожаш аян берчү түш көрөт: мурдагыдай жолу шыр болбой, кийик таппай убараланып жүрүп, акырында:

Ак тоскоктун алдынан,
Көк тоскоктун үстүнөн,
Отуз улак, кырк чебич,
Жуушаганын көрүпмүн.
Далдага жылып кирипмин,
Аттан түшө калыпмын.
Белиме кайыш кол чидер,
Атты тушай салыпмын.
Ченебей дары куюпмун,
Сүмбөлөп окту урупмун.
Көрүнгөн эчки баарысын,
Түгөл атып кырыпмын.

Атып салып баарысын,
Аска таштын башында.
Дагы калды бекен деп,
Жана карап турупмун.
Түндөгү көргөн түшүмдө,
Ушундай жорук кылыпмын.
Этегине калганда,
Адам уулу бара албас,
Асман жакын кабарлаш.
Ак жалама боорунда,
Ылдый тартып түшө албай,
Өйдө тартып чыга албай,
Өзүм жалгыз турупмун.
Түшүмдөн чочуп коркупмун,
Кук эткен кузгун, карга жок,
Жалама зоо асканын,
Ортосунда турупмун...

Шыкаалаганын жаздым атпаган мергендин түшү ушундайча аяктайт.

Зулайка аны жамандыкка жоруйт. Дал ушул кезде Караүңкүрдө жаткан Сур эчки да түш көрөт: Кожожаш анын улактарын түгөл кырып, тукумун үзөт, Сур эчки текеси Алабашка бул жерден кетүү жөнүндө оюн каң-какшап айтат. Алабаш көнгөн жерден, жакшы жайыт, жашыл түздөн кеткиси келбейт. Бирок баары бир Сур эчкинин кеңешине көнүп, Алабаш жерден жер кыдырып, ашуу ашып, суу кечип жакшы жер таппай коёт.

## Кожожаш Сур эчкиге ант берди

Таң агарып атканда,
**Тараза жылдыз**[1] батканда,
Суюлуп жылдыз бөлүнүп,
**Супа** салып агарып,
Таң белгиси көрүнүп,
Асманда торгой чулдурап,
Ак куурай башы кыбырап,
Таң шамалы жел салкын,
Керимсел жүрүп жымырап,

[1] Түшүнүксүз сөздөр кара менен басылып, ар бир тексттен кийин сөздүк берилип, сөздөрдүн түшүндүрмөсү жазылды.

Түрлүү жандар ойгонуп,
Ордунан туруп кыбырап,
Уларлар ташта чукулдап,
Жандын баары ойгонуп,
Жарык жерге таралып,
Карыптын уулу Кожожаш,
Качантан бери чыга элек,
Кайгы ичине камалып,
Төшөктөн тура барды эми,
Алтын туяк жез билек,
Атын кармап алды эми.
Булгаары таман чоң **чарык**,
Бутуна чырмап таңды эми.
Бүтүн кайыш, кең кисе,
Белине байлап салды эми.
Ок дарыны көп кылып,
Оголо көп алды эми.
Казанга сууну жылытып,
Бараңды таза жууду эми.
**Кумдакка** салып тазалап,
**Ак тасма** менен бууду эми.
**Көмөлдүрүк** узартып,
**Куюшканын** кыскартып,
Кош **олоңун** бек тартып,
Атына мерген минди эми.
Кожожаш тоого чыгарын,
Зулайка сулуу билди эми.
Колтуктап атка мингизип,
Зулайканын мергенге
– «Дагы койсоңчу» деген
бир кеби,
Кызыган мерген болобу,
Алты сайлуу бараңды,
Оң далыга илди эми.
«Кайыр кош» деп калкына,
Кош айтышып жалпыга,
Ашыккансып атганып,
**Аңуулап** мерген жүрдү эми.
«Ачылсын жолуң мерген деп,
Уругуң Кытай элден деп.
Кайберен этин жегизген,
Карыпбайдын жалгызы,
Ушул элдин бактысына берген
деп».
Зулайканын сөзүнө,
Кайрылып мерген калбастан,
Анын тилин албастан,
Атып жүргөн жерим деп,
Ала-Тоону бет алып,
Кызыл-Кыя аска таш,
Кытайлардын Кожожаш,
«**Төө таман мерген** деп,
Төгөрөктү көргөн деп,
Канча да болсо кийикти,
Көрүнгөнүн терген деп.
Аскадан аткан кийиги,
Алдына кулап келген деп» –
Кыркалай чаап аралап,
Кыйла жерге барды эми.
Кылт эткен кийик таба албай,
Агарган мөңгү аска таш,
Аралай чапты Кожожаш,
Андан кийик таба албай,
Кечки бешим күн эрте,
«Берекем кандай учту деп,
Бейлим кандай кетти деп.
Бешимге чейин бир жан жок,
Куру жүрсөм эппи деп.
Түгөнгөн кийик тоо малы
Дүргүп кайда кетти деп.
Ар убактан, бир убак,
Атып жүргөн жерим деп,
Ачылбай жолум менин деп» –
Ак Соң-Көлдүн белине,
Кожожаш сабап чыкты дейт.
Андан кийик таба албай,
Катуулап жүрүп кыркалап,
Ак тоскоктун алдынан,
Көк тоскоктун үстүнөн,
Отуз улак, кырк чебич
Жуушаганын көрдү дейт.
Кара-Үңкүрдүн жеринен,
Ак тоскоктун төрүнөн,
Жайылып аткан кеңинен,

Көрө салып Кожожаш,
**Кабакка** жылып кирди дейт,
Аттан түшө калды дейт,
**Күдөр** кайыш, кол **чидер**,
Курай тушап салды дейт.
Койнунда кайыш кутуну,
Койнунан сууруп алды дейт.
Ченебей дары куйду дейт,
**Сүмбөлөп** окту урду дейт,
**Жетим сүмбө** жеткирип,
Узун сүмбө өткөрүп,
Кулак отун сайды дейт:
«Бир басканда от ал» деп,
Куп талкалап алды дейт.
Балык кулак, кырма таш,
Барпырата чакты дейт.
**Милтеге кууну** койду дейт,
Болоттон кылган **машага**
Кайра кыстап салды дейт,
Кашат менен бекинип,
Кожожаш жакын барды дейт.
Мылтыкка сегиз **сай** салган,
Кош сүмбөлөп май салган,
Ак тасма менен буудурган,
Атып жүргөн мергендер,
Аптада чечип жуудурган.
Саймалуу кисе байланган,
Муну атуучу мергендер,
Мустактын тоосун айланган.
Каргыңа кисе байланган,
Кармап жүргөн мергендер,
Кашкардын тоосун айланган.
Сакалдары тарбайган,
Мүйүздөрү арбайган,
Ак мөңгүнү кемирген,
Айдап жайган киши жок.
Көк жалтаңда семирген.
Бир жайда мерген жүздү
аткан,
Арыктаган текесин,
Семиртип келип күздө аткан.
Ак талдан кумдак ойдурган,
Ак далыңдын көркү деп,
Атын «ак бараң» деп койдурган.
Кожожаш бараңды колго алды
эми.
Басып жакын барды эми,
Шыйрагын сайып бекемдеп,
Кылт этсе тийбейт экен деп,
Кароолдо эки улак.
Көзүнүн кыры чалды дейт.
Мергендин келип калганын,
Мылтыгын көрүп алды дейт.
Жатат эле Алабаш
Эки улагы жарышып,
Атасына барыптыр,
Керт этип чөптү жеймин деп,
Өзөгүнө суу түшүп,
Сур эчки байкуш талыптыр.
Булар текеге келген убакта,
Эчки эси ооп жатып калыптыр.
Эки улак келип кеп айтат:
«Тиктеп турдук биз ата,
Энебиз айткан жерди деп,
Тетиги жыйган жүктөй
катар таш,
Бизге айтып кеткен белги деп.
Агарган темир мылтыгы,
Анык көрдүк экөөбүз,
Баягы атуучу мерген келди деп.
Айласын ата таппасаң,
Кырылып түгөл өлдү деп,
Кыйратчы мерген келди деп,
Жүр кетебиз, качабыз,
Кыймылдабай жатам деп,
Атабыз кырылып калсак жөнбү
деп».
Анда Алабаш туруп кеп айтат:
«Аптыгып балдар келбегин,
Мага жалгандан кабар бербегин.
Кайра барып билип кел,
Бизге, кас душмандын
келгенин».
Аныктап баарын билмекке,

Атасы айткан бул кепке,
Эки улак чуркап келди эле,
Камданган мерген турсунбу,
Бетеге чөптү бетке алып,
Камыштын башы кылт этип,
Жаакка тартып шыкаалап,
Көтөрүп мылтык сунду эми.
Бир жак көзүн жумду эми,
Кароолун кылтыйтпай,
Далдап тиктеп турду эми.
Милтеси калды былк этип,
Оту калды жылт этип,
Түтүнү чыкты бурк этип,
Ажалдан мурун ок жетип,
Тарс дегизе бир койду,
Карап турган эки улак,
Кулады таштан тырп этип,
Эки улак таштан кулады,
Эси оогон эчкинин,
Эшитип укпайт кулагы,
Кара-Үңкүрдүн ташына,
Качып чыкты жайылып,
Калганы токтоп турабы,
Башынан түтүн арылтпай,
Басылтпай бараң үндөрүн,
Маштыгына карачы,
Мерген тиктегенин кулатты.
Тирүү коё берген жок,
Бул жерден жалгыз улакты,
Карайын деп Алабаш
Каңкайып ташка чыкты эле,
Кар эрип, көчкү түшкөндөй
Мерген аны да атып кулатты.
Алабаш калды жыгылып,
Бирөөн тирүү койбостон,
Башкасы түгөл кырылып,
Акты суудай майлары,
Алабаштын уругун,
Бирөөн койбой жайлады.
Мергендиги мыкты эми,
Өзүнө өзү мактанып,
Аска таштын башына,
Кожожаш мерген чыкты эми.
Бараңын кайра дүрмөттөп:
«Калганы тирүү барбы деп,
Дагы кай жеринде калды» деп.
Эсин жыйган Сур эчки,
Мылтыктан кабар билинип,
«Эмгиче кырып салды» деп,
Сур эчки келди жүгүрүп.
Атайын деп Кожожаш,
Ак баранды сунду эми.
Жана мерген бир атты,
Ээрчитип жүргөн улагын,
Тебетейдей кулатты.
Анда кайберен эчки сүйлөдү:
«Мерген кырыпсың улак түгөлүн,
Кыйналды менин жүрөгүм.
Балдарымдын бири жок,
Айталаада каңгырап,
Кантип жалгыз жүрөмүн.
Чын кайберен энең мен,
Менин бар эле сенден тилегим.
Макул десе көңүлүм,
Картайса да берип кет,
Алабаш теке шеригим.
Узак болсун өмүрүң,
Айтылуу мыкты мергеним,
Ыйлатпа мендей энеңди,
Каңгыртып жалгыз таштаба,
Кайгырып жүрүп өлөмбү.
Картайса да таштап кет
Карыса да калжактап,
Кашымда жолдош нememди.
Сен да жалгыз элең атадан,
Капалык түбү көрбөссүң,
Кайберен берген батадан,
Уругум таза кырыпсың
«Аска таштын башында,
Калдыбы деп арытып»
Мерген, дагы карап турусуң.
Тилеген сөздү бериңиз,
Тийиштүү болсо кебибиз.

Тирүү жалгыз мен калдым,
Тилегеним Алабаш
Калбасын ээн жерибиз...»
Анда мерген кеп айтат:
«Билдим сөздүн чамасын,
Менден текени сурап аласың,
Өзүң кайда барасың,
Колуңдан келсе жутуп кой,
Карыштын жалгыз баласын».
Сур эчки туруп кеп айтат:
«Бербедиңби Кожожаш,
Алабашты тилесем,
Арты болсун кайырлуу,
Азыр сенден жүдөсөм.
Айтымыңа көнөйүн,
Анык мерген сен болсоң,
Аңдыганың мен болсом,
Ак тескейдин боорунда,
Ак төшүм тосуп берейин.
Атып ал мерген көрөйүн.
Али да болсо тил алгын,
Сураганым Алабаш,
Көп зарлантпай энеңди,
Текесин берип дуба алгын.
Айтымына көнсөңүз,
Алабашты берсеңиз,
Темтеңдеп карып калсам да,
Текелик кызмат кылармын.
Бирок сураганым бербесең,
Аласаң жок – дооң жок,
Атып баарын кырдыңыз,
Акыр сенин мен дагы,
Жамандыгың сурармын.
Жамандашпай батамды ал,
Жалгызсың, мерген,
чырагым...»
Анда мерген кеп айтат:
«Адырдан аркар, кулжа аткан,
Аска менен зоолордон,
Аюуну атып кулаткан,
Атактуу мерген менмин деп,
Айта бербе көп сөздү,
Акылсыз эчки келжиреп,
Алабаш текең баш кылып,
Жазаңды колго бердим деп.
Жамандыгым издей бер,
Жалдырап сага жалынбайм,
Келгенин сенден көрдүм деп!
Айткан сөздөн качпайлы,
Тээ маңдайкы тескей кашатка,
Мыкты экениң билейин,
Качпай туруп бергин деп».
Эчки да кайтпай сөзүнөн,
Каршысына келди дейт,
«Кана мерген, атчы» деп,
Кайкайып туруп берди дейт.
Түтүнүн баштан арытпай,
Түрлүү кылып шыкаалап,
Тийгизе албай эчкиге,
Ок дарысы түгөнүп,
Отурду мерген кечкире.
Жардай болгон Алабаш,
Жарым жан болуп жатыры,
Аталбай мерген эчкини,
Ачууланып барды дейт,
Киседе бычак шампарды,
Караташка жанды дейт.
Сураганын койбойт деп,
Мени коркотко деп ойлойт деп.
Текенин башын кесип алды дейт,
Денеси туйлап калды дейт,
Ок дарысы түгөнүп,
Билип турган Сур эчки,
Жанына чуркап барды дейт.
Жана сүйлөйт Сур эчки:
«Бербедиң теке курбумду,
Өчүккөн кегиң бар беле?
Өлтүрдүң далай уругумду.
Өксүсөм көнбөй сөзүмө,
Өзүңө-өзүң кылдыңбы?
Какшаттың мерген мендейди,
Казаты жетип күн бүтсө,
Кайраттанып мактанба,
Мерген киши өлбөйбү?

Жаткан жанбыз баарыбыз,
Жатып туруп тилесем,
Жасаган сени бербейби.
Жалынсам болбой кайта атып,
Жалпы уругум кыйратып,
Жашым кайткан кезекте,
Жалынтып нечен ыйлатып,
Жалдыраттың мендейди.
Канча бир сөздөр айтылды,
Кайберен энең мен элем,
Билбедиң мерген баркымды.
Көп өмүр берип жашасам,
Көрөрмүн мерген артыңды.
Кожожаш сенин мен дагы,
Бейитиңди табармын.
Кожожаш сенин айыңдан,
Аксак болуп алармын,
Каардуу суук кыш кетип,
Жаркырап жылып, жаз келсе,
Жылкычыңа барармын.
Анык мерген сен болсоң,
Атып ал мерген энеңди,
Карыптын жалгыз баласы.
Күч сынашып көрөлү,
Карлар эрип сел болор,
Калың кар кетип кыш өтсө,
Капчыгайга эл конор.
Тилегин берсе эчкинин,
Сенин да бир күн Кожожаш,
Көзүңдүн жашы көл болор.
Көп мактанбай тура тур,
Сур эчки бир күн тең болор.
Алабашты бербестен
Алып барсаң этин элиң жээр.
Аксак болуп аралап,
Айлыңа барсам жазында,
Атып бер дээр келиндер.
Калдым жалгыз каңгырап,
Кантип турам кетемин.
Кайыр кош айттым мекеним,
Кара-Үңкүр сонун турган жер.
Жаз жаркырап жайнаса,
Жан-жаныбар келгин куш,
Жашыл гүлдө сайраса,
**Кериде** карлар муз эрип,
Керимсел шамал айдаса,
Кегимди сенден алармын.
**Кесир** болуп калбаса,
Тилесем бербей текенин,
Ээгиңде сакалын.
Эсиң бүтүн бала элең,
Кожожаш ушунуңа капамын.
Бир топ жандан бир өзүм,
Жалгыз бара жатамын.
Жалгыз уулу сен элең,
Карыпбай сындуу атанын.
Ажалым жетип өлбөсөм,
Ант катары шерт кылам,
Арылбайт сенден чатагым.
Кайгыңды тартып тулданса,
Канат менин суусунум,
Кадыркечиң Зулайка,
Каалаган сенин катарың».
Анда мерген сүйлөдү,
Эчкинин айткан сөзүнүн,
Эч бирөөнү сүйбөдү.
«Кайберен аттым жалактан,
Какшай бербе куу эчки,
Сага мени башынан,
Кас кылып кудай жараткан.
Болжолдоймун түшүмдү
Каргап жутуп коём деп,
Каңгырап жүргөн Сур эчки,
Кайтарба менин мизимди.
Атармын бир күн өзүңдү,
Аялуу деген текеңдин,
Азыр башы кесилди.
Кыюн тапсаң Сур эчки,
Кыла бер мага кесирди.
Жамандыгың сурай бер
Кожожаш мерген баланын.
Башыма келсе көрөрмүн,
Эчкинин кылган залалын.
Аксак болуп кыйшактап,

Айлыма барсаң жазында,
Ок коротуп атпастан,
Кууп кармап аламын».
Анда Сур эчки туруп кеп айтат:
«Аксак болуп барганда,
Кууп кармап алыңыз,
Аксак эчки болбосом,
Айткандан таныл жоголсом,
Арам өлсүн жаныбыз,
Ушул сөздөн кайтканды,
Төбөсү бийик көк урсун,
Төшү жалпак жер урсун,
Аксак болуп барганда
Кууп кармап албастан,
Мылтыгың ала жүгүрсөң,
Биринчи кудай сени урсун!»
Антташып сөзүн шерт кылып,
Сур эчки турат кашында,
Кожожаш анда кеп айтат:
Ажал жетип өлмөктүк,
Бешенеде жазууда.
Аксак болуп сен барсаң,
Сары кар жаап жазында,
Барсаң менин кашыма,
Мылтык менен атпастан,
Жөө кармап албасам,
Айтышкан антым ушу сөз,
Алган жарым Зулайдын,
Дамбалы менин башыма.
«Ыракмат» – деп, Сур эчки
Ыргып чыкты ошондо,
Күңгөйдүн кара ташына,
Кол кармашкан немедей,
Коркобу эчки огу жок,
Кош дегенсип жөнөдү,
Мергендин келип кашына.

Убаданы бек кылды,
Убакты кыйын шерт кылды,
Келемин деп кетти эчки,
Ушу кыштын жазында.
Табылды душман талаадан,
Кожожаш мерген асылга.
Кыйын болду шерттери,
Болбой калды качууга
Кош айтып эчки айрылды,
Кара-Үңкүрдүн керисин,
Кайберен атып май кылды,
Алабашын баш кылып,
Адис мерген жай кылды.
Басып келип Кожожаш,
Алабаштын терисин,
Дароо сыйрып алды эле,
Атына сылай эт жүктөп,
Үстүнө жаба салды эле,
Сүйрөлдү жерге **бучкагы**.
Эрегишип мергенге,
Эчки болду душманы.
Калгандарын мууздап,
Бир жерге үйүп таштады.
Айлына мерген келди эми,
Алабаштын терисин,
Аңыз кылып көрдү эми.
Бир кубантты Кожожаш,
Аз гана кытай элди эми.
Мергендиктин пайдасын,
Насиптүү тууган эл көрдү.
Артып алгын элим деп,
Калгандардын баарысын,
Калкына айтып берди эми.
Күндүзү болду ушундай,
Түнүндө түштү көргөнү.

**тараза жылдыз** – жылдыздын аты
**супа салуу** – таң агара баштоо, таң куланөөк боло баштоо
**чарык** – малдын чылгый терисинен жасалган бут кийим
**кумдак** – туурасы кундак, мылтыктын арткы жазы бөлүгү
**ак тасма** – эчкинин ийленген терисинен кесилген кайыш

**көмөлдүрүк** – ээрди артка кетирбес үчүн аттын төш жагынан алып эки жак учу ээрге, үчүнчүсү аттын эки астыңкы бутунун ортосунан өткөрүлүп, басмайылга бекитилүүчү кайыш

**куюшкан** – ээрди алдыга жылдырбоо үчүн аттын куйругуна илинип, эки учу ээрге бекитилүүчү кайыш

**олоң** – басмайылдын артыраак жагына тартылуучу, ээрге бекитилген кайыш тартма

**аңуулоо** – өрлөп, бийикке, тоого карап жүрүү

**төө таман** – көп басканда арыбаган, чарчабаган деген мааниде

**кабак** – суунун, сайдын, ойдун, жердин жардуу жээги

**күдөрү** – абдан ийленген, жакшы иштелген кайыш

**чидер** – атты үч буттап тушоого ылайыкталып кайыштан жасалган тушамыш

**сүмбөлөө** – мылтыктын дарысын салуу үчүн колдонулган таякча, жетим сүмбө, узун сүмбө, ошолордун түрлөрү

**милте** – дүрмөткө от коюу үчүн колдонулуучу эшилген кебез

**куу** – оттук чагып тутантуу үчүн жасалган тез тутангыч зат

**маша** – мылтыктын кууга от коюп, от алдыруучу тетиги

**сай** – мылтыктын бурамасына жылга-жылга түшүрүлгөн из

**казат** – согуш, уруш

**кери** – тоонун жапыз бети, түзөңү

**кесир** – зыян, залал, кырсык, тоскоол, кесепет

**бучкак** – жоон сандан тизеге чейинки аралык

1. Кожожаштын жана Сур эчкинин түштөрүн айтуучу А.Үсөнбаев эмне максат менен эпоско киргизген?
2. Эмне үчүн Кожожаш Зулайканын каршы болгонуна көнбөй, кайрадан ак бараңын колго алып, мергенчиликке аттанды?
3. Мерген мылтыгын кантип октоп, кантип атаарын жана Сур эчкинин каргышынын маанисин кыскача айтып бергиле.

1. Улактары кырылган Сур эчкинин ордуна адамдарды, балким, өзүңөрдү коюп элестетип көргүлө. Алабаш али тирүү, аны мергенден жалдырап сурап турат. Мерген (мейли ал Кожожаш эмес башка болсун) жалдырап суранган өтүнүчүнө көнбөй, Алабашты өлтүрүп, терисин сыйрып алды. Эми сен, адам катары Сур эчкинин өтүнүчүнө кандай жооп берет элең?
2. Жогорудагы тексттин негизинде бирөөң – Сур эчки, экинчиң – Кожожаш болуп, экөөнүн диалогун өз сөзүңөр менен эркин сүйлөп, чакан сабак-диалог, сабак-сахна өткөргүлө.
3. Сен Кожожашсың... Алдыңда Сур эчки Алабашын сурап, муңканып ыйлап отурат. Артыңда бүт элиң ачка, Алабаштын этин гана күтүүдө... Эмне кылуу керек, кайсы жолду тандоого болот? Бул суроо боюнча сабак-дискуссияга даярдангыла.

*Адабият теориясынан*

## МИФ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

«Кожожаш» эпосунун идеялык мазмунун, көркөмдүк нарк-насилин жакшы өздөштүрүү үчүн адегенде миф жөнүндө кадыресе түшүнүк болушу зарыл. Миф, же мифология деген грек сөзү, бизче «сөз», «аңгеме-баян», «улама» деген маанини билдирет. Миф чыгармачылыгында бул же тигил кубулуштардын, жан-жаныбарлардын чыгыш теги, башаты көрсөтүлөт, кудайлар жана ойлоп чыгарылган ар түрдүү укмуштуу күчтөр, жаратылыштын табышмактуу татаал сырлары тууралуу байыркы адамдардын ой жүгүртүүлөрү, түшүнүктөрү көркөм образдуу формада айтылган. Илим өнүгө элек кезинде мындай чыгармаларда көбүнчө адамдардын дүйнө жөнүндөгү түшүнүгүнүн тайкылыгынан божомолдогон, жоромолдонгон фантазиялуу, кыялый нерселери чагылдырылган. Миф чыгармачылыгы дин менен тыгыз байланышта өнүгө баштаган. Алар тематикасына карап: 1) табият көрүнүштөрү; 2) асман телолору боюнча; 3) уруу, укук, элдер туурасында; 4) адамдардын келип чыгышы; 5) адамзаттын келечеги жөнүндө деп бир нечеге бөлүнөт.

Мифтик түшүнүктө жашашкан байыркы кыргыздар ар бир жаныбардын ээси, пири, колдоочусу бар деп эсептешкен. (Мисалы, Зеңги-баба – уйдун, Ойсул-Ата – төөнүн, Чолпон-Ата – койдун, Камбар-Ата – жылкынын пири.) Ар бир жаныбардын пири өз тукумун колдойт деген түшүнүк жашаган. «Кожожаштагы» кайберен – дал ошол эчки-текелердин пири. Ал ашынган кылмышы үчүн адамды жазалады. Кең дүйнөнү тарытып, кайберенди тыптыйпыл тукум курут кыларда табият өзү ага катаал өкүм чыгарды. Акыркы калган кайберенди – Сур эчкини ата албай, ал закым сыяктуу Кожожашты алдап, азыткыдай ээрчитип жүрүп отуруп, жалама зоонун башында калтырышы – реалдуу, чыныгы нерсе эмес. Бул ушундай болсо деген адамдардын тилеги, мифтик түшүнүгү. Миф азыркы замандын жазуучуларынын чыгармаларында да кеңири пайдаланылат. Мисалы, Бугу-эне жөнүндөгү миф Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повестинин сюжеттик негизги өзөгүн түзөт.

## КОЖОЖАШ АСКАДА КАЛДЫ

**Куучуңдаган** куу эчки,
Курсагы тоюп алыптыр,
Жалгыз куурай түбүнөн,
Эчки жан алгансып калыптыр.
Шайы кеткен кези эле,
Эчки жанын мыктап алыптыр.
Ушу сапар мергенге,
Уштачы жерге келгенде,
Учурашып Зулайка
Токтотуп бир аз калыптыр.
Эки куурай түбүнөн,
Эчки этин мыктап алыптыр.
Эсинен танган кези эле,
Сур эчки эс алгансып калыптыр.
Башынан айткан мергендин,
Кармар жери ушу эле.
...............................
Тоо этектеп Сур эчки,
Күмүш ташты өрдөдү.
Калды кийин кармалбай,
Мергендин кармаймын деген жерлери
**Шалпылдама** кары бар,
Кийик оттоп жүрүүгө,
**Дүйүм** чөптүн баары бар.
Качып барды Сур эчки,
Ат-Ойнок, Талды-Булакка,
Алып барды эчки ээрчитип,
Кең-Чаткалдын сайына.
Өрдөдү эчки өзөндөп,
Өзүнүн болжол жайына.
Далай күн болду качканы,
Таласка келген кезекте,
Дарманы кетип Сур эчки,
Карматып коё таштады.
Абалдан ойлоп белгилеп,
Сур эчки ойлоп жүрчү экен,
**Аблетим** асканы.
Күзгүдөй тунук жалтырап,
Турган экен аскасы.
Асканы эчки бет алып,
Секирип ташка чыкты эми.
Эчкидей ташта жүрүүгө,
Кожожаш мерген мыкты эми.
Өйдөлөп чыгып барганда,
Ортолоп аска калганда,
Кайберендин Сур эчки,
Караңгы туман салды дейт,
Кайда кетип калганын,
Кожожаш көрбөй калды дейт.
Чыкпайт эле билгенде,
«Кайда кетти эчки» деп,
Кожожаш туруп калды бир жерге.
Сур эчки келип турду эле,
Каршында кызыл күңгөйгө,
Күңгөйгө келип турабы,
Али жарык болгон жок,
Эчкинин салган туманы.
Жакасын кыса карманып,
Жатып туруп мергенди
Эчки жасагандан суранды.
Кабыл болду эчкинин,
Тилеген тилек мураты.
Эчки тилейт кудайдан,
«Берсеңчи кудай мергенди,
Тукумун таза тергенди,
Алабашым өлтүрүп,
Аны мен нысап кылбастан,
Артымдан кууп келгени,
Турган жери зоо болсо,
Мага тутушкан душман жоо болсо,
Асманды аска тиресе,
Артымдан келген мергенди,
Жараткандан тилесе,
Асканын туруп боорунда,
Агайындан ажырап,
Ада мендей жүдөсө!»
Эчки зарлап ыйлады,
Көзүнөн жашын тыйбады:

«Балдарымдын бири жок,
Калган башым соо койбой,
Өзүмдү кууп кыйнады.
Барбаган тоом калбады,
Эчкинин берсең тилегин
Мергендин аскада калсын
жандары!»
Капаланган эчкинин,
Кабыл болду тилеги.
Мергендин турган аскасы,
Мелтиреген зоо болуп,
Асманга жакын тиреди.
Ачылды салган туманы,
Кожожаш тиктеп караса,
Аяк башы керилген,
Асканын орто ченинде
Каргадай болуп турабы.
Каршында турган эчкиге,
Мергендин кайгырып
айткан бир кеби:
«Анттащып айткан шерт үчүн.
Эчки, калбастан жүрдүм
соңунда,
Атар болсом ак бараң,
Бар эле менин колумда.
Акыры келип таштадың.
Күзгүдөй таштын бооруна.
Аскадан түшсөм жерине,
Артыңдан калбай мен
жүрдүм,
Анттащып айткан кебиңе.
Камалдым келип аскага,
Эчки жеттиң го сен да
теңиңе.
Аман барсам дечү элем,
Аз гана кытай элиме...»
Сур эчки анда кеп айтат:
«Баласысың Карыптын,
Кууп калбай артымдан,
Тоо бүткөнүн арыттың,
Таманы түштү жыртылып,
Бутуңа кийген чарыктын.
Карапайым эмесмин,
Кайберенмин аныкмын.
Айтканым укпай жүрчү элең,
Эми мерген кандайсың.
Сага мен энелигим тааныттым.
Тилекти берсе жараткан,
Кайрылып жүзүн көрбөссүң,
Аз гана кытай калыктын.
Бербейсиңби мергенди,
Уругум таза тергенди.
Каргадайдан карышып,
Картайганча кутулбай,
Карып жаным сенделди.
Далайдан бери Кожожаш,
Тартпадың менден чеңгелди.
Таалайыңа куп кылсын,
Ушу турган жерлерди.
Кайрылып жүзүн көрбөгүн,
Кайгырган кытай элдерди.
Мерген болбой куруп кал,
Аскадан түшпөй туруп кал!
Чөп саргайып күз болсун,
Таманың алды түз болсун.
Туруп кал мерген аскада,
Тууганга кыйын иш болсун.
Кайрыла турган жагыңа
Карагай чыксын бутактап,
Калгын мерген аскада,
Кара ташты кучактап.
Толгоно турган жагыңа,
Долоно чыксын бутактап.
Тосулсун жаның аскада,
Бозоргон ташты кучактап.
Чын кайберен мен болсом,
**Карышкан** мерген сен болсоң...»
Каргап жатат Сур эчки,
Карышып жүргөн мергенди:
«Кабарың билип кытайдан,
Калкың көчүп келгенде,
Тегерек сазгаконгондо,
Аз гана кытай тууганың,
Алдыңкы сазга толгондо.

Элден уста жыйганда,
Карагай кыркып кыйганда,
Түшүрүп мерген алмакка,
Аракетти кылганда,
Шатың сынып кыйрасын.
Атаң менен энеңиз,
Көзүнөн жашын тыйбасын.
Каалап алган Зулайка,
Кайгырып боздоп ыйласын.
Ар бир кылган ишиңе,
Эч бир даба кылбасын.
Аскада туруп саргайып,
Арманда өлсүн бир башың.
Андан айла таба албай,
Аркан жыйып чогултуп,
Үстүңдөн аркан салганда,
Караңды көрсүн түшө албай
Кайгырган мерген арманда.
Аркан салса жетпесин,
Кожожаш качан өлөт деп,
Жору айланып кетпесин.
Менден эмес кудайдан,
Кара-Үңкүрдө жатканда,
Калтырбай аттың сен бирөөн,
Карыганча мен сенин,
Кайгыңды тартып жүдөдүм.
Турган жериң зоо болсун,
Карга, кузгун чогулуп,
Качан өлөт мерген деп.
Кадимкидей жоо болсун.
Акыры мага асылып,
Аска таш болду конушуң.
Каалап алган Зулайка,
Караны кийип ыйласын.
Сөөгүң ташта куурасын.
Элиң күчөп келгенде,
Эч бир айла кылбасын.
Акыры жадап тууганың,
Боюңду ташта мерген деп,
Агайының чууласын.
Жерге түшпөй асылып,
Аскада калсын бир башың,
Каршыңда кызыл күңгөйдө,
Каалап алган Зулайка,
Караны башка салынып,
Мен кантем деп ыйласын.
Алдымбы мерген кегимди,
Алып келсин башыңа,
Ажал-кыйноо өлүмдү.
Бир кезекте сен мени,
Сурасам бербей кууратгың,
Алабаш теке теңимди.
Кайыр кош, мерген эсен бол,
Кайгы тартып кесел бол.
Мен айтып болдум кебимди», –
Деп Сур эчки токтолду,
Айтар сөзү жок болду.
Айтканынан коркпостон,
Асканын туруп боорунда,
«Ата ушуну кантсем» деп,
Кайран мерген Кожожаш,
Айбат кылып октолду,
Ачуу келет мергендин,
Эчкинин айткан сөзүнө.
Аскадан түшөр амал жок.
Көрүнөт элем көзүңө.
Өлтүрүп койчу сен эмес,
Сенден өлчү мен эмес,
Бир ок менен жок болчу.
Качып жүргөн куу эчки.
Катарың мага тең эмес».
Сөзүн айтып болгон соң,
Эчки кетти жөнүнө.
Бир убакта Кожожаш,
Кеткенин билбей калыптыр
Ачууланып кебине,
Кайда кетти эчки деп,
Кожожаш тиктеп караса.
Асканын төмөн жагында
Кетип барат Сур эчки,
Ак чаптуу күңгөй белинде
Кетип калган экен деп,
Кожожаш тиктеп карады,
Аскада камап койдум деп.

Анын да көөнү тынгансып,
Артынан кууган баланы,
Ата турган экен деп,
Кожожаш мерген санады.
Мылтыгы түшүп эсине,
Эки жагын карады.
Караса мерген туруптур,
Ак далыда жалтылдап,
Алты сайлуу бараңы.
Ыраак кеткен эчкини,
**Окчо** кармап шыкаалап,
Калды мерген бир атып,
Мергендигин карачы,
Бир аткан огу эчкинин,
Бир буту болду жаралуу.
Өзүн өзү кайтарган,
Ок тийгизбей жалтарган.
Кыйын эчки ал дагы.
Сур эчки анда ойлоду,
Кайта барып көрөйүн,
Дагы эле өчү бар экен.
Карышып жүргөн балааны
Эчки кайта келди эми,
Мергенди келип көрдү эми:
«Абайлатпай бир аттың,
Бир жак бутум сая аттың.
Жилигимди сындырдың,
Унутпас кайгы муң кылдың.
Орун болсо айтканым,
Оюмдан бир сөз чыгыптыр,
Кабарың угуп көчүшүп,
Калың көчүп келгенде,
Аскадан кулап бой таштап.
Адис мерген өлгөндө.
Өлгөнүң калкка билинсин.
Өзүңдүн жарың Зулайка,
Өксөп ыйлап жүгүрсүн.
Сөөгүң ташка илинсин.
Карыган атаң Карыпбай,
Калкың бүтүн бүлүнсүн.
Сөөгүң ташка кызарып,
Каның ташка төгүлсүн.
Карышып кууган Кожожаш.
Калкынан минтип бөлүнсүн.
Кайгырсын атаң өлдү деп,
Чыкса кайтып түшө албас,
Кандай бир жерге келди деп.
Турган жериң Аблетим,
Кожожаш өлгөн аска деп,
Айта жүрсүн белгилеп.
Кууган менен карматпай,
Сур эчки түбү жеңди деп...»
Сур эчки кетти жерине,
Жеттим го деп кегиме,
Кожожаш калды түшө албай,
Айланасы аска тоо,
Айласыз таштын чегине.
Сур эчки кетти кайрылып,
Аскада мерген кайгырып,
Таманынын алды түз,
Бир жалтаңды жай кылып,
Качан өлүп калганча,
Кожожаш ташка камалды,
Аблетимдин жеринен.
Ажырашты эчкиден,
Антташкан шерттин жөнүнөн,
Турсун мерген аскада,
Сөз баштайлы элинен.

**куучундаган** – жаны тынбаган, жай албаган, кууланган
**шалпылдама** – кар ээрип суу аралаш болуп турган учур айтылып жатат
**дүйүм** – ар түрдүү, эң эле көп
**Аблетим** – Афлатум деп да аталат. Бул аска азыркы Аксы районунун аймагында
**карышкан** – каршылашкан, жоолашкан
**окчо** – алыс

1. Сур эчкинин болжошкон жайын сүрөттөп бергиле. Эмне үчүн ал мергенди дал ошол жакка ээрчитип барды?
2. Кожожашты жана Сур эчкини мүнөздөгөн саптарды таап окугула.
3. Мүмкүн болсо эпосту аткаруучулардын айрымдарынын үнүн угуп, алардын чеберчилигин талдап, өзүңөр да ошолордой аткарып көргүлө.

1. Үзүндүдөн мифтик баяндоонун белгилерин аныктагыла. Сур эчкинин кудай жөнүндө түшүнүгү эмнеге байланышкан? Анын кудайы эмне үчүн тилегин аткарды деп ойлойсуңар?
2. Кожожаштын «асканын орто ченинде, каргадай болуп турганын» көз алдыңардан элестетип, жаратылыш жана адам мамилесиндеги карама-каршылыктын келип чыгышын түшүндүргүлө. Адам эмне үчүн каргадай болуп калды?
3. Сур эчкинин: «Сага мен энелигим тааныттым», – деген сөзүн чечмелегиле.
4. Адам жана жаныбар, эмне үчүн алар акыр-аягына чейин бири-бирин кечире алышпайт? Сур эчки менен Кожожаштын куушуп жүргөн учурдагы сүрөтүн тарткыла.

## «КОЖОЖАШ» ЭПОСУН КАЙТАЛАП ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ СУРОО-ТАПШЫРМАЛАР

1. Адам баласы адегенде таш менен аң уулоону үйрөндү ... Бара-бара машиналар, кемелер, самолёттор менен мергенчилик кылып, айбанаттарды, илбээсиндерди – бүт жан-жаныбарларды тыптыйпыл кылууга чейин жетти. Мына ушул таштан самолётко чейинки басып өткөн жолду талдап, сүйлөп бергиле.
2. «Биз жаратылыштан ырайым күтүп отура албайбыз, биздин максат – аны багынтып тартып алуу», – деген экен И. В. Мичурин. Ошол «жаратылыштан ырайым күтүп отурбай», аны «багынтып тартып алгандардын» бири – Кожожаш. Анын акыр-аягы эмне менен бүттү, кандай акыбет берди?
3. Күрөш темасы, жашоо үчүн жан багуу темасы эпосто кандай чечилген?
4. «Жаратылыш – жан досум» деген темада табият көрүнүштөрүн сүрөттөп, бир шиңгил аңгемелер түрмөгүн жазып көргүлө.
5. «Кожожаш» эпосун «Ак илбирстин тукуму» кинофильми, М. Байжиевдин «Байыркы жомок» драмасы, «Карагул ботом» поэмасы (элдик варианты жана А. Осмоновдуку) сыяктуу чыгармаларга салыштыргыла.
6. Мугалимди алмаштырган дублёр окуучунун жетекчилиги менен төмөнкүдөй болжолдуу суроолор боюнча диспут-сабак өткүлө:

а) Жаратылыш адам үчүн жаралганбы, же адам жаратылыш үчүнбү?

б) «Кызыл китеп» деген эмне? Кызыл китеп табиятты сактап кала алабы?

в) Жапандыктардын Фудзияма деген тоосу бар. Анын башына чыккан ар бир адам бар арманын, бүт чындыкты айтып, ымандай сырын төгөт экен. Өзүңөрдүн классыңарды Фудзияма деп эсептегиле. Ошентип, элестеткиле да, тайсалдабай бүт чындыкты мойнуңарга алгыла, анан төмөнкү суроолорго жооп бергиле: Ушуга чейин канча жаныбар өлтүрдүң? Канча көчөт тиктиң? Жаратылышыбыз жабыркабашы үчүн дагы кандай иштерди кылдың? Бул жөнүндө келечектеги ойлоруң кандай? Айлыңда, же шаарыңда табиятты бүлүндүргөн кандай окуяларды көрдүң?

г) Эпостордо, ар бир чыгармада жолборс, илбирс, арстан, түлкү, карышкыр, бүркүт, бугу, марал ж. б. сансыз жаныбарлар туурасында ар кандай кеп болот. Алардын айрымдарын ажайыпканадан эмес табият койнунан көргөнүң барбы? Көрсөң, сүрөттөп бер, көрбөсөң, себебин айт?

### Жаратылыш жөнүндө накыл сөздөр

Ар нерсенин чеги болот, андан өтүү – коркунучтуу, чегинен чыгып кеткен калыбына кайра келе албайт.

*Ф. М. Достоевский*

Адам баласы жаратылыштын тилин түшүнгөнгө чейин карайлап ага баш ийип берет, ал эми түшүнгөндөн кийин жаратылыш адамга багына баштайт.

*Г. В. Плеханов*

# ЭР ТАБЫЛДЫ

## (Элдик дастандан үзүндүлөр)

Эр жигит – эл четинде, жоо бетинде.

*Кыргыз макалы*

### БУЛ ЧЫГАРМА ЖӨНҮНДӨ СЕН ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ БИЛИП АЛ!

Тарыхта кыргыздар жөнүндө маалымат биздин заманга чейинки II кылымдан бери белгилүү. Элибиздин тарыхы узак кылымдар бою эркиндик үчүн күрөштүн тарыхы болду. Калк чачылды, чабылды, жер которуп, конуш оодарды, бүлүнүп, талоондо калды, кайра оңолуп, эл ичинен эрлер, арстан жүрөк шерлер чыгып, чачылганды жыйнап, бүлүнгөндү чогултту. Күрөш, жеңиш жана жеңилиш менен, кайгы-азап, ый-муң менен коштолуп келген эл турмушу элдик оозеки чыгармаларына өтүп, ыр, дастанга айланып, күү болуп чертилип, жомок, табышмак, макал-ылакап болуп төгүлүп, кылымдарды карытып жашап отурду.

«Эр Табылды» – дал ошол эл башына күн түшкөн узак тарыхтын бир көз ирмемин, бир үзүмүн чагылдырган эпос. Болжол менен андагы окуялар XV–XVIII кылымдардын ичинде калмактардын (тарыхта жунгарлар деп да айтылат) басып кирүү мезгилинде жаралган. Эгер, өткөн эле жылы силер окуган «Эр Төштүк» эпосу элдин байыркы түшүнүгүн, тээ өтө алыс мезгилдеги дүйнөгө көз караштарын чагылдырса, «Курманбек», «Жаңыл Мырза», «Жаныш-Байыш» дастандары жана ушул «Эр Табылды» эпосу бизге бир кыйла жакыныраак мезгилди ичине камтыйт.

«Эр Табылды» эпосунда баскынчы калмактарды эл-жерден кууп, тууган жерди боштондукка чыгаруу үчүн ошол айыгышкан кармашта Эр Табылды баштаган, Элдияр, Эрмек жана кырк жигиттин теңдешсиз эрдиктери, ички душмандар Кудайназар, Алтыбайлардын «өрдөк жокто чулдук бийлик» кылып, хандык

талашып, элди кыйын күнгө салганы тууралуу кызыктуу окуялар баяндалат.

Чыгармадагы кейипкерлерден өзүнүн инсандык сапаты жагынан да, баатырдык касиети боюнча да «жаагынан түк чыккан, жалындап көздөн от чыккан, бала жолборс өңдөнгөн», «ак жолборстой чамынган», «болот кылыч байланган, бозум куштай айланган», «шилтегени албарстай, ирмегени жолборстой» Эр Табылды өзгөчө бөлүнүп турат. Анын тагдырына кайдыгер карай албай, жеңишине кубанып, жеңилишине кейип-кайгырып отурабыз. Экинчи тараптан анын элдешпес душманы «жоодон качып көрбөгөн, кишиге жолун бербеген», «Ак дөө менен күрөшүп, алты күн удаа тирешип», акырында аны жыккан калмак ханы Чалкалмак көрүнөт. «Нар өлтүрсө пул бербей, эр өлтүрсө кун бербей», «куудай сакал агартып, кузгундай көзүн кызартып, куу байталын» чапкылап жүргөн ичтен чыккан кара ниет Кудайназардын кылыктарына жан ачыйт. Неси болсо да эпосту бүт окуп чыккыла, ал сөзсүз жан-дүйнөңөрдү байытып, өткөн доорлорго баштап барат.

* * *

Мурунку өткөн заманда катаган деген эли бар, Кара Тоо деген жери бар, алты миң үйлүү катагандын башында, Ат-Башы, Нарынды жердеген Омокан деген өткөн. Омокандын Ормонкан, Эрманкан аттуу балдары болгон. Ормонкан менен Эрманкан баатыр чыгып, катаган элин жоодон сактап, эрдик менен эл багып, катылгандын катыгын берип турчу экен.

Ормонкан баласыз өтүп кетти. Эрманкандын мурунку калмак аялынан Кудайназар деген бир уулу бар эле. Ал чоңоюп бой тарткандан баштап куу-шум чыкты. Алтыбай, Кенжебай, Олжобай, Аргынбай, Чаргынбай деген балдары да өзү сыяктуу «мыкты» чыкты. Жети уулу эрезеге жеткенден тартып, Кудайназар өзүн-өзү бийлеп, өз алдынча сүйлөп, бөлөк айыл болуп, бөтөн сууга конуп, Эрманкандан эл талашып, эрегишип, касташып, кармашчу болду. Ушундан улам кырк каракчы атанып, ууру кылып, нар өлтүрсө пул бербей, эр өлтүрсө кун бербей, зордукчул атка конду. Кудайназардын жаман адаттарын койдура албай, атасы Эрманкан айласы кеткенде, калмак энесинин колуна берип, өзүн балалыктан кечтим деп, көп мал энчилеп, эл-жерден кууп жиберет. Ошондон кийин Эрманкан нойгут элинен Ачаган деген аял алат. Андан бир эркек, бир кыздуу болот. Уулунун атын Табылды, кызынын атын Кардыгач

коюшат. Табылды он төрт жашка чыкканда атасынын казынасын ачып, жоо жарагын алат. Кырк жигит күтүп, Элдияр, Эрмек деген эки досун эмчектеш кылып алып, кырк жигитин мылтык атуу, кылыч чабуу, найза саюуга маш кылат. Кырк жигитине жоо кийимин кийгизип, күлүк аттарды мингизип, эл кайтарып, жол чалып, атасы Эрманкандан мыкты чыгат. Ушундай болуп турганда Табылды «атам Эрманканга **аш берсемби»** деп элине кеңеш салды. Мына ушул ашта Кудайназардын ичи тар, мансапкор адам экендиги, Табылдыны көрө албаганы, ага душмандык кылууну көксөп жүргөнү ачык билинип калат.

## Кудайназардын чыккынчылыгы, Чалкалмактын кыргыздарга катылышы

Күндөрдөн күн өтүп, айлардан ай өтүп, бир убактыларда Табылды катуу ооруп калды. Оорусу Кудайназарга угулуп, «Табылды өлөөр алекте жатат дейт» – деген кабар менен Кудайназар көл башындагы Чалкалмак деген баатырга: «Табылдынын оорусу катуу, ушул кезде келип жылкысын тийип кеткин», – деп Олжобай деген уулун чаптырат. Бул кабарды угаар менен элин дароо жыйнап, он миң кол алып, кошуунду кабат мол кылып, **оорукка** колду таштап, беш жүз баатырды өзү баштап, Чалкалмак баатыр ашуунун белинен дүрбү салып карап жатат. Табылды болсо оорудан аман-эсен айыгып, бирок тору этине толо албай, баштагыдай боло албай жүргөн кези эле. Ошондуктан «аттардын картасын толтуруп алалык», – деп Арчаторуну баш кылып, жылкынын баарын жазгы көктөмдө агытып жиберген.

Кардыгач макмалдан кылган **дорбого** мейиздеп жемди салып, Арчаторуга түшкү жемин берип, жалын тарап, соорусун сылап күнүгө бир маал барып келүүчү. Аны жайы-кышы багып жүргөн Кардыгач эле.

Чалкалмак бейпил жаткан Табылдынын жылкысын көрүп, Үч-Нуранын башынан, Нарындын кара ташынан, жылкыны беш жүз баатыры менен келип, тийип алып кетти. Кичи-Нарындын суусунан кечирип жатып, Чалкалмак ойлонуп, жылкы айдаган баатырларга карап айткан сөзү:

Жылкы айдаган баатырлар,
Ат башын бир аз тартыңар.
Баарың келип угуп тур,
Силерге айтар сөзүм бар.

Мен Чалкалмак болгону,
Чалкалмак атка конгону,
Кыргыздан жылкы көп алдым,
Кытайга барып кол салдым.
Казактан жылкы көп алдым,
Каңгайга барып кол салдым.
Алты шаар Кашкардан,
Алтын-күмүш олжо алдым,
Эрдемсинген кыргызга,
Алда канча кол салдым.
Бирок менин арманым,
Алдымдан чыккан тоскун жок,
Артымдан келген куугун жок.
Сайышып чыккан баатыр жок,
Салышып чыккан балбан жок.
Калдайган калың кол да жок,
Кармашып чыккан жоо да жок.
Капилет элди көп чаптым,
Канчалык олжо мал таптым.
**Туйгун** жаткан эл чаптым,
Турпандан эчен олжо алдым,
Же **багалчагым** майышып,
Балбандын күчүн көрбөдүм,
Башты жара сайышып,
Баатырдын күчүн көрбөдүм.
**Айбалта** менен чабышып,
Ат үстүнөн алышып,
Кылычты кыя суурушуп,
Кызыл канга боёлуп,
Кызыгышып урушуп.
**Чоюн баш** менен чабышып,
Чокуга болжоп салышып,
**Ак бараң** мылтык атышып,
Аябай канга батышып.
Жаралуу болуп жалдырап,
Жатып калып кансырап,
**Сооттун** баарын айрышып,
**Чопкутту** чоюп тытышып.
Бир кумардан чыкпадым,
Ушул менин арманым.
Азыркы айтар сөзүм бул:
Абаң Чалкаш өзүм бул.

Алтымыш ашып жетимишке,
Аяк баскан кезим бул.
Жылкыны суудан кечирип,
Өйүзгө чыгып чечинип,
Семизин союп жылкыдан,
Бүгүнчө өргүү болуңар,
Күндүн нуру салганда,
Тегиз тийип калганда,
Менден кабар алыңар.
Мага күйбөй кокустан,
Жөнөмөк болуп калсаңар,
Түнкү серүүн убакта,
Төш таянып барыңар.
**Көбөөрүгө** жылкыны,
Катуу айдап салбаңар!
**Түтөк** болуп кокустан,
Жалгыз кулун калбасын,
Өзүм салган жаңы жол,
Калмак-Ашуу бийик бел.
Кылдаттык менен чубатып,
Малды ашырып кетиңер.
Өзүм кайра барайын,
Өзөндүн баарын чалайын,
Өрүштө калган мал болсо,
Калтырбай айдап алайын.
Бейкут жаткан беренге,
Барып кабар салайын.
Эр болсо келсин артымдан,
Бир беттешип калайын.
Белгилүү баатыр ал болсо,
Беш күнү удаа сайышып,
Бир кумардан канайын.
Эрманкандын баласын,
Эрдигин көрүп алайын.
Эңкейтсем өзүн сайышып,
Ээрчитип силерди,
Эртең кайра барайын.
Эчтеме койбой кыргыздан,
Элин чаап алайын!
«Туйбай калдым дебесин,
Табылды бушман жебесин.
Ашкере баатыр ал болсо,
Аркадан кууп ал келсин.

Коркуп калса өзүмдөн,
**Колоп калса** сөзүмдөн,
**Коңулда** жүрүп күн көрсүн, – деп,

Чалкалмак Кара боз менен бургутуп, артынан чаңын дыргытып, кең Нарынды бойлоп, ар түрдүү амал-айла ойлоп, адыр менен өрөөнду аралай чаап жойлоп, таңдын эре-сересинде Табылдынын айылына келип калды. Чалкалмак «тегерете карап барсамбы» – деп санап, айылдын үстү кашаттан Табылдыны барсыңбы деп кабар салып айткан сөзү:

Эр Табылды сенсиңби,
Элимде эр жок дейсиңби?
Ээн жаткан жылкыңды,
Ээлеп алдым, билдиңби?
Эрманкандан өчүмдү,
Эми алдым, балам, көрдүңбү.
Эсиңе салдым далайды,
Эр экен абам дейсиңби?
Хан Табылды сенсиңби,
Калкымда эр жок дейсиңби?
Калың кара жылкыңды,
Калтырбай алдым, билдиңби?
Кармаша албай калдым деп,
Кайгырып **бушман** жейсиңби?
Же калкыңды жыйнап мага келип,
Кармашуучу эрсиңби?
Өрүштөн жылкың алдырып,
Өлүк бала жатпай кал!
Жайыттан жылкың алдырып,
Жаман бала жатпай кал!
Ооругум калды белиңде,
Ондодум туюк төрүңдү.
Опсуз баатыр болду деп,
Уктум эле өзүңдү.
Он айдан бери оңолбойт,
Оору деп уктум өзүңдү.
Балбаның барбы элиңде?
Баатырың барбы чениңде?
Беттешер болсоң Табылды,
Эки өргүймүн өзүңдүн,
Эчен Балгарт жериңде.
Чалкалмак абаң мен болом,

Кабарлаш калың элиңе.
Эр болсоң кууп келип көр,
Эрдигимди билип көр.
Баатыр болсоң келип көр,
Бастырып бери жүрүп көр.
Балбан болсоң чалышып,
Бабаңдын күчүн билип көр.
Кош, Табылды, жетим деп,
Коштошуп эми кеттим деп.
Кара боз менен салкайып,
Карааны бийик даңкайып,
Тоодой болгон Чалкалмак,
Бастырып кетти ошентип».

«Улуп-уңшуп ит үрүп, **матоодо** төөлөр бышкырып, короодо койлор чуркурап, байлоодо уйлар өкүрүп» дүрбөлөң түшөт, Элдияр, Эрмек алп уйкуда жаткан Табылдыны ойготот. Булар да алдыртан күтүп жаткан, душмандын алдын тосмок болуп аттанып чыгышат.

## КАРДЫГАЧ ЖАНА АРЧАТОРУ

Эртең менен Элдияр, Эрмек келип Табылдыны ойготуп, Чалкалмактын кабарын айтып чаң-тополоң түшүп жаткан кезде, өзү он төрт жашында саамайы бар башында, Табылдынын карындашы Кардыгач жылаңаяк, жылаңбаш, карабаластап өзүнчө капаланып, бүлүнүп:

**Торкодон** кылган көйнөгүн,
Так белине түрүнүп,
Арчатору бууданды,
Айлам келсе алсам деп,
Абама алып берсем деп,
Айылга такыр билинбей,
Аялданып илинбей,
Кеткен экен жүгүрүп.
Таманы жерге так этип,
Эки буттун согончок,
Май куйрукка шак этип,
Улуу жолго салыптыр.
Таң агарып атканда,
Кырк жигит дүрбөп жатканда,
Кардыгач кетип калыптыр.

Аны көргөн киши жок,
Кыз менен элдин иши жок.
Абакем атсыз калды деп, –
Кардыгач күйүп жалын чок.
Жылкы да болсоң билсеңчи,
Жылт коюп кайра келсеңчи.
Кишиден эстүү мал элең,
Кишенеп кайра келсеңчи.
Күйүнгөн мендей байкуштан,
Мейизден жемиң жесеңчи.
Кишиден жалгыз абама,
Сени алпарып берсемчи.
Артыңдан кууп барууга,
Ал душмандан коркомун.
Артыңдан кууп мен барсам,
Ач билектен албасын.
Ат сооруга салбасын.
Алпарып мендей шордууну,
**Ашманчы күңү** кылбасын.
Калмакка качып кетти деп,
Калкыма ушак болбосун,
Карындашын жоготсо,
Хан абам сөзгө калбасын.
Деп буркурап Кардыгач,
Ыйлап Боз-Дөбөдө турду эле.
Сурмалуу көздөн жаш агып,
Суксурдай баштан тер агып,
Жаш чыбыктай солкулдап,
Жашоорул ыйлап болкулдап.
Сербейип кырда турганда,
Жогортон чыкты калың чаң,
Чаң ичинде бир топ жан.
Кардыгач муну ойлонуп,
Капасы ашып толгонуп.
«Чалкалмак мени көргөн го,
Жер катуулап жол салган,
Жоодон калган мерген го,
Мени көрүп келген го.
Шорумду колго берет го
Көрбөйт ко аккан жашымды,
Жулат ко кара чачымды.
Кайыр айтсам чыркырап,

Кесет ко алма башымды...
Деп ойлонуп Кардыгач,
Дөбөдөгү дөмпөйгөн,
Шыраалжынга жашынды.
Ат таппаган азаптан
Азыркы кордук ашынды.

Арчатору буудан, жылкыдан кайып туулган, кишиден эстүү мал эмеспи, калың жылкынын сүрөөсү менен караңгыда барган. Чоң шашке болгондо суу ичип каныл, кумга оонап алып, эки жакка көзүн салып, күндө жеген жемин эсине алып, калмакты көрүп кошкуруп, бышкырып, үйүр болгон кырк бууданды карап, окуранып, кишенеп, улуу сууну бойлоп, кычык менен кылт этип, кыл куйругу жылт этип, кутулар өлчөсүнө келгенде, кырк бууданды ээритип алдына түшүп, арыштап жөнөгөн экен. Арчатору бууданың, айбандан эстүү жаныбар, ала келген жанында кырк энчи буудан малы бар, эки жагын каранып, Кардыгач жаткан дөбөгө келип турган чагы бар.

Ошондо Кардыгач кубанып Арчаторуга айтканы:

Айланайын жаныбар,
Арчатору сен болуп,
Ала келген жаныңда,
Кырк эки буудан тең болуп.
Эсиңе түшкөн күндөрү,
Мейизден жеген жем болуп,
Аттардын качып ашканы,
Алты адыр, бел болуп,
Аябай чуркап жаныбар,
Калган экен тер болуп.
Коркуп жаткан Кардыгач,
Козголуп ыргып турду эми.
Макмалдан кылган дорбону,
«Мо-мо» лоп берип сунду эми.
Арчатору буудандын,
Башына нокто салды эми,
Арчатору күлүктүн,
Оң көзүнөн өптү эми,
Сол көзүнөн өптү эми,
Солкулдап жашын төктү эми.

Арчатору буудандын жемин берип жетелеп, жөнөйүн деп энтелеп арка жагын караса, аттарды кууган калмактар топтошуп, дөбөдөгү аттарды көрүшүп, жоо экен деп токтошуптур.

Кардыгач «жалгыздыгым билинип калат ко, артымдан байкап жүрүшкөн турбайбы?», – деп торкодон кылган көйнөгүн чечип алып бүктөп, Арчаторунун үстүнө салып, ыргып минип, ат баштыкты колуна алып, аркасындагы буудандарды «кырууkыруу» деп айкын бөксө жол менен абасынын алдын тосуп жөнөп бара жатты.

Эр Табылды кырк жигитин ээрчитип, койчулар минип жүргөн Көкчолокту минип, эки буту салаңдап, эки көзү алаңдап нарга кошуун артып, **жазайылдан** тартып, кырк жигит жабыла жөө басып, Кара Кырды бет алып, алды жагын каранып, ак жолборстой чамынып келе жатат эле. Алдынан уюган калың чаң чыкты. Чаңды көрүп Табылды дүрбүсүн салып, карап калды. «Бул кандай чаң болду экен?! Чалкалмак бизди эптеп айылдан чыгарып, ара жерге жоолоп, кармап алып кетейин деп кароол коюп жаткан экен го?» – деп ойлоду. Дүрбүсүн сала берип, Табылдынын айткан сөзү:

Чын Чалкалмак бу болсо,
Кудай мага берди го!
Кул камакка кирди го.
**Куурал** тартып издетпей,
Купулума келди го.
Теңир мага берди го,
**Теке тамга** кирди го!
Темтеңдетип издетпей,
Теңирсиген чоң калмак,
Тегеренип келди го.
Атын атып салсамбы,
Аман кармап алсамбы?
Аркасында калмакка,
Анан кийин барсамбы?
Өзүн атып салсамбы,
Өчүмдү эми алсамбы?
Кара боз минип бургутуп,
Калмактарга барсамбы?
Жылкыдагы калмакты,
Жылас кылып салсамбы!..»
Деп ойлонуп Табылды,
Дүрбүсүн оңдоп салды эми,
Уюган чаңды бет алып,
Улам карап калды эми.
Ат көрүнөт, адам жок,
Ат үстүндө караан жок.

Мал көрүнөт, киши жок,
Киши деп айтар иши жок.
Жоолуктап көзүн сүрткүлөп,
Жолдошторун түрткүлөп,
Көз кычыгын чукулап,
Жолдошун муштап нукулап,
Бери келгиле баарың деп,
Кырк жигитти чакырат.
«Калмактан чыккан чаңбы деп,
Качкан-боскон малбы деп,
Алдыңкысы эрбеңдейт,
Адамзаат жанбы» – деп.
Түз токтотуп караса,
Түгөл баары маралдай.
Чаңды көрүп токтолгон,
Эр Табылды баатырың,
Түз бастырып баралбай.
Алдыңкысын караса,
Арчатору ат көрүнөт.
Адамы келет чабалбай,
Анык таанып алган соң,
Айтарга сөзүн таба албай,
Кардыгач экен мингени.
Каңырык түтөп Табылды,
Кайдан тапкан аттарды,
Кагылайынаралды ай,
Кыз да болсо медерим,
Кысылган бизге Кардыгач,
Кырк буудан таап берерин.
Сүйүнчү, баатыр кырк бөрү,
Билдиңби жоону жеңерин.
Билдиңер беле кырк туйгун,
Кыздан жардам келерин!
Каргадай болгон медерим,
Кардыгач менин зирегим.
Кадыр алда кудурет,
Кыз да болсо ушуну,
Караан кылып бергенин!»
Деп Табылды буркурап,
Эки көзүн жаш кылып,
Элесин көрүп каткырып.
Тула боюн тер кылып,

Тура албай жашын сел кылып,
Кырк жигит ыйлап буркурап,
Кардыгачты көргөндө,
Кыйкырып баары чуркурап,
Ат үстүнөн алууга,
Ар кимиси умтулат.
Арчатору буудандын,
Даңканы көккө зыркырап.
Абасын көрүп Кардыгач,
Агалар деп чыркырап,
Жетип келди бир паста,
Аткан октой зыркырап
Көйнөгү жок жылаңач,
Топусу жок жыңалбаш.
Саамайы учуп сербеңдеп,
Көкүлү учуп эрбеңдеп.
**Көй** буудандын баарынын,
Таноолору дердеңдеп.
«Айланайын кырк аке,
Аттарыңдын баарысын,
Аман алып келдим» – деп.
Айта албай сөзүн аптыгып,
Чыканактай Кардыгач,
Ирмебей көзүн элеңдеп,
Көтөрүп аттан алышты.
Эр Табылды элөөрүп,
Эрлердин баары делөөрүп.
Карсылдап үндү салды эми.
Каткырышып калды эми.
**Кайыптан** келген бууданды,
Кармап баары алды эми.
**Нокору** жүгөн катышып,
Ноктону атка салды эми.
Тойго барчу эмедей,
Тамашага батышып,
Терин сүртүп алышып.
Ак каңкы ээр токушуп,
Арбагы башка конушуп.
Ар кимиси аңданып,
Ажыдаардай болушуп,
Жарактын баарын салынып,
Самаган иши табылып.

**Чарайна,** чопкут, **туулга,**
Алышкан экен камынып.
Беттешсек деп калмакка,
Берендер турат сагынып.
Жарагынын баарысын,
Даяр кылып жайланып.
Кыл канжыга тээкке,
**Доолбасты** байланып,
**Айбалта, чокмор** илишип,
Адистик жагын кырк жигит,
Алган экен билишип.
Акыр заман салсак деп,
Калмакка жетип беттешип,
Кабыландай тийишип,
Кылычын белге асынып,
Кырка тартып бастырып.
Ат суутуп алсак деп,
Акылдашып каткырып.
Желектүү найза кылкылдап,
Алма баш мылтык асынып.
Алеңгир жаасы кошулуп,
Ар канча душман болсо да,
Айбыкпайт булар чочунуп.
Агалары сөз сурап,
Асмай тартып олтуруп.
«Айланайын, Кардыгач,
Айтчы билген сөзүңдү,
Аттарды аман жеткирдиң,
Азыр көрдүк көзүңдү
Өгүзгө дары ок артып,
Өр талашып жөө басып,
Өңчөй агаң жол тартып,
Өрүштөн жылкы алдырып,
Өжөрлүк менен келаттык.
Өзүң бардың жол чалып,
Өңчөй күлүк ат алып,
Өжөрлөнгөн калмактан,
Аттарды кантип куткардың?»–
Дешип алар сурашып.

📖 **аш берүү** – өлгөн адамды эскерүү үчүн жылдыгына карата мал союп, элге тамак берүү салты

**оорук** – согушта жүргөндөр үчүн алардын арт жагы; тыл
**дорбо** – аттын жем баштыгы, жем баштык
**туйгун** – тынч жаткан деген мааниде
**багалчак** – согончок менен кызыл ашыктын арасындагы кишинин дене органы, кызыл ашыктын үстүңкү бөлүгү
**чоюн баш** – уруп жыгуу үчүн уютулуп жасалган курал
**айбалта** – чабышып-салгылашууга ылайыкталып жарым ай формасында балта сыяктуу ашталып жасалган, узун саптуу согуш куралы
**ак бараң** – мылтыктын бир түрү
**соот** – найза кирбес, ок өтпөс үчүн майда темир төңөлүктөрдөн илинириштирип жасалган жоо кийими
**чопкут** – найза өткүс кийим
**көбөөр** – жар болгон, оюлган жер деген мааниде
**түтөк** – жердин бийиктигинен же катуу күйүгүүдөн абанын жетишсиздиги
**колоп калуу** – чочуу, басынуу, коркунучта болуу
**коңул** – бир нерсенин астында калуу, далдоодогу жер, кобул
**бушман** – бушайман менен маанилеш
**матоо** – байлоо деген мааниде
**торко** – кездеменин түрү
**ашманчы күң** – тамак-аш бышыруучу, ашпозчу аял
**жазайыл** – майда октуу замбирек, оор мылтык
**куурал** – кыйынчылык, азап-тозок, кыйноо тарттырган оор шарт
**теке тамга** – текенин тамга кириши – жолу болуу, оң келүү
**көй** – ашынган, ашкере, артыкчыланган, мыкты
**кайып** – мифтик түшүнүк боюнча көзгө көрүнбөй, билинбей колдоочу, жардам көрсөтүүчү сыйкыр күч
**нокору** – бир нерсенин четин кооздоо үчүн колдонулуучу алтын, же күмүш буусуна кармалган жип коюлуп согулган
**чарайна** – темир кийим
**туулга** – жоокердин баш кийими
**доолбас** – тегерек кылып ийилген тактайча алкактын бир бетине, көбүнчө төө териси капталып, согушта, аңчылыкта колдонуучу барабан
**чочмор** – чокмор, же башы тоголок союл
**алаңгир** – кыйраткыч, чуу салып, бүлүндүргүч (көбүнчө жаага карата айтылат)

1. Эмне үчүн чыгарманын аты «Эр Табылды» деп аталган? Эпосто кайсыл мезгилдеги тарыхый окуяларга жакын турмуштук көрүнүштөр сүрөттөлөт? Эр Табылдынын кайсыл уруу-уруктан тараганын санжыра аркылуу чечкиле.
2. Чалкалмакты кыргыз элине каршы тукурууда Кудайназардын максаты эмне?

   «Алдымдан чыккан тоскун жок,
   Артымдан келген куугун жок», –

   деген саптарды кеңири түшүндүрүп бергиле.
3. Ж. Бөкөнбаевдин «Чептен эрдин күчү бек» деген ыры менен бул эпосту салыштырып көргүлө.
4. Жер-суу аттарын, адамдардын ысымдарын, жаңы сөздөрдү дептериңерге жазгыла.

1. Жогорудагы бөлүмдөрдүн планын түзүп, ошол план боюнча ар бир бөлүмдүн идеялык мазмунун айтып бергиле. Кардыгачтын жана Арчаторунун сүрөтүн тартууга аракет кылып көргүлө.
2. Эки баатырды – Эр Табылды менен Чалкалмакты салыштырып, мүнөздөмө бергиле. Төмөнкү таблица боюнча тексттен мисалдар алып, алардын мүнөздүү белгилерин жазып чыккыла.

| Эр Табылды | Чалкалмак |
|---|---|
| 1. Мүнөзү боюнча<br>...................................<br>2. Сырткы портрети боюнча<br>...................................<br>3. Адамдарга мамилеси боюнча | |

3. Бул бөлүмдө адам жана жаныбар, жаратылышты коргоо (экология) проблемалары кандайча чечилген?
4. «Эр жигит – эл четинде, жоо бетинде» деген макалга түшүндүрмө бергиле. Ал макалга маанилеш он макал таап, дептериңерге жазгыла.
5. Адамзаттын тарыхында тынч жаткан элге катылып, адилетсиз согуш ачкан, анан жеңилүүгө дуушар болгон фактыларды билесиңерби? Билсеңер аларды кыскача айтып бергиле.
6. «Кардыгач жана Арчатору» деген бөлүмдү кара сөзгө айлантып, эпостук жорго сөз менен аңгеме жазгыла.

## КАРА-КАМАНДАГЫ КАРМАШ

Кара-Каман – кандуу суу. Кан жыттанып күңгүрөнүп, кулдурттап сүйлөгөнсүп, чети шуулдап күчөп жатат. Таң атып, жер бети көрүнгөн кезде, эч нерсе учурата албай Табылды ат чалдырып тумшук кара ташка чыгып, дүрбүсүн салып караса: төмөнкү кечүүнүн оозундагы калың элдин арасынан бур-бур эткен мылтыктын түтүнү чыккандай болот. Байкаса өйүзгө кар

түшүп калыптыр, бүйүз жакта кар тургай жамгыр жок. «Бул болсо Элдиярдын өнөрү, калмакка кар жаадырып, кыргызга нур жаадырып салган экен го», – деп абдан байкап олтурса, төмөнкү көп эл удургуп калгандай көрүнөт.

Муну көрүп Табылды токтоно албай аттанып жөнөп калган жери.

Эр Табылды чунагың,
Элге салат кулагын.
Эл ичинен көп карайт.
Элдияр, Эрмек ынагын.
Баштап келип караса,
Кечүүнү карап байкаса,
Кечкен эл каптап жайпаса,
Суудан түтүн бурулдайт,
Өйүз-бүйүз чурулдайт.
Мылтыктын үнү быдырап,
Кулакка жакшы угулбайт.
Суу үстүндө калдайып,
Агып жүргөн жан көрдү.
Сууруп кылыч чабышып,
Салып жүргөн жан көрдү.
Калың элдин ичинен,
Кызыл ала кан көрдү.
Арчатору күлүктү,
Аябай катуу жүгүрттү.
Мында калган баатырлар,
Көргөн го деп бүлүктү.
Атка камчы урду эми,
Аял кылбай жүрдү эми.
Алмамбет, Манас баатырдын,
Арбагын айтып бакырып,
Абдан катуу кирди эми.
«Манас», «Манас», «Манас» деп,
Баатыр эр мага жанаш деп,
Алмамбет баатыр келчи деп,
Жалгызга жардам берчи деп.
Алымды бүгүн көрчү деп,
Чалкалмак канын мен төксөм,
Калмактар алсын энчи деп.
Чалкалмак кайда болду деп
Чалышар баатыр кошо деп.
Карт бөрү кайда болду деп,

Кармашар баатыр ошо деп,
Эки жакты каранып,
Эрдин тиштеп жаланып.
Ак жолборстой айкырып,
Кабыландай бакырып.
Калың жоону аралап,
Качырып кирди Табылды.
Манастап ураан чакырып,
Алма баш менен үч атып,
Аралата күч атып,
Калың элдин ичинен,
Канчасы кетти куланып.
Желектүү найза сунaлтып,
Боолугун колго кыналтып,
Эңкейиштен эр неме,
Экини катар кулантып.
Эрдин тиштеп качырып,
Беттегенин сулатып,
Чалкалмак издеп кайсактап,
Карап жүрөт чуратып.
Кечүү жакты караса,
Келе жатат тамаша.
Сырбараң мылтык колунда,
Алаңгир жаасы жонунда.
Түпөктүү найза чоң зуңгу,
Түрүлгөн желек көрүндү.
Оозунда канжа бурулдап,
Уй түгүндөй көп калмак,
Алды-артында чурулдап.
**Чоң кисе** жанда шалпылдап,
**Соору өтүк** суга чалпылдап.
Асабалуу чоң зуңгу,
**Айчыгы** чыгып жаркылдап,
Чочмору белде култуюп,
Эки бети тултуюп.
Оттук ташы сороктоп,
Найзанын учу короктоп,
Буурул сакал жайылып,
Муруту типтик сайылып.
Алагар көзүн аңтарып,
Ат үстүндө талпынып,
Кырдач мурун, жаркабак,

Кылыч жанда жалактап.
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Айбаты катуу сөздөнүп,
Алып жешчү немедей,
Ашыгып ичи өрттөнүп.
Кара боз менен сүздүрүп,
Калмактын көзү тикчийип,
Кармап алчу немедей,
Табылдыны көргөндө,
Карбаластап бүкчүйүп.
Келе жатат Чалкалмак,
Кармашсам деп үксүйүп.
Эр Табылды сумсайып,
Эрдин тиштеп кумсарып,
Манастап ураан жат айтып,
Алмамбет атын бат айтып,
Алма баш менен бир атып,
Кулатсам деп тартайтып.
Алма баш үнү тарс этип,
Чалкалмакка чап этип,
Майтарылып коргошун,
Кайра сууга чуп этип,
Алма баш асып жонуна,
Сыр найза алып колуна.
Суу ичинде сайсам деп,
Сулатып жыгып салсам деп,
Эки колго түкүрүп,
Арчатору жаныбар,
Эликтей болуп жүгүрүп,
Кечүүдөн чыга бергенде,
Найзаны болжоп кемерге,
«Жүрөктүн башы ушу» – деп,
«Кара өпкөнүн тушу» – деп,
Жардай болгон калмакты,
Жагалмайдай качырып.
Кош колдоп найза бек сайды,
Кокустатам деп сайды.
Карбаластап Чалкалмак,
Колундагы чоң зүңгү,
Тосо берди көрдүңбү?!
Кара боз сууга чумулуп,
Жыгылчудай көрүнүп,

Экөөнүн тышкы олпогу,
Буласы бурт деп бөлүнүп,
Кылычын колго алышып,
Кыя тартып чабышып.
Суу ичинде эки дөө,
Ай балтасын алышып,
Аябай башка салышып,
Жакадан кармай калышып,
Жалтанбай башка салышып,
Жабалактап көп калмак,
Табылдыга жабышып.
Чалкалмак менен Табылды,
Суу үстүндө таанышып,
Темтеңдешип агышып.
Калканды баштан жулушуп,
Канжар менен урушуп.
Дайранын ичин жол кылып,
Далай жерге барышып,
Мылтыктын баары суу болуп,
Чокмор менен салышып.
Эр Табылды берениң,
Эңкейип колдон алды эми.
Көкбөрүчүл түгөнгүр,
Ээрге жапма салды эми.
Суу ичинде тарталбай,
Самын ташка ат мүргүп,
Такыр үзүп кете албай,
Саадактай буурул сакалын,
Орой кармап тартты эми.
Менден алган энчиң деп,
Бир жагын жулуп кайтты эми.
Сол жакты ээри мултуюп,
Тыталанып кан чыгып,
Чалкалмак калды сыйпалап,
Сакалын берип кутулуп,
Чалкалмак кайра бурулду,
Карга барып урунду,
«Карма, карма, карма» деп...
Кулакка дабыш угулду.
Үйдөй болгон кара таш,
Ортосунда болуптур.
Чалкалмак менен Табылды,

Тартышканын коюптур.
Эки буудан алыстап,
Тегеренип кырданып,
Күркүрөгөн чоң дайра,
Буларды эки бөлүптүр.
Чоң кара таш түш келип,
Ажырашып калыптыр.
Урушту коюп эки жак,
Буларды карап калыптыр.
Элдияр досу элеңдеп,
Экөөнө көзүн салыптыр.
«Табылдыга барсам деп,
Экөөлөп жоону алсам деп.
Көптү көргөн көксө чал,
Баланы кандай кылат деп.
Суу ичинде балага,
Сууруп кылыч чабат деп,
Калдайып сууга акканда,
Канын төгүп салат» – деп...
Токтоно албай тыбырап,
Кырк жигитке шыбырап.
Алаксыткын жоону деп,
Жөнөгөн экен зымырап.
Бир чакырым кетишкен,
Сайышып сууну кечишкен.
Эки дөөнү болжолдоп,
Элдияр байкап караса,
Эки жакка кетишкен.
Табылдыны карасаң,
Этектен суусу шорголоп.
Арчатору жаныбар,
Бүрүшө басып жорголоп.
Олпоктон була булайып,
Оңураңдап муңайып.
Куткарып ийип калмакты,
Курган бала чунайып.
Колундагы жоо кана,
Коштошуп жүргөн эр кана?
Коё берип иесиң,
Кара тумшук сен бала!
Аркан бою агышсаң,
Алыша түшүп барышсаң,

Келбейт белем жаныңа.
Кирбейт белең алыңа –
Деп, Элдияр жемелеп.
Кулагы укпай калганбы,
Кандай курган неме деп.
Карма, карма, карма деп,
Кабылан Табыл арба деп.
Кашкайып күлүп Элдияр,
Колунда чалың кана деп.
Табылдыга сөз айтса,
Султаның Табыл унчукпайт.
Оң колун карап ыргытып,
Бир тутам буурул кыл таштайт.
**Олпогунда** жака жок,
Ормолоңдоп ичи жок.
Жаагынан түк чыгып,
Жалындап көздөн от чыгып.
Жал-жал карап өйүздү,
Жооп айтпай унчугуп.
Элдиярга барды эми.
«Карымын десе катыгүн,
Маңдайында тырыш жок.
Кармашкан жоону куткарган,
Мен шордуудa ырыс жок!
Кийгенимде тешик жок,
Жарагымда кетик жок.
Кишини колдон чыгарган,
Мен шордуудa кешик жок.
Же Арчатору жыгылбай,
Суугa башым чумулбай,
Суу ичинде салышып,
Суурултуп колдон бошонтуп.
Сумсайып куру келгиче,
Султан башым жулунбай,
Толук ушул кезимде,
Токсондо чалды далдайтып,
Тоодой кылып кулатпай!
Томсоруп кайта келгиче.
Тогошпой үйдө тим жатпай.
Акылымдан шашыпмын,
Ашыгып мылтык атыпмын,
Озунуп найза салыпмын.

Чоң дайрадан чыкканча,
Ошого бекер барыпмын.
Кармалашып жеңе албай,
Карган чалды эңе албай,
Олжо тапкан немедей,
Сакалын жулуп алыпмын.
Өйүз-бүйүз калың эл,
Карап турса жарданып.
Кимиси жеңер экен деп,
Калктын баары таңданып.
Кармашып жүрүп бир чалды,
Катагандын Табылды
Куткарып ийсе кур калып.
Мындан жаман кеп барбы?
Мындан уят иш барбы?»
Деп Табылды комсонуп,
Бул сөздү жалгыз досум ук!
Кантип чыдап турамын,
Оюн-чындан кырк жигит,
Чалкалмак кана деп айтса,
Ошону кантип угамын?
Өйүздө жоону бүт кырып,
Өлүккө сайды түз кылып.
Дайрадан кечип аламын,
Чалкалмак көздөй барамын.
Бууданга камчы бек уруш,
Баатырда карап не туруш.
Өйүздөгү калмакты,
Табылды кирди качырып.
Кызып калган союлгур,
Буудандын оозун ачтырып.
Манастын атын көп айтып,
«Баатыр колдо» деп айтып,
Найзаны колго алды эми.
Бүйүздөгү калмакты,
Бүлүндүрүп салды эми.
Кырк жигит жалпы качырып,
Топтогон душман чачылып.
Бет алдынан берендер,
Бер жактан нары жапырып.
Суунун чети кан агып,
Сулдуйган канча жан агып.

Өйүз-бүйүз жээктен,
Өзүнчө далай мал агып,
Кужуру канып Табылды,
Кубанды көрүп таң калып.
Кайра күчөп чоң дайра,
Кечинде кирди шар агып.

**кисе** – көбүнчө күмүш чабылып кооздолгон, жанга байланып жүрүүгө ылайыкталган булгаары баштыкча
**соору өтүк** – жамбаштын үстү жак бөлүгүнө чейин жете кийилүүчү өтүк
**айчык** – жарым ай түспөлүндө тартылган белги, саймалап түшүрүлгөн түр, же оюу
**олпок** – ак олпок деген сөздөн

1. Кара-Каман суусу кандайча сүрөттөлөт, ал сүрөттөөнүн алдыда болор окуя менен кандай байланышы бар?
2. Эр Табылдынын сырткы түрүн сүрөттөгөн ыр саптарына көңүл бөлгүлө. Бул бөлүмдөгү гиперболаларды таап, дептериңерге көчүргүлө. Элдиярды мүнөздөгүлө.
3. Салыштыруулардын кандай тилдик каражаттар менен уюшулганын айтып бергиле. Эмне үчүн Чалкалмакка карата «карт бөрү» деген эпитет колдонулду? «Карт бөрүнүн» кандай адам экендигин аныктагыла.
4. Жоокерлер пайдаланган жоо-жарактардын сүрөтүн тарткыла. Сөздүк дептерге түшүнүксүз сөздөрдү жазып, маанисин түшүндүргүлө.

1. «Манастап» ураан чакыруу качан, кантип пайда болгон, анын мааниси кандай?
2. Төмөндөгү берилген таблицага Табылды менен Чалкалмакка мүнөздүү аныктооч сөздөрдү таап, жазып чыккыла.

М.:

| Табылды | Чалкалмак |
|---|---|
| кабылан | карт бөрү |

3. Кырк чоро дегенди кандай түшүнөсүңөр? Эмне үчүн баатырга кырк чоро керек? Алар неге кырк эле чоро болсо да миңдеген душмандарды жеңип чыгат? «Чоро» жана башка ушул сыяктуу текстте кездешкен архаизм сөздөрдүн лексикалык маанисин аныктагыла.
4. Ушул эпизодду (мультфильм көргөндөй элестетип) сүйлөп бергиле. Тексттен каалооңор боюнча үзүндү тандап алып, жаттагыла.

## ЖАРАЛУУ ТАБЫЛДЫНЫН КҮКҮК КУШКА КАЙРЫЛУУСУ

*Азыркы бөлүмдө Эр Табылдынын күч жагынан теңдешсиз урушка кабылып, жараланып жаткандагы арманы айтылат. Албетте, баатырлардын мындай жараланып өлүм күтүп жатышы кыргыз эпосторунда кеңири кездешет. Анда этинен эт кесип алса да моюп койбогон көзү жок эр канчалык кайраттуу болсо да, мууну бошоп, эл-жерге болгон кусалык, кан кескен урушта жардам берип, душманга тең келчү күчтүн арт жакта жоктугу, кечеги эле достун же жакын адамдардын жаманчылык келгендеги чыккынчылыгы, аттар начарлап жүрбөй, акыры как эткен карга жок жерде жараланып, баатырдын жападан жалгыз калышы, балким өзүнүн акыркы аманат сөзүн шамал менен булут, жан-жаныбарлар аркылуу кабарлашы жөнүндөгү муң аралаш ачуу арман баяндалат.*

* * *

Табылды Нарындын башы Кара-Ташта жалгыз жатып калган. Кара-Суунун боюнда калың токойдун жээгине Арчаторуну танап жип менен аркандап коюп, Алмабашты октоп, кылычын жанына коюп, ак каңкы жастап башына, ак тердик салып астына, чалап чайкап ичип, жата берген.

Күндөрдөн күн өтүп, беш күн, беш түн өтүп, алтынчы түн болгондо – эси эндиреп, жарааты күчөп, жаны кыйналып арман кылып айтканы:

Атаңдын көрү дүнүйө,
Арбыды жараат күнүгө.
Агын суунун боюнда,
Агарган таңды көрө албай,
Арманым айтып жатамын,
Айсыз караан түнүнө.
Алдадан жардам болбосо,
Азаптуу менин үнүмө.
Же угулбайт үнүм элиме,
Элим тургай жериме...
Эгемден жардам болбосо,
Жан кыямбы жалдырап,
Ээн талаа жеринде.
Айбан да болсоң жаныбар,
Арчатору жолдошум.
Арманын айтып эч пенде,

Адамда мендей болбосун.
Аталаш тууган болсо да,
Арбак урган куу как баш,
Кудайназар оңбосун!
Жараатым кетти чабылып,
Ашыгымдын шишиги,
Алача белге жабылып.
Жанымдагы чалапты,
Алып ичер дарман жок.
Алымдан кеттим таналып,
Ээн талаа, эрме чөл
Жалгыз калар мен белем.
Аймагымдан айрылып,
Элдияр качан келет деп,
Эки көзүм таңылып.
Эсим ооп турганда,
Эч көрө албай зарылып.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Эл ичинде мен болсом,
Тегеректеп турбайбы,
Эс алдырып малынып,
Энекем байкуш турбайбы.
Мойнуна курун салынып,
Кең Нарындын боюнда,
Кечүү токой оюнда,
Калың бадал түбүндө,
Кара суунун четинде,
Керез айтып калам деп
Келбеген менин оюмда.
Кыймылдарга чамам жок,
Кубатым калбай боюма.
Катаган биздин эл кана?
Кара-Тоо коргон жер кана?
Кырк жигит, Эрмек дос кана?
Кыйналган жалгыз жаш бала.
Эрмек болор киши жок
Ээн жатам талаада.
Чымырканып алайын,
Чындап кайрат кылайын,
Чымындай жаным чыкканча,
Чыңалган шишик жарага,
Чыдагансып турайын, –

Деп Табылды чыйралып,
Эки жагы жыйналып.
Таң атканча уктабай,
Карап жатты кыйналып.
Таң агарып сөгүлдү,
Тал, терек жарык көрүндү.
Күндүн нуру чачырап,
Жер бетине төгүлдү.
Эр Табылды жалгыздын,
Жарааты шишип чыңалып,
Жаны кейип кыйналып.
Жалдырап карап жатты эле,
Калың талдын ичинде,
Кара-Суунун четинде,
Ак-Теректин башында,
Табылдынын кашында.
Күкүк куш үндү салганы,
Арасынан чубурап,
Бирге келди балдары.
Төрт балапан ээрчитип,
Чыйпылдак деген боз чымчык,
Чогуу учуп барганы.
Күкүктү көрүп Табылды,
Күүлөнүп сөздү салганы.
Күйүтү түшкөн ичине,
Табылдынын арманы.
«Күкүк-күкүк-күкүк» деп,
Күкүк салды добушун.
Күйүттө жаткан Табылды,
Күкүктүн тыңшайт обонун.
Чыдай албай үн салып,
Биле албаймын күкүк куш,
**Гүлүстөн** кандай болушун.
Күкүк деген обонуң,
Кулагымдан кетпеди,
Күкүк сындуу Табылды
Күрдөөлдүү элге жетпеди.
Төрт баландай Шайымбет,
Жалгызын санап дегдеди.
Күйүттүү дартка кез болуп,
Күймөнө албай жатамын.
Таңдайым кургап жатамын,

Кыймылдоого чамам жок,
Жалгыздан айла кетти эми.
Жумуртка чайкап чоң кылган,
**Чубалай көрпө** тон кылган,
Кызыл эт багып чоң кылган,
Кырмызы бычып тон кылган.
Ак эмчегин эмизген,
Албан тамак жегизген,
Түн күзөтүп эмизген,
Түрдүү тамак жегизген.
Шекер десем – бал берген,
Суусасам шербет, жал берген.
Мамыкка багып уктаткан,
Адам кылып чоңойткон,
Ар шайманым оңолткон.
Ардагым энем кайда экен?
Күкүктөй сайрап үн баспай,
Күйүттүү капас жайда экен.
Энекеме кез болсоң,
«Табылдынын үнү деп,
Тар эле көргөн күнү деп,
Айтар күнүң бар бекен?
Кыз да болсо жөлөгүм,
Кыйналганда дем берген,
Кардыгач менин өбөгүм.
Уядан бирге учкамын,
Айттырбай сөзүм укканым,
Эмчектеш жалгыз медерим,
Эркекче кубат берерим.
Бир курсакта жатканым,
Каралды кылып бакканым,
Мен үчүн жандан кечкеним,
Билбеймин кайда кеткенин,
Чалкалмак жылкым алганда,
Табылды жөөлөп калганда,
Кырк үч буудан ат алып,
Аш бышымда жеткеним.
Жылаңайлак, жылаңбаш,
Жылкы артынан барганым.
Намысымды кетирбей,
Кыйноого башын салганым.
Кызматы менен көтөргөн,

Кырк жигиттин арбагын.
Калалуу колдой көрчү элек,
Кардыгачтын жардамын.
Калмакты кууп артынан,
Калың олжо түшүрүп,
Калтырдым далай малдарым.
Кардыгач алып келбесе,
Карыш жерге баргандай,
Ат табалбай калганмын.
Кабылып жоонун огуна,
Калкымды көрбөй зарладым.
Кардыгач үнүн уга албай,
Калабы ичте арманым...
Жаныбарым күкүк куш,
Жатканымды көрсөңчү.
Куш да болсоң түшүнүп,
Айлыма кабар берсеңчи.
Ардагым жалгыз Кардыгач,
Агаңдын жайы мындай деп,
Айтууга туура келсеңчи.
Ажал жетип күн бүтсө,
Айлымда жатып өлсөмчү.
Чымындай жаным барында,
Чыркырап турса жанымда,
Жалгыз боорум, жан күйөр,
Кардыгач жүзүн көрсөмчү.
Оозумду ачып өпкөнүм,
Көзүмдү ачып көргөнүм.
Жалгызга караан болсун деп,
Жараткан кудай бергеним.
Колун сунуп талпынып,
Кожодон тумар тактырып.
Чоң энеси байбиче,
Ырым кылып качырып.
Бүрөөнүн көзү тиет деп,
Эки жашар болгуча,
Коңшусуна бактырып,
Калкым калың кой союп,
Байлардын баары бээ союп,
Кедейлер куру калбастан,
Түтүнүнө кой союп.
Этекке салып энекем,

Элден бата алганда,
Атын коюп бергин деп,
Алдына алып барганда,
Калк ичинде карылар
«Шайымбет» деп ат коюп,
Жетимге энчи мал берип,
Жесирге кийим, тон берип,
Дубана менен балчыга,
Садага кылып пул берип.
Кирдүү кийим кийгизбей,
Киши үйүнө киргизбей,
Ардактап баккан Шайымбет,
Төрткө жашы толду эле,
Беш жашка кадам койду эле,
Болуктугу баланын,
Он жашардай болду эле.
Жалгыз балам Шайымбет,
Алы кандай болду экен?
Аман-эсен бар бекен?
Жаныбарым күкүк куш,
Андан кабар берсеңчи?
Куш да болсо жаныбар,
Кабар алып келсеңчи?
Баламды айтып кантейин,
Бир жашымдан бириккен,
Бир эмчек сүтүн эмишкен,
Бир төшөккө жатышып,
Тай-кулундай тебишкен.
Алты жаштан өткөндө,
Тай-кунан минип эңишкен,
Он төрт жашка чыкканда,
Кырк жигит болуп куралып,
Кылган иши сыналып...
Эл ичинде душмандын,
Куралган колун жеңишкен.
Катаган элин колго алып,
Калың элге жар салып,
Атагы чыгып даңктанып,
Атамдын ашын беришкен,
Кадыр, көңүл калышпай,
Ушу убакка келишкен.
Чалкалмак жылкы алганда,

Чарчабастан жоо сайып,
Калмакты сайып олжо алып,
Кайтып элге келишкен.
Каяша берген душманды,
Катыгын туздай беришкен.
**Кермеге** күлүк байлаган,
Жарагын күндө шайлаган.
Кекенишкен душманды,
Кез болот менен жайлаган.
Бууданын жемдеп байлаган,
Барандын ичин майлаган.
Баш талашкан душманды,
Балтыркандай жайлаган.
Жазасын жоонун бермекке,
Кырк баатыр бир чыкканбыз,
**Казат** кылып келмекке.
Кабарга кетип Эрмек жок,
Кайтканы кайра келмек жок.
Катаган кыргыз көп элден,
Кайрылып кабар бермек жок.
Элдияр, Эрмек досум жок.
Эч нерсе сүйөр кушум жок.
Эмне сайрап жатасың,
Жаныбарым күкүк куш,
Эли-журтум түшүп эсиме,
Ичим бир жалын, тышым чок.
Адамзаттан мен жалгыз
Канаттуудан сен жалгыз
Катагандан мен жалгыз,
Бедерлүүдөн сен жалгыз,
Бекзаададан мен жалгыз.
Уядан учса балапан,
Убара баары тең жалгыз.
Ушундай арман айтуучу,
Убайым тарткан кем жалгыз.
Канатыңа кат жазсам,
Куйругуңа **мөөр** бассам,
Катымды алып көтөрүп,
Кара тоону сен ашсаң.
Катымды берип элиме,
Кабарын алып тез кайтсаң.

**алача** – жибек кошулуп согулган ала-була кездеме
**гүлүстөн** – гүлдөп өскөн, жыргалга жеткен өлкө, аймак
**чубалай көрпө** – узун көрпө
**керме** – мал байлоо же бир нерсе илүү үчүн тартылган аркан, жип
**казат** – согуш, уруш, кандуу майдан
**мөөр** – эн, белги

1. Табылдынын «аталаш тууган болсо да, арбак урган куу как баш, Кудайназар оңбосун!» деген сөздөрүнүн маанисин түшүндүргүлө. Жаралуу Табылдынын абалын сүрөттөгүлө.
2. Бул бөлүм боюнча Кудайназар, Эр Табылды жана Чачыкейге, Кардыгачка мүнөздөмө бергиле. Эрмек менен Элдиярды Табылды кандайча баалайт?
3. Шайымбетке салам айтуунун мааниси эмнеде? Күкүк Табылдынын аманат-саламын жеткиреби? Андай болбосо неге ал салам айтылып жатат?

1. Баатырдын жараланып жатышы жөнүндөгү эпизодду кыргыз элинин мындан башка эпосторунан («Манас», «Курманбек», «Жаныш-Байыш» ж. б.) таап, Эр Табылдынын арманы менен салыштыргыла.
2. Силердин оюңарча Табылды неге күкүк кушка кайрылды? Эл эпосту жаратууда каарманды башка жан-жаныбар менен «сүйлөштүрсө» болбойт беле? Күкүк менен Зейнеп жөнүндөгү уламышты ата-энелериңерден, агай-эжейлериңерден сурап билгиле.
3. «Күкүк жана Табылды», «Жаралуу баатыр» деген темалардын биринде шиңгил (миниатюралуу) сүрөттөө-баяндоо тибиндеги сочинение жазгыла.

## ӨТҮЛГӨН ТЕМАЛАРДЫ КАЙТАЛОО ЖАНА ЭПОСТУ ЖЫЙЫНТЫКТОО БОЮНЧА СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Эпосто кездешкен жер-суу аттарын (Барскоон, Нарын, Тамга, Жыргалаң, Кең-Суу, Түп, Оргочор, Анжыян, Көк-Арт, Жети-Өгүз, Жаазы ашуусу) азыркы Кыргызстандын географиялык картасынан тапкыла. Болжолдуу түрдө катаган элинин адепки турагын, алардын кийинки көчүп барган жолу менен жерин аныктоого аракеттенгиле. Эр Табылды бошоткон аймактарды белгилегиле.
2. «Кедейкан», «Эр Табылды» («Кыргызстан» басмасы, 1970) деген китептин 378-бетиндеги Ала-Тоо жеринин, жан-жаныбарларынын сүрөттөлүшү менен таанышып, аны азыркы жаратылыш менен салыштыргыла. Неге эне табиятыбыз эпостогудан өзгөрүп кетти?
3. Төмөнкү сөз топторун дептериңерге жазып, жаттагыла. «Кагылыштан хан өлдү, калмактан нече жан өлдү», «билеги кетип сабынан, жүрөгү кетип кабынан», «аксакалдуу карысы, акылмандын баарысы, кепке устат чечендер, ар уруудан нечендер, жоого камбыл баатырлар, жол тапкычыл даңгырлар, кадырлуу байлар, кастарлуу бийлер», «алам деп келип алдырат, чабам деп келип чалдырат».

4. Мугалимдин жардамы менен адабий чыгармалардан жана азыркы турмуштан алынган мисалдар аркылуу төмөнкү ыр саптарынын маанисин чечкиле:

Каары болбой хан болбойт,
Кайгысы болбой жан болбойт.
Эсери болбой эл болбойт,
Эпкини болбой сел болбойт.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Ынтымак болбой, жол болбойт,
Ырыстуу кары кор болбойт.
Калкынын канын көп соргон,
Хан да болсо оң болбойт.
Элинин ыркын кетирген,
Эч качан барып чоң болбойт.

5. «Бөрүгө койду жардырып, мөөнүн иттер жебейби», – деген саптардын жаралыш себебин чыгарманын идеялык мазмунунун негизинде ачкыла. Буга мааниси, жакын же окшош макалдарды тапкыла.
6. «Эр Табылды» эпосунун негизинде сабак-сахна өткөргүлө.
7. Эпосту айтуучулардын өзүлөрүнүн аткаруусунда угуп (пластинкадан, магнитофондон, телевизор менен радиодон) силер да ошолордой айтууга аракеттенгиле.
8. Сочинение үчүн болжолдуу темалар:

а) Эр Табылды – менин сүйүктүү каарманым.
б) Чалкалмак – баскынчы.
в) Кардыгачтын эрдиги.
г) Жашоону сүйүү (Табылдынын жарадар учурун сүрөттөөнүн мисалында).

## МАКАЛДАР

Эл ичи – алтын бешик.
Элдүү бөрү ачка өлбөйт.
Баатыр бир өлөт, коркок миң өлөт.
Аскар-аскар аскар тоо, аягы барып чат болот,
Атадан алтоо болсо да, алыстап кетсе жат болот.
Өздөн чыккан жат жаман,
Өзөктөн чыккан өрт жаман.

*Адабият теориясынан*

## ЭПОС ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Эпос деген түшүнүк, же термин, эки мааниде колдонулуп жүрөт. Жалпы эле сюжеттүү, окуялуу, дегеле көркөм адабият драма, лирика жана эпика, б. а. эпос болуп үч текке бөлүнөт. Биринчиси ушундай мааниде колдонулат.

Экинчи мааниси азыр биз сөз кылуучу, кыргыз оозеки адабиятында кеңири таралган ыр түрүндөгү окуялуу, көлөмдүү мурастар. «Эпос» деген термин грек тилинен кирип, биздин тилге которсок, «сүйлөө», «кеп кылуу» деген маанини туюндурат. Эпос дүйнө элдеринде кеңири жашап келген. Көлөмдүү экенине байланыштуу мындай чыгармаларда эл тарыхы, алардын турмуш-шарты, карым-катышы, салт-санаасы, тилек-максаты, жалпы эле абалы ар тараптуу чагылдырылган. Аларды элдик чыгармалар дейбиз, анткени андай чыгармаларды түпкүлүгүндө жалгыз-жарым киши жаратса да, ар бир айтуучу, аткаруучу өзүнүн алымча-кошумчаларын толуктап отуруп, кээде кадыресе өзгөрүүгө да учураган.

Кыргыз эли эпосторго бай. Бул эл дүйнөдө өзүнчө теңдеши жок зор эпос, океан чыгарма – «Манасты» жаратты.

Окуяларынын камтылышына, катышкан каармандардын аз-көптүгүнө, жалпы эле көлөмүнө карап эпос улуу (чоң) жана кичине (кенже) болуп экиге бөлүнөт. Бул бөлүштүрүү укмуштуу улуу эпос «Манаска» салыштырмалуу айтылат. Ал эми кыргыз эпостору көтөрүп чыккан окуяларынын мүнөзүнө, идея-темасына карап баатырдык жана турмуш-тиричиликтик деп дагы экиге ажыратылып жүрөт. Ырас, мындай бөлүштүрүү шарттуу, анткени баатырдык эпостордо деле элдин турмуш-тиричилигин көрсөткөн окуялар кадыресе боло берет. Тескерисинче, турмуштук эпостордо элдин баатырдык иштерин чагылдырган эпизоддор да кездешет. Бул бөлүштүрүү негизинен алардын кайсыл багыты күчтүүрөөк экендигине карай айтылат.

«Манас», «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Эр Табылды», «Эр Төштүк», «Жаңыл Мырза» ж. б. чыгармалар баатырдык эпосторго кирет. Буларды бириктирип турган бир өзөк – башкы каармандардын эр жүрөктүүлүгү, баатырдыгы, эл-жерин сырттан кирген баскынчылардан, же ички душмандардан коргоо үчүн айыгышкан күрөшкө чыгышы; согуштук эпизоддордун арбындыгы; аскердик жоо-жарактардын, кийим-кечелердин кеңири сүрөттөлүшү. Бул касиет-сапаттар «Эр Табылды» эпосунан да даана көрүнөт.

Турмуштук эпостордо эл турмушунун ар кандай жактары – хандыкты талашуудагы чыр-чатактар, эски салт менен күрөшүү, эки жаштын арзуу-арманы, бир туугандардын майда-барат чыр-чатактары, элдин күнүмдүк тиричилигинде, жашоо шартында кездешкен карама-каршылыктар баяндалат. Мындай эпостордон биздин күндөргө «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан», «Кедейкан», «Саринжи-Бөкөй» ж. б. элдик бай мурастар келип жетти.

Эпос деген түшүнүк кээде жомок, дастан, поэма деген маанилерде да колдонулат.

## МОЛДО КЫЛЫЧ

### (1866–1917)

«Кылычтын башка акындардан артыкчылыгынын бири – эч убакта ырды чорнобайлап жазбаган, ойлонбостон, анчалык такалбастан бир жазып кеткенин кайта текшерип оңдобостон, майданга салган. Ырдын уйкаштыгына анча назар салбастан, сөздүн тереңин алып жазган».

*Б. Солтоноев*

«Маданияттын эң мыкты үлгүсү Кылычта бар».

*С. Каралаев*

«Кылыч караңгы доордогу, чөйрөдөгү артта калган билимсиз коомдон суурула чыгып, акыйкатты айтып чыккан».

*Ы. Абдырахманов*

Молдо Кылычтын адабияттагы орду бир топ бараандуу. Анын атын айтууга, чыгармаларын басууга бир убакта өтө катуу тыюу салынып келген, себеби анын казалдарында Оруссиянын Кыргызстанды каратып алышына каршы ойлор, реакциячыл көз караштар, заманга карата көңүл чөккөн сезимдер көп, динге үгүттөө өкүм сүргөн деген айыптар коюлган. Чынында казалчынын жашаган мезгили менен, ошол кездеги жалпы элдин көз карашы менен байланыштуу карабай, чыгармаларын «темир сандыкка» салып келдик.

Молдо Кылыч Шамыркан уулу 1866-жылы (айрым маалыматтарда, мисалы Б. Солтоноевде 1875-жылы деп айтылат) Кочкор өрөөнүндө туулган. Атактуу баатыр, балбан, манап Төрөгелдинин тукумунан болгон. Кылыч жаш чагынан адегенде айылдык молдодон, кийин Чүй-Токмоктун ошо кездеги илимдүү молдо-калпаларынан диний билим алат.

Эл башкарган насилден болсо да, ал башка жол менен жашоону туура көргөн, аш-тойлордо төгүлүп ырдабаган, бийлик камчысын колго албаган, ал өтө көп окуган, эл кыдырган, калк турмушун кеңири үйрөнгөн. «Бети кызылдуу, сепкили жок,

жүзү абдан толук, тегерек чоң кара көздүү, орто бойлуу, семизче, чоңураак кара мурут, ээгинде кичине чокчо сакалы болуп, жаактарына сакал чыкпаган. Кийимди өтө таза кийинип, динин таза тутуп, диндар болгон.

Өмүрүндө көп кысалар жазып, алардын бир канчасы элге жайылбаган. Ар жазган кысасын арттырбастан, кемитпестен жана да бай-манап, улукка кошомат кылбастан, алардын жана да ар түрдүү дүйнө талап кылбастан, тууралык менен жазылган», – деп эскерет 1935-жылы тарыхчы Белек Солтоноев.

Молдо Кылычтын казалдары оозеки адабияттан жазма поэзияга өтүү процессинин бир көрүнүшү катары кызыктуу. Чыгыш адабиятынын, кыргыз төкмөлөрүнүн, жазгычтарынын, диний китептердин таасири күчтүү сезилет. Акын өзү жашаган мезгилдин татаалдыгы, орустун келиши, акыр заман-тар заман жөнүндөгү ойлору «Зар заман», «Зилзала» деген ырларында чагылдырылса, «Керме-Тоо», «Жинди суу», «Чүй баяны» казалдарында кыргыз жаратылышынын ажайып кооздугун, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн, табияттын ар кыл мезгилдеги көркүн көрсөтүү максаты ишке ашырылат, «Кыз-Жигит», «Алдамчы» чыгармаларында адам мүнөзүн, жакшылык-жамандык түшүнүктөрүн санаттайт, таалим берүү ниети көздөлөт, «Бүркүттүн тою», «Канаттуу», «Буудайык» деген казалдарында канаттуулар аркылуу адам мүнөздөрү, коомдук-социалдык абал жалпыланып көрсөтүлөт, парандалардын тиричилигине экскурс жасалат.

Молдо Кылычтын чыгармалары өз кезегинде басылып чыккан (мисалы, 1911-жылы Казанда «Зилзала», 1927-жылы Москвада «Канаттуу» деген китептери жарык көргөн) менен кеңири эл катмарына тараган эмес, анткени элдин көбү сабатсыз болгон, бирок кагазга түшкөндүн бир жакшы жери бар – алгачкы жазылган вариантын сактап калган жана сабаттуу адамдар тарабынан калктын бир топ катмарына жеткирилген. Акын-казалчынын чыгармалары 1985-жылдардан кийин гана кыргыз окумуштуу, жазуучуларынын, басма кызматкерлеринин аракети менен эл арасына тарады.

## ЧҮЙ БАЯНЫ

Мен айтамын санатты.
Казалдарды көп жаздым,
Канча такта кагазды.
**Мыз** Токмок калааны.
Келип орус жай кылды
Жылгын-Башы талааны.
Каршы-терши көп тилди
Карагайга арааны.
Ойду-тоону коруду,
Орус деген калкындын
Кыйын экен буйругу,
Малай кылды кыргызды.
Тил билгендин баарысын
Кеңсаларга тургузду.
Күнөөкөрдү коркутуп,
**Набактыга** киргизди.
Болуш коюп, бий шайлап,
Элге борум билгизди.
Жылгын-Башы талаасы
Жылгындары көп экен
Айыл конуп илгери,
Жылкы саачу жер экен.
Эми калаа орноду.
Баш-аягы базардын
Ат чабымдай болжолу.
Тиккен багы, тереги
Тиктеп турса адамдын
Эсеп жетээр болбоду.
Токмокко шаар толуптур,
Ар уруктан көбөйүп,
Толгон базар болуптур.
Дунганынын баарысы
Маңдайына чыгыптыр.
Кара-Коңуз кербени
Калың шаар кылыптыр.
Абайласаң, Токмогуң
Эки жерде соорусу.
**Каколу** да, мужугу
Баарынын бир болушу.
Кызыл-Сууну, Шамшыны
Эгин жайы кылганы.
Отор барган жылкыдай
Орустардын уйлары.
Өгүздөрү дөбөдөй,
Кудай бетин көргөзбө,
Баары жуда байыптыр,
Каколдору төрөдөй.
Кудай урган капырдын
Колго баккан малындай,
Чочколорун карачы –
Ээрчип жүрөт чубуруп,
Он экиден баласы.
(Энесинин артынан)
Ушинетип **ыраңлар**
Өз дининен жаңылды
Ит чочкону мал кылды,
Токмоктун калың орусу
Топтогон чочко доңузу.
Базарга барып карачы,
Бастырып жүрсө, жол бербейт,
Араба менен чанасы.
Дүкөнгө кирип караса,
Дүнүйөлөр – сонундар
Аңкайып карап турасың,
Адамдын жетпейт санаасы.
Жакалуу десең чапан бар,
Жыйып койгон жүгүндөй,
Кездеме менен мата бар.
Булгаары десең жыйылуу,
Дүнүйөлөр – сонундар,
Дүкөндө турат үйүлүү.
Көрсөң мына Токмокту
Күндө базар бакылдап,
Уста деген бир тарап,
Узанып жатыр шакылдап.
Думаналар, календер:
«Оомийин» – деп, кол жайып,
Көчөдө жүрөт какылдап.
Дунганы жүрөт чакырып,
Чырпыктан челек асынып.

Төрт бөлүккө тоёсуң
(Төбөсүнө кеп алып,
Чекесин күнгө катырып,
Жүрө берген эркиңче)
Өз тилиңче бакырып.
Абайласаң, Токмоктун
Ак сарайлуу тамы бар,
Салакалуу жасалган
Сарт-ногойдон байы бар.
Самоорчуга карасаң
Ак чайнекте салуулу
Демдеп койгон чайы бар.
Дүнүйөсү дапдаяр,
Базар деген жаныбар.
Жер үстүндө ажайып,
Аты дилде дагы бар,
Айтылгандын баары бар.
Мал базарга барсаңыз,
Наркы чакан болуптур.
Кой базарга кыжылдап,
Казак, кыргыз толуптур.
Чыр-жаңжалды тыюуга
Дагы болсо орустан
**Керенечти** коюптур.
Алып сатар, жалдаптыр
Алып байда кылбайбы?
Он тыйындан беш тыйын.
Куйрук, жалын түйдүрүп,
Жаш балдарга миндирип,
Ат бүткөндү чубатаар.
Акча деген бачагар
Кандай асыл малдарды
Арзан баага суратаар.
Тандамалдан аласың
Салып берсең колуна
Жыйырма теңге акчаны.
Базар барсаң, мал арзан,
Тандап жүрүп алаарсың.
**Баратке** менен тартипке,
Айран-азыр калаарсың.
Бачайы менен шайыны
Байкасаңыз, жигиттер,
**Бейкасамдар** жайылуу.
Төрүңүзгө жарашаар
Турат асыл килемдер.
Кыйгач түрүп киерге
Кытай калпак, бөркү бар.
Кылыч, мылтык, барденке –
Ар жабдыктын баары бар.
Баары белен турбайбы
Базар деген жаныбар.
Кең Чүй ата өзөнү
Кенен болот турбайбы.
Калкы-журтун карасаң,
Калың айдайт экен го
Кара таруу, буудайды.
Буурчак менен жүгөрү
Бул кылууга баарысын.
Жарды дебей, бай дебей
Көп айдаптыр бедени.
Ар немеден уругу,
Арбын экен жаныбар
Кара куурай, зыгыры,
Салып туруп зоотко
Сыгып алаар майы бар.
Кытай конок, кунжуттун
Уруктары дагы бар.
Дуңганы да, орус да
Адам жечү тамактан
Ар уруктун баары бар.
Картөшкөдөн, шалгамы,
Араласаң жол бербес.
Алча менен алманы,
Арбын экен көбүнчө
Бышыкчылык маалында
Өрүк менен шабдалы.
Чиеси бар, тыты бар.
Алмуруттай бир жемиш
Жаңы чыкты, ушу бар.
Мисте менен бадамы,
Капта турат жыйылуу,
Топтоголок жаңгагы.
Дуңганада бар экен
Капуста дейт бир жемиш.

Сабиз, пияз чөбү бар,
Күрүч кылып жесеңиз.
Калемпир да, мурчу бар,
Ачуу болоор түгөнгүр
Ашка салса, курчу бар.
Кызыл алма багында.
Барып кирсең базардан
Дүнүйөсү жанында.
Күз убакты болгондо
Ар жемиштин баарысы
**Казан** болуп толгондо.
Жүзүм менен анары,
Бышыкчылык маалында
Бир пул **жыңы, кадагы.**
Коон менен дарбызы
Арзанчылык маалында
Бир тыйынга жалгызы.
Ашкабагы, бадыраң
Арбын болоор баарысы.
Бир тыйынга экиден
Алмалардын сарысы.
Арабада – коону.
Алты тыйын, беш тыйын
Дарбызынын жоону.
Күзгө маал болгондо,
Кыйын экен мына бул
Чүй элинин доору.
Талаадагы жемиши:
Карагаты, бүлдүркөн,
Кожогаты, чиеси –
Дүнүйөсү тегизи.
Дан куурай дейт бир жемиш,
Татканым жок жаныбар
Жерге чыккан мөмөсү.
Көктөмдөгү жемиши,
Тизе бою текейи,
Мандалактын семизи.
Ышкын менен сарымсак,
Абайласаң, жаныбар
Айдагандай тегизи.
Балтыркaны билектей,
**Балжууранын** карасаң,
Жалбырагы этектей.
Козу кулак, кымыздык,
Бул өңдөнгөн жемиштер
Жерде жатат тезектей.
Абайласаң Чүйдөгү
Жер-суусунун кенени.
Ою менен тоосунда
Калың арча, карагай
Жыгачынын кенени.
Издеп жүрсөң, табасың
Бул адамдын өзүнө
Буюм кылчу керети.
Ар кайсынын табылгы
Издесеңиз табасыз
Жер чөбүнөн дарыны.
**Жады куурай, карындыз,**
**Катыраңкы, дулдана.**
Ар салаада сары жыгач,
Кайың менен четинди
Кашаа кылаар короого.
Абайласаң жаныбар
Дүнүйөсү түгөлү.
Мал аралап жүргүсүз
Чыккан чөбү **мүрөлү.**
Жалбырагы билектей
Кара куурай сүттүкөн.
Күзгө маал болгондо,
Күлкайыры билектей.
Камыш менен жекени
Карап турсаң калыңы
Эгип алган теректей.
Кызыл, жашыл, сарала
Байчечекей ыраңы.
Уу коргошун дагы бар,
Малга жаман залалы.
Боз караган, жылгыны,
Алтыгана, шорону,
Карап турсаң тоосунда
Катуу кара шилбини.
Чычырканак, **сөгөттү,**
**Ак чечектен** жыгачы
Ар буюмга керектүү.

Сагыз куурай, чекенде –
Ар бир түрдүү чөптөр көп,
Атын билбейм неченди.
Күрүчүнүн күрмөгү,
Даны кадим буурчактай.
Маш уругу, **урааны,**
Кызыл конок, арпасы.
Кыйын бышаар тамеки.
Ысык болор жаныбар
Чүй боюнун жакасы.
Көрсөң буурчак сотосу.
Калың болоор оруста
**Күнгө багаар** уругу.
Айдап алып көк нарды,
Апийимден көп алды.
Капуста айдап бышырып,
Боёк казып чыгарды.
Кең Чүй ата жаныбар,
Келиштирип сүйлөсө,
Керегиңдин баары бар.
Эки таштан өзү бар:
Бор бышыраар ташы бар,
Кең орногон тоосу бар,
Керек десең, жошо бар,
Көктөмүндө көгөрөөр,
Күзгө маал болгондо,
Берекеси көбөйөөр.
Бышыкчылык бышканда,
Жер жемиштин баарысы
Жер үстүнө чыкканда,
Саратаны чакырып
Саратан боз учканда,
Саралалуу аарылар,
Сары балды тартканда
Зыркыраган сайгагы
Үйгө толуп алганы.
**Бөгөнөгү,** бүргөсү
Мийзам болуп учканы.
Бетиңизге урулаар
Жөргөмүштүн желеси,
Кең Чүй ата жакасы
Чарылдаган бакасы,
Ийнелиги, көгөнү.
Кенен болот жаныбар
Кылкылдаган өзөнү.
Кара сууда кундузу,
Кашкулагы, мадылы.
**Кызыл карсак,** түлкүсү,
Арбын болоор карышкыр,
Аюу, жолборс, илбирси,
Шимеңдеген чөөлөрү,
Тай сүлөөсүн, суусары,
Ачкүсөнү, коёну,
Арбын болоор жүргөнү
Кашкулагы, мадылы.
Карап турсаң каңкылдап,
Соорусунун ак жону.
Кең Чүй ата жаныбар
Абайласаң, жеринде
Ар жаныбар уругу.
Тандап атып алгыдай,
Талаасында элиги,
Марал менен бугуну.
Эчки-теке жаныбар
Тайгаланбайт ташына.
Аркар менен кулжасы,
Атып алса күзүндө
Уйдукундай жамбашы.
Коёндору козудай,
Карап турсаң, жаныбар,
Коондору сокудай.
Байкап турсаң, суусунда
Балыктары манектей.
Кудай бетин көргөзбө,
Сар жыланы билектей.
Карап турсаң Чүйдөгү
Кара курту көмүрдөй.
Чаян менен жыланы
Арбын болгон менен да,
Адамга жок зыяны.
Түктүү сары жаныбар
Музоо баштын ыраңы.
Кескелдирик дагы бар.
Билерик дейт бир жанды

Узундугу бир карыш
Бу да сонун жаныбар,
Ар жаныбар уругу
Чүйдө болот турбайбы.
Айтканымдын баар чын,
Жалган кепти кылбаймын.
Молдо Кылыч бечара
Көрбөсө да сураса,
Кудурети куп билем.
Бир жараткан кудайым
Кең Чүй ата жаныбар
Кенен эле жер экен.
**Суучул кара көк соору**
Суудан учуп чыкканы.
Көк жылкычы кучкачы,
**Майкөт чымчык**, борбашы,
Калың болоор **каракаш**
**Эрсынардан** жолдошу.
Кең Чүй ата өзөнү
Кенен болот турбайбы.
Кең Кочкордун чоң суусу
Төмөн карай салаасы.
Капчыгайдан кошулуп
Эки Кемин талаасы.
Эр Шабдандын өрөөнү
Жерге-Таштын учугу,
Текеликтин сеңири…
Күңгөй жаккы жериңи –
Кара-Балта, Кайыңды.
Бир түрлүү жан мына бул
Чыркылдаган чили бар,
Мына Чүйдүн ичинде
Бөдөнөнүн кени бар.
Белгилүүдөн **безбелдек,**
Кара сууда **кашкалдак,**
Калың болоор илбесин
Бабырганы, үкүнү
Жазгы келген соорусун
Канаттуудан үлкөнү.
Кара бүркүт, жоруну,
Чакчыгайы чакылдак.
Аладуңган чыйпылдак,
Эчки маарак, бапылдак,
Карача торгой, жарганат,
Боз таркылдак, короолу,
Борма моюн дагы бар.
Тораламай, таранчы,
Адам атын таппаган
Торала тору кучкачтар,
Чүйдө калың баласы.
Болду мына бу сөзүм,
Бүткөрөйүн төтөсүн.
Ката болсо оңдоп кой,
Болсо сөзүм чаласы.
Айып коюп сөкпөгүн.
Дин мусулман баласы.

**мыз** – сүйүктүү, көңүлгө толумдуу деген мааниде
**набак** – абак, түрмө
**какол** – хахол, украин
**ыраң** – пенде
**керенеч** – жасоол
**баратке** – «порядок» деген эле орус сөзү
**бейкасам** – ала-була кездеменин бир түрү
**казан** – күз мезгили, жалбырактар түшөр убак
**жыны, кадагы** – оордук өлчөмдөрү

**балжууран, жады куурай, карындыз, катыраңкы, дулдана, мүрөлү, сөгөттү, ак чечек, ураан, күнгө багаар** – өсүмдүктөрдүн аталыштары, аттары

**бөгөнөк, кызыл карсак, суучул кара көк соору, майкөт чымчык, эрсынар, каракаш, безбелдек, кашкалдак** – канаттуулар

1. Молдо Кылыч деген ылакап ат эмне үчүн чыккан?
2. Акын жашаган доорго жалпы мүнөздөмө.
3. Токмок шаарынын сүрөттөлүшү.
4. Орустардын келиши жана акындын ага мамилеси.
5. Дептериңерге акын атын атаган өсүмдүктөрдү жазгыла, алардын кандай пайда-зыяны барын айтып бергиле.

1. Молдо Кылычтын көз карашындагы татаалдык, карама-каршылык.
2. Силер билген жана силер билбеген өсүмдүктөр жана жаныбарлар («Чүй баяны» боюнча).
3. Улуулардан жана зоология мугалиминен сурап «Чүй баянында» аталган канаттуулардын ар биринин мүнөздөмөсүн бергиле.
4. «Чүйдүн жаратылышы азыр жана мындан жүз жыл илгери» деген темада экологиялык мазмундагы дил баян жазгыла.
5. «Сары-Өзөн, Чүй: климаты, флорасы, фаунасы» деген темада оозеки баян айтып бергиле.

# ТОКТОГУЛ САТЫЛГАН УУЛУ

## (1864–1933)

«Токтогул өз оюу менен кандай ырдаймын десе, ошондой ырдай берет эле. Ал элге кадырлуу, сүйүктүү акын эле. Жалаң эле ырчы эмес, эл жомокторун бүт билет. Анан комузду артык чертчү. Жалаң куудулданып, күлкүгө салса да, адамдын боорун катырчу».

*К. Акиев*

«Током чар тарабы тең жорго болучу. Током бир айтканын экинчи айтчу эмес. Током жалаң акын, комузчу гана эмес, ашкан өнөрпоз да болчу».

*А. Усөнбаев*

«Токтогул — акын, өзүнүн бүт өмүрүн элге, калың букарага арнаган. Мына ошондуктан анын ырлары элдин арасында жоголбой сакталды».

*Ж. Бөкөнбаев*



**Токтогул Сатылганов Кетмен-Төбө өрөөнүндө жашады, ошол жерде туулду. Силер өлкөбүздүн картасын карап көрсөңөр, бул өрөөн Кыргызстандын орто тушунда, бийик тоолордун үстү жагында асманга жакын орун алган, жери бүтүндөй тоолуу, көк капка суулары, карагайлары, булактары, жайлоолору эми бир керемет, жүз жыл мурда андан бетер кол тийгис ажайып болгон. Анан ошол жаамы кыргыздын чок ортосуна түндүгүнөн бел ашып таластыктар менен чүйлүктөр, батышынан аксылыктар менен түштүгүнөн анжыяндык-алайлык, чыгышынан Суусамыр ашып көлдүк менен нарындыктар топтолушкан. Аш-тойлор, жыйындар өткөн, акындардын кездешер жана беттешер жайы болгон, анан да кудай бул чөлкөмдөн өнөрлүү инсандарды аябай берген, бир чети буга аердин табияты да, жанагыдай ортолукка жайгашышы да таасир этпей койбогондур. Мына ушул жерде акындык өнөрдүн өзүнчө мектеби, өзүнчө Меккеси болгон, дал ошол мектептин башында XIX кылым соңунда жана XX кылым башында Токтогул акын турган. Анжыяндык-аркалык ырчы, комузчу көбү аны ээрчип ырдаган, таалимин көргөн, өнөрүн үйрөнгөн, жалпы кыргыз оозеки маданиятынын уюткусу ошол кишиге топтолгон.**

Токтогул Сатылган уулу 1864-жылы Кетмен-Төбөнүн Куттчу-Суу деген айылында туулган. Ата-энеси жакыр кишилер болгон, көбүнчө бирөөлөргө жалданып иштеген, Сатылгандын куудулдугу, жамакчылык жактары болгондугун, Бурма энеси кошокчу, сөзмөр жан экендигин булар жаш балага таасир эткендигин изилдөөчүлөр жазып келатышат.

Токтогулдун жаш чагынан көргөн күнү кой кайтарып, мал багуу болгон, демек ал тоолор менен жалгыз сырдашып, көкүрөктөгү бугун, жаштык кыял, дегдөөлөрүн эң алгач тоолорго айткан, кой-козулар менен сырдашкан. Көөдөнү эргип, дээринде илхам оргуган жаш Токтогул эл арасына таанылып калат, жыйындарга катышып, аерден белгилүү ырчы, жамакчы, комузчулардын өнөрүн, таалимин үйрөнөт, таасир алат, шакирттикке өтөт.

Казанбак деген бардар кишинин малын багып, жайлоолоп кетет, деги эле жаш чагынан анын чыгармачылыгын байыткан нерсе – ошол кездеги социалдык теңсиздикке мамилеси болот, жакыр менен байды, адилеттүүлүк менен адилетсиздикти көрүп, ичтен «кайнап» чоңоёт. Көпчүлүккө дайын кылган ыры катары изилдөөчүлөр Арзымат менен айтышуусун эсептеп жүрүшөт. Болжолу он сегизинде, 1882-жылы, эл чогулган бир жыйынды эл башкарган төбөл Рыскулбектин уулу Дыйканбайды ээрчип, аны мактап-жактап жүргөн, акындык даремети анча болбогон менен бийликке таянып, башкаларды жерге уруп ырдап көнүп калган Арзымат ырчы менен айтышка чыгат.

Жаш курагына байланыштуу ушу кездеги бир катар ырлары сүйүү темасына арналган, аларда да байлык менен сүйүү сатылып кетери, калыңга берер малың болбосо, сүйгөн адамың бирөөгө ооп кетээри жөнүндө ойлор бар.

Болжолу 1894-жылдарда «Беш каман» деген күчтүү ыры ырдалган, анда Кетмен-Төбө өрөөнүн бийлеген башкаруучулар Рыскулбектин балдарына элдин нааразылыгын билдирген.

Тарыхтан белгилүү, 1898-жылы Анжыян көтөрүлүшү чыгат. Анын башкы кыймылдаткыч күчү тоо арасындагы анчамынча гана куралданган, бирок көпчүлүктү түзгөн кыргыз айылдарынын карапайым калкы менен айрым башкаруучулары болгон. Негизги себеби орус бийлигине, башка диндегилерге каршылык, жерди ээлеп келаткандарга нааразылык болгон. Көтөрүлүш максатына жетпейт, жетекчилери камалат, көбү ырайымсыз өлтүрүлөт, дарга асылат, ошол бийлик машинасы менен күрөшкөн тараптын идеологдорунун бири – Токтогул болгон. Мына ошонусу үчүн аны камакка алат, Наманган согуш-

тук талаа соту атууга өкүм кылат, бирок анысы Сибирге сүргүн-түрмөсү менен алмаштырылат. Кийин жазылып алынган «Кош, апаке», «Айланган тоонун бүркүтү» деген ырлары ошол мезгилде ырдалгандай. Түрмө мезгили акындын чыгармачылыгынын чоң бөлүгүн түзөт.

Айрым маалыматтар боюнча, 1904-жылы, кээ бир маалыматтар боюнча, 1910-жыл түрмөдөн бошоп (дагы бир маалыматтар боюнча, качып чыгып), жолдо көп жүрүп, элине келет. Жалгыз уулу Топчубайдын өлгөнүн, аялынын бирөөнүн колун кармап кеткенин, энесинин азиз болуп калганын угуу акын үчүн чоң трагедия эле. Бир четинен эл-жерге кусалык, сагыныч, экинчи жагынан жоготуу анын ошо кездеги ырларынын башкы темасы болгон.

Бир топ жыл жашырынып жүргөн менен аны «качкын» деп кайра кармап кетишет. Наманган түрмөсүнө отургузулат, бирок эл киришип, акча чогултуп, аны бошотуп алат.

Октябрь революциясынан кийинки анын чыгармачылыгында пропагандалык-агитациялык мүнөз басымдуулук кылат (же көбүнчө ошондой ырлары бизге жетет), Ленинди, Совет өкмөтүн даңктап, жактап ырдайт.

1933-жылы февраль айында каза болуп, сөөгү өз айылында коюлду.

## НАСЫЯТ

Дениң соодо, эринбей,
Бекерликке берилбей,
Эркиң менен жумуш кыл
«Эринчээк, жалкоо» дедирбей.
Эрдин күчү сом темир
Эритүүгө эр керек.
Эч оокатың болбосо,
Эгин айдоо жер керек.
Эр жигиттин белгиси
Эпчил болот термелеп.
Күчүң барда иштеп көн,
Күлүп, жайнап, эр жигит,
Күнүмдүктү ойлобой,
Кулак байлап, жер жибит.
Жакшы азамат түрдөнүп,
Жалбырттаган жалындай.
Өзүн өзү асырайт,
Уурулукка малынбай,
Уятын ойлоп ар убак,
Ушак сөзгө чалынбай.
Түрүнүп иштеп эр жигит
Тишиң барда таш чайна.
Ирээтиңди түзөтүп,
Иштебесең, аш кайда?
Эгин айдап, чөбүң чап
Эмгегиңден пайда тап.
Азамат болсоң, ак иштеп,
Аздыр-көптүр малың бак!
Эр жигиттин белгиси –
Кайраттуу болот жалындап.
Өз колуңда болбосо,
Оңойбу оокат табылмак?

Өлбөй тирүү калбайсың,
Жан аманат, ойлоп бак.
Ыркырашпа тирүүңдө,
Ырыс алды – ынтымак.
Малы бар деп бирөөнүн
Байлыгыңа суктанба.
Ачуулуу болуп эр жигит.
Аксымдыкка бут малба.
Көпкөндүккө жеңдирип,
Көрүнгөнгө мактанба.
Эгин айдап, жакшы бак,
Жазында чыгат жалтылдай.
Кампадан ашып, кап толот,
Баасы кызыл алтындай.
Карды тойбойт адамдын,
Кайрат менен иш кылбай.
Карыздар болбо сүткордон
Бардык малың сүт кылат,
Бир жылга эки туудуруп,
Жарым сомун бүт кылат.
Убагында бербесең,
Бийге салат тыткылап,
Бий-болуштар башыңан
Айрылбаган жут кылат.
Берекеси жок болот,
Бекеринен мал тапкан.
Куру куудул кургак сөз
Курсагын сылап тынч жаткан,
Тамак даяр болгондо
Ал урган кирип келет
бир жактан.
Жардылык, байлык кимде жок,
«Жардысың» – деп демитпе,
Жамандашып, эр жигит,
Бириңди-бириң кемитпе!
Аз өмүрдүн ичинде
Амандашкын күнүгө.
Өлбөгөнгө табылат
Аздыр, көптүр дүнүйө.
Кара ниет адамдын
Каадасы калбайт карганча,
Өткөн өөнү билинбейт,
Өлөр күнгө барганча.

## САНАТ

Аргымакты жаман деп,
Бууданды кайдан табасың?
Агайынды жаман деп,
Тууганды кайдан табасың?
Тууганына батпаган,
Душманына жалынат.
Болбос жаман арамза
Болумсуз ишке малынат.
Кийинкисин ойлобой,
Кишинин көөнү калынат.
Жакынына жакпаган,
Жат кишини жамынат.
Канды кудай ураарда,
Калкына жаман кас болот.
Байды кудай ураарда,
Дөөлөтүнө мас болот.
Кышты кудай ураарда,
Күн жылымдап, жаз болот.
Эрди кудай ураарда –
Элүүндө жаш болот.
Берекесиз байлардан
Бейил менен кун кетээр.
Жумушкылсаң, **мудаа** кыл,
Иштей көрбө **илдекер**.
Кара санап бирди алсаң,
Колуңуздан миң кетер.
Чечилишип сырдашсаң,
Көкүрөктөн муң кетээр.
Баарың болсоң бир оздуу,
Душман кантип
былк этээр.
Ак бараңдын кундагын
Аталбасаң, сунбагын.
Эрмин десең, душмандан
Эки көзүң жумбагын.
Өтүп кеткен иш үчүн
Өкүнүп балаң урбагын.
Көпкөн жигит көп сүйлөйт,

Чечен жигит эп сүйлөйт,
Билбестерге жыйында
Бир сүйлөөгө кеп тийбейт.
Жөн жүрбөгөн жигиттер
Көрүнгөндөн тепки жейт.
Ким көрүнгөн кекенип:
«Ушунуку өттү», – дейт,
Көз карашың бузулса,
Көргөн адам «көптү» дейт.
Жинди менен жолошпо,
Суу куйбагын толбоско.
Акмак болуп кетесиң,
Ачууланба болбоско.
Үгүт айтып чарчаба,
Айткан акыл конбоско.
Жолдош болсоң куу менен,
Өмүр өтөөр доо менен.
Жыкмайынча качпагын,
Беттешип калсаң жоо менен.
Суктанбагын сулууга,
Уят сөз айтпа улууга.
Тамаша айтсаң билбеске,
Тар жерде катуу сындырат.
Айталбаган сөз үчүн,
Оозуңду бекер ачпагын
Мактап койсо март болуп,
Оокатыңды чачпагын.
Колдон келээр иш болсо,
Коркуп бекер качпагын.
Мурунку жаман ишиңди
Кийинки жерде таштагын.
Жолдош болбо коркокко,
Жүк артпагын торпокко,
Иш кылдырба **чоркокко.**
Күлүк минсең күүлөнүп,
Эки жагың караба –
Көйрөң атка коносуң.
Көрүп калган адамга.
Сурап ичкен тамагың –
Суу ичкенге барабар.
«Сук» атанып айлыңа,
Суук болбо жаш балдар!
Күлүк менен жарышпа,
Билимдүү менен алышпа.
**Кейбир** кылат өзүңдү,
Кеп салбагын маңызга.
Көңүл калаар кеп айтпа,
Оору менен картаңга,
Жанын сатат кээ адам,
Жарым чөйчөк талканга.
Бузук менен муңдашпа,
Уятсыз менен ымдашпа,
Болбос ишке кийликпе,
Момундун жөнү бир башка.
Алың менен күч керек,
Азык оокат тыңдашка.
Акылсызга сөз айтып
Акмак менен сырдашпа.
Аялыңды жек көрүп,
Жамандыкты ырбатпа.
Эл тирилик кылганда,
Эсирип уктап кур жатпа.
Иш тапшырба жалкоого
Акыл айтпа **чалпоого.**

**мудаа** – берилип, жакшы, сапаттуу иште деген мааниде
**илдекер** – эптеп эле кол тийгизип иш кылуу
**чоркок** – копол, иштин көзүн билбеген
**кейбир** – жинди, кем акыл
**чалпоо** – эси жок

1. Токтогулду эмне үчүн акындардын устаты, композитор-демократ акын дейбиз?
2. Акын балалыгын кандай шартта өткөрдү жана анын ырчы болуусуна кимдер өбөлгө болду деп ойлойсуң?
3. Акындын акын болуп калыптанышына таасир эткен шарттар.
4. Санат-насыят ырлары эмне максатта ырдалат?
5. Өзүңөрдүн жактырууңар менен ырлардан үзүндү жаттагыла.

1. Бул окуу китебинде жазылгандардан тышкары Токтогул Сатылган уулу жөнүндө дагы эмнелерди билесиңер?
2. Токтогул эмне үчүн Сибирге айдалган?
3. Анжыян көтөрүлүшү тууралуу эмнелерди билесиңер?
4. Карылык жана жаштык акындын түшүнүгүндө.
5. Токтогулдун жакшы жана жаман адам жөнүндө ойлору.
6. Сен, сенин жолдош-жоролоруң жана Токтогулдун насааттары.
7. Ырлардын көркөмдүгүн талдагыла, комуз менен ырдап көргүлө.
8. Ырлар жана таалим-тарбия.

# БАРПЫ АЛЫКУЛ УУЛУ

## (1884–1949)

Кыйындыкты тез билген,
Кысталышта сөз билген,
Ак таңдай асыл ырчыдан,
Калышпайсың Барпы акын.

*Жеңижок*

Сен дагы мендей ырдадың,
Ырыңды иним сындадым.
Адаштырып ырдасам,
Айтканымдан жылбадың.
Мен көрсөткөн ырларды,
Улабастан койбодуң,
Калтырбастан бир жерин,
Кынабастан койбодуң.
Адис акын экен деп,
Бул жериңден ойлодум.
Кынадың терме, санатың,
Сен болдуң менин канатым.

*Токтогул*



**Барпы апыз, же Парпы акундун ырлары эмнеси менен айырмаланат?**

**Ал комуз менен эмес, жалпы ичкилик кыргыздарына мүнөздүү өзүнчө аванга салып, ак жаандай төгүп ырдаган, анын ырларында чыгыш акындарынын, ойчулдарынын, аалымдарынын күчтүү таасири болгон, көбүнчө бу дүйнөтиги дүйнө, аалам сырлары, ааламдагы адамдын кудурет-күчү, жамандык жана жакшылык жөнүндө ырдаган, махабатты даңазалаган, кыз-келиндин сулуулугун абдан жетерине жеткире чебер кошкон. Кошкон нерсесин ал ар тараптан кеңири карап, терең баа берип, өзүнчө ой-жүгүртүү менен мамиле кылган. Анын поэзиясынын ички сырлары, байкалбаган керемет күчү улам мезгил өткөн сайын терең ачылууда.**

Барпы Алыкул уулу Сузактын Ачы деген жеринде, Жалал-Абаддан анча алыс эмес аймакта 1884-жылы жарык дүйнөгө келет. Урук-тукуму жарды өткөн, демек, бала Барпынын башына да ошол тагдыр жазылып турган. Жерге жүрө баштагандан түйшүк-шорго малынган, колунда бар Назарбай, Мадалы, Калмат сыяктуу кишилердин малын багат, бадасын кошот, отунун алат, гозосун багат, ылайын бышырат, демек өзүнүн оор абалы, теңсиздикти, боштондукту, эркиндикти эңсөөсү анын биринчи ырларынын мазмунун түзгөнүнө шек кылууга болбойт. Бизге белгилүү эчки жоготкондогу ыры, же:

Үйгө кирсем «от жак» дейт,
Эшикке чыксам «мал бак» дейт.
«Кеч каласың отундан,
Эртелеп туруп тез бас» – дейт, –

деген саптары анын оор турмуштун айынан ички бугун сапка сап кынап, уйкаштырып ыр кылганын айгинелейт. Ушул эле ырларын өзүнө тагдырлаш, муңдаш балдарга ырдап бергени да анын биринчи угарманы, алгачкы аудиториясы да чыгармачылыгына тилектеш экенин айгинелейт, ошол аудитория ага дем берет, сүрөйт. Жетимчилик, жалгыздык, адилетсиздик, кор болуу, эзилүү романтикалуу жаш баладан кандайдыр бир ошол абалдан чыгуучу жарыкты, шооланы издетет, «Теңдик бир күн жарк этер» деген тилек-арман ырын көөдөндөн чыгарат.

Алгачкы ырларынан эле Барпынын чыгармаларынын көркөмдүгүнүн жогорулугу: уйкаштарынын тактыгы, үндөштүгү, сөз ылгап тандай билиши, салыштыруулардын жыштыгы көрүнөт.

Барпы он алтысында кадимкидей акындык барк жыйнап калган, ошондо өзүнүн кожоюну Назарбай менен айтышка түшөт.

Барпы – көзү азиз ырчы болгон, мурда анча-мына көрсө, кийин биротоло жетелетип калган.

Ырчынын чыгармачылыгында анын жеткилеңдигин, таланттуулугун, ашкере чеберчилигин далилдеп турган нерсе – анын айтыштары. Жеңижок, Токтогул, Эшмамбет, Калмурза, Сыдык ж. б. таанымал да, али тааныла элек да ырчылар менен айтыш процессинде ал дайыма өктөм, өзүн эркин алып жүрөт, сөзү орундуу, эптүү, элестүү.

Барпы апыздын дагы бир бийиктиги – таалим-тарбия жөнүндө айткандары: жакшы менен жаманды салыштырат, алдамчы адамдардын бетин ачат, ашкерелейт, пайгамбарлар менен олуяларды даңктайт, бузуктардын, питиналардын, ач көздөрдүн, сүткорлор-

дун, желөпкө, келесоолордун жүзүн ачып берет, бул ырлары өзүнчө эле окуу китебинин, ыйман сабагынын ролун аткаргандай.

## АК КЫМКАПТАН ТОН АЛБАЙМ

Ак кымкаптан тон албайм,
Ак күмүштөн сом албайм.
Ар кимди барып бир мактап,
Ары жок ырчы болалбайм!

Кызыл кымкап тон албайм,
Кызыл тилла сом албайм.
Кызыталак бийлердин,
Кызыкчысы болалбайм!

## СҮЙЛӨШ ҮЧҮН ТИЛ КЕРЕК

Сүйлөш үчүн тил керек,
Ырдаш үчүн үн керек.
Сөздү сөзгө кынай бил
Маш зергердей чегелеп.
Ырчы болсоң – төкмө бол,
Ак жаандай себелеп.
Бууданы болбой замандын,
Булбулу болбой адамдын
Ырчымын деп мактанба.
Талыкпасын кызыл тил,
Карыкпасын коңур үн
Ыр жоргосун чапканда
Алтынды көрүп алданбай,
Алкымыңдан кармалбай,
Ырдай билгин жакканга.

## АЛА-ТОО КӨРККӨ КЕЛБЕЙТ ЭЛ БОЛБОСО

Талаанын көркү кайда гүл болбосо,
Гүл ачып, кубат албайт Күн болбосо.
Акындар ырдай албайт тил болбосо,
Душманың жазганабы сүр болбосо?
Тоолордун салмагы аз таш болбосо.
Узакка кабар жетпейт кат болбосо,

**Жигиттин наамы чыкпайт март болбосо.**
**Ак бетте кызыл болбойт нур болбосо,**
**Сооданын иши жүрбөйт пул болбосо.**
**Чарбанын көркү кайда кой болбосо,**
**Кишинин сыны кайда бой болбосо.**
**Көздөгөн максатыңа жете албайсың,**
**Колуңда бардык жарак бүт болбосо,**
**Арыктын көркү болбойт тал болбосо,**
**Чарбанын көркү болбойт мал болбосо,**
**Сулуунун көркү болбойт кал болбосо,**
**Өрдөк, каз кайда конот көл болбосо.**
**Дайралар толкуп-ташпайт сел болбосо,**
**Аргымак ат арыбайт бел болбосо,**
**Дыйканга түшүм кайда жер болбосо,**
**Ала-Тоо көрккө келбейт эл болбосо.**

**тилла** – (диалектилик сөз) адабий тилде – **алтын**

1. Барпы акындын мурдагы класстарда окуган чыгармалары жөнүндө эсиңерге салып, билгениңерди айтып бергиле.
2. Барпынын ырчы болушуна шарт түзгөн жагдайлар.
3. Ырчынын балалык чагы.
4. Б. Алыкуловдун ырларынын тематикасы.

1. Барпыны башка кыргыз ырчыларынан айырмаланып турган өзгөчөлүктөрү сенин оюңча кайсылар?
2. «Барпынын балалыгы» деген темада аңгеме жазуу (өзүңдүн балалыгың менен салыштыр).
3. Бул темаларда дил баян жаз: «Барпынын өмүрү», «Барпынын балалыгы», «Акындык, адамдык жөнүндө Барпынын ой жүгүртүүлөрү».
4. «Ак кымкаптан тон албайм» деген ырдагы акындык милдет, сөз өнөрү жөнүндөгү ойлор.
5. Байлык жана ыр Барпынын түшүнүгүндө.
6. Акындын ырларындагы уйкаштык өзгөчөлүктөрүнө байкоо салгыла.
7. Ырларды жаттагыла.

# ЖЕҢИЖОК

## (1860–1918)

## АЙТЫШ

### ЖЕҢИЖОК МЕНЕН ЭСЕНАМАН ЖӨНҮНДӨ



**Жеңижок жөнүндө:** Анын өзүнүн аты – Өтө, атасынын аты – Көкө. 1860-жылы Таластын Сары-Көбөн (азыркы Манас району) айылында туулган. Жашынан жугуштуу оору (ала) менен ооруп Аксы тарапка ооп келген. 58 жашында каза тапкан. Эл оозунда калган ырларын талдаганда ал абдан таланттуу ырчы болгон, билимдүү, дин илимине терең берилген, өзү да келишкен келбеттүү адам катары зоболосу зор эле. Элдик дастандарды айткан, дин китептериндеги сюжеттерди ырга салган, философиялык ырларды чыгарган, айтышта алдына адам салдырбаган.

**Эсенаман жөнүндө:** Жапак уулу Эсенаман Таластын Кызыл-Коргон айылынын кулуну. 1833-жылы туулган, 80 жашында 1913-жылы каза болгон, кыйла тамшандырган сөздөр айтылган менен көп чыгармалары жазылып алынбаган, Байтик, Жанграч жөнүндөгү ырлары эл оозунан топтолгон. Эсенаман элдик дастандарды да мыкты аткарганын белгилешет.

### ЖЕҢИЖОК МЕНЕН ЭСЕНАМАН

Таласта төрт дубан чакырылган той болот. «Тойдун жарчылыгын биз ээлейбиз» деген ой менен казактан чыккан Майкөт акын жана Эсенаман ырчы даткалардын үстүндө олтурганда эшиктен Жеңижок кирип келип, төр талаша орун алат. Майкөт акын шектенгендей Ташкара билерманды карап: «Ойбай, Тaскара, мынау балаң эсиктен кирип өр таласты, өрдөн соң төр таласты, сумдук кой, жайын айтшы?» – деп калат.

Ташкара: «Өзүңүз уккан Жеңижок иниңиз ушул», – дейт. Анда Майкөт: «Баса десең, кана, Жеңижок карагым, сөзүң болсо такалмай сөйлөй отыр, шамаң жетсе, Эсенаман акемиздин кабаты менен жөйлөй отыр», – деп компоёт.

Жеңижок комузун күүлөйүн десе кылдары ным экен, бири чырт үзүлүп кетет. Аңгыча араң олтурган Эсенаман акын Майкөттүн жемесинен кутулайын деген ой менен өз тарабын көтөрө чалып, Жеңижок тарапты кордогондой ырдайт. Өзгөчө Майкөттүн сыймыгын урматтап, Жеңижокту экинчи ооз ачып ырдагыс кылайын деген ой менен каптап кирет:

Аманбы, балам Жеңижок!
Абаңдын сенден кеми жок.
Ак калпактуу кыргыздан
Айтышарга теңи жок.
Аламан ырчы көп жүрөт,
Балам, айтканынын эби жок!
Эсенби, балам Жеңижок!
Эсеңдин сенден кеми жок,
Эки жактуу пендеден
Эрегишер теңи жок.
Элимде ырчы көп жүрөт
Эки ооз кепке эби жок!
Кандайсың, балам Жеңижок?
Картаңдын сенден кеми жок.
Кар жаак пендеден
Каяша кылар теңи жок.
Калкымда ырчы көп жүрөт
Калжырай берген эби жок!
Өзгө сөзгө токтобой
Өзүмдөн кабар берейин.
Өкүнүчүң болор, карагым,
Өзүң тапкын дебейин.
Жалпы сөзгө токтобой
Жайымдан кабар берейин.
Таарынчың болор, карагым,
Таап алгын дебейин.
Эми айтайын чыныңды,
Жашырбай төгүп сырыңды
Түбүнөн бери бүт билем
Үч-Кошой **сарттар** тууганың.
Келтирдиң менин жинимди!

Кескендей кылам тилиңди!
Үч-Кошой менен кең Талас
Жерим ошол, Жеңижок.
Калың **кытай** уругу
Элим ошол, Жеңижок.
Киндигим кесип бууган жер,
Киримди чайкап жууган жер.
Эзелтен бери жай кылып
Ата-бабам турган жер!
Улуулардан кеп уктум,
Уламалап көп уктум,
Ушул жерде туулган
Уругуң кытай деп уктум.
Карылардан кеп уктум,
Кабарыңды көп уктум.
Калың кытай элинен
Тегин таштап тентиреп
Тентип кете берген дейт.
Уругу Сол Каратал
Ушул жердик элден дейт.
Беш уруу Солдон адашып
Кайда бардың, Жеңижок.
Берими жок жат өскөн,
Жайга бардың, Жеңижок.
Берекелүү эл болот,
Биздин байга баргын, Жеңижок!
Бул жерден кардың тойбосо,
Кайра баргын, Жеңижок!
Уругуң Сол Каратал
Убайым тартсаң алыңды
Сурарың айтчы, Жеңижок.
Асирет, арман, арзыңды
Угарың айтчы, Жеңижок?
Алты атаң Сол Каратал
Арбагың айтчы, Жеңижок.
Аксыга качып, Таластан
Барганың айтчы, Жеңижок?
Андагы көргөн көп кордук
Тартканың айтчы, Жеңижок?
Аксылыкты билемин,
Ала көөдөк эл болот.
Баарысын байкап көргөмүн,

Марттыгы бизден кем болот.
Алты күнү ырдасаң,
Алеки чапан кийгизет.
А деген жерде биздин эл
Аргымак тандап мингизет.
Жети күнү ырдасаң,
Желеки чапан кийгизет.
Жеткен жерде биздин эл
Жээрдени тандап мингизет.
Айылга келип ырдасаң,
Алтының ашып карк болот.
Ат мингизип чыгармак,
Бизде абалтан бери нарк болот,
Эзелтен бери эскимин,
Эл куруткан кескимин,
Элдир-селдир ырчынын
Элдешпей тилин кесчимин!
Үч-Кошой менен кең Талас
Өз атаң жердеп өлгөн жер.
Өөктөп жатып чогулуп
Өкүрүп тууган көмгөн жер.
Өзөнүн бойлоп башынан
Өмүрүң өсүп өнгөн жер.
Өзгө жерде өкүнбөй
Өз элиңе көчүп кел!
Башканын жери жер болбойт,
Башканын эли эл болбойт,
Артын ойлоп карагын
Айылдуу адам кем болбойт.
Эсиңди жыйып элиң тап!
Эзелки Талас жериң тап!
Баргандардан кеп уктум,
Баарысын байкап көп уктум.
Бакылдаган кайран эл
Сенин баркыңды билбейт деп уктум,
Каттагандан кеп уктум,
Кабарыңды көп уктум.
Кажылдаган калас эл
Сенин кадырың билбейт деп уктум.
Өчүгүп калган жоо болсо,
Өзүңө жалаа, доо болсо,
Өзөгүн үзүп сен үчүн

Өмгөгүң салар жанында
Жакшың жок дейт, Жеңижок.
Өзөгүңдү дарт чалса,
Өпкө чабар жанында
Бакшың жок дейт, Жеңижок!
Карышып калган жоо болсо,
Каймана жалган доо болсо,
Каралашар жанында
Жакшың жок дейт, Жеңижок?
Кабырганды дарт чалса,
Кара болор жанында
Бакшың жок дейт, Жеңижок.
Ар ким айтып артыңдан
Айың ушак кеп кылат
Акыры сени жеп тынат.
Аргымак элем арыдым,
Азамат элем карыдым.
Айыкпайт тийсе этиңе
Ажыдаардын заарымын.
Анча-мынча жин тийсе
Айыктырчу дарымын.
Калдайган калың журтума
Касиеттүү карымын.
Кашында Майкөт пириңди
Көзүңдү ачып таанығын!..
Арка, Талас бай болот,
Жегени куйрук, май болот.
Таласка келип ырдасаң
Алтының ашып карк болот.
Асили кедей Аксылык,
Ичкени куру чай болот.
Жай мезгили бир кызык,
Жайнап жылдыз, ай чыгат,
Кеңешип чукул жарышса
Тап берген жерден тай чыгат.
Тамандары кызыса,
Сары таман ат чыгат.
Сабак-сабак кат чыгат.
Элирип ырдап отурсам,
Эли-журтум жактырат.
Эскирсем да, жаш балам
Ийниме чапан жаптырам.

Каяша кылбай тилимди ал,
Кашында Майкөт пириң бар.
Кайда качып барасың,
Каршы алдыңдан жолукту.
Жигиттик-жаштык кийин деп,
Жеңижок колго тийди деп
Эсекеңдин айтканы
Элдин баары сүйдү деп.
Арттан ушак болбосун
Ак жеринен күйдү деп.
Калың жыйын сөз кылсын
Карыган Эсең алды деп,
Бышыксынган баланы
Бир сүйлөтпөй салды деп.
Жеткилең кулук Эсеңе
Жеңижок жетпей калды деп!
Арышын кере жүгүрүп,
Алдыңкы буту бүгүлүп,
Адырлуу жерден сүрүлүп
Аргымак келди, жол бергин!
Атактуу Майкөт пириңе
Айып көрбөй кол бергин!
Күнчүлүк жерден жүгүрүп,
Күүлөнө буту бүгүлүп,
Капталдуу жерден сүрүлүп
**Казанат** келди, жол бергин!
Кашында Майкөт пириңе
Күнөкөр болбой кол бергин!
Эргий-эргий жүгүрүп,
Эликтей буту бүгүлүп,
Эңиштүү жерден сүрүлүп
Эсекең келди жол бергин!
Эсилиң Майкөт пириңе
Эңкейип барып кол бергин!
Жаркырап шоола тийгизген
Күнүң ушул, Жеңижок.
Кошуп айтсам шарият
Диниң ушул Жеңижок.
Айткан сөзгө кулак сал,
Акырекке түйүп ал
Абайлагын, карагын,
Алдында Майкөт пириң бар?!

Көп сөзүмө кулак сал,
Көкүрөккө түйүп ал.
Көтөрүлбөй байкагын,
Көрдүңбү Майкөт пириң бар!
Сыйынуучу нак мазар
Пириң ушул, Жеңижок.
Күүлөнтүп күндө сүйлөткөн
Тилиң ушул, Жеңижок.
Майкөт сага пир болот,
Пириңе тийген ким болот?
Сендей-теңдей ырчылар
Төрт чекене жин болот.
Тааныбасаң, карагым,
Таанытайын пириңди.
Каяша кылсаң кайрылып
Кагайын сенин жиниңди!..
Сырты болом суусардын,
Дарчысы болом ордонун.
Тазаланып жуунган
Даараты болом молдонун.
Угуту болом бозонун,
Чигити болом гозонун.
Карысам да, Жеңижок,
Казыр сенден озомун.
Кайда качсаң куткарбай,
Каршы алдыңдан тосомун.
Талыкбай жолго салдырчу
Тамандары болом жоргонун.
Жаактууга жай бербес
Жаалымды ойлогун!..
Пириң Майкөт алдында,
Пейилиң балам, оңдогун!
Мөмөсү болот дарактын,
Шишеси болом арактын.
Жакасы болом, Жеңижок,
Торкосу алтын манаттын.
Тобокел кылчы көрөйүн
Тоорулуп кайда бараттың?
Тамырын жайып тараткан
Сабагы болом санаттын.
Чабыттап эргип учарда
Чалгыны болом канаттын.

Каяша кылчы көрөйүн,
Каңгырап кайда бараттың?
Асылы болом жылкынын,
Артыгы болом ырчынын.
Айчылыкта той болсо
Алкынып ырдап турчумун.
Айтышамын дегенди
Айттырбай тилин буучумун.
Ары жок сендей ырчыны
Алкымдап тойдон куучумун.
Торусу болом жылкынын,
Торгою болом ырчынын.
Топ жыйындын ичинде
Торгойдой сайрап турчумун.
Томпойдой болгон жетимдин
Токмоктоп тилин буучумун.
**Тогонек** берген жетимди
Тобумдан алыс куучумун.
Айтып көрчү, Жеңижок,
Акындыгың ченейин.
Айтканыма жооп бер,
Андан башка не дейин.
Чыгарып көр үнүңдү,
Сага кезек берейин.

Эсенаман ырын токтотуп, жай отуруп калат. Элдин баары тунжурап, үн каткан киши жок. Ошондо бир аксакал: «Балам, Жеңижок, сен айтар деле сөз калган жок, бардыгын Эсекең айтып бүттү окшойт. Эсеңе каяша айтам деп каарына калып, назарыңды сындырып, өзүңдү өзүң аксатып албагын», – дейт. Анда Майкөт акын: «Олай эмес, карыя! Эсекең картайып калганба, көп жаңылыс кетирди. Эсеңдин катесин тауп айтсаң, жеңетиң кезек сеники, токтолмай сок, карагым Жеңижок», – деп обдулуп коёт. Жеңижок: «Чын эмеспи, Майкөттү олуя, мазар, пир кылып, мени сыйынтып жатпайбы. Эсенаманды олуясына кошоктоп алып, жылаңачтап тозокту көздөй айдап жөнөйүн» деген чечимге келет да, ырды мөндүрдөй төгүп кирет:

Он сегиз миң ааламды
Бир жараткан эмеспи.
Эң биринчи дүйнөгө
Нур жараткан эмеспи.

Суук кыштын булутун
Сур жараткан эмеспи.
Эмгексизди энчиден
Кур жараткан эмеспи.
Аалам жашап турсун деп
Күн жараткан эмеспи.
Алмаштырган күн менен
Түн жараткан эмеспи.
Буруксутуп атырдай
Гүл жараткан эмеспи.
Булбулдарга шайырдык
Үн жараткан эмеспи.
Бардык жанга насипти
Бир жараткан эмеспи.
Алтын нурун төгүлтүп,
Ай жараткан эмеспи.
Жылдыздарын жайнатып
**Шай** жараткан эмеспи.
Асман жердин арасын
Кең жараткан эмеспи.
Адамзаттын баарысын
Тең жараткан эмеспи
Жайда салкын болсун деп
Жел жараткан эмеспи.
Жерден берип ырыскы
Эл жараткан эмеспи.
Көл бойлотуп учуруп
Куу жараткан эмеспи.
Чөл жашарып күлсүн деп
Суу жараткан эмеспи.
Өрдөк, каздын баарысын
Көлдө кылган эмеспи.
Өлгөндөрдүн баарысын
Көрдө кылган эмеспи.
Кайберендей күлүктү
Төрдө кылган эмеспи.
Курт-кумурска жайларын
Чөлдө кылган эмеспи,
Берекенин баарысын
Жерде кылган эмеспи,
Жер-дүйнөнүн туткасын
Элде кылган эмеспи.

Өмүрдү чак жаратып
Пенде кылган эмеспи.
Жердин үстүн жайнатып
Бак жараткан эмеспи.
Кээ бир жанды көбөйтпөй
Так жараткан эмеспи.
Ар жаңга ажал, өмүрдү
Ак жараткан эмеспи.
Казак Майкөт пирим деп
Жиндептирсиң, Эсеке!
Карыганча пириңди
Билбептирсиң, Эсеке!
Оoздун көркү отуз тиш,
Тил жараткан, Эсеке.
Тил сүйлөтпөй айбанды
Тим жараткан, Эсеке.
Карыганча Майкөттү
Мазар кылып кармапсың.
Эл чогулган мечитке
Эч бир басып барбапсың.
Сапка туруп, башыңды
Сеждеге түк салбапсың.
Тантып ырдап отуруп,
Шайтандарга кошулуп,
Ырас айтсам, Эсеке,
Ыманыңды жалмапсың.
Эми, Эсеке, анык ук,
Айтканымдын баарын ук.
Алжып кетпей бекерге
Кулагыңды салып ук!
Анык туулган башында
Ата-энебиз адамдан.
Ай ааламдын жүзүнө
Адам өсүп таралган.
Күндүн алтын нурунун
Күчү менен жаралган.
Албаптырсың эч кабар
Адал менен арамдан.
Эми өрдөктөй учуп келейин,
Өзүмдөн кабар берейин:
Өзүңөр байкап көргүлө,
Өнөрүм артса жеңейин,

Өнөрүм сенден кем болсо,
Өлөрман экен дебейин.
Каздай учуп калкылдап
Калкымдан кабар берейин.
Калыстык кылып көргүлө,
Кадырым апса жеңейин.
Кадыры сөзүм кем болсо,
Карыган экен дебейин.
Ата-бабам баарысы
Таласта болгон туругу,
Уругум Сол Каратал –
Калың кытай уругу.
Атам өлүп жашында,
Айлымды таппай башында,
Арка болчу ага жок
Айланып турчу кашымда.
Энем өлүп жашымда,
Эсимди таппай башында.
Эрмек кылар ини жок
Имерилчү кашымда.
Арка кылар ага жок,
Азып кеттим Аксыга.
Ашуусу бийик бел ашып
Басып кеттим Аксыга.
Ак никелеп жарымды
Алган жерим Аксыда!
Тээк кылар ини жок
Тентип кеттим Аксыга.
Тегеректен жай таппай
Минтип кеттим Аксыга.
Үй-жай күтүп үйлөнүп
Ушинтип жүрөм Аксыда.
«Баркыңды билбейт» деп айтып
Басынткансып сүйлөдүң.
Бардык эл сыйлап баркташат
Баамды, чалым, билбедиң.
«Кадырыңды билбейт» деп
Каймана сөздү сүйлөдүң.
Калкымдын баары каалашат,
Чалым, кадырымды билбедиң.
Урматташат баарысы
Улуу-кичүү карысы.

Ала качып жанымды
Барган жерим Аксыда.
Аман сактап өлүмдөн
Калган жерим Аксыда.
Айтканымды жок дебес
Алган жарым Аксыда.
Алтын боолуу ак туйгун
Салган жерим Аксыда.
Алтын жака кыйбат тон
Кийген жерим Аксыда.
Ата-энемдей ардактап
Сүйгөн жерим Аксыда.
Бакыт шамы жаркырап
Күйгөн жерим Аксыда.
Атка минип алчактап
Жүргөн жерим Аксыда.
Анык жыргал дооронду
Сүргөн жерим Аксыда.
Көңүл ачып шаттанып
Күлгөн жерим Аксыда.
Байкагын, Эсе, сөзүмдү,
Айнектей ачам көзүңдү.
Абышка болгон кезиңде
Адашып айттың сөзүңдү.
Баарысын айтып кетейин,
Башка сөзгө өтөйүн.
Баятан айткан сөзүңө
Баяндап жооп берейин.
Мөмөсү болсоң дарактын,
Айылдан балдар келбейби?
Ары-бери имерип
Акылын таап илбейби?
Арка этектеп теришип
Ар кайсы жерге жебейби?
Данегиң чирип кык болор,
Кабыгың чирип жок болор,
Өмүрүңдүн акыры
Ушундай болуп токтолор!
Шишеси болсоң арактын
Мас адам сени сыйлайбы?
Таамайлап кармап мойнуңду
Ташка чаап урбайбы?

Тамтыгы кетип быркырап
Талкаланып сынбайбы?
Койкойгон мойнуң жоголуп,
Кокуй, чал, жаның тынбайбы?
Абайлагын, Эсеке,
Арагы анын суу болот.
Ичегиңди күйгүзүп
Ичиңе барса уу болот.
Көрүнгөнгө жулунтуп
Көпчүлүккө чуу болот.
«Эсекең жинди болду» деп
Эл ичинде дуу болот!
Араккеч болсоң мас болуп,
Агаин менен кас болуп.
Ажалың жетип сен өлсөң.
Балдарың базар барбайбы.
Олуя-Ата тараптан
Айтылуу шарап арактан.
Аябай арбын албайбы?
Бейитиңе бүт атап,
Балдарың арак бербейби?
А дүйнө жайга барганда,
Абышкам, арактан азап көрбөйбү?
Жаңкүр-мүңкүр бериште
Жетимиш батман күрсү алып
Жаныңа басып келбейби?
«Рабиң кимдер?» дегенде
Келмеге тилиң келбесе,
Күрсү менен бир коюп,
Сазайыңды бербейби?!
Сырты болсоң суусардын,
Эссиз бала кийбейби.
Эңкейип алса кокустан,
Жалынга башы тийбейби?
Кылканы күйүп бырыксып
Кыйноого башың кирбейби?
Көркүң кетип күйпүйүп
Көргөн адам күлбөйбү?
Жакасы болсоң манаттын,
Бүркүткө сени алдырар.
Кызыл түлкү экен деп,
Жака кылып салдырар,

Кийинчерээк эскирип
Кылы сынар кырчылып,
Тыбыты түшөр тытылып.
Каларсың, чалым, калдырап
Жаргак болуп жыпшылып.
Угуту болсоң бозонун,
Ородо сасып өнбөйбү.
Ары жок сендей как баштын
Ажалы жетип өлбөйбү.
Алакан жайып дубага
Агаин-тууган келбейби.
Шибер угут өндүрөр
Сокуга салып чакалап,
Сок билек менен талкалап,
Көрбөгөндү көргөзөр
Таруу шакка коштуруп.
Ботко кылып кайнатар,
Челекке куюп ачытып
Бозокорго тандатар.
Калтадан сүзүп өткөрүп,
Калганын уйга чайнатар.
Улам-улам өзгөрүп,
Мурунку кейпи жок болуп,
Акырында сыгылып,
Алжыган, чалым, топ болуп,
Күрөң уй аймап бүтүрүп,
Көйрөң чал калар жок болуп?
Бозокор болсоң мостойтуп,
Эки көзүң тостойтуп,
Токтотпой айдап өзүңдү
Тозокко түртө салбайбы?
Чапчакка бозо калтырып,
Чаңкаса суусун кандырып,
Батага келген элдерге
Балдарың бозо бербейби.
Бозо салып бербесе,
Пулу ордуна келбесе,
Шааниси жок деп сендейди
Шайтандар жаман көрбөйбү?..
Сабагы болсоң санаттын
Өзүн-өзү күүлөйбү?
Өкүрөңдөп өйдөлөп

Обу жок сөздү сүйлөйбү?
Салабаттуу жакшы адам
Салттуу сөзгө кирбейби?
Чалгыны болсоң канаттын
Чабыттарсың, учарсың,
Жаның калбай жалпаңдап
Чар тарапка сызарсың,
Ары-бери жүгүрүп.
Чамаң кетип бир кезде
Чалгының калар тытылып.
Талаада калган немеңди
Жок кылар шамал учуруп!
Чигити болсоң гозонун,
Астына чоң таш жаткырып.
Үстүнөн дагы бастырып,
Баш-аягын бекитип,
Баскыч салып кысылтып,
Азабың берип колуңа
Агызар майың сызылтып!..
Даараты болсоң молдонун,
Кумганга суу куюлган.
Колуна алып койкойтуп
Кожо-молдо жуунар.
Байкап көрсөң, Эсеке,
Кандайча мунун оңу бар?
Алтымыштан ашканда
Арып калган экенсиң.
Акыл менен эсиңден
Танып калган экенсиң.
Азуу менен тишиңден
Чалып калган экенсиң.
Каруун кетип шылкылдап
Карып калган экенсиң.
Азабы көп тозокко,
Барып калган экенсиң.
Жаратканды унутуп,
Жаныңдагы Майкөттү
Мазар кылып, пир тутуп
Жарып калган экенсиң!..
Таманы болсоң жоргонун,
Какыратып таш басар.
Туягың кетип түгөнүп,

Таманыңды какшатар.
Темтеңдеп баспай жүгүнүп
Теминсе көзүң жаш басар!..
Күлүгү болсоң жылкынын
Күнүгө тойго минбейби?
Күкүк болсоң ырчынын
Күүлөнсө кыргый тийбейби?
Күкүк болом деп жүрүп,
Көптөн алдап, жеп жүрүп,
Күнөөгө башың кирбейби?
Булкунтуп тойго минбейби?
Бууданы болсоң жылкынын
Булбулу болсоң ырчынын
Бурулуп кыргый илбейби?
Булбулу болом дегениң
Мындан-андан жегениң
Бузуктукка кирбейби?..
Торусу болсоң жылкынын
Токтоктоп тойго минбейби?
Торгою болсоң ырчынын
Тоо турумтай илбейби?
Торгою болом деп жүрүп,
Топтон алдап жеп жүрүп,
Тозокко башың кирбейби?..
Асылы болсоң жылкынын
Алкынтып тойго минбейби?
Акыны болсоң ырчынын,
Алжыган сөздү сүйлөйбү?
Акыны болом деп жүрүп,
Андан-мындан жеп жүрүп
Азапка башың кирбейби?
Жаак чачың алдырбай
Жүндүү болгон экенсиң.
Жаратканың унутуп,
Жинди болгон экенсиң.
Жабдык салып шайтанга
Минги болгон экенсиң.
**Жаннат** турса, тозокко
Кирги болгон экенсиң.
Желке чачың алдырбай
Жүндүү болгон экенсиң.
Жыйылган топко каркылдап

Үндүү болгон экенсиң.
Жетелеп Майкөт жүргүдөй
Миңги болгон экенсиң.
Баарынан безип, жатыркап
Пир болду Майкөт казагың!
Билбесең айтып билдирем
Ким экенин мазарың.
Анык, Майкөт пир болсоң
Ашкан кыйын эр болсоң,
Ушул жашка чыкканы
Канча киши жасадың?!..
Баатырсынып, Эсеке,
Байлыгыңа мактанба.
Бүт баарынан безипсиң,
Бир Майкөттү тапканга.
Карaанын көрбөй калкыңдын,
Каларсың түшүп капканга.
Ай кыярып баркырап
Баткан жайы кайда экен?
Ата-бабаң чогулуп
Жаткан жайы кайда экен?
Азезилди таш менен
Аткан жайы кайда экен?
Күн кыярып баркырап
Баткан жайы кайда экен?
Күлдү пенде жыйылып
Жаткан жайы кайда экен?
Күнөөлүүнү таш менен
Аткан жайы кайда экен?
Таңкы сары жылдыздын
Баткан жайы кайда экен?
Топ олуя биригип
Жаткан жайы кайда экен?
Учсуз-түпсүз ааламга,
Үлөштүрүп адамга
Ырыс менен насипти
Чачкан жайы кайда экен?
Айтчы, бейиш эшигин
Ачкан жайы кайда экен?
Олуялар байыстап
Турган жери кайда экен?
Азезилди таш менен

Урган жери кайда экен?
Мээрим тонун жамынган,
Эрте туруп камынган,
Кол куушуруп калкынын
Кадырына багынган,
Көзү көргөн чындыкты
Көңүлүнө толтурган,
Акыл сөзүн үйрөткөн,
Ак туйгундай түлөткөн
Ажымат атам – ошо бар,
Арманда болбой, кошо бар!
Карыганда келиптир
Көп калжыраар кезегиң,
Билбей жүргөн экенсиң
Пирдин кандай экенин.
Айтып берсин толуктап
Арсыз Майкөт эшениң!
Кесирленип унуттуң
Келе сөздүн кезегин.
Жети атамды бүт билем
Жерим Талас экенин.
Аксыга жүр мен менен
Айыкканча кеселиң!
Талашы жок эч кимдин,
Талас тууган – Мекеним!
Болбосун десең маскара,
Уруксат бер Ташкара,
Соолугуп келгин дартыңдан,
Сооп үчүн ала кетемин!
Токтотоюн сөзүмдү,
Көпчүлүк көңүл бөлгүлө.
Кимдин сөзү жүйөлүү
Калыстар сынай бергиле!

Жеңижок ырдап бүтүп, терин сүртүнүп, оңдонуп отурат. Жүз баштуу үйдүн ичи толгон эл туурдуктарын каңтарып, туштан тыңшап жүрүшкөндөр андан көп. Жеңижоктун ырдаганына калың эл таң калат. Майкөт адегенде элге карап: «Бали, балам, Жеңижок, жумыры басты, кызыл тилди адамда сенден аскан акын болмас, рахмет!» – дейт да, анан Эсенаманга кайрылып: «Аулемин», «мазарыңмын», «пириңмин» деп мен сага качан айтып эдим! Өзиң көтерип уруп жыгып, төрт аягыма

буып бердиң. Балаң бауздамастан тирилей теримди тескери сыйрып салды. Энди айтар не сөз калды. Ырахмет, балам Жеңижок, мен айтыспай ак жыгылдым», – дейт.

**сарт, кытай** – кыргыз уруулары
**казанат** – жылкынын сыны, күлүк, келишкен ат
**тогонек** – ордун толтура албаса да, айла жоктон алмаштыруу
**шай** – ар тараптан келишкен, орду-орду менен
**жаннат** – бейиш

*Адабият теориясынан*

## АЙТЫШ ТУУРАЛУУ ТҮШҮНҮК

Айтыштар, адатта ырчынын жетилген кезиндеги чыгармачылыгына мүнөздүү, анткени анда күчтүү талант гана болбостон, айтышып жаткан адамдын психологиясын, анын оң-терс сапаттарын, айтыштын эмне жөнүндө болуп жатканын жакшы билүү керек. Айтыш – эки акындын эрөөлү, мелдеши, сөз менен бири-бирин колдошу, кордошу, улап кетиши, табышмагын жандырышы, т. а., иши кылып жагдайга, алдыларына койгон максатына жараша ыр өнөрүндөгү жарышуулары. Салт боюнча акындар бири-бири менен жолугушканда айтышып учурашкан.

Жогорудагы айтыш, албетте, кийин жазылган, алгачкы айтыш учурундагы вариант толук сакталган деп айтуу, албетте, кыйын. Анан калса бир топ варианты жазылып жүрөт. Улуулук кылып Эсенаман ырчы кезекти биринчи алат, Жеңижокту кордойт, анын тагдырынын эң талылуу жерине тиет, өзүн өйдө коюп, казак ырчысы Майкөттү пирге теңейт, чынында чеберчилиги жагынан Эсенаман да мыкты ырдайт. Ошондо Жеңижок бийиктен туруп жооп берүүгө өтөт, көккө чыгат, Айга, Күнгө, жылдызга чыгат, он сегиз миң ааламды тегеренет, мына ошол чексиз ааламда Майкөт, Эсенаман ким экенин ачып бергиси келет, өз тагдырын айтат, акырында табышмак-суроолорду жаадырып таштайт. «Ал мейли аккан сууну ырдайбы, мейли жалгыз талдын арманын айтабы, мейли санаттап, терме курайбы, мейли кызыл тилин сабап, бирөө менен айтышабы – кай учурда болбосун, өзү жетип алган ой бийигинен паска түшүп кетпейт» (Ч. Айтматов). Ошон үчүн ал жеңип чыгат.

1. Жеңижоктун өмүрү жана чыгармачылык жолу.
2. Эсенаман жана ал жашаган мезгил.
3. Айтыш деген эмне?
4. Жеңижок менен Эсенаман кандай шартта, кимдердин көзүнчө айтышат?
5. Майкөт акын ким болгон? Кандайча ал Эсенаман ырдаганда анын туура эмес кеткенин сезип калды?

1. Эсенаман эмне үчүн Жеңижокту «өз элиңе көчүп кел?», «чоюлган журтка кайтып кел!» деп ырдайт? Өзүн эмнелерге салыштырат? Жеңижоктучу? Эсенаман айтыштагы атаандашын жеңүү үчүн кандай ыкмаларды колдонду? Майкөт акын Эсенаман тарабынан кандайча бааланат?
2. Жеңижоктун аалам, адам жөнүндөгү ойлору.
3. Бул сөздөрдүн маанисин чечмелегиле жана жаттагыла:

«Он сегиз миң ааламды
Бир жараткан эмеспи»
«Бардык жанга насипти
Бир жараткан эмеспи»
«Асман жердин арасын
Кең жараткан эмеспи
Адамзаттын баарысын
Тең жараткан эмеспи» ж. б.

4. Жеңижок өзүнүн жери, тагдыры, уруусу жөнүндө эмнелерди айтып берди, ушул айтыштан акындын тагдыры кандай көрүнөт?
5. Аксы жана Жеңижок.
6. Эсенаман жана Жеңижок: экөөнүн тагдыры-таржымалы, адамгерчилик сапаттары.
7. Эсенамандын мактанганына Жеңижоктун жообу (мисалдар менен).
8. Айтыштагы накыл сөздөрдү көчүрүп жазгыла?
9. Бириң Эсенаман, экинчиң Жеңижок болуп айтыштан үзүндү аткаргыла?
10. Белгилүү ырчылардын аткаруусундагы ушул айтышты уккула жана силер да ошол ырчылардай обон менен ырдашкыла?

# КАЛЫК АКИЕВ

## (1883–1953)

Салтанат жыргал доор үчүн,
Солдаттай даяр турчу эле.
Жылдыздуу камкор атадай,
Жаштарга көңүл бурчу эле.
Жайыңды айтсаң жашырбай,
Жаны менен туйчу эле.

*О. Бөлөбалаев*

Калык чыгып ортого,
Калкылдап ырдап жатканда,
От күйгөндөй жаагынан.
Омоктуу ырчы экенин
Ошондо көрүп таанығам.

*Ы. Борончиев*



Калык Акы уулу кыргыз журтчулугуна чебер комузчу, көөдөнүнөн ыр төгүлгөн көркөм сөздүн белгилүү устасы, Токтогул баш болгон көрүнүктүү ырчылардын чыгармаларын, элдик мурастарды көкүрөккө сактап, кийин аларды кагаз бетинде калтырып жаздырууда барандуу салым кошкон залкар талант катары таанымал.

Анын киндик кан тамган жери – Жумгалдын этек жагындагы Кара-Ой айылы, туулган мезгили – 1883-жылдын жай айлары. Жаш кезинен манаптардын зомбулугунан жер оодарып, Кетмен-Төбөгө кетет. 1897-жылы биринчи жолу Токтогулга жолугат, 1910-жылдан кийин улуу акын менен бирге көпкө эл аралап жүрүп, ырчы катары эл-журтка кеңири таанылат.

1926-жылы адегенде драма театрына, кийин 1936-жылы филармонияга артист болуп орношот. Ошол жылдан тартып анын китептери жарык көрө баштайт, эл кыдырып эчен-эчен айылдарда болуп, не бир мукам ыр-күү менен элдин рухун көтөрүп, калкка кызмат кылат.

1953-жылы ноябрь айында К. Акиев каза болот. Бирок анын артында бай адабий мурас калды. Ал көөнөрбөс көркөм дүйнөлөр белгилүү төкмө акындын өмүр жолун толуктап турат.

## БАСКАН ЖОЛ

(Кара сөз)

К. Акиевдин чыгармачылыгында бул мемуардык повесть маанилүү орунду ээлейт. Акындын «Баскан жол» аттуу повестинин нарк-насилин жакшы билүү үчүн мемуардык чыгарма деген жөнүндө түшүнүгүбүз болууга тийиш.

*Адабият теориясынан*

## МЕМУАРДЫК ЧЫГАРМА ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Мемуар – француз сөзү, кыргызча *«эскерүү»* деген маанини билдирет. Бир кезекте болуп өткөн окуяны кийин-соң эстеп, аны кайра калыбына келтирип, автор негизинен өз башынан өткөргөн, аралашып жүргөн реалдуу турмуштук окуяларды сүрөттөп жазууга да туура келет. Мындай чыгармаларда баяндоочу каарман (автор) окуя-баяндардын чордонунда турат да, болуп өткөн окуяларга баа берип, бүтүм чыгарат. Кыргыз адабиятында мемуардык чыгармалар өмүр баяндык (М. Элебаев «Узак жол»), эскерүү (К. Акиев «Баскан жол»), күндөлүк, кат, адабий портрет ж. б. формаларда кезигет.

«Баскан жол» чыгармасынын жаралыш тарыхы туурасындагы автор өзү: «бул өмүр баяным башыбыздан кандай күндөр өткөнүнөн, эмне турмуштарды көргөндүгүбүздөн, толгон окуялардын күбөсү болгондугубуздан кыскача гана түшүнүк берип, 1927–28-жылдардан баштап кагаз бетине түшүрүлдү», – деп эскерет. Чыгарма 1951-жылы жазылып бүтөт. Демек, бул чыгармасын акын чейрек кылым убакыт бою жадабай иштеп, изденип, анан соңуна чыгарган.

Төмөндө ошол чыгармадан эки чакан үзүндү окуйбуз.

## ЭШМАМБЕТ ЫРЧЫ МЕНЕН БЕТТЕШҮҮ

Токтогул менен бирге жүрүп, жалтанбай топко кирип, Эшмамбет менен ээрчишип ырдап, Жаңыбайга жанашып, Курман ырчыны кууп ырдап, Жолой ырчы жолобой, жолумду киши торобой, оңой эмесмин деп жүргөн кезим.

Байгазы болуштун тарабындагы бир чоң байдын ашы болду. Ошол ашка бардык. Мен анда Караталдын ырчысымын. Каратал менен Байгазы экөө эки тарап. Эшмамбет Байгазынын ырчысы.

Байгазы Эшмамбетке:

– Сен, Акы устанын уулун сенин атаң жыгаччы деп кордогун, – деп көкүтөт.

– Болуш, мен сакалдуу башым менен жаш балага тийишсем уят ко? Же жаш жагынан өзүмө катар ырчы болсо болот эле, – дептир Эшмамбет.

– Ой, Эшмамбет, сен Акы устанын уулун ырдаганың Караталга тиет. Караталдын чоң атасы жыгаччы Самтыр эмеспи? Караталды сөзгө сындыралык, эмне кызык чыгар экен?..

Эшмамбет жар чакырып ырдап келе жатат. Атымдан түшүп, дөбөдө көпчүлүктүн түрүн карап отурат элем, мени карай Эшмамбет коё берди:

Акын ырчы жар айтат,
Алдыңарга баратат.
Ала көөдөн балдардан
Аксакалдар даана айтат.
Ырасын айтып бербесе
Ыр түйүнү чечилбейт.
Саяпкер терге камынат,
Сай күлүк эртең чабылат.
Аты чыккан адамга,
Далай олжо табылат.
Бүгүн, эртең ырчылар,
Ырдап калбай не кылат.
Ар бир күлүк аттарга,
Бирден бала ээ кылат.
Акы устанын Калыгы,
Чарчагандай калыбы.
Аттанып ашка ырдабай,
Эминеге талыды?
Унчукпайсың эмгиче
Уурдаттыңбы малыңы?
Топко кирсең жанашып,
Токтонбогон бала элең,
Толкундаса ээ бербес
Токтогулдай бар элең.
Топ жыйында ырдасаң.
Торгойдун тилин талашып,
Туруп калган экенсиң,
Токтогулдан адашып?
Жамгырдай төгүп ырдасаң,
Жаңылбаган бала элең.

Жаактууга жаа бербес,
Жаңыбайча бар элең!
Жашында чыктык атыгып,
Жакшыларга жанашып.
Жатак болуп алыпсың.
Жаңыбайдан адашып.
Чымыры элең чыйрактын,
Чыңк ылдыйда ат чаптың.
Эби жокко Калыгым,
Эриккенсип не жаттың.
Атаң уста Акы эле,
Акжыгачты кемирген,
Андан карды тоюнбай,
Жүргүзгөнү тегирмен.
Ач курсактын уулу элең.
Качан көөнүң семирген.
Аттанып ырдап оокат тап,
Ашка келген элиңден?
Сенин атаң Акы уста,
Асылган көңдөй терекке.
Алкак салып арчадан,
Түп кынаган челекке.
Ак кайыштай чоюлтуп
**Карыскан** ийген элекке.
Оокатыңа ошолор
Жарайт бекен керекке?
Как жыгачтын боорунда
Кантип болот береке?
Карагай турат сагынып.
Башың зорго бошонду,
Караталды жамынып,
Кошоматка ырдайсың,
Комузуң менен жагынып.

Жер дүңгүрөгөн күлкү менен эл курчады. Каратал байкаган жок белем, Мама деген агасы Эшмамбет сөздү Караталдын чоң атасы Самтырга келтирип атканын биле койду.

– Ой, сен жатасыңбы мурдуңду муштумдай кылып? Эшмамбеттин тентип-тербип катын-баласын таштап, карызынан качып жүргөнүн, азыр бойдок жүргөнүн, айта албайсыңбы? – деп мени бет алып намыстантты.

Ырдын, адамдын аяк-башын анчалык таанымбаган курч кезим. Анын үстүнө Токтогулга тийишкенсип, кандайдыр

көкүрөгүн көтөрүп мени, атамды кордоп ырдаганы жинимди кайнатат. «Менин Эшмамбетти ырдаганым – аны көкүткөн Байгазы кутургурду ырдаганым, Байгазы ызалансын», – деп опурула толгонуп, Эшмамбетке карай сөз жөнөттүм:

Жар чакырат деп турсам,
Эшмамбет жабышканы келипсиң.
Жатакчынын итиндей,
Кабышканы келипсиң.
Жамандык менен Эшмамбет,
Таанышканы келипсиң.
Чарчаганча тил менен
Чабышканы келипсиң!
Акынын уулу Калыкты
Сүрөмүн деп келипсиң.
Айдоого чачкан таруусуң,
Адашкан кандай саруусуң.
Барбандабай Эшмамбет,
Баланын байка каруусун!
Канаттуулар байралса,
Кекилик учпайт жеринен.
Кезиккенди күйгүзүп,
Сендей кесепет качат элинен!
Көпчүлүктүн көзүнчө,
Кекеткениң эминең?
Уя салып жылуулап,
Уларлар учпайт жеринен.
Уктатпай тынчтык кетирген,
Уурулар качат элинен.
Уруулуу элдин ичинде,
Эшмамбет урушканың эминең?
Үстүнөн шумкар учпаса,
Өрдөктөр учпайт көлүнөн.
Өз айлына батпаган,
Өлөрман качат элинен.
Калың элдин ичинде,
Эшмамбет какмалаган эминең?
Таласта өстүң туулуп,
Калкыңдан качтың куулуп.
Минтип тирүү жүргөнгө,
Өлбөйсүңбү муунуп.

Байгазы менен Байтиктин,
Коногуна чай ташып,
Катуу келдиң Эшмамбет,
Бүгүн Калык менен байкашып.
Аш-той десе жатпайсың,
Аралап кимди мактайсың?
Калжаңдабай куруп кал,
Катын, балаң бакпайсың.
Эрте бышкан ашты уулап,
Эптеп жанды сактайсың.
Минтип жүрсөң Эшмамбет,
Эч береке таппайсың.
Казаның жок бойдоксуң.
Кара жанды калкалап,
Кайда барсаң ойнопсуң.
Калыкты бүгүн жеңем деп,
Качантан бери ойлопсуң.
Жамак ырга калганда,
Жан чыккандай билесиң.
Жаш балдарды ырдасаң,
Жагалмайдай тиесиң.
Жаныңа ырчы жолотпой,
Жалгыздыкты сүйөсүң.
Конок аш ичкен жериңе,
Коно жатып ырдайсың.
Кесме кылып бергенге,
Керээли кечке ырдайсың.
Эт же деген жер болсо,
Эки күнү ырдайсың.
Эрмек болуп бер десе.
Эбирейсиң, тынбайсың.
Сенин атаң Эшмамбет,
Алманын данын сепкенби?
Акы кыйган жыгачты,
Атаң айдап эккенби?
Анысын таштап Эшмамбет,
Алайга тентип кеткенби?

«Байы чоңдун кулу чоң» дегендей, Эшмамбет ызаланып мени сөгүп, камчы күүлөп качырды. Мен дагы качырдым. Курчап турган көпчүлүк экөөбүздү камчы чабыштырбай ажыратышып кетишти.

Каратал өзүнүн тарабындагы элдердин башчыларын чакыртып:

– Бу Байгазы ашына чакырып алып көрсөткөн эмне кордугу? Эр болсо ашын берип, атын чаап көрсүнчү? Бирөөнүн жыгач усталыгы менен эмне иши бар? Ырчысына кордотот! Биздин тарап аттангыла, кетебиз! – деп жапырт аттанып жөнөштү. Башка болуштардан келген калыс кишилер арага түшүп, Караталга Байгазыдан ат тарттырып, жараштырып кайта ашка алып келишти.

**карыскан** – ийип жасалган тегерек, курчоо

1. Үзүндүдөгү жорго сөз менен жазылгандарды кунт коюп окуп чыккыла.
2. Бириң – Эшмамбет, экинчиң – Калык болуп сабак-айтыш өткөргүлө.
3. Эшмамбетти мүнөздөгүлө. Артисттердин аткаруусунда эки акындын айтышын угуп, алардын чеберчилиги жөнүндө сүйлөп бергиле. Ырчылык чеберчилик деген эмне? Бул айтыштан Калыктын ырчылык чеберчилигинин кандай касиеттерин байкадыңар?
4. Бийлик үчүн күрөш чыгармада кандайча берилген? «Таланттуу акын жана бай-болуш», «Таптык коомдогу акындын тагдыры» деген темаларда чакан аңгеме жазгыла.

## АЙДАРААЛЫ ЖӨРГӨЛӨК

1919-жылдын күз айларында Токтогул районунан бир кат келди. Окутуп көрсөм кайнагам Сары Устадан экен. Катта иниси Байзаке дүйнөдөн кайтканы жазылыптыр. Сары Устанын каты боюнча Ырысжанга агасынын өлгөнүн угузуп, кыргыздын ырасмы менен алып барып, бата кылып кайтышка туура келди.

Өлгөнгө бата-дуба окуткандан кийин өзүмө туугандашып калган элди көрүп, Токтогулга кошулуп, ар кай жерде ырдап жүрөмүн.

Ошол убакта кетмен-төбөлүк эл кеңеш өкмөтүнө али жапырт баш ийе элек кези экен. Манаптардан кедей-дыйкандар ажырап чыга алышпай дагы эле көздөрүн карашат. Кетмен-Төбөлүктөрдү бийлеген дагы эле Керимбай деген чоң манап. Андан өтүнө алышпай, иш алигиче Керимбай менен бүтөт экен.

**Волревком** Аширов Муратаалы эзилген кедейдин баласы болсо да, Керимбайды эңкейте албай, кедей-дыйкандар али толук күчүнө кире албай, бир жагынан басмачылар шаштырып, бир жагынан манаптар элди бузуп, жыра тартып турушкан экен.

Калык келе койсун деп Токтогул кишиден айтып ийиптир. Бардым.

– Таласка барып бир кумардан кана ырдап келелик. Камынып келгин, – деди Током.

Камданып алып жүрүп кеттик.

Током экөөбүз бир тойдо алым-сабакташып ырдап жүрсөк, бир жерде көпчүлүк элдин жер дүңгүрөткөн күлкүсү кулактын тынчын алды.

– Токо, жүрүңүз, ошо күлкүгө баралы?

– Шашкалаңдаган жубарымбек, таластыктар күлүп атат деп чапкылап жүрөмбү? Барсаң өзүң бара бергин!

Током барбады. Өзүмчө бардым. Бетегелүү түзөңдө, тескейдин түбүндө, калың элдин орто ченинде, жал-куйругун кырккан күрөң бээ минген, чарчы бойлуу, өңү дандырдай кызыл, тегерек көк ала сакал киши, оң жаккы бутун аттын жалына арта салып, төбөсүнө кондурган топусун кыймылдатып, комузга колун ойноктотуп черте баштады.

– Бу ким деген киши?

– Айдараалы Жөргөлөк деген киши ушу, – дешти.

– Ырчылыгы барбы?

– Жок, күлдүргүч – куу киши.

«Айдакеңдин Көйрөң куу» деп, Айдараалы кууланып комузун чертип аткан кези:

«Күлдүр, күлдүр, күлдүр, күлдүр,
Анан кийин, анан кийин, анан кийин.
Оошол, оошол, оошол, оошол.
Тейриң-тейриң, мейлиң-мейлиң.
Минтип келем, минтип келем, минтим келем.
Айдакеңдин көйрөң куу,
**Битибоор**, Маскөөдөн
**Олуята**, Ташкенден,
Алып келген Көйрөң куу.
Алты капка жаймалап
Салып келген Көйрөң куу.
Алты төө, бир атка,
Артып келген Көйрөң куу.
Аркан менен бекитип
Тартып келген көйрөң куу.
Ар кайсы элге ушинтип
Айтып келген Көйрөң куу.
Мына, мына, мындай
Мына, мына, мындай».

Топусун чокусуна жөрмөлөтүп, комузуна колун ойноктотуп, каткырып күлүп, элдин боорун эзип коюп, өзү кайра томсоро калат.

Бул өнөрүнө маашыр болуп, менин да боорум катты.

– Эми Айдакең ырдап койсун а-аа, – деп ырдаганы:

Коён жылы кышында,
Жутап калдык ошондо.
Малдын көбү түгөндү
Капка салдык от таппай,
Ээр токум, жүгөндү.
Он жылкылуу оюлду,
Мууздап калып кышында
Жаздын күнү союлду.
Кайран малдын тарпына
Карга, кузгун тоюнду.
Кырк жылкылуу кыйрады,
Кыз-келиндер какшыган
Көнөктү көрүп ыйлады.
Коён жылы жут болуп
Уйлар өлүп, кой калды,
Оо, күрөң бука бой калды.
Сары жүрмө, карын сал,
Сасып кетет баарын сал...
Ай, хай, хай, хай...

«Ушу кишиге бир тийишип көрөйүн. Эмне сөз чыгар экен», – деп Айдараалыга карай ырдап турган ырым:

Эгин эгип, нан жеген,
Жериң кайда, Айдаке?
Атадан туулуп эрке өскөн,
Элиң кайда, Айдаке?

**Айдараалы:**
Кой сүлөөсүн Бакайыр,
Жерибизден келебиз.
Жергелүү кытай калың сол.
Элибизден келебиз.
Сендей-сендей ырчыны,
Койгулатып отуруп,
Комуз менен жеңебиз!

**Мен:**
Суусамырдын сазындай,
Былкылдаган сен кимсиң?
Жинди болгон эмедей,
Шылкылдаган сен кимсиң?
Айылчылап күнүгө,
Бир тынбаган сен кимсиң?
Атырылып ырдап көр,
Сенин акындыгың эл билсин!

**Айдараалы:**
Аксы менен Таласка
Айдараалы мен атым.
Бой тирешкен ырчыга,
Болжолу жок санатым.
Жеңижокту баш кылып,
Жер жүзүндө ырчыны,
Жеңип жүргөн адатым.

**Мен:**
Ашта-тойдо кууланып,
Култулдаган сен кимсиң?
Анык жинди болгондой,
Жулкулдаган сен кимсиң?
Атчан жүрсөң, жөө жүрсөң,
Бир тынбаган сен кимсиң?

**Айдараалы:**
Менин атым сурасаң,
Айдараалы Жөргөлөк.
Ар жыйынды көргөндө,
Айтар сөзү бир бөлөк.
Келин-кыздуу үйлөргө,
Керегенин түбүнөн,
Кирип кетем жөргөлөп.

Айдараалынын өнөрү жалаң күлкү менен аткарылат экен. Мен Айдараалынын сөзүнө жараша куушуп ырдасам болор эмес. Ал оңбогондой кууланып, оңко-чоңко болуп, мени көпчүлүк элдин күлкүсүнө капталтып коюп, тамаша чыгара бермекчи болду. «Жамгырдай төгүп, таалайдан көрүп, ырдап көрөйүн, эмне чыгар экен», – деп, аттын башын чыкчыйта тартып чубуртмадан ырдадым:

Токтогул менен бир келдим,
Кетмен-Төбө жеримден.
Ашып түштүм Таласка,
Аскалуу Беш-Таш белиңден.
Азамат киши экенсиң,
Айт дедирбей теминген.
**Алгылыгын** таппадым,
Жана айтып өткөн кебиңден.
Безеленип ырдап көр,
Беттешким келди сага мен.
Ат үстүндө Айдаке,
Алкынасың койбойсуң.
Акбаш жору баштанып,
Талпынасың койбойсуң.
Ашка-тойго жолотпой,
Айдаймын деп ойлойсуң.
Бука моюн букчугуй,
Булкулдайсың койбойсуң.
Кур каткырык, куу күлкү,
Кубалашып ойнойсуң.
Колуңдан келсе Таластан,
Кууп ийсем деп ойлойсуң.
Ашмара-Мерки, Таласты,
Аралап ырдап тойбойсуң.
Уңгулуу сөздөн бирөө жок,
Уяттын баарын айтасың.
Ушу турган көпчүлүк,
Ырчылыкты байкасын.
Мени менен айтышсаң,
Мерт болосуң кайтасың.
Жаакташкан кишиге
Жалынса да болбоймун.
Колунан чыктым озунуп,
Токтогул акын торгойдун.
Анык болсоң Жөргөлөк,
Аттан түшкүн жөрмөлөп
Акын болсоң Айдаке,
Ар санаттан термелеп,
Тартынабы сермештен,
Табына келген ылаачын.
Качырганда асмандан,

Кандай керет кулачын.
Куру каткырык кууланып,
Кыргыз эл үчүн кубанчың.
Калык менен кармашар,
Айдакем, каруусу болсо чыдасын!
Тегеректеп турган эл
Тебишкенди сынасын.
Алды менен качырып,
Айдаке, асылгансып турасың?
Акын Калык беттеди,
Айдаке, айланды кандай кыласың?

Айдараалыны беттеп, акындык менен эптеп, элди таңдандырып, айтышар жолун чектеп, ырдай турган ырымды ырдап бүтүп тура калдым. Мени көрө элек элдер жаңы ырчыга, жаңы сөзгө таңданышкан бойдон тизилишип турушту, татты сөздөн талыкшыбай угушту.

Айдараалы каткырып күлүп, кайра томсоро калып, элге билгизбей жолго салды.

– Атаңдын көрү,
Мунуңар Калык эмес эле
Кара тажаал турбайбы?
Ыры азыраак кишини
Ушунча каптап ырдайбы?
**Кушчу, саруу** элимден
Көргөнүм жок мындайды,
Тамаша кылат деп турсам,
Тартынбастан чындайбы?
Ыр – сенде, күлкү – менде,
Тыңшап туруп, бекер угуп кубаныш элде.
Бу жыйындан чыгайын,
Аягым менен жылайын.
Элди аралап бастырып,
Эптеп оокат кылайын,–

деп, кадыресе каткырып күлүп, эки ууртун сорунуп, эрдин чормойтуп, көпчүлүк элдерди күлдүрүп, Айдараалы жөнөп кетти...

**Волревком** – волосттук текшерүү комитети
**Битибоор** – Петербург

**Олуята** – азыркы Тараз шаарынын эски аты
**алгы** – алымдуу, түзүгүрөөк
**кушчу, саруу** – кыргыз элинин уруулары

1. М. Үмөталиевдин аткаруусундагы Айдараалынын чыгармаларын уккула. Анын сырткы кебетесин сүрөттөп айтып бере аласыңарбы? Айдараалы Жөргөлөктүн ыкмасына салып, анын ырын аткаргыла. Класста Айдараалы менен Калык болуп, айтыш уюштургула.
2. Айдараалы менен Калыктын ырларын талдап, алардын чыгармачылык чеберчиликтери жөнүндө өз пикириңерди айткыла.
3. К. Акиев эмне үчүн көп жылдар бою мемуар жазып жүрдү? Анын баалуулугу эмнеде?

## КОРГОЛ ДОСУ УУЛУ

**(1882–1962)**



Коргол төкмө жана комузчу, куудул катары калк арасында кеңири белгилүү. Ал азыркы Токтогул районунун Токтобек-Сай деген жеринде туулган. Жашынан жетимдик башына түшөт, айтуудан атасы дыйканчылык, мергенчилик кылган, кол өнөрчүлүгү менен алектенген, комуз чертип уулуна да үйрөткөн, бирок өмүрү кыска экен.

Коргол ошентип «байлардын колуна», «койлордун соңуна» түшөт, сегизинде комузду колго алат, тогузунда аван, күүлөрдү үйрөнөт, анан жоро-бозодо ырдап чыгат, он беш-он алтысында атактуу комузчу Ныязаалы менен кездешип, андан күүлөрүн үйрөнөт, шакирт болот. Жериндеги «мыктылар» тикенек тилдүү ырчыны козгой баштайт, ошондо ал Аксыга – Ныязаалыга кетет, бир чоң тойдо эл көзүнчө ачылып ырдап журт көзүнө чалдыгат.

20 жашар кезинде Токтогул Сибирь жеринен келатканда анын Топчубай уулун угузуу ушул Корголго туш келет, ал өзүнчө эл ишеними эле. Ошондон кийин Токтогул экөөнүн жолу биригет, ат жалын бирге тартып, ыр дүйнөсүндө чогуу болушат.

Анын өмүрү бүтүндөй айылда – Кетмен-Төбө, Аксы жерлерин кыдырып, эл аралоо менен өттү.

### ТОКТОГУЛДУН БАЛАСЫНЫН ӨЛГӨНҮН УГУЗГАНДА

**Коргол:**

Айталы сизге саламды,
Эшендер кылган жаңжалды,
Ак жеринен кармалып,
Айдоого кетти дечү эле,
Булбул үндүү, куш тилдүү.
Айнегим, Током, аманбы?

Түрмөдө турдуң зар болуп,
Сар оору кесел дал болуп,
Кайрылып элге келгенче,
Кайран жан кайгы, кор болуп,
Жаласы күчтүү замана,
Жабыркатты адамды,
Сен алыстан келгенче,
Амандашып көргөнчө,
Ноктолуу башка бир өлүм,
Токо,
Аткардык жалгыз балаңды...
Калпалар кылган жаңжалды,
Караланып кармалып,
Калкынан кетти дечү эле,
Калганың кайгы жечү эле,
Кара жаак, кайчы тил.
Канатым, Током, аманбы?
Калайлуу туур башынан
Кайгылуу өлүм касынан
Токо,
Качырдык жалгыз балаңды?
Токо, араладың гүл менен,
Адамга жактың тил менен,
Сен алыскы соттон келгиче,
Өзүңдөн ашык болду эле,
Аркаңда жалгыз Топчубай
Аткардык жалган дүйнөдөн!..
Пендени пенде билбеген,
Белгилүү жүрөк зилдеген.
Бербейт экен кара жер,
Перзентиң жалгыз Топчубай
**Бегене** болгон дүйнөдөн.
Учук өтпөс ийнеден,
Уулуң жалгыз Топчубай,
Убайым болбо, кейибе,
Учурдук жалган дүйнөдөн.
Жибек өтпөс ийнеден,
Жибердик жалган дүйнөдөн...
Түздөгү коңур салкынча,
Жаркыра күмүш, алтынча,
Муунуңду бошотуп.

Жалпы агайын эл турса,
Жашыба жаман адамча.
Буурулду минип тердеткен,
Буулумду кийип кирдеткен,
Муңайба жашык адамча
Булбулуң жалгыз Топчубай
Мусапыр сапар жол кеткен.
Күлгүндү кийип кирдеткен,
Күлүктү минип тердеткен,
Күкүгүң жалгыз Топчубай
Күн тийбес сапар жол чеккен.
Карадан жорго тердеткен,
**Кара киш** кийип кирдеткен,
Кайрылар күнү барбы деп,
Калың элин дегдеткен,
Кайгырба калың эл турса,
Канатың жалгыз Топчубай
Караңгы сапар жол кеткен...

**бегене** – жат, тааныш-билиш эмес
**кара киш** – кымбат баалуу аң-терилерден тигилген кийим

1. Коргол Досу уулунун чыгармачылыгына жалпы мүнөздөмө.
2. Токтогул менен кандай шартта, эмне максатта жолугушту?
3. Кыргыз салты жана өлүм кабарын угузуу.
4. Корголдун сөз тапкычтыгы.

1. Токтогул Корголдун баасында.
2. «Өлүм» деген сөздү айта албай кандай ыр саптары менен бергенин түшүндүргүлө.
3. Айтыш кезиндеги акындардын психологиялык ал-абалы.
4. Сөз издөө жана сөз табуу чеберчиликтери.

# ОСМОНКУЛ БӨЛӨБАЛА УУЛУ

## (1888–1967)

Күнү-түнү ырдаса,
Күүсүнө келчү бөксөрбөй
Кызыганда сөздөрү
Кыян жүрүп өткөндөй.
Айтканың таасын курч эле
Ак болоттой таарылган,
Акындыгың башкача,
Ак таңдайын жаныган.
Эңсеп уксак экен деп
Эл кетчү эмес жаныңан.

*Т. Шабданбаев*



Осмонкул Бөлөбалаев кыргыз журтчулугуна ак таңдай төкмө акын катары белгилүү. Анын ыр-күүсүн угуп, концерттерин көрүп калган адамдар ар бир айылда азыр да четтен табылат. Акындын коңур үнү, нөшөр болуп төгүлгөн ыры элге кеңири таралган. Өзүнүн көзү тирүүсүндө тартылып калынган кинотасманы, балким телевизордон өзүңөр көрүп да жүрөсүңөр. Аны көргөндө аппак сакал, тегерек бет, буудай ырац, толмоч кишинин элеси көз алдыбызга тартылат. Колунда чыныгып бүткөн комуз. Бал тамган тилинен элибиздин кечээгиси, бүгүнкүсү, эртеңи ыр болуп төгүлүп тургансыйт.

Айтылуу акын 1888-жылы Чүйдөгү Канттын Чоң-Далы айылында туулган. Атасы сөзгө уста адам болуп, улама, жомок, санжыра, аңыз кептерди куюлуштуруп айта билген адам экен. Энеси да казак өлөңдөрүн адам тамшанаарлык чебер аткарган ыр жандуу казак кызы эле.

Анын үй-бүлөсү оокаттуу, бардар адамдар болгон. Атасынын агасы Сүйүнбай Меккеге барып ажы атанган, чоң уруунун манабы. Бирок, өз уруусунан ырчы чыгууну каалабайт. Ошондуктан Осмонкулдун айыл ичинде ырдап жүргөнүн угуп: «Менин тукумуман дубана чыкпайт. Эгер дубана чыга турган болсо, же ал дубана өлөт, же мен өлөм», – деп катуу ачууланат.

1918-жылы Осмонкул Калыкка жолугат. Калык аркылуу Токтогулдан таалим-тарбия, таасир алат. Ошол жылдары бир нече жыйындарда, курултайларда, салтанаттарда акын элди, жерди, Совет бийлигин ырга салат, өткөн күндөрдүн ачуу тагын ыр менен эскерет.

1931-жылы кыргыз театрына артист болуп кирип, кийин 1936-жылы филармонияга өтөт. Бул жерде Муратаалы, Карамолдо, Калык, Шаршен, Адамкалый ж. б. белгилүү өнөрпоздор менен чогуу иштешип, ырларынын тематикасы арбып, көркөмдүүлүгү жогорулайт. Ошол 1936-жылы алгачкы китеби «Осмонкулдун ырлары» деген ат менен жарык көрөт.

Анын Калык, Алымкул менен айтыштары, «Ашымжан», «Баатырдын баяны», «Чыныбай мерген», «Гүлнар», «Сапарбек», «Баатырбек» аттуу поэмалары, «Менин өмүрүм» сыяктуу мемуардык чыгармасы, дидактикалык, саясий ырлары кыргыз адабиятында өз орду бар акын экендигин айгинелейт.

Ал «Кыргыз Республикасынын Эл артисти» деген ардактуу наамга татыктуу болгон.

## БИЗДЕН МУРДА ӨТКӨНДӨР

Чүй, Таластын баарысын,
Түгөл чыккан кыдырып.
Түлөкабыл ырчынын,
Түрлүү кеби чубуруп.
Карып калган кезинде,
Кайра келген Таластан,
Бузбай айтып берчү экен,
Кабылан шер Манастан.
Оозу карыш жалжайып,
Кулагы узун калдайып.
Бой келбетин карасак,
Болжолу жок дардайып.
Кыйын ырчы жок экен,
Кыйла журтта Балыктан,
Айтып берип турчу экен,
Албан түрлүү тарыхтан.
Кызыл тилден бак конуп.
Кыргызга атын тааныткан.
Ысык-Көл, Нарын, Талас, Чүй,
Кыдырып жүрүп арыткан.
Ошонун уулу Найманбй

Ээрчип чыгып артыңан.
Көрүп калдык кайранды,
Күкүк эле шаңшыган.
Порум менен ырдаса,
Булбул эле таңшыган,
Айтышчу эле кыйын деп,
Акындардын баарынан,
Өлмөйүнчө тайган жок,
Өзүнүн сыймык баркынан.
Оозунан чыккан сөзүнө,
Уккандын бою балкыган.
А дагы бир күн аттанды,
Ак калпак кыргыз калкынан.
Кайда кетти кечеги,
Балыктын уулу Найманбай,
Сүрөттөп айтып жүрчү эле,
Адамзат менен айбанды ай.
Артынан кеби чачылбай,
Анын да тили байланды ай,
Аяктай көрдүн алдында,
Алтындай сөөгү жайланды ай.
Ойлогон менен таппайбыз,
Ошолордой кайранды ай.
Жээгине тууган Таластын,
Жерине тууган Манастын.
Эсенаман эски экен,
Жолго салган убакта,
Жорголотуп безчү экен.
Алдына барган ырчылар,
Кол беришип өтчү экен.
Барган жери сыйлашып,
Эсекелеп күтчү экен.
Каада-салтты ырдаган,
Кыйын ырчы дешчү экен.
Артына кебин калтырбай,
Алар кайда кетти экен.
Сүлөөсүн ичик кийчү экен.
Сөзүн кыргыз сүйчү экен.
Куудай сакал сеңселтип,
Коотдоп жорго минчү экен.
Кадырлаган кишиге,
Каада менен келчү экен.

Сүйгөн жерге тартынбай,
Сөзүн айтып берчү экен.
Эсенаман атанып,
Эркелеп ойноп жүрчү экен.
Ошолордой кайранды,
Элимден таппайм эңсесем.
Атагы Солдун уругу,
Түбү кыргыз кулуну.
Атасы өлүп башында,
Энеси өлүп жашында,
Багар тууган азынан,
Жетимдиктин касынан,
Аксыга кеткен жашында,
Курсагынын ачынан.
Аты Өтө Жеңижок,
Айтышууга теңи жок,
Аксыда жүргөн каралап,
Таякесин пааналап,
Кыйкырганда кетчү экен,
Кызыл тили сабалап.
Анжыян, Талас, Арканы,
Арыткан экен аралап.
Жалаң агын сууну айтканда,
Аш бышымдай ырдаган.
Аял-эркек жабылып,
«Айта түш» деп курчаган.
Тоо кушундай шаңкылдап,
Торкону кийип жаркылдап.
Топту жарып ырдаган.
Көргөндөрдүн баарысы,
Көңүл коюп тыңдаган.
Узун өмүр жашабай,
Убактылуу жыргаган.
Кадыры бийик ырчы деп,
Калкы барктап сыйлаган.
Айтышып акын жетпеген,
Алдына ырчы өтпөгөн.
Айтышам деген ырчыны,
Адаштырган кеп менен.
Жабылып ырчы качырса,
Жалгыз өзү беттеген.
Зөөкүрсүнгөн далайды,

Сөзү менен тепсеген.
Тилин бууган көбүнүн,
Төрт-беш ооз сөз менен.
Арманда кетти жашында,
Аралашпай биз менен.
Кырк бир жашка чыкканча,
Кыялын бузуп көппөгөн.
Андагы турмуш курусун,
Окууга эч ким жетпеген.
Алтындай сөзүн ырчылар,
Артына таштап кетпеген.
Калың кыргыз көп эли,
Кайраным деп эстеген.
Жатып калды бир күнү,
Жалаң кабат бөз менен.
Кепкор экен Эшмамбет,
Кең Таласта төрөлдү,
Кер муруттуу болгондо
Кетмен-Төбө жөнөдү.
Аябай берген деп айтат,
Акындыктан өнөрдү.
Кубулжутуп ырдаса,
Кубандырган көп элди.
Кейисек кайдан табабыз,
Кеткен уста чеберди.
Токтогул менен ырдашып,
Толкуган көп эл курчашып.
Жакын болгон Токомо,
Жаш чагынан сырдашып,
Бир тууғандай болушкан,
Бирге жатып, бир басып,
Алдыга барган ырчынын,
Айткан кебин ылгашып.
Анда-санда кетишчү,
Атайылап, чындашып.
Үлгүлүү кептен сактаган,
Уккан киши мактаган.
Анча-мынча ырчылар,
Айтышууга батпаган.
Менменсинген көп ырчы,
Бир ооз кебин таппаган.
Атагы чыккан акын деп,

Ак калпак кыргыз барктаган.
Узун сакал сылаган,
Оозунан сөзү чубаган.
Кызык-кызык кептерди,
Кыйыштырып кураган.
Ортосунда жыйындын,
Ойноп-күлүп дуулаган,
Кадырлуу сөздөн айткын деп,
Калкы каалап сураган.
Сеңселген кара сакалы,
Серпилип түшүп белине,
Уккан киши кубанган,
Оозунан чыккан кебине,
Келбей турган ырларды,
Келтирип айткан эбине.
Атагы чыккан таанылып,
Анжыян, Арка жерине.
Аз болсо да мурасы,
Айтылып жүрөт элине.

## УЯЛАМ

Коомдук мүлккө кол салып,
Жеп ичкенден уялам.
Түгөнмөк беле алгандан
Деп ичкенден уялам.
Бекер ичип жан багып,
Жаткандардан уялам.
Эмгек кылбай чалкалап,
Баскандардан уялам.
Кур чиренип дардаңдап,
Мактангандан уялам.
Жанын сабап калп айтып,
Актангандан уялам.
Кытмыр, ач көз, пейили –
Арамдардан уялам.
Көздөгөнү жамандык,
Адамдардан уялам.
Вино менен аракка,
Берилгенден уялам.
Мээнетсиз арам тамакка,

Семиргенден уялам.
Пайда көздөп бирөөнү,
Сыйлагандан уялам.
Башканын ырын ырым деп,
Ырдагандан уялам.

1. «Бизден мурда өткөндөр» ыры согуш кезинде (1944-ж.) чыгарылган, эмне үчүн ушул кезде мурда жашап өткөн кыргыз азаматтары жөнүндө ырдоонун зарылдыгы келип чыкты деп ойлойсуңар?
2. Аты аталган Түлөкабыл, Балык, Найманбай, Эсенаман, Жеңижок, Эшмамбет жөнүндө эмнелерди билесиңер? Аталган ырчылардын ар бирин мүнөздөгөн акындын ыр саптарынан тапкыла?
3. Талант деген эмне? Эмне үчүн таланттуулар өлбөйт деп айтышат?
4. Ырдан ар кимиң бөлүп-бөлүп алып, ар бир акын-ырчыны мүнөздөп жаттап, анан бириңди бириң улап айтып бергиле?
5. Осмонкул айтпай калган дагы кандай ырчылар бар? Сен өзүң дагы кимдерди кошуп ырдаар элең?
6. Чакан дил баян жазгыла. Темалары: а) «Түлөкабыл»; б) «Балык»; в) «Найманбай»; г) «Эсенаман»; д) «Жеңижок»; е) «Эшмамбет». Дил баян жазууда Осмонкулдун буларга берген бааларын эске алгыла, ырдан мисалдар келтиргиле.

1. Автор кимден жана эмне үчүн уялат?
2. «Уят» деген эмне? «Уят – өлүмдөн катуу», «Уялбагандан өзүң уял» деген макалдардын маанисин кандай чечмелейсиң?
3. *Пейли арам, арам тамак, куу чирен* деген кандай сапаттар?
4. Силер кимдерден уяласыңар? Эмне үчүн?
5. Ырды өзүңөр улап жазып көргүлө?
6. Акын көрсөткөн терс сапаттагы адамдар силердин чөйрөңөрдө да кездешеби?

# АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВ

## (1894–1963)

«...Кыргыз элинин сүйкүмдүү ырчысы Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгы жана өмүр жолу жөнүндө сүйлөгөндө анын чыгармасын элдик фольклордон ажыратып кароого болбойт».

*К. Маликов*

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН БИРИНЧИ ЖОЛУГУШУУ



Менин айыл ичинде жаңыдан ырдап жүргөн кезим. Таластын баш-аягын аралаган эмесмин. Ошол кезде айылыбызда Айдаралы, Аттокур деген ырчыларыбыз бар болучу. Алар эски ырчылар болгону менен атактуу ырчылар эмес эле. Ширгелинин уулу Мыса деген киши бир күнү мага жолугуп: «Алымкул балам, бул Таласта сен үйрөнүп үлгү алуучу ырчылар жок, Кетмен-Төбө деген жерде Эшмамбет, Токтогул деген ырчылар бар. Токтогул деген атаң Сибирге барып кайра келди. Ошол Токтогул атаңды көрбөй сен ырчы болбойсуң. Токтогул Таласка келсе сени тааныштырып коёюн», – деп жүрдү. Бир күнү берен уруусу Жанкороз дегенге ап берет деп угуп калдык. Мыса келди да: «Жүр, балам беренге Токтогул жакын, келип каттап жүрүүчү. Берендер Токтогулду чакыртпай койбойт. Ушул ашка Токтогул да келет. Жүр, эми сени ошол атаңа тааныштырайын», – деп, мени ээрчитип жөнөдү. Беш-Таш деген жерге Жанкороз ажынын ашына барсак эл жыйылып, берендер үй тигип жатышыптыр. Айылдын четине барып, бир кишиден: «Токтогул келдиби? – деп сурадык эле «Келди, Жанкороз ажынын иниси Төлөбай дегендин үйүндө жатыр», – деди. Анда Мыса: «Азыр сен жаш баласың, күндүз Токтогулдун үстүнө алып барсам, тердеп-тепчип эч нерсе айта албассың. Түн баатыр болот дечү эле, азыр бирөөнүкүнө түшүп, түндө алып барайын»,– деп башка бир айылга барып түштүк. Күн батып, күүгүм кирип караңгы болгондо: « Жүргүн Алымкул, эми сени Токтогул жаткан үйгө алып барайын», – деди Мыса.

Ошол кезде «Токтогулду көрсөм» деп, тим эле учуп бара жатам. Токтогул жаткан Төлөбайдын айылына жакындаганда бизге Токтогулдун үнү угулду. Мурун «көрсөм» деп толкундап бара жаткан жүрөгүм Токтогулдун үнүн уккандан кийин мурдумдан тер чыга баштады.

«Мурун көрсөм» деп толкундап келе жаткан киши, эми «көрбөсөм» экен деп калдым. «Кантип мен мунун алдына барып беш-алты ооз бир нерсе айтам?» – деп ойлодум да, түз эле кетем дегенге кирдим. Ушул өзүмдүн ырым менен эле эптеп оокат кылбайымбы деп, кетким келип калды. Ошентип бир айылга барып түшсөк, айылдын жанында ат батпайт. Төлөбайдын чоң ак үйү бар экен. Эл **кызыл кереге** кылып сыйрып таштаптыр. Үйдүн ичи да эл, сырты да эл. Биз барганда Токтогул ырдап жатыптыр. Ырдаган ыры – өзү Сибирден келгенде Кетмен-Төбөнүн бери жагында Бууракан дегендин белинде Эшмамбет ырчы экөөнүн учурашканы. Мыса атын мага карматып коюп Токтогулдун үстүнө кирип кетти. Мыса кирип барып: «Ассалоомалейкум, Токо! Аман-эсен жүрөсүңбү, урушчаак бөдөнөдөй чукчуйган жарыктык! Таласка кээде келет экенсиң, кээде келбейт экенсиң. Сөзүңдү сагынат экенбиз, өзүңдү сагынат экенбиз. Биздин айылдан Алымкул деген жаш бала ырчы болом деп жүрөт. Ошол балаңды ээрчитип келдим. Ошол балага ырыңан, күүңөн үйрөтүп кет, Токо! Сизди сагынганда ошол балага ырдатып жүрөлү», – деп Мыса кирип барып ушуну айтты. Ошол кезде Током Сибирден кайра келсе жалгыз баласы өлүп калган, кайгыга кайгы кошулуп, боорун көтөрө албай, Токомдун боздоп жүргөн кези экен. Током Мысадан жанагы сөздү уккандан кийин айтып жаткан ырын токтотуп, мага карап ырдап калды. Ырдаганда жанына чакырып, үндөп ырдады. Колуна комуз алып, коңгуроодой үнү менен мени чакырып:

**Токтогул:**

Аргымак келет как жарып,
Аралдын киргин дайрасын.
Азамат чыкса элинден,
Айылы көрөт пайдасын.
Ажалдан башка иш болсо,
Акылдуу табат айласын.
Атайы көрөм деп келген
Алымкул балам, кайдасың?
Бүтүн берен үй тигип,
Булкулдөктүн сазына.

Камакта жүрүп картайган,
Кайгырам өткөн жашыма.
Кабар берип беш берен,
Ажынын келдим ашына.
Алыстап качып жүргөнчө
Атаңдын келгин кашына.
Кайнатаңды көргөнсүп,
Качып менден жашынба.
Ала барчын айланса,
Алты ай качат Бүргөнгө
Аргымак күлүк ат жарайт,
Алыска болжоп мингенге.
Ак жолборстой эр жарайт,
Айгышкан жоого тийгенге
Аккүрөккө тон жарайт,
Азамат эрлер кийгенге.
Ак каркыра жар жарайт,
Алышып ойноп сүйгөнгө
Армансыз кеткен бир жан жок,
Аз күнкү жалган дүйнөңдө.
Алып кал балам нускамды,
Айлыңа келип жүргөндө.
Атайы көрөм деп келип,
Алымкул балам, сүрдөнбө!
Айдатып салып Сибирге,
Ак жерден башым сенделтип,
Катын-балам кайгырган,
Кармалып элден мен кетип,
Тегиз жерден жар чыгат,
Жамгыр жаап сел кетип.
Жайлоонун башы ээндейт,
Жакалай конгон эл кетип.
Жарашам деп келип,
Уялып кайда жүрөсүң,
Балам, уйча мурдуң тердетип.
Ачылар беле көңүлүм,
Алымкул көзгө көрүнсө,
Качып кайда жүрөсүң,
Каркыралуу келинче.
Жашык болбой жаш кезде,
Жагалмайдай теминсе,
Жабдык салган жоргодой,

Жаркылдап топто элирсе.
Жашык болбой жаш кезде,
Жакшы экен бала дедирсе.
Айланып учкан алты өрдөк,
Аралап консоң көл мында.
Ажы короз ашына,
Ат жиберип келдим да,
Атагы чоң Таласы,
Аралап элин көрдүм да.
Ак карагай сыр найза
Айкалышчу эр мында.
Атактуу Током келди деп,
Аял-эркек эл мында.
Ак үй болсо жылаңач,
Алыстап качпай кел мында.
Алымкул балам, кайдасың,
Атаң Токоң мен мында.
Амансыңбы ата деп,
Ак жүзүмдү көргүн да,
Ачылсын менин көңүлүм
Айтып салам бергин да.
Артымда жаштар калса деп
Ар убак ошол тилегим.
Атайы көрөм деп келип,
Алымкул, менден жүдөдүң.
Аш тараса кетемин,
Аз эле күн жүрөмүн.
Эшикте жүрбөй келсеңчи,
Эмессиң менин күйөвүм.
Кылтыктап качпай кел мында,
Жубарымбек, кызымдын
бербейм бирөвүн.
Ак жерден башым айдалып,
Азапта жүрүп жүдөдүм, – деп,

Токтогул үндөп ырдап айтканда үйдө бир киши сүйлөп калды:

– Бар, алып келгиле, ал кандай куу тумшук бала эле. Токтогулдун кызын алат бекен, атайы көрөм деп келип каякта жүрөт, – деди.

Эки киши келип, эки колумдан сүйрөп, Токтогулдун үстүнө алып барды. Кирип бара жатканда чекемдин терин жеңим менен сүртүп алдым. Ушундай бет алдымды карасам, урушчаак бөдөнөдөй чукчуйган киши экен. Токтогул төрдүн алдында ол-

турган экен. Барып салам берип колун алдым. Ошондо колумду коё бербей туруп ырдайт:

Кыялың кызыл гүлдөйсүң,
Кыйкырып айтсам билбейсиң.
Кызымды алчу немедей,
Кысыласың, кирбейсиң,
Кыялында Алымкул,
Бул Токонду ким дейсиң?
Уяты болот жаштын да,
Уялып менден качтың да.
Уялгандан пайда жок,
Узатпай ордум баскын да.
Урматтуу Током сөзү деп,
Урулуу элге чачкында.
Ырчы болсоң ылдам бол!
Кашаңдан чыкпайт эчтеме,
Камчы берип теминген,
Кайран атаң жаш кезде.
Карагер элем элирген,
Суурула чыгып байгеден,
Суулугун чайнап кемирген.
Канча күн ырдап турсам да,
Калк жадабай кебимден.
Качып тышта жүргөнчө.
Кармап кал нуска кебимден.
Каларсың таппай атаңды,
Кайрылып кетсем элинден,
Капкандуу ажал бир жүрөт,
Катуу корком өлүмдөн.
Каптасын селге кармалып,
Камакта жүргөн кезимде,
Кара тоодой бел көрүп,
Каралдым жүргөн эсимде.
Кармалыптыр Топчубай.
Каардуу ажал кесирге.
Баладан бактым жок экен,
Байкап турсам өзүмдө.
Арка болор киши жок,
Ак жерден башым кармалган.
Аманың сурап жалгыздын,
Айдоодо жүрүп зарлангам

Айланып келсем балам жок,
Адашыптыр жалгандан.
Каргадай жалгыз бар болсо,
Калбайт белем кубанып.
Камакта көргөн кайгыны,
Калтырбай ичтен чыгарып.
Кайтып келсем элде жок,
Калыптыр турпак, чым алып.
Бейитин бекем кучактап,
Беш күн жаттым суналып.
Бекитип койгон кара жер,
Перзентимди көрсөтпөдү чыгарып.
Жүдөп турган кезегим,
Балам жүрөктү кайгы муң алып.
Кетемин балам жатамбы.
Кенедей болгон Алымкул,
Кетиргин ичтен капамды.
Келинче качпай таанып ал,
Керектүү булбул атаңды
Алдымдан чыкпай бир жүрүп,
Алып кал, нуска, батамды.
Колтук жагың томпоёт.
Комузуң болсо алып көр!
Кулагын бурап тегиздеп,
Кол ойнотуп чалып көр!
Кайгырган жүрөк кубансын.
Кой жоргону салып көр!
Айылың Талас болсо да,
Атаң башка дебейин,
Топудай болгон Алымкул,
Топчубайдай көрөйүн,
Токтогул атаң токтолуп,
Балам сага кезек берейин, – деп,

ошондо маңдайына олтура калып, эки көзүмдү жумуп, Токтогул ушул жакта, эмей кайдасың деп ылдый карап олтуруп, комузумду күүгө келтирип алып, салам берип турган жерим:

Айылда жүрүп ар убак,
Арзыдым эле өзүңдү.
Айттырып уксам дечү элем,
Аселден ширин сөзүңдү.

Атакемден кем көрбөйм,
Азыр көрдүм көзүңдү.
Элимде жүргөн кезимде
Эстедим эле өзүңдү.
Эңсеп жүргөн бала элем,
**Эшиттим** ширин сөзүңдү.
Ээрчитип жүрүп жөн көрсөт,
Эсей элек өзүмдү.
Ак бариктүү токойго,
Конгон Током, эсенби?
Алты сан журттун эрмеги,
Болгон Током, эсенби?
Алдына даңкан салбаган,
Жоргом Током, эсенби?
Ак кагаз көрбөй окуган,
Молдом Током, эсенби?
Көк бариктүү токойго,
Конгон Током, эсенби?
Гүлдөгөн кыргыз күкүгү,
Болгон Током, эсенби?
Күнүгө чыгып байге алган,
Жоргом Током, эсенби?
Тула-боюн карасам,
Өкчөгөн алтын сакадай,
Көзүмө Током, көрүндүң,
Көтөрүп баккан атамдай.
Мен деле сизге Топчубай,
Көңүлдөн кетир капаңды.
Мен дагы сиздин балаңыз,
Берип кет Током, батаңды?
Ак комузга кыл таккан,
Акындарга сын таккан,
Ала салып мойнуна,
Анда-санда бир чапкан.
Тепкенин жогор жагына
Тегерек күмүш ак колду,
Тегирмендей чуркаткан,
Нээтиң адал киши экен,
Тегеренип журт тапкан.
Чертмегине кыл таккан,
Чечендерге сын таккан.
Черткенде колуң чертмекке,

Чеберлик менен чуркаткан.
Өлкөдөн залим кууса да,
Өнөрү менен журт тапкан
Кедейди сүйгөн киши экен,
Кесирлүү залим сырттаткан,
Комуз алсаң колуңа,
Күү сонуну сенде экен.
Коңгуроодой шаңкылдап,
Үн сонуну сенде экен.
Айткан сайын жаңырган,
Түр сонуну сенде экен.
Чарчабаган, талбаган,
Тил сонуну сенде экен.
Сайраган тоту, бир булбул,
Таласка кайдан келди экен?
Каркыралуу келинче
Качып жүргөн мен бекен?
Кадимки Током келди деп.
Кадыры кыргыз элде экен.
Ар бир сөзүң унуткус,
Айтылчу тарых белги экен.
Аман-эсен келдиңиз,
Айдалып барган түнөлдөн
Куткарыпсың бутуңду,
Салынган кишен чидерден.
Арытыпсың башыңды,
Ак кежим нокто жүгөндөн.
Акыры тузуң бар экен,
Ак калпак кыргыз бул элден.
Бузуктун кылган иши экен,
Булбулду Сибер жиберген.
Толкуну элди эргиткен,
Торгойдой ширин кебиңиз.
Өткөн иш кайта келгисиз,
Өксүбөсүн көөнүңүз.
Алдыңда турган Алымкул,
Өз balaңдай көрүңүз
Акындык нуска жолуңду
Алымкулга бериңиз.
Айтып кет Токо, сонуңду,
Акындык көрсөт жолуңду!
Азда болсо көптөй көр,

Айтканым таман болунду!
Мен деле сиздин балаңыз,
Берип кой Токо, колуңду? – деп

ошентип барып Токтогулдун колун кармадым. Током колумду коё бербей туруп:

**Жабагыңда** көргөмүн,
Жакшы эле деп келгемин.
Жашта болсо жакшы экен,
Жабышып салам бергениң.
Тай күнүңдө көргөмүн.
Талашар деп келгенмин.
Таласка өзү ырдаса.
Жарашар деп келгенмин.
Далай жаман сапалак,
Адашар деп келгенмин.
Алдыңкыдан калышпай,
Жанашар деп келгемин.
Айлыңдан атаң кеткенче,
Алып кал нуска-өрнөгүм.
Кебин уктум кунандын,
Көңүлүм толуп кубандым.
Топчубайдын кайгысын,
Көңүлүмдөн чыгардым.
Эрмеги балам болосуң
Эл чогулган дубандын.
Айылың Талас болсо да,
Бир балам деп турармын.
Эсен жүрүп жетилсең,
Эл ырчысы болосуң,
Өмүр берсе чоңоюп,
Өз ордума конорсуң.
Алымкул, сен да баламсың,
Атаңдан үлгү аларсың,
Эскерип атаңды ойлосоң,
Элге сөзүм жаярсың.
Ылдам болсо талантың.
Ырчылык жолун табарсың.
Алмадай башың соо болсун,
Ажалдуу өлүм кесирден.
Эки күн ырдап турсаң да,
Эл танбасын сөзүңдөн.

Бала окудуң, батамды ал,
Чыгарба мени эсиңден!
Таалайга жазган иш экен,
Далайды көрдү бул башым.
Алымкул ырчы келди деп,
Аял-эркек курдашың,
Аркаңдан эч ким куубасын,
Алдыңдан эч ким буубасын!
Эсиңе ал балам Токоңду,
Эсен болсун бир башың!

**кызыл кереге** – боз үйдүн кийизин түрүп коюу
**асел** – бал
**эшиттим** – уктум
**түнөл** – түнөк, журт, мекен
**жабагы** – жети-сегиз айлык кулун (өтмө маанide)

1. «Алымкул-төкмө» жөнүндө улуулардан сурап билгиле.
2. А. Үсөнбаевдин өмүр баянын айтып бергиле, анын акын болушуна шарт түзгөн жагдайлар.
3. Токтогул менен Алымкул кайсыл мезгилде учурашты, ошол кезде Токтогулдун ал-абалы кандай эле?
4. Ушул айтыштан ырчылык кандай салттарды жана устат менен шакирттин кандай байланыштарын байкадыңар?
5. Токтогул акын Алымкул төкмөнүн баасында.
6. Алымкулга Токтогулдун устат катары баасы.
7. Ырчы жөнүндө Токтогулдун түшүнүгү.
8. Ушул жолугушуу ыры Э. Турсуналиев, З. Үсөнбаев сыяктуу аткаруучулардын репертуарынан түшпөй келе жатат. Силер ошолордун аткаруусундагы учурашууну кунт коюп угуп көргүлө.
9. Бириң – Токтогул, экинчиң – Алымкул болуп ырдашкыла.
10. Жогорку ырдын негизинде инценировка даярдагыла.
11. «Устат жана шакирт» деген темада дилбаян жазгыла.
12. Китептерден бул эки акындын кийинки жолугушуулары жөнүндө окуп чыккыла.

## ААЛЫ ТОКОМБАЕВ

### (1904–1988)



Аалы Токомбаев 1904-жылы азыркы Кемин районунун Кайыңды айлында туулган. Ал бешикке бөлөнгөндөн энеси Уулбаланын мукам алдей ырын, ымыркайынан шекер татыган анын сөздөрүн, кумдай куюлушкан акыл-насааттарын, кыябына келтире айтылган ар кыл оозеки мурастарын угуп чоңойду. Экинчи жагынан атасы менен ынак, алардын үйүнө көп келчү, сөз баккан, колунан аса таягы, оозунан бал тамган кеби түшпөгөн, кези келгенде «Манаска» чейин айта койгон Урак дубананын таасиринде өсүп, жашынан элдик оозеки чыгармаларга жакын болду. Мына ошондой дымагы бар баланы окутуу ниетин көздөп Токомбай уулун айылдык молдого берди. Анда Аалы эки кыш окуган менен кат сабаты жөндөп ачылбай, караңгы бойдон кала берди.

1916-жылы падышалык Россиянын аскер алуу жөнүндөгү мыйзамына, элди ар тараптан кысмакка алган зордук-зомбулуктарына каршы кыргыз журту улуттук-боштондук көтөрүлүшүнө чыгат. Көтөрүлүшчүлөр жеңилип, куралдуу орус аскерлери жазыксыз элди кырып кирет, бейажал өлүмдөн корккон калк жан айласы кылып, Кытай жерине качат. Мына ошол качкындардын арасында Токомбайдын да үй-бүлөсү бар эле. Жолдо кырылганы кырылып, Кытай жерине эптеп тирүү жеткен элди ит көрбөгөн машакат, жугуштуу оорулар, адилетсиздик, кулдук, эрксиздик күтүп турган. Токомбайдын бүлөсү да тагдырдын бул каргышын аттап өтө албай, кыйынчылыктарга белчесинен батат, бир жылда беш баласын жерге берет.

1917-жылы төңкөрүштөн кийин туусан жерди эңсеген качкындар киндик кан тамган Ата Журтка кайта баштапат. Алар менен бирге Токомбайдын үй-бүлөсү да өз жергесин көздөй жөнөшөт. Бирок туу казык журтуна жетпей Орто-Токойдо чамгарак ээси Токомбай оопат болот. Көп узабай турмуштун айыккыс дартына чалдыккан энеси Уулбала да көз жумат. Ошентип, бир үйгө батпаган бүлөдөн он үч жашар жалгыз Аалы калып, анын көрүнгөндүн эшигин түрткөн жетимчилик турмушу башталат. 1919-жылы Ысык-Көлдүн күңгөйүндө аталаш туугандарын аркалап туруп калып, ошол жерде бир аз окумуш болот. Бирок көп узабай, эжеси Батма аны издетип таап, Кочкорго алып кетет. Ал жакта али мектеп ачыла элек болгондуктан, Аалы окуусун уланта албады. Кантсе да жаш бала үчүн бул жылдар текке кетпей, ал жездесинен өтүкултарганды, челек, сөөктөн топчу жасаганды, жыгач чапканды үйрөнүп, жездесине жардам берет.

1922-жылы окуудан жайкы дем алышка кайткан балдардын үгүттөөсүнөн улам окууга дилгирлиги тутанып, аны эңсеген ышкы оту кайрадан жанып, жакын агаларынан жол кире алып, Ташкенге жөнөйт. Ал жакта адегенде интернатка орношот, кийин советтик-партиялык мектепке которулат.

1923-жылы Аалы Токомбаев Орто Азия Коммунисттик университетинин даярдоо курсуна өтүп, бул окуу жайын 1927-жылы аяктайт. Ошол жылдарда туңгуч газетабыз «Эркин-Тоо» жарык көрүп, анын биринчи санына (1924-жылы 7-ноябрда) «Өктөбүрдүн келген кези» деген ыры жарыяланат.

Залкар сүрөткердин жүздөгөн лирикалык чыгармалары, «Таң алдында» деген ыр менен жазылган романы, «Күүнүн сыры», «Даат», «Жол жомогу» сыяктуу ондогон аңгемелери, «Жараланган жүрөк», «Мезгил учат», «Солдат элек» повесттери, «Ант», «Күндүн чыгышы», «Өлбөстүн үрөнү» драмалары, «Туткун Марат», «Менин метрикам», «Жетим менен сыйкырчы», «Өз көзүм менен» ж.б. ондогон поэмалары, классикалык орус, чет элдер жана боордош адабияттардан котормолору улуттук маданиятыбыздын жетилишине барандуу салымын кошту.

Акын, прозаик, драматург, котормочу жана коомдук ишмер А. Токомбаев 1988-жылы дүйнөдөн кайтты.

## ЖАРАЛАНГАН ЖҮРӨК

***(повесттен үзүндү)***

### I

1917-жыл. Жер томсоруп гана турат. Жайкалган эгин, буралган чөп жок. Ызылдап жүргөн шамалга чыдай албай кайыккан жандык сыяктуу титиреп турган сейрек куурайлар. Алардын арасында ичке куйруктарын көтөрүп, серендеп чуркаган сур чычкандар гана жүрөт.

Буурул сакал, таягын аркасына каруулаган Бектурган алыстан караан көрдү да: «Ачарчылыктын тырмагына илинген биз сыяктуу шордуулар го», – деп жоруду. Ким билсин, Бектурган бирдемелерди ойлоп олтурдубу, же арстандай жүрөгүн ачкачылык талыттыбы? Анысы бизге белгисиз. Бирок анын көк ала сакалынан мөлтүрөгөн тамчылар куланып жатты. Муздак сууга чаңыт кылып талкан чалып олтурган кичинекей кара бала, сүйкүмдүү атасынын аккан жашын көрө коюп, унчукпаган бойдон ыйлап жиберди. Чал чочуп ойгонгон эмедей болду. Өмүрүндө өзүнүн көзүнөн биринчи жаш чыкканына өзү да таң калды. Тытылган чапандын этеги менен жашын сүртүп:

– Ыйлаба, кагылайын, мен тим эле... – деп, акырын гана дабышын чыгарды. Атасынын мындай алсыз жана акырын сүйлөгөнүн баласы биринчи укту, анын төгүлгөн жашын күтпөгөн жерден көрдү. Анын жаш көңүлүнө белгисиз коркунучтан башка эчteme сезилген жок.

– Атаке, апамды ойлодуңбу? Тигине, күн көтөрүлүп келе жатат. Бул жерден кетеличи, – деди бала.

Бала мындай эстүү сөздү атасына биринчи айткан эле. Бектурган жаш баладан мындай сөздү күткөн эмес. Аны «эчтеме билбейт, жаш» деп ойлочу... Жер көмкөрүлгөндөй болуп, көзү караңгылап, ордунан так тура калды да, шадылуу арык колу менен баланы өзүнө тартып, эки бетинен эки өптү.

– Ооба, садага, ооба. Күн көтөрүлүп келе жатат. Эми кетебиз, – деп баланын сөзүн кайталады да, кайта жер таянып олтура калды. Анын оозунан чыккан сөзү, кандайдыр ичинен муңун шилеп чыккандай болуп, көзүнүн жашы токтоло калды.

Баланын кыялы кандай кызык! Көнөчөктөгү чаңытталган муздак сууну атасына бере койду.

– Атаке, апамды мага көрсөтпөй кайсы жерге көмдүңөр? Мен чоңойгондо күмбөз салдырат элем, – деди. Бектурган далайга чейин унчуккан жок. Анын жүрөгү каршы-терши тилинип, жараланып жатты.

...Адамдан коркпогон арстан жүрөктүү Бектурган! Түбөлүк музга мени кантип таштадың! Сенин күчүң, сенин жалындуу кайратың кайда! Эч болбосо Өмүрбегимди көрсөтсөңчү. Өмүрбек! Сенин атаң тирүү барбы? – деген аянычтуу дабыш Бектургандын кулагына кыйкырып жаткансыды. Бектурган турмушта барбы, бар болсо ал кайда олтурат? – анын баарын эсинен чыгарды. Бирок колунан кокус ыргыган көнөчөк бактынын кушун башынан учургандай чочутту. Томолонуп жаткан көнөчөктү баладан мурун баса калды. Тасырайган жерге созулуп аккан киргил сууну Өмүрбек жата калып шимирди. Бектургандын бардык тулкусу муздап, денеси чыйралды. Эмгектеп жерди жалмалап жаткан Өмүрбекти ала коюп:

– Айланайын жылдызым, муну ич. Азыр **үркпөгөн** айылга барабыз. Талканды көбүрөөк табабыз. Сен ырыңды унута элексиңби? – деди Бектурган.

– Жок, атаке, унутканым жок. Бая күнкү баланын обонун дагы үйрөнүп алдым.

– Сен жакында жигит болосуң. Анда менин сакалым аппак куудай болот. Сен анда мага ат токуп, эт туурап бересиң. Антпесең мен сага таарынам. Сен март болосуңбу же сараң болосуңбу? – деди Бектурган.

Көнөчөгүн шыпкап жаткан Өмүрбек:

– Март болом, атаке, бизге окшогон **турпанчылар** болсо, мен аларга нан, талканды аябай берем, – деп көнөчөгүн жерге коё койду. Бектурган эрксиз жылмайды.

– Жүр, айланайын, жүр. Айыл жакын калды. Сызгырган майдын жыты келип турат. Мына бул коктуда айыл бар, жүр, – деди да, баланы күтүп жерди тиктеп олтура калды. Баланын көзүнө сары май, жапкан нан, каймакка мыкчыган талкан элестеди. Анын илкиген ичке шыйрагы илмендеп тез-тез көтөрүлдү. Күйдүргөн майдын жыты ого бетер каңылжаарын кытыгылап, оозунан шилекейин агызды.

Бектурган жаңылган жок. Коктудан төрт үй чыкты. Ал үйлөрдүн эң жогоркусу жумурткадай аппак, калган үчөө боз төбөл.

Суюк түтүндүн бургуп тез атырылганына караганда, жагылган отун шак куурай го. Ымдуу камыр ысык майга тийгенде ушундай болот. Майга жасап жаткан нан так ошол үйдө экендигине ишеништи. Алар туура ошол үйгө барышты.

– Салоом алейкум, – деди Бектурган.

Кара бешмантчан, быжыгыр тегерек кара сакал киши карап да койгон жок. Ал кайчы сунуп койгон оң бутунун тизесин сол колу менен басып, оң колун быкынына таянып, бутунун

башын карагансып отура берди. Баланын алагай чоң көзү жез чарага жаймаланган боорсокко түшө калды.

Эки бети анардай кыпкызыл сулуу аялдын жайнаган көзү Бектургандын көзүнө чалдыга түштү. Аял унчукпай гана жайпак табактагы боорсокту чаранын жанына тартты да, казанды чыгарды. От жагып олтураган арык бала депкирден түшкөн эки боорсокту ала коюп, бирин оозуна салып, экинчисин Өмүрбекке бере салды. Өмүрбек тапка келген турумтай сыяктуу илип ала койду.

Айткан саламы ташка айткандай жоопсуз калганына Бектурган ыза болду. «Кантейин, жаш кезим болуп, кардым ток болсо, күлгө оонатпас белем!» – деп, ойлоп койду да:

– Мырза, кудаанын тагдыры экен, «байлык эмне дегизбейт, жокчулук эмне жегизбейт» дегендей башыбызга түн түшүп, кайыр сурап жүрөбүз. Бизге окшогон турпанчылар силерди да жүдөткөндүр. Ачкачылык абийирге моюн сунар эмес, – деди.

Быжыгыр тегерек кара сакал үн деген жок. Көзүнүн кыйыгы менен карады да, сол жагындагы жаздыкка кыйшайды.

Бектурган чыдай албады, туруп аткан аялга карап:

– Келин балам, мына бул балага бирдеме бериңиз, – дегенче болгон жок, чолпусун чөнтөгүнөн чыгарып шарак эттирип таштап койду да, эшикке карай жөнөдү.

Жөнү жок багыныш эр кишиге өлүм менен тең! Бектурган мырзанын кылыгы менен аялынын жоругуна чыдаган жок. «Көп эле болсо кур кол айдап чыгар», – деп ойлоду.

– О жараткандын күчү! Бул үй эмес, мүрзө тура? Бул олтургандар тирүү адам эмес, арбак турбайбы? Чын арбак болсо, тирүү кыйналган ач арбактарга жардам кылбайбы! Бул менин көзүмө көрүнгөн жин, же шайтандын ордосу го, деги силер кимдерсиң? Деги тилиңер барбы?.. – деди.

Үй ээси бул сөздү кайырчыдан күткөн эмес. Суу сепкендей боло түшүп тура калды да:

– Сен кимсиң? – деди.

– Менби? – деди Бектурган сакалын сылап акырая карап. – Мен «Жети суунун теңиримин» деген Казбайдын омурткасын сындырган, казынасын жарып, баткактай тебелеген, казак, кыргызга атагы чыккан Бектурган деген мен болом. Мына «Тулпар тушунда кымбат», «Атты арыганда көр» дегендей, эми сага окшогон чыпка сакалдан кайыр сурап отурам! Заман оңолсо, жараланган жүрөк жазылар. Албаган алигиң үчүн бизге салам айтарсың! «Эрди кабагынан сына» дегендей, сен өзүң ким болосуң, мырзам? – деди Бектурган.

## II

– Аке, айланайын аке! Бирдемеңиз бар бекен? – деди алсыз аял. Бектурган жайдары бурулду да:

– Бар. Бар, балам. Бери кел, – деди. Эски бөз курдун ортосундагы эки түйүнчөктүн бирин чечип, он чакты чий боорсоктун тең жарымын бере койду. Аял аны оозуна бир эле салды. Бирок тиштенген эмедей кыбыратып чайнап ширесин чыгарды да, сөөмөйү менен баласына жедире баштады.

– Кайсы элсиң, балам?

– Бугу болобуз, аке, Теңир жалгасын.

– Мен сарбагышмын, балам. Колумдан келгени ушул. Текей терип жейли да, бир жакка жылалы. Ушул боорсокту кечээ Бөкөнчүнүкүнөн алдык эле, – деп чал бир аз кобураган болду.

– Мен бүгүн ошондо болдум. Ити балтырымды жулуп салды. Катыны тепкилеп чыгарды. Адамды кудай шылдың кылып жараткан экен, аке... Ал ит тарткан балтырындагы салбыраган этин кармап, көзүнүн жашын төктү да:

– Аке, мен бул жерден бүгүн козголо албайт окшойм. Мага карабаңыз, – деди.

Бектурган унчукпастан текей терип келди.

– Балам, сен мына муну жегин, биз сендиректейли, – деп тутамга чыкпаган текейин бүт берди, курдун экинчи түйүнчөгүн чечип, анын алаканына талканынын жарымын салды. Аялдын кеберсиген эрди өзүнөн өзү тартылып кыбыраса да, түк дабыш чыккан жок. Бирок талканды кир жоолугунун учуна түйүп жатып үнүн чыгарса да, сөзүнүн дайынына ээ боло албай калды. Бектурган аялга мелтирей тиктеп калса да, ага бир ооз унчуккан жок.

– Өмүрбек! Кел кагылайын! – деп, булактын башындагы термелип жүргөн баласын чакырды. Көнөчөк менен суу жутуп, терең үшкүрүп алгандан кийин гана:

– Кош, келин, чамаң келсе илгериле. Аманчылык болсо дагы көрүшөрбүз, – деп алды да, анын араң жан баласын мурдунан чымчып алып, кайта өзүнүн колунун учун өптү.

Аял өзүнүн келечегине түшүнгөндөй болду. Эрини кыбыраган жок. Жаңы эле жолуккан ырайымдуу кишиден айрылгысы келбесе да, аны токтотууга эч кандай арга жоктугун ойлоп, эрксиз калтырап кетти.

– Жардамыңызга ыракмат, аке. Менин... менин... атым... атым Айша. Тирүүлүктөн менин үмүтүм үзүлүп калды! Менин атым Айша. Мен жер үстүнөн көрүнбөсөм, куран окуп, менин

атыма атап коёр бекенсиз? Менин кымбатым мына бул шордуу бала эле. Бул менин артымда калып эмне болот, ким багат? Ким алат? Багары болбосо, бул эмне күн көрөт? Бул менин үрөнүм көгөрөр бекен?

Бектурган сөз кайтарып, толук бирдеме айта албады. «Кош балам, тирүүлүктөн күдөрүңдү үзбө!»– дегенге гана араң жарады. Өмүрбек колундагы майда текейин оозуна салып чайнаган бойдон атасынын аркасына түштү. Эмнегедир, Бектурган кылчактап карай берди. Ар караган сайын телмирген, шоролуу көзү менен узатып жаткан кайырчы аялдын элесин көрө берди…

## III

Кичинекей Өмүрбек шумшуйгөн кара алачыктан ыйлап чыгып, ыйлап кире берди. Ал калтыраган коңур дабышы менен солуктап үн тартып дирилдеген кайгылуу үнү менен акырын озондой берди.

– Атаке, а-ай, мен кантем? – дейт. Кээде басыла калып, таманын карап, чөңөр айырган жараларын тырмалап коёт да, кайта солуктап үн тартат. – А-ай… Атаке, а-ай… мен кантем? Ошентип жатып Өмүрбек уктап да кетти. Бирок уйкусу тынч болгон жок… Арбактар аны кубалап, жуп кармап аларында атасы келип, арбактардан куткарып алып качкандай болду…

Өмүрбек ушундайча болуп жатканда Токмоктун сыртындагы дөбөгө жыйналган топко карай бир кайырчы келе жатты. Ал Өмүрбектин атасы – Бектурган эле…

Аңгыча элдин ортосунан:

– Мына муну көрдүңөрбү?.. Бириңди бириңе өлтүртөм!.. – деген чарылдаган өкүм үн чыгып жатты. Бектурган түшүнгөн жок… Элдин арасы менен алдыга өттү да:

– Салоом алейкум, – деп колун бооруна алды.

Чердейген эчки сакал ичке кара киши дагырадай селдесин түзөтүп жатып какырып, казылган топуракка түкүрдү да:

– Ой, Бектурган каракчысыңбы? Сен кайдан? Мына сенин шериктериң, – деп албуутtанып жекире баштады, сөөмөйү менен колу аркасына байланган жаш жигитти көрсөттү. Жигит, казып жаткан жердин топурагында, башын жерге салып, үнсүз олтурган эле.

Бектурган окуяга түшүнгөн жок:

– Менин кандай шеригим? Бул кандай жекирүү!

– Бул сага окшогон ууру! Кытайга биз качыргансып, элдин оокатын уурдап бүлдүргөн кесеп! Андайлар сенин шакиртиң болбойбу, ыя?!

Бектурган андайга чыдап көргөн эмес, көзү чоктой кызарып кетти да:

– Супа, сөзүңө түшүнбөдүм. Сен мени эмнеге матайсың? Бул ким? Сен го баягы өлүмтүк издеген доорончу жорусуң! – деп катуу сүйлөдү.

Олтурган эл унчуккан жок. Бирок Бектурганга бардыгы бурулуп караштты. Кимдир бирөө Бектурганды колтукка түртүп:

– Кой, сүйлөбөңүз, – деп айтайын деди. Бирок эки жагын карап гана тим болду.

– Каракчы! Сенин башыңды дардан таанытам. Ой, кайдасыңар! – деп, молдо жигиттерин чакырды.

– Мени бүгүн дарга ассаң, эртең мени сурай тургандар чыгат. Мен дагы элдүү кишимин. Алар да баш кошоор. Баса калып мууздагандай мен улак эмесмин. Мен Бектурганмын! Колуңар тийсе, бир экөөңдү азыр эле ала жатам!

«Мен дагы элдүү кишимин» деген сөз молдону эрксиз токтотту. «Көрөбүз! Колдон айлансын» деп, жутунуп келе жаткан жигиттерин токтото койду.

Бектурганды тааныгандар: «Канткен менен баатыр да, кол салууга да мүмкүн. Бул карышкыр эмеспи! Өлбөгөн кайсы аянычтуу жаны бар. Аянбайт» деп ойлонушту да, тим болушту.

Колу байлануу турган жигит Бектурганга жалт карап:

– Карыя! Мына бул казылып жаткан менин көрүм! – деп мукактана түштү да, – бул менин көрүм! Казып жаткан экөө менин эрксиз курдаштарым, каздырып жаткан Супа молдо. Аны өзүңүз да билдиңиз. Бир ууч талкан үчүн тарта турган жазам мына ушул?

...Таманы жергей тийбей, дилдиректей учуп, чаңырган аялдын үнү турган элдин жүрөгүн туз куйгандай тызылдатты.

– Айланайын молдоке-ай. Ысаны кантип өлүмгө кыйдың... Мунун жазыгы эмне? Кагылайын молдоке! Аман жүрсө бир чыны талканыңдын мүдөөсүнө чыкпайбы? Ысанын жанын калтырсаң, молдоке! – деп өксөгөн бойдон молдонун бутуна жыгылды... Мына ошол кездеги анын аянычтуу үнүн сүрөттөөгө эч мүмкүн эмес эле. Ал үчүлүктүн мүчөлөрүнүн бардыгына жалынып, бардыгынын буттарын кучактады. Молдо ага түк унчуккан жок:

– Ал, мына бул долуну! – деп бир гана кыйкырды.

– Айланайын жалгызым-ай! Айланайын каралдым-ай! Кагылайын боорум, ала жат! – деп, кармагандарга ээ бербей аял жулунуп жатты. Анын арык денелерин самтыраган кийимдери да жашыра алган жок. Ой, бир тууган! Солк этпеген Ысанын

көзүнө жаш толтурду. Тагдырга таарынып, унчукпаган сырттанды тилге киргизди. Өлүмгө солк этпей олтурган эр жүрөктү өөдө көтөрүп, ордунан тургузду.

– Ой, эл-журт! Эжемди көрсөткүлө! Айланайын эл, эжемди бир көрсөткүлө! Жатындашымды бир кучактап алайын...

Эч кимден үн чыккан жок. Карап тургандардын башы жерге карай ийилди...

– Өлтүрөсүңөрбү, жокпу! Муну кошо көмгүлө! – деген кыйкырык дагы чыкты.

– Жок! Өлтүрбөймүн! Мен өлтүрбөймүн!

– Эшим! Айланайын курбум, сен өлбө! Мени өлтүргөн сен эмессиң! Кыйналба. Сен акыретте күбө болосуң, сен тирүү кал. Сен элге айт, бир гана чап! – деп Ыса коркунучтуу көрдүн оозуна олтура калды.

– Жок, – деди Эшим, – менин жаным сеникинен артык эмес! Сенин убалыңа калганча, сени менен кучакташа жатам. Тирүүлүктө бир өстүк, бир ойнодук, эми бир жаталы! Бирге чирийли! Тилибиз бирге токтосун, – деди да, алдастаган эмедей дирилдеп кетти. Көзүнө эчтеме көрүнгөн жок.

– Сен мени менен кошо өлсөң, мен акыретте да ыраазы эмесмин. Акыретте да!.. Сен өлбө! Сен мени унутпа! Мени чын курдашым десең, мени кыйнаба! Тез гана бир чап! Мени унутпа. Сурагандарга мени айт, мени эсте. Мага куран окут...

– Балам!.. Айланайын!.. Сени эч ким унутпайт, – деп Бектурган кыйкырып жиберди да, таягын өөдө көтөрүп: – Сенин жүрөгүңдү жараткан теңирге кулмун! Сенин өмүрүңдү талапкандарга наалат! – деди.

Эшим жинди немедей теңселди. Өзүнүн өлөрүнө да көзү жетти жана «сен мени менен кошо өлсөң акыретте да ыраазы эмесмин» деген сөз аны эрксиз багындырды.

– Кыйналба! Мени да кыйнаба. Тез. Ысаң сага ыраазы, курдашым, – деп Ыса дагы кайталады.

Эшим кетменди ала коюп:

– О, армандуу күн! – деп бакырды. Кетменди кандай шилтегенин билбей да калды. Анткени анын акылы кайдадыр, түбөлүккө качып жоголгон эле. Бакырган үн менен кошо кетмендин жарк этиши элдин көзүн эрксиз жумдура койду. Ысанын омуроосу башын жулган чилдин канатындай дирилдеди...

## IV

Токмок шаарынын башындагы сай ачкадан өлгөн адамдар менен атагы чыкты. Карга, кузгундар аларды чукулап, чексиз

бактыларына мас болгондой болушту. Сүйкүмсүз ырсайган адамдардын баштарына кодоюп конуп олтурган сагызган, каргалар өздөрүнүн тилдери менен көңүлдүү үндөрүн чыгарышат.

Көп өлүктөрдүн сүрү Бектурганга эч кандай таасир кылган жок. «Мен дагы бир күнү ушулардын катарына кошулам го» – деп ойлойт да, аркасында кала турган жаш Өмүрбегине токтолот. Аны кыйгысы келбейт. Кээде Чырга малай болгон чоң уулу Ысманды ойлоп, кеберсиген эрдин араң гана кыбыратып: «Экөөнүн кол кармашып жүргөн күндөрүн көрүп өлсөм», – дейт да, ар кайсы жерге токтойт, өлүп жаткандардын бардыгына куран багыштап окуган болот. Ошентип бараткан Бектурганды «каарк» этип, чочуп учкан карганын үнү жалт каратты. Карга каадасынча өлүп жаткан адамдарга «көнөк» болуп келе жаткан эле. Бирок өлүк карганын күткөнүндөй болуп чыккан жок. Өлүп жаткан аялдын көкүрөгүн тырмалап жаткан бала карганы от менен ургандай чочутту.

Бектурган өлүп жаткан аялга жетип барып, үңүлүп карап алды да, эңкейип колунан тартты. Бирок аялдын солдойгон муздак колу Бектургандын денесин эрксиз дүр эттирди. Ал аялдын колун таштап жиберип, анын көкүрөгүн тырмалап жаткан баланы ала койду жана аялды тааныды... Эси жок бала Бектургандын көкүрөгүн оозу менен аймалап, соруп көнгөн эмчегин издегенсиди.

– Ай, турмуш ай! Бечара жаңылган эмес экен! – деди Бектурган, «атым Айша, жер үстүнөн көрүнбөсөм мага куран окуп коёр бекенсиз?» деген кайырчы аялдын акыркы сөзүн эске түшүрдү, олтура калып, түйгөн талканынан суюк чайнады да, балага тил менен сордура баштады. Бир аз жалмалагандан кийин бала алсыздана баштады. Жоодураган көзү сүзүлүп барып тымтырс болду.

Карыя баланы четке коё салып, төмөн жагындагы суунун кемерин чукулады. Бир топ ташты жыйнап келип, кемердин жанына койду да, зыңкыйган аялдын жанына барып, бирдемелерди күбүрөп окуган болду. Бектурган такыр окубаган адам. Ал шарыят боюнча арап тилиндеги жаназаны кайдан окусун? Бирок өзүнүн тилегин айтты: «Ушул мусапыр Айша бейишке чыкса экен, о, кудай! О, калдайган кара жер! Шордуу катынды көр азабынан куткара көр!..» – деп тиледи да, аялды кемерге жашыра баштады. Ошентип белгисиз жерге жаралган бейитти чымыркана бир тиктеди да, бир аз буйдаланып туруп жүрүп кетти. Мисирейген кара жер эчтемени сезбегенсип, томсоргон бойдон кала берди.

...Бектурган суудан кечүүгө даярданып, этегин белине кыстарып, таягын алып, суунун маңдайына карады. Бир аздан кийин томпойгон койнун сол колу менен басып алып суга карай илкип басты. Жаздым баскан сайдын ташы бутунун бармагынан суюк канын шорголотту. Коошпогон кашаңдык менен бармагын эңкейип карады да, ширидей шыйрагын көңүлсүз шилтеп, суунун бир тароосунан кечип чыкты.

– Эй, токто! Токто! – деген катуу кыйкырыкты угуп, Бектурган токтой калды.

Жайдак тору бээ менен чаап келе жаткан тегирменчи Метрейдин уулун көрүп чочуп кетти. Ал келип жеткенче Бектургандын башынан толгон окуялар чубап өтө баштады: «Көпкөн байдын уулу далай качкындарды уруп өлтүрдү эле! Эми кезек мага келген го! Жок. Кол салса, мен аны жаздана жатайын» – деди.

Метрейдин уулу сайдын ташына жыгыларын да ойлогон жок. Камчы үстүнө камчы уруп, бээсинин туягын ташка койгулатып жетип келди да, Бектурганды омуроолотуп өттү.

– Ой, бай! Эмне? Мен байкушка тийбе! Сен Метрей байдын уулу эмессиңби? – деп Бектурган аны таанымыш болуп далбасалай баштады.

– Эмне сага! Карапчы! Сен карапчы, – деп кыйкырган бойдон ойкуштаган тору бээнин оозун жыйып алды да, узун шапалак менен Бектургандын шыйрагына оролто чапты.

Шапалакты кайта тартканда Бектурган тушаган эмедей мүдүрүлдү. Анын сөөгү сыздап, көзүнөн от чагылды. Бирок кайраты көзүнө чогула түштү.

«Өлдүм... Колумдан келсе өлтүрөйүн» деген кыял анын башына келе калды. Жерден көкүрөгүн көтөрө албай жатып, эзелки досу болгон ыргай таягын кычкачтай кыса кармады да, тиштенген бойдон тура калды... Дөгүрсүгөн жигит тору бээни ойдолотуп тилемчини дагы качырды. Бирок такшалган карт бүркүт темирдей таягы менен озунуп шилтеди. Метрейдин уулу «энеке» деп бакырган үнү менен кошо ыргыды. Бектурган өкүттө калган барчындай умтулду. Бирок анын сол колу көкүрөгүндө эле. Ал колун томпойгон көкүрөгүнөн бошоткон жок. Анысы кол байлоо болду. Бектурган кечигип жетип таягын көтөрө бергенде, Метрейдин уулу корккон үкүдөй оозун ачып, колун башына булгалап, жамбашы менен кетенчиктеп качып бараткан эле. «Чырр» эттирип ышкырган катуу ышкырык Бектургандын таягын кармай калгандай болду. Ал жалт карады да, жаңы токтоп жаткан дрожка арабаны көрдү. Отуздарга келген сулуу орус жигити арабадан түшүп жатканда,

аттын узун чылбырын кармаган аялынын көзү Бектургандын көзүнө чагылыша калды.

Бектурган унчуккан жок. Бирок: «Өлдүм, колумдан келсе экөөнү тең өлтүрөйүн», – деген ой аны ого бетер шаштырды. Арабадан түшкөн жигит араң туруп жаткан Метрейдин уулу менен сүйлөшө кетти да, чалга карап башын чайкады.

– Ой, бай! Менин эмне күнөөм бар? Мен байкушту эмне үчүн урат? – деди Бектурган.

– Сен кары киши, эмне үчүн мунун казын уурдайсың? Сураса керек!

– Жок, бай, мен уурдаганым жок. Мен кайырчымын, – деп жигитке жалбара карады. Метрейдин уулу орусча дагы бирдеме деп сүйлөдү да, Бектургандын бет маңдайына келип, сөөмөйү менен анын төмпөйгөн койнун көрсөтүп тура калды. Арабадан түшкөн жигит:

– Эй, кары, – деди колу менен анын койнун түртүп, – сен мунун казын койнуңа катып алган турбайсыңбы? Сен уурдаба, сура.

Бектурган унчуккан жок. Таягын таштап жиберди да, жаман чапанынын жакасын ачып койнундагыны көрсөттү. Ширеңкенин талындай болгон баланын арык салаалары кыбырады жана сөөктөй кубарган баланын башы көрүндү.

– Мына, каз! Мен муну уурдап алганым жок! Өлгөн энесинин үстүнөн алдым. Кааласаң ал, – деди Бектурган.

Жигит чочуп кетти. Арабадагы аял катуу, катуу сүйлөдү да, арабадан ыргып түшүп, Бектурганга карай чуркады. Бектурган түшүнгөн жок. Бирок анын жамандык кылбасына көзү жетти. Баланы колуна алып олтура калды. Метрейдин уулу унчуга алган жок. Тору бээге ыргып минди да, кайта чапты.

Аял Бектургандын колундагы баланы унчукпай ала койду да, кайта чуркап арабадагы таарды баланын алдына жая салып, ары бери оонатып тыңшады. Анын оозун карады... Бектурган эчтеме түшүнгөн жок (ал өмүрүндө догдурду көргөн эмес), илмеңдей басып аялдын жанына барды. Араң жан баланын кыңылдаган үнү сызылды. Аял баланы орой салып, кыргызча таптак сүйлөдү:

– Сен жакшы адамсың. Бала өлбөйт. Бул сенин балаң болот – деп, баланы орогон таары менен кошо Бектурганга берип, чоң бөлкө нанды да кучактатты.

Жигит унчуккан жок. Бирок Бектурганды тиктеп турду да сүрөттүү кагаз акчаларды анын колуна карматып, жылмайган бойдон арабага түшүп жөнөп кетишти. Бектурган ишенбеген эмедей алардын артынан бир аз тиктеп туруп:

– О, кудай, бул канча... сом берди! Булар Кыдыр болсо керек! Булар, Кыдырдын өзү! Биз өлбөйбүз. Биз өлбөйбүз! – деди. Чеңгелиндеги кагаз акчаны койнуна сала койду да, бөлкө нанды кучактаган бойдон араң жан баласын өпкүлөп жиберди. – Сен бактынын өзү болбо, балам! – Бектурган үнүн чыгарганда, кубанычтын жашы анын күмүш аралаган сакалын жууп жиберди.

## XII

Күндөр мончоктой тизилип, жылдардын кучагына кысылып жатты.

Бектурган карыянын сакалы уя баскан куунун чалгынындай бириндеп аппак болду. Бирок сонун карыды... Мүнөзү жумшак, көңүлү куунак болуп кетти. «Беке, канчага келдиңиз?» деп сурап калгандарга:

– Балам, жыйырма экидемин, – деп кыткылыктап гана жооп берет. Кээде топусун алып, бийик кабагын көтөрөт да, эки колу менен башына сыйпалап:

– Башым мөңгүдөй жалтырак, сакалым күмүштөй жылтыраганына таң калбагыла. Ал туулганымдан жашаганыма чейинки жылдардын белги тамгасы. Менин толук өмүр сүргөн жашым жыйырма эки гана жыл болду. Кээ бирөөлөр мени сексен беште дешет. Сексен бешке чыгууга менин убактым да жок, шашылышым да жок. Бактысыз жашаган кезимди эсепке албаймын, ыраспы? – деп кууланып күлө турган адатка жолукту.

Адамдын жашаганын көрө албагандыктан эместир, ошондой болсо да кээ бирөөлөр:

– Укмушуң кургур, Бектурган менен тең арчалар да куурады. Бекем, эмдиге күүдөн кала элек, – деп таңыркаша турган болду.

– Бектурган эмнеге карысын! Бай жебеген тамак жейт, өмүрүндө кийбеген кийимди киет. Эки уулу эки жолборс болуп чыкты. Бири китеп чыгарат, экинчиси улук... Сарайдай үйгө олтуруп, дасторконду жайдырып, чайды куйдуруп коюп: «Мен Өмүрбегимдин ырын угам» – деп радионун алдында сакалын сылап гана олтурат. Ошенткен киши да карыйбы, – дешет кайсы бирөөлөрү...

Бектургандын карылыгы уйкусунун жоктугунан гана байкалат. Жайында болсо кузгундан мурун туруп, малдарды өрүшкө чыгарат. Кыш болсо: сагызгандан да сак, арык тайлардын арасына барып, кыдырата карап, чыласын тазалап, өзүнөн өзү күбүрөп, өзүнөн өзү убараланат.

«Жарыктык карыя, убараланбай эле олтурсаңызчы» дегендерге:

– Э балдарым! Бир сом жарты тыйындан куралат, – деп сакалын сылап бир аз тиктеп турат да, – чоң иш болсо да кичинекей эмгекти жерибейт. Силерге караганда менин ишим кумурсканыкы сыяктуу. Ошондой болсо да иштегим келет. Аттиң, карылык! Силердей жаш болсом, тоону томкоруп, иштин жүрөгүн түшүрбөс белем, – дейт...

Бектургандын мүнөзү кээде куду бала сыяктуу. Бир күнү жалпаңдап намаз окуп калат, кээде туруп, кээде отуруп окуйт. Кээде намазы менен иши жок, белин курчанып алып: «Ой, турсаңарчы! Силерди эмгек күтүп турат, уйкунун түбүнө жетет белеңер, тургула!» – деп эшик-эшикке барып, кыйкырганын жакшыраак көрөт.

Мына, Бектургандын турмушу, кыял-жоругу ушундай. Ушундай мүнөзү жаш, көңүлү куунак киши. Сексен бешке чыкты.

Улуу баласы Ысман МТСтин директору болуп, өзүнүн районуна жакын баргандан бери карыя бөтөнчө кубанды. «Эми ушинтип үйгө жакындасаңар. Эч болбосо эки айда бир көрүнүп койсоңор эле мага чоң **тогонок**», – деп балдарын дайыма көрүп олтурууну сүйө турган болду.

Өмүрбек болсо өмүрүндө үч гана көрүнгөн, биринчи жолукканда:

– Ээ, айланайын! Келинчегиңди эмне ала келбейсиң? Келинчегиң догдур дейт, мага бир көз айнек берип жиберсин, келиниме айта бар, – деген эле, экинчи жолукканда:

– А, кулунум! Келинди баласы менен алып келип, жайлоонун шиберине бир ойнотсоңчу. Шаардан чыкпай турган эмнең бар? Ысмандын балдарын карачы! Чымчыктай болуп тайга минип жүрүшөт. Сенин балдарың малды да таанnetworkыбас, – деген эле. Ал Өмүрбекти үчүнчү көргөндө:

– О, балам! Мен карып баратам. Баламдын бирин сүйүп жүрөйүн, жайында келгенде ала келип таштап кет. Мен аларды каймак менен сыйлап, жөжөдөй ээрчитип, карагат тердирип ойнотоюнчу! Анан силерди ээрчигенин көрөйүн, – деп тамашалай сүйлөсө да, сөзүнүн аягында:

– Балдарым чоочун болуп кала турган болду, мен сени ошентсин деп чоңойттум беле! Балдарың жалаң эле орусча сүйлөйт дейт. Мен алар менен кантип сүйлөшөм... Алар мени чоң атам деп да айтпас, – деп көзүнүн жашын кылгыртып жиберген эле.

– Таарынба, атаке! Июль айында балдардын баарын алып келип берем. «Атамды мен кемпир болгондо көрөмбү» деп ке-

линиңиз дагы урушуп жүрөт, – деп Өмүрбек атасына катуу убада берген эле.

«Мына бул кулундун энеси чалыш, атасы зоот, ушуну кичинекей орусума арнадым» – деп айткан торсойгон тору кулун керилген кунан болду. Эки уулунун тун балдарына атайын олтургузган алма чырпыктары гүлдөп мөмөлөй баштады. Кийинки балдарына арнаган алмалары жашыл жалбырактарын жайып, назик желге баштарын чайкап, эркелеген эмедей болуп көрүндү.

Аксакал алмаларын аралаганда, балдарын ээрчитип жүргөн эмедей өзүнөн өзү жылмайып, жөргөмүштүн тор желелерин чебердик менен алып таштайт да, имерип карап: «Жөжөлөрүм эми келсе экен?» – деп аларды самайт...

Бир күнү алманын көлөкөсүнө жалгыз олтуруп, төлгө тартты да, кемпирин чакырып алып:

– Карачы! Төлгөгө караганда, балдарым быйыл да келбейт... Бая күнү түш көрсөм, Өмүрбек толгон эле кездеме алып жатат эле. Кездеме башка жакка бара турган узак жол болот. Ал Маскөөсүнө дагы кетет окшойт. Түшүм төлгөгө туура келди, – деп төлгөнүн бир ташын которуп коюп:

– Эгерде төлгө мына мындай босогого түшсө, анда алар сөзсүз үйгө келет эле!.. Эми мейличи, кайда жүрүшсө да эсен жүрүшсүн, – деди Бектурган.

– Быйыл келишпесе, анда өзүм барып келем, – деди кемпири.

– Барсаң бар, – деди Бектурган, – алар чоң кишилер, алардыкына чоң кишилер келет. Алар жагалмай моюнданышып столго олтурушат. Сен салпайып жерге карай качырарсың. Анда чоң кишилерге уят болосуң. Барып калсаң, сен ошону эсиңден чыгарба! Алардын алдында балпылдап да көп сүйлөшпө! Тамак жегенде окшоштуруп, айрынын учу менен жегин. Сенин уйкуң жаман, ошого сак бол. Балдардан кийин жатып, эрте тур! – деп сакалын сылап, төлгөнүн ташын жыйнап, аны өөп туруп маңдайына тийгизди.

1. Повестти толук окуп, анын идеясын айтып бергиле. Кандай белгилер муну автобиографиялык чыгармага жакындатып турат?
2. Чыгарма кайсы мезгилдерди кучагына камтыйт?
3. Бектурганды мүнөзүнө таандык кандай белгилерди байкадыңар, алардын негизгилери кайсылар?
4. Бөкөнчү менен Бектургандын ортосундагы кагылышты сүреттөгөн эпизодду жатка көркөм айткыла. Бектургандагы адамгерчилик сапаты кайсы эпизоддордон даана көрүнөт?

5. Жаңы доордо Бектургандын жан-дүйнөсүндө кандай өзгөрүштөр болду, ал эмгек, сулуулук жөнүндө эмне деген ой жүгүртөт?
6. Сексен беш жашка келген Бектургандын: «Жыйырма экидемин... Менин толук өмүр сүргөн жашым жыйырма эки гана жыл болду» – дегенин кандай түшүнөсүңөр? Бектурганды сен кандай элестетесиң? Эгер сүрөтчү болсоң анын сүрөтүн тарта алар белең?
7. Чыгармадагы Ысман, Өмүрбек, Гүланда, Табылды деген кимдер, алар кандай сапаттары менен сүйкүмдүү?

**үркпөгөн** – 1916-жылы качпаган
**турпанчылар** – Турпан шаарынан кайткандар
**тогонок** – ыраазы болорлук, каниет

## «Жараланган жүрөк» повести тууралуу

Аалы Токомбаев – эки доорду башынан өткөргөн жазуучу. Бөтөнчө ага кыргыз элинин 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылы чоң таасир калтырган. Ошондуктан бул оор трагедиялуу окуя Аалы Токомбаевдин чыгармачылыгында өзүнчө бир тематиканы түзөт. Ага арналган чыгармаларынын бири – 1940-жылы жарык көргөн «Жараланган жүрөк» повести. Анын жаралышы жөнүндө автор: «Бектурган аттуу кайырчы карыяга мен 1917-жылы жаздын күнү текей терип жүргөн жеримден кезиктим. Ал киши мага кандай сонундарды сүйлөбөдү!.. Менин ошол тентиген турмушумдун кай бир сызыктары кийин «Жараланган жүрөк» повестинен орун алды», – деп эскерет. А. Токомбаев бул чыгармасында оор турмуштун запкысын көргөн адамдардын тагдырын таамай сүрөттөйт.

Сүрөткер эскерген Бектурган повесттин башкы каарманы болду. Ал Октябрь революциясына чейин турмуштан бир да жакшылык көргөн жок, өмүрү кайгы-муң менен өттү. Повесть ошол кайгылуу учурдун бир элесин сүрөттөө менен ачылат. Жайдак, кунарсыз талаа, анда эрбеңдеген караан жүрөт. Ал – баласын ээрчиткен Бектурган. Бопбоз талаа бирде Бектургандын азаптуу турмушунан кабар берсе, бирде адилетсиз заман Бектургандай эзилген адамдар үчүн ар дайым жайдак болуп кала бере тургандыгын баяндайт. Анын көзүнөн чыккан азаптуу жаш кимдин болбосун жүрөгүн ачыштырбай койбойт. Бирок Бектурган мындай тагдырга биротоло мөгдүрөп калчу адамдардан да эмес, буга анын Бөкөнчү менен болгон кагылышуусу ачык күбө боло алат. Жокчулук аны илбериңки да, бир караганда жалтак да кылды. Ошондой болсо да, кырдаалга жараша Бектурган орундуу да, жүйөлүү да сүйлөй билет. «Мырза, кудаанын тагдыры экен. «Байлык эмне дегизбейт, жокчулук эмне жегизбейт» –

дегендей, башыбызга күн түшүп, кайыр сурап жүрөбүз. Ачкачылык абийирге моюн сунар эмес» –деген Бектургандын бул нускалуу сөзүнөн өзүнүн табиятына ылайык басыңкы үн да, макал аралашкан жүйөлүү чындык да байкалат.

Бирок жалтактык анын мүнөзүнүн негизги белгиси эмес. Ылайыгы келгенде ал – бай-манаптардын үрөйүн учурган каардуу-катаал, жалтанбаган баатыр. «Оо, жаратkандын күчү! Бул үй эмес мүрзө тура! Бул олтургандар тирүү адам эмес, арбак турбайбы!.. Албаган алигиң үчүн бизге салам айтаарсың!» – дейт саламды жоопсуз калтырып, текеберсинген Бөкөнчүгө. Анын ар бир сөзүнөн, кылган ишинен жогорку адамгерчиликтин чыныгы үлгүсүн көрөбүз. Ачкачылык алкымдап турса да, бирөөдөн алган он чакты чий боорсокту, бир ууч талканды Айша менен бөлүштүргөнү, кийин ал өлгөндө баласын багып алышы Бектургандын жанда жок боорукердигин, ченемсиз айкөлдүгүн, нукура акылмандуулугун көрсөтөт.

Бектурган үчүн баарынан ыйык нерсе – адам, себеби ал баарын жаратат. «Адамзат бирин-бири жоготуп жатат. Күчтүүсү күчсүзүн жыландай соруп баратат. Же дүйнө ушундай жаралганбы? Жок, мындай эместир. Адамчылык жакшы», – дейт Бектурган. Анын бул ой жүгүртүүсүндө адамдын кудурет-күчүнө болгон чексиз сүйүү да, ишеним да бар.

Бектурган – баатыр, эл кишиси. Анын бул касиети Бөкөнчүнүкүндө, Метрейдин көпкөн баласы менен жолугушканда да, Ысаны өлүмгө өкүм кылгандагы эпизоддордо да кашкая көрүнөт. Андагы баатырдыктын негизин адамдарга деген таза сүйүү, чыныгы жашоого болгон умтулуу жана теңсиздикке каршы кайнаган жек көрүү сезими түзөт. Мындай асыл сапаттарга ээ адамдар баатырдык кылайын деп ойлобосо да, кандай шартта болбосун эр жүрөк, эл кишиси бойдон кала берет.

Тээ, азаптуу турмуш жаралаган жүрөгүн айыктырган жаңы доордо Бектурган карыгысы келбейт. Ал үчүн эл да, жер да, эмгек менен жашоо да, жада калса күндүн батып-чыкканы да жаңы. Ошондуктан ал ар дайым: «Жыйырма экидемин... менин толук өмүр сүргөн жашым жыйырма эки гана жаш болду. Кээ бирөөлөр мени сексен беште дешет. Сексен бешке чыгууга менин убактым да, шашылышым да жок. Бактысыз жашаган кезимди эсепке албаймын», – дейт. Эски доор Бектургандын жүрөгүнө так салды, канжар сайып жаралады. Ал эми жаңы доор жүрөктүн айыкпаган ошол жарааты менен дартына дабаа тапты. Адамдагы эң улуу касиет ал кандай гана шартта жаша-

басын, өзүнүн адамдыгын жоготпоо экендигин биз Бектургандын түйшүктүү өмүр жолунан көрөбүз. Ошон үчүн Бектурган карыбайт, бүгүн да биз менен аралашып, бактылуу күндүн ыракатына балкып, дүйнөнү суктануу менен карап тургансыйт.

Бектургандын балдары Ысман, Өмүрбек, Табылдыда атасынын асыл сапаттары сакталып калган. Алар кыргыздын алгачкы интеллигенттеринен. Кесиптери ар башка болсо да баарына мүнөздүү жалпылык бар, ал – эл кызыкчылыгын көздөө, эл таалайы үчүн күрөшүү. Бул жагынан алар атасына өтө окшош, атасы үчүн да, биз үчүн да ушул мүдөөлөр кымбат. Алардын адамдык касиеттери иште гана эмес, адамдарга жасаган мамилесинен да ачык байкалат.

Чыгармадагы Бөкөнчү, Супа молдо, Метрейлер – терс каармандар. Булардын ар биринин өз алдынча өзгөчөлүктөрү бар болгону менен түпкү максаттары бирдей. Орус кулактарынын өкүлү Метрей өз кызыкчылыгын коргоп калууга жанталашса, Супа молдо шарият жолуна таянымыш болуп, элдин башын айландырат, өзүн жана байларды эл алдында ниети ак кылып көрсөтүүгө далбастайт. Бөкөнчү – байлыгына чиренген, ага биротоло көз каранды болуп калган адам. Колунан бир сындырым нан чыкса, өлүп берүүдөн да кайра тартпаган ач көз, сараң. Бир жалам талкан үчүн Супанын Ысаны өлтүрүшү, өлүм алдында турган Айшаны Бөкөнчү итине талатып, үйүнөн түртүп чыгарганы буга ачык күбө боло алат.

Терс каармандардын бири – Тарпаңбай. Ал – чүмбөттөлгөн адам, өзүнүн былык иштерин, тескери ойлорун билдирбей, тымызын жасоого маш болуп бүткөн. Эл алдында билимдүү, маданияттуу, гумандуу болуп көрүнүү үчүн жанын таштагандардын бири. Жазуучу Тарпаңбайдын керт башынын кызыкчылыгы үчүн ар кандай арамдык ишке барып, адамгерчилик, жигитчилик намысын кандайча булгагандыгын көрсөтүүгө аракеттенген.

# ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ

## (1912–1997)



Мен боз үйдө төрөлүпмүн[1]. Ал күнү – 1912-жылдын 14-майы экен. Үч жашымда атам Сыдыкбек дүйнөдөн кайтты. Ага-тууган, курбу-курдашы сыздап, атамды жерге берген кайгылуу күн али кезге көз алдымда.

Ал кезде азыркыдай көчө бойлотуп ирети менен имарат куруп, үй артына жемиш бактарын отургузуп кыштакташуу жок. Ар ким өзүнчө көктөм конушунда малын төлдөтүп, жайында жайлоолоп, күздө күздөктөп, кыш түшөрдө кыштоосуна үйүн кондурчу. Биз да ошолордун бири болчубуз. Бир күндөрү эле:

– Азаттык талашып, азып-тозгон калкыбызды Өктөбүр көңтөрүшү боштондукка чыгарды! – деген ураан тарады эл арасына. Кыргыз жерине Совет бийлиги келди.

Өткөн кышта Түнкатар деген молдокеден үч ай сабак алып, «Аптиек», «Куранды» эжелеп окуп калгамын. Быйыл 1920-жылдын күзүндө биздин айылда жаңыча окуу башталды. «Туңгуч мектеп» аталганы менен биз окуган жай мектепке али окшой элек кез. Мурдакы төө кепенин үстүн жаңылап, керегесинен оюк чыгарып, ага карын жабыштырып – терезе кылып, тамаңына саман төшөлүп, анда балдар жалпак олтуруп окуу башталды. Жазууга кагаз, карындаш жок. Тамгаларды көбүнчө, жалпак жыгачтын бетине, не алаканыбызга жазып жаттаган учурларыбыз болду.

1921-жылы күзүндө кожоюн Коровин мени Караколго (азыркы Пржевальск) алып кетти. Күндүз үй жумушуна кол кабыш этемин. Кечкисин бир маал Ыйман, Илларион жана мага биздин кожоюн өзү сабак бере калат. Ошентип үй жумуштарын иштеп берген биздин күчүбүз кожоюнга пайда. Ал кишинин бизди бакканы, окутканы бизге пайда. Бул кыш бою орус тамгасын өздөштүрдүм. Аздап тил үйрөндүм. Кийинки жылы Коровин Кең-Сууну кыштады. Бул жолу да мен ал кишиден сабак

[1] Жазуучу өзү баяндаган өмүр үзүндүлөрүнөн.

алдым. Кадимки мектептен толук сабак албастан, төрт жыл бою жаңыланган алгачкы алиппени кайталай берип, 1923-жылы күзүндө А. П. Чехов атындагы I баскыч мектептен окуй баштаганымда гана толук программада сабак алдым.

Кийинки жылдары мен жалгыз туралбай калдым. Элеттен келген тааныш балдарга кошулуп, бирде Айты апа деген уйгур кемпирдин тамында, бирде Алымбай деген **далдалчыныкында,** бирде деле кандайдыр бир бейтаанышттын үйүндө жүрүп, биринчи баскыч мектепти бүтүргөнүмдөн кийин, эптеп Фрунзедеги окуу жайларына жетишке аракеттендим. Бирок борбордук окуу жайына кандай барыш жолун өзүм да билбедим. Жол көрсөтүп, мага жардам эткен киши да болбоду. Окууну Крупская атындагы экинчи баскыч мектептен уланттым. Канчалык тилектенип тырышсам да, ал мектептен окуу мага оордоду. Неге дегенде, анда окуган балдар мектептин муктаждыгы үчүн акча төлөшөт экен. Мен аны төлөй албадым. Алсыз **мусапыр** өңдөнүп корундум. Басындым. Экинчиден, улам барган сайын турарга үй табуу кыйындады. Акем Түмөнбай мага каражат жагынан жардам этмек тургай: «Кечке эле окуй бересиңби. Андан көрө соко айдашып мал багышып бер. Таңдан кечке каржала иштеп жалгыз мен кыйналамын. Көмөк көрсөтүп жанымда жүр», – деди. Ага мен көнбөдүм. Окууну калтырсам эле өз өмүрүмө энчилеген чоң асыл нерседен куру калчудай көрүндү. Фрунзеге окууга кетип жаткан балдарды көргөнүмдө ичим ачышты. Эчен жолу көзүмө жаш келди. Мага жардамы жок болгону аз келгенсип, окуудан айнытканы үчүн ичимден акеме таарындым. Менин дартымды билген энем:

– Ошо ичкерки калаадан окуймун деген тилегиңе жеткин, балам. Жалгыз каржалдым деген акеңдики да эп. Алты ай жайы, күзү менен жаны тынбайт... Ага таарынба. Оору-сыркоодон аман болсоң, окуп кетерсиң... Ал жакта окуган балдарды өкмөт өзү багат тура. Жеткидей жол чыгымың эптеп камдайбыз. Тирүү жан турбайбызбы...

Энемдин ушул далалаты мага чоң өбөлгө болду. 1929-жылдын август айында мен Фрунзеге келдим. **Агартуу Наркомунун** жол-каты боюнча айыл чарба техникумуна өттүм. Энем айткандай ошол күндөн тартып мени өкмөт бакты...

1931-жылы Ашхабадга барып кой асыроо факультетинин биринчи курсунда окуй баштадым. Окуу кызыктуу, көңүлдүү жүрдү. Бирок жүз он киши жаткан зал – жатаканабыз суук. Тамак жагымсыз, начар. Ага кошумча дайыма бубактанган

Ашхабад абасы мага жакпады. Көрсө, Караколдо оор шартта ач калып жүргөнүмдүн салакасы эми ойгонуптур.

Адегенде өпкөмдүн көк этине суук тийди. Арадан жылга айланбай **кургак учук** мени алып жыкты. Окуу менен аргасыз коштоштум. Ажал менен алышып узак жылдар оорулуу болдум. Эгерде доктурлардын жардамы, эми болбосо, эгерде мен өзүмдүн эркиме ишенбей, кейикчээл, жашык болсом, оор кеселден балким сакая албас белем? Ким билет.

Эркиме ишендим, кургак учуктан сакайдым. Ак үмүтүм улап – өзүмчө окудум, тырышып иштедим. Жазуучу болдум. Неси болсо да эрктүүлүк максатка жеткирет экен.

**Октөбүр көңтөрүшү** – 1917-жылдагы Октябрь революциясы
**далдалчы** – мал базарда сатарман менен алармандын ортосунда ортомчу болуп баа бычуучу киши
**мусапыр** – жолго чыккан, үй-жайсыз сапардагы киши, элинен ажыраган бечара
**Агартуу наркому** – Агартуу эл комиссариаты
**кургак учук** – өпкөнүн кагыны, өпкөгө суук тийгенден, сезгенүүдөн пайда болуучу оору, туберкулёз

1. Залкар сүрөткер, чоң романчы Т.Сыдыкбековдун өмүрү, чыгармачылык жолуна байланыштуу кандай пикирлерди окугансыңар?
2. Анын кандай чыгармасы менен таанышсыңар, алардын ичинен силерге өзгөчө жагып, таасир калтыргандары кайсылар?

## АКЫЛМАН КУУДУЛ

*(повесттен үзүндүлөр)*

### *Алгы сөз*

Т. Сыдыкбековдун чыгармачылыгында күлкү келтирерлик окуяларды сүрөттөп жазуу кеңири орун алган. Маселен, «Көк асаба» романында байыркы мезгилде уруш күчөп турганда Шап куудул душман колуна каршы куурчактан түмөн аскер курап, жеңишке жеткенин, ошонусу менен кыргыз колун күлкүгө батырганын сүрөттөсө, «Кең-Суу» (кийин оңдолгону «Тоо арасында») жана «Ыманбайдын пейили» романдарында Ыманбайдын күлкү келтирер кызык окуялары арбын, Омор акенин («Тоо балдары») да комикалуу жактары анын образын толуктап турат.

Жазуучу «Күлкү – өмүр ачкычы» деп Жоошбай, Көкөтөй, Куйручук жөнүндө угуп-билгендерин, көргөндөрүн көркөм сөздүн күчү менен шөкөттөп чыгармага айландырды, аларда калк ичинде сөз кудурети менен калайыкка таанымал тарыхый инсандардын кайталангыс, ажайып бейнеси ачылат.

## «АКЫЛМАН КУУДУЛ» ПОВЕСТИ КУЙРУЧУК ЖӨНҮНДӨ

Куйручук деген ким?

Кудайберген Өмүрзак уулу **1866**-жылы азыркы Нарындын Жумгал чөлкөмүндө Курманкожо Кулчугач элинде туулган. Атасы Өмүрзак Султанкан дегендин койчусу болгон, кыйын күндө эптеп өмүр өткөрүшкөн. Кудайберген керели кечке бешикте жатып, багуу жарашпай, итийге кабылып, куудалы болуп, бешке чейин бечел атка конду. Беш баласын таштап апасы өлгөн соң, «жетим өз киндигин өзү кесип», уят-сыйытты коюп, тиленипсуранып, майда-чүйдө иш кылып, жанын бакты, бир туугандарына каралашты. Жашынан эле анын куудулдук таланты жанына жай бербей элди күлдүрүп, бирөөлөрдү мыскылдап, бирөөлөрдү мактап-жактап, айлакерденип, чеченсинип оокатын тапты. Барабара мунусу атайын өнөргө, анын чыгармачылыгына айланды, аш-тойлорго чакыртчу болду. Белгилүү инсандар Мырзабек болуш, Көкүмбай, Курман, Түркмөн сыяктуулардын да алдында тилин тартпай, тигилердин да мүнөзүндөгү, иш-аракетиндеги өксүктөрдү сөз менен «жайлап», эл ичинде зоболосу жогорулайт, бийлик менен эрөөлгө чыгат. «Куйручук антиптир», «Куйручук минтиптир» деп узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына таанылат, жалпы саяктын эле сүймөнчүгү болбой, жаамы кыргыздын куудулуна айланат.

«Байыртадан бери алпка, жоокерге күч берген куудулдук күлкүнү Көкөтөйлөр, Куйручуктар улады. Куйручук күлкүсү тек элдир-селдир кеп, серең-сураң кыймылы менен кишини кытыгылабады. Кенен ойлонулуп өз мезгилиндеги коом түзүлүшүн, кишилердеги кем-кетикти, терс жоруктарды сын кароолуна алды. Калайыктын оюн айтышты. Бей-бечаралардын, алсыздардын муң-зарын бөлүштү. Каражемсөө аткаминерлердин, алдамчы сүткорлордун ач көздүгүн, бийлик мыйзамынын калпыстыгын, чала молдо дин бузарлардын, чеченсип кеп салмагын кетиргендердин, акынсынып ыр касиетин качыргандардын, куудулсунуп айыл арасында ит кубалагандардын чекелерине тийген ок болушту кеменгер Көкөтөйлөр, асил Куйручук-

тар» – дейт жазуучу Т. Сыдыкбеков («Күлкү жана өмүр» китебинде, 313-б.). Куйручук 1943-жылы каза болгон.

Силер алдыда тааныша турган аңгемелер ошол куудулдун айрым бир окуялары. Албетте, куудулдук өнөрдү сөз менен айтканда тузу кемий түшөрү бышык, аны ошол кишинин мимикасы, кыймыл-аракети менен көрсөң, уксаң ошондо толук жетмек, бирок андай таланттар бир келет да, бир кетет турбайбы, кантсе да Түгөлбай абабыз ошол учурларды кармай калып, сөз менен берип жатат. Анда окуп чыгалы.

## КУЙРУЧУК АТКА КОНГОНДО

Кыш камын ойлогон кишилер дайыма айыл кыдырып кымыз ичип, бейкам жайлоодо жүрө албайт дечи. Эрте жазда аздыр-көптүр жер чийип арпа, буудай, таруу үрөнүн сепкендер бир маал жайлоодон салт келишип ошо эгиндикке суу жаймай, таруу отомой, чөп чапмай, көң куймай дайыма болот. Көчмөн болсо эле ээрден түшпөй тоо-тоодо жүрө бермек беле.

Көчмөн журт деле байыркы замандан дыйканчылыкты өнүктүргөн. Ата-бабанын байыркысын иликтеген санжырачы карыялар кеп салышат:

– Бабам Манас Аккуласын **буурсунга** чегип, жер чийдирген тура. Желин тарткан акка марыйт. Кап сааган эгинчинин балдары май токоч, **көөкөр токочко** тоюп, өздөрү боорсоктой кызыл бет болуп чоңоёт.

Дан жарыктык адам уулунун эзелкиден ырыскысы тура!

– Эй, балдар. Эгиндикке суу жайып келгиле. Чөбүңөрдү чаап алгыла! – дешет аталар балдарына.

Чөлдөгөндө эзип ичер сүзмөсүн, айран, жууратын, серке чаначтарда дирдийте атка теңдене, төшөнчүлөрүн бөктөрүнө бешон күнчө, талаа жумушуна келген жайлоочулар жылда ошо өзөз эгиндигинин четинде бейкапар коно жатышчу. Сугатчы кечке сугатында, көк майсан эгиндикке жылт-жулт суу жайылып, ар бир тамырга суу жеткенче өз суусуну кангансып ырдап коёт. Чалгычы далдайып чалгысын шарт-шарт шилтей, солду тартат. Калың чыккан көк чөп сунала-сунала жыгылып, жагымдуу **көк ийсине** өпкө толот, дыйкан пейилин көтөрөт.

Кышкысын малга азык, шилелүү оттун азыр ушу сонун ийси кишиге дармек берип жаткандай.

Жылда ушинтип эгиндикте иштеп: сугаты, чабыгы, отоосу аяктаганда көңүл жай жайлоого малына кайтып жүрчү кишилердин быйыл ыркы бузулду. Ырк бузулбай кантет. Эч качан

болуп көрбөгөн уурулук башталды: тамак уурдоо, төшөнчү уурдоо, кийим уурдоо...

Бул эң терс жосун. Эч убакта көчмөн журт биринин үйүнөн бири тамагын, не кийимин, төшөнчүсүн уурдап көргөн эмес. Жоокер мүнөз эркектер атайылап ат таптап, курал камдап, анан, жоого аттанып чабуулга бараткандай камдана чыккан кол ашыркы журттан жылкы тийип келүү – уурулук деп эсептелчү эмес.

Жылкы тийүү – жоокердиктен келаткан эрдик салты. Башка журтка бир заманда өтүп кеткен **барымтаны** кайтаруу. **Жетим акыны** кайтаруу. Деле нак эрдикти даңазалоо. Алың жетсе, кайрып ал. Жетпесе, зарлап кала бер дегенди билдирип шайдоот жүрүү – уурулукка саналбайт дечи.

Эми ошентип эрдик, наркты туткан журттун бир айылында жаман жосун башталды. Талаа-түздө өз-өз эгиндигинде иштеп жүргөн жай кишилердин биринин чаначы менен сүзмөсү, айраны, биринин чапаны же төшөгү жоголду.

Бирок уурунун ким экени табылбады.

Тамагын, буюмун жоготкондор коңшусун ууру тутту:

– Сен албаганда ким алат. Бер. Ак болсоң, **касам ич**. Куран карма!

Бул аябаган чоң каралоо. Ак киши касам ичпейт. Өзүн ак жерден ууру туткан коңшусуна таарынат, ызаланат.

Уурулук тыйылбады. Же башка жактан келген жат киши жок. Же жерден чыгып соруп жаткан жан алгыч жок. Тоосу – тоо, өзөнү – өзөн эле. Деле бирди-жарым ууру болсо, аны журт бат эле таап алчу.

Эми чаначы менен сүзмөнү, жууркан-төшөктү, аяк, табакты уурдаган шумурай ким, жиги билинбеди.

Бул журт ынтымагын бузган терс жосунду токтотуш үчүн кишилер бүт мүрзөгө келишти. Көзү өткөн ата, энелери, бабалары, ага-туугандарынын сөөгү жаткан мүрзө.

Эгинчилер ууру туткан кишилер – ак. Алар ошо актыгын ишендириш үчүн арбакты күбө тутуп алардын ар бири журт алдында касам беришти.

– Дыйкан-бабанын жолун жолдоп өз эгиндигине ак эмгектенген кишинин мүлкүн алсам ушу мүрзөдөгү ата-бабанын арбагы урсун! Укум-тукумум жакшылык көрбөсүн! Кечке жаным жетпесин! – деп калтаарып турушту.

Анда-санда гана үн чыгат:

– Ак экен! Ак экен!

Чын ууру табылбай жатты дале.

Бир маалда ошо ууру туткандардан касам алып жаткан аким-кишинин бири көчүк баскан чий дүмүр кыймылдагансыйт.

– Ой! – деп аким-киши чочуп тура калды. Өзү да арбактарды көз алдына элестетип сестенип олтурган.

Кантсе да жер астындагы «арбак» бар күчүн салып чий дүмүр көтөрүп жаткан белем. Үстүндөгү киши тура калганда чий дүмүр өзүнөн-өзү көтөрүлө түштү да алдынан «жылаңач арбак» чыгып келатты.

Коркуп кеткен кишилер кача жөнөштү.

«Жылаңач арбак» ийинче жерден чыгып качкан кишилерге таңдана карады. «Ой силерге эмине көрүндү. Бу жерден Жек чыккан жок мен – Кудайберген чыктым» деген караш.

Жүрөк токтоткон кишилер обочодон Кудайбергенди тааный коюшту:

– Ой, арбак эмес тиги... баягы Кудайберген жетим...

Коркунуч, ачуу, күлкү бирер мезгилдей кишилерди бушайман этти. Ак жерден ууру тутулгандар бу шум баланы камчы алдына алып сабагылары келишти. Капкайдагы шумдукту баштаган шумурай, сенин жоругуңдан мен ууру атандым деп ызырынарда... деле бул кең, жарык, кызыктуу-сонун дүйнөдө ушундай кызыктар да болот агайын. Силер эминеге дүрбөйсүңөр. Эминеден коркуп, кимге ачууланасыңар. Мен кадимки эле Кудайбергенмин. Чын арбактар мынабу менин айланамдагы боз мүрзөлөрдө уйкуда. Силер пенделик этип алардын тынчын албагыла дегенсип Кудайберген момурап жарыкчылыкка күлө карады.

Корккондордун жүрөгү ордуна келди. Ачуулангандардын ачуусу тарады. Күлкүчүлөрдүн күлкүсү уланды...

Көрсө, аким-киши көчүгүн койгон чий дүмүр Кудайбергендин үңкүр үйүнүн «түндүгүнө» коюлган тыгыны экен. Мүрзө арасында жер астында атайы оюлган үңкүр-үйдө Кудайберген өзүнө-өзү кан болуп: алдына жууркан төшөп, башына жаздык коюп, суусунга жуурат ичип, анан:

Асманда тийген Күнүм бар,
Аксарай-үңкүр үйүм бар.
Кудайберген бек-заада –
Өз башына өзү кан...

деп ырдап жатчу экен.

Эми ошо Аксарай-үңкүр үйдөгү буюмдарды өз-өз ээлери таанып алышканда Кудайберген жалпыга угуза өкүндү:

– Аттигиниң ай… аттигиниң ай… Бу жарык дүнүйөдө кебелбей доор сүргөн бир да бек, бир да кан, бир да падыша болбойт экен го, чиркин. Ушу арбактардын арасында, жердин астында Асмандагы Күндөн жарык алып турган менин Аксарайтактым бүлүндү. Кимдин дүнүйөсү кимге **опо** болсун деги…

Корккондор, ачуулангандар, күлгөндөр да Кудайберген баланын жоругуна таң калышты, күлүштү. Анын айткан акылдуу кебине баары ыраазы.

– Эл-журттун намысына жарачу жетим тура, бу Кудайберген бала! – дешти бир даары.

– Ойго келбес жорукту иштеген ойчул тура! – дешти бир даары.

– Эпке келбести эптеген эпчил тура, бу бала!

– Ушу ойго келбести ойлогон, эпке келбести эптештирген бала узун куйрукту чолок куйрукка улап коёт. Андай иш колунан келген киши эл-журттун намысына жаралат. Бу баланын аты Куйручук болсун. Аллоо-акпар! – деп карыя бата айтты.

– Алло-акпар. Кудайберген аты – Куйручук болсун! – дешти кишилер.

## БОРУКЧУНУ БОЗДОТКОНДО

Дале болсо Куйручук жалпыга анча алына элек кези. Баягыда не жуураты менен чаначын, не куржуну менен токочун, не чепкенин, жуурканын уурдатып кийин үңкүрдөн табышкан кишилер эти тирүү, сергек, амалкөй баланы «ууру» атап жектешпеди. Тек куу, шумпай жетимдин ал жоругуна күлүштү.

– Аман жүрсүн, ал бала.

– Же, **түндүктөн түшкөн ууру болот**, кийин. Же журт шайыры, бир көзөл чыгат, – дешип Куйручуктун андагы жоругуна кубангандар:

– Ай ким билсин. Эмитен иттин узун куйругун чолок куйрукка улаган неме, эр жеткен сайын эчен-эчен укмуштарды иштейт дечи.

– Иште-ейт. Хи-хи…

– Күлөөр бекенбиз, күйүтүн тартып жүрөөр бекенбиз.

Бул кезде Кудайберген – Куйручук жатактагы эгинчилерге кол кабыш этет:

– Маа ишенсеңер алым жеткенди ак иштеп берем, арамдык жок так иштеп берем акелер. Шектенсеңер, жектесеңер айлам барбы. Табакта сүтүңөрдү мите сорот. Чаначтагы айраныңарды жел аяк Желдибай, желип-жортуп Келдибайлар жутуп коёт. Аны баарын менден көрөрсүңөр. Тиш ырсайтып, мурун барбайтып,

муштум түйөрсүңөр. «Карма арамды», «Байла, шумурайды» дегениңерде баарыңдын кол-аягың тыбырайды... Хи-хи. Ошол кезде биздей мискин-жетимди ак периште колдоп алар. Кукең тамененин көзүнөн өтүп бейиштин жайлоосуна кетип калар! Хи-хи... анда кантесиңер...

Куйручуктун кебине кишилер күлүшөт:

– Бул баланы ак периште колдосо колдойт. Бу шумпай ийненин көзүнөн өтсө өтөт, айтканындай. Алдап-соолап ак иштетип алалы. «Кичине жылкынын жүгүргөнү билинбейт» болбосун. Куйручук балам тилинин тактыгына жараша орумду да жүгүрүп орот тура.

Ушуну айтышып кишилер Куйручук-баланы ак иштетип, кардын тойгузду. Алдабай акысын беришти. Артыкча бышкан эгинди маалында оруп алышка дыйкандар ашыгышчу. Орулбай маалынан өрө түшкөн эгин кубулөт – коромжу.

Бир жолу Куйручукту Борукчу деген киши чакырат.

– Эй жетим, сен ишин иштээр кишини таппай жүргөн турбайсыңбы. Жүрү, эгинимди ор. Жыргатам сени.

Күндөр өттү. Таңдан турган Куйручук көз байланганча орумда. Түшкү аптапта талоорсуп бир маал көлөкөлөй калса Борукчу ага зоңк этет.

– Ой жетим, ойноп бересиңби. Балага орок оруудан кызык оюн болбойт. Орум ойнун ойно. Жыргатам!

Бир жолу Куйручук Борукчудан сурады:

– Борукчу аке, Сиздин жыргалдын белгиси келди мага. Ал эминеси?

– И, айтчы жетим. Кандай белги?

– Таң эртеңде турганымда көзүм араң ачылат. Аптап кайнаганда башым айланат. Бир баш буудай кээде эки баш, кээде үч баш болуп көрүнөт.

Куйручук бул «жыргал белгилерин» тыяк-быяктагы кишилерге угуза үн салып айтат.

Эмине айтарын билбей кайсактай калган Борукчу тек күлгөн болот:

– ...Тектирди оруп ада эт. Козу союп беремин...

– ... Ошол козуңуз бүгүн союлса не. Борукчу аке...

– О, оңбогон жетим. Козу этин жеп сен экөөбүз олтуруп алсак бу куурап бараткан буудайды ким орот. Кой, куу капталданба. Чалаптан кере жутуп алгының. Оронту чамдап оргунуң. Жыргатам сени.

– Ырас Борукчу аке. Жыргалдын алды, чалап жутсам ичим чулкулдап калды-ы...

Борукчу укмаксан болду. Ошол күнү кечке маал Бозчологун токунду. Кандайдыр бир купуя ишке камынды. Аны алдыртадан байкаган Куйручук сыр алдырган жок.

– Орум ай жарыгында арбыйт э, Борукчу аке? – деп койду тек.

– Ананчы, жетим. Жаш болсоң да кыйланы байкайсың... Түнкү салкында киши чарчаганды билбей калат. Оро бер!

– Кадырыңыз жан болсун... Ай батканча шартылдатамын...

– Сени жыргатамын, – деп коюп Борукчу күүгүм талаш аттанып кетти.

Кечки сыдырым дандуу баштарды ыргалтат – куурап бараткан эгин «шуудур-шуудур». Өзү айткандай шартылдатса, орум арбымак. Борукчу бастырары менен Куйручук **акилис ороктү** боого батыра сайып өзү бир энчиден куру калбайын дегенсип декилдеп Борукчудан калышпады.

Кетилген айдын күңүрт жарыгы тиги локуя бастырган Борукчуну экилентет. Ал бийик чыккан куурайды аралап баратты эле, суугa чөгө түшкөнсүп Бозчологунун соорусу бозорду. Анан такыр **өтөктү** кесе барып өзөн бойлоду. Токой аралады. Бадал дүпүйүп, дүмүр дүмүрөйдү. Кээси тек капкара чапан кийип селейип турган кишидей. Кээси жон дугдуйткан жаныбардай.

Аттан калышпай дегдектеп келаткан Куйручук-бала локуйган атчандын караанына чукул келип ойлоп койду: «Шап барып учкаша калып, «И-и-и, жыргал ай» десем Борукчу акем коркуп тили байлана калар беле. Же чочуп кетип мени артынан алып ыргытар беле... Хи-хи... «Неси болсо да бир жыргалы тургандыр», – деди ал өзүнө өзү күбүрөп.

Ошол кезде Борукчу чытырман черге житти. Эми ал атматы менен көрүнбөй калды бир саамдай. Анан өзүнүн жөө караанны наркы бадалды аралап өр таяна баратты.

– А-а, байкеси. Акыры атыңа келерсиң, – деп өзүнө өзү кобурап коюп жерге жите жаткан алачыктай таштын үстүнө чыгып соксоюп отура берди Куйручук Борукчу кеткен жакты акмалап.

Түн ортосу ооп калган кезде ошол жактан дүмүрөңдөгөн караан келатты. Адегенде, не киши, не жаныбар экени таанылбай кандайдыр бир укмуш жана абдан эле ашыгыштуу болучу. Жакындаганында киши экени таанылды. Жөн эмес көтөргөндөрү бар.

«Э-э акеси, көрсө сен ушинтип уурулук этип жүргөн киши экенсиң, э. Өз малың өзүңө аз беле?», – деп Куйручук тигинден көзүн айырбайт. Эми таш үстүнөн ага тигинин караань

жанагыдан даана көрүндү. Черде байланып турган Бозчолок байкалды. Ал кантсе да аса байланып турабы, таң. Ооздук шылдыратпасын, дабыш чыгарбасын дегени го. Э-э акеси, эми сени мен «жыргатайын» – деди да үнүн кубултуп, бирде каргылданта карыя үндөнүп, бирде күрсүлдөп жигит үндөнүп, бирде ичкерте тестиер үндөнүп черди жаңыртты:

– О, ууру! ууру!!.

– Быякта! Быякта-а!!

– Черде аты бар экен!!

– Торогула! Торогула-а!!

– Байлагыла! Байлагыла-а!!

– Таш кесекке алгыла, бул арамды-ы!!

Ушундайча бакылдап Куйручук черди аралата таш ыргытып кирди.

Көтөргөн жүгүн, байлоодогу атын таштай качкан Борукчунун карааны токойду аралай жөнөдү.

Куйручук анын артынан кубалагансып далайга үнүн баспады. Ай эми кеттиң го, биротоло кайрылгыс болсун деп айкайлады:

– ...Оо!! Уурунун аты мына-а!!

– Ал неме жерге житсе да эртең эле табылат деечи-и!!!

Токойлуу өзөнгө ушундай бүлүктү салып койду да Куйручук-бала мууздалган эки козуну теңденип таң ата Бозчолокту тердете жатакчыларга келди.

Өзүн жакшы көрчү кишилерге түндө болгон окуяны төкпөйчачпай айтты. Кишилер:

– Ап-бале-е! Ушундай ишти иштемек Кукем! Өз козусун аяган Борукчу уурулук айыбын тартсын. Ал айткандай жыргаарын биз жыргайлы, – дешти.

Жатакчылар ал эки козуну союп алышты.

Жаш сорподон ууртап этке тоюп алган соң эч-эчтемени билбеген болуп Куйручук Борукчунукуна келсе, ал бечара күндөгүсүндөй локуялбай эки бети шимилип, өңү кумсарып, тизелери коржоюп, шордуу болуп олтурат.

Куйручук тек чочуп кетти:

– Сизге эмне болду, Борукчу аба? Ооруп калдыңызбы?..

Борукчудан үн чыкпады, аргасыз тамшанды: «Оорусам түзүк болбойт беле» дегенсип.

Куйручук балача энтигип шашкалактап айтты:

– ...Сиздин Бозчолокту жасоол минип келатканын көрүп калдым, Борукчу аке...

Борукчу селт этти, одурая:

– Качан...

– Азыр эле... Үйгө кирип келатып көрдүм...

Борукчу өз үйүнүн ичине батпай шашкалактады жашынып:

– Эшикти сыртынан беките сал, садагасы. Мени жок де, жасоолго...

Куйручук эшикти сыртынан бекитти. Анан:

– Борукчу аке. Жым жатып калыңыз. Жасоол тургай эми Сизди тиги мергенчи Кайыптын кер тайганы да табалбайт...

Үнүн өзгөртүп бирөөгө айткансыды:

– Борукчу аке үйүндө жок экен... ким билет... түндө тоого кеткенби... бая ойго кеткенби... көргөн жан жок...– Куйручуктун үнү улам алыстай барып басылды.

Уурунун көчүгү кууш деген эле чын белем. Өз жүрөгүнүн «дүкү-дүкүсү» аттын дүбүртүнө окшой түшүп Борукчу тактанын астында жым жатты далайга.

Бир маалда сырттан Куйручук кадимки өз үнүн угузду:

– Борукчу аке-е, жасоол Бозчологуңузду мага берди. Эми кайран Бозчолок экөөбүз жайлоодо бир апта кур оттоп бир жыргайлы!

Селее калган Борукчу айкырып тактанын алдынан чыккычакты Куйручук Бозчолокко камчы басты. Сыртта ат дүбүртү тоого карай кетти.

Атчанга жөө жетмек беле. Ансыз да сыртынан бекитилген өз эшиги Борукчу ууруну чыгарбады. Куйручук узагандан узай берди, жыргап шак-шак күлүп.

**буурсун** – жер айдоочу эң жөнөкөй курал
**көөкөр токоч** – көөкөр сыяктуу коozдолгон токоч
**көк ийси** – өсүмдүктүн түрү, үйлөйт, шимийт, тоют болот
**барымта** – доо үчүн кеткен мал, мүлк, кыз, кул ж.б.
**жетим акы** – доо үчүн кеткен жетим балдар
**касам ичүү** – ант ичүү, карғануу
**опо** – тирек, түркүк, түбөлүк болуу
**түндүктөн түшкөн ууру** – эң эле кыйын, кармалбас, ар кандай шарт-жагдайда ууру кылган киши
**акилис орок** – ороктун түрү
**өтөк** – тоонун түз, далдоо жери

1. «Куйручук» деген ат кайдан келип чыкты? Бул сөздүн лексикалык маанисин түшүндүргүлө?
2. Көчмөн кыргыздардын дыйканчылыгы кандай сүрөттөлөт?
3. Көчмөндөр жана уурулук.

4. Касам ичүү салты жөнүндө сүйлөп бер? Улуулардан сурап касам ичүүнүн кандай сөздөр менен айтыларын дептериңерге жазгыла?
5. «Жыланач-арбак» кантип билинди?
6. Кудайбергендин үйү жөнүндө айтып бергиле?
7. Куйручуктун эпчилдиги, ойчулдугу эмнеден байкалды?
8. Борукчу кантип боздоду?

1. Жогорудагы эпизоддордон Куйручуктун сырт келбетин, анын жөндөмшыгын, өнөр-дареметин айтып көргүлө?
2. Колуңардан келсе сүрөт тарткыла – анда Куйручук болсун.
3. Куйручук ууру, себеби..., жок, ууру эмес, себеби...
4. Эл жана Куйручук.
5. Эл турмушунун, тарыхый мезгилдин сүрөттөлүшү.
6. Жогорудагы аңгемелерди инценировкалап, аткаргыла.
7. Өткөн кылымдын аягындагы көчмөндөрдүн абалы жөнүндө сүйлөп бергиле?
8. Куудул деген кандай сапаттагы кишилер?
9. Куйручук бүгүн болсо эмне жөнүндө айтмак?

## АРБАК БОЛГОНДО

Киши канчалык эстүүсүнсө да, эрдемсип, билермансып, менменсинсе да турмуштагы эчен албан кубулуштар, укмуш көрүнүштөр, баарыдан кызыгы ошолордон улам пайда болгон кишинин өзүндөгү күмөнгердик, тайкылык, ал тургай деле баарын баамдаган билгич болуп туруп эле табышмактуу көрүнүштөргө кул боло калуу өзүн-өзү күлкү этүүгө алпарат дечи.

Албетте соңкулар анча ишене койбос: «албарсты», «арбак», «каргыш», «убал-сооп» Куйручуктун мезгилинде кишилерди чочутчу. Ынандырчу. Коркутчу. Анчейин купуя көрүнүштөргө кишилер ишенчү. Муну эмдиги билимдүүлөр, ашкере кыйын тапандар аны кандай туйса андай туйсун. Дал ошол уяңдык кадимки ак дил ишенимде кишилерди куулук-шумдукка анча үйрөтө элек кез тура.

Айтор да ар бир көрүнүш ошол өзүнүн оң-терси менен кызык белем?.. Андай кызыктарга май тамызар Куйручуктай уулдар да ошо өз-өз мезгилинде жашап өтөт бейм.

Күндөрдүн биринде ой-тоодогу айылдарга укканды сестейткен укмуш кабар тарады:

– Пейли арамдар көбөйүп баратты эле... Тиги эле чоң атанын мүрзөсүнөн арбак күңгүрөнөт дейт кез-кез...

Дал ошол «күңгүрдү» тыңшагандай кишилер сестее калышат, үнсүз. Биринин колу жакасына жакындайт. Биринин оозу жарым ачылып бир кеп айтчудай болот. Айтпай сактанат.

Анан бири этиет сурайт:

– Ал күңгүр жарыктык Чоң атабыздын өз бейитинен чыгат бекен? Же...

– Аны так эшиткен жан жок... Кээде бала ыйлагансып, кээде кемпир бышактагансып... анан ал күңгүр алда бирөөлөрдү кадимкидей каргайт дейт: «Жалгызымды өлтүрдүң, жакшылык көрбө зулум бай» деп.

Көтөрүлө калган кол эми жака кармайт:

– ...Ал кайсы бай болду экен, Кудай...

Жарым ачылган ооз таң калып сурайт:

– Биздин урууда киши өлтүргөн кайсы бай болуп кетти...

– ...Аны арбак билет ко...

– Жалчы болуп жүрүп тымызын жайраган эч ким деле жок болучу.

– Тиги Алакөз байдын койчусу өз эле ажалынан өлгөндөй болгон.

– Баса, ал Алакөз өзү да опат болбоду беле...

Ушул айың кыйлага тарады. Аны эшитип Куйручук кызыкты. «Деги бир кызык кеп бар» деп. Анан ал маал-маал бирде күүгүмдө, бирде эл жатаарда, бирде таң атаарда мүрзөгө келип жүрдү. Күңгүр чыкпады. Анан ал шаршембинин түнүндө, бейшембинин түнүндө келди. Күңгүр чыкпады. Анан ал апта өткөзүп туруп эл жатар маалда жуманын түнүндө келди эле. Көп күттүрбөдү: мүрзөнүн батыш жагынан эчкирген үн чыга түштү. Каргылдана калды.

Кишилер айтышкан Чоң атанын бейити мүрзөнүн чыгыш жагында эмеспи деп ойлоду. Батыш четтен каргылданган үн даана эшитилди. Зайыптын үнү. Кантсе да улгайган зайып.

Үндү улай шыдыр келген Куйручук:

– Эне, эмнеге ыйлап жатасыз? – деди түз эле.

Үн тып басылды. Чочуп сороюп тура калган зайыптын шооласы жакындан көрүндү.

– Эне, сиз кимсиз? – деди Куйручук шоолага чукулдап.

– Сен ким элең, чунак? – деди шоола мукактанып.

Көрсө уулунун бейитин кучактап ыйлап жаткан эне өзүн: «Эне» деп чакырган үн чукулдан чыга калганда өз баламдын арбагы экен деп бечара эне чочуп апкаарып тура калган тура. Куйручукту тааныган соң эне эсине келди. Көз жашын

сүртүндүбү не уятынан ошенттиби, жоолугунун учу менен аарчынып, чочуганын сездирбей кобурады:

– Жалгыз Чолпонум тиги Алакөз байдын коюн багып жүрүп алашалбырттын суугунда кабыргасынан **кагынып** өлбөдү беле. Ошо баламдын үч жылдык акысын төлөбөй оңбогон бай өзү да өлө кетпедиби. Уулдары да арбак болгон атасынын ал карызын моюндарына алышпады. Артында калгандары арбактын карызынан өздөрү кутулчу эле. Эми заман бузулган сайын жадаса балдары өз атасынын арбагын сыйлабай баратпайбы, садагасы Куйручук...

– Өкүнбөңүз эне! – деп Куйручук энени сооротту.

– Кантип кейибейин... байкушум жайы-кышы делдектеп коюн ак күзөтчү эле. Арбагына арнап бата этелик деп Алакөздүн уулдарынан бир козу да сурап алалбадык... Атабыз киши акысын жечү эмес. Силер калп айтпагыла дешип кайра абышканы уялтышыптыр.

Алда неме эсине түшө калган Куйручук энеге ишендире айтты:

– Энеке, анын амалын өзүм табамын эми. «Мен мүрзөдөн Куйручук балага жолуктум» деп жан кишиге айтпаңыз. Тыптынч жүрө туруңуз. Балаңыздын акысы үч эсе болуп колуңузга тиет!

Арадан күн өтпөй ой-тоодогу айылга айың тарады дагы:

– Күңгүрөнгөн арбак – Алакөз байдын арбагы экен. Күңгүр ошол кишинин бейитинен чыгыптыр.

Муну эшиткен кишилер мурдагыдан беш бетер селейишти:

– Ал Алакөз киши өлтүргөн жок эле да?..

– Э, тирүүсүндө ал кишинин этегин кармап жүрдүң беле. Жер жамандап барбасын. **Битекарын** киши болучу.

– Битекарын киши эле киши өлтүрө бермек беле?..

Баягыда Жантык бай ташка кыпчылып калган кою үчүн койчусун жыга чаап өлтүргөн тура. Малкөй-зыкымың кишиден чычкак улагын өйдө көрөт.

– Ой, аны айтасыңар. Тиги өзүбүздүн Тойтук молдочу. Куран окуса кырааты уккулуктуу. Кеп айтса кеби жугумдуу. Сакал сыласа өзү салабаттуу киши эле жарыктык. Козусу жамырап кеткени үчүн инисинин он эки жашар уулун ат менен кубалап сууга киргизе сабап, жүрөгүн түшүрүп, арадан ай өтпөй ал бала өлбөдү беле. Бечара энеси тамырчыга баласын көрсөтсө, жүрөгү түшкөнүн тамырынан билген тура. Көчөт көчүртсө, атчан кишинин сөлөкөтү түштү деген.

– Ал бечара баланын жүрөгү түшүп өлгөнү анык дечи – дешти айылдаштар өз тууганы Тойтук молдону айыпташып. – Жер жамандап барбасын. Жарыктык Тойтук молдо ошондой итабар ачуулуу киши болучу.

– Э, ачуусу курусун...

– Алакөз бай да өлгөн койчусунун акысын бербей кетти деген.

– Бербей кеткени – бербей кетти го. Ал бечара койчусу кабыргадан кагынып өлбөдү беле...

Айың күч алып турган күндөрдүн бир түнүндө үстүңкү конушта үч үй болуп олтурган Алакөз байдын уулдарына ошол өз атасы Алакөз жарыктыктын арбагы сыр берди. Айдын ала-телек түнүндө өзү баягы тирүүсүндө минип жүрүчү аксак атына минип чылк ак жамынып алыптыр. Кадимкидей алыстан алчактата бастырып келгенде ат дүбүртү төркү улуу баласынын чоң ак үйүнүн босогосун жыттап тура калыптыр:

«Эй жаман тукум, ук – дептир ата арбагы. – Киши акысын жегенди **Аңкир, Мүңкүр** таяктайт тура тиги дүнүйөдө. Силердин атаңар – Мен – Алакөз койчум Акматкарынын үч жылдык акысын бербегеним үчүн **күрсү** тийгенде жампа болдум. Аңкир, Мүңкүргө жалындым. Ай бою бейитимде күңгүрөндүм. Бириң үнүмдү эшитсеңчи, жамандар. Эки соккондо доңуз болдум. Эки ай коркулдадым мүрзөмдө. Не аны эшитпедиңер, жамандар. Баарын тең тирүү кезимдеги менден бетер малыңардын туягын санайсыңар. Эми мына, Аңкир, Мүңкүрдөн руксат алып өзүм келип аян берип кеткеним. Аптадан калбай, **мүрзө тайыгыла**. Бечара Акматкары койчунун акысын үч эсе айыбы менен төлөгүлө».

Ушуну билдирип Алакөздүн арбагы көздөн кайым болуптур. Муну не өңдөрүндө эшиткени, не түштөрүндө көргөнүн даана билишпейт. Ал түнү ушундайча үн угулуп ошол Алакөздүн чоң уулунун үйүн «тарс! тарс!» сабап кеткен доошун коңшулары да угушуптур деген кабар чын чыкты.

Көп узабай Алакөздүн уулдары бейит тайышты. Айткандай эле кочкор баштаган койдон он экини, теке баштаган эчкиден он экини, анан саан болор кунажынды, минерине ат болор быштыны алашалбырттын суугунда кабыргасынан кагынып каза болгон бечара Акматкарынын атасынын короосуна салышты арбактын аманатынан корккон Алакөз байдын уулдары.

Акыры ак эмгектин үзүрү кайтат тура. Эрте өткөн бечара Акматкарыңыздын акыбети кайтты дешип айылдаш ак ниет кишилер ата, энесинин көңүлүн көтөрүштү.

Кечээ эле муң жутуп кейиште олтурушкан ата менен эне бүгүн өлгөн уулу тирилгендей жыргап күлүштү. Күлкүдөн көңүлдөрү көтөрүлдү. Анан аларга ушул күлкүнү берген Куйручук-баланы алкашты:

– Өмүрү жамандык көрбө, жетим. Эл-журтуңдун көңүлүн ачкан акылман шайыры бол!

Бирер күндөр өткөндө Алакөздүн балдарына сыр көрсөткөн «арбак» баягы Куйручук-бала экен деген айың чын чыкты.

## «КИШИ-КИЙИККЕ» АЙЛАНГАНДА

Тоо арасындагы көчмөн журт калаадан алыста. Ширеңке ордуна оттук чагышат. Тузду чыккан жеринен көлүккө жүктөп алышат. Отун-суу өз тоосунда. Боз тон өз ашаткысынан, сокмо таардан тигилген шым, бешмант, чепкен өз сокмосунан чыгат. Деле бул жагынан да калаа бөзүнө тоолуктар анча муктаж эмес. Саймачылары, бычмачылары, уздарынын колдорунан көөр төгүлөт. Ошо өз колдорунан иштелген ак тон, кементай, чепкенди, саймалуу кең-мол чалбарды, ичикти, белдемчени, кемселди коюңуз, деле эчен албан кооз буюмдарды, жасалгаларды көз тойгус этип жасаган уздары, усталары атам замандан бери жедеп чеберчиликтин көөрүгүндө такшалып калгандай.

Көп, көп буюмду, кийимди, идиш-аякты, жасалгаларды өздөрүн өздөрү камсыз эткени эткен. Ошентсе да калаа менен айылдын байланышы бар. Аны көбүнчө тоолуктар эмес, ошо тоолуктарга соода жүгүртүп келишип: бир тыйынын үч тыйын этип өндүрүп алчу кызылкулактар, быйыл насыяга пулун өткөрүп коюп келеркиде бир улактык кездемесине соолук кой өндүрүп алуучу сүткорлор жылдан жылга амалдарын ашырды.

Атка, качырга кездеме, эчен түрдүү бакал-буюмдарын артып өзү келген кызылкулак-сүткорлорду элеттин момун кишилери өздөрүндөй көрүштү. Алдоо, алдануу дегенди угуп-билбеген зайыптар жылтырак нерсеге кызыгышты. Өз жеринде наркы тыйындык буюмга улак, козусун беришти. Андан кымбатыраагын келеркиде улак ордуна кой бермек болуп насыяга малынгандар келерки жылы ошо сүткорлор келгенде аябай кысталышты.

Деле насыяга батып жүдөп калгандарды көргөндө кишинин боору ооругудай. Ошентсе да тыяктан келип пулун өткөрүп койгон кызылкулак сүткор:

– О, тагасы, малымды бериң? – дейт өтө сылык.

Соодагердин ошол сылык кеби бечара кишини кыйнайт, жүдөтөт. Экинчи кызылкулактан насыя алгыс болот.

Насыяга малынган кишилерди Куйручук ал насыядан куткаруунун амалын ойлойт.

Деген менен элет – элет. Элеттин эли момун. Жери ээн. Эл оозунда айтылган укмуштуу уламыштары бар. Ошо соода-сатыктын сырын билбеген кишилер: кишиге ак саналуу, боорукер. Ак жерден күйгөнгө күйүмдүү. Өз чөйрөсүндө шайдоот, шайыр.

Ошо шайдооттукка шайырдыктын учугун улаган Куйручук үстүңкү айылдарга өтөр жолдо былтыркы жылы ар кимди насыялап кеткен кызылкулак-сүткордун жолун аңдыды.

Кош атка кездемесин артып өткөн насыясын ичтен эсептеп санаасында байып келаткан соодагер жана төмөнкү айылдан кымыз жуткан. Ынак кымыз аны ыксыратты. Ал атта каалгый бастырды. Ой-тоо ага быкып жаткан байлык сыяктанды. Анан эмине. Улактык буюмунун наркы **соолук койго** айланса, бул элеттин момун кишилерин алдай берүү, алдай берүү санаасында...

Бир маалда ал ээрде каалгып алды.

Бир маалда жетегиндеги аттары тартынды.

– Чү, бадчагар?! – деп артын карабай чылбырды какты.

Бир азга тынч басып келаткан арткы аттары дагы тартынды.

– Чү, хайбанлар... – деп бир аз кыжырланып артына карады.

Жүктүү эки аты жок, башына жүгөн катылып чынында эле жылаңач «айбан» келатыр...

Жүрөгү оозуна тыгыла түшкөн бечара соодагер чылбырды ыргытып жиберди. Өзү минген атка камчы басты. Артына кылчайбастан чаап жөнөдү.

Өзөн-өзөндөгү ийри-муйру жолу тоолуктун өзүнө сырдана дечи.

Жыпжылаңач чечинип баткакка оонап **«киши-кийик»** болуп алган Куйручук дардая басып келди да буйткада оттоп турган аттын бирине жүгөн катты. Анан аларды жетелеп көмүскөдөгү өз атына келди. Жуунду. Кийинди. Жүктүү аттарды коштой келип ишенчиликтүү кишиге сырын айтып тапшырды. Өзү бая эстен танган боюнча соодагер чаап кеткен үстүңкү айылга келди.

Албетте, айыл кишилеринде күбүр-шыбыр күч:

– Жарыктык соодагердин кездеме жүктөлгөн эки аты капчыгайда келатканда эле жылаңач айбан болуп калыптыр... Өзү

тил-оозу жок чапкан бойдон келип байдын үйүнө түштү. Араң тилге келип, көзүнө көрүнгөн шумдукту алаңдап айтты...

– Абдан коркуп калыптыр. Аландап-элендеп олтурат.

– Адам, соодагер да коркот экен э...

Айылдагылардан ушундай кеп уккан соң Куйручук соодагер олтурган байдын үйүнө келди. Түштөн мурда эле эки бетинде каны ойноп, санаасында байып келаткан соодагер эми алты ай кезик ооругансып өңү сапсары. Үнү кардыгып, калтырап коркуп олтурат.

Бай, соодагерди сыйлап алдына дасторкон жайдырып бышкан эт, эжигей, сары каймак, боорсок жайнатыптыр. Кымыз койдуруптур. Жүрөгүнө тамак баспай бечара соодагер саруулайт.

Куйручук сакал сылап койду. Жашынан диний медреседен окуган мусулмандан бетер:

– Бис-симилда... – деп боорсокту каймакка батырды. Ууз-каймактан жарты чыныдай алгандан кийин чоң аяк кымызды тынбай жутту. Анан сакалын сылап койду да, сары эжигейди кыйчылдата чайнап кеп баштады өзүнчө эле:

– Кудаанын кудуретине тогуз кайра тобо десе болот, таксыр кызылкулак... Ушу улуу Тоодо көчүп конгон биздин момун журтту алдап илгерки бир заманда Сорунду деген жуткуч алдамчы чыккан экен. Ал жуткуч байды алдаптыр, барды алдаптыр, жокту алдаптыр. Баары бир алдооч баштыгы толбоптур. Ошондо не баласы жок, не малы жок, эки көзү көрбөс, сокур кемпирден бир сары улак алыптыр да, аа жалгыз чарык жип бериптир...

Соодагер жака карманды:

– Кудайыма тоба-а...

Куйручук да жака карманды:

– Кудайыма тоба-а... Ошо Сорунду алдамчы кемпирдин сары улагын алдап алган түнү түш көрүптүр. Түшүндө ал өзү жылаңач киши-кийик болуп адам баласына жолой албай калыптыр... Оо кудайыма-а тоба-а...– деп Куйручук жакасын мууна кармады. Бир уктаган боюнча ошо Сорунду алдамчы эмдигиче уйкуда дейт. Анын киши-кийикке айланган жаны ушу азыр да ээн жолдордо ошо өзүндөй киши алдагычтарды аңдыган себеби, ошо киши акысын алдап жегендердин көзүнө ал бирде кара чаар, бирде кызыл чаар болуп көрүнүп, ошол киши алдаган сүткордун жолунан үч жолу жолугуп... анын ал алдагычты үчүнчү жолу ал кара чаар болуп көрүнсө аны тозокко азгырып кетет экен да, кызыл чаар болуп көрүнсө, мээ кайнаган чөлгө алып кетет дейт... Оо кудайыма тоб-ба-а...

Соодагер жакасын кармады. Кеп айталбай мукактанды.

Куйручук андан тике сурады:

– Сиздин аттарыңыздын жаны – ошо Сорунду алдамчынын жанына айланган экен го. – Киши-кийик болуп калганы ошол... Кудайыма тобо-а-а... Кара чаар бекен, ал киши-кийик, отагасы, не кызыл чаар бекен?

– Кудай акы байкай албадым... кара көрүндү көзүмө...

– А-а... деп Куйручук катуу ойлонгонсуду. – Эми жолукканда ал кызыл чаар болор. Үчүнчүсүндө ал Сизге жолукпасын. Жолукса, Сизди тозокко баштап кетер...

Тобо айтарга чамасы келбей соодагердин тек оозу ачылды.

Куйручук кымыз жутту. Анан муруттарын жанып-жанып тике айтты:

– Эми ал киши-кийиктин жолугаар, жолукпасы. Сиздин өзүңүздөн отагасы... Ким билет. Аны да Кудай таалам өзү билет...

Куйручук бата этип бир иши калгансып ашыга чыгып кетти.

«Ээ оңбогурум. Киши-кийик сен экенсиң го. Элге пайдаң тийсе болгону...» – деп кексе сары ичинен жымыйды.

Бир топтору Куйручуктун «уламасына» ишенип жым. Бир топтору бу соодагер эгер тозокко күйсө кандай күйөр эле дешкенсип дале өздөрүн алдаган немени аяшты.

Неси болсо да, ошондон кийин бул аймакка бир далайга алдамчы соодагер келбей калды.

**кагынуу** – суук тийгенде пайда болгон оору
**битекарын** – өлө сараң, чык татырбас
**Аңкир, Мүңкүр** – ислам дини боюнча тиги дүйнөдө сурак жүргүзгөндөр
**соолук кой** – беш жылдан ашкан кой
**күрсү** – башына чоюн куюлган урууга ылайыкталган курал, чокмор
**мүрзө таюу** – өлгөн кишинин мүрзөсүнө барып сыйынуу, куран окутуу
**киши-кийик** – жапайы киши, кар киши
**кезик** – айыкпас, узакка созулган оору

1. «Арбак болгондо» деген аңгеменин мазмунун сүйлөп бергиле.
2. Эненин күйүтү жана Куйручуктун амалы.
3. «Киши-кийик» бөлүмүнүн окуяларын өз сөзүң менен айтууга аракет кыл.

4. Көчмөн журт жана соодагер.
5. Бул аңгемелерди ролдоштуруп окугула, чакан интермедия кылып аткарып көргүлө?
6 Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүндүргүлө, эски сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө?

1. Арбак түшүнүгүн кененирээк сүйлөп бергиле.
2. «Киши-кийик» түшүнүгү жөнүндө айтып бер.
3. Бул эпизоддордогу Куйручуктун образы кандай ачылган?
4. Аңгемелердин негизинде баяндама жазгыла.
5. Дил баян жазуу. Темасы: «Куйручуктун ачкөздүктү ашкерелеши».
6. Сынчы деген ким? Куйручук куудул эле эмес сынчы да турбайбы, ошого мисал келтир.
7. Куйручуктун жорго сөздөрүн дептерге көчүрүп жазып, маанилерин терең талдагыла.
8. Куйручук жөнүндөгү спектаклдердин, балеттин видеотасмасы болсо, же театрларда көрсөтүлсө, радиодон берилсе, ошонун негизинде сүйлөп бергиле.
9. Куйручук жөнүндөгү пьесаларды, К. Бектеновдун «Куйручук» повестин жана эл арасынан жыйналган материалдарды окуп чыккыла.
10. «Куйручуктун жоруктары» деген темада кыска аңгеме жазгыла.
11. «Бүгүн Куйручук тирүү болсо...» деген темада аңгеме жазгыла.
12. Куйручук жөнүндө анекдот чыгаргыла.
13. «Акылман куудул» повестинин тили» деген темада реферат жазгыла.
14. «Куйручуктан куудул кеп» деген темада эң мыкты сатиралык аңгемеге конкурс өткөргүлө, жеңүүчүлөргө мектептин Куйручук атындагы сыйлыгын ыйгаргыла.

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

## (1928–2008)

**«Биздин Мекен таланттарга кандай гана бай! Болгондо да зор, дүйнөлүк масштабдагы таланттарга бай... Алардын бири – Кыргызстандын уулу Чыңгыз Айтматов».**

***М. Шолохов***

**«Айтматов – бул адабияттагы сейрек учуроочу өзгөчө, бир бөтөнчө көрүнүш. Менимче, дүйнөлүк адабияттын аймагына Чыңгыз өзү кирген жок, дүйнөлүк адабияттын өзү анын чыгармачылыгын кабыл алды. Адабияттын таразасында жазуучунун салмагы таланты менен өлчөнөт».**

***М. Карим***



Чыңгыз Айтматов 1928-жылы туулган. Анын балтыркан балалык өмүрү Күркүрөө суусунун боюнда, Шекер кыштагында өттү, ушул жерде айылдык мектепте окуп, ушул саяда көзү ачылды, дүйнөнү тааныды.

Атасы Төрөкул Айтматов (1903–1937) партиялык советтик белгилүү кызматкер экен, кийин ал киши 1937-жылы **репрессияланып** кетет, апасы татар кызы Нагима Хамзаевна билимдүү, маданияттуу аял болгон. Ч. Айтматов жашынан эле бирде шаарда, бирде кыштакта окуп, эки тилди бирдей билген, ар кыл улуттагы ар кыл адамдар менен аралашкан. Өзгөчө чоң энеси Айымкыздын жомоктору, болмуштары аны өзүнө тарткан, орусча китептерди жан алакетке түшүп окуган. Атасынын бейажал өлүмү, анан согуш чыгып, ал кездеги элдин оор абалы баланы эрте жетилтет.

Согуш башталып, алаамат түшкөн кезде, Чыңгыз айылдагы эр бүлөнү аскерге жөнөтүштү. Эми ооруктагы бардык жумуш келин-кесектер менен өспүрүмдөрдүн мойнуна түштү. Эгин айдоо, суу сугаруу, кырман басуу, колдо эмне болсо майданга жөнөтүү, айтор, кыбыр эткен жумуштун баарын бүткөргөн ошол бала-бакыра менен келин-кесектер. Жаштыгына карабастан Чыңгыз ал кезде көп иштин башын кармады: араба айдап, чөп чаап, сугат сугарып, колхоз ишине кол кабыш кылды, кийин-

черээк айыл Советинин катчысы, салык жыйнагыч сыяктуу кызматтарды да аткарды.

Ооруктагы элдин ысык-суугун, жамандык-жакшылыгын өз жүрөгүнөн өткөрүп турган, ушул кездеги көрүп-билгендери, тааныгандары анын кийинки чыгармаларына калпып алар булак болгон. Ал жылдар жөнүндө жазуучунун кийин минтип эскергени бар: «...аскер штампы басылган, майор, капитандардын колу коюлган, алакандай басма кагазды менден мурунку катчыдан калган казыналык сумкадан суурун чыгаруу ар дайым жүрөктү мыкчып өтөр эле. Жазылган сөзү аз гана. Акырын окуйм да, кыргызча которуп берем. Анан унчуга албай туруп калам. Оболу «шырт» этип таш кулап, анан көчкү жүрүп кеткендей эңшерилген оор үшкүрүк чыга дене бойду дүркүрөтөт. Баш көтөрүп түз караш кыйын. Күнөөм кайсы, бирок муңкүрөп отурам, кагазды сунам. «Катып койгула» дейм акырын. Мына ушундай чолпондой уулунун ордуна алакандай кагаз алган эненин араң кармаып турган ыйы көкүрөгүн жарып сыртка чыгат...».

Дал ушундай согуш трагедиялары анын «Саманчынын жолу», «Атадан калган туяк», «Бетме-бет», «Эрте келген турналар», «Манас-Атанын ак кар, көк музу» деген чыгармаларында ар тараптуу, жалпы адамзаттык деңгээлде чагылдырылат.

Айыл арасындагы иш кызыктырды көрүнөт, 1946-жылы Ч. Айтматов жети жылдыкты бүтүп, Жамбул шаарындагы зооветеринардык техникумга кирип, аны артыкчылык менен аяктап, Фрунзедеги айыл чарба институтунун студенти болуп калат. Анын адабий ишинин башталышы да дал ушул институтта окуган кезине туш келди. Адегенде котормо маселесине арнаган эки-үч макала жарыялады. Мунун акыр аягы «Тоо арасында» романынын экинчи китебин орус тилине которууга алып келди.

1952-жылы «Газетчи Дзюйо» деген аңгемеси орусча жарыяланат да, ушундан кийин анын аңгемелери, макалалары гезит-журналдарга басыла баштайт. 1953-жылдан кийин үч жылдай зоотехник болуп иштеп, анан Москвада СССР Жазуучулар союзунун жогорку адабий курсунда билим алат. Аны бүтүп келгенден кийин бир аз убакыт «Литературный Киргизстан» журналынын редактору, бир нече жыл «Правда» газетасынын Кыргызстан, андан кийин Орто Азия республикалары боюнча кабарчысы, Кыргызстан кинематографисттер союзунун төрагасы, Кыргызстан жазуучулар союзунун төрагасы болуп иштеп келген. Бир топ жылдан бери элчилик кызматты аркалап келе жатат.

Москвада окуп жүргөн кезинде «Бетме-бет» повести жарык көрүп, 1958-жылы «Жамийла» орус тилинде басылып, жазуу-

чунун даңкы дүйнөгө тарай баштайт. Аларга удаа «Кызыл жоолук жалжалым», «Ботогөз булак», «Биринчи мугалим» повесттери жазылып, жогорудагы экөөнө кошулуп, «Тоолор жана талаалар баяны» деген ат менен жарык көрөт да, ал өлкөнүн эң чоң сыйлыгына – Лениндик сыйлыкка арзыйт.

1967-жылы анын «Гүлсарат», 70-жылдарда «Ак кеме», «Эрте келген турналар», «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» повесттери, 80-жылдарда «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы», «Чыңгыз хандын ак булуту» роман-повесттери жазылып, анын ар бири дүйнөлүк совет адабиятындагы өзгөчө окуя, көрүнүш катары кабыл алынды. 2006-жылы анын дагы бир жаңы романы окурмандарга тартууланды.

Ч.Айтматовдун чыгармаларында жаамы адамзаттын алдында турган ири маселелер, көйгөйлүү проблемалар көтөрүлөт, көбүнчө адамдын ыйманы талданып, **этикалык** жагдайлар алдыңкы планга чыгып, «канткенде адам уулу адам болот?» деген соболго жооп изделет да, мунун баары бийик гуманисттик-философиялык деңгээлде чечилет.

...Залкар сүрөткер – азыркы учурда дүйнөдө чыгармалары эң көп окулган авторлордун бири.

**репрессия** – кысымга алуу, куугунтуктоо, мамлекеттик органдар тарабынан жазалоо (Сталин бийликте турган жылдарда миңдеген ак ниет, адилет советтик адамдар ак жеринен жазага кирептер болгон.)

**этика** – адептүүлүк, ыйман-ынсаптуулук жөнүндө окуу, илим

**гуманизм** – адамга боорукердик, камкордук кылууга, жакшы көрүүгө, сыйлоого, урматтоого негизделген мамиле

## ЭРТЕ КЕЛГЕН ТУРНАЛАР

...Адамдар үмүт менен жер оодарат,
Адамдар үмүт менен үрөн себет,
Адамдар үмүт менен деңиз чалат...

(«Тхерогатха. 527–536-б.
Байыркы Индостан адабиятынан»)

**1**

...Үшүп олтурган балдардын ичинен бирөө ыкшып жөтөлсө сөзүн токтото калып, өзү далысын күүшөп коюп, суук класста Инкамал-апай Цейлон жөнүндөгү, көк деңиз, ысык жерлер

жөнүндөгү сабагын өтүп жатыры. Кулагы уккан укмуштарга биресе ишенсе, биресе ишене албай Султанмурат отуру. Цейлондо туулбай калганына ичи күйөт. «Ана турмуш, ана жашоо!» – деп санаасы алыста жүрсө, көз кыйыгы терезеде. Мугалимди тиктеп отургансып, бирок байкатпай терезеге көз кыйыгын салып, сыртты карап отура берчү. Азыр сыртта кар учкундап жаап, айнекке тийген кымкары кашектин бурч-бурчуна үйүлүп жатыры. Айнек түнөрүңкү тартып, чет кырындагы жылчыгынан суу сарыгып, сыя төгүлгөн түбүнө тоңуп калган. «Цейлондо терезенин деле кереги жок го, – дейт анда Султанмураттын чабыттаган ою. Кереги эмне? Атүгүл тамдын кереги эмне? Эки талдын башын ийип, чөп алачык куруп ал да, жашай бер...»

Терезеден үйлөгөн суукка Султанмураттын оң капталы муздагандан муздап баратат. Кашекке тийген шамалдын ышкырыгы кулак түбүнөн ызылдайт. Бирок чыдабаска чара жок. Инкамал-апай аны атайы отургузган. «Балдардын арасында тири карагы сен эмессиңби, чыдаарсың» деген. Суук түшө электе бул орунда Мырзагүл отурчу, аны Султанмураттын ордуна которгон. Аерге мынчалык суук жетпейт. «Мырзагүлдү деле жаныма калтырып койбойбу, терезе жакка мен эле отурбайт белем», – деп Султанмурат ичинде сызып калган. Бир партада жанаша отура беришмек. Эми танаписте жанына жолосо манаттай кызарат. Башкалар менен аралашып ойноп жүргөнү, а Султанмурат барса эле кызарып, качып кетет. Артынан кубаламак беле. Анда балдар ого бетер күлбөйбү. Баарынан да береги чунак кыздар саал эле болсо: «Султанмурат + Мырзагүл = эки ашык» – деп кагаз жазып, партадан партага таратат. Башынан Мырзагүл тартынбай жүргөндө отура беришмек, минтип сөз да чыкмак эмес...

Кап десең, Таластын аба ырайы деле тиги ысык жактагыдай болсо кана. Аба ырайы жакшы, жашоо-турмуш да башкача болмок. Адыр-адырда пилдер жүрмөк оттоп. Бирин өгүздөй чүлүктөп минип алсаң... Кадимки пилди, маймылды, дагы бир түркүн жан-жаныбарды Султанмурат көрүп келгенин элдин баары билет. Аны өзү да далайларга далай жолу айтып берген.

Султанмураттын эси-көөнүнөн чыкпай калган бул окуя согуш чыгар алдында, согуштан мурдагы жайда болгон. Чөп чабык кез эле. Атасы Бекбай жергиликтүү МТСке Жамбылдан жер май ташыйт.

...Арабасы да атайы жер май ташыганга ылайыкталып жасалган. Тактасы жок, узун катар эки устун, экөөнүн ортосундагы чуңкур жүлгөгө темир бочкеден экөө батат. Эң алдындагы

«көчүк басар» эки кишилик орун бар. Болгон-турганы ушул Бекбайдын кошкону тандалма аттар боло турган. Эки ат тең кынык алган, катар желсе жаңылып бут таштабаган аттар. Бири – Чабдар, экинчиси – Чоңтору. Ат жабдыгы да келишкен. Аттары качан көрсөң тың. Жооптуу иштерди ар дайым Бекбайга тапшырганы да ошондон... Ошентип, мурдагы жылы окуу аяктап, жаңыдан каникул башталган, бир күнү атасы айтып калды: «Шаарга алпарып келейинби, ыя?».

Султанмурат кубанганынан дабдаарый түштү. Ананчы! Шаарды көрсөм дегенде эки көзү төрт болуп жүргөнүн атасы кайдан биле койду. Жаша!

– Бирок сен көп дардаңдаба, – деди атасы мыйыгынан жылмайып, – ини-карындаштарың туюп калса, экөөбүздү карыш жылдырбай коюшат...

Мунусу да туура. Үч жаш кичүү Ажымураттын көктүгүн айтпа... Бекбайдын андан башка баласы жоктой. Кийинки эки карындашы али жерден боорун көтөрө элек бөбөктөр, алар да ыйлап атып атасына бир асылып алышар эле. Бирок Ажымураттыкы айрыкча, ал атасын мынчалык жакшы көрүп, ач кенедей жабышып аларына коңшулар да таң. Аруукан деген коңшу кемпирден элдин баары сестенип турушчу, мүнөзү катуу, өзү каржайган сөөктүү, чаңырып сүйлөгөн киши эле. Кээде Ажымуратты тарбайган колу менен кулактан аткып, жекирип калчу:

– Ой, какмар, бала да ушунтчу беле, мунуң жакшылыктын жышааны эмес! Бир балээ болордо бала ушинтип атасына эзилип калчу эле, шумдук, кокуй! Мунуңар бала эмей эле балаа! Деги койдурсаңар болбойбу, бул жакшылыктын жышааны эмес, жоругуң жолдо калгыр!

«Өз башына көрүнсүн, как баш!» – деп апасы кемпирдин артынан жерге үч түкүрүп, анан атасына ашкере элжиреп кеткен Ажымуратты көк желкеге бир муштап, үйгө кубалап кирип кетер эле. Бирок Аруукан энеге бет келип каяша айтуу жок.

Эми ойлосоң Аруукан эненин айтканы тегин сөз эмес экен. Ошондой эле болбодубу акыры. Ажымуратка гана боору ооруйт. Ал азыр эс тартып калды, үчүнчү класста окуйт, айрыкча апасынын көзүнчө токтоо, бирок акыйып жол карап атасын сагынып жүрөт. Уктаар алдында да келме келтиргенден бетер: «Жаттым тынч, жаздыгым – кенч, дилим ак, тилегеним – атам эртең келсе экен», – деп шыбырап жатат. Күндө ошол. Апасы үйрөт-

көн келмени ал ушинтип өзгөртүп алган. Уктап ойгонсо эле баары өзгөрүп калчудай ойлойт. Иши кылып тилегине жетсе болду, атасы согуштан аман келсе Ажымураттыкы эле болсун, ушу баласын эле колунан түшүрбөй, мойнуна мингизип жүрсүн. Деги келсе болду. Атасын аман-эсен көрсө, Султанмурат ошол бактысына ыраазы.

...Сабак дале жүрүп жатыры. Инкамал-апай эми Ява, Борнео, Австралияны айтып турган экен. Дагы уксаң дагы укмуш жерлер, суугу жок, түбөлүк жай. Крокодили, маймылы көп, пальма өскөн, кулак укпаган ажайып нерселер. Кенгурусун айтсаң – укмуштун укмушу го. Күчүгүн боор баштыгына салып алып, чаап жүрө берет дейт. Ойлоп тапканын карасаң, жок, ошол өзү ойлоптурбу, табияттын жаратканы да...

Кайрадан: «Тур, Султан, кеттик», – деген атасынын үнү кулагына угулду. Кайраттуу мурут кытыгылап кулагына тийгенде Султанмурат төшөктөн ыргып тургучакты көз ирмемде атасына ичи элжиреп, кандайдыр таттуу сезим көңүлүн сылап өттү. Ушул кайраттуу муруттун кулагына тийгенин: «Тур, Султан, кеттик», – деген шыбырын кийин эстеп, каңырыгы түтөй сагынып, эт-жүрөгү сыздап жүрөр катаал күндөр келерин Султанмурат ал учурда билбеди.

Алдагачан турган апасы жаңы жуулган көйнөк, былтыр атасы Чүй каналынан апкелген начальник кийчү чоң шапке, ошондон бери катып жүргөн батинкени кийгизди.

– Бутуңу кыспайт бекен?

– Жок, кыспайт, – деди Султанмурат саал кысып турганын жашырып, бир аз басканда калып алып кетер деп ойлоду.

...Кашка жолдо аткан таң менен чыккан күнгө көңүлү толкуп, Султанмурат кеңирсип баратты.

– Кандай, ойгондуңбу? – деди атасы тамашалап.

– Уктаган жокмун, – деди уулу.

– Анда ме, карма. – Атасы божуну берди.

Мага деле айдатса деп эңсеп келаткан Султанмурат атасына эркей жылмайды. Өзү озунуп сураса да болмок, бирок бу деген жөн-жай оюн эмес, чоң жолдогу алыс сапар, ошол үчүн атасы ылайык тапканда берер деп үмүттөнгөн. Божу чоочун колго өткөнүн аттар да туйду, бийлик начарлай түшкөнүнө наазыланып, каяша кылчудай кулактарын жапырып, баштарын чулгуй бири-бирине сүйкөнүп калышты. Бирок Султанмурат божуну катуу силкип, ким экенин сездире:

– Чү, жаныбарлар! – деп кайраттуу үн салды.

Эгер ырыс-таалай деген адам үчүн өткөн чагында да, келечегинде да болбой, учурунда гана болчу болсо, ушул күнү, ушул жолдо Султанмураттын кучагы ырыс-таалайга толуп баратты. Атасынын жанында өзүн да мартабалуу эр-азамат көрдү. Көтөрүңкү көңүлү жолду катар бөксөрбөстөн бара берди. ...Ушунун баары Султанмуратка жыргал менен коздуктун дүйнөсү болду. Бирок ал мунун баарын териштирип ойлободу, анткени жыргал үстүндө адам ойлонбойт. Дүйнө ушундай болуп курулган экен, башкача болушу мүмкүн эмес деп гана туюк сезди бала. Атасы да бардык аталардын мыктысы, башкача болушу мүмкүн эмес деп туйду баланын жүрөгү... Түш ообой шаардын чет жакасындагы бак-дарак көрүндү. Жолдогу жүргүнчүлөр да көбөйө баштады. Атасы божуну өз колуна алды.

...Жамбылдын Атчабар деген чоң базарына көчмө ажайыпкана орноп калган экен, өзү теңдүүдөн эч ким көрбөгөн укмуштарды Султанмурат мына ушерден көрдү. Жолу болгондо да ушунчалык болорбу, өмүрүндө шаарга бир келсе, адам түгөл көрбөгөн түркүн жан-жаныбарлары менен ажайыпкана турса, ал аз келгенсип, тегерегине айланкөчөк-селкинчек, кыйшык күзгү, дагы бир шумдуктарын орнотуп койсо – мындан ашкан да бак-таалай болорбу...

Күлкүканага Султанмурат үч жолу кирди. Боору ооругуча каткырат да, сыртка чыгып кичине эс алып, кайра кирет... Арабасын чайканачы тамырына көздөтүп коюп, атасы уулун базар аралатты. Ополу атасынын тааныш өзбектери менен учурашып чыгышты. «Ассалому алейкум. Бул менин уулум!» – дейт Бекбай. Өзбектер орундарынан тура калып, колдорун боoруна алып, Султанмураттын саламын урмат менен алик алышат. «Өзбектер кичи пейил калк келет», – деп атасы корстон. «Көрдүңбү, сени бала деп санабай урмат көрсөтүп жатышат...».

Анан базардын соода-сатык катарларын кыдырышты, дүкөндөрүн аралашты, баарынан көңүлгө толгону ажайыпкана болду. Жарданган калың топтун арасында түрткүлөшүп жүрүп, бардык капастарын, уяларын... көрүштү.

Өзгөчө эсинде калганы, албетте, кыйшык күзгүлүү күлкүкана болду. Өз кебетеңе өзүң бооруң эзилгенче күлгөнүң кызык экен...

Султанмурат эки-үч партадан нары отурган Мырзагүлдү кыйыгын сала карап койду. «Сени ошо күлкүканага алып бара турган экен! – деди ичинен табалагандай. – Сулуусунган сени ошондо көрөт элем. Кебетеңи кыйшык күзгүдөн бир көргөн соң минтип ыргыштабай калат элең го». Бирок бул оюна кайра өзү

оңтойсуздана түштү. Мырзагүл ага эмне жамандык кылды эле мынчалык табалагыдай? Өзүнчө жүрөт, көп кыздардын бири, азар болсо сулуулугубу? Ырас, класстагы кыздардын сулуусу Мырзагүл. Ошонусуна жазабы? Өйдөсүнгөн жок, кээде «жаман» деле алып калат.

...Султанмурат азыр кызды дагы бир карады да, аяп кетти. Көгөрүп, бүрүшүп, көзү суу түбүндөгү таштай жылтылдап нымданышып отурат байкуш Мырзагүл, же ыйлап отурабы. Анын да атасы менен агасы согушта... Ай, Султанмурат, акмак элесиң да, оюңа жаман алып байкуш кызды...

Класстагы балдардын көпчүлүгү жөтөлүп отурат. Султанмурат да жөтөлүп койбойбу? Анан ал кара күчкө ыкшып жөтөлүп, ойдолоп жиберди. Эмне, башкалар жөтөлүп жатканда ал жөтөлсө болбойт бекен? Инкамал-апай кыйык сала бир карап коюп, сабагын уланта берди.

– Султанмурат, сага эмне болду? – Инкамал-апай партасына чукул келгенде Султанмурат араң эсин жыйды.

– Эчтеме, – деп актангансып Султанмурат ордунан турду.

Класс баштагыдан бетер муздап турган. Демейки жөтөл, кээ бир балдардын күлкүсү угулду.

– Бир туруп жөнү жок жөтөлө кетесиң, анан суроо сураса укпай калганыңа жол болсун? – Инкамал-апай нааразылана сүйлөндү да, чыйрыгып ийнин күйшөп койду. – Андан көрө саман апкелип, от жакчы...

– Кана эмесе, балдар, сабагыбызды уланталы, – дейт апай кайра.

Мына ошондон кийин сабактын көркү чыгат, апайдын ойкыялы канат байлагандай көкөлөп, балдарды кошо күүлөнтүп, ээрчитип алып учат. Айтканынын баары көңүл менен көкүрөккө батып, класс бүтүндөй азгырылып, жетеленип калат. Бирок кийинки күндөрү апайдын оюу бир жерде эмес...

Ошол үчүн болуу керек, азыр да завуч коштогон башкарма Тыналиев класска кирип келгенде Инкамал-апай үрөйү учуп, доскага кетенчиктей берди. Ошондо да кайратын жоготпой:

– Тургула, балдар. Султанмурат, ордуңа бар.

Мештин оозун жаап, Султанмурат партасына барды. Киргендер саламдашты.

– Бирдеме болдубу? – деди Инкамал-апай үнү буулуп.

– Жаман кабарыбыз жок, Инкамал-апай, – деп башкарма көңүл тынчытты. – Мен жумуштап келдим. Балдар менен

сүйлөшөр сөзүм бар. Сабагыңыздан алагды кылганымы кечирип коюңуз, уруксат алдым, – деп завучка башын жаңсады.

– Маанилүү сөзү бар экен, – деди завуч. – Отургула балдар.

Класс отурду.

– Келген жөнүм мындай, – деп баштады Тыналиев кадала тиктеген балдарды кыдырата карап, кыйраңын сездирбешке боюн түз кармап. – Мектебиңер суук экен, бирок самандан башка берер менде отун жок... Абал оор, согушта да абал оор. Былтыр эки жүз гектар жерге күздүктү кем айдап калды. Бу да болсо согуштун кесепети. Мына менин келгеним да ушул түйшүк менен. Кээ бириңер азырынча мектепти коё тургула деп айткым бар... Буга эмне үчүн жан күйөт дебейсиңерби. Алиги күздүктөн айдалбай калган эки жүз гектар кемчилигибизди жаздык менен жабышыбыз керек... Айдоо алыс. Аксайда. Аялдар бара албайт. Башка жарамдуу эл жок. Эмне кылмакпыз? Ойлоп, ойлоп отуруп, акыры окуучу балдар, силерден жардам сурайлы дедик...

Мына ушинтип сүйлөдү Тыналиев башкарма. Аскерден кие келген боз шинели үстүнөн түшпөгөн, көк тумагы башында, асынма сумкасы капталында, өзү жаш болсо да караганы катаал, кабагы түнт, кабыргасы кем капталына кыйраңдай баскан, бет отунун сөөгү чыгып, арыктап калган башкарма ушинтип сүйлөдү...

– Мен жыргап кеткенимен силерди окууңардан ажыратып жаткан жокмун, – деп сүйлөдү Тыналиев. – Башка арга жок. Кичине эмессиңер, туура түшүнгүлө. Согуш бүтөр замат, же андан деле мурун мектебиңерге өзүм кайра апкелип, окууңарды уланткыла деййм. Ага чейин силердин мойнуңарга тагылган милдет ушул.

...Бүгүн мектепке башкарма келгенин Султанмурат апасына жатар алдында гана айтты. Эртеден кечке уй фермада иштеп чарчаган апасы чекесин укалап отуруп укту... Анан бир оокумда балдарын уктатып коюп, Султанмурат да уктап жатат дедиби, чыракты өчүрөр алдында эки алаканына чекесин таяп алып ыйлады апа. Уркуйган арык ийиндери гана диртилдеп, үн чыгарбай буулугуп, көпкө ыйлады апа. Султанмураттын жүрөгү өйүп жатты. Туруп барып, апасын жайкап, жылуу-жумшак сөздөрүн айтып, сооротхусу келди. Бирок анте албады, жөн койду. Апасы азыр баарын ойлоп, күйүп отурган чагы да; тиги кан күйгөн согуштагы атаны, балапандарча оозун ачкан быяктагы төрт баланы, кароосуз калган үй-жайды, күндөлүк көр оокат-

тын кыйынчылыктарын... дагы-дагы канча убайым санаа апасынын башын маң кылып жатпады...

...Тыналиев башкарманын ойлогон иши кече Султанмурат элестеткенден алда канча кыйын экен. А дегенде эле Чекиш деген чокчо сакал сары чал төртөөнө бирден нокто карматты. Анан башкарма баш болуп, баары эски ат сарайдын короосуна кирипти. Кар баскан чоң короодо акырлардын түбүндөгү кашекти искегилеп, сүлдөрү калган аттар жүрөт. Аттар жайкысын семирип, кышкысын этинен түшөрү бештен белгилүү, бирок мобулардын кайырмакка илинер эти жок, аркайган сөөгүнө жабышып териси калыптыр. Жайы менен жан терин чыгара иштетип алып, кышында чоң короодогу сүрмө топко коё беришкен тура. Чөп салган, көз салган эч ким болбогондой. Жемчөп тартыш экени белгилүү го, болгонун жазгы кош айдоого сактап отурушат. Балдар оозун ачып туруп калышты.

– Эмне алаясыңар! – деп чаңкылдады Чекиш чал. – Силерге буерде Манастын тулпарларын таптап туру дедиңер беле? Четинен кармап ала бергиле, тандаганыңар ошо болот. Жыйырма күн эле жакшы баксаңар ушул көтөрүм аттардын ар бири оюн салып чыга келет. Айтты-айтпады дээрсиңер! Чыдаганга чыккан аттар булар, караган көз, баккан кол болсо, көрөт элеңер!

– Кармагыла, балдар! Керектүү жем-чөбүн бүт беребиз. Кана, ар ким төрттөн алгыла! Жактыргылачы, кана, көрөйүн, – деди башкарма.

...Беш кошко деген жыйырма ат күнөстө тизилип, күртүлдөтө акырдан баш көтөрбөйт. Беш бала, жыйырма ат – Ак-Сайдын десанты деп, Тыналиев ушуну айткан. Башкарма таң эрте келип бир кыдырып көрөт, ал учурда балдар да аттарынын жанында какыйып турат. Башкарманын алиги сөзүнөн кийин бригадир, арабакеч, атчылары бардыгы «десант, десантчылар, Ак-Сайдын аттары, Ак-Сайдын чөп-жеми, Ак-Сайдын сокосу» дей турган болушту. Ат сарайдын жанынан өтүп бараткан салт адам да десанттын ал-жайы кандай экен деп, бир башбагып кетет. Ак-Сайдын десанты деген сөз бүт айыл элинин оозунда. Башкарма десанттын командирлигине Бекбайдын уулу Султанмуратты дайындаптыр деп сөз кылып жүрүштү. Командирлик оңой эле колго тие койгон эмес. Анатай экөө бир серпишип өтүшкөн.

– Эмне үчүн Султанмурат болот? Биз каалабасакчы? – деген Анатай ошол эле замат.

Султанмураттын жини келе түшкөн.

– Командирликти талашкан жокмун. Жете албай турсаң болуп ал! – деген ал.

– Эмне ичиң күйүп атабы, Анатай?

– Сен эмнеден куру калдың? Айтылдыбы, болду, Султанмурат командир.

Анда Эргеш Анатайга болушкан:

– Анатайдын эмнеси кем экен? Бою гана кичирээк болбосо, баарыбыздан күчтүү... Мектепке старостаны деле шайлап алчу эмес белек, келгиле командирди шайлайлы... Болбосо дайыма эле Султанмурат, бирдеме болсо эле Султанмурат!

Тыналиев унчукпай угуп турду да, күрсүнүп алып, башын чайкады, анан кебетеси катаалданып:

– Токтоткула чууңарды! – деп буйруду. – Бери келгиле. Катар тургула! Десант дегенден кийин десант болосуңар. Менин сөзүмдү уккула! Эсиңерде болсун, командир шайланбайт, командирди андан жогорку командир дайындайт.

– А жогорку командирди ким дайындайт!, – деп сөзгө аралашты Эргеш.

– Андан да жогору турган командир.

Унчукпай калышты.

– Эмесе, балдар, азыр согуш учуру. Демек, биз дагы согуш тартиби менен жашайбыз, – деп сүйлөдү башкарма. – Мен силер үчүн керт башым менен жооп берем. Экөөңөрдүн атаңар согушта курман болду, үчөөңөрдүн атаңар согушуп жүрөт. Өлгөндөрдүн да, тирүүлөрдүн да алдында мен силер үчүн жооп берем. Силерге ишенген үчүн жоопкерчиликти мойнума алып отурам. Алыскы Ак-Сайга жөнөйсүңөр. Өзгөчө тапшырмага жөнөгөн парашютчу десант сыяктуу силер да нечен күн, нечен түн ээн жерде жалгыз болосуңар. Азыртан ыркырашып ынтымакка келбей турсаңар аякка барганда кантип жашап, кантип иштейсиңер?

Ат сарайда катар тизилген балдардын алдында Тыналиев ушинтип айтты. Балдардын алдында кечээги парашютчу аскер ошол эле аскердик боз шинелчен, көк тумакчан, асынган сумкасы бар, өзү жаш туруп, жаак эттери шылынып арыктаган, жарадарлыктын айынан бир ныптасына кыйраңдаган, катаал жүздүү, өткүр көздүү башкарма ушинтип сүйлөп турду. Бекбайдын уулу Султанмурат командир болуп дайындалган Ак-Сай десантынын алдында Тыналиев башкарма ушинтип сүйлөдү.

– Баарына сен жооп бересиң, – деди ал Султанмуратка. – Кишилерге да, унаага да, сокого да, шайманга да сен жооп бересиң. Ак-Сайдагы айдоого сен жооп бересиң. Жооп бериш деген тапшырманы аткарыш деген сөз. Тапшырма аткарылмайынча эч кимиңердин сөзүңөрдү укпаймын да, кабылдабайм. Үркөрдөй

Ак-Сай десантынын алдында Тыналиев башкарма ал күнү ушинтип сүйлөдү.

Кошчу балдар башкарманын жүзүнө тик карап, сыймыктана кулак төшөп, ар бир буйругун аткарууга даяр турушту. Балдарга азыр алдында башкарма эмес, зоот кийген, каарынан жер жарылган кадимки көк жал Манас өзү тургандай көрүндү. Өздөрү болсо Манастын чоролору сыяктанды. Бир колго калкан, бир колго кылыч кармап тургандай сезишти. Манас өзү жардыгын айткан буу баатыр – чоролор ким эле?

Баш баатыр чоро Султанмурат. Бекбайдын уулу, он бештеги Султанмурат кошчуларга кол башы болуп дайындалды. Аталардын мыктысы Бекбай атасы алыскы чоң казатта жүрөт. Жоого минсе жарайт деген Чабдарын уулуна таштап кеткен. Султанмураттын Ажымурат деген иниси бар. Кээде тентектигине кыжыры келсе да жакшы көрөт. Султанмураттын дагы купуя сүйгөн сулуусу Мырзагүл бийкеч бар. Мырзагүлдүн күлкүсү кашкайып аткан таңдай. Шыңга бойлуу, кымча бел, бото көз, айдай сулуу бийкеч...

Экинчи чоро Анатай баатыр болду. Жаңы он алтыга караган, бул бешөөнүн улуусу. Ителгидей мыжыгыр, теңтушуна алдырбаган баатыр. Жоого минер Октору деген аты да келишти. Анатайдын атасы да согушта, чоң казатта. Анатай да алиги ай жүздүү Мырзагүл бийкечти купуя сүйөт, бир өпкөнгө зар болуп жүрөт...

Үчүнчү чоро атка жеңил, тайга чак Эркинбек баатыр болду. Үйүндөгү балдардын улуусу. Досун жолго таштабас, бирөөгө кара санабас, ак жүрөк баатыр. Болгондо да тиги чоң казатта Москваны коргоп окко учкан атасын эстеп, кийинки күндөрү көңүлү чөгүп жүрөт, балдардан жашырынып ыйлап да алат. Бирок жоого минер аты да жарашты, аркарды койдой айдаган Акбайпак деген күлүк.

Төртүнчү чоро Эргеш баатыр. Бу дагы жанга шерик жакшы дос. Он бештеги курагы. Өз оюн тартынбай айтып, жакпаганын бербеген көйгашка. Ишенип тапшырган иштен кам санаба. Эргештин атасы да алыста, чоң казатта. Баатырдын өзүнө куп келип, Алтынтуяк аты да жарашты.

Беш чоронун бири Кубаткул баатыр. Бул да он беште, үйүндөгү балдардын улуусу. Кубаткулдун атасы тиги чоң казатта Белорустун токоюнда окко учкан. Кубаткул өзү эмгектен чарчабаган мээнеткеч. Жибекжал тулпарын сылап-сыйпап таптап жаткан кези.

Тыналиевдин алдында мына ушундай баатырлар турду. Баатырлардын көк шили болгон желкесинде, дубал түбүндөгү узата созулган акырда Ак-Сайга барып кош тартар жыйырма чобур турду. Кар кетери менен жер тилишке тетиги Ак-Сайга барат бу балдар. Жаз келип, жер көбөрү менен кош айдашка тетиги Ак-Сайга барат бу балдар! Бирок азырынча теребел тунжурап, жер тумчугуп калың кардын астында жатат. Ага болбой закымдап күндөр өтүп жатыры, күткөн кез жакындап келе жатыры...

7

...Кече күнү Тыналиев башкарма менен Чекиш бригат Ак-Сай десантынын аттарын сыноодон өткөргөн. Соколордун баарына номур басылып, кошчулардын керт башына бекитилип берилген.

Султанмуратка номур биринчи соко тийди. Анан ар ким аттарын жабдыктап, сокого кошуп, өнөрлөрүн көрсөттү. Беш кош катарга тизилди. Четтен карасаң кадимкидей бараандуу көрүнөт. Аскер тачанкадай эле бар. Болгондо тачанка ордуна соко кошулган. Аттар күчкө толгон, жабдыктары кынала тартылган, майланган соколор жалтылдайт. Тыналиев башкарма кол башчыдан бетер десант алдында аркы-терки басты. Ар кимисине кайрылып, даярдыгын сурайт, балдар даярдыгын айтышат.

...Төрт күндөн кийин Ак-Сайга аттанышат. Анда Мырзагүлгө жолукмак кайда. Бая күнкү берген катына али жооп жок. Ошон үчүн Султанмурат андан ачык жооп күтүп: «Ак-Сайга жөнөп атам, аякта да маанилүү иштер көп», – демекчи болуп ызырынып чыккан... Жээк бойлой бастырып жүрүп, Султанмурат улам жолду карай берди. Мына ошондо жалгыз келаткан Мырзагүлдү көрдү. Кыз суучга жакындап калган эле. Дал аттамчыктан алдынан чыгайын деп, Султанмурат Чабдарды теминди. Жүрөгү опколжуп, ушунчалык коркуп, ушунчалык кубанып кеткен экен, башы айланып, эриндеринен: «Кымбатым!» – деген ысык деми чыкты.

Мырзагүлдү аттамчыктан тосуп алды. Аттан түшүп, тизгинди узун кармап, кыз бүйүзгө чыгаарын күтүп турду. Мырзагүл ага түз келатты, жалжылдап тиктеп келатты, жадырап жылмайып келатты.

Абайла, жыгыласың! – деп үн салды Султанмурат.

Гүлдөн-гүлгө учуп конгон көпөлөк мисал тиги кыздын этек-жеңи желбиреп, аттамчык аттап келатканы бир сонун көрүндү. Же сүйгөн жигитке ошондой сонун көрүнөбү? «Жигит» деген оюна Султанмурат өзү корстон болуп калды. Ал колун сунуп турду, кыз ага түз келатты, жалжылдап тиктеп келатты, жадырап жылмайып келатты.

– Абайла, жыгыласың, – деди дагы бир жолу.

Кыз эчтеме деген жок, күлүп гана койду. Мына ушунусу менен көптөн зарыктырып, санааркай күттүргөн жообу айтылгандай болду. Кат жазып, жооп күтүп, азап чегип жүргөн өзү апенди экен да!..

Кыз колун берди, эки алакан жабышып, Султанмурат кызды сүйөй тартып алды. Ушунча жыл бир класста бирге окуп жүрүп, кыздын колу мынчалык сезимтал, мынчалык сырдуу экенин билбептир. «Мына мен, каалаганың! – деди кол. Мен кубанычтамын! Кубанычымды сезбей турасыңбы, сез!» Султанмурат кыздын жүзүнө тик бага карады. Карап алып, өзүн таанығандай таң калды. Өзүндөй болуп кыз дагы көрүшпөгөндөн бери мурдагыдан алда канча өзгөрүптүр, бой салып мүчөсү сыналыптыр, кеселден жаңы айыккан жандай көздөрү бир башкача, элегей тарта жалжылдайт. Кыз дагы аны сүйүп, түнкүсүн уйкусу качып, күндүзү санаа тартып жүргөндө Султанмураттай болуп өзгөрүп, өсүп калыптыр. Ошонусу менен ал азыр баштагыдан сулуураак, баштагыдан жакыныраак көрүндү. Турган турпаты, таалайдын убадасындай болуп, ал убада көздөн көзгө өтүп, Султанмураттын жүрөгүнө коюлду, боюна тарады.

– Мен сени ооруп калдыбы десем... – Султанмураттын үнү титирей түштү.

Мырзагүл ага жооп берген жок, бир гана:

– Мына, – деди да, төрт бүктөлгөн жүз аарчы берди. Сага!

Башка сөз айтпастан жөнөй берди. Кийин Султанмурат ушул жүз аарчы менен сүйлөшө турган. Бир күндө нечен ирет чөнтөгүнөн алып чыгып, жибек жип менен саймаланган жүз аарчыны карайт. Кайра чөнтөгүнө салып, аздан соң сагынып кеткендей кайра карайт. Дептердин барагындай жүз аарчынын бурч-бурчуна, четтерине гүл жалбырак түшүрүп, сайма сайыптыр. Бир бурчундагы гүл арасына кызыл жип менен үч тамга жазыптыр: «S. g. M.». Мунусу «Султанмурат жана Мырзагүл» дегени го! А кезде кыргыздар ийкемдүү латын тамгасын окучу, латынча жазылган бул үч тамга Султанмураттын узун сабак катына берген жообу эле.

Көкүрөгүн жарып кетчүдөй ичте удургуган кубанычын араң басып, Султанмурат ат сарайга келди... Анан ал беде апкелгени сарайдын чет бурчундагы маяга жүгүрүп барды. Күкүмдөлгөн беденин жыты буруксуп каңылжаарын жарган күнчубакка жетип, жүз аарчысын дагы бир көргүсү келди. Чөнтөгүнөн алып чыгып, нары айлантып карады, бери айлантып карады, атыр самынга жуулган жүз аарчынын жыты беденин жытын басып турду. Бир жолу мектепте ал Мырзагүлдүн чачынын жытын сезген эле. Эми жүз аарчыдан улам ошол жыт кыздын жыты экенин туйду. Ошентип көзү тойбой, көңүлү канбай карап турганда бирөө жүз аарчыны колунан жулуп кетти. Кайрылып караса, Анатай!

– Ии, жүз аарчы сайышып берише баштаган экенсиңер го!

– Келе бери!

– Катуураак кыйкыр, катуураак. Сүйгөнүм берген жүз аарчыны тартып алды деп кыйкырбайсыңбы! – деди да Анатай жүз аарчыны чөнтөгүнө салып алды.

Андан ары эмне болгонун Султанмурат билбей да калды. Анатайдын корkконунан өңү бузулуп, ага кошо жини келип турганын бир билет, бет талаштыра коюп калды. Анан кулак түпкө дагы бир урду да, өзү ичке муш жеп, артынан учуп кетти. Оңко баш атып маянын түбүнөн кайра ыргып турду, ого бетер каны кайнап, дагы атырылды. Аңгыча балдар жүгүрүп келди, үчөөлөп арачалап калышты. Койгула деп, жакалашкандардын колдоруна артылып, экөөнү эки жакка тартты, ага болбой экөө жулунуп чыгып, жан аябай койгулашып жатышты. «Бергин дейм! Бергин!» – деп Султанмурат башка сөзгө келбеди, же өлүш, же жүз аарчыны кайтарып алыш гана оюнда болуп, эчтемеден тартынбады. Анатай карылуураак, алдуураак эле, анын үстүнө Султанмуратча туталанбай мээлеп даана уруп жатты. Бирок акыйкаттык менен актык Султанмураттыкы эле, ошол ага күч кошуп, жыгылып түшсө деле болбой кайра тура жүгүрүп, Анатайга атырылып тийип жатты. Дагы бир жолу Анатайдын муштумун жеп жыгылганда Султанмураттын колуна айры урунду. Айрыны кезей кармап тура келди. Балдар чуркурап туштуштан кыйкырып жиберишти:

– Токто! Ташта айрыны!

Анатай качар жагы жок, бир тарабы дубал, бир тарабы мая болуп, туюкка камалып, эси чыкты, көзү алайып, колдорун арбаңдата калкаланып, айла таппай калды. Айры жаман экенин туюк сезгени менен Султанмурат аянар жерден өтүп калган, кайра бекемдик гана керек экенин билип, кайратына кирген эле.

– Бергин, – деди ал жаалданып, – оңбойсуң азыр!

– Ой, мечи! Ме! – Анатай алактап, тамашага чаптырган болду. – Тапкан экенсиң. Тамаша кылып койсо, тим эле... Ит экенсиң... – деп жүз аарчыны ыргытып жиберди.

Бир коркунуч өтүп кетти. Балдар жеңилдене дем алып, кужулдашып калды. Султанмурат жүз аарчыны төш чөнтөгүнө салды да, маяны айлана басты. Башы айланып, колу-буту калтырап турганын ошондо сезди. Эрдиндеги канын аарчынып, теңселе басып барып, маянын түбүнө кулады да, деми басылгыча чалкалап көпкө жатты.

## 9

...Алгачкы күнү аттар он-жыйырма кадам жерге тартып барып эле, тизелери калтырап токтоп калып жатышты. Айдоону тайыздатып, соконун тишин саал көтөрүштү. Аттар каамытына көнүп кеткиче ошентиш керек болду. Бүгүн жакшы тартып калыптыр. Курч туяктары дың жерге мылгый батып, төртөө борозго улай жүргөнгө көнө баштады. Чымдуу жер келсе баштарын жерге салып, чымыркана тартышат. Куду алиги окуу китептеги бурлактар сыяктуу. Соко тиш жерди чытырата тилип, аттар кулак түбүнөн тер чыпылдагыча тынбай тартат.

Бирок күн бузулду. Аба нымтырап турду эле, заматта суук тартып, анан далбактаган сары кар жаап келди... Кыш али кетпеген экен да, мунусу коштошуп жатканы го. Бирок кошчуларга кыйын болбодубу...

Соколор жер тилип барат. Чубалжыган үч караан чаар ала мунарыкта толкун минген кайыктай кырга бир чыга келсе, толкундан шыпырылып түшкөндөй кайра жылгага кирип көрүнбөй кетет.

Эзилген ылайдан жуурулуп, жерден ат болуп суурулуп келаткансып, таноодон буу бүрккөн аттар жата калып тырмыша тартат. Булчуңдары буржуя түйүлгөн ысык сооруларына лапылдап түшүп жаткан кар эрип, боорунан ылдый чууруйт... Соко улам тыгылат. Султанмурат аттан түшүп келип, камчы сабы менен соконун тишине жабышкан ылайды тазалайт да, артта келаткан Анатай менен Эркинбекке кыйкырып коёт. Алардан жооп угуп, боорунан бери шөмтүрөп, тер жыттанып турган аттардын ортосунан кысылып өтүп, дыңда жүргөн атына минет. Аттарга дем берип, дагы айдап жөнөйт.

Кар басылар эмес. Көк деңиздин бетинде бараткан кемелер мисал үч кош калың туманды жирей ээрчишип, араң жылжыйт. Уюлгуган калың кар дүйнөнүн үндөрүн бүт тумчуктуруп салгандай ың-жың. Кулак чуулдаган жымжырттан кошчулардын кыйкырыгы гана угулат... Эриген кар экени, же тер экени билинбей жаак ылдый суу шорголойт. Тизгин кармаган колдор муздак карга көгөрүп, шишип чыккан оң буту катар келаткан эки аттын тийишкен капталдарына кысылып, тартып алар бош жер жок, сыздап барат. Бирок Султанмурат тиштенди, артында Анатай менен Эркинбек келатат. Үч соконун алты тиши жер тилүүдө, күн али эрте, токтотор акысы жок. Аттар чыдаса болду, аттар гана чыдап берсе экен. Ошентип, оюнда аттары менен сүйлөшүп, аларга жалынат-жалбарат: «Чыдагыла, Камбар-Атанын тукуму, чымыркангыла! Бул оорчулук күн сайын баса бермекпи. Бүгүн кар жааса, эртең күн жадыраар. Чү, алгалагыла! Чыдагыла, жаныбарларым!

...Чабдарым, дили тууган, жаны жолдош жаныбарым, дың басып өзүң барасың, тартканың соко, мингизгениң мен. Жаныңа батыра камчы чапсам кечир. Айла кеткендеги иш да, таарынба, Чабдар.

Карткүрөңдөй каржайган Чоңтору, сен оң жагымда бороз малтап барасың. Чабдардан кийинки күчтүү сенсиң, ошол үчүн айдоо жакка кошком, ошол үчүн айдоо малтап, соко тартып, сага башкалардан оор болуп барат. Сени атам мактачу... Чү, жаныбарым Чоңтору, чү! Демиңен кайтпа, кыйынчылыкка алдырба! Умтул, Чоңтору! Чыда, жаныбарым!

...Чалкуйрук, сен да бир тууганымдай болуп калдың. Сен алдыда барасың. Чымыркана тарт! **Чал-куйругуң булактап,** көркөм атсың. Талыба, кыйыктанба. Чарчашыңа жол бербейм. Чү, жаныбарым, Чалкуйрук, чү! Уят кылба!

Карагер досум, кандайсың? Жупуну, бирок жан жолдош атсың. Төрт ат тандап жатканда сени бекеринен алган эмесмин, ишенип алгам... Ак-Сайдын айдоосу бүтүп, айылга кайтканда сени четке жетелейм, эл көрсүн, билип кой. Биз ошондо Мырзагүлдүн үйүнүн жанынан өтөбүз. Мырзагүлүм үйүнөн жүгүрүп чыгып, а деп эле сени көрөт, карагерим. Быякка жөнөөр алдында кол кармашып коштошо албай калдым. Бирок жүрөгүмдү жылытып, жүз аарчысы төш чөнтөгүмдө жүрөт. Кар тийгизбей, суу жугузбай сактайм. Мырзагүл оюман чыкпайт. Аны ойлобой коё албайм. Аны ойлобой койду дегиче жашоомдун кызыгы кеткени.

...Кызык кемпир биздин ашпозчу. Ач көз. Аттарга сугу түшүп, тамшана берет. Жакшы багылган экен, согумга жара-

чудай экен дейт. Эки эли казы шашпай чыгар эле. Илгери мындай аттарды ашка соёр эле дейт. Казы деп шилекейин чуурутат жезкемпир. Аттарга көзү тийбесе болду. Э, ошо да кеппи. Көз тиет деген калп деп окутпады беле мектепте. Тамакты маалында даярдап турса болду, былжырай берсин. Кызык, кече күнү тоо текенин этин салыптыр. Арык экен, антсе да кийиктин эти эмеспи, даамдуу. Эки мергенчи тоодон түшүп келатып, биздин отко кайрылыптыр дейт, шыралга таштап кетиптир. Ушундай кыйын кезде салтты сактаган жакшы мергенчилер экен...».

Аттар калчылдап жүрбөй калды... Буу көтөрүлгөн ат сооруларына кар тынбай жаап турду, эрип жатты. Төбөсүнөн баскан ным капты Султанмурат сыйрып таштады да, бүгүлбөй тоңгон колдору жан кайыштын илмегин чыгара албай кыйналды. Анан жаны кашайып, Чабдардын мойнун кучактап алып, буркурап ыйлап жиберди. Аттын кыйгыл-туздуу ысык терин эриндерине жугуза: «Алда байкуш аттарым ай...» деп муңканды.

– Эй, Султанмурат! Кандайсың? Эмне болду? – деген Анатайдын үнү угулду.

– Чыгар аттарды! – деп Султанмурат кыйкырды.

## 10*

Эртеси күн чайыттай ачылды. Кечеги алай-дүлөйдүн изи-жыты жок. Болгондо аба ным, саал чыйрыктырып сыдырым салкын, жердин бети кыламык кар, бирок тоо башкача, эски кийим ордуна жаңы кийим кийинип, сүткө чайынгандай таптаза. Чыгыштын көк асманын түркүн түс нурга бөлөп, дүйнөгө өзүн жар айтып жадырап, тоо артынан күн чыкты. Бүгүн Эргеш менен Кубаткулдар келип калар. Беш соко, беш кош деген оңой күч эмес. Десант деп ошондо айтса болот. Анан үрөн сээп, маласын тартып сал да, Баба дыйкандан түшүмүн тилеп жата бер!

Ошентип, балдар тилкени эки тилимден кеңейте беришти. Алдыда Султанмурат, андан жүз кадамча артта Анатай, жарым чакырымдай кийин жакта Эркинбек.

...Маал-маалы аттарын «чү!» деп коюп, Султанмурат тетигинде четтеп бараткан атчанды көзү чалды. Ал айдоонун тигил учун кайрып, тоого бет алып барат, улам-улам кошчуларды карап коёт. Асынган мылтыгы бар. Башында саңсаң тумак. Минге-

* бул цифралар повесттеги боюнча көрсөтүлдү, ал эми окуу китебине үзүндүлөрдү гана киргиздик

ни сөөктүү жээрде ат. Арттагы балдар да көрүп, кыйкырып калышты:

– Эй, мергенчи, бери кайрыла кет!

Бирок мергенчи жооп кылып үн салбады. Токтобостон, жакындабастан, улам карап коюп кете берди. Султанмурат кишинин караанын көргөнүнө кубанды, аттарын токтотуп, үзөңгүгө тура калды:

– Эй, мергенчи, шыралганa ыракмат! Ыракмат деймі Жолуң болсун!

Бирок тиги атчан унчукпастан өтүп кете берди. Укпайт дегендей ыраак эмес болчу, бирок жооп кайтарбады. Кыязы шашып бараткан неме го. Аздан соң дөңдү ашып, көрүнбөй кетти.

Жарым сааттай убакыттан кийин дагы бир мергенчи көрүндү. Ал дагы мылтыкчан экен, ал дагы тоону бет алып кетти. Ал айдоонун быяк четинен айланып өтүп, ал да балдарды улам карап өттү, бирок кайрылбады, унчукпады, кошчулар менен саламдашпады. Салт билбеген немелерби, болбосо кошчу көргөн жолоочу кыя өтпөйт, кайрылып саламдашып, иш илгери болсун, кырман толсун, кепсенге келербиз деп кетет эмеспи. Чекиш чал айткандай, азыркы адамдар башкача болуп калганбы. Салтты унутуш деген эмне, айтса-айтпаса Чекиш чалдыкы туура белем.

Мергенчилер кеткенден кийин бир сонун окуя болду.

А деп Анатай көрүптүр. Көрүп эле тамагы айрылганча кыйкырып калды:

– Турналар! Ээй, карагылачы, турналар учуп баратат!

Султанмурат башын шак көтөрүп, асманды карады. Төбөсү ачык, түбү жок, тунук көктө коңгуроодой үн салып, кээде бирибирине орун алмашып коюп, эки ача тизилген турналар учуп баратыптыр. Бийик учуп баратышат. Бирок асман андан бийик. Учу кыйры, түбү жок ээн көктө каалгыган турналар шамалга учкан кыз жоолугундай болуп, көздүн жоосун алат. Султанмурат чалкалап карап туруп кыйкырды:

– Жаша-аа! Турналар!

Түшкө кирбес укмуш көргөнсүп, үчөө тең кыйкырды:

– Турналар! Турналар! Турналар!

Турналардын эрте келген жаз менен жайга жакшы жышаан деген карыялардын сөзүн эстеди Султанмурат.

– Эрте келген турналар жакшы жышаан! – деп ээр үстүндө артына толгоно калып кыйкырды ал Анатайга: – Түшүм болот! Түшүм мол болот.

Балдар ошентип карап турганда турналар акырындап төмөндөй баштады. Султанмурат бала болуп башына жүн чыкканы турналарды жакын жерде көргөн эмес. Качан болсо бир көргөн түштөй бийик асманда учуп кетер эле.

– Карагылачы, карагылачы, конгону баратат! – деп кыйкырды Султанмурат. Үчөө тең аттарынан ыргып түшүп, кошту ордуна таштаган бойдон, турналар конуп бараткан адырды көздөй чуркашты. Жан аябай тызылдашты. Жакын барып көрүүгө чуркашты. «Укмуш ээ!» – деп өздөрүнчө энтиге кыйкырып чуркашты.

Ай, андагы Султанмураттын чуркаганы! Согончогу жерге тийбей дикилдесе жашыл кыраң жамынган жер алдын тосо жылып келаткандай. Тоолор жандай жүрдү. Нары карай конуп бараткан турналар кайрылып, бери карай каалгып сүзүп келаткансыды. Кубанычка көкүрөгү өрөпкүп, буту жерге тийбей учуп бараткансыды. Турналардын бири бир тал канатын таштап кетсе Мырзагүлгө алпарып берер элем деп, бул укмуш окуяны бүт айтып берер элем деп, ээлигип чуркады. Жетсе эле болду турналарга, көрүп калса болгону. Көкүрөгүндө күйүгүү эмес, Мырзагүл деген назик сезимди ала чуркады. Колунда болсо, турнанын бир тал канатын кармап алып, ушу бойдон Мырзагүлгө чуркап жөнөмөк. Турнанын канатын суна кармаган бойдон Мырзагүлгө учуп-күйүп жетмек...

## 11

...Балдар кайра кайтып, кош айдоону улантты. Күн жакшы тийип берди. Түштө колхоздон араба келди. Аттарга чөп, балдарга картөшкө, эт, ун, отун алып келиптир. Чекиш бригат Эргеш менен Кубаткулду кош-мошу менен алып, эртең келмей болду деди арабакеч.

...Ошону менен балдар айдоосуна кетти. Күн батканча айдашты. Кеч киргенде ошол тилкени бүтүрүштү. Айланта карасаң, аябагандай көп жерди коңторуп салыптыр. Балдардын биринчи айдоосу. Алдыда канча айдоо жатат. Бирок иштин башталышы бар. Башталышы болбосо уландысы кайдан болмок.

Күүгүм талаш акыркы борозду тилип чыгышты да, кайрылган жерлердеги алаларды терип айдап, анан токтолбостон соколорун жаңы тилкеге өткөрүштү. Эртең жаңы айдоо башталат.

Аттарды чыгарып, станга келгенче кап карайып кетти. Кемпир жок, стан аңгырап ээн. Каруу кетип чарчаган балдар шашпастан, каамыттарын чыгарып, үйдөгү орундарына бөлөк-бөлөк

жайгаштырып, он эки атты акыр ордуна пайдаланып жүргөн чөп салынуу арабага эки беттеме тизип байлашты. Эртең менен эрте туруп, аттарын кашып, сугарып алып, кайра ишке жөнөш керек. Караңгыда карайлашып бети-колдорун жуунушту, үй ичин кичине от тутантып, көжө жылыткандан эриништи да, оттун жарыгында кургак нан жеп алышты, муздак суудан бир-бирден жутуп, бүкүлү бойдон жата кетишти.

Султанмурат балдардан кийин уктады. Уктаар алдында эшикке чыгып, аттарды карап койду. Арабанын эки жагында алты-алтыдан байланган аттар кургак бедени жайбаракат күртүлдөтүп, кээде бышкырып коюп, тынч турушкан экен.

Түн мемиреп жылуу. Он бешинен өтүп калган ай отуруп чыкты. Султанмурат эмнегедир түпөйүл чочулап, бир аз басып жүрдү... Күндүзү көз жоосун алган тоолордун кокту-колоттору айдын жарыгына ала көлөкөлөнүп сүрдүү, теребел тунжурап, караңгы түн тумчуктура басып турат, элсиз ээн жай. Бу күнгө чейин иш менен алек болуп жүрүп, иштен келгенде күп жыгылып, тырп этпей таң атканча уктап калып жүрүп, түнкүсүн бул тарап мынчалык сүрдүү болорун байкабаган экен. Ушинтип, чалды-куйдуланган оюнан ого бетер чочулап, ал үйгө кирди. Ордуна барып, көпкө уктай албай жатты... Ажымураттын айтканын эстеди, атам согуштан кайтканда Чабдарга учкаштыра кет, экөөбүз элден мурда жетип тособуз дегени, тосуп алып, атасын Чабдарга мингизишет да, экөө үзөңгү кармап, эки жактан жандай жүгүрүп алышат. Ошондо күйүгүп далбалактап келаткан апасы, калган туугандар алдынан чыгат... Оо, андай сүйүнүч болсо, Чабдарды коштон чыгарып алып, ушерден түз чаап жөнөбөс беле... Кийин келип, өксүп калган жерин жүз эселеп айдап салбас беле.

...Анан кадимки аттамчыктан Мырзагүлгө жолукканын эстеп, караңгыда кайра күлүмсүрөдү. Кыздын алаканына жабышып, тумсак назик колу: «Мына мен, каалаганың. Мен кубанычтамын. Кубанчымды сезип атасыңбы?» – деп тилсиз айтканы азыр болуп тургандай туюп жатты. Анан кыздын кебетесинен өзүн тааныганын, ошого таң калганын, сүйгөн кызы экөө бир жан болуп калганына кубанганын да жыргап эстеди. Азыр Мырзагүл уктап жаткандыр... Султанмурат акырын төш чөнтөгүндөгү жүз аарчыны кармалап, сылап жатты.

Ошентип жатып кантип уктап кеткенин өзү билбей калды. Тырп этпей уктаптыр. Анан бир жаман түш көрүп, албарсты үстүнөн басып, муунтуп жаткансыды. Алкымдан муунтуп, колдорун артына кайрып жатты албарсты. Султанмурат чочуп ой-

гонуп, өңү-түшүн билбей бакырганча бирөөнүн махорка жыттанган салмактуу туурук алканы жаагын кабыштыра басты.

– Жаныңдан үмүт кылсаң унчукпа! – деди деминен махорканын кычкыл жыты урган неме кулагына кышылдап.

Анан ошол темирдей катуу кол жаагын капшыра кысып, оозун ачты да, чүпүрөк тыгып салды. Султанмураттын аза боюн муздак тер басып өзүнөн өзү калтырады. Булар кимдер болуп кетти, эмне үчүн байлап салышты?..

– Мунусу бүттү, – деп күбүрөдү алиги кышылдак беркисине. – Кана эми тигилерди!..

Караңгыда Анатай жаткан ныптада алышып калышты. Анатай бир кыйкырып туйлап калды, бирок аны да байлап салышты окшойт, үнү чыкпай күшүлдөй дем алганы угулуп жатат.

Эркинбекти башка бир коюштубу, онтоп алып, ошо бойдон унчукпай калды.

Эмне болуп жатканын Султанмурат дале түшүнө албады. Чүпүрөк көмөкөйүнө тыгылып, оозунун ичи кургап, деми кысылды, байланган жип колун кесип, жансеректете уютуп баратты. Үйдүн ичи көзгө сайса көрүнгүс. Бирок булар кимдер, буерде эмне кылып жүрүшөт, эмне үчүн байлап салышты, эмне ойлору бар, же өлтүргөнү келгенби? Кайсы жазыгына?

Султанмурат туйлап, оонaлактай кетти эле, тигилердин бирөө тизелеп өпкөдөн ныгыра басты да, бармактары темирби, чеке маңдайын оё нукуду. Акырын, бирок ызырына тактап айтты:

– Мөңкүбөй жат! Уктуңбу? Балдардын башчысы сен болсоң керек ээ? Силер бекер жоопко тартылбасын деп байлап салдык билсеңер. Түшүндүңбү? – деп кыш-кыш этип айтып коёт да, айткан сайын төбөгө чеге каккандан бетер катуу-катуу уруп коёт. – Эстүү болсоңор аман кутуласыңар. Силерди ушерден таап, чечип алганда болгонун болгондой айтып бергиле. Силерди эмне кылмак эле! А эгер тил албай азыр мөңкүчү болсоңор, таарынбагыла ушерден эле кокоңорду жулуп алам! Былк этпегиле! Өлбөйсүңөр, – деп алар күшүлдөп-бышылдап, сөгүнүп, какырынып чыгып кетти. Анан аттарга барышты окшойт, аттар үркүп күрс-тарс болуп кошкуруп жатты. Аздан соң бир топ аттын дүбүртү чыкты, камчынын чыпылдаганы, алиги кишилердин сөгүнүп-тилдегени угулду да, дүбүрт алыстап барып, биротоло житип кетти.

Бул окуянын коркунучтуу маанисин Султанмурат мына ошондо түшүндү. Уурулар тура булар, коштун аттарын уурдап кетишпедиби! Ызасы ичин өрттөп, алсыз ачуусу кайнады. Колун бошотууга далбас уруп, ары-бери оонaлактады, жылыш болбо-

ду. Ого бетер тумчугуп баратат. Башын чулгуп, тили менен чүпүрөктү түрткүлөдү. Оозунун ичи ысып-күйүп, кан даамданып, опколжуп жүрөгү айланды. Ошентип эптеп жатып, шилекей болгон былжырак чүпүрөктү араң бүркту. Камактан бошотко чыккансып, абадан энтиге дем алганда башы айланып, көңүлү караңгылай түштү.

– Балдар, менин оозум бошоду, – деди ал башын көтөрүп. – Менмин, Султанмурат! Тирүүсүңөрбү!

Эч кимиси жооп бербеди, бирок тиги экөөнүн тең орду-ордунда кыбыраган шыбырты угулду.

– Балдар, коркпогула, – деди анда Султанмурат. – Мен азыр. Азыр бир айласын табабыз. Силер менин айтканымды кылгыла. Анатай, кайдасың, кыбырап койчу?

Анатай дудук кыңылдап, оонай башын көтөрдү.

– Анатай, коё тур. Анатай! Ордуңан жылба! Султанмурат төшөнчү-орундан, ат жабдыктардан артыла оодарылып оонап барып, жанына жетти. – Эми далыңы тосуп жат, мен да ошентем, колуңу туштат. Колунду туш келтир дейм...

Экөө аркалашып жатты да, Султанмурат байлануу колу менен кыбырап жатып Анатайдын колу байланган жипти тапты. «Нары жат, бери жат, чыдай тур», – деп күшүлдөп жатып, жиптин учун таап тартты эле, бошой түштү. Анатай ыкшап колун чыгарып алды.

## 13

Чабдар ордунда калыптыр. Султанмурат үйдөн жүгүрүп чыгып, Чабдарга ыргып минди да, жулкунган жаныбарды бир тегерете токтой калып, балдарга кыйкырды:

– Анатай, айылга чап! Кармалбай тез жет! Элди чакыр! Мен ууруларды кууп жетип, алаксыта кармап турам. Тезирээк жете көр! Эркинбек, сен ушерде бол, эч жакка кетпе! Уктуңбу? Анатай, айылга чап! Мен кеттим!..

Жана дүбүрт кеткен тарапка Чабдардын оозун коё берди.

Алга, Чабдарым, алга, жан бирге жаныбарым! Кууп жет, ууруларды! Мен жыгылбайм, мен өлбөйм, менден коркпо, өзүңө кубат берсин! Чурка, жаныбарым! Өлсөк бир өлөбүз, ылдамыраак, ылдамыраак, Чабдар! Түн караңгы, мен көрө албайм, сен көрөсүң, тайманбай жаныңды үрө, аянбай күрпөң-күрпөң кулач кер, жаныбарым! Каерге жетишти экен, колдон чыгарып жибербесек экен. Алгала, Чабдарым, алгала!.. Мүдүрүлбө, сүрдүкпө, эки көзүң экөөбүзгө шам болсун, жаныбарым!..

## 14

– Куугун! – деп бакырып ийди ууруларлын бири жакындап келаткан ат дүбүртүн угуп.

Экөө кыштоодогу аттарды сабап, чаап жөнөштү. Эми куру санаа менен баюу бүттү. Же бар, же жок. Эми жоголуш керек. Эми куйрукту кыпчып качкандан башка арга жок.

Аттарды башка-көзгө чапкылап, бирин-бири шаштырып, урушуп-сөгүнүп, жандарын ала качты. Көп аттын дүбүртүнөн жер дүңгүрөдү. Ат жалында, атчандын кулак учунда шамал ышкырды. Караңгыда түн жээги жок, шары катуу кара дайра болуп бет алды каршы акты.

– Токто! Кутулбайсыңар, токтогула! – деп айкырык салып, Султанмурат улам жууктап кууп кирип келатты.

Бирок калың дүбүрттөн анын ач айкырыгы үзүл-кесил угулат.

Чабдар! Мал асылы Чабдар! Атанын жан жолдошу Чабдар! Түндү жиреп шукшурулуп учту, жаныбар! Бул Аксайдын этегин баскан караңгы түндө мүдүрүлүшкө да, кууганына жетпеске да акысы жоктой окторулуп чуркады.

Султанмурат ат коштой өксүй чапкан ууруларды бат эле баса жетти да, окчунураактан жандай чапты.

– Таштагыла аттарды! Таштагыла! Коштун аттарына тийбегиле! – деп кыйкырды.

Уурулардын бири коштогон эки атты алдыңкысына тапшырды да, Султанмуратка атырылды, аттан оодара тээп өтчүдөй жутунду. Бирок Чабдар буйтап, жолотподу.

Жайлачудай кууган уурудан буйтап, Султанмурат топ атты коштогон уурунун алдын торой, аттарды кайрый чапты.

– Кайры, артка! – деп кыйкырды.

– Жолобо, жайлап салам! – деп күркүрөйт ууру.

Бирок Султанмурат көгөрдү, алдын тороп, кайрый берди.

Ушинтип кайкып учкан топ канаттуудай кайрый сала чаап баратышты. Алиги артынан кууган ууру жете келген сайын Султанмурат топ аттын нары капталына чыгат, аякка барса, бери капталына чыгат. Иши кылып түз качууга ууруларга жол бербеди.

Ошондо караңгы түндү жаңыртып мылтык тарс этти. Султанмурат мылтык үнүн укпай калды. Жарк эткен октон Аксайдын түн баскан жайыгы, жанынан чаап өтүп бараткан топ аттардын карааны, сереңдеген эки атчан көз ирмемге жарык боло түшкөнүнө таң калып, ою жыйналбай аттан учуп кетти. Ташка

урунган мүрү какшап калганын да сезбей ордунан кайра ыргып тура калганда, астындагы аты мүдүрүлбөй эле окко учканын билди. Чабдар башын жерге ургулап, коркурап, чаап бараткансып, төрт аягы тыбырап жатты...

Жаны кашайган Султанмурат ойлоп-карап турбастан ууруулардын артынан чуркады:

– Токто-о! Кутулбайсыңар! Кууп жетем! Чабдарды эмне өлтүрдүңөр? Атамдын атын эмне өлтүрөсүңөр?

Эсин жыйбай, аргасыз ачууга алдырып, атчандарды кууп жетчүдөй, кайрып келчүдөй болуп, Султанмурат жиниге чуркап баратты. Дүбүртү улам алыстагандан алыстап, уурулар кылчайбастан кетти. Султанмурат ага көнө албады, кууп жеткиси келди. Өрт алгандай бүткөн бою, бети-колу күйүп-жанып чуркап баратты. Жана аттан жыгылганда кыр таштарга алдырган колу менен бети ысып-күйүп, улам чуркаган сайын чыдатпай ооруду.

Акыры күйүгүп эт-бетинен эки-үч аласалып кетти. Жүрөгү мыкчылды. Бул тунжураган дүлөй караңгыны жектеп, көзүнөн от чагылып, жанына баткан оорудан онтоп, ооналактап жиберди...

Уурулардын алыс кеткен дүбүртү акырындап өчүп бараткан солуктаган Султанмурат жерге кулагын төшөп угуп жатты. Дүбүрт уламдан-улам жердин туюк тереңинен араң угулуп, анан биротоло өчтү да, кара жер тынчып жатып калды...

Мына ошондо Султанмурат кыңкыстап ордунан турду, үн сала муңкана ыйлап, кайра артына темселей басты. Сооронор алы да, айласы да жок, же бул каран түн түшкөн Ак-Сайда аны сооротор жан жок. Согуштан кайткан атасын тосуп чыгарда учкаштырып ала барам деп Ажымуратка берген убадасын эстеп алып, ого бетер мууну бошоду, ого бетер өксөп ыйлады. Эми Ажымурат экөө Чабдарга минип алып, станчага келген атасынын алдынан чаап чыга алышпайт. Эми Ак-Сайга себебиз деген эгиндин баарын себе алышпайт. Тиштери жаркылдаган соколорун сүйрөтүп айылга салтанаттуу кайтар күн эми болбойт. Мырзагүл эми кубанып көчөгө чыгып тоспойт. Султанмуратты көрүп, сыймыктанып турбайт... Үмүт-кыялдын баары талкаланды... Ошол үчүн ыйлап баратты...

Жел жеткирген жаңы кандын жыты каңылжаарын жарып, араанын козгогон сайын улам кара тумшугун жаланып, ач карышкыр күрпөң жортуп келатты. Жыт кууп, жакындаган сайын ач карыны кынжыйып ичине тартып, эртең мененки өлүмсүк, суз көздөрү от жанып кызарып келет. Кыштан арык

чыккан кылкандаган каман жалдуу дөбөт карышкыр эле. Ак-Сайды кыштаган бөкөндөрдүн арык-торугун кармап жеп жүрүп, бу кышты кечирди. Эми бөкөндөр казактын эрме чөлүнө түшүп кеткенден бери кабыргасы каржайып, тумшугун желге тосуп, улуп-уңшуп отуруп калган. Жаш бөрүлөр тобу менен тоодо аркар-кулжанын алсырагандарын кууп жүрөт. Бул болсо суур качан чээнден чыгат деп, күнгөй боорду жойлоп келген, чарчаганда ач курсагын күнгө кактап, тилин салаңдатып солуктап жатат. Бирок бүгүн-эртең чыгат деген суурлар кечигип али жок. Айласы түгөнгөндө карт бөрү күнөстөгү көк ыраңды жалмалайт. Ал оокат болмок беле, өзөгүн өрттөп, ичин ого бетер курутат.

Жаңы кандын жыты башын айлантып күчөгөн сайын бөрүнүн заары күчөп, башка бир ит-куш ээлеп албагай эле дегенсип, өзүнөн өзү ыркырап коюп, күчөй жортту... Шилекейин чууру-туп азгырган жыт жылкы этинин жыты эле. Жылкынын эти менен теринин буруксуган жыты бөрүнү мас кылып жиберди.

...Ушу жутунган боюнча боюн токтотпостон барып өлүк жылкыга тиш салмакчы болду, бирок куу бөрү көнүмүш сактыгына салып, шилекейин жалана боюн зордоп токтотуп, өлүктү бир айланып чыкты. Жылкынын өлүгүнүн жанында адам турганын көрө сала бөрү селээ токтоду. Адам чочуп тура калды.

– Эй! – деп Султанмурат тап берип, жерди тепти.

Карышкыр кетенчиктей секирди да, куйругун такымына кысып, четке жылжый басты. Жолу болбоду. Адам турат. Адам этке жолотпойт. Бөрү жортуп саал алыстай берди да, тык токтоп, ыркырап адамга кайрылды. Көздөрүнөн көк чаар учкундар чачырап, кылкан жалы түксүйдү. Башын ийнине ката жыйрып, азууларын шакылдата арсайтып, жаалы көзүнө чыгып, акырын жакындай берди.

Султанмурат катуу кыйкырып бөрүнү токтотту да, Чабдардын жүгөнүн шыпырып ала койду. Жүгөндү колуна ороп жиберип, ооздукту салмоорлоп кармады. Эми анын куралы ушу жүгөн болуп калды.

Карышкыр дагы жакындап келди да, кылкан жалы дүгдүйүп, тулку бою тырышып, секирмекчи болуп, жерге жабышып жата калды. Көздөрү Султанмураттын көзүнө кадалды. Бөрүнүн көзү курчураак, заардуураак сезилди.

Бирок Султанмурат жалтанбады. Болгондо өмүрүндө биринчи жолу жүрөгү муштумдай эт экенин, ал дүкүлдөп көкүрөгүн ургулап жатканын даана сезди...

Султанмурат жүгөндү оңтойлото кармап, илгери жүткүнө даяр турду.

## ЧЫГАРМАНЫН БАРДЫК ГЛАВАЛАРЫ БОЮНЧА СУРОО-ТАПШЫРМАЛАР

?

1. Сабак учурунда Инкамал-апай эмнелер жөнүндө айтты? Сөз болгон өлкөлөрдүн саясий-экономикалык абалы тууралуу эмне билесиңер? Бул аңгеме Султанмуратты кандай кыялдарга алып келди? Анын атасы Бекбай кандай адам? Баланын Жамбыл шаарына барганы эмнеликтен эси-көөнүнөн калгыс окуяга айланды? «Жыргал үстүндө адам ойлонбойт» деген жазуучунун сөзүн же «Бу дүйнөдө ата деген болору жакшы тура...» деген Султанмураттын ой-толгоосун кандайча түшүнөсүңөр? I–III главалардагы ата менен баланын мамилесинен эмнени баамдашка болот?
2. Тыналиев башкарма мектепке кандай иш менен келди? Ушундан кийин балдардын турмушунда кандай өзгөрүүлөр болду? Алыскы кош айдоого бара тургандар эмне үчүн «Ак-Сай десанты» деп аталды? Эмне үчүн Тыналиев башкарма оруктагы жумуштарды согуш талаасындагы кызыл кыргындан кем баалабайт? Ак-Сайга баруудан мурда кандай даярдыктар көрүлдү? Ак-Сайга кетер алдында башкарма эмне үчүн балдарга кайра-кайра кайрылат? «Тыналиев башкарма ушинтип айтты» деген сөздү улам-улам кайталоонун кандай мааниси бар?
3. Десанттын командири катары Султанмуратка кандай баа бере аласың, ал кандай иштерди аткарды? «Адамдын жакындыгы, улуулугу көзү өткөндө гана билинет... Бул сезим илгертен боло келген, түбөлүк кала бермек...» деген сөздүн маанисин кандайча түшүнөсүңөр, бул ой кайсы окуяга байланыштуу айтылган? Султанмурат менен Анатайдын жана алардын Мырзагүлгө болгон мамилелерин айтып бергиле. Султанмурат менен Мырзагүлдүн ортосундагы наристе сүйүүнү жактап колдойсуңбу, же айыптайсыңбы? Бул боюнча өз оюңду далилдей аласыңбы?
4. Жазуучу эмне себептен Тыналиев башкарманы айкөл Манаска, ал эми кошчу балдарды анын баатыр чоролоруна салыштырат? Кош айдоо кандай шартта башталды? «Чамдагыла, Камбар-Атанын тукуму, чамдагыла!» деген сөздүн маанисин чечкиле. Чабдар менен Чоңтору жөнүндө айтып бергиле. Ч. Айтматовдун дагы кайсы чыгармасында ат адам менен бирге тагдырлаш мүнөздөлөт?
5. Манас-Атанын керме тоосу, айлананы шаңга бөлөп, сайраган торгой, күн ачылгандан кийинки коштун жүрүшү – дегеле бүт табият чыгармада кандайча сүрөттөлгөнүнө байкоо жүргүзүп, ал сүрөттөөлөр адам турмушу менен кандай чеберчиликте айкалышканын текстке жакын кылып айтып бергиле. Турналардын эрте келиши түшүмдүн мол болушуна кандайча байланышы бар? «Мергенчилер» кимдер? Алар менен «Бетме-бет» повестиндеги Ысмайылды окшоштуруп турган эмне?
6. «Кудурети күчтүү табият дүйнөсүндө адамдар бири-бирине курал көтөрүп ок атып жатса да адам тукуму кырылбайт, турмуш менен өмүр улана берет» деген автордун оюн кандайча түшүнөсүңөр? Жамандык менен жакшылык, өмүр менен өлүм дайыма бой тирешип турарын кайсы эпизоддордон көрөбүз? Аталар көтөргөн чамгаракты кулатпай, коломтого жаккан отту өчүрбөөчү, турмуш менен өмүрдү улантуучу Султанмурат жана анын курбулары: Анатай, Эркинбек, Эргеш, Кубаткулдардын согуш мезгилинде көрсөткөн эрдиктери жөнүндө сенин оюң кандай? Тыналиев башкарманын «дыйкан дайыма тобокел кылат, бирок жерге дайыма үмүттүү карайт» деген сөзүнүн маанисин чечмелегиле. Чыгармага тандалып алынган эпиграф повесттин идеялык-көркөмдүк сапатын ачууда кандай жүк көтөрүп турат? Повестти бүт окуп чыгып, анын сюжеттик композициялык курулушу, көркөм сөз каражаттары,

дүйнөлүк адабияттан алган орду жөнүндө айтып бергиле. «Ак-Сай десанты» деген темада дил баян жазгыла. «Мен Султанмурат менен Мырзагүлдүн сырдаштык мамилелерине кошулам же кошулбайм» деген темада сабак-диспутка даярдангыла. Мүмкүнчүлүгүнө карап повесть боюнча тартылган кинотасманын же чыгарманын сахналашкан вариантынын негизинде сахна-сабак өткөрүүгө аракеттенгиле.

## «ЭРТЕ КЕЛГЕН ТУРНАЛАР» ПОВЕСТИ

Заманыбыздын залкар сүрөткери Ч. Айтматовдун бул повестинде согуш мезгилиндеги кыргыз жергесиндеги кыйынчылыктарды, оор жоготуулар менен Ата-Журт башына түшкөн мүшкүлдү ким кандайча көтөргөнү, нечен курмандык менен келген жеңишке ким кандай салым кошкону таасын көрсөтүлөт. Чыгармадагы бүткүл окуя башкы каарман Султанмураттын башынан өткөргөндөрү, аны кайрадан элестетүүсү, таттуу үмүткыялдары аркылуу берилет. Султанмурат, Анатайлар кимдер? Көрсө, алар жазуучунун классташтары экен. Согуш жаңы башталган кезде, Айтматов он үчтөгү бала эле. Ал алааматтын адам башына алып келген бүткүл азап-тозогун өз көзү менен көрүп, ошол турмушту өз башынан өткөргөн Ч. Айтматов улуу жеңишти жакындатууга кошкон балдардын ченемсиз эрдигин ушул «Эрте келген турналар» повестинде бөтөнчө бир эргүү, бөтөнчө бир кайталангыс сезим менен берген.

...Инкамал-апай окутуп жаткан география сабагы, суук класс, эшикте бороон-чапкын. Саман жагылган класс чеке жылытпайт. Инкамал-апай Цейлон аралы жөнүндө, анда жашаган түрлүү жаныбарлар жана өсүмдүктөрү тууралуу окуучуларга узун сабак, кызыктуу аңгеме айтып, түшүндүрүп жатты. Эгер Талас-тын жери да Инкамал-апай айтып жаткан Цейлон менен Индиядагыдай өмүр бою кышы жок болсо, анда балдар тигинтип калчылдабас эле. Баары белен, тим эле жомоктогудай жаңгагы төгүлүп, алмасы чирип көң болгон жерлер. Бирок апайдын жаналакетке түшүп айтып жаткандары Султанмураттын кулагынын сыртынан кетип жатты. Ал качанкы бир көргөн-билгендери тууралуу кайрадан ой жүгүртүп, кыялданып отурду. Анын ою алда кайда, бирде өмүр бою кышы жок өлкөлөрдө болсо, бирде кечээ жакында эле атасы экөө барган Жамбыл шаарында. Базарга жакын орношкон ажайыпканага кирип, андан пил, тоту куш, тоодак сыяктуу не бир түркүн жан-жаныбарларды колун сунса жеткидей жерден көргөн. Лапылдатып жаап жаткан карды терезеден карап отурган Султанмурат таптакыр кыш болбос

өлкөлөрдү укканда ошол жерде туулбай калганына өкүнөт. «Кап десең, Таластын аба ырайы деле тиги ысык жактагыдай болсо кана», – деп, өзүнчө кыялданат. Анда адыр-адырда пилдер оттоп жүрмөк. Бирин Султанмурат өгүздөй чүлүктөп минип алып, айыл аралата бастырмак. Эл жарданып: «Карасаңар-эй, Султанмурат го, тиги Бекбайдын уулучу, пил менен келатат ой!» – дешип чуулдап ээрчип жүрмөк...».

Анан туруп баягы согуштун алдыңкы жылы атасы менен Жамбылга баратканы көз алдына тартылат. Ошондогу жыргал, таалайы төгүлүп, мелт-калт болуп турган учур дагы кайталанар бекен, шаарга баратканда да, кайтып келатканда да араба үстүндө атасына жөлөнүп, куш уйкуга чөмүлгөндө, же болбосо чөмөлө түбүндө эс алып уктап жатканда, Султанмураттын кучагы ырыс-таалайга толуп турган. Атасынын жанында ал өзүн мартабалуу эр-азамат катары сезген. «Ошондо Султанмурат жыргалдын бешигиндегидей термелди. ...Бирок ал мунун баарын териштирип ойлободу, анткени жыргал үстүндө адам ойлонбойт. Дүйнө ушундай болуп курулган экен, башкача болушу мүмкүн эмес деп гана туюк сезди бала. ...Ушул жылдыздуу түнкү уйкуну кийин Султанмурат нечен ирет сагынып эстээр...», – деп эскерет автор.

Чынында эле ушундай болду. Султанмураттын тилегени – баягы атасы Чүй каналынан кайткан окуя дагы бир жолу кайталанса, кандай гана зор кубаныч болор эле дегендей таттуу ойго келет. Мурунку жылдары атасы чоң каналдын курулушунда жай-күз эки мезгил катары менен иштеп, стахановчу деген наамга ээ болуп кайткан. Анда атасын иниси Ажымурат экөө чогуу тосуп алышкан. Эми болсо атасы тээ кан күйгөн согушта, аны аман-эсен көрсө, Султанмураттын бактысы ошол. Атасы барда үй-жай, огород, бак-шак, мал-мүлк өз жайында болуп, алардын үй турмушу көркүнө чыгып турчу. Ар ишке тыкан, оокат-тиричиликке камбыл эле атасы Бекбай. Ал Жамбылдан жергиликтүү МТСке май ташычу. Арабасы да май ташыганга ылайыкталып жасалган, ага чегилген эки аты да мыкты. Аттарга жараша ат жабдыгы да келишимдүү. Таңга маал дөңгөлөктүн дүбүртүн алыстан уккан адам, Бекбай шаарды карай жол тартты деп, жазгырбай таанычу. Султанмурат мына ушулардын баарын ойлонуп, көз алдынан өткөрүп жатты. Ал эми сабак болсо дагы эле улана берди. Инкамал-апай эми Ява, Австралия жөнүндө айтып жатты... Суук класста титиреп отурган Султанмураттан башка балдар деле Инкамал-апайдын сабагын кунт коюп угуп отурушкан жок. Мына ушул сабакта Тыналиев башкарма сыл-

тый басып класска кирди. Анын аңгемеси кыска. Ал эртеңки келе турган жазгы кош айдоонун камылгасы, унаа, соко, анын жабдыгы, күздүктөн айдалбай калган эки жүз гектар жерди жазгы кош айдоо менен толуктоо, алыскы Ак-Сайга баруу жөнүндө.

«Аскерден кие келген боз шинели үстүнөн түшпөгөн, көк тумагы башында, асма сумкасы капталында, өзү жаш болсо да караганы катаал, кабагы түнт, кабыргасы кем капталына кыйрадай баскан, бет отунун сөөгү чыгып, арыктап калган башкарма» учурдун талабына ылайык маанилүү маселелерди сүйлөдү. Анын мектепке келиши, олуттуу сөзү балдардын өмүр жолунда чоң өзгөрүүнү ала келди. Башкарма Тыналиев 14–15 жаштагы балдардан «Ак-Сай десантын» түздү. Анан алыскы Ак-Сайга кош айдоого барышка далай даярдыктар көрүлдү. Өзүлөрүнө бөлүнүп берилген аттарды Султанмурат командалык кылган балдар жакшылап багышты, соко шаймандарын, ат жабдыктарын даярдашты. Мына ушундан кийин гана алыскы Ак-Сайга жөнөштү. Борошолуу жаан-чачынга, табигаттын ар кандай татаал кырсыгына карабастан, балдар Ак-Сайдын дың жерин өздөштүрүүгө бүткүл аракетин жумшашты. Ак-Сайга барган балдардын жумушу кызып калган учурда, белгисиз каракчылар кошко чегилген аттарды уурдап, алардын артынан сая түшкөн Султанмураттын Чабдарына ок жаңылат. Эми иниси Ажымурат экөө Чабдарга минип, согуштан жеңиш менен келаткан атасы Бекбайды тосуп чыга алышпайт. Эми Ак-Сайга себебиз деген эгин бүтүн себилбейт, тиштери жаркыраган соколор айылга салтанат менен кайтпайт. Баарынан өкүнүчтүүсү Мырзагүл аны кубанып тосуп чыкпайт... Деген менен жамандык жалгыздап келбейт. Аттарды уурдаган адам карышкырлары коюу түнгө сиңип, житип жок болгон менен кылкан жалы түксүйгөн ач карышкыр Чабдардын өлүгүн тооруп турат. Султанмурат да Чабдардын жүгөнүн шыпырып, салмоорлоп оңтойлото кармап ач карышкырга кол салууга даяр. Дал ушул жерден окуя чорт үзүлөт. Бирок чыгармада адамды толгонтуп, ойго салчу не бир татаал тагдыр, татаал турмуштун элеси биринин артынан экинчиси көрүнө берет.

Чыгармада тынч турмушту бузуп, адам канына кумар болгондорго, үмүт менен жер оодарган, үмүт менен үрөн сепкен адамдар карама-каршы коюлган. Бекбай менен Сатаркулдардын көтөргөн чамгарактарын кулатпай, коломтого жаккан отун өчүрбөөчү – Султанмурат, Анатайлар бар. Анткени бейпил турмуш үчүн, адамдардын бактылуу жашашы үчүн адамдар улуу

үмүт менен уламдан-улам жерге дан чачып, үрөн себет. Мына ошол жер жырткандар менен адам үмүтүнүн түбөлүк аткарылыш үчүн күрөшкөндөрдүн арасында Ч. Айтматовдун таластык балдары да бар. Алардын эл-жер үчүн жан үрөп иштеген иштери кадимки «Манас» эпосундагы укмуштуу баатырларды да эске салат. Ошондуктан жазуучу башкарма Тыналиевди элдик баатыр, көк жал Манастын өзүнө, ал эми Султанмурат баштаган балдарды анын баатыр чоролоруна бекеринен салыштырган жок.

*Адабият теориясынан*

## КӨРКӨМ ЧЫГАРМАНЫН КОМПОЗИЦИЯСЫ ЖАНА СЮЖЕТИ

Көркөм чыгармаларда турмуш окуяларын жайгаштыруунун өзүнчө бир белгилүү тартиби болот. Анда кокусунан кирип калган артыкбаш окуялар болбой, ар бир үзүндү, бөлүм, бөлүкчөлөр кадиксиз турмуш чындыгын баяндоого тийиш. Ал элементтерди туура жайгаштыруунун дал ушул тартиби адабий чыгарманын композициялык бирдигин түзөт, б. а. ар бир көркөм чыгарма имараттын архитектурасы же скульптуранын формасы сыяктуу белгилүү тартипке баш ийет, б. а. чыгарманын ар бир эпизоду, главасы, бөлүктөрүнүн ырааттуу жайгаштырылышы зарыл, ошондой эле окуянын өнүгүшү, каармандардын бири-бири менен болгон мамилеси кандай болору да алдын ала жакшылап ойлонулат. Ошентип, чыгарманын жалпы курулушу, анын ар бир бөлүктөрүнүн өз ордунда туура жайгаштырылышы **к о м п о з и ц и я** деп аталат. Көркөм чыгарманын композициясы **лирикалык чегинүү, эпизод, портрет, психологиялык мүнөздөмө, монолог, диалог, пейзаж, буюм-тайым (интерьер)** деген элементтерден турат. Ал элементтердин ар бирине адабият таануу терминдеринин сөздүгүнөн тиешелүү маалымат ала аласыңар.

Чыгармадагы окуялардын бири-бирине тыгыз байланышып, ырааттуу тизмектешип келиши, каармандардын кандай абалда экендиги, алардын кыял-жоруктарынын баяндалышы **с ю ж е т** деп аталат. Жазуучунун берейин деген идеясын, ой-максатын, толгонууларын, каармандардын мүнөзүн ачып көрсөтүүдө сюжеттин мааниси зор. Сюжеттин да **киришүү, окуянын өнүгүшү, чиеленип ырбашы** жана **окуянын чечилиши** деген элементтери бар.

# АЛЫКУЛ ОСМОНОВ

## (1915–1950)

«Талыкпастан көп окугандыгы жана дайым чыгармачылык изденүүсү гана Алыкулду чыныгы ийгиликтерге алып келди. Ал профессионалдуу, өз алдынча чоң акын болуп өсүп чыкты. Анын чыгармачылыгы жалгыз өзүнө гана таандык белгилер менен кайталангыс болуп калды».

*К. Кулуев*

«Алыкул – ...талантын эмгек менен курчуткан алп акын».

*Т. Сыдыкбеков*



Алыкул Осмонов отуз беш гана жыл жашап, ошол кыска өмүрүнүн он беш жылдай убакытын эле чыгармачылык ишке арнады. Бирок өзү айткандай, «кыйын жашап, жакшы жазган» акын кыска өмүрүндө Чолпон жылдыздай, нар көтөргүс көркөм дөөлөттөрдү жаратып, кыргыз адабиятында өз ысмын жаркыратып калтырып кетти.

Ал 1915-жылы азыркы Панфилов районундагы Каптал-Арык айылында туулган. Өтө жашында ата-энесинен ажырап, Токмоктогу жетим балдар үйүндө тарбияланат. Кийин Фрунзеде педагогикалык техникумунда окуусун улантып, 1932-жылы «Чабуул» (кийинки «Ала-Тоо») журналына кызматкер болуп орношот. Талапкер бала Токмокто интернатта окуп жүргөндө эле ыр жаза баштап, анын айрымдары дубал газетага да чыгат. 1930-жылы сентябрда «Сабаттуу бол» газетасына жарыяланган «Кызыл жүк» деген ыры акындын алгачкы басмадан чыккан чыгармасы. Ошол биринчи ыры жарыяланган он беш жашынан тартып, акын улам поэзия дүйнөсүнө тереңдеп кирүүгө аракеттенип, 1937-жылга чейин анын «Таңдагы ырлар», «Жылдыздуу жаштык», «Чолпонстан» аттуу үч ырлар жыйнагы жарык көрөт. Бирок бул китептер акындын талантын, жекече өзгөчөлүгүн толук көрсөтө албады. Ал жыйнактардагы ырлар ошол кездеги көпчүлүк акындардын ырларынын деңгээлинен аша албады, а түгүл айрымдары эстетикалык жактан жармач болуп, төмөн да турду. Ошону менен бирге бул жыйнактардан акындык таланттын «жылт» эткен

учкундарын көрсөткөн айрым ырлары менен саптары көрүнө калган учурлар да болду.

Айрыкча акындын жеке турмушу ары татаал, ары өксүктүү: жашынан учук оорулуу болуп, жаш жанына тынчтык бербеген катуу илдетке чалдыгып, кан жөткүрүп калды. Бир жагынан айыкпаган кесел акынды алсыратып чүнчүтсө, экинчи жагынан көксөп жүрүп көргөн кызы Жыпар айына жетпей чарчап калды. Буларга кошумча, жары Зейнеп менен турмуш оту күйүшпөй, көбүнчө жалгыз, түнт жашады.

1937-жылдан кийин сегиз жыл өткөрүп, 1945-жылы акындын «Махабат» жыйнагы жарык көрөт. Бул жыйнак кыргыз адабиятында өз үнү бар, таланттуу акындын келгенин көрсөттү. Өлүм, өмүр, дүйнө, жашоонун маңызы, эмгек, сүйүү, жаратылыш жөнүндө байыртан бери эле ырдалып келаткан темаларды А. Осмонов өзүнчө көрүп, өзүнүн жеке турмуш элегинен өткөрүп, өзүнчө чечти. Эң негизгиси ал катуу изденди: укмуштай көп окуду, батыш жана чыгыш адабиятынын ири классиктеринин чыгармаларын которду, эл аралап, элдин сөзүн жыйнады, күнүтүнү түйшүк тартып, «ыр көлүндө сүздү», пьесалар жазды. Мына ушундай талыкпас изденүү, чыгармачылык түйшүк, өзүнө өзү алымсынбоо акынды жетилтти.

Айтылуу Алыкул акын чыгармачылыгы гүлдөп, поэзиянын не бир керемет сырларын ачып, анын не бир бийик белестерин ашып бараткан мезгилде, 1950-жылы бар болгону 35 жыл жашап, узак жыл жанын кыйнап келген дарттан – кургак учуктан каза тапты.

## МАЛЯР

Маляр келди, бир чоң үйдү майлады,
Кабак түйгөн капалыкты айдады.
Ушул адам, ушул сырдуу кийимчен,
Бул дүйнөнүн үстүндөгү каймагы.

Кетти, кетти, кетти чоң үй капасы,
Кеткенине кубанды уул, атасы.
Ушул адам, ушул эски кийимчен,
Бул дүйнөнүн, үстүндөгү тазасы.

Үй тазарды, жарк деп кабак ачылды,
Өмүргө кас учкан чаңдар басылды.
Сөздөрү орой, чала кызуу бул адам,
Бул дүйнөнүн асылынын асылы.

Эң кеч жатып, элден эрте тура алган,
Ойлогонун ойдогудай кура алган.
Касиеттүү мындай кымбат кесиптен,
Менин атам, билбейм неге кур калган?

## ЖУМУШЧУ

Жумушчу калк – дал өзүмдөй жөнөкөй,
Анда – каруу, менде – таттуу көмөкөй.
Бизсиз – ырсыз жана эмгексиз
Бул турмуштун бир минуту жөн өтпөй.

Нечен дайра, нечен суулар байланып,
Өлкөбүзгө нечен шаар жайланып.
Жумушчу калк кана соруп чылымын,
Мен үстүндө ак куш болуп айланып.

Жумуш күчөп, жыл артынан жыл кууп,
Ондоп, бүтөп, улам бийик, кең куруп.
Жумушчу калк чайын ичип үйүндө
Мен үстүндө алтын канат ыр тууп.

Бакыт жасап кур темирден чапкылап,
Тынчтык жасап, отту араага тарткылап,
Бул жашоонун жаны бизде экенин,
Мен жар салам канатымды каккылап.

## ФЗОДОГУ ИНИМЕ

Билем, иним, мени жакшы көрөсүң,
Агаң аны жакшы ыр менен төлөсүн.
Эс тартканда көңүлүң калар менден да,
Себеби сен мындан ары өнөсүң.

Жакшы көрсөң агаң аны тыябы,
Жакшылыкты жамандыкка кыябы.
Экөөбүздү теңдеп өлчөп карасаң,
Жумушчунун кененирээк кыялы.

Сага жакшы бул турмуштун алысы,
Өз колуңда урмат, даңкы, намысы.
Экөөбүздү бирдей өлчөп карасаң,
Жумушчунун бекемирээк далысы.

Мендей эмес, анын жарык көңүлү,
Менден жоомарт, менден сыйлуу көрүндү.
Таразага теңдеп өлчөп карасаң,
Жумушчунун узагыраак өмүрү.

Мени чанба, таамай карап байкап ал,
Жакшымды алып, жаманымды бөлүп сал.
Атак сүйбөс, көтөрүлбөс жагымды,
Жумушчулук сапатымды сактап кал.

## БУУДАЙ САПЫРУУ

Эртең майрам – күн **жетинчи ноябрь**
Ырдоо керек майрам күнү баары бир.
Мезгил чукул тегирменге баралы,
Мейман келет, ак нан керек, муну бил.

Айдат, айдат, айдат шамал, сок ылдам,
Айдат, шамал, кызыл буудай сапырам!
Балдар ойноп чөнтөгүнө салып жейт,
Боорсок кылам ак буудайдын унунан.

Күрөктү алам, буудай сузуп ыргытам,
Шамал сокпойт, жел чакырып ышкырам.
Кыздар келип, кылыксынып жесин деп,
Мейиз төгөм ак токочтун сыртынан.
Ташы жүрөк, ташын бирден терейин,
Мыя жүрөт, мыяларын элейин.
Шайыркүлдө карыз шамал бар бекен?
Бир кап шамал карыз алып келейин.

**ФЗО** – Фабрика-завод окуу жайлары, аларда жумушчулар даярдалган

**жетинчи ноябрь** – 1917-жылы Октябрь революциясы жеңип чыккан, ошол күн жаңы стиль боюнча которулганда 7-ноябрга туура келген. XX кылымдын социалисттик мамлекеттери бул күндү 90-жылдарга чейин майрамдап келишкен

## А. ОСМОНОВДУН ЭМГЕК ТЕМАСЫНДАГЫ ЫРЛАРЫ

Алыкул чыгармачылык менен алпурушкан мезгилде акындардын темаларынын эң башкысы – эмгек болгон. Алар үгүтчү катары элди социализм үчүн жумуш кылууга чакырган, көп нерсени бүт эмгек кылууга байланыштырган, маселен, аялдагы сулуулук анын көрк-келбетинде, сымбатында эмес, анын коомдук пайдалуу жумуш аткаргандыгында, колхоз үчүн жан аябай иштегендигинде болгон. Эмгек кылууга чакырган миңдеген ырлар жазылган, бүгүн анын баары тарых барагында гана калды. Осмоновдун да ошондой ырлары көп эле болгону менен ал бул темада кандайдыр бир өзгөчөлөнүп көрүнө алган, б.а. эмгек ырлары аркылуу да акындык жүзүн көрсөтүп, өзүнүн жеке ойлорун айта алган. Маселен, «Маляр» деген ырда ушул кесиптин адамдарына мүнөздүү болгон пейилди, жалпы образды алдыга сүрөп атпайбы: «сөздөрү орой, чала кызуу», а башка акындарда эмгек адамдары бардык жактан келишкен кылып көрсөтүлүп келген. Анан ушундай кесиптен биздин ата-бабалардын кур калып келгенин, деги эле үй куруп, ал жерде маданияттуу өмүр кечирген жашоо образынан алыс калганыбызды «касиеттүү мындай кымбат кесиптен, менин атам билбейм неге кур калган?» деген суроо менен туюнтуп коёт.

А. Осмонов эмгек процессин көбүрөөк сүрөттөйт, каармандарынын ички дүйнөсүнө аралашууга аракет кылат, ар бир ырында өзү кошо жүрөт, акын катары жумушчуга өзүнүн мамилесин, симпатиясын билдирет.

1. А. Осмоновдун ырларындагы эмгек темасынын көп ырдалгандыгын эмне менен түшүндүрөсүңөр?
2. Азыр А. Осмонов кыргыз жумушчусун кантип ырдамак?
3. «Маляр» деген ырдагы малярдын образы кантип ачылган, образ ачуудагы поэтикалык каражаттар.
4. Жумушчу жана акын («Жумушчу» деген ыр боюнча талдоо).
5. «Буудай сапыруу» деген ыр кандай жагдайда ырдалган, ошол ырдагы акындын шамал карыз сурап келишин кандайча түшүндүрөсүңөр?
6. «ФЗОдогу иниме» ырынын ошол кез үчүн мааниси, ырдагы насаат, таалим, эки кесипти салыштыруу.

## ЫСЫК-КӨЛДӨ ТӨРТ МЕЗГИЛ

Жазын көрдүм. Ысык-Көлдө жаз жыргал,
Тирүүлүктө көлдүн жазын көрүп кал.
Куулар кетип, жаңы кетип **аңырлар**
Бүрүн жарып, гүлдөр кезде кайың-тал.

Катар-катар сабын түзүп турна өтөт,
Карлар эрип, кырлар жашыл, талаа көк.
Кара торгой таңдайынан үн безеп,
Үпүп учуп көңүлүңдү көтөрөт.

Таңды кечке тракторлор татырлап,
Кошко кирип, соко жиреп семиз ат.
Колхозчулар жаз келди деп кубанып,
Колго тиет багынычтуу көп кызмат.

Жайын көрдүм, күнгөй-тескей жайкалып,
Мал тоюнган жайлоо кезин айталык.
Сугат, отоо, **апийимди** суюлтуу,
Кандай сонун, кандай кызык чөп чабык.

Түш мезгилде кымыз келет тоо жактан,
Бир кишиге бир-бир **керме аяктан.**
Күлкү... шылдың... тамашалоо өз ара,
Кандай жумуш, кантип түтөт каяктан!

Күзүн көрдүм. Көл элинде береке,
Капа болот, барбай кетсең жеңеке.
Ар бир адам кумар болот өзүнчө,
Мейман тосуп, аш-тамагын бермекке.

**План** толуп, эмгек тийип жүз **пуддан,**
Дагы тиет кошумча эмгек кырк пуддан.
«Көмөч болбойт, күйүп кетет экен» деп,
Кызыл кыздар нан бышырып дандырдан.

Колхоздорго алкыш келип **обкомдон,**
**Тууну** берип жакшы ишине **райком**
Колхозчу ата тойго барам бүгүн деп,
Атка минет жутуп алып бозодон.

Кышын көрдүм. Ысык-Көлдө кыш жакшы,
Ак кар басып аппак кылып кыштакты.
Жаш бөбөктү апасы уруп чыгарбай,
Терезеден карап турат тыш жакты.

Кыш өкүмү баскан менен кырларды,
Колхозчуда токчулуктун жыргалы.
Түн мезгилде көлдүн аркы четинен,
Көп угулат кыз-жигиттин ырлары.

Мына ушундай – Ысык-Көлдө төрт мезгил,
Кайгы-капа, жаманчылык жок эч бир.
Көлдүн көркүн чабал акын Алыкул
Ойдогудай жаза албаптыр ээ деп бил...

## КАЙЫҢДЫ

Калды, калды Кайыңды айлым ыраактап,
Мен **калтардай** алыс кеттим кылактап.
Мүрү түшкөн жетим куштун канатын
Айыктырган сууларыңа ыракмат.

Кеткен жолум күндүк эмес, айчылык,
Ошондуктан бир барбадым кайрылып.
Чолоо тийбей боорум – калам экөөбүз
Өскөн айыл, тууган жерден айныдык.

Же эр болбой сан жигитти башкарып,
Же мен болбой күйгөн оттой таш каарып.
Баркын билбей, жаным – калам экөөбүз,
Бир боор эже-агаларды таштадык.

Неге унуттум ууз таза күндөрдү,
Кылтак менен кыргый тутуп күлгөндү.
Эне-атадан, тууган-достон иши жок,
Таштан беле Алыкулдун жүрөгү.

Жок туура эмес, кайда барсам – айлым бар,
Мага эне – казак, кыргыз, орустар.
Ким өмүрдө кан кечишсе биз менен,
Ошол болот мага курдаш, мага жар.

Эстейм сени, Кайыңды айлым, сагынам.
Барбайм сага, сагынганда не кылам?
Бул турмушта мен атылган күлүк ок,
Деңиз, дайра, тоодон өтүп жарылам.

Учам алыс, арышым бек чоюлбайт,
Такам – болот, тамандарым оюлбайт.
Тирүү жаным буйрубаган сыяктуу,
Мен өлгөндө сөөгүм сага коюлбайт.

## ООРУЛУУ АКЫН

Оорулуу акын,
Ойго жакын,
Ооруп алсыз олтурат.
Акын, акын,
Акын баркын
Өлүм билбей кол сунат.

Оорулуу акын,
Сөздөрү алтын,
Алсыз, жалгыз олтурат.
Кантсин акын,
Ак кагаздын
Бетин ырга толтурат.

Оорулуу акын,
Өмүр артын,
Каламына калтырат.
Билген достор,
Жан жолдоштор,
Эстесин деп бир убак.

Оорулуу акын,
Соолук баркын,
Эми билип тамшанат.
Кимдер келет,
Кимдер кетет,
Келүүчүгө из калат.
Оорулуу акын,
Ойлоп баккын,
Биздин журтка не калат?
Биз өлөрбүз,
Бирок өчпөс –
Жазган ырлар төрт сабак.

Заман калыс,
Эрдик, намыс,
Керек болор
Берели.
Жан бүткөнчө
Кадырлайлы
Ата менен энени.

**аңыр** – канаттуу

**апийим** – дары-дармек өсүмдүгү, бир кезде Ысык-Көлдө колхоз-совхоздор эгип, өстүрүшкөн

**керме аяк** – узатасынан жасалган жыгач кесе, аяк

**план** – социализм жылдарында мамлекет тарабынан берилген тапшырма, тагылган жүк

**пуд** – салмак бирдиги, 16,38 килого барабар

**обком** – компартиянын областтык комитети

**райком** – компартиянын райондук комитети

**туу** – социализм кезинде мелдеште жеңип чыккандарга, планын биринчи аткаргандарга берилүүчү желек, райкомдуку, обкомдуку, республиканын Борбордук комитетиники ж.б. ар кыл уюмдардын өз туулары болгон

**калтар** – кылдарынын учу агыш, кызгылт тарткан, жылтылдак кара түстүү түлкүнүн бир түрү

1. Акындын ырларындагы Ата-Журт темасы.
2. А. Осмонов эмне үчүн ар бир ырында өзү жөнүндө, өз тагдыры тууралуу ой жүгүртөт?
3. Оорулуу акын эмне үчүн ойго жакын?
4. Акын тагдыры ырларында кандайча чагылдырылган?
5. Ырларды интонация боюнча, уйкаштык боюнча талдагыла.
6. Ырлардан метафора, салыштыруу, эпитет тапкыла, кандай кызмат аткарганын айтып бергиле?
7. А. Осмоновдун ырларын жаттагыла.

# ЖАЛИЛ САДЫКОВ

## (1932–2010)



Акын, котормочу жана драмачы катары элибизге жакшы таанымал чыгармачыл инсан Жалил агайыңар 1932-жылы Сары-Өзөн Чүйдүн баш жагындагы Кемин районунун Кичи-Кемин айлында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Айылдан орто мектепти бүтүргөндөн кийин Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине келип кирет. Бул факультет ошол кезде таланттуу, же элде айтылгандай «чымыны бар» балдарды топтоп, аларга багыт берип, көпчүлүгү чыгарма жазуу менен алектенген. Ушулардын бир тобу кийин кыргыз адабиятынын оор жүгүн көтөргөн акын, жазуучу, драматург, сынчы болуп тарбияланышкан. Ж. Садыков университетке чейин эле колхоздо, «Ак-Түз» кенинде иштеп, кыйла турмуштук тажрыйбага ээ болуп калган эле. Ошон үчүн ал студенттик жашоосун ыр жазуу менен коштоп, иштеп да жүрүп, окуусун бүтүп жатканда эле «Убада» деген ырлар жана поэмалар жыйнагын элге тартуулаган. Бул китеп кезегинде жакшы баага арзыган.

Андан соң ал «Кыргызстан пионери» газетасында бөлүм башчы, Кыргызстан жазуучулар союзунун Нарын, андан кийин Ысык-Көл областтык бөлүмдөрүндө кеңешчи, 60–70-жылдарда «Ала-Тоо» журналында бөлүмдүн редактору, «Жаш ленинчи» журналында башкы редактор болуп иштөө менен түздөн-түз адабий-маданий чөйрөнүн чордонунда жүрдү, жаштарды тарбиялоого салымын кошуп келди. Бул жылдарда анын ондон ашык ыр жана поэмалардан турган китептери жарык көрүп, акын катары элге кеңири таанылды, көп ырларына обондон жазылды.

80-жылдарда Маданият министрлигинде иштеп, ал жерде пьесаларды кабыл алуу, театрларга репертуар түзүү менен бирге эле өзү да драма жазууга баш-оту менен киришип, «Манастын уулу – Семетей» (1982), «Сейтек» (1987) деген драмаларын жазды, бир топ жылдан кийин трилогиянын биринчи бөлүмү

«Айкөл Манас» жазылып бүттү. Деги эле анын чыгармачылыгында тарыхый тема басымдуулук кылып, Тоголок Молдо тууралуу «Боз торгой», революционер Табылды тууралуу «Жукеев-Пудовкин», мифологиялык дастандын негизинде «Эр Төштүк» деген пьесалары улуттук сахнада көптөгөн жылдар коюлуп келди.

1988-жылы ал «Кыргызстан маданияты» газетасына башкы редактор болгон жылдарда басылманын нускасы аябай өсүп, улуттук тил, көркөм мурас, тарыхтагы «ак тактар», «унутулган адабият» сыяктуу маселелерди курч коюп, элдин рухий өсүүсүнө чоң салымын кошкон. Жаңы кылымдын баш жагында ал Улуттук жазуучулар союзун да башкарып, 2006-жылы ден соолугуна байланыштуу ал кызматын өткөрүп берди.

Жалил Садыковдун чыгармачылыгында анын «Манас» эпосунун негизинде жазылган үчилтик драмасынын мааниси өзгөчө чоң. Эпикалык дастанды сахнага алып чыгуу өтө машакаттуу жана татаал болгондугуна карабай бул чыгарманын театр репертуарынан түшпөй келе жатышы жана чет өлкөлөргө гастролдор менен барышы драматургдун дастандын өзөк окуяларын таба билиши жана драмалык конфликттерди коё билиши менен байланыштуу. 1986-жылы акын, драматург Ж. Садыков «Манастын уулу – Семетей» драмасы үчүн Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты болгон. Ж. Садыков – Кыргыз эл акыны.

## МАНАСТЫН УУЛУ СЕМЕТЕЙ

(*эпикалык драма*)

***КАТЫШУУЧУЛАР:***

**Семетей** – Манастын уулу.
**Каныкей** – Семетейдин өз энеси.
**Чыйырды** – Семетейдин чоң энеси.
**Бакай** – Калк карысы.
**Жакып** – Семетейдин чоң атасы.
**Бакдөөлөт** – Жакыптын кемпири.
**Абыке** – Жакыптын уулу.
**Көбөш** – Жакыптын уулу.
**Ысмайыл** – Каныкейдин бир тууганы.
**Кишимжан** – Ысмайылдын кызы.
**Сарытаз** – Манастын кыйыр туугандарынан.
**Кыргылчал** – Чоролордун башчысы.
**Тазбаймат** – Чоро.

**Ж е л д е ң б а й** – Карыя.

Булардан тышкары, эпизоддук ролдордо: 1–2–3-карыя, эшен, жигиттер, ноёндор жана көпчүлүк эл катышат.

## 1-бөлүм

### ПРОЛОГ

Көшөгө жабык. Зал караңгы. Авансценада – байыркы кыргыз кийимдерин кийинген манасчы. Жарык жалгыз ошол манасчыда.

М а н а с ч ы.

Ээй, баатыр Манас башында,
Көкөтөйдүн ашында,
Кытай, кыргыз аралаш,
Көп жыйындын кашында.
Бала жолборс Семетей,
Баатырлардын бириккен,
Жүрөгүнөн бүткөн дейт.
Азап көргөн элинин,
Тилегинен бүткөн дейт,
Кара кытай-мунжунун
Катасынан бүткөн дейт,
Калдайган Кошой абаңдын,
Батасынан бүткөн дейт.
Көк жал Манас айкөлдөй,
Атасынан бүткөн дейт.
Туягы жок кезинде,
Кайыбынан бүткөн дейт.
Хан Манастын, акылман,
Зайыбынан бүткөн дейт.
Оо-о,
Балтыр бешик кезинде,
Атасы Манас өлгөн дейт.
Калдайып жаткан калың эл,
Кайгырып туруп көмгөн дейт.
Кайран энең Каныкей,
Кара кийип кан жутуп,
Кайгыга башы көнгөн дейт…
Муну мындай таштайлы,
Айтаар сөздөн шашпайлы,
Балтыр бешик баланын,
Көргөн күнүн оо баштайлы.

Алыстан чаап келаткан тулпарлардын дүбүртү улам жакындап, аянычтуу кишенеген Аккуланын үнү угулат. Аккула кишенеп барып, күрс жыгылганда Манастын чоролорунун бири чыгып, сахнанын бир четинде турган добулбасты урат. Добулбастын дүңгүрөгөн үнү менен музыканын коштоосу аркылуу көшөгө ачылат.

Асманда күн тутулуп, анын орду тептегерек кара такка айланып, жер бетине түн түшүп, кара күүгүм...

Баяраак, Бакай, кырк чоро, Абыке, Көбөш, Жакыптар баштап, Манасты жай жерине коюп жер дүңгүрөтө өкүрүп түшкөн элдин эркеги камчысын жерге таянып, аялы кыркаар тизилип, кара кийип, кан жутуп олтурат.

Сахнанын төр тарабында, бийигирээк эки жерге, эки жарык берилип, биринде Манастын ээн калган тагы, биринде Семетейдин бешиги көрүнөт. Ак албарс кылычтын учуна байланган кара туу, ээн тактын үстүндө салбырап, бешикке Чыйырды эненин колу сүйөнгөн боюнча турат. Бул мезгил – элдин өкүрүгү басылып, кошок кошкон аялдар кошогун токтотуп, көз ирмемге тымтырс боло калган мезгил. Дал ушул тымтырстыкта Каныкейдин кошогу угулат.

К а н ы к е й.

Калайык,
Тунугу кетти жылдыздын,
Туйгуну кетти кыргыздын.
Асылы кетти жылдыздын,
Айкөлү кетти кыргыздын.
**Ак албарс** сынса кынаган,
Ар уруу журтту кураган,
Алышып калың жоо келсе,
Айкашта күчүн сынаган,
Көк албарс сынса кынаган.
Көп уруу журтту кураган,
Каптаган сансыз жоо келсе,
Кармашта күчүн сынаган
Кабылан Манас айкөлдөн,
Ажырап калды булаалам!
Кара жер турат чайпалып,
Кандайча айла кылалам?!
Өксөсөк жүрөк зил болоор,
Өксөгөн өксөп тим болоор.
Өтүп кеттиң дүйнөдөн.
Өрнөгүң ээси ким болоор?!
Эми, кара жаак **айбалта**,
Кайкалатпай ким аштайт?

Каран түн башка түшкөндө,
Калкыңды жоого ким баштайт?!
Алтын жаак айбалта,
Аземи менен ким аштайт?
Азап күн башка түшкөндө,
Армандуу элди ким баштайт?!
Аскар зоом урап бузулду,
Асманда күнүм тутулду.
Айкөлүм Манас баатырдан
Айрылат деген ушулбу?!

(*Туруп, эл аралап басып барып, оор үшкүрүнө ордунан турган Бакайга кайрылат.*)

Үзүлүп кеттим, улачы, аба,
Чачылып кеттим жыйначы, аба!
Өчкөн отум тамызчы, аба,
Өлгөн жанды тиргизчи, аба!
Кандай акыл табабыз,
Эми,
Кандай айла кылабыз, аба?!

Б а к а й.

Оо балам, көтөр башыңды,
Арчыгын көздөн жашыңды.
Ай-аалам ыйлап тапкан жок,
Айкөлүм Манас асылды.
Ата-Журт үчүн жан бериш,
Абалтан эрдин белгиси.
Эл коргоп өлгөн эр Манас,
Атпай журт кыргыз элдики!
Ажалы жетип күн бүтсө,
Ар кимдер көзүн жумбайбы...
Жаш төккөн жалгыз сен эмес,
Жалпы элге кыйын бул кайгы!
Антсе да балам, белди буу,
Ай баткан өңдүү кылбайлы.
Айкөлүм Манас өлгөн жок,
Артында туяк турбайбы.
Ал туяк өссө жетилип,
Атпай журт кайра кубанат, балам.
Үзүлгөнүң уланат да,
Чачылганың жыйналат балам!

*(Бакай бешик тарапка кол жаңсаганда бешикте жаткан Семетейдин баркырап ыйлаган үнү угулат. Каныкей Чыйырдынын жанына барып, экөөлөп бешикти термете баштаганда, көшөгө жабылат.)*

## *I КӨРҮНҮШ*

Көшөгө ачылганда, Кыргылчал баштаган кырк чоронун бийлеп жаткан учуру көрүнөт. Бий, чабыш, талаш-тартыш мүнөзүндө. Акыры, Кыргылчал, кырк чорону ыдыратып-таратып баратканда сахнанын (кругу) айланпасы айланып, Көбөштүн ордосуна алмашат. Төрдө, прологдогу Манастын ээн калган тагын чалкалай Көбөш олтурат. Ал бир чети дөөлөткө, бир чети кымыздан тарткан аракка кызуу...

К ө б ө ш. (*Эшик тарапты карап*)

Э-эй!

(*Эшиктен тал чыбыктай ийилген эки жаш келин кирип келет. Алардын биринин колунда – көөкөр, экинчисинин колунда – идиш.*)

Кайда жанагыңар?..
Кайда дейм,
Кымыздан тарткан арагыңар?!

(*Келиндер көөкөрдөгү ичимдиктен куюп, Көбөшкө сунушат. Көбөш бирди шак тартып жиберип, экинчисин колуна кармаганда, келиндер кетенчиктеп жылып олтуруп сыртка чыгышат. Көбөш ойлуу... өзүнчө.*)

Манас тирүү чагында,
Ээ кылбай баарына,
Энеси бөлөк дегенсип,
Жолотчу эмес эле жанына.
Айла жок турбайбы,
Адамдын багына!
Ал өлөөрү менен
Минтип,
Ээ болуп олтурам тагына...
Эми,
Бардыгынын эсебин өзүм табамын.
Атам Жакып малсаак неме эле,
Малга кутүрөтүп салдым,

Бардык тарабын,
Агам Абыке катынсаак неме эле
(*каткырып*) Ха-ха-ха!
Ай, ачтым белем кабагын!..

(*Кызуусу менен теңселе басып, сыртка чыгып кетет. Өргөөгө Жакып менен Кыргылчал кирет.*)

К ы р г ы л ч а л.

(*Жакыпты бура бастырбай.*)
Ким экенин, кимдин,
Манас өлгөндө билдим.
Журт башына түн түшкөн чакта,
Бакай, өзү отурам десе керек такка.
Капыстан көргөндө,
Уулуң Көбөштүн хан болуп калышын.
Ага каршы тукуруп жүрөт.
Элдин баарысын.
Баса, дагы бир жаман кабар...

Ж а к ы п.

Кандай?
Айтпайсыңбы
Токтоп калбай!

К ы р г ы л ч а л.

Угаарын угуп, кулагым,
Сизге айткандан тартынып турамын.

Ж а к ы п.

Айта бер!

К ы р г ы л ч а л.

Аттигиниң!..
Айтпайын деп келдим эле жана,
Байкабай...
Оозумдан чыгып кеткенин кара.

Ж а к ы п.

Мен эмне деп атам сага?
Айт деймн! Кана?!

К ы р г ы л ч а л.

Кап! Ачык ооз жаным...
Эгер айтсам анын баарын,
Бир шойкомдун болоорун
Сезим турамын.

Ж а к ы п.

Кыргылчал!
Сенин сөзүңдө да,

Бир шойком бар,
Айт,
Эмне кабар ал?!

К ы р г ы л ч а л.

Баатыр,
Бакай дегениңиз,
Жаман карыптыр...
Угушума караганда,
Каныкейди алып беремин деп,
Текечинин ханына барыптыр.
Кадимкидей калыңын бычып,
Алты миң **жамбы**,
Миң **кундуз** алыптыр.

Ж а к ы п.

Кыргылчал,
Жакшылап ойлончу,
Эгер,
Жалганга чыкса бул кебиң,
Башыңдан,
Ажырап калып жүрбөгүн?!

К ы р г ы л ч а л.

Сизге калп айтсам, көк-теңир ураар!
Ишенбесеңиз,
Күбөлөрүм бар...

Ж а к ы п.

Бул кабар,
Шумдуктуу кабар...

К ы р г ы л ч а л.

Кабылан өлүп, өкүнүп,
Кан жутуп жүрсөк өкүрүп,
Унчукпай жүрүп хан Бакай,
Убада берип келиптир,
Алып барып бермекке,
Ордосу менен көчүрүп.

Ж а к ы п.

Ордосу мененби?

К ы р г ы л ч а л.

Дал ошондой,
Ордосу менен!
Сыягы, макул болуп койгон го
Каныкей жеңем...

Ж а к ы п.

(*Өзүнчө.*)

Манас өлгөн күндөн,
Бул Бакай,
Бир балааны баштайт деп жүргөм.
Көрбөйсүңбү жоругун!

(*Кыргылчалга.*)

Кыргылчал,
Дагы эмне дейт,
Айтчы толугун?!

К ы р г ы л ч а л.

Башка сөзүм жок.
Бирок…
Сиз баштап
Унчукпай отуруп алсаңыз,
Эмне деген окуя болот?
Кетем десе,
Кетээр жеңебиз,
А…
Кантип Ордону кошо беребиз?

Ж а к ы п.

(*Теңселип.*)

Өх! Жер аңтарылгансып – асты, үстү,
Башым айланып,
Көздөрүм караңгылай түштү…
Токточу,
Бул, өңбү, же түшпү?

К ы р г ы л ч а л.

Түш эмес,
Өңүңүз!
Эсиңизге келип,
Ойлонуп көрүңүз.

Ж а к ы п.

Мына, кечээ эле Манас өлсө,
Бүгүн
Ак ордонун убайын бирөөлөр көрсө,
Бир жактан Бакай,
Бир жактан
Текечинин ханы бөлсө,
Кандай болот, Кыргылчал?
Демек,
Талоонго түшөт экен да

Өзүбүз жыйган дүйнө, мал.
Жо-жоок!
Мен тирүү турганда,
Ак ордонун бир талын,
Карматтырбайм бир жанга!
Эгер чындык болсо,
Бакайдын барып келиши,
Тетири сыйрылды дей бер териси!

К ы р г ы л ч а л.

Мунуңуз чындык!
Болбогон соң, атасынын акысы,
Кандай дейм да Бакайдын
Кудалашып жатышы,
Манастан кийин бирөөгө,
Каныкейди сатышы.

Ж а к ы п.

(*Ызырынып, өзүнчө.*)
Сени!
Оңбогон Бакай, шашпагын!
Манас өлүп калды деп,
Келип жүргөн турбайбы,
Баарынын башын аттагың?!
Шашпа!
Сакалың бирден терээрмин,
Болушаарга Манас жок,
Эми,
Сазайыңды берермин!..

(*Кыргылчалга.*)
Сен, ушул сөздөрүңдү,
Абыке менен Көбөшкө айтып көрдүңбү?

К ы р г ы л ч а л.

Көбөш ханга айтсам,
Чет-четин чыгарып...
Анын да, ачуусу келип кубарып...
«Күбө болчу кишини,
Апкелип бер» – деген болчу, суранып!
Анан мен,
Мага айтып келген,
Алиги кишинин өзүн,
Алып келип бергем...

Ж а к ы п.

(*Каардуу.*)

Угуп туруп,
Унчукпай жүргөнүн кара.
Айбан болбосо,
Бир ооз айтып койбойбу мага?!
Азыр,
Абыке менен Көбөштү чакыр!
(*Кыргылчал таазим кылып чыгып кетет. Жакып өзүнчө, уулдарын жактырбай.*)
Хан болгондору менен
Кебетеси жок баатырдын,
Экөө тең колтугунан чыгышпайт,
Катындын...
Аттигиниң!
Абалкыдай, өзүмдүн,
Азыр болсо жаш чагым.
Алты сан элдин бүт бойдон,
Мыкчыбайт белем баштарын!
Алдуу-күчтүү чагымда,
Катарлаш өсүп-жанашып,
Бийликти Манас берген жок,
Колумдан жыра талашып,
Жолотпой жакын жанына,
Ээ кылбай оокат-малыма,
Бакайдан мени кем көрүп,
Кошчу эмес адам санына.
Канкордун көзү өткөндө,
Эки тизгин бир чылбыр,
Эми колго жеткенде,
Карылык басып абыдан,
Ажырап кубат-каруудан,
Көбөшкө бердим хандыгын...
Эси жок жаным тим болбой,
Эмне үчүн минтип алжыдым?
Жоо-жо-жоок,
Алжысам минтмек эмесмин.
Айдаган жакка басат да,
Айтканым кылат Көбөшүм.
А демек, баарын үстүртөн,
Башкара берем мен өзүм!
Бакайдан өчүмдү алалбай,
Эптеп бир шылтоо табалбай жүргөндө,
Ырас кана болбодубу,

Азыркы кабары!
Ушуну пайдаланып,
Каныкейге тополоң салдырышым керек абалы.
(*Абыке менен Көбөш кирет. Жакып ачуулана.*)
Катын баакы иттер,
Кайда жүрөсүңөр?
Айткылачы ачыгын!
Же, атаңар карыганда
Уккуңар келбей калганбы акылын?
Мен эмне…
Карыдым, арыдым
Куурап калган дарактай
Жулунган турса тамырым,
Силерге керегим не,
Ошенткиле!..

А б ы к е.

Жарыктык,
Кейий берчү болдуңуз да себепсиз.
Кана, айтпайсызбы,
Эмне демексиз?

Ж а к ы п.

Аа,
Мен кейип калган экем го себепсиз?
Демек,
Сөзү жакпагандан кийин,
Ата, силерге керексиз!
Бирок, али да болсо,
Менин акылым толук.
Алжый элекмин,
Экөөңдөй болуп!
Окшошкон иттер,
Силер,
Эмнени билесиңер?
Башыңарда мээ жок туруп,
Таажы кийесиңер!
Баарысын кыйратып салгансып,
Дагы
Такты минесиңер!..

А б ы к е.

Акырын эми,
Эл угат, акырын!..
Эмнеге ачууланып жатасыз,
Ачыгын айтыңызчы, ачыгын.

Ж а к ы п.

Бул жерде эчтеме жок жашырын,
Текеченин ханы алганы жатыптыр,
Манас агаңардын катынын.
Жеңеңерди тарттырып ийип,
Такты минип,
Отургула шоңшоюп,
Таажы кийип!

К ө б ө ш.

Аны, оңолбогон Бакай азгырып,
Биздин көзүбүздү жазгырып...
Мен, жалган го десем,
Текеченин ханына алып берери,
Чындык экен.

Ж а к ы п.

(*Кекээрлей.*)
Чындык бекен?
Эмесе,
Манас өлдү эле деп,
Баардыгың – бүт өлүп,
Кулагыбызды жапырып,
Каныкейдин,
Эрге тийип кетишин күтөлүк?!

К ө б ө ш.

Жөндөн-жөн наалыбай,
Коё туруңузчу каарыбай!
Абыкени билбейм,
Менин акылым мындай:
«Атаң өлсө тайлак бар,
Кому жерде калбайт» – деген.
Агасы өлсө ини бар,
Хан башым менен
Жеңемди жатка бермек белем?

Ж а к ы п.

Ап баракелде!
Мына, сөздүн ачыгы!
Антпесе,
Башыңарды аттап,
Башкага тиет деген эмне,
Өз агаңардын катыны?!..

К ө б ө ш.

Эгер,
Эрге тийгиси келип турса жеңем,
Мен аны,
Абыкеге алып берем.

А б ы к е.

(*Чочуп.*)
Жинди болбо!
Ал бизге
Эмчек сүтүн бербесе да,
Элик сүтүн берген.
Жеңе деген аты болбосо,
Эне болуп келген.
Ага сөз айтыш өлүм!

Ж а к ы п.

Өлүм?..
Эй, сен качан түшүнөсүң, я,
Кептин жөнүн?
Баарыңды Бакай билип,
Жат душмандын колтугуна кирип,
Каныкейге кошуп,
Бергени жатса,
Ак ордону бүтүн,
Сен, кантип карайсың
Элдин жүзүн?

К ө б ө ш.

(*Абыкеге.*)
Бери кара,
Манас, бизге агабы? Ага!
Энебиз бөлөк болгону менен
Ал, сенин да жеңең.
Менин да жеңем.
Бирок,
Сен дагы менден улуу, агасың.
Ошон үчүн салт боюнча,
Жеңенди,
Сен аласың!

А б ы к е.

Мен,
Келбейт дедим го,
Каныкейди алгым.
Ансыз да катындарым арбын!

Не кылам,
Куйругун басып ажыдаардын.

Ж а к ы п.

Арамдан туулган урган!
Мунун башы баш эмес, кумган!
(*Көбөшкө.*)
Калтырап калганын кара,
Эчтеме чыкпайт мындан!
(*Абыкеге.*)
Каныкейди жат бирөө алса,
Манастын төшөгүн жат бирөөгө салса,
Жыргаарың ошо!
Анда,
Өзүң бирге барып,
Кул болуп бер кошо!

А б ы к е.

Кетсе,
Кеткен катын азбы!..
Андан көрө, көзүм көрбөй,
Алысыраак жүргөнү жакшы!

Ж а к ы п.

Эй,
Сенде, намыс барбы я, намыс?
Тетири сүйлөйт да, маңыз!

К ө б ө ш.

Ата, ачууланбаңыз!
Манас буга ага болсо,
Менин да агам.
Каныкейди бул албаса,
Өзүм алам!

Ж а к ы п.

(*Абыкеге.*)
Угуп ал жетесиз арам!
Мына,
Өз канымдан чыккан балам.
Керек болсо, мындан ары
Баарыңды,
Көбөш үчүн садага чабам!

К ө б ө ш.

*(Кыргылчалга.)*
Кыргылчал!
Алдияр, өкүмдарым!

Ж а к ы п.

Камын!
Азыр, Тазбаймат экөөң.
Каныкейге барасың.
«Манаска калп күйүмүш болбой,
Ташта – деп айткыла – карасын!».

К ы р г ы л ч а л.

Жакшы болот өкүмдарым,
Дагы эмне деп айтайын?

К ө б ө ш.

Көбөш хан арбагын сыйлап эриңин,
Бизди,
Жуучулукка жиберди дегиниң!

К ы р г ы л ч а л.

Эгер, болбой койсо?

Ж а к ы п.

Болбосо, түшүнөт:
Макул болгун де арбакты сыйлап.
Бул илгертен калган нарк,
Илгертен калган сыйнат.

*(Кыргылчал кетмек болот. Ушул учурда эшиктен Жакыптын кемпири Бакдөөлөт кирип, кол жаңсап Кыргылчалды токтотуп.)*

Б а к д ө ө л ө т.

Эй, Кыргылчал,
Атсыз келген чагыңда,
Манас,
Ат жакшысын мингизген.
Тонсуз келген чагыңда,
Манас,
Тон жакшысын кийгизген.
Айкөлүң өлгөн күндө да,
Артында туяк турбайбы.
Эгерде жуучу сен барсаң,
Арбагы күчтүү Манастын,
Арбагы сени урбайбы!..
Токто!..

Ж а к ы п.

Бакдөөлөт,
Биздин бул ишке,
Сен киришпе!
Бул, катындар билчү иш эмес!

К ө б ө ш.

Каралуу калган жесирди,
Каякта жаткан душманга,
Тарттырып ийчү биз эмес!

Б а к д ө ө л ө т.

(*Таңдана.*)
Ишенбейм!
Андай эселек эмес келиним,
Ал, арбагын сыйлайт эринин!

К ө б ө ш.

Ишениңиз, эне!

Ж а к ы п.

Мен,
Башында эле,
Ушундай болот дебедим беле?!
Мынакей акыры!
Кара кийген келиниң,
Аттаганы отурат башыңы.

К ы р г ы л ч а л.

Алыстан сүйрөтүп чырганы,
Бардыгы,
Бакай чалдын кылганы!

Б а к д ө ө л ө т.

Кыргылчал,
Мен, сенин кебиңе таңмын.
Бир кезде,
Сөзүн сүйлөп турчу элең Бакай чалдын,
Эми эмнеге минтип калдың?

К ы р г ы л ч а л.

Анын,
Мындай бузуку экенин
Кимибиз билиппиз?..
Көрсө...
Анык душман ушу тура
Кайнаса каны бириккис!
Билгизбей,
Баарыбызды алдап,

Тияктан,
Текеченин ханын жандап...
Максаты тура,
Манас өлгөн соң,
Ордосуна бүлүктү салмак!

Ж а к ы п.

Каныкейди ага алып берип,
Жүрөйүн деген да этегин кармап!
Башынан бузук Бакайдын
Амалкөйүн карагын
Манасты мага жат кылып.
Арасын бөлгөн дал ошо
Ата менен баланын.
(*Абыке менен Көбөшкө кайрылып.*)
Эми, силер, акылдан шашпагыла,
Эгер, карабет кепке келбесе,
Калайманды катуу баштагыла,
Жат бирөөгө кетиргенден көрө,
Ордосун чаап,
Өзү менен баласын тындым кылып
таштагыла!

Б а к д ө ө л ө т.

Антип каарыңа албагын,
Ачуу душман, акыл дос,
Кийин,
Тиштенбегидей бол, бармагың...
Тил ал да,
Манастын сыйласаң арбагын,
Ордосуна бүлүк салбагын.
Манас ким, булар ким,
Баары тең эле сенин балдарың.

Ж а к ы п.

Эмне кылаарды мен өзүм билемин.
Катындар ушинтип жатса,
Кантип,
Катындын сөзүнө киремин!

К ы р г ы л ч а л.

Эгер Каныкей кепке келбесе,
Мен барганда,
Макулдугун бербесе,
Кандай кылабыз?

К ө б ө ш.

Айт, ордосуна чабуул коёбуз!

Жат бирөөгө кетиргенден көрө
Өзү менен баласын кошо соёбуз!

Кыргыл чал.
Оозум барбайтко айтканга,
Антип тике айтканда...
Жакып.
Тазбайматты ал дебедимби жаныңа.
Ороң-бараң бир тийип,
Ошол эр жарайт баарына.
Жөнө!

Кыргылчал.
(*Кетип баратып.*)
Ырас кана болду,
Ушундай амал тапканым,
Бирин, бирине кайраштырып жатып,
Ишендирип таштадым.
Манастын барында да, жогунда да,
Кырк чорону башкарып жүргөн мен.
А, булардан,
Эмнем кем?
Ылайым, чабышып,
Кырылышып кетсе экен,
Бирин-бири талап...
Эгер булар өлсө,
Хандык меники болот да, калат.
(*Кетет.*)

Абыке.
Көрөрсүңөр,
Каныкей көнбөйт,
Кашкөй неме,
Өлүмдөн кайра тартмак беле?!
Тигил экөөнү кайра атказат.

Жакып.
Кайра атказса,
Ордосун ошол замат чаппасак,
Кечиккенде,
Бакай экөө
Бир **калабаны** башташат.

Көбөш.
Ордосун талап,
Өзүн сабап,

Журтка жалгыз таштасак,
Ошондо бизге ийилет да,
Ошондо бизге ийигет.
Чоролор,
Камынгыла!

*Кѳшѳгѳ*

**ак албарс** – кылыч, Манастын кылычы
**айбалта** – согуш куралы, башы жарым ай сымал темирден жасалган, сабы катуу жыгач (кѳбүнчѳ ыргай)
**азем** – келбети, кѳркү, жол-жобосу, келишкен кѳрүнүшү
**кѳѳкѳр** – суюктук куюучу идиш
**жамбы** – акча бирдиги, туяк формасында уютулган күмүш, же алтын
**кундуз** – териси баалуу жаныбар (бул жерде ошол жаныбардын териси жѳнүндѳ айтылууда)
**ком** – тѳѳгѳ жүк артуу үчүн ѳркѳчүнѳ, белине орой таңылган кабат-кабат кийиз, же башка калың нерсе, чом
**кумган** – суу куюу үчүн ылайыкталган ичи кѳңдѳй жез, чоюн идиш
**калаба** – тополоң-тоз, ыр-чыр, булгулук

1. Манасчынын кириш сѳзүндѳ Семетейди эмнелерден бүткѳн дейт жана анын себебин кандай түшүндүрѳсүңѳр?
2. Бул сүрѳттѳѳнүн маанисин чечмелегиле: «Асманда күн тутулуп, анын орду тептегерек кара такка айланып, жер бетине түн түшүп, кара күүгүм...».
3. Каныкей Манас баатырдын ѳлүмүн кандай салыштыруулар менен туюнтуп жатат? Ошолордун ар бирин кенен чечмелегиле.
4. «Манас» эпосу жѳнүндѳ силер кыскача эмнелерди билесиңер?
5. Бакай кандай карыя экен?
6. Манас менен Кѳбѳш тууган болсо, эми эмне үчүн душман катары чыга келди?
7. Жакып, Кыргылчал, алардын мүнѳзү, максаты, иш-аракеттери.
8. Абыке, Кѳбѳш арамдар жѳнүндѳ сүйлѳп бергиле.

1. Драматург Ж. Садыков «Манастын уулу – Семетей» пьесасында трилогиянын кайсыл учуруна кайрылган жана эмне себептен ошол учурду тандап алган деп ойлойсуңар?
2. Манастын ѳлүмү кимдер үчүн кайгы жана кимдер үчүн кубаныч?
3. Ички душмандар кимдер, алар эмне үчүн душмандык кылышты?
4. Турмушта Абыке, Кѳбѳштѳргѳ мисал келтиргиле.
5. Манасты мүнѳздѳгѳн сѳздѳрдү таап, дептериңерге кѳчүргүлѳ.

6. Каныкейдин образы.
7. Жакыптын образы.
8. Ролдоштуруп аткаргыла.
9. Каныкейдин монологун жаттагыла.

## 2-бөлүм

### *VII КӨРҮНҮШ*

Зал караңгы. Авансценада манасчы. Жарык жалгыз ошол манасчыда.

М а н а с ч ы.

Кайран энең Каныкей,
Келгендерден кеп угуп,
Сегиз кан журту чогулуп,
Той берет экен деп угуп,
Аябай назар салды эми,
Тайторудай бууданды,
Ырым кылып бул тойго,
Чабайын деп калды эми.
Арпадан аса жем берип,
Айда терин алды эми,
Күрүчтөн күрөп жем берип,
Күндө терин алды эми.
Суутуусу канганда,
Олоңдой болгон кара чач,
Төбөсүнө түйүнүп,
Эрдемсинген кашкөйүң
Эркектин киймин кийинип.
Темирдей өңү көгөрүп,
**Сырбараңын** өңөрүп,
Багын сынап баланын,
Торуну чаап көрөм деп,
Чыкпай калса тулпарым,
Ажалдан мурун өлөм деп,
Тайторудай буудандын,
Көкүлүн көккө шүйдү эми,
Кулпунган сыйда куйругун,
Куу шайы менен түйдү эми.
Эки көзгө жаш алып,
Касиеттүү энеси,
Чыйырдыдан бата алып,

Булактаган желегин,
Тосуп туруп калды эми,
Кайран катын Каныкей,
Тайторудай бууданды,
Калың аттын ичине,
Кошуп туруп калды эми...
Аттар кайтаар чагында,
Жан адам жок жанында,
Белеске чыгып барды эми,
Айкөлдөн калган дүрбүнүн,
Бурамасын имерип,
Булкуп көзгө жиберип,
Алыска карап калды эми.
Бир кезекте, алыстан,
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды көргөндө,
Каныкейден жан чыгат.
Атасынын актулпар,
Арыштап чуркап алыптыр,
Калың чаңдан бөлүнүп,
Жалгыз болуп калыптыр.
Анын артын караса,
Удаалаша үч тулпар,
Узап чыгып алыптыр.
Калган аттын бардыгы,
Караны жок калыптыр...
Ошол чакта Семетей,
Алтымыш балбан эр менен
Адыр-будур бел менен
Кузгун учпас чөл менен
Оозунан түтүн буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Ачуусу келип эжеге,
Жаалданып алыптыр.
Белестен көрүп караанын,
Беттеп жүрүп калыптыр.
Муну мындай таштайлы,
Айтаар сөздөн шашпайлы.
Эне, бала экөөнүн,
Жоругунан оо баштайлы.

*(Көшөгө ачылаар алдында, алда кайдан чаап келаткан тулпарлардын дүбүртү, алда кайдан айгай салып, ат сүрөгөн үндөр угулат. Көшөгө ачылганда, эр кийимин кийип, сырбараңды асынган Каныкей, белесте дүрбү салып, алыска-алыска көз чаптырып турат. Аздан кийин, тынчы кетип, кайгыра, көзүнөн дүрбүсүн алат.)*

К а н ы к е й.

Атакемдин төрт тулпар,
Төртөө келет алдыда.
Калган аттар, негедир,
Караандабай калды да!
Ай караңгы болгондо,
Түн эмине болуучу,
Артта калса Тайтору
Күн эмине болуучу,
Казгалдак деген кайран куш,
Кайрылып учат талаа үчүн.
Канчаны көрдүм кайран баш,
Карындан чыккан бала үчүн.
Мен карабет бейбактын,
Маңдай сөөгүм кайкы бейм,
Манастан кийин шор катып,
Күн көрөөрүм тайкы бейм!

*(Дүрбүсүн кайра көзүнө салат. Сахнадан манасчы көрүнөт.)*

М а н а с ч ы.

Арбак урган Тайтору,
Башын жерге салалбай,
Кең-Мойноктун боорунда,
Каргадай бала жонунда,
Келе жаткан кези экен
Үч жүз аттын соңунда...

*(Ушул учурда, сахнанын артында, бийигирээк белестин кырынан жоокер кийимин кийинип, жоо жарагы менен Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Серектердин элеси көрүнөт. Асманда кара булут үдүргүп, бир тарабы кара чаар кабыланга айланса, бир тарабы алп кара куштун элесине айланып, алар тараптан, ат сүрөп, айгайлаган үндөр чыга баштайт. Каныкей дүрбүсүн башка тарапка буруп, жакындап калган Семетейдин караанын көргөндө, селт деп чочуп алат.)*

К а н ы к е й.

Казган окшойм орумду,
Кайнаткан окшойм шорумду.
Өз баламдан көрөт бейм,
Өңгөдөн көрбөс сонунду!
Жаалы чыгып көзүнөн,
Катуу бүркөп кабагын...
Келатышы башкача.
Өзүм тууган баланын.
Кайра тартпас неме эле,
Кандай айла табамын?
«Атам» деген Ысмайыл
Жат экенин биле элек,
Айкөл Манас көкжалдын,
Ата экенин биле элек.
Эки бирдей шордуунун,
Эне экенин биле элек.
Муну төрөп шор каткан
Мен экеним биле элек
**Күйүктүн белин** чыркырап,
Ашкандыгым биле элек.
Аркалап алып Таластан,
Качкандыгым биле элек.
Энеңмин деп жалбарсам,
Эси жок чунак болоор беле?
Чындык сөздөн баштасам,
Чымындай жаным коер беле?
Оо, жараткан, сураарым,
Мага кылып ырайым,
Кууңу кушка жегизе көрбө!
«Ары жок катын, уулунан
Арам өлдү – дегизе көрбө!»

М а н а с ч ы.

Кайран катын Каныкей,
Ичи күйүп чок болуп,
Буйдала түшүп дүрбүсүн,
Дагы салды токтолуп.

(*Каныкей дүрбү салып, аттар тарапты карайт.*)

Кайра туруп караса,
Кайра туруп санаса,

Ит-Торпунун жолунда,
Кезең кырдын оюнда,
Келатыптыр Тайтору,
Алтымыш аттын соңунда.
Аркардай арыш алыптыр,
Мойнун жерге салыптыр,
Желдей сызып жаныбар,
Жеткилең чуркап калыптыр.
Көкүлүн көккө ыргытып,
Көнөктөй болгон туягын,
Көрүнгөн жерге мылгытып,
Кумдар калып оюлма,
Кара-Талаа боюнда,
Келатат дейт Тайтору,
Отуз аттын соңунда...

К а н ы к е й.

(*Сырбараңды колуна алып.*)
Оо, жаныбар Тайтору
Белгилүү күлүк мал элең.
Катуулап кызып алганда,
Канааттуу куштай бар элең.
Уга көргүн сөзүмдү,
Ыйлата көрбө көзүмдү!
Ээликкен катын дедиртип,
Өзөктөн чыккан балама,
Шерменде кылба өзүмдү!

(*Атты сүрөш үчүн сырбараңды асманды карата атып калат. Тулпарлардын дүбүртү күчөп, октун үнүн Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Серектердин күңгүрөнгөн добушу коштойт.*)

М а н а с ч ы.

Мунарык тарткан урчукта,
Боз адырмак тумшукта,
Кезендинин жонунда,
Келатат дейт Тайтору,
Он эки тулпар соңунда.
«Аяшымдын аты – деп,
Ааламга жетти даты» – деп,

Айсарала ат минген,
Алмамбеттин арбагы,
Аябай сүрөп алыптыр.
Найзакердин ыктуусу,
Сан кыргыздын мыктысы,
Кырк чоронун кырааны,
Акбалтанын Чубагы,
Бу да сүрөп алыптыр.
Чыканактап калбаган,
Чырм этип уйку албаган
Атка жеңил, тайга чак,
Айкөлүңдүн эр Сыргак,
Удаа сүрөп калыптыр.
«Байкушумдун аты – деп, –
Угулду мага даты» – деп,
Аккула минген шер Манас,
Тайторунун соорулап,
Өзү гана сүрөп оо алыптыр!
Мылтык үнү чыкканда,
Айкөлдүн үнүн укканда,
Көнүп калган Тайтору,
Жал куйругу дирилдеп,
Тоо бүркүттөй күрүлдөп,
Куюшканы шакылдап,
Жетип келди алдыда,
Ак тулпарды такымдап...
Муну мындай таштайлы,
Айтаар сөздөн шашпайлы,
Семетейдин андагы
Жоругунан оо баштайлы.

*(Семетей, Каныкей турган белге жакындаганда, атылган бараңдын үнү менен айгай чууну угуп, Манас менен чоролордун элесин көргөндө каны дүүлүгөт.)*

К а н ы к е й.
*(Семетей жакындап келатканын көрүп, чочулап.)*
Кокусунан Семетей
Эл оозунан кеп угуп,
«Атасы Манас» – деп угуп,
«Эркек кийимин кийдиң» – деп
«Эси жок эне экенсиң,
Эмне кылып жүрдүң? – деп,

Кашайта көздү ойбосун,
Жалбарганга карабай,
Жаздым кылып койбосун?
Кандай айла табамын?
Эгер качсам, жаалынан
Кутуламбы баланын?
Качып кайда барамын?
Оо жараткан!
Өз баламдан өлүп,
Өз баламдан укпасам экен жеме.
Бул дүйнөдө болбостур,
Мендей күйүт тарткан экен!
Эмне кылсам?
Марага жакындаганда,
Тайторумду сүрөсөм болбойт беле...

*(Сырбараңды асманга каратып дагы атмакчы болуп, бирок, Семетейдин балбандары туш-тушунан курчап келатканын көрүп, аргасыз, жалооруй Семетей тарапты карап туруп калат. Жаалданып келаткан Семетей, Каныкейдин ушул аянычтуу турпатын бир карап алып, токтой калып, балбандарга кайрылат.)*

С е м е т е й.

Токтогула!
Бириң жакындабагын!
Мен, өз сөзүмдү кайра аламын!
Карагылачы,
Алдыдагы аттарга аралаш келаткан,
Тайторусунун караанын.
Аны сүрөп турганда,
Аяп кеттим бир карап,
Эжекемдин абалын.

(*Каныкейге.*)
Эжеке!
Душманга сөздү тийгизбе,
Жесирдигиң билгизбе!
Чыккан аттын баарысын,
Кабактан кармап алабыз,
Бирин тирүү жибербей.
Баарын кырып салабыз!
Тайторуңду, өзүбүз
Марага сүрөп барабыз!

К а н ы к е й.

(*Сөз айталбай.*)
Семетей!..

Семетей.
Асылым эже, сен үчүн!
Айкөлүм жездем шер үчүн!
Атыңды сүрөп барайын,
Ишенип койгун мен үчүн!
Кайра тарт эже, калаага!

Каныкей.
Ыраазымын садага!..
(*Каныкей сырбараңды асынып, шарт бурулат.*)

Семетей.
(*Ээрчий келген балбандарга кайрылып.*)
Айланайын балбандар,
Ойду-тоонун баарысын,
Жүгүргөндөй кылалык,
О дүйнө кеткен жездемди,
Тирилгендей кылалык.
Адырмактуу будурду,
Талаалуудай кылалы.
Баласы жок эжемди,
Балалуудай кылалы!
Тайторусун бу жерден,
Букарга сүрөп баралы!
Чыгып берсе Тайтору,
Дегениңе көнөмүн.
Байгесинин баарысын,
Силерге бөлүп беремин.
Чоң атамдын ак тулпар,
Андан озду жаныбар,
Сүрөгүлө Торуну,
Сүрөгүлө баарыңар!

(*Аттар келаткан тарапты карап кыйкырат.*)
Куу-у! Манас! Манас!
Куу-у Талас! Талас!

Балбандар.
(*Жабыла сүрөп*)
Куу-у! Манас! Манас!
Куу-у Талас! Талас!

*(Дүңгүрөгөн тулпарлардын дүбүртүн, Семетей балбандары менен Манастын элеси чоролору менен кошо сүрөп айгай-чуу салып көрүнбөй калышат.)*

М а н а с ч ы.

Ошо кезде Тайтору,
Башын жерге салыптыр,
Башкача чуркап алыптыр.
Айкөлдүн уулу Семетей
Алды-кийнин карабай,
Кылча жанын аябай,
«Арбактар» деп бакырып,
«Манастан» ураан чакырып,
Олбой-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Жеткилең сүрөөн салды эле,
**Окоро түйгөн чоң чылбыр,**
Бооруна мыктап алды эле.
Темиркандын Актулпар,
Эпсиз күлүк мал экен
Эңкейишке киргенде,
Актулпар озот мойнунча,
Өргө чыга бергенде,
Тайтору озот мойнунча,
Эрегише жарышып,
Эки үзөңгү кагышып,
Кумдуу жолго барганда,
Кузгундай көздү кызартып,
Алтымыш **асый** Торуну,
Алып чыкты Семетей,
Алты бута оо узартып!

*К ө ш ө г ө*

**сырбараң** – мылтыктын түрү

**Күйүктүн бели** – ашуунун аты, Таласка ашкан ашуу

**окоро түйгөн чоң чылбыр** – окоро – бул түйүүнүн (өрүүнүн) өзүнчө ыкмасы

**асый** – төрттөн кийин жылкы бир асый болот да, анан жыл сайын бирден асый (жаш) кошулуп бара берет

1. Каныкей тойго кантип даярданды? Анын максаты эмне болгон? Эмне үчүн «кайран энең Каныкей» деп сыпатталат?
2. Тайторуну сүрөттөп айтып бергиле?
3. «Каныкей жана Тайтору» деген темада чакан сүрөттөө дил баянын жазгыла.
4. Семетей жеңесине эмне максат менен баратат? Анын баратканы кандайча сүрөттөлөт?
5. Тайторунун сүрөтүн тартуу.
6. Каралаевдин аткаруусунда (пластинкадан, магнитофондон) Тайторуну чабуу эпизодун уккула.

1. Бул суроону чечкиле:

«Ай караңгы болгондо,
Түн эмине болуучу?
Артта калган Тайтору
Күн эмине болуучу?»

2. Каныкейдин ички дүйнөсүнүн бушайман-дүрбөлөңүн талдагыла?
3. Ой жүгүртүү үчүн тема: «Мен Каныкей болгондо...»
4. Семетейдин келатышынан Каныкей эмне үчүн чочулады?
5. Семетейдин Тайторуну сүрөшү, анын чакырган ураандары.
6. Эне-бала мамилесинин тереңдеши. Байге – символ.
7. Ушул ат чабуу окуясынын жалпы чыгармадагы мааниси.

## *VIII КӨРҮНҮШ*

Жасалга IV көрүнүштөгүдөй. Кең-Көлчүктүн гүл токою. Эми ал, мурдагыдай куураган токой эмес, булак агып, көлчүк пайда болуп, жалбырактары самсаалаган жапжашыл токой болуп калган. Бир кезде Каныкей, Чыйырды экөө эс алган кайыңдын түбүндө, азыр, Сарытаз от жагып, илбээсиндин этинен шишкебек куйкалап отурат. Ушул учурда, алыстан ышкырган жебенин үнү угулуп, аңгыча, асмандан типтик ылдый кулап, бир кыргоол Сарытаздын жанына түшөт. Сарытаз бирде асманды, бирде жерде жаткан кыргоолду карап, аң-таң. Аңгыча, кайрадан жебенин ышкырган үнү угулуп, кайрадан бир кыргоол анын жанына кулап түшөт.

С а р ы т а з.

Асмандап учкан кыргоол куш
Топ этип түшөт жаныма.
Токойдо жан жок өңдүү эле,
Бирөөлөр бар бейм, дагы да?

(*Кыргоолдорду кармалап көрүп.*)

Моюндарын кыя атып,
Адис мерген шекилди.
Атайлап издеп келатам,
Манастан калган жетимди,
Тилегиме жеткирбей,
Кароолго мени албасын,
Дөөгүрсүп жүргөн жан болсо,
Кокустан атып салбасын?
Өчөштүк кылып не кылам?
Өчүрүп жаккан отумду,
Кетейин секин бул жерден,
Көтөрүп балта-чотумду!

(*Сарытаз жанаягын алып, күмүш кайыңдын түбүндөгү булак суусунан сузуп алып, отко чачат. От бырыксып, түтүн асманга атылат. Аңгыча арытан Семетейдин жигити көрүнөт. Жигит Сарытаздын жанына келет. Сарытаз аны көрмөксөн болуп, дагы да сууга барып, дагы да отко чачып кирет.*)

Ж и г и т.

Байкамаксан болосуң,
Баятан турсам жаныңда.
Жалгыздап келип от жагып,
Күч келген белем жаныңа.
Кимсиң?
Каяктан келген немесиң?

С а р ы т а з.

А, сен өзүң?

Ж и г и т.

Мен сенден сурап жатсам,
Сен, менден сурайсың да?
Айтпайсыңбы, аты-жөнүңдү?

С а р ы т а з.

Аты-жөнүм,
Адам кызыгаар деле ат эмес.
Сарытаз.
Бала кезде, башымдын,
Болгон үчүн баары таз.
Атымды,
Өңүмө жараша коюшса керек.

Ж и г и т.

Жыргатылуу атың бардай,
Тазыңдан бери айтып олтурганың кандай?

С а р ы т а з.

Жакпаса сага жакпас,
Өз атым, өзүмө жагат.
Жакшы киши кемчилин ачык айтат.
Жамандар жашырып-жабат.
Ал жашырып-жатканы менен
Эл деген, чукуп айтып салат.
Анда кантет экен?

Ж и г и т.

Сенин,
Жашырбай айткан кебиң
Жүрөгүмдү жылытып салды менин.

С а р ы т а з.

А сен, ким болосуң баатыр?

Ж и г и т.

Мен деген,
Семетейдин жигити болом.

С а р ы т а з.

Семетейдин?
Семетейиң ким?
Кимдин баласы?

Ж и г и т.

Кызыктай суроо бересиң,
Ысмайылдын Семетейин билбей,
Сен каякта жүргөн немесиң?
Түшүнбөй,
Суроо бергениңен улам,
Сыягы,
Бул жерлик эмессиң го деп турам?

С а р ы т а з.

Семетейиңерди билбеген себебим,
Мен,
Жолоочу немемин.

Ж и г и т.

Мен биздин жерликко десем,
Суроондун жөнү бар экен.
Биздин баатырыбыз
Жанараак,
Учуп бараткан эки кыргоолду атканын,
Ушуларга түштү го деп,
Издеп келе жаткамын.

С а р ы т а з.

Кыргоолдоруң мына.

Ж и г и т.

(*Кармалап*)
Ооу, болгондо да,
Мойнун кыйган тура...
Канын шорголотпой,
Жууп келейинчи сууга.

(*Кыргоолдорду көтөрүп, булакты көздөй кетет.*)

С а р ы т а з.

(*Өзүнчө*)
Айкөлдөн калган баланын,
Көрсөм деп жүрсөм караанын,
Жолумдан тосо чыккансып,
Жолуккан жерин карагын?!
Эси жок жетим билбейт ээ,
Эл-журттун көргөн абалын.
Калкымда белдүү баатыр жок,
Касташып чыгаар жолуна,
Каңгайдын ханы Коңурбай,
Кактабай канды соруудa.
Жыл сайын жоого чабылып,
Жыл сайын салык салынып,
Калк бийлейт деген Көбөш хан,
Кантайга жүрөт жагынып.
Малдарын мууздап эшиктен,
Балдарды мууздайт бешиктен,
Оо жетим, кантээр экенсиң,
Кабарын элдин эшитсең?
Катыкса келээр бекен деп,
Канча жыл күттүк жол карап,
Эзилип бүттүк! Барбасаң,
Эл-журтуң кантип жан багат?..
Көрөөрүм менин жетимди,
Кучактап беттен өбөйүн!
(*Ойлоно калып.*)
Анткенде болбойт... эң алгач,
Азыраак сынап көрөйүн.

(*Семетей көрүнөт. Ал жигиттерин ээрчитип келатып, бырыксып түтөп жаткан отту, от жанында жүргөн Сарытазды көрүп таң калат.*)

С е м е т е й.

Эй!
Токойго отту жаккан ким?
Эжекемдин гүл багын
Түтүн кылып жаткан ким?

С а р ы т а з.

От жаккан менмин,
Түтөткөн да менмин,
А, сен өзүң кимсиң?
Сен кайдан келдиң?

С е м е т е й.

(*Ачуусу келип*)
Бул эмне деген сурак?
(*Жигиттерине*)
Бул эмне деп турат?
Кимики экенин билесиңби, бу, бак?

С а р ы т а з.

Талаада жаткан бул бакка,
Татынакай гүл бакка,
Ээ чыга калганын кара!
Сен,
Байкабыраак сүйлөсөңчү, бала?

С е м е т е й.

Мен,
Бала көрүнүп турамынбы сага?

С а р ы т а з.

Кекетпе!
Канчалык эрке өссөң да,
Жакшы эмес мындай кылыгың.
Мен сенден улуумун!

(*Алгач келген жигит, кыргоолдорду көтөрүп алардын жанына келгенде, Сарытаздын аякки сөзүн угуп, кыжыры келет да, кылычын кындан сууруп алат.*)

Ж и г и т.

Арсыз таз!
Хан уулуна каяша айтышка,
Кантип батындың?
Кыйылышын күтүп турасың го дейм,
Алдагы башыңдын?

С а р ы т а з.

«Баш кесмек бар,
Тил кесмек жок» деген, байыртан.
Эмне болмок эле,
Кичүү немеге,
Тилими кайырсам?

Ж и г и т.

Тартынбай сүйлөп,
Мунун эрдигин!
(*Семетейге*)
Баатыр, суранам,
Уруксат бергиниң?

С е м е т е й.

Тарт кылычыңды нары!
Сүйлөшүп көрөлүчү дагы.
(*Сарытазга кекээрлүү*)
Кана, кайра айтчы,
Бул бак, кимдин багы?

С а р ы т а з.

Кимдики болсо ошонуку болсун
Эмне айтасың аны маа?
Же, ээ болуп алдың беле, сен,
Гүл токойдун багына?

Ж и г и т.

(*Ызырынып, Семетейге*)
Баатыр,
Тилинин уусу
Батып баратат жаныма?!

С е м е т е й.

(*Сарытазды кекээрлей*)
Сүйлөсүн,
Сүйлөсүнчү дагы да...

С а р ы т а з.

Менин айткан сөзүм,
Сенин, эмне үчүн батпайт жаныңа?
Карабастан жардыга,
Карабастан ханыңа,
Жаратылыш, жер үстүн,
Текши берген баарына.
Хандар болсо күч менен
Жерди тартып алууда,
Элди тартып алууда,

Мага окшогон шордуулар,
Гүл токойдун – ушинтип,
Жолой албайт жанына...

Семетей.

Сөздөрүң сөөккө жетти,
Ийне менен сайгандай,
Бирок,
Чынын айттың тайманбай.

Сарытаз.

Чычалап атасыңбы менин кебиме?
Чындап айтаар сөзүмдү,
Угалексиң алиге.

Жигит.

Жетишет!

Сарытаз.

*(Жини келип.)*
Кошомат кылып төрөңө,
Корсоңдобо жөн эле,
Кылычыңа муштум бар,
Ойноп түшөт төбөңө.

Семетей.

Эй, зөөкүр,
Жигиттериме менин,
Антип айтууга,
Кандай акың бар сенин?

Сарытаз.

*(Атайын жинине тийип.)*
Кызык экен кебиң...
«Жигиттерим – деп, – менин»...
Кайсы жигиттериң?

Семетей.

Тарт тилиңди!

*(Ачуусуна чыдабай, колундагы булдурсун менен Сарытазды жон талаштыра тартып, тартып жиберет.)*

Сарытаз.

Атакөрү ээй!
Булдурсун урат да далыга,
Анча-мынча айткан сөз,
Баткан экен да жаныңа.
Элинде жүрүп бирөөнүн,
Жеринде жүрүп бирөөнүн,

Жергелүү журту барсынып,
Жетимдин кара көпкөнүн?!

С е м е т е й.

Эмне деп турат береги?...
Бул соо немеби?

Ж и г и т.

Кармагыла жигиттер,
Сазайын чындап берели!

*(Жигиттер Сарытазга жабылып, колун аркасына кайырат.)*

С а р ы т а з.

Коё бергиле колумду!
Каадалуу жигит күткөнсүп,
Карайлаган бул жетим,
Кайдан тапкан тобуңду?

С е м е т е й.

Кана, айт,
Кандайча жетим экемин?
Бурмалаар болсоң бир сөздү,
Башыңды дароо кесемин!

С а р ы т а з.

Атакең Манас өлгөнүн,
Айта элек беле жан адам?
Таластан тентип келгенге
Канча жыл өттү арадан?

С е м е т е й.

Ажалың чындап жеткенби?
Ата деп айтпа жездемди?

С а р ы т а з.

Тапкан турбайсыңбы жезденди!
Өз атаң, сага жезденби?
Өз атаң – Манас! Өлгөндө,
Ордосун талап тууганың,
Билип жүр, бала, үчөөңдү
Букарды көздөй кууганын.

С е м е т е й.

Жалгаан!
Бул сөздү, мен,
Укпай коюптурмунбу элден?
Эжем Таластан,
Кайненеси экөө гана качып келген.

С а р ы т а з.

Акылы бар деп келсем,
Кандай курган неме элең.
Сен болбосоң, Букарга
Неге келет чоң энең?

Семетей.

Эмне дейт?
Эмне деп турасың?
Ушул чынбы?
Айтчы ырасын?!

Сарытаз.

Айтпайын десем, аясам,
Ызалап урдуң баятан.
Тентиген бала, билип ал,
Темиркан сенин таятаң!
Каныкей деген өз энең,
Чыйырды кемпир чоң энең,
Ачыгын айттым, ур дагы,
Таяктан өлмөк белем мен!
(*Көзүнүн жашын сүртүп.*)
Мен болсом калыс адаммын,
Чындасам, сенин – агаңмын!..

Семетей.

(*Кучак жайып.*)

Ага!
(*Кучактап, чөгөлөп*)

Кечиргин мени жан ага!
Каруумдан туура сынсачы,
Тийгиче колум агама!
(*Жалбарып.*)
Кечиргин ага, жан ага?!
Билбестен ката кетирдим,
Күнөөмдү, менин, кечиргин!
Чын болсо тентип келгеним,
Анда мен, арсыз жетиммин!..
Төрөлүп өскөн жер кайда?
Торолуп өскөн эл кайда,
Ага?

Сарытаз.

Ала-Тоо, Талас мекениң
Ак калпак кыргыз өз элиң.
Ишенбесең, буга

Өз энелериңден сура.

С е м е т е й.

Сураймын!
Токтоосуз үйгө барамын.
Айтпаса чынын аларың,
Чатакты мыктап саламын!
Тентиген жетим атанып,
Букарда кантип каламын?
Жүргүлө үйгө жигиттер,
Жүрүңүз үйгө, жан ага?!

С а р ы т а з.

Жо-жок,
Барганда болбойт садага,
Бузукту салып жүрөт деп,
Жаман сөз тиет агаңа.
Карыя Бакай атайы,
Өзүңө барып кайт деген.
Манасты сойгон оңбогур,
Кангайдын ханы чоң Коңур,
Калкыңды эзип жатканын,
Калтырбай түгөл айт деген.
Айтаарым айттым, арман жок,
Башка сөз менде калган жок.
Кетемин кайра артыма,
А көрөк, айтчы ачыгын,
Бараарың чынбы, калкыңа?

С е м е т е й.

Сөзсүз барам!
Кантип барбайын калкыма.
(*Кылычын суурул, чөгөлөп, мизинен өбөт.*)
Ишенгин ага, антыма!

С а р ы т а з.

Ыраазымын!
Башка сөздүн кереги не?
Ишендим келээриңе.
Анда кош,
Жолун тоспо агаңын!
Мен сени,
Таластан күтүп аламын.
(*Кучакташып өбүшөт да, кол булгап жөнөп кетет.*)

С е м е т е й.

Жигиттер,
Бул сөздү эч ким укпасын.
Суранганым ушу:
Оозуңардан чыкпасын!
Кеттик калаага!
(*Жапырт жөнөшөт.*)

*Көшөгө*

1. Кең-Көлчүктүн гүл токою кандайча өзгөрдү, анын себеби эмнеде?
2. Өткөн сабактардан Сарытаз жөнүндө эстегиле, ал ким эле, кайсыл окуяда көрүнгөн?
3. Жигит менен Сарытаз эмне жөнүндө сүйлөштү? Сарытаздын сырткы турпаты, анын келиш максаты?
4. Семетей менен Сарытаз кандай жагдайда жолукту? Драматург эмне үчүн экөөнү жолуктуруу үчүн ушундай учурду, шартты тандап алды?
5. Кыргыздар жана Семетей.
6. Сарытаздын баланы сынашы. Сыноо аркылуу ал эмне максат койду?
7. Семетейдин Сарытаздан эли-жери, ата-теги жөнүндө угушу.
8. Сарытаздын образы.

## «МАНАСТЫН УУЛУ СЕМЕТЕЙ» ДРАМАСЫ ЖӨНҮНДӨ

Дүйнөлүк көркөм маданияттын тарыхы элдик оозеки чыгармалардын негизинде кайра иштелген, ошол сюжеттерди пайдаланып өз туундуларын жараткан сүрөткерлердин далай-далай мисалдарын билет. Эбегейсиз көлөмдүү, сүрөттөгөн окуясы, катышкан каармандары да аябагандай арбын «Манас» эпосу боюнча да не бир опералар, балеттер, сүрөттөр, бедиздер, ыр-поэмалар, повесть-романдар, драмалар жазылды. Бул тема дагы да эчен сүрөткерлерди өзүнө тартары бышык.

Жалил Садыков эпостун окуясын негиз кылып алып, андагы башкы багытты өзүнө ылайыктап пьеса жазды, т. а. драмалык текке алып келди. Муну үчүн, албетте, драматург биринчи кезекте конфликттерди тереңдеткен, драмалык кырдаал шарттарды башкы планга алып чыккан. Ошон үчүн трилогиянын эң драмалуу, трагедиялуу учурун – баатыр Манас жок болуп, «тунугу кетип жылдыздын, туйгуну кетип кыргыздын, кайран катын Каныкейдин кара кийип, кара калк кан жутуп турган кезин сүрөттөө, ошол мезгилдин картинасын ачып берүү учур-

лары тандалган. Айкөл Манас көзү өткөндө улуу чабыштан тышкы душмандар бир топко алсырайт, мына ошондо «өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» болуп ички душмандар чыгат, ортодон ырк кетет, бийлик-байлык талашуу башталат. Мына ошол курттай ичтен жеген кеселден кыргыздар кырылып калышы мүмкүн эле, бийлик талашкандар бирин бири жок кылмак, сырттан жоо келсе алар койнун ачмак, демек ушундай абалдан чыгуунун жолун издеш керек эле. Ал жол – Семетейди алып кетип, көздөн далдоо жерде баралына жетилтип, айкөлдүн ордуна коюу эле. Мына ушул максатка каармандардын аракеттери багытталат. Драматург ошол эл максатын аткарууга каршы турган Абыке, Көбөш сыяктуу арамдардын образын ачат, Жакыптын терс сапаттарын абдан тереңдетет, кечээ эле Манасты ээрчип жүргөн кол башчылар Кыргылчал менен Тазбайматтын өңү өзгөрүп, эми алар башка-башка өйүзгө өтүп, кара ниеттикке кызмат кылып калат.

Драмада адамдардын сөздөрү аркылуу алардын мүнөздөрү ачылат, бешиктеги баланын эртең эле жетилип өч аларына көзү жеткен куу Жакып:

> «Ушундайда Манастын атын өчүрүп
> Кардын жарбасак,
> Ушундайында тамырын жулуп салбасак,
> Кийин ал бала жакаңарга жармашат.
> Эгер узарсын десең хандыгыңар,
> Таптакыр да,
> Үрөөнүн үзүп салгының! – деп канкакшайт.

Жакып ошонусу менен Жакып, ага мал-мүлк, бийлик керек. Сырттан душман келсе да мындайларга баары бир.

Буларга каршы турган Каныкей, Чыйырды, Бакай, Сарытаз менен автор эл идеясын, журт намысын сактаган атуулдарды көрсөтөт. Булардын максаты бүлүнгөн хандыкты кайра тиклөө, журтту бөтөндөргө бастырбоо, бүгүн кыйналып-кысталса да мүңкүрөбөй, эртеңки үчүн күрөшүү, жарык күндү тездетүү үчүн аракет кылуу.

Драмада борбордук өзөк окуя – Семетей менен Каныкейдин айланасында алып барылат, Семетей таякелеринин журтунда бейгам жүргөн бала, ошол эле кезде ал кандайдыр бир даражада каны бар жигит, башкалар дин окуусун окуса, бул согуш өнөрүн үйрөнөт, анын ички дүйнөсүндө кимдир бирөөлөргө кек сактагансыйт, апасын «эже» деп, атасын «жезде» деп өскөн менен ички дүйнөсүндө бир сыр, дүрбөгөн дүрбөлөң бардай. Чо-

гоолдугу, тентектиги, балбандыгы, мергендиги – бүт сапаттары болочок баатырдын белгилери.

Каныкей болсо эң трагедиялуу инсан. Анын бүт сыры ичинде. Тайбурулга кайрылышы – үмүт-тилеги, ат чабышы – бул төлгөөсү.

Бул бөлүмдө «Манас» үчилтигинде көп учураган карсылдашкан чабыштар, өйүз-бүйүз жаа тартышуулар, атышуулар жокко эсе, мында турмуштук карама-каршылыктар, бала тарбиялоо, мекен кусалыгы, жеңилүү ызасы, үмүт-тилек идеялары басымдуулук кылат.

## ДРАМА БОЮНЧА ЖАЛПЫ СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. «Манастын уулу Семетей» спектаклин көргүлө, же уккула, анда башкы ролдорду кимдер аткарганын, драманын силер окуган бөлүмдөрү кандайча ачылгандыгын айып бергиле.
2. Эмне үчүн драманын аты – «Манастын уулу Семетей»?
3. V класста окуган «Манастын балалык чагы» менен ушул драмадагы Семетейдин балалык чагын салыштыргыла: окшоштугу, айырмачылыгы.
4. «Манас» эпосунун тексти менен Ж. Садыковдун драмасын салыштырып реферат жазгыла.
5. «Манас» эпосу боюнча фильм көргүлө, пластинка, магниттик тасма жазууларын, видеожазууларды уккула.
6. «Манастын уулу Семетейди» мектеп сахнасында коюуга аракет кылгыла.
7. Драмадагы колдонулган аскер кийимдеринин аттарын дептериңерге жазгыла, сүрөтүн тарткыла.
8. Тексттеги учкул сөздөрдү дептериңерге көчүргүлө, ким, кандай учурда айткандыгын айтып бергиле.
9. Ар бир каармандын образын ачкан сөз айкаштарын, саптарды ошол каарман менен кошо жазгыла.
10. Сочинение жазуу. Темалары болжолдуу булар: «Семетейдин эл-жерин табышы», «Семетей Букарда», «Драмадагы трагедия», «Драмадагы образдар: Каныкей жана Семетей», «Драмадагы чыккынчылык, эки жүздүүлүк темасы» ж. б.
11. Айрым монологдорду жаттагыла, монологду мыкты айтуу чеберчилиги боюнча конкурс уюштургула.

## БЕКСУЛТАН ЖАКИЕВ

## 1936

# БАКЫТ БАР ДЕП ЖАШООНУН ӨЗҮ БАКЫТ



Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, белгилүү драматург Бексултан Жакиев Тоң районунда, көл кылаасында туулган. Ал «Атанын тагдыры», «Миң кыял», «Алтын аяк», «Өкүм», «Эртең жаңы жыл», «Жолугушуу», «Күттүргөн жаз да келер», «Кызыл жалын от кечкендер», «Саадак какты», «Үмүт» сыяктуу драмалык чыгармаларды жараткан. 1987-жылы «Саадак какты» деген ат менен жарык көргөн китебине да ошол драмалар топтолуп, ал 1989-жылы республиканын Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болду. Б. Жакиевдин «Жүрөлүчү жүрөк оорутпай» драмасы Кыргыз академиялык драма театрында коюлуп, көрүүчүлөр тарабынан жылуу кабыл алынды. Кийинки кездерде ал театр жана көрүүчү, Ысык-Көлдү, дегеле жаратылышты коргоо боюнча «Манас» эпосу тууралуу жүрөк өйүгөн көйгөйлүү маселелер жөнүндө курч публицистикаларды да жазды. Төмөндө өзү жөнүндө макаласы берилет.

*Мен чоң атам Абийирдин колунан тарбияланып өскөм. Өз атамды байке деп, Абийирди ата дечүмүн. Жазда, күздө экөөбүз жалгыз аттык арабага совхоздон көчөт басып келип, короожайды тегерете бак тиге берчүбүз. А кезде биздин Бөкөнбаев кыштагында бактуу үйлөр жокко эсе болчу. Чөп чапканды, тай үйрөткөндү, ат суутуп, ат отко койгонду, айтор, жашоотирликте атам мени кичинемен үйрөттү...*

*Абийир атам эл-журтка кадыр-баркы чоң, калыс, сөзмөр, көптү көрүп, көптү билген чечен адам эле. Кайда жүрсө да, кош айдап, аштык сугарып, темин басып дегендей – эмне иш кылса да, аш-тойлорго барса да, мени дайым жанына ала жүрчү. Кеп-сөзүн көп уктум. Атам жомок айтчу эмес, санжыра айтчу, уламыштардан кызык кеп салып, пайгамбарлардын тур-*

*мушун айтчу. Биз жакта «семетейчи мамбет» деген кыйын манасчы бар эле, күүнүн тарыхын кошо айтып черткен чоң комузчу Бектур деген кишини, деги эле өнөрпөз адамдарды атам үйгө чакырчу. Жыйын болгон жерлерге да, сөзсүз, аларды алдыртчу. Ошолорду бала чагымдан угуп чоңойдум. Абийирдин тун уулу, балдардын көбүн окутуп-чокутуп, билимге үйрөткөн, баарыбызга ата ордуна ата болгон Акмат да сөзмөр, окуяларды кооздоп, кызыктуу айткан жайы бар, а кишиден да көп таасир болгондур мага. Апам кошокчу киши, мүмкүн, андан да таасир тийгендир. Кыскасы, таасирлер жакшы эле тийди, ансыз жашаган ажам жок. Айрыкча, Абийир атамдын таасири зор. Деги эле а кишисиз тагдырым кандай болмок – акылым жетпейт: эгер менде дурус сапаттар болсо, Абийир атамдан, ал эми жаман сапаттарым менин өзүмкү...*

*Менден көбүнчө: «Драматургияга кандайча келдиң? Же башынан эле эңсеген жанрың ошо беле? Ачыгыраак айтканда, адатта адабиятка ыр жазып келет да, анан «өз жанрын» табат. Сен дароо эле драматургиядан баштапсың, баштаганда да капыстан. Бир күнү эле «жөөлөп» кирип келипсиң. Кыскасы, «Атанын тагдыры» конкурста сыйлык алганга чейин, окуп жүргөн кезиңде, студент жолдошторуңун эч кимиси сени жазат деп ойлобоптур. Айтор, адабиятка алдын ала элди көндүрүп туруп келбегениң чыгармачылык тагдырыңа таасирин тийгиздиби, жокпу?» деп сурашат.*

*Бул суроону суроо десе да болот, анча-мынча ой жорутуу десе да болот. Бирок ошонусу кызык. Жаш кезде сезимин ырга айландырбаган Адам аз болсо керек. Бала чакта учкуч болууну ким эңсебейт (азыркы балдар космонавт болсок дешер), кимдин ыр жазгысы келбейт?! Баарыбыз ошенткенбиз. Ыр менен кыялданып, ыр уйкаштырган учурларым менде да болгон. Бирөөнү жакшы көрүп калсак, күндүн чыкканы менен батканына суктансак, гүлдүн кооздугун байкасак... айтор, кубансак, кайгырсак, жалындап күйүп, же муздасак, жүрөгүбүздү туйлаткан сезимдерибизди ырга айлантууга, андай керемет сезимдерибизди жөнөкөй кара сөз менен айтышты ыраа көрбөй, шурудай тизмектешкен ырга салышка аракеттенчүбүз. Бирок ошондон улам бала чакта ыр чыгаргандын баары эле жазуучу болсом деп эңсегендер эмес. Жазуучулукка адам өзүнөн өзү келет. Ал эми бала кезде учкуч болууга умтулгандык, ыр чыгарууга умтулгандык – бул адам дээриндеги кыялынын канатыдыр, анткени адам жаратылышынан бийиктикте умтулуп жашайт. Көр оокатка басырылып, күл-ала болууну каалабайт адам. Учкуч*

*болоюн дегени, демек, канаттуу куштан кем албай асманга көтөрүлгүсү келгендир. Ыр чыгарайын дегени, демек, кыялына канат байлап, ой-санаасын көкөлөтө учургандыр. Баланын тилеги – көңүлдүн канатыдыр?! Адам канатсыз жашай алат. Самолётту эч ким ойлоп чыгарбаса, самолётсуз деле жашай алмакпыз. Бирок Адам кыялданбай жашоого болбойт. Мен адабиятка драма менен келдим, драма, албетте, ыр эмес, бирок ырдын өзгөчө түрү, канаттуу кыялдын дагы бир көркөм тармагы.*

*Проза жөнүндө да оюм ушу.*

*Жазуучу болсом деген купуя сыр, тымызын тилек менде болсо болгон чыгаар бала кезимде. Бирок акындык, ырчылык, демек, жазуучулук ар адамдын эле колунан келе бербечүдөй сүрдөчүмүн. Азыр деле ошондой сезем. Ал эми жазуулучукту оңойсунтуп, жеңил-желпи эле кагаз чиймелемей катары көргөндөрдү жолуктурсам, эмне дээримди билбей ичимен ызам келет. Жазуучулук – бул өтө оор, кыйын түйшүк! Аны жазууда гана билиши мүмкүн.*

*Адабиятка мен драма менен келсем да, адеп баштаган жазмам проза болчу. Пьеса жазыш оюма да кирчү эмес. Анткени пьесаны, драматургия жанрын адабияттын экинчи сорттогу түрлөрү катары санап, барктачу эмесмин. Ырас, пьесаларды кызыгып окучумун, мектептин, университеттин драм ийримдерине такай катышчумун. Балким, же ошолордун байкалбаган таасири тийгендир, айтор, эмнеси болсо да, драматургияга аралашып калдым.*

*Ал мындайча. Оюмда бир нерсе бар эле, жазайын-жазайын деп, бирок жазуулучуктун сүрүнөн коркуп, батынбай жүрчүмүн. Акыры ошонум бышып жетилди. Ким билсин, 1958-жылы повесть баштадым. Повесть, болжолумда, жеңем жөнүндө болмокчу. Дүйшө деген байкем согушта курман болуп, кара кагаз келди. 1943-жылы экен ошондо. Жеңем мектепте мугалим, сымбаттуу, оор басырык, таза Адам эле. Байкемди угузгандан кийин дагы беш жылча күттү. Жеңемди эжемдей көрүп, эже дечүмүн. үйдөгүлөр да аны кызындай асырашчу. Бирок акыры ыйлай-сыктай, ажыраштык, жеңемин жалгыз уулун бербей алып калдык. Мына, согуштуң соолгурдун кылаары ушул! Жетим, жесир!.. Жакын адамдарды ыраактатат, ынак адамдарды биринен бирин бөлүп-жарып, башка үй-бүлө күттүрдү. Алиги жаза баштаган повестим ушуларды баяндамак: жаш келиндин тазалыгы, адамкерчилиги, жакшы көрүп, сыйлашкан кайнене-кайнатадан ажырап, башкага туш болуусу, күйүтү жөнүндө айтылыш керек эле. Бирок күндөрдүн биринде, туурасын айтсам, түндөрдүн би-*

*ринде – ал кезде бирөөнүн кичинекей үйүн жалдап турган студент элек – жазып отурган повестим бир жерге келгенде такалды да, жылбай кыйналып атып, бир маалда өзүнөн өзү пьесага айланып, өзгөрүп кетти. Чыгарма эми жесир калган келин жөнүндө эмес, ата жөнүндө болуп, «Атанын тагдыры» жазылды. Ошентип, мен ойдо жок жерден драматург болуп калгам.*

*«Адабиятка капыстан келгеним чыгармачылык тагдырыма таасирин тийгиздиби, жокпу?» – деген суроого мен жоопту кесе айта албастырмын. Бирок «Атанын тагдыры» жашырын ат (девиз) менен конкурска жазылып, сыйлык албаганда, анын кабыл алынышы, өтүшү, театрга коюлушу кыйын болмок. «Атанын тагдырынын» башын конкурс жакшы ачып кетти. Экинчиден, кайсы бир жазуучулар, айрыкча, мурда жазып жүрүп, анча-мынча көзгө көрүнүп калган өзүм курактагылардын айрымдары мага жазуучулукту да, «Атанын тагдырын» да ыраа көрбөй, кызганчылыкты көп жасашты. Анын эпкини дале келатат. Бирок антип менин кулк-мүнөзүмө залалын тийгизе алышкан жок, андан жазуучулукту көздөгөн максатым бөксөрүп кетпеди. Көрсө, ич тарлык ичи тарлардын өзүнө гана зыян экен. Андайлар башкалардын жашоосуна сугу түшүп, куйкасы курушуп жүрүп, иштеп алчу ишинин далайынан кур калат, баарынан да, «давлениеси» кыжынып, ооруга чалдыкканычы! Бирок анысына карабайт бу түгөт, жаман пикир таркатмайын күн көрө албаган өлөрман болот!*

*«Атанын тагдыры» өзүңөрдүн үй-бүлөдөн алынып жазылган чыгарма дейт, ошо чынбы?» – деген суроо да мага көп берилет... Ошондой эле, бул пикирге катарлаш дагы бир пикир бар. Ал – «ушу турмуш биздин баштан өткөн» деп, «Атанын тагдырынан» өз тагдырларын көргөндөр да аз эмес. Буга эмне дешим керек? Чыны, тигиндей дегендерге да, мындай дегендерге да «сеники туура, же туура эмес» деп, бир сөз менен жооп бере салыш мен үчүн кыйын, мүмкүн да эмес. Анткени экөөндө тең чындык турат.*

*Согуш учурунда бала элек. Кудайдын куттуу күнү эртели-кеч аялдардын кошогу менен тооктун чакырганы үн алышып турса да, кошок менен таңды аткызмай, кошок менен кечти киргизмей салт сыяктуу сезилчү мага. Анан согуш бүттү... Бара-бара аялдардын ыйы сээлдеп, акыры кошоктор угулбай калды. Алиги ый менен таңды аткызмай, ый менен кечти киргизмей салт жоголуп кеткенсип, айыл ичи жымжырт боло түнжүрай түшкөнсүдү. Көрсө, мындай абал жеке эле биздин айылда эмес, жер-жерлердин баарында болуптур. Согуш учу-*

*рунда жакынынан ажыроо – ар бир үй-бүлөнүн башына түшкөн кайгы эле. Андайды биз да кечирдик баштан. Байкелеримдин бири да согуштан кайткан жок. Бирок чоң атам менен чоң энем аларды өлөр-өлгөнчө күттү. Айылдын чал-кемпирлери күндө кечинде, биздин үйдүн маңдайындагы таш жонго чогулуп, жол карап, согушка кеткендерди күтөөр эле. Ошо күткөн боюнча жарыктык карылар дүйнөдөн өтүп да кетишти. Чоң ата-чоң энелерибиз менен бирге таш жондо отуруп, байкелерибизди биз да күткөнбүз. Айтор, жол карабаган эне-ата, арзыган селки, кусалуу жубай ал жылдары өтө сейрек болгон чыгаар! Менимче, адамкерчиликтин бийик касиети да, сапаты да мына ошол чексиз үмүт, түбөлүк күтүүдө, тирүүчүлүктү унутпоодо!...*

*Ал эми окшош окуялар, окшош жетимчилик, окшош жесирчилик согуш учурунда кимдин гана башына келбеди! Бирок болгон окуяны көчүрүп коюу менен гана чектелбейт да жазуучу. Маселен, «Атанын тагдырындагы» Акылбектин кыял-жоругу, мүнөзү, кайрат, дымагы. А түгүл, далай-далай сөздөрү негизинен өз чоң атам – Абийирди көп элестетет. Бирок ошондон улам Абийирди Акылбек дешке да болбойт. Канткен менен, экөө тең мага кымбат. Абийир менен мен ата-бала катары жакын болсом, Акылбек менен көркөм-эстетикалык, турмуштук ой-толгоо позициям боюнча жакынмын. Кыскасы, Акылбек аркылуу мен жазуучу катары атуулдук позициямды элге жеткирүүгө далалат кылдым. Мына ушу себептерден улам мага Абийир да, Акылбек да кымбат жана ыйык. Абийир мени турмушка жаратса, мен Акылбекти жараттым. Абийир болбогондо, мүмкүн Акылбек жазылбайт эле. Жазылса да башкача жазылмак. Пьесадагы Зуура менен жогоруда айтып өткөн жеңемдин, Жеңишбек менен инимдин башталыш тагдырлары, окуянын нугу үндөш болсо, ал эми Оңолкан, Майраш, Бошкой, берки балдар таптакыр ойдон чыгарылган, мен көрүп-билип жүргөн адамдардын эч кимисине тиешеси жок персонаждар...*

*Бакыт – бул үмүт. Ал эми үмүт бар жерде жашоо кызык. Эмгектенүү кызык. Үмүт бар жерде эс алуу, ойноп-күлүү, ойлонуу кызык. Үмүт бар жерде ажырашып-табышуу да кызык. Баары кызык.*

*Бакыт жөнүндө ойлонуп, ага жооп издөөнүн өзү да бакыт! Бакыт бар деп жашоонун өзү да бакыт!*

**Суроолор жана тапшырмалар.**

1. Б. Жакиевдин жогоруда аталган драмаларынын кайсынысын театр сахнасынан көргөнсүңөр, же окугансыңар?

2. Анын «Атанын тагдыры», «Миң кыял», «Алтын аяк», «Эртең жаңы жыл», «Жолугушуу», «Күттүргөн жаз да келер», «Жүрөлүчү жүрөк оорутпай» деген драмалары көрүүчүлөргө да, окурмандарга да кеңири белгилүү. Бул чыгармалардын бири жөнүндө чакан рецензия жана «Б. Жакиевдин драмаларынан мен сүйгөн каармандар» деген темада дил баян жазгыла.
3. Драматургдун жогорку суроо-жообунун негизинде үй-бүлөлүк таасир, биринчи чыгармасынын жазылыш тарыхы, аны кандай маселелер кызыктырды, ыйман, бакыт жөнүндө толгонууларын айтып бергиле.

## АТАНЫН ТАГДЫРЫ

### (Төрт көшөгөлүү драмадан үзүндү)

**Катышуучулар:**

**А к ы л б е к** – 65–72 жаштарда.
**У у л ж а н** – кемпири.
**З у у р а** – алардын келини, 25–32 жаштарда.
**Ж е ң и ш б е к** – абышка-кемпирдин небереси, Зууранын уулу, 6–13 жаштарда.
**М а й р а ш** – абышка-кемпирдин кызы, 18–25 жаштарда.
**Б у р у л** – Зууранын жеңеси, 35–42 чамасында.
**Ш а р ш е к е** – мугалим.
**О ң о л к а н** – Зууранын экинчи кайненеси.
**Б о ш к о й** – анын уулу, Зууранын кийинки күйөөсү.
**С а п а й** – пионер, узун бойлуу, куркуйган арык бала.
**Б о р б у к** – пионер, кыска бойлуу бала.
**Б а л а.**

*(Биринчи көшөгөдөгү окуя согуш бүткөндөн кийинки жылы Акылбектин үйүндө өтөт. Акылбектин жалгыз баласы Болотбек согушта көз жумган. Бирок андан калган туяк бар. Болотбегинен ажыраган келинчеги Зуура кан жутуп араң жүргөндө төркүнүнөн жеңеси келип: «Кызыбыз Болотбектей теңин тапканга жетине албай сүйүнгөнбүз. Бирок кудаанын буйругу экен, урушка кеткен тейинче ал кайра айланып* ***тууруна*** *конбой калды. Жаман аттысын уктук», – деп ыраазылык сурап алып кетет. Зуура Жеңишбекти кошо ала кеткиси келет, бирок ал чоң атасыныкында калат. Зуура бат эле куса болуп Жеңишбегин сагына баштайт. Акылбек болсо уулу Болотбектин согушта курман болгонуна дале ишенбейт, күн сайын аны күтүп,* ***пристанга*** *бара берет.)*

## *ЭКИНЧИ КӨШӨГӨ*

*Арадан алты-жети жыл чамасында мезгил өтөт.*

*Акылбектин короосу. Бак-дарак. Алма-өрүк. Нары-нары көл. Андан нары күңгөй тоолору бүлбүлдөп көрүнөт.*

*Жеңишбек энтеңдеп, чуркап кирет. Анын койнунда солонгон алма, колунда шапке. Жашынат.*

*Бир аздан кийин Сапай менен Борбук аны кубалай киришет. Жеңишбекти издешет.*

Борбук. Сапай!.. Сапай! Быякта экен, кармадым. Бери кел... *(Жеңишбекке, көп жакындабай.)* Келе шапкемди!

Сапай. Ай, барбаганың аз келгенсип, шапкесин эмне ала качасың, ыя? Бер азыр!

Борбук. Келе дейм шапкемди!

Жеңишбек . Ме!.. *(Шапке менен Борбукту уруп жиберет.)* Кеткиле!.. Кеткиле дейм короомдон!.. Болбосо, бирди көрүп каласыңар!

Борбук. Эр болсоң тийип көрчү!

Жеңишбек. Коркот дейсиңби? Коркот дейсиңби?! Мына!.. *(Борбуктун бетине суу чачып жиберет. Экөө кармаша кетет. Күрөшүп жатканда Жеңишбектин койнундагы алмалар чачылат.)*

Сапай. Борбук... Борбук...

*Борбук жыгылып калат.*

Борбук. *(Жардамга чакырып.)* Сапай!.. Сапай!..

*Сапай ажыратмак болот.*

Жеңишбек. *(Сапайга.)* Жакындаба!.. Өпкөңдү үзө тебем! Тур дейм ары!

*Сапай акыры Жеңишбекти Борбуктун үстүнөн оодара тартып, экөө басып алат.*

Борбук. И, кантесиң?! Үйүм жакын деп мактангың гана бар, э!..

Сапай. Айт азыр ачыгыңды, барасыңбы?!

Жеңишбек. Ушунчаңарда коё бергиле!

Борбук. Барасыңбы, жокпу?!

Жеңишбек. Турсам өлөсүңөр!

*Акылбек кирет.*

Акылбек. Ой-ой... Бул эмне кылганыңар?!

Сапай. Чоң ата, Жеңишбекти чакырып келсек эле... Өзү бизди...

Ж е ң и ш б е к. А-а, өзү деп коёт! Мен азыр силерге!.. *(Тигилерге жулунат. Аны Акылбек кармай калат.)*

А к ы л б е к. Ай, Жекинтай, кантет. Кантет... Кой эми, бир ачууңду мага берчи. *(Балдарга.)* Эмнеге чакырып келдиңер эле?

Б о р б у к. Жумушка.

А к ы л б е к. Кайсы жумушка?

С а п а й. Колхоздун...

Б о р б у к. Же биз менен мектептин алма-өрүгүн багыш десек да болбойт...

А к ы л б е к. Анда мен өзүм сүйлөшүп көрөйүнчү, балдар. Силер бара бергиле.

*(Сапай менен Борбук чыгып кетишет. Жеңишбек алардын соңунан жулунат.)*

А к ы л б е к. Кантет, кантет...

Ж е ң и ш б е к. Бир муштап калайынчы, ата... Коё берчи.

А к ы л б е к. Кой, балам, антчү эмес. Үйгө келген киши менен урушкан уят болот!..

Ж е ң и ш б е к. Анан эмне өздөрү тийишет!

А к ы л б е к. Жумушка барбаганың эмнең? Жумуш кылып кыймылдасаң өзүңө жакшы эмеспи, каның суюлуп, сергек өсөсүң, булчуңуң катып, денең чыңалат. Эртең баргын да азыркы балдар менен элдешип алып, иш иштеш. Болобу?

Ж е ң и ш б е к. Ооба сага! Барбай эле койдум!

А к ы л б е к. Жолдошторунан бөлүнгөн жакшы эмес, тегеренейин.

Ж е ң и ш б е к. Эмне?.. Сен ошолорго болушасыңбы? Мен эмне... тим эле кой...

А к ы л б е к. *(Чачылган алмаларды терип.)* Буларды кайдан алгансың? Бирөөнүн алма-өрүгүн үзбөй жүр дебедим беле?

Ж е ң и ш б е к. Мен бекем?! Жанагылардан түшүп калган болчу.

А к ы л б е к. Ап, балам, ай-ээ...Жүр тиги сарайдагы отунду араалашып кой.

Ж е ң и ш б е к. Ошонун баарынбы?!

А к ы л б е к. Эми эле бүтөбүз.

Ж е ң и ш б е к. Ооба сага! Кечке дейре да бүтпөйбүз го аны.

А к ы л б е к. Бүтөбүз. Арааны **албарстай** кылып курчутуп койгом.

Ж е ң и ш б е к. Ата!.. Эртең таарыйлычы, ата. И-ии... жанагылар тээп ийишкен окшойт, мобу жерим ооруп турат...Ошент-

сең, атаке. Эртең таарыйлы деп койсоң. Атаке, ошентсең... Ошентип койсоң эми...

Акылбек. О, атакөйү десе. Болуптур эми. Ойногуң келип турса керек? Барагой. Бар...

Жеңишбек. Ура-а!..

*(Жеңишбек көчөнү көздөй чуркайт. Бирок Шаршекени көрө коюп тамды имериле качат. Шаршеке кирет.)*

Шаршеке. Салоом алейкум, аксакал.

Акылбек. Алекима салам. И, жол болсун, молдоке?

Шаршеке. *(Тамашалап.)* Сизди айыпка жыгайын деп келдим, аксакал.

Акылбек. Айыпка? Мойнума коё алсаң жыгылайын, эгер коё албасаңчы?..

Шаршеке. Азыр, каникул учурунда, окуучулардын бардыгы колхозго жардамдашып, Корумдуда чөп чөмөлөп жатышат...

Акылбек. Жеңишбек эмне барбайт деген турасың го?

Шаршеке. Ооба.

Акылбек. Аны өзүм эле жибергеним жок.

Шаршеке. *(Билмексен болуп.)* Коюңузчу, аксакал?

Акылбек. Ырас. Жаш неме кабыргасын кайыштырып, күнчүлүк алыстан иштесе... Жайдын узун саратан ысыгында ач болот, ток болот... **ичегисине кан уюп калса**... Кыйналабы дедим, балам.

Шаршеке. А-а, Жеңишбегимдин оюнан чыга албадым деңизчи. Небереңиз сиздин болушаарыңызды билип алып, кылбаганды кылып жүрөт. Элдин алма-өрүгүн үзүп, бак-шагын сындырат экен. Муну өзүңүз деле билерсиз. Же мейли дейсизби?

Акылбек. Жо-жок. Бул алмалар өзүбүздүн эле алмадан түшүп калганын терип койдум эле.

Шаршеке. Жеңишбекти ушунтип ыксыз жерден коргой берип, аны сабагынан да начарлатып ийдиңиз. Мына, быйыл классынан көчөр-көчпөсү да арсар, бир сабагынан күзгү сыноого калды...

Акылбек. Эмне дейт?!

Шаршеке. Жеке сабагы эмес, карамүртөз, өзүмчүл да болуп баратат. Минте берсеңиз... билбейм, эмне дешти?!

*(Оор пауза.)*

Акылбек. Чыны, балам... айткандарыңдын жөндүү кеп экенин... чыны, билип деле турам... Элдин балдарындай боло албаганына өкүнөм. Бирок... Жеңишбегимдин ою менен бол-

боско чарам да жок… Менин таянган тоом, ырыс-кешигим ошо бала. Же анда эне-ата болбосо, өзүң билесиң, чоң энесин да ээсине тапшырганбыз… Кыйналбай-кысталбай өссө, дээринде болсо, кийин оңолуп алар дейт экенсиң. Ал бир ишти иштеп атса, бери жакта туруп, менин кабыргам кайышат: «ай, ушу оорчулук кылып атып жүрбөсүн» деп аяйм. Жеңишбегим үйдө жок болсо, «алда кандай кырсыкка учурап, тентек эме машине-шашиненин алдына кирип кетпегей эле… бирөө чоңсунуп ыйлатып койбодубу» деп, санаам чыдабайт. Анын үстүнө, аны кыл, муну кыл, айт-уйт дээрден чочулап турам…

Ш а р ш е к е. Эмне үчүн? Бөлөк бирөөнүн баласы болбогон соң катуураак эле кармап, кезеги келсе какыс-кукус кылып койсоңуз да ашыктык кылмак эмес.

А к ы л б е к. Бу баланын Күңгөйдө күйөөдө энеси бар… *(Токтоп калат.)*

Ш а р ш е к е. Айта бериңиз…

А к ы л б е к. Кокус, жинине тийип алсам, кетип калса… Анын үстүнө, энеси менен кат алышып, кат беришип жүрөт көрүнөт, өзү аны мага айтпайт… Эне балакетиң эстен чыкпайт окшобойбу. Сагынып жүргөнсүйт. «Барып келсемби?» деп баягыда эки сапар кыңырылганынан… Эмне дейм? Унчукпай тим болгом.

Ш а р ш е к е. Анда сагынчысы таркаганча өзүңүз эле алпарып келбейсизби.

А к ы л б е к. Ага да даабайм. Энеси алып калабы деп корком.

*(Акылбек терең ойдо калат. Шаршеке кетет. Майраш кирет.)*

М а й р а ш. Ата.

А к ы л б е к. И?

М а й р а ш. Ачка болдуң го, жүр тамак ич.

А к ы л б е к. Бир аз коё туруп, Жеңишбек келсе ээрчите барайын…

М а й р а ш. Киши бермейин тамак ичпей эле жүрө берет экенсиң, ата, ооруп калбайсыңбы. Тезирээк келсең. Макулбу?

А к ы л б е к. Макул, тегеренейин, макул.

*(Майраш чыгат. Жеңишбек кирет. Анын колунда рогатка.)*

Ж е ң и ш б е к. Ата! Ата! Ата! **Раймагга** велосипед келиптир, эл талап атат…

А к ы л б е к. Чоң эле болдуң. Алдагы немеңди таштасаңчы, дагы бирөөнү көзгө атып аласың.

Ж е ң и ш б е к. Балдардын баары эле ойноп жүрбөйбү.

А к ы л б е к. Ошолорго теңелесиңби? Алар кичинекей, эссиз балдар да. *(Колун сунуп.)* Берчи мага, катып салайын.

Ж е ң и ш б е к. *(Рогаткасын артына катып.)* Та ары!

А к ы л б е к. Кийин өзүң чоңойгондо, элесепетин эмес машийнесин кошо сатып аласың. Болобу?

Ж е ң и ш б е к. Асандын жаман баласы деле тээп жүрөт, мен эмес...

А к ы л б е к. А көрөкчө, Жекинтай, теңтуштарың Корумдуда иштеп жатыптыр. Ошоякка барып, атка минип, чөмөлө тартышсаңчы.

Ж е ң и ш б е к. Ооба сага! Барбай эле койдум!

А к ы л б е к. Эси жок балача ошенткен болот бекен. Шаршеке агайың келип, эмирээк эле кетти.

Ж е ң и ш б е к. Келмектен келсин!

А к ы л б е к. Кой, агайын антчу эмес! Укса сени жаман көрүп калат. Тилди ал да тамакка тоюп алып, жумушка жөнө.

*(Бурул жашырынып кирип, тыңшап турат.)*

Ж е ң и ш б е к. Велосипед алып бербей койдуңбу?! Ошенттиңби?! Болуптур!

А к ы л б е к. Бу бир айтканды угасыңбы?! Качанга дейре эле адамды беймаза кыла бересиң?

Ж е ң и ш б е к. Эмне жиниңди келтиресиң?

А к ы л б е к. *(Рогатканы жулуп алат.)* А жоготчу ары момунуңду!

Ж е ң и ш б е к. Келе дейм! Ата, келе дейм!.. Өзүм араң жасап алса... Келе дейм!

А к ы л б е к. А!... Беш бала болуп берсең да мага!..

*Жаакка чаап жиберет.*

Ж е ң и ш б е к. Эмне урасың?! Урдуңбу?! Урдуңбу?! Карап тур!.. Шашпа!..

*Акылбек рогатканы бутакка илет да, чыгып кетет.*

Б у р у л. Жеңишбек... Ай, Жеңишбек... Эмне болду?! Карангүн! Карангүн! Жаагың түктүйө түшүптүр да. Урган го баланы, урган го! Байкуш жетимим, жок дегенде сооротуп коёруң болсочу. Энесиз баланын көргөн күнү курусун, ушу да... Баса, апаң сени дагы чакыртыптыр. Мына каты. Ме гой... Окуй гой.

*(Жеңишбек катты ичинен окуй баштайт.)*

З у у р а н ы н үнү. «Жекинтай, берекем. Мага түк келбей койдуң го, же мени унуттуңбу? Жети жылдан бери өзүңдү бир көрүүгө зармын. Мени таанып калдыңбы деп корком. Аясаңчы, апаңды, тегеренейин, аясаңчы. Мени бөөдө кыйнабай кел,

каралдым, кел... Чоң жигит болгонуңду өз көзүм менен көрөйүн. Кел, көлөкөм, кел... Кел...»

Бурул. Кана, эмне дейсиң?

Женишбек. Барат эле элем, атам...

Бурул. Атаң эмне экен?

Женишбек. Жибербейт го?

Бурул. Акырын качып кет.

Женишбек. Кой!

Бурул. И? Антсең эмне болот экен? Элдин саа окшогон балдары **биттин ичегисине кан куят**, а сен ... жүүнүң бош!

Женишбек. Качып кетсем атам куруйт го?

Бурул. Курубайт.

Женишбек. Ооба сага, куруйт эле!

Бурул. Барар-коёруңду тез айт. Таякең Караколдон тактай тартып келгени барам деп, сени эле күтүп турат. Макул десең машинесинин **каминкесине** салып алып, таякең экөөбүз сени апаңкына жеткизип коёбуз.

Женишбек. Анда атама айтып кетейинчи! Жүрсөң, тажеңе, сен да айтсаң!

Бурул. Көөдөнсүз... Атаң сени уруп атса, анын эмнесин ага айтасың?

Женишбек. Аны сен кайдан билесиң?

Бурул. Билбесем да сезип турам. Мен сенин ордуңда болсом ушинтип таяк жеп жүрбөй эбак эле кете бермекмин...

Женишбек. Тажеңе, эми эмне кылайын? Апама баргым эле келип турат, өзүм да абдан сагындым...

Бурул. Акырын кете бер дебедимби. Бол бат, таякең жолунан кечикпесин. *(Пауза.)*

Женишбек. Жок. Атам мени издеп таң аткыча уктабайт.

*Катты бүктөп Бурулга сунат.*

Бурул. И-и, баса! Эсимен тарс чыгып кетенин кара! Апаң сага деп, **матасекил** сатып коюптур.

Женишбек. Ооба сага!

Бурул. Ырас.

Женишбек. Ырас элеби?!

Бурул. Чын.

Женишбек. Калп айтасың го?

Бурул. Калп айтып, кутуруп кетипминби?

Женишбек. Кудайым, кудайым!.. Люлкасы бар бекен?!

Бурул. Үлкөсү эмнеси?

Ж е ң и ш б е к. Мындай… жанында да киши отургузуп алчусу мененби? Үч дөңгөлөктүүбү?!

Б у р у л. Дөңгөлөгү үчөө тургай төртөө дегендей айтты го.

Ж е ң и ш б е к. Ооба сага! Төрт дөңгөлөктүү мотоцикл болот деп ким айтат?

Б у р у л. Анысын мен кайдан билейин? Кана, барар-коёрунду тез айтчы. Барбасаң мен кеттим. Мына… мына, кеттим… *(Кетимиш болот.)*

Ж е ң и ш б е к. Барам!

Б у р у л. Бол анда үстүңө бирдеме кийип чыга гой.

Ж е ң и ш б е к. Ушундай эле кете берейинчи!

Б у р у л. Кийип чык. Тыякка барганда кереги тиет.

Ж е ң и ш б е к. *(Үйдү көздөй чуркап баратып, кылчая калат.)* Кетип калбайсыңбы?!

Б у р у л. Кетпейм.

Ж е ң и ш б е к. Күтө тур, ээ?

Б у р у л. Ооба, ооба! Кылчактабай бол эми бат!

*Жеңишбек шаша-буша кийинип чыгат. Экөө чыгып кетишет. Сахна бир азга ээн. Велосипедди олдоксон жетелеп, Акылбек кирет.*

А к ы л б е к. Кылжыңдаган түгөт. Жетектегенге эби жок эме экен, мингендер кантип мунун башын түз алып жүрөт… Жеңишбек… О, Жеңишбек… Ошентип кечке эле таарына берет бекен? Бери чыгып муну карачы. *(Велосипеддин коңгуроосун шыңгыратат.)* Жекин. Кел, бери келип мени өңөрүп көрчү. Же артыңа олтургузуп аласыңбы? Жекин… Кайда кеткен?.. *(Сыртка.)* Майра-аш…О, Майраш…

М а й р а ш т ы н  ү н ү. Ыя?

А к ы л б е к. Силердикинде Жеңишбек болсо, жиберип ийчи.

М а й р а ш т ы н  ү н ү. Биздикинде жо-ок, ата.

А к ы л б е к. Анда өзүң келчи. *(Велосипеддин ары жак бери жагына чыгып.)* Жеңиштай, келип муну көрсө-өө… Анан мени учкаштырып алып…

> Чимирилип зуулдап,
> Кара жолдо жарышсак.
> Көтөрүлтүп көңүлдү,
> Караколго баратсак.

*(Күлөт.)* Деги Жекинтай муну тепкенди билет болду бекен?

*Майраш кирет.*

А к ы л б е к. Шайтан араба сатып келдим. Көрчү.

М а й р а ш. Кимге?

А к ы л б е к. Өзүмө!.. *(Күлөт.)* Жеңишбекке да, Жеңишбекке.

М а й р а ш. Тим эле койбойсуңбу, ата.

А к ы л б е к. Тим койгонго болуп атабы, ыйлактап атса...

М а й р а ш. Ыйлактаса ыйлактап басылат эле да. Сураганын алып бере берип, жаман үйрөтүп ийдиң...

А к ы л б е к. А мейли. Тамак бердиңби?

М а й р а ш. Эртең менен кеткен тейинче, аны көрө элекмин.

А к ы л б е к. Кайда кетип калды? *(Майрашка.)* Быяк-тыякка басып карачы.

М а й р а ш. Макул. *(Чыгат.)*

А к ы л б е к. Сааттуу жаным, кайдан да чаап ийдим эле?.. Жекин... Таарынып барып, бир жерге отуруп алдыбы?.. Көк неме түн ортосуна дейре таптырбай убара кылат ээ эми... Жеңишбек... Э, Жеңишбек... Каап...

*Майраш кирет.*

А к ы л б е к. Таптыңбы?

М а й р а ш. Ата!..

А к ы л б е к. Келатабы?.. Эмне болду? Унчукпайсыңбы!..

М а й р а ш. Ата!..

А к ы л б е к. Эмне?! Деги сообу?! Бирдеме болгонбу?!

М а й р а ш. Кетиптир, ата... энесине...

А к ы л б е к. Ок! Эмне дейт! Эмне дейт?! Жо-жок!.. Сен жаңылып атасың! Ал кетпейт! Кетпейт! Ошого эле кетип калгыдай ал эмне бир... Жалган айтып атасың!.. Мени таштап кетпейт!..

М а й р а ш. Чын ата. Бурул аны машинага салып алып кеткенин аялдар көрүптүр...

А к ы л б е к. Ыя?! О, кашайган кудай! Бул көрөкчө колум сынып калсачы! Неге чаптым аны?! Неге!..

М а й р а ш. Ата!..

А к ы л б е к. Эмне үчүн сен мага суук кабарды айтып келесиң, ыя?! Эмне үчүн?! Сүйүнчүлөөр ишти тапкан экенсиң го! Көөдөнүң болсо, айтса да бөлөк бирөө айтсын дебейсиңби! Көөдөнүң болсо ошентпейсиңби!..

М а й р а ш. Атакебай! Анын кеткенин укканда кантип чыдап тура алам? Же Жеңишбек мага жат беле, ата?!

А к ы л б е к. О, кудай таала! Ушуну кылмаксыңбы? О, кудай таала! Ушинтип жазаламаксыңбы?!

М а й р а ш. Атакебай!..

А к ы л б е к. А, балким... Жалган болуп жүрбөсүн?.. Аялдар бөлөк бирөө менен алмаштырып алып жүрбөсүн?.. Ошенткендир, Майраш?!

М а й р а ш. *(Унчуга албайт.) (Пауза.)*

А к ы л б е к. Өзүм кылдым, Майраш, өзүм!.. Башынан жаман сөз укпаган, чекеге чертилбеген балага менин бир чаап койгонум оордук кылган турбайбы. Мурдатан силердин тилиңерди албай жүрүп, ушуну көрдүм, Майраш, ушуну!..

*Көшөгө*

**туур** – алгыр куштарды отургузчу жер. Мында туулган жер, үй-бүлө деген мааниде

**пристан** – суунун жээгиндеги кемелер токтоочу жай

**албарс** – таза болоттон жасалган өтө курч курал

**ичегисине кан уюп калуу** – ачка калуу, ичинде адамга азык болор нерсе калбоо

**раймаг** – райондук магазин (дүкөн). Илгери райондун борборунда жалгыз-жарым гана дүкөн болуп, ал ошондой деп аталчу

**биттин ичегисине кан куюу** – өтө шылуун, эпчил, чебер, амалкөй, айлакер

**каминке** – кабина

**матасекил** – мотоцикл

**көк** – тил албаган, тажаал, айтканынан кайтпаган мүнөз

1. «Атанын тагдыры» драмасын жазууга киришкенде автордун колунда кандай турмуштук материалдар бар эле?
2. Эмне үчүн Жеңишбек тентек, эрке болуп кетти? Мисалдар менен далилдегиле. Акылбек менен небересинин ортосундагы мамиле кандай? Өзүнүн жолдошторуна жана коомдук иштерге мамилесинен Жеңишбектин мүнөзүндөгү кандай сапаттарды байкоого болот? Эмне үчүн чоң ата небересин жаакка тартып жиберди?
3. Бурул менен Жеңишбектин сүйлөшүүсү окуяны башка жакка буруп кетти. Анын себеби эмнеде? Акылбектин велосипед сатып келгендеги ал-абалын айтып бергиле. Абышка кызы Майрашты эмне үчүн урушту?
4. Экинчи көшөгөдөгү окуядан кандай карама-каршылыктарды байкадыңар? Ал келишпестик кимдердин ортосунда жүрөт?
5. Акылбек, Болотбек, Жеңишбек деген энчилүү аттардын маанисин чечмелегиле. Эмне үчүн карыянын аты – Акылбек, жоокердики – Болотбек, өспүрүм баланыкы – Жеңишбек?
6. Пьесада мындай учур бар: Зуура: «Мен өлүктү кечир, ата! Ыраазылыгыңды бер!.. Жеңишбексиз кайда барам?.. Кайсы арыма кетем деп жатам?», Акылбектин: «Ушинтмек экенсиң да? Кантейин?!.. Кемпир экөөбүздү өлтүрүп туруп, анан көзүбүзгө көрсөтпөй алып кет», – бул диалогду кандайча түшүнөсүңөр? Кайната менен келиндин арманы, ички дарты эмнеде?

## *ҮЧҮНЧҮ КӨШӨГӨ*

***Күңгөй**. Там үйдүн ичи.*
*Оңолкан жалгыз.*

Оңолкан. *(Сыртка карап, ачуулуу.)* Зуура!.. Э, Зуура!.. *(Сүйлөнүп.)* **Кулагыңа кум куюлгу-ур**!.. Зуура!..
*Зуура кирет.*

Зуура. Мени чакырдыңызбы, эне?

Оңолкан. Бир айтканда угуп коёр күнүң болор бекен?!

Зуура. Бактын арасында иш кылып отуруп, машинанын дабышынан үнүңүздү укпай калгамын го...

Оңолкан. А анткорсунба ары!

Зуура. Анткорсунбай эле укканым жок, энеке.

Оңолкан. Анан калса деле шылтооң дапдаяр экен. Мындагы кишини **каакы** ордуна санап койсоң боло. Кыйкырып атып үнүм бүттү.

Зуура. Бүгүн да кечки саат алтыдан баштап, больницада дежурмун. Ага чейин Жеңишбектин бешмант-шымын тигип бүтө салайын деп шашып аттым эле.

Оңолкан. «Жеңишбегим, Жеңишбегим» эле дейсиң!.. Силердин азабыңардан эртеден кара кечке дейре саргайып, талаада жумуш иштеп жүргөн күйөөңдүн камын ошондой ойлосоң экен! Сыртыңдан сыр алдырмаксан болгонуң менен ичиңден аны... билем, билип эле турам, мурунку эриңдей көрбөйсүң го чиркин, мурунку эриңдей көрбөйсүң го!

Зуура. Мурунку эриң деп, ага сөз тийгизбеңиз! Ал жамандыгынан өлгөн эмес!

Оңолкан. Тигини! Тигини! **Тилиң буудай куурат**, ээ! Болду, ошончо эле тыкчыңда! Качан болсо эле дужурмун, баланча сыстра балан болуп калып, ошонун ордунда иштеп калдым, түкүнчө сыстра түкүн болуп калып, анын тапшырмасын аткардым деп, күнү-күн улап, түндү-түн улап жүрөсүң. Же балийсанын сенден бөлөк сыстрасы түгөнүп калганбы?! Жок дегенде, үйгө келгенде айттырбай билсең боло, мындагы кишиге бирдеме жалмалатасыңбы, же өзөөртүп өлтүрөсүңбү?

Зуура. Азыр.

Оңолкан. Азырың качан? Түш бая эле ообады беле.

Зуура. Чай кайнабай атат.

Оңолкан. Бол тезирээк! Качан кайнайт эле деп отуруп, орозо болгудай алым жок.

*Зуура чыгат.*

О ң о л к а н. Келинди ушинтип тыкыйта кармабаса, төбөгө чыгып алат... *(Эки жагын каранып.)* Саат чырмагырдыкы, жүнүм да кайда калган? *(Издейт.)*

*Жеңишбек кирет. Оңолканды абайлабай үкөктү ачып, казан-аякты аңтара баштайт.*

О ң о л к а н. Ай, кандай адеби жок баласың?! Казан-аякты аңтарып-теңтербей тур быякка.

Ж е ң и ш б е к. Ачка болдум.

О ң о л к а н. Ачка болсоң эмне кылайын! Сени мен отунга жумшаган эмесмин!.. Деги ченем-чендүү сындырып алсаңчы! *(Нандан кичине сындырып берет.)* Карма!.. *(Өзүнчө сүйлөнүп.)* Мындагы кишини эртеден кечке эле келдемыялап эт жеп аткандай көрөт окшобойбу! Өз балдарымды да мынча тайраңдатпайм, тууралдан ушунуку өттү. Келгенине жарым ай толо элек, тебелеп-тепсеп, мындагы кишини көзүнө илбейт. Кичине ыйбаа кылып койсо боло! *(Жеңишбек чыгып кетет.)* Ээнбаш өскөн неме көрүнбөйбү. Оңолкандын ким экенин билбейт да! Шашпа-а! Кемээчтейм го баарыңарды! Башым аман турса, бул үйдөн эч кимиң мага тик багып, үн ката албайсың!.. Шашпа-агыла!.. *(Каранып.)* Эмнени унуттум?.. Шайтандай болуп азыркы эме! Эмне эле?.. И, баса.. *(Издейт)*. Жүнүң менен жерге киргирдики, кайда житип кеткен?! *(Жүнүн издеп, ички үйгө кирип кетет.)*

*Зуура менен Бошкой кирет.*

Б о ш к о й. Жүр, жүр...

З у у р а. Сагынып кеттиңби?

Б о ш к о й. Көрчү муну... *(Зуурага көйнөк көрсөтөт.)* Жагабы?

З у у р а. Жакшы көйнөк экен. Шаарга баргансың го?

Б о ш к о й. Ооба. Кирпич тартып келдик. Кирпич жок, курулуш токтоп калып... Бу папканы Жеңишбекке алдым.

З у у р а. *(Акырын.)* Ыракмат. Баланы унутпаганыңа ыраазымын. *(Жашый түшөт.)*

Б о ш к о й. Эмне болду?! Дагы араалаган экен, э?..

З у у р а. *(Күлөт.)* Эч кайда кетпейсиңби азыр?

Б о ш к о й. Жок, бүгүн үйдө болом.

З у у р а. Анда мен мобу кагаздарды больницага алпарып берип келе коёюн, врач кетип калат.

Б о ш к о й. Ал эмне кагаз?

З у у р а. Оорулуулардын карточкасы. Ирээттеп чык дегенинен, кайра көчүрүп жанаараак эле бүттүм. Апарып келүүгө чолоом тийбей атты эле. Тийип эле кайтам. Самоор өчүп калбасын, отту карай тур.

Б о ш к о й. Макул, бара бер.

О ң о л к а н. *(Шарт кирет.)* Ай, келиним, тарт бери кайра!

З у у р а. Эне, мен...

О ң о л к а н. Эркек казан-аяк кармап, күлгө илээшет дегенди кайдан уктуң, ыя?! Кудайыңа кара, акетайы! «Самоор өчүп калат» деп!.. Күйөөсүн жумшап гана алгысы бар а мунун! *(Уулуна.)* Оопасча мойнуңду шылкыйтып тосуп бергидей сен өзүң эмне жансың?!

Б о ш к о й. Эне, койсоң боло ушундай сөздү. Зуура иш менен баратпайбы.

О ң о л к а н. Иш мененби? Шайтаныма тийип, канымды бузба! *(Папканы байкайт.)* Ики! Китеп-баштык сатып берип... Жагынасың го?!

Б о ш к о й. Кенедей баланын оорчулугу деле жокко, эне...

О ң о л к а н. Оорчулугу болбосо, көчөдө аскан-тоскондун баарын үйүңө шыгыратып жыйып ал. Ошент!

Б о ш к о й. Ушундай сөздүн эмне кереги бар, эне. Эл укса уят эмеспи...

О ң о л к а н. Бас жаагыңды!

Б о ш к о й. Койдум, койдум!

О ң о л к а н. Койсоң ушу, айтканды угуп, дегенди дегендей жасап жүр.

Б о ш к о й. Сенин тилиң менен эле болуп жүрөбүз го.

О ң о л к а н. Менин тилим менен болгонуң ошобу?! Аялың чай кайнат десе, «болуптуй» деп бүжүрөйсүң. Эркек антпейт!.. *(Зуурага.)* Анан сен да, келиним, **жылкыңа ченеп ышкырып** жүргүн! Ургаачынын ургаачыдай болгону оң, көкүрөктү көп эле өргө айдап!..

З у у р а. Көкүрөгүмдү өргө айдап, мен сизге эмнеден жаздым? Же жаман айтпасам...

О ң о л к а н. *(Уулуна.)* Мына, көрдүңбү?! Сен эмес кайненеси менен да тайманбай каяша айтат. Ушунун баары сенин үйрөткөнүң! Келин деген айттырбай билет дечү эле. А мунуң, жада калса, сырттан чаң жуккан кийимиңди чоткелеп, тазалап берүүгө жарабай кекирейип турат.

Б о ш к о й. Азыр, өзүм эле щёткалап алам.

О ң о л к а н. Өзүң чоткелебейсиң! Бер аялыңа! Аялың тазаласын! *(Зуура күйөөсүнүн бешманты менен щётканы алып, короого чыгып кетет.)* Балам, сен элпектигиңди кылсаң, мага кыл, башкага кыл, бирок катыныңа кылба. Ал уят болот билсең. Элге шерменде болбоюн десең, аялыңды кемээчтеп жүр. Болбосо **жонуңа ээр токутуп** каласың. Уктуңбу?

Б о ш к о й. Уктум! Уктум!

О ң о л ка н. Уксаң ошол. Сени жаман болсун деп айтканым жок. Элдин уландары кыз алган жарын да сенчелик бапестебейт...

*Бошкой Зуура калтырып кеткен кагаздарды жымырып алып, сыртка жөнөйт.*

О ң о л к а н. Кайда жөнөдүң?

Б о ш к о й. Иш бар!

О ң о л к а н. *(Кекээрлеп.)* Менин барымдан гана абийириң сакталып турат, көзүм өтүп кетсе, тепсендиде калчу байкушсуң. Катынга кор болгондон көрө өлүп алган артык. Уктуңбу, өлүп алган!..

Б о ш к о й. Балээ болдуң го! Балээ!.. *(Чыгат.)*

О ң о л к а н. Шашпа-агыла! Кемээчтейм го баарыңарды! Башым аман турса, бул үйдөн эч кимиң мага үн ката албайсың! Эч кимиң! Алда кудай гана эсебиңди тапкырлар ай я!.. Шашпагыла! Силердиби! Силерди!..

*Куржунун ийнине салып, Акылбек кирет.*

А к ы л б е к. Амансызбы, байбиче?

О ң о л к а н. Шүгүр...

*Акылбек куржунун алып, бурчка коёт. Оңолкан ага таңыркагандай карап турат.*

А к ы л б е к. Оф. Үйүңөр кара жолдон көп алыс тура. Сураштырып жүрүп чарчадым.

О ң о л к а н. Тааныбайт экем, ким деген киши болосуңар?

А к ы л б е к. Бир жолоочумун, байбиче...

О ң о л к а н. И-ии де... Кайдан келатасыңар?

А к ы л б е к. Тескейден.

О ң о л к а н. Ошончо ыраактанбы?

А к ы л б е к. Ооба.

О ң о л к а н. Кайсы элден болосуңар?

А к ы л б е к. Кыдыкмын, байбиче. Кутчу уруусунан.

О ң о л к а н. «Кутчу» деген да уруу барбы?

А к ы л б е к. Бар. Жердигибиз таластык экен. «Кушчу» деп уктуңуз беле?

О ң о л к а н. Кулагым чалды эле.

А к ы л б е к. Эмесе ошол «кушчу», көлдө «кутчу» делинип, өзгөрүп кетиптир. Баш-аягы эки жүзгө чамалаш түтүнбүз. Кайсы уруктан экенибиз баары бир эмеспи, байбиче!

О ң о л к а н. Ооба, ооба.

*Самоор кармап, Зуура кирет.*

З у у р а. Ата!.. *(Кучактап калат.)* Атаке!..

А к ы л б е к. Зуураш!..

О ң о л к а н. *(Зуурага.)* О, ботом, бу киши эмнең эле?

А к ы л б е к. Ат... ата.. кайнатасымын, байбиче!

З у у р а. Менин мурдакы жолдошумдун атасы, энеке!

О ң о л к а н. И-и... *(Четке.)* Өз атасы тирилип келгенсип бакырат да тим эле! Экилүү кайран неме десе! Обу жок катын чыккан жерин төркүнсүйт! *(Зуурага.)* Бол, Зуураш айланайын, отурбай чайыңды бер.

З у у р а. *(Чайнекке чай салдырып алып, сыртка чыгат.)*

А к ы л б е к. Кайдагы бир жүдөгөн чал келип алып, үйүмүн төрүндө көзүн жаштайт деп, айып этпеңиз, байбиче.

О ң о л к а н. Жо, эмнеге айып этейин...

А к ы л б е к. Кызымдан кем асырабаган ыймандуу келиним эле. Көптөн бери көз көрүшпөгөнгө ал да, мен да эреркеп кеттик көрүнөт. Бу келинимдин жүзүн карабай коюуга, үйдөн жакшы эле чымырканып аттандым эле, бирок көкүрөк чиркин мококтук кылдыбы, же элжиреп кеттиби, айтор, ойлогон ойду бузуп жиберди.

О ң о л к а н. Анча эмнеге ачууңар келди эле?

А к ы л б е к. *(Улутунуп.)* Э-э, байбиче, кайсыны айтасыз?

*Зуура кирет. Чай куюлат.*

А к ы л б е к. Зуура, тегеренейин, тиги куржунга Майраш анча-мынча тамак-аш бышырып салгансып жатат эле, оозун чечип, бу байбиченин алдына кой, ооз тийсин... Ичинде өрүгү, баягы өзүңдүн алмаңдан да болуу керек... *(Зуура куржундун оозун чечип, андагылардан табакка салып, дасторконго коёт. Анын кыймылдары чечкиндүү эмес, кысылуу байкалып турат. Кабагы бүркөлө түшкөн.)*

А к ы л б е к. Зуураш, өзүң эмне жебейсиң? Жесең боло.

З у у р а. *(Акырын.)* Азыр, ата.

О ң о л к а н. Чайдан колу бошобой жатпайбы, жейт да шашпай. *(Пауза.)*

А к ы л б е к. *(Зуурага алдыртан кунт коюп карап отуруп.)* Мынча неге өңүңдөн азгансың, кагылайын? Оору-сыркооң жокпу?

З у у р а *(Тайсалдап.)* Чайдан ичсеңиз, ата.

О ң о л к а н. Аш жетпей жүрөт дейсиңерби?! Өзү эле **ак эттүү** неме тура.

А к ы л б е к. Кайдан эле «аш жетпейт» деп ойлоюн, байбиче? Азыр баягыдай элди ачарчылык каптаган согуш учуру эмес го. Калктын турмушу абдан жакшырбадыбы.

О ң о л к а н. Ооба, ооба...

А к ы л б е к. Жолду ката көңүлүм тоюп эле жүрүп отурду, жер-жердин баарында эгин мыкты экен. Эми мындан ары да журтка ийгилигин берип, тынччылык болуп турса...

О ң о л к а н. А-а, кагылайын, ошону айтсаңар.

З у у р а. Согуш дегендин атын унутсак...

*Бардыгы ойлуу тунжурай түшөт.*

А к ы л б е к. Жеңишбек көрүнбөйт, кайда кеткен?

З у у р а. *(Селт эте түшүп, башын көтөрөт. Бирок унчукпай мойнун кайра төмөн салат.)*

О ң о л к а н. Эшикте жүргөндүр. Эмирээк эле мында болучу.

З у у р а. *(Акырын.)* Балдар менен ойноп кетти өңдөнүп калды.

О ң о л к а н. *(Зуурага.)* Буларыңды жыйнаштырып коюп, кара. Атайын чоң атасы күнчүлүк жерден келсе... *(Алакан жайып.)* Оомийин!

А к ы л б е к. Оомийин! Дасторконуңарга береке берсин!

О ң о л к а н. Айтканыңар келсин.

*Дасторкон жыйналат. Зуура унчукпай туруп калат.*

О ң о л к а н. Э, ботом, Зуура, бол турба. Бу кишини көп күттүрбөй баланы издеп тап.

*Зуура шылкыйып чыгып кетет.*

О ң о л к а н. Небереңерди алып кеткени келгенсиңер го?

А к ы л б е к. И, байбиче... Жалгыз уулумдан калган медерим эле. Мунсуз бир үйдө жеке тура албадым. Күнүм кечичүдөй эмес. Куса болуп, чыдай албаган соң, күүдөн тайганыма карабай, келип калдым. *(Пауза.)* Эми Зуура эмне дээр экен?

О ң о л к а н. Эмне демек эле. Сагынчылары деле тарагансып калды. Кудай урбаса, баланы силерге кошуп берер.

А к ы л б е к. Ай, ким билет? Бала жөнүндө кеп козголгондо эле келиндин **кирпиги бузула түштү...**

*Зуура кирет.*

О ң о л к а н. Эмне, таппай койдуңбу?

З у у р а. Төмөн кетип калыптыр.

О ң о л к а н. Кетип калса эмне экен, чакырбайсыңбы?

З у у р а. Чакыртпай эле өзү келатат.

О ң о л к а н. *(Акылбекке.)* Качан кетесиңер?

А к ы л б е к. Бүгүн эле кайтсак...

О ң о л к а н. Бүгүн чыкканда үйүңөргө бүгүн эле жетесиңерби? Алыс ко?

А к ы л б е к. Шыдыр машина чыкса, түн бою кете бермей. Жетпесек, жолдо бирөөнүкүнө түнөп алабыз да...

О ң о л к а н. Андай болсо отурба, Зуура, уулуңдун аны-мунусун камдап беленде.

А к ы л б е к. *(Үмүттөнгөндөй жандана түшөт.)* Ошентчи, кагылайын! Жолдон калбай эрте жарыкта жөнөп кеткендей бололу!..

З у у р а. *(Акырын.)* Жеңиш өзү эмне дээр экен?

О ң о л к а н. *(Четке.)* Ал эмесин да алып калганы атабы?! Итирейген гана өлүк! *(Чыгат.)*

*Жеңишбек чуркап кирет.*

Ж е ң и ш б е к. *(Акылбекти байкабай.)* Апа, акча берчи. Сонун кино келиптир. Балдардын баары барабыз дейт.

А к ы л б е к. Жекин!..

Жеңишбек. *(Делдее түшүп.)* Атам!..

А к ы л б е к. Келчи, тегеренейин, келчи! Маңдайыңдан жыттатып алчы... *(Кучакташат. Жыттагылап.)* О, күчүгүм... куса кылдың го... сагынттың го...

Ж е ң и ш б е к. *(Шыбырап.)* Мен да сени сагындым, ата, мен да...

А к ы л б е к. Медерим!.. Уулум! *(Пауза.)* Жекинтай...

Ж е ң и ш б е к. Ыя?

А к ы л б е к. Апаңды сагынганың таркадыбы?

З у у р а. *(Жеңишбекке.)* Киного кечигип калып жүрбө. Башталып калса, киирбей коёт. *(Акча берет.)*

*Жеңишбек эшикке жөнөйт.*

А к ы л б е к. Жекинтай...

Ж е ң и ш б е к. Ыя?

А к ы л б е к. Кетелиби?

Ж е ң и ш б е к. Кайда?

А к ы л б е к. Мени менен. Үйүбүзгө... *(Жеңишбек эмне дээрин билбейт.)* Баягы сен айткан элепесетиңди сатып койгом...

Ж е ң и ш б е к. *(Апасына карайт. Пауза.)* Ата, мен... мында... апамда эле калайынчы... *(Пауза.)*

*Сырттан балдардын «Жеңишбек, жүр. Кинодон кечигебиз...» дешип чакырганы угулат.*

Ж е ң и ш б е к. Ой! Балда-ар!.. *(Чуркап чыгып кетет.)*

А к ы л б е к. Жеңиштай!.. Жекин!... Зуураш кагылайын, Жеңишбекке бирдеме десеңчи, токтотуп айтсаңчы!..

З у у р а. *(Акырын.)* Өзү көңүлдөнбөй жатса, мен эмне дейм, ата?..

*Пауза. Акылбек менен Зуура орду ордуна кыймылсыз катышат.*

А к ы л б е к. *(Башын жай көтөрүп.)* Чырагым, ичер суум, көрөр күнүм, деле аз калды. Жок дегенде, көзүм өтүп кеткенче, медер туткан жалгызды талашпай коё турсаң кантет?

З у у р а. *(Унчукпай башын ого бетер төмөн салат.) Пауза.*

А к ы л б е к. Көңүлүңдү калтырган жок элем го, Зуураш?!

З у у р а. *(Дагы эле унчукпайт.) Пауза.*

А к ы л б е к. Бир үйдө жеке калдым, балам!..

З у у р а. *(Үндөбөйт.) Пауза.*

А к ы л б е к. Ушинтип эле унчукпай кутуласыңбы? Бир деме дечи, кулунум!.. *Пауза.*

З у у р а. *(Унчукпайт.)*

*(Акылбек ордунан темтеңдей туруп, сенделе басып чыгып кетет.)*

З у у р а. *(Акылбектин артынан умтулуп, буулуга.)* Ата!.. О, шордуу башым! Бу көрөкчө туулбай туна чөксөмчү!

О ң о л к а н. *(Кирет.)* Кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп салып, эми эмнеге көзүңө ак түшүп жатат?

З у у р а. Табалабаңыз! Табалабаңыз! Бирдемени түшүнүп туруп сүйлөңүз!

О ң о л к а н. Ыя! Түшүнүп туруппу? Эмнени түшүнөйүн, түшүнүп сүйлөбөгүдөй мындагы кишини келесоо дегиң барбы? А кудай гана эсебиңди таап калгыр ай-а! Мага акыл үйрөткүсү бар мунун! Андай эле сенин акылың ашып-ташып баратса, бирөөнүн баласын неге алып калдың? Ыя, айтчы?

З у у р а. Бирөөнүн баласы?! Бирөөнүн баласы бекен? Жеңишбек менин балам, менин! Уктуңузбу? Менин балам!

О ң о л к а н. Сенин балаңбы? Келе элек жатып, бак-шактын баарын бүлдүрүп жиберди. Андай бейбаштын, андай кайдагы бир пайдасыз ашка жүк, башка жүктүн мага кымындай кереги жок! Жогот ары!

З у у р а. Эне, кантип ушу сөзгө оозуңуз барып сүйлөп жатасыз? Көңүлүңүз сүйбөсө, жок дегенде, ичиңизде болбойбу.

О ң о л к а н. Капырай де! Эми сенден да коркоюнбу?!

З у у р а. Анда жана эле атасы кетелекте, неге ушинтип ачык айтпадыңыз?

О ң о л к а н. Мээң болгондон кийин өзүң ойлобойсуңбу. Чоочун кишинин көзүнчө кантип айтам?! Атасы эле керек болсо, ал узай элек. *(Эшикти көрсөтөт.)* Ана!

З у у р а. *(Ойлуу, унчукпайт.) Пауза.*

О ң о л к а н. Тилди ал да, Жеңишбекке бирөөнү чуркатып ий, чакырып келе койсун. Же өзүң бар. Мен чоң атасын жетип токтотоюн. *(Чыкмак болот.)*

З у у р а. Жок! Жок! Энекебай! Жеңишбек деле өз балаңыз го. Караан кылып алыңыз!

О ң о л к а н. А, көп сүйлөбөчү!

З у у р а. Аман болсо сиздин да бир керегиңизге жараар, энеке! Баланы алып эле калалы.

О ң о л к а н. Алып калбайм-этпейм! Тырмышпай турчу ары! Кетип кала элегиңде атасын чакырайын.

З у у р а. *(Чечкиндүү.)* Чакырбайсыз!

О ң о л к а н. Акетай, ээй! Муну кара! Сабайсыңбы, ыя? Сабайсыңбы? ***(Башын тосуп, жөөлөйт.)*** Мына!.. Ме, саба, саба!

З у у р а. Долуланбаңыз, мен сизди сабабайм да, уулумду да жибербейм!

О ң о л к а н. Жибересиң эле! Антпөөгө чараң да жок!

З у у р а. Жибербейм! Бала меники, жиберсем, койсом өз эрким. Баламдан ажыратууга эч бириңердин акыңар жок.

О ң о л к а н. Сотко берээрсиң?!

З у у р а. Эми кайрадан андан бөлүнөр алым жок. Ал эми баланын кийим-кечесинен чочулабай эле коюңуз. Силерге жүгүбүздү артпай өз оокатыбызды өзүбүз кылабыз.

О ң о л к а н. Жаман деле кыйратаарсыңар!..

З у у р а. Кыйратпасак да элчилеп жан сактоого кудуретибиз жетет. Өзүмдүн тапкан-ташыганым бир чычкандай балам экөөбүзгө жетмек тургай ашып түшөт.

О ң о л к а н. Мунун сүйлөп турушун кара! Көрөөрмүн, мен көрбөсөм да көрчүлөр көрөт, учуру келгенде өзүң жеткирип бергиче шашасың...

*Жеңишбек кирет. Анын мурду-башы кан.*

О ң о л к а н. Мына!.. Көрүп ал уулуңду!

Ж е ң и ш б е к. *(Ыйламсырап.)* Апа-а...

З у у р а. Катыгү-үн, эмне болду?!

Ж е ң и ш б е к. Урду.

З у у р а. Ким? Ким урду? ***(Жууй баштайт.)***

Ж е ң и ш б е к. Балдар.

З у у р а. Кайсы балдар?

Ж е ң и ш б е к. Кинодогу.

З у у р а. Жөн турсаң эле урuштубу?

Ж е ң и ш б е к. Ооба. Билет алайын деп, балдардын алдында... шашканымдан тура калсам эле бир-экөө мени очередден түртүп чыгарышты. Анан мен ордума кайра турайын десем, урушту. Алым жетпей койду.

З у у р а. Анан жөн эле жүрбөйсүңбү, байкушум.

О ң о л к а н. Бирөөнүн алдына туруп алсаң, урмак тургай эле урушат да. Өзүңдүн ээн баштыгыңдан тап! Дагы чала болуптур!

З у у р а. Аябай таякташкан тура.

Ж е ң и ш б е к. Ошентишти.

О ң о л к а н. Обу жок эле чалжактай бербечи, кагылайын! Андан жарылып кеткидей жумуртка эмессиң го! Жолду тоспой мындай болгулачы! Тургулачы! *(Чыгып баратып.)* А кудай гана жалгап калгыр ай, а! *(Кетет.)*

Ж е ң и ш б е к. Ушу жаман кемпир-э, апа?

З у у р а. Сени таяктап жатышса, эмне ал жерде тургандар арачалап койгонго жараган жокпу?

Ж е ң и ш б е к. Баары эле майда балдар болучу. Бизди тегеректеп: «Сок... и ... кандай геройсунган эме эле. Ошондой кылсаңар... теп!» – деп, тукургандан башканы билишпейт. Анан бир маалда ... жанагы клубду кайтарган чоң сакал абышка бар го, ошол үйүнөн чыга калып: «Бу эмне кылганыңар?! Коё бергиле азыр» деп кыйкырды эле, тигилер мени таштай качышты. Анан ары-ары барып алышып мени ... мени «жетим... жетим! Тентиген жетим» деп, кордоп кыйкырышат!

З у у р а. *(Ачуулуу.)* Аякка эмне бардың эле, шордуу?! Сага бирөө суутуп коюптурбу?

Ж е ң и ш б е к. *(Булуктай.)* Кино көрбөймбү?

З у у р а. Киноң экөөң кара жерге кир!

Ж е ң и ш б е к. Омей, эмне тилдейсиң?!

З у у р а. Тилдемек тургай өлтүрсө сени!

Ж е ң и ш б е к. Өзүм токмок жеп араң келсе, тилдейт ой дагы...

З у у р а. Ырыссызым! Азап-тозогум! Бакты-таалайым!.. Убалың урушка жетсин, урушка! Атаң өлбөсө, ушу күндү көрөт белек?! *(Өзүнчө ойлуу.)* Неге келдиң экен быякка?!

Ж е ң и ш б е к. Өзүң «кел» дебедиңби.

З у у р а. Өзүм жерге кирейин. Мени кудай албайт ко жакында. Бармактайыңдан үйүр алышып, ээн-эркин ойногон теңтуштарыңдан бөлүп, эркелетип өстүргөн чоң атаңдан талашып, ушу чоочун балдарга сиңиштирип кетем деген мен келесоо, дөдөй. Береги кайнене сөрөйүмдүн сырын билип туруп, кайсы арыма сени ошо катаалга бала кылып берем дедим экен! Ушинтип бирөөдөн таяк жеп, бирөөнүн жаман тилин укканыңды көрүп отуруп, кантип менин кабагым ачылсын, кантип сенин көңүлүң көтөрүлсүн, уулум?.. *(Пауза.)* Эми эмне кылсам сени?.. Эмне кылсам?..

*Көшөгө*

📖 **күңгөй** – бул жерде Ысык-Көлдүн күңгөй тарабы, б. а. түндүк жагы жөнүндө айтылып жатат

**кулагыңа кум куюлгур** – каргыш; эч нерсени укпай турган болуп кулагың бүтөлүп калсын деген мааниде
**каакы** – каакым, жел жүрсө эле учуп кетчү гүл
**тили буудай куурую** – көп сүйлөө, ашыкча кеп айтуу
**үкөк** – тамак-аш салчу сандыкча
**кемээчтөө** – сүйлөгүс кылып оозго жыгач сойлотуу
**жылкыга ченеп ышкыруу** – абалга карап иш кылуу
**жонуна ээр токуу** – кыйноо, азапка салуу
**ак эттүү** – май албас киши
**кирпиги бузула түшүү** – жактырбоо, макул болбоо

1. Оңолкан жана Зуура. Кайнене менен келиндин мүнөздөрүн салыштыргыла. Зууранын кийинки тагдыры эмне болду? Эмне үчүн баласы Бошкой Оңолкандын «темирдей тартибин», «салтын» буза албайт?
2. Акылбекти Оңолкан, Зуура жана небереси кандайча тосуп алды? Акылбектин «Бала жөнүндө кеп козголгондо эле «келиндин кирпиги бузула түштү» деген сөздөрүн чечмелегиле. Чоң ата менен неберенин учурашуусунан эмнени байкадыңар? Жеңишбек эмне үчүн Акылбек менен кеткен жок?
3. Үчүнчү көшөгөнүн акырындагы: «Эми эмне кылсам сени?.. Эмне кылсам?..» деген Зууранын Жеңишбек жөнүндөгү сөзүн чечмелегиле. Сенин оюңча эми чын эле эмне кылуу керек? «Жеңишбек деле өз балаңыз го. Караан кылып алыңыз!» – бул сөздөрдү ким кимге, не себептен айтып жатат? Эгер Оңолкан Жеңишбекти чын эле өз баласындай көрүп, ага мамилеси өзгөрсө, баланын кийинки тагдыры кандай болоор эле?
4. Төмөнкү таблицаны толтуруп Акылбек менен Оңолкандагы адамдык сапаттарды салыштырып мүнөздөгүлө:

| Акылбек | Оңолкан |
|---|---|
| мүнөзү боюнча<br>..............................<br>жүрүш-турушу боюнча<br>..............................<br>адамдарга мамилеси боюнча | |

«Сөзү – адамдын өзү» деген темада Оңолканга мүнөздөмө бергиле. Оңолкандын ошондой киши болушуна кимди өзү айыптуу дээр элең? Балким анын кайненеси да какшаал киши болуп, «кайнененин камырынан», анын тарбиясынын таасири тийгендир? Силер турмушта көрүп жүргөн кайнене-келиндердин мамилелери жөнүндө оюң кандай? Бул суроолордун айланасында ойлонуп, оюңарды ортого салып айтып бергиле?

## «АТАНЫН ТАГДЫРЫ» ЖӨНҮНДӨ

«Атанын тагдыры» драмасында согушта жалгыз перзентинен ажыраган карынын бир үйдө жалгыз каламбы, коломтом өчүп, туурдук тартылбай, чамгарак ээсиз калабы деген адамды санаркоолору баяндалат. Драма 1958-жылы жашыруун ат менен конкурска жазылып, 1960-жылы сентябрь айында сахналык сапары башталат. Адабиятчылардын, театр изилдөөчүлөрдүн айтымына караганда драманын конкурска түшкөн кол жазмасын эле залкар сахна чебери Муратбек Рыскуловдун көңүлүн буруп, анын тезирээк коюлушун талап кылган экен. Ошондон кийин кандайдыр алты-жети жылдын аралыгында Кыргыз Академиялык драма театрынын сахнасында «Атанын тагдыры» беш жүз ирет коюлду. Чыгарманын мынчалык даңазалуу болушунун себеби эмнеде? Эмнеликтен бул драма ар бир көрүүчүнү адам тагдыры, ата менен баланын мамилеси, улуулардын өмүрү менен ишин ким улап, очоктогу отун ким тутантат деген түбөлүктүү суроолорго жооп берүүгө ойлонтуп, толгонтот, анткени Акылбектин тагдыры – бул бүткүл элдин тагдыры.

Драматург бир карыянын башына түшкөн оор трагедияны көрсөтүү аркылуу бүткүл элдин кайгысын камтып, аны чеберчилик менен жеткиликтүү бере алган. Согуштагы улуу кайгы, сансыз жоготуулар, миллиондордун жарааты бир адамдын – Акылбек карыянын жашоо-тиричилиги аркылуу көрсөтүлөт. Ошондуктан Акылбек менен анын «туяктан калган туягынын» кайгы-кубанычы бизге жакын, ошон үчүн алардын тагдыры ар бир адамды тынчсыздандырат.

Чыгарманын ишенимдүү, ынанымдуу экенинин дагы бир, себеби жазуучу драмадагы окуяларды өз башынан өткөргөн. Анан ошол өзү көрүп, өз керт башынан өткөргөн окуяларды чеберчилик менен көркөм жалпылаштырган. Буга жазуучунун төмөнкү сөзү да күбө: «Бала чагым чоң атам Абийирдин таасиринде өттү. Мен билгенден аны көлдүн баш-аягы сыйлаган карыя эле. Маанилүү маселе чечилген жыйын, жакшылыкка арналган той ансыз өтчү эмес... Согуштан келбей калган агамдын аялы кеткенде: «Мага десеңер үйдү кетмендеп көчүрүп кеткиле, туяктын туягы калса болду!» – деген сөзү эсимде турат. Дал ошол сөз драмада Акылбектин Бурулга берген жообу болуп кирди.

Акылбектин монологунан, диалогунан, кичинекей репликасы менен аракет-кыймылына чейин согушту жек көрүүсү даана сезилип турат, бирок ошону менен бирге анда балага, неберege – дегеле адам менен Ата Журтка деген оргуштаган сүйүү

бар. Тагдыр менен болмуштун ар кандай тепкиси Акылбектин ошол татаал турмушка сүйүүсүн мокотуп, үзүлбөс үмүтүн жогото алган жок. Ал турмушта башкалардан өзгөчө деле жан эмес, согушта эрдик да көрсөтпөдү, болгону баласынан ажыраган адам. Ошондуктан анын арман-күйүтү бизге өтө жакын, анын тагдырына эч ким кайдыгер карай да албайт, анын жазмышына чын дилден кейийбиз. Акылбек эрдик жаратпаса да жеңишке үлүш кошту, адамча жашоону өмүр бою ыйык тутту.

Баласын бир көрүп, дидарлашсам дегенде эки көзү төрт күйүттүү абышка баласынын сүрөтү менен тирүү адамдай сүйлөшөт. Ал эми сахнага чыга келген уулунун «жандуу элесинен», сүйлөгөн сөзүнөн Болотбектин ким экендигин да ачык көрүүгө болот. Бала менен эл-журтка деген орошон сүйүү Акылбекте кандай оргуштап турса, Болотбекте да ошондой. Өзгөчө бир экинчи «өмүр берип», «кайра жаратып» сахнага «тирүү алып чыккан» Болотбектин сөзү аркылуу драматург анын оюн улам тереңдетип жүрүп отурат. Бирок автордун бул табылгасы чындыктан четтебейт, тескерисинче, аны көрүүчү менен окурман турмуш чындыгындай кабыл алат.

Драматург чоң ата менен небересинин мамилелерин да ишенимдүү берет. Жеңишбектин эрке, терс кыял өсүп баратканын, ага өзү көмөкчү экенин да Акылбек жакшы түшүнөт. Бирок аны катуу кармай да албайт, антишке жүрөгү да даабайт, анткени Жеңишбек атадан калган жалгыз туяк. Небересине жакшы тарбия берүүнү Акылбек да ойлобой койгон жери жок, муну ойлогондо ал эмне кылаар айласын таппай, акыры Жеңишбек эмне гана дебесин, анын баарына макул болууга аргасыз болот. Мугалим Шаршекеге да бул туурасында: «...Чыны билип деле турам... Элдин балдарындай боло албагандыгына өкүнөм, бирок... Жеңишбегимдин ою менен болбоско чарам жок...» деп, анын энесине кетип калышын ойлосо, кандай абалда каларын билбей, амалы кетет. Жедеп чийинден чыгып бараткакда бир чаап жиберип, кийин Жеңишбек энесине кетип калганда, дал ошол колум тийип калгандыгы үчүн небереси мени таштап кетти деп, жанын коёрго жер таппайт. Чынында небересинин энесине кетип калышынын негизги себеби анда эмес эле.

Акылбек Зууранын кызындай көрөт. «Менин уулум да Зуура, келиним да Зуура! Менин Болотбегим да Зуура, Зуурам да Зуура!» – деп Бурулга айткан Акылбектин бул сөзүнөн чыныгы аталык мээрим көрүнөт. Келини бөлөк адам менен турмуш куруп кеткенде да, Акылбек аны өз кызындай көрөт. Бирок Акылбек жалаң өзүнүн көйгөйү менен жашап, коомдо жалгыз кал-

ган адам эмес, ал айланасындагы бардык адамдар менен бирге жашап, алардын кайгы-кубанычы, ар кандай түйшүгү менен ортоктош болот.

Акылбек Жеңишбегине барып, небересинин, келининин абалын, Зууранын жаңы кайын энеси «таш тырмак» Оңолканды, анын небереси менен келинине көрсөткөн кордугун көрүп, баарынан жаманы небересин алып келе албай кур кол кайтты. Бирок тагдырдын буйругуна айла жок экен, Акылбектин зар какшаган үнү не келини, не небереси угуп, Жеңишбек өз тууруна конду. Баары бир Жеңишбеги келсе да, Акылбек ата көлгө келет, Болотбегин тосот, ал күнүгө келе берет. Анткени үмүт үзүлбөйт, Болотбеги тирүүдөй, атасы менен кездешчүдөй сезилет.

Бул драма боюнча Кыргыз Академиялык драма театрында коюлган оюн дээрлик жыйырма жылдай сахнадан түшпөй, ар бир айылда кайра-кайра көрсөтүлдү. Азыр да ар түрдүү театрларда коюлуп жүрөт. Драма канча жолу коюлуп, канча жолу көрсөтүлсө да көрүүчүнү жадатпай, көрүүчүнүн кумар-ышкын улам тартып алып жаткан бир сыйкыр күчкө эгедер. Мунун эң негизги себеби согуш трагедиясынын элеттик бир чакан үй-бүлөдө өткөн оор кырсыгы менен жоготуусун реалдуу, адамдын жүрөгүн тепчип кире турган деңгээлде көрсөткөндүгүндө.

...Согуш бүттү. Биздин эл жеңди, бирок анын кандуу тагы кала берди. Болотбек набыт болду. Жок, ал – тирүү, бүгүн-эртең келип калат деген үмүттүү атасы Акылбек үчүн уулу өлгөн жок, биз үчүн өлгөн жок. Атанын үмүттүү улутунуп, күнүгө пристанга барганы да ошондон, аны уулуна болгон аталык мээрим, сагыныч, кусалык жетелеп барат. Жалгызынын жалгызы Жеңишбекке катуу айтпай, анын сөзү менен болуусу да дал ошол илгери үмүттүн жетеги, Болотбегин күтүп алыс кетпей отурганы да ошол үмүттүн азгырыгы. Тагдырды карабайсыңарбы, дал ушул үмүттү талкалап, адегенде келини, анан небереси эшигин аттап кетпедиби? Аларда да айып жок, айып эч кимде эмес, турмуштун, жашоонун нарк-насили ошондой, «өлгөндүн артынан өлмөк жок», тирүүлөр андан ары өмүр көчүн улантат. Дал ушундай тирүүлүктөгү күрөш, кайгы-капанын үстүнөн үмүттүн жеңиши драманын өзөктүү баянына айланып, ал окуялар Акылбектин, Зууранын, Жеңишбектин айланасында чечмеленген.

Драмада каармандардын ортосундагы конфликттер улам жаңыланып, улам курчуп, адамдардын мүнөздөрү шарт-кырдаалга байланыштуу өзгөрүп, өөрчүп отурат. Драматург бир үй-бүлөнүн, бир атанын тагдырын типтештирип, жалпылаштырып, бүтүндөй согуш апаатынын картинасын көз алдыбызга тартат.

1958-жылы жазылган бул пьеса жөнүндө таанымал драма изилдөөчү С.Байгазиев бүгүнкү күндүн көзү менен карап, минтип жазат: «Б. Жакиевдин «Атанын тагдыры» пьесасы кезегинде улуттук драматургияда ачылыш болгон эле. «Атанын тагдыры» менен кошо кыргыз драмасына биринчи жолу психологизм келген, драматургиянын көркөм чагылтуу каражаттарынын чөйрөсү байыган. Кийин чыгармачылык практикага жайылган, мурда кыргыз сахна адабиятында колдонулбаган «үн», портреттин жанданышы, жандуу адам менен сүрөттүн сүйлөшүүсү, мейкиндик менен мезгилдин жылышуусу сыяктуу жаңы драматургиялык каражаттар ишке чегилген. Башта мүмкүнчүлүгү анча пайдаланылбай келген ремарка, диалог, пауза сыяктуу драмалык каражаттар да ушул «Атанын тагдырында» көркүнө чыгара колдонулган. Кыскасы, ошол кезде жалпы эле адабиятта далай ирет сүрөттөлүп, а түгүл көнүмүшкө айлана баштаган турмуш материалын (согуштан уулун күткөн эне же ата) капыстан жаңы өңүттөн карап, кадимки сүрөткердин зергердиги, «дубакөйлүгү» менен жандандырып, каармандарды скульптуралык көрөсөндүккө чейин (Акылбек, Жеңишбек, Зуура, Оңолкан) сомдоп алып чыгышы, чынында эле Б. Жакиевдин чыгармачылык азаматтыгы болгон».

## «АТАНЫН ТАГДЫРЫ» ДРАМАСЫН ЖЫЙЫНТЫКТОО ҮЧҮН СУРООЛОР ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Драма эмне үчүн «Атанын тагдыры» деп аталат? Ч.Айтматовдун «Атадан калган туяк» аңгемеси менен «Атанын тагдыры» драмасынын окшоштуктары, айырмачылыктары эмнеде? А.Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасын өз алдыңарча окуп чыгып, поэма менен «Атанын тагдырындагы» окшоштуктарды, айырмачылыктарды айтып бергиле.
2. Үмүт дегенди силер кандайча түшүнөсүңөр? Үмүт темасы драмада кандай чечилген? Силердин айлыңарда Жеңишбектей тагдырга туш болгондор барбы? Алар жөнүндө улуулардан сурап, класста сүйлөп бергиле.
3. «Атанын тагдыры» сахнада эң көп коюлган спектакль экендигинин сыры эмнеде? «Муратбек Рыскуловдун аткаруусундагы» деген үн табактан (пластинка) драманы уккула. Актёрдун чеберчилигине байкоо жүргүзүп, замандаштарынан М.Рыскулов, С.Балкыбекова, И.Райымкуловалар катышкан ушул спектакль жөнүндө пикирин сурагыла. «Театр – микрофондо» деген берүүдөн «Атанын тагдырын» кунт коюп угуп, драманын режиссердук жактан кандай чечилгенин айтып бергиле.
4. Төмөнкүдөй болжолдуу темаларда кыска баяндама-докладга даярданып, сабак-конференция өткөргүлө: а) Согуш жана адам тагдыры; б) Акылбектин жашоосу – үзүлбөгөн үмүт; в) Жеңишбек – Болотбектин уландысы; г) Оңолкан – адамгерчиликтин душманы.

5. Өзүңөрдүн табитиңерге карап, пьесанын каалаган көшөгөсүн мектеп сахнасына алып чыгып, анын негизинде сабак-сахна жүргүзгүлө.
6. Акылбектин арманын ыр кылып жазгыла.
7. Сочинение жазуу үчүн болжолдуу темалар: а) Акылбектин экинчи күйүтү; б) «Жеңишбек сенин уулуң, Жеңиш күнү
Жадырап келип турар жыл айлана» (*А. Осмонов*).
в) Эмне үчүн мен Акылбекти аяйм, жакшы көрөм.

*Адабият теориясынан*

## ДРАМАЛЫК ДИАЛОГ

Драмалык чыгармаларда каармандардын бири-бири менен сүйлөшүүлөрү *драмалык диалог* деп аталат. Ал пьесада кыймыл-аракеттин өсүшүн камсыз кылат, адам мүнөздөрүн ачып берет. Бир кезде Европа драматургиясында диалогго караганда монолог көп колдонулуп келген. Ал эми азыркы учурда негизги көңүл драмалык диалогго бурулат. «Атанын тагдырынан» китепке кирбей калган төмөнкү диалогдорду окуп көрөлү.

Акылбек. *(Бурулга.)* Бу кандай ташбоор жан элең?! Э, Зуураш, кагылайын, бери чыкчы... *(Зуура ички үйдүн эшигинен көрүнөт.)* Бу жеңеңе бирдеме деп, жөнөтчү ары!

Оңолкан. Кыз бая эле убадасын берип койгон. *(Пауза.)* *(Бардыгы Зуураны карашат.)*

Акылбек. Ыраспы, кулунум?..

Зуура. *(Акылбектин бутуна жыгылат.)* Ата!.. Мен өлүктү кечир, ата! Ыраазылыгыңды бер! Кечир ата!.. *(Пауза.)*

Акылбек. Ушинтмек экенсиң да? Кантейин?!

Уулкан. Биз шордууну эки өлтүрдүңбү, Зукен?..

Зуура. *(Жеңишбекти колдон алып.)* Бас! Жүр!..

Жеңишбек. Эмне?.. Эмне чочутасың? Уктап атса...

Зуура. *(Жеңишбекти кийинте баштайт.)* Бол ойгон!..

Жеңишбек. И-и, оюнгабы? Ата, жүр.. жүрбөйсүңөрбү...

Гоголдун сөзү менен айтканда драма «сахнада гана жашайт, ансыз драмалык чыгарма жансыз денеге» окшоп калат. Баарынан мурда, эгер эпикалык чыгармаларда кейипкерлер жазуучунун «жардамы менен аракеттенсе», драмада каармандар автордун андай «жардамына» муктаж эмес.

Эпикалык чыгармаларда жазуучу айрым адамдардын, ал жашаган коомдук турмуштун жагдайын алдын ала көрсөтүп,

ал гана эмес кээ бир каармандарынын жашыруун сырлары менен ойлорун да ачып берип, ар кыл шарттар, табият көрүнүштөрү менен сүрөттөрүнө окурмандын көңүлүн буруп жүрүп отурат. Ал эми драмада таптакыр башкача. Драматург мындай «түшүндүрмө» жазбайт, каармандарга «мүнөздөмө» да бербейт. Пьесада белгилүү убакытка чейин кейипкерлердин ой-тилеги, максат-мүдөөсү, пикири жашыруун болуп кала берет да, алардын купуя сырлары эң эле биринчи диалогдордо, репликаларында, жандоо-мимикаларында, монологдорунда гана ачылат.

Кыскасы, драматург каармандардын мүнөзүн бөлөкчө жол менен ачып берет. Тагыраак айтканда, драмалык чыгармада каармандын пейил-мүнөзү, ой-максаты, экинчи бир каарман менен сүйлөшкөн сөзү, диалогу, монологу аркылуу окурман менен көрүүчүгө белгилүү болот. Анткени драматург өз каармандарынын ойлору менен сырлары тууралуу баяндап бере албайт. Ошентип, драмалык чыгармада «автордун жардамысыз» өзүнүн ким экендигин өзү билдирүүчү, өзү түшүндүрүүчү адам мүнөздөрү пайда болот.

Жогорудагы эле диалогдордон башкы каарман Акылбектин эмнеге санааркап, күйгүлтүккө түшүп жатканы ачык көрүнүп турат. Ал баарынан мурда «түндүгү түшүп, тукуму үзүлүп» калгандан коркот. Тагдыр Акылбекти аяган жок, бирок андагы эң улуу нерсени – сүйүү менен үмүттү жогото албады. Акылбек үчүн эң кымбат нерсе – бала, адам. Анын түндүгүн түшүрбөй, өмүрүн улай турган «туяктын туягы» калса Акылбек өз тагдырына да, жазмышына да ыраазы. Ошондуктан Бурул кайын сиңдисинин мүлкүн сураганда: «Ал! Бүт ал! Маа десең тамды түбү менен көчүрүп кет. Бир гана мобу туяктын туягы калса болду бизге...» – деп зар какшайт. Анын небереси Жеңишбек менен Майрашка, келини Зуура менен анын жеңеси Бурулга кайрылган бул сөз-диалогдорунда күйүт да, сүйүү да бар.

# ТӨЛӨГӨН КАСЫМБЕКОВ

## (1931–2011)



Кыргызстандын Түштүгүнүн Аксы районун Кичи-Ак-Жол деген бир жер бар. Аты көрсөтүп тургандай эле, ал кичкичинекей, бирок ушунчалык бир ажайып чөлкөм. Анткени ал кичинекей аймакта табийгат тартуулаган сулуулуктун баарын өзүнө сиңирип алгандай жаңгак, алча, мисте, бадам, карагат, шилби, долоно – койчу, миң түркүн дүйүм дарак токойлору көргөн кишинин кумарын арттырып куштарлантат. Колотунда шылдыраган мөлтүр кашка суулары көк ирим дайраны курап, тоолорун пааналаган ар кыл парандалар тиричиликтин шаанисин ачкансып, өз тилдеринде тынбай сайрап, кышын-жайын жайлоосунда үзүм-үзүм булуттар түнөп, шибери жайкалып, кымызы сабадан ташып, абасы таза жаратылыштын бир бурчу.

Жазуучу Төлөгөн Касымбеков мына ошондой кооз аймакта туулган. Анын балалыгы азыркыдай жайлоонун куну уча элек: аба, суу, тоо-таш – бүт табигат таза кезде, кумарлантып куштар кылар тоо койнунда өттү. Кичиакжолдуктар сөзгө, күүгө, оюн-күлкүгө дээринен ышкылуу келишип, четтен комуз чертип, ыр ырдап, бул жердеги калк арасында ар кыл өнөрпоздор арбын болгон. Улам кийинки урпактар кыргыздын байыртан келаткан өнөрүн мурдагы муундардан өткөрүп алып келишкен. Мына ушундай чөйрөдө жаш Төлөгөн көкүрөгүн ойготуп, ышкыдилин козгоп, кылым кыйырын аралап келаткан сөздөрдү кыттай уютуп, кулагына куюуга тырышкан.

1949-жылы орто мектепти аяктап, ошол эле өзү окуган мектепте мугалим, анан айыл кеңешинде жооптуу катчы болуп иштейт. Мына ушундай эл арасында жүрүп, көктөйүнөн калк турмушуна, журттун ысык-суугуна аралаша баштоо анын адам катары, жазуучу катары калыптанышына түздөн-түз таасирин тийгизип, жамандык менен жакшылыкты, актык менен арамдыкты, пакизалык менен ыпластыкты, билимдүүлүк менен наа-

дандыкты эрте тааныды. Анын үстүнө келечектеги чоң сүрөткердин бала чагы от күйгөн жылдарга туш келип, майдандан алда канча алыс жашаса да, согуштун кермек даамын көп татты. Ошол кезде аш-тойлордо, оюн-шоокто, карылар чогула калган жерде улама кептерди, санжыра, аңыз-даректерди, болмуштарды жата калып тыңшаган жаш талапкер алгачкы оюн кагазга түшүрүп, аңгемеге айлантуу жөнүндө көп ойлонуп, толгоно берчү болду. Ошондой кайра-кайра жазып, сызып, бирде ырга, бирде кара сөзгө өтүп, өзүн каадалуу жазуучулардын катарынын көрө албай жүргөн чакта анын «Кичинекей жылкычы» аңгемеси «Советтик Кыргызстан» (азыркы «Ала-Тоо») журналына басылат. Бул – анын жарык көргөн биринчи, тырмак алды чыгармасы. Анан өз жөндөм-шыгын бир нече аңгеме, очерктерде сынап көрөт, повесть жазат. Ошол жылдарда ал көп жазып, үйрөнүүнүн мектебинен гана өтпөстөн, университеттин филологиялык факультетинде билим алат, классикалык адабият менен таанышып, адабият теориясынан дарс угат, борбордогу маданий чөйрөгө аралашат. Мунун баары өзүнөн мурдагы улуу муундагы калемгерлерди кайталабоого, алардан бөлөкчө, башкача талап менен жазууга аракеттенүүгө түрткү берип, кадыресе жазуучу катары калыптанышына таасирин тийгизип, шарт түздү. Аталган окуу жайынын соңку курсунда окуп жүргөндө, «Жылкычынын уулу» деген биринчи китеби жарык көрдү. Окуусун бүткөндөн кийин, басмада редактор, анан бир нече жыл «Ала-Тоо» журналында иштеп, адабий кызматкерден башкы редакторго чейин көтөрүлдү.

50-жылдардын акырына удаама-удаа жарыяланган повесттеринин биринде («Жетим») жетим баланын аянычтуу тагдыры, чоң кишилер менен болгон мамилеси, айлана-чөйрөгө көз карашы баяндалып, дегеле каармандын психологиясын, ички татаал дүйнөсүн ар тараптан ачып берүүгө далалаттанса, андан кийинки «Адам болгум келет» повестинде жаш адамдын өз жолун издөөдө жамандык-жакшылык менен бетме-бет келген учурдагы абал, адамдын калыптануу процессин көрсөтүүгө аракеттенди.

Аталган эки чыгарма кыргыз адабиятына таланттуу сүрөткер келип кошулгандыгын кабарлап, алардын орус тилине которулушу менен окурмандарга Төлөгөн Касымбековдун ысмы белгилүү боло баштады. Ошондон кийинки жыйырма жылдай убактысын жазуучу «Сынган кылыч» жана «Келкел» романдарын жазууга арнады

Бул романдардын мынчалык узак жылдар бою жазылышынын себеби, ал чыгармаларды жазууга отуруудан мурда жазуучу зерикпей материал топтоп, архивдик даректерди тынымсыз издештирди, эл оозундагы улама, санжыраларды жадабай чогултту, тарых китептерди казып окуп, советтик жана дүйнөлүк тарыхый прозанын салтын үйрөндү. Ал эки чыгарма идеялык-тематикалык, тарыхый-хронологиялык жактан бирин бири улайт, айрым каармандар экөөндө тең катышат. «Сынган кылыч» жана «Келкел» романдарында элибиздин басып өткөн жолундагы эң эле оор, эң эле кайгылуу мезгилдеринин биринен болгон кыргыз жеринин түштүк тарабын Кокон хандыгынын чексиз эзүүсү, анын жан чыдагыс, акыйкатсыз сурагы, алыксалыгы, ордодогу ыйкы-тыйкылыктар, бычак мизинде турган оор абалдан өтүп кетер жылчык таппай, карайлап турган амалсыз элдин опасыз тагдыры сүрөттөлөт. Көрөр күнү, ичер суу түгөнөр мезгилде орус падышачылыгы басып кирди. Дал ушул кездеги чабышуулар, так талашуулар, адамдардын түшүнүк-аракетиндеги олку-солкулуктар чыгармада даана көрсөтүлгөн. «Сынган кылычта» Кокондун кылычын чапкан Шералы, Нүзүп, Мусурманкул, Кудаяр хан аларга каршы калк таламын көздөп, элдин бөөдө чабылып-чачылуусун токтотууга аракеттенип, журт камын көргөн «алай ханышасы» даңазалуу Курманжан датканын, адилет өкүм жүргүзөр ниет менен кол курап, так талашып чыккан Искахтын (Болот хан), сыртынан жан адамга жамандык кылбаган, а ички дүйнөсү жеткен былык, ыплас Абил бийдин образдары таасын тартылган. Жаамы журттун көкүрөк көйгөйүн, муң-арманын алып жүргөн бүркүтчү Сарыбай, татаал тагдырдагы армандуу келин Айзада, нар көтөргүс эрдиги, даңкы бар, өлүмгө да түз басып бара алган Бекназар баатыр ж. б. ондогон каармандардын көркөм бейнеси аркылуу жазуучу XIX кылымдын экинчи жарымындагы жалпы доордун ири саясий-социалдык проблемаларын ачып берет. Романдын композициялык түзүлүшү, көркөм эстетикалык ачылыштары да кыргыз прозасы үчүн жаңылык болду.

«Келкел» романында болсо революциянын алдындагы мезгил менен төңкөрүштөн кийинки жылдар, кылым тогошор учурдагы тарыхтын кыймылдаткыч дагы бир катуу серпилген учуру көркөм талдоодон өткөрүлөт. Жаңы мезгилден өзүнүн жаңы проблемалары чыкты. Жаңы мезгилдин өзүнүн жаңы проблемалары чыкты. Россияга кошулуу түпкүлүгүндө прогрессивдүү болгону менен мунун өзүнүн ички карама-каршылыктары жаралды.

Мында Курманжан датка, Токтогул ырчы, кор башы Мадаминбек, Көршермат, даңазалуу кол башчы М. В. Фрунзе ж. б. каармандар алдыңкы планга чыгып, алардын тагдыр-таржымалы аркылуу учурдун көркөм элеси тартылат. «Келкел» – көп пландуу, арбын каармандуу, көп темалуу, тили абдан бай, жазуучунун таланттуулугун талашсыз далилдеген нарктуу көркөм дүйнө. Бул эки роман бир канча, анын ичинде дүйнөлүк көп элдерге тараган англис, орус тилдерине которулду. Ушул эле темасын кийин ал улантып, «Баскын», «Чапкын» романдарын жазды.

## АДАМ БОЛГУМ КЕЛЕТ

### (Повесттен үзүндүлөр)

(Чыгарма Асылбектин чоң окууга өтпөй өз айлына келе жатышын сүрөттөө менен башталат. Ал үйүнө келгенде, атасы кызматтан куулуп, көңүлү чөгүп отурган эле: «Адам болот экен десе...» деп кейип соттун окуусуна өтпөй, «кулап калган» уулун өкүнүч менен тосуп алат, апасы «окубасаң жүрөрсүң, чымындай жаның аман болсо – болду, каралдым» деп, адатынча энелик мээрим менен баласын эркелетет. Атанын аздектеген жалгыз тилеги – уулун адам кылуу. Бирок адам анын түшүнүгүндө башкача. Ошентип, ата баласына «адам болор» кызмат издөөнүн аракетине киришет.)

– Асылбек!..

Көзүмдү ачсам, этек жагымда камчысын бүктөй кармап, атам турган экен. Сыртка кийчү сары купайкесин кийип, эни төрт ээли **текматы** менен белин бекем курчаптыр. Төбөсү карыга тиер-тийбес болуп, жүзү күңүрт чалып жакшы көрүнбөдү. Нары кичинекей терезенин сынган көздөрүнө адеп камыр менен кезит чаптай берип, назар салган кишиге куду чылпак баскан көздөй ботала болуп калган. Күн жайылганда биздин үйгө араң жарык кирчү. Жарык кадыресе экен, башымы көтөрсөм.

– Мен районго кеттим. Сен машина менен артыман бар. **Райфо** ченден тап. Иш бар... – деди атам. Үнү кандайдыр басаң. Бирдеме жөнүндө мени менен макулдашканы тургандай. Кебетеси баягыдай эле суз, бирок мамилеси кыйла жумшак. Айтор, эмне айтар экен деп кулак түрдүм. Атам ашык сүйлөбөдү, кайта мен жактан алаксып, башка бирдемеге көңүлү ооп, үй ичин кыдырата тиктеди. Көзү төркү кадада турган сомкесине түштү. Үбөлөнүп кете тургансып, акырын колуна алды да, кар-

малап туруп-туруп, ийин кага улутунуп кабагын чытыды. Калем сайгычында шиш учталган жалгыз калем жүргөн экен, аны сууруп алып көрдү, кайра ордуна сайды. Карачы... Жээктери кырылып, бети майланышып кирдеп, эскилиги жеткен ушу сомке боор этинен кесилип жасалгансып көзүнө ысык, жүрөгүнө кубат. О, оомал-төкмөл дүнүйө, бул так он жыл мурда жатса-турса жанында, аттанса ээрдин кашында, машинага түшсө жамбашында жүрбөдү беле!

Үшкүрүп жиберди да:

– Гм... тура турсун... – деп күбүрөдү. Али бышык бекен дегендей сомкени айланта дагы бир карады да, жанагысындай эле этияттык менен **кадага** кайра илди. – Тура турсун. Асылбек бир жерге илешсе, ошо тутунар...

Мени бир тиктеп алып, тышка чыгып кетти. Аттын дүбүртү тамдын самтыраган камышынын айдарымга шыдыр-шыдыр эткен жеңил шоокуму басты.

Апам уй саап жүрсө керек, өзүнчө жобурап **далиске** кирди:

– **Бир балгам сүт** араң... **Байып калды,** торпогун кошуп эле жиберсе болот эми. – Э Асыл, турдуңбу, каралдым! Окуйм деп жүрүп, биротоло алың кетип, **көк жашык** болуп калган окшойсуң. Жаткың келсе жата бер кагылайын. Азыр **дүмбүл** бышырып берем, каймакка жанчып берем.

– Апа!

– Ыя, каралдым?

– Атам районго эмне кетти? Мени да бар деди го.

Апам токтоло калып:

– Билбедим, балам, – деп койду, – бар десе барасың да. Бир иши бардыр да.

Түшкө жакын райфонун эшигинде болдук.

Эки суунун аралына жыбырап, көчөлөшүп орношкон жыш кыштак. Бир чети төмөнкү сугумга чейин созулат, бир чети жогорку адырда жайылат. Күндөн-күнгө там көбөйүп, жер тар келип бараткан сыяктуу. Тиги, ортодо үркөрдөй топтолгон ак тамдар – мамлекеттик мекемелер. Көп өрдөктүн арасында жүргөн топ каздай даңкайып, даңкайып аралга көрк. Көчө бойлото арасында тигилген мырза теректер бир кылка, алды-артындагы бедеси чабыктан кийин кыйла **чайлап** калыптыр, күрпөңдөй тармал.

Кирип-чыгып жүргөндөр көп. Ар ким өз жолу менен го, көз тааныштар саламдашып өткөнү болбосо, токтоп жай сүйлөшкөнү жок. Уштапта атам деле андайды каалар эмес. Сиркеси суу көтөрбөй тургандай чүтүрөйүп, бирдемени оюна топтоп, салмактап өзү менен өзү алек.

– Азыр... – деди ал токтоло калып, бир чоң терезени карап алып. – Аксакалдын алдына киребиз. Сыр бербей тың отур. Жарышып сүйлөбө, бир нерсе десе кут этпей кулак сал. Ойлонуп жооп бер...

Дөөлөт консо бир чымындын башына,
**Зымырык куш** салам берер кашына...
Уктуңбу, балам?...

Кабатыбыздан салам айтып кирип бардык. Менин оозум кыбырагансып гана тим болду эле, анын эсесин атам чыгарды. Бар жүрөгүн ошо саламдын ичине кошконсуп, созолонуп куп кыраатын келтирди. Төрдөгү кызыл столго өбөктөп, бирдеме жазып отурган киши акырын баш көтөрдү. Алигин элпек алды. Жашы отуздан ашкандай. Өтө эле кодо окшойт, чоң столдон көкүрөгү араң чыгат. Чачын тасырайтып кырдырып таштаптыр. Күлүңдөгөн көк көзү, кызыл чийкил, эки бети болтойгон неме экен.

– Аксакал... Саксаламат гана, **демдер гана жүрөсүзбү**?!

Атам кош колдоп, жигиттин колун көпкө силкилдетти.

– Бала-чака эсенби? Кызмат көңүлдүүбү, аксакал?

– Шүгүр, аксакал, ыракмат. Отуруңуздар, – мен да кол алыштым.

– Бул жаман менин уулум!.. – деп күлгөн болду атам. – Ат жалын тартып, көкүрөк көтөрүп келатат...

Начальник бутумдан башыма чейин бир тиктеп:

– Билем, – деди жай гана. – И, аксакал келип калыпсыз?

– И, келдим, аксакал! – деп жалпактады атам, анан мукактана түшүп, кирпиги суюк кызыл көзү алсыз ымдалып, сөз узатты. – Менин келгеним, аксакал...

Тиги ушул азыр күтүлбөгөн бирдеме ыргып чыга калчудай башын бир жагына кыңырайтып, атамдын оозун тиктеп, ынтаа коюп калды.

– Менин келгеним, аксакал, өзүңүздө **биртике** иш бар эле... Атам сөздү алыстан кайрыды. – Сиз жаш да болсоңуз башсыз, алдыңыздан өтүп, айтайын дегеним, мени болсо бошоттуңар, карыды-арыды дедиңер. – Үнү дирилдеп, муңга чалынып, аянычтуу чыкты. – Билими жок дедиңер, макул, таарынчым жок! Алдыңызга келип, айтайын дегеним, аксакал ... Асылбекти окууга жиберсем, сыркоолоп кайра келип калды. Гм... Кантсе да билими бар жаштар... ишенип бир милдет такса...

Чоң унчукпай уга берди.

– Сизге эп келсе, Асылбекке менин ордумду берсеңер... Өзүм жардам берем, эчтеме эмес, алып кетер.

Тиги мурутунан жылмайды. Кебетесине куду акылы ордуна келе элек жаш баланын жоругуна күлгөн даңгыл адамдын түспөлү чыга түштү:

– Жарыктык, сиздин ордуңузга башка киши алда качан дайындалып калбады беле? Анан...

– Билем, аксакал, – деди атам сөзгө моюн бербей катуулап. – Ошол орунга Асылбек деле жарайт, бир калем учу экен... эми ошону орундатып коюңуз?.. – Көзү жашылданып, тили быдылдады. – Бир калем учу экен эми... өзүңүз көрөрсүз, Асылбек андай кежирлерден эмес, аксакалын сыйлап алышка жарайт!

Жигит ачык эле күлүп жиберди:

– О, жарыктык! Атайын билими бар киши турду го. Сиздин уулуңуз орто мектепти гана бүтпөдүбү. Бул акча иштери, өзүңүз билесиз, жоопту иш. Эптей албайт да!

– Эптейт, аксакал, эптейт... Кокус жазып-тайып, эсептен кетип, мойнуна бирдеме түшсө, жалгыз атымы сатып да болсо төлөп коём. Мен ошого кантип жарабайын, аксакал!..

Атам аарыдай жабышып, бөйпөңдөдү. Сөз алдын тосуп, бирде күчөнүп, бирде бушайман тарткандай бошоңдоп, анткен менен көздөгөнүнөн жазбай тигини ийиктиришке, ынандырышка тырышып сүйлөдү. Ыйык санап, көптөн бери көкүрөгүнө басып келген жылуу үмүтүн тоодой ишенич менен ортого салды. Уулу экөөбү кызматына ар качан даяр турарын боз торгойдой сайрады. Көзүн жашылдантып, жалдырап тиктеди...

Мен тердеп кеттим. Начальник атамын оюндагыдай **экчелбеди**, биринчи жолку кебетесинде, биринчи жолку сөзүндө эле кала берди. Ал тургай атама бала катары карашы күч алып, уурту жалжайды:

– Жарыктык, каруу-күчкө толгон жигитке жумуш ар жерден табылат. Колхозго киргизип коюңуз. Ушундан жакшысы жок!

Атам башка чапкандай чыга жөнөдү. Колтугуна кысып турган сары тумагы жерге түшүп кетти, ага карабады. Мен ушуну эле күтүп отургам, жарышып кошо жөнөдүм, бар болгону, сары тумакты иле чыктым...

Тышка чыккан соң абактан бошонгондой жеңилдене түштүм.

– Келе! – деп, корс этип атам тумакты колуман жулуп алды.

– Бу терсейген кысталактын ушундай ит экенин билдим эле. Адам экен деп келсе, терсэят! Ушул мансап **түп казанак болгонун** көрөрбүз, кызталак!

Атам ал бойдон тынчыбады. Өйдө-төмөн чапкылап жүрүп, бир күнү кудуңдап келди:

– Биздин силсавиттин секретары бошойт экен. Райисполком тарапка көтөрүлгөнү жатса керек. Жолдош Бердике менен эле сүйлөшө койсокпу... кандай секретарь коюп аларын пирсидатил өзү билет.

– Иши кыйында, – мен чынымды айттым. Анткен менен, иште деп кыстаса баш тартпай турганмын. Көңүлүм ооп турду.

Атама сөзүм чекеге чапкандай тийди:

– И? – деди түз эле чекирейип. – Жарым жансыңбы? Окууң жетишпейби? А тиги жаман Элмураттын баласы Көкүл кантип иштеп жүрдү. Чыпчаң төрт жыл турду го. Мына эми райисполкомдун карамагына өтөт. Саал тура түшүп, райисполкомго пирсидатил болот ал. Тигини, былдырап отурганын... колдон келбес иш жок!

Унчуга албай калдым. Деги го, сельсоветке секретарь болсом жаман болбос эле. Жергиликтүү өкмөт. Аерден партияга өтсө, атам айткандай, чоңдорго жаман көрүнбөй иштесе, көтөрүлүп кетсе болот.

Атам жарыктык кашың серпиле электе ичиңди аңтара билген өтө сергек, куу киши. Кебетемен оюмду дароо баамдай койду:

– Сен былк этпе, – деди жумшактап, – мен өзүм сүйлөшөм. Кел деген күнү барып, чыкчыйып иштей бер! – Андан кийин апама буйрук берди:

– Ой, сен эми бозону камда. Жолдош Бердикени меймандачылайбыз. Гм... баягы улак... Кандай ал? Эттендиби кичине? Буту айыктыбы?

– **Шакшак** коюп таңып жүрбөдүм беле, буту сопсоо болуп кетти көрүнөт, **көк баш** жеп турат, – деди апам.

Жаным чыгып кетти.

– Кереги жок! – деп күңкүлдөп, тескери карай бердим. Бая күнү жетишкен жок беле?! Жагынып!..

Атам чаңырып жиберди:

– Эмне?! Жагынган болот бекен ошо?! Сыйлаган дейт аны! Чоңдон чоң аягыңды аяба деген. Таш-ташты эриткен аш деген. Эптеп бир жерге илешсең, өтүң болсо, андан нары өзүң билип кетпейсиңби! Ой, сен адамдай болчу, деги байгамбарына жагынсам ит болоюн! Сүйлөтпөй салды. Андан көрө, быштыны мин. Өз боюңа карап, чыкыйып жакшылап жүр. А жанагы Чотур-мотур окшогондордон алыс бол. Жолдош-жорону тандай бил. Айтмакчы, Бердикенин Мыктысы моюндашкан досуң эмес беле, ошондон айрылба. Аның райондо жүрөт кечээ. Бердике сени колдойт, көтөрмөлөйт... Бизге, балам, ошонусу керек азыр!

**текмат** – курдун бир түрү
**райфо** – райондук финансы бөлүмү, финансы - акча каражаттары деген сөз
**када** – тиреөч, түркүк (жыгач)
**тамдын камышы** – мурдараак, шифер жок кезде, көп үйлөрдүн чатыры камыш менен жабылчу
**далис** – коридор
**балгам сүт** – бир саам аз сүт, бир чөйчөк сүт деген мааниде
**байып калуу** – сүтү азайып, сааганга болбой калды дегени
**көк жашык болуу** – күчтүү, чүйгүн тамак-аштан өксүп, суугу өтүшүп кетүү
**дүмбүл** – жүгөрүнүн быша элек, сүт кези
**чайлоо** – тамырлап, коюу, жыш чыккан чөп
**зымырык куш** – жомоктордо айтылуучу талбас куш
**демдер жүрүү** – амандашканда көбүнчө карылар ушинтишет, ден соолугуңуз, ал-абалыңыз жакшыбы деген мааниде
**биртике** – кичине, аз
**экчелбөө** – айтканына көнбөө, тилин албоо, макул болбоо
**түп казанак болуу** – түбөлүктүү, акыр-аягына чейин, бир жерде түбөлүк ушул иште, кызматта турмак белен деген мааниде
**шакшак** – сынган сөөккө узунунан жанаштыра коюп таңа турган атайы жасалган жыгачтар
**көк баш** – кеч эгилип, бышпай калган жүгөрүнүн сотосу

1. Биринчи эле көзгө чалдыккан сүреттөө, деталь аркылуу ата менен эненин кандай адамдар экенин мүнөздөп бере аласыңарбы?
2. Райондун борборун сүреттөп айтып бергиле.
3. Асылбек, атасы, райфонун начальнигинин сырткы кебетесин, портретин мүнөздөгүлө. Асылбектин атасы начальниктен эмнени талап кылды жана эмнеге наразы болуп чыкты? Атанын талабын начальник неге аткарган жок? Биринчи планы ишке ашпай калганда ата экинчи жолу кандай ой ойлонду? Атанын максаты эмнеде? Анын мыктылык, жолдош тандоо жөнүндөгү түшүнүгү кандай?
4. «Дөөлөт көнсө бир чымындын башына, Зымырык куш салам берер кашына...» деген макал-ыр эмне үчүн начальникке кирип бараткатда айтылды? Окуя ким тарабынан баяндалып жатат? Мындай ыкмада жазылган кандай чыгармаларды билесиңер?
5. Төмөнкү суроолордун айланасында ой жүгүртүп, толгонуп көргүлө: Дос, кас деген кимдер? Кесипти балага ким таап берет? Өзүбү, атасыбы? Асылбек неге атасынын сөзүнөн чыга албайт? Өзүнүн көңүлү чаппаса да атасынын каалоосу менен гана кесипке ээ болгон айылдаштарың, же башка тааныштарың барбы, алар кимдер?

## II

Атам үйгө турбайт. Кайда барганын, эмне кылып жүргөнүн айтпайт. Айтор, суусарга таш капкан коюп жүргөн **битир** аңчыдан бетер тымпыят. Байкашымда, баягы эле мени ишке илештирмектин көй-көйүндө окшойт. Анда-санда: «Гм... Жакында бир жаңсыл болгудай го», – деп коёт. Бирок оозу бош.

Жогорку айылда Базыл деген чолок бар, зерикkенде ошого барып, эрмектешчү болгом. Базыл керели-кечке эшигинин алдындагы чоң тыттын көлөкөсүнө атайы жасалган такта секиде отурат. Уйкусу келсе, ошерге каңкайып уктайт, уйкусу канса кайта баш көтөрөт. Эки колу менен жер таянып, эмгектеп, мойнун созуп-созуп оропараны арыта тиктеп, зоңкулдап чарбасына баш көз.

Түштө бардым.

– Ке-ел! – деп Базыл аке нары жылып адатынча жанынан орун көрсөттү. – Асылбек үкөм, ке-ел!

Анан комузун алып:

– «Сары барпы» ... Ныязалы авамын күүсү. Ыраматылык те **шынаада** отуруп алып, кайран киши комузун куду эле сары барпы чымчыктай минтип бижир-бижир сайратчы экен! – деп толгоп кирди. Ар дайым киркиреген пас үнү менен күүнүн ырын керектүү учурунда ыргакка коштоп, бирде көмөкөйдөн тайлактай боздоп күңгүрөп, бирде таңдайдан чын эле армандуу чымчыктай чулдураган болуп, жан үрөп чертет. Үнү анча келбейт, бирок күүнүн мукамы кадыресе, көңүлдү жетелеп, кыялды эргитет.

– Базыке, муну кечээ керели-кечке черттиңиз го. Башка күүңүз жокпу? – деп сурадым акыры.

Кичине териге түшүп, комузун акырын баш жагына жөлөп:

– Чарчадым, ох... – деп жата кетти.

... Базыл терең ойго чөмүлө, түнөрө үңкүйүп, кандайдыр мен укпаган муңдуу обонго салды. Комуздун көөдөнү боздогон **каймалдын** көмөкөйүндөй күңгүр чалып, чыйрак кыл беш бармактын **уунда** шыңгыр какты. Мукам күү ар кандай кишини жолдо баратса тык токтотуп, алда кайда белгисиз түпкүргө кыялын жетелеп, термелтип башын төмөн ийдиргидей. Ырга, күйгөнгө караганда соолуктаган ыйга ыкташ, чучук сыздаткан өкүнүчкө жакын.

... Базыл адатынча бак-бак сүйлөп, көкүрөк керди:

– Эски күү. Илгери-илгери кыргыз атпай жайкысын кырада, кышкысын ылымтада көчүп-конуп жүргөн кез экен дейт. Ушу биздин Аксы багытынанбы, кулак угуп, көз көргүс бир

жакка Чынар деген айдан-күндөн ашкан сулуу кыз олжого кетет. Айтымда, Чынар кыз барган жеринде кордук көрүп, түгөнгүс түйшүккө туш болуптур. Күндө токойго отунга барат, күндө ошерде арчадан-арчага кылактап конуп, бир жалгыз күкүк жүрөт. Ошондо карагайдын түбүнө, эңилчек баскан ташка отуруп алып, бечара Чынар кыз күкүк менен үндөшүп, минтип ыйлаган экен дейт:

Таластын башы Тарагай, күкүк...
Жыгачта узун карагай, күкүк...

Боздогон ингендей мойнун созо, көзүң сүзүңкүрөп, кирки-реген жапыс үнү менен муңга чалынган комуз күңгүрөп андан нары коштоду...

Ак-Байтал ашуу бербеди, күкүк...
Аксыдан киши келбеди, күкүк...

Көк-Байтал ашуу бербеди, күкүк...
Көк-Суудан киши келбеди, күкүк...

Көк арча башын сактаган, күкүк...
Канатын күнгө кактаган, күкүк...

Куу арча башын сактаган, күкүк...
Куйругун күнгө кактаган, күкүк...

Аксыдан келсең кайта бар, күкүк...
Акканга кабар айта бар, күкүк...

Көк-Суудан келсең кайта бар, күкүк...
Көкөнгө кабар айта бар, күкүк...

Ортоңку чың толгонгон чыйрак кыл сөөмөй менен терилген сайын, тырмак менен чертилген сайын өпкө кага солуктайт, эмшеңдеп зар ыйлайт, сыздайт...

Арманда Чынар өлдү де, күкүк...
Ажалга шордуу көндү де, күкүк...

Кыйноодон Чынар өлдү де, күкүк...
Кыямат жүзүн көрдү де, күкүк...

Йе-е, атаңа наалат замана!.. Ушинтип куса басып бечара Чынар кыз тамыры кыркылган чөптөй куурап, ак эткенден так этип, бу опасыз дүйнөдөн учуптур дейт...

Күкүк ай, күкүк... күкүк ай, күкүк...
Күкүк ай, күкүк... күкүк ай, күкүк...

Ырдын артынан күүнүн өзүн дагы бир кайрып таштады да, Базыл армандуу Чынардын ыйын кошо ыйлашкандай сабыры сузданып, улутунуп алды. Тымтырс. Кандайдыр сыйкырдуу күч башыбызды имерип, ой-кыялыбызды арбап, учсуз-түпсүз тереңге тартты...

О, алыскы акылга камтылгыс түпкүр, керең заман. Күүдүү удургуган шамалга аралаш уңкулдап бөрү улуп, үстүндө баюлуу коркунучтуу балдырап турса кенебей, жайдак жондо ээрин жазданып, эки колун чокусуна алып, кыргыз **таш уйкуда** коңурук тартат. Не дейсиң, азды бөлө тартып, көптөн куйрукту сыртка сала качып, эрлер бөрүгө насиптеш. Эр өлтүрүп, кун кууп, олжо талап, көр намыска желдет жүргөн күн.

Ана... чымкый кара жамынган эки ийнине эки нар көтөрчүдөй ал жигит кол баштап, бир бейпил айылды **кызыл кереге кылды**. Ана, колбашчынын туулгасы жаркылдайт. Үкүлүү кундуз тел-пек кийген ай жамал кызды уңшутуп, теминдирбей улам дыр коюп өрөпкүп турган жаадай кара аргымактын көмкөргөн казандай соорусуна арта салды. Ошол Чынар кыздын өзү... Улуган иттен айланып түшкөн кузгундан башка айылда тири жан көрүнбөй, кан сасып, түтүн быксып гана кала берди.

Тигине... Чынар кыз колтугу кызаңдап, чачынын бири жазылып, карт арчанын түбүндө, эңилчек баскан ташта олтурат. Теребел ың-жыңсыз. Чагылган тийип куураган, куу сөңгөк, арчада учуп-конуп жалгыз күкүк какшанат. Чынар кыздын ак жүзү кубарыңкы, кабагында кайгы, көзүндө жаш. Бечара, жаагын тизесине жөлөп, кош канаттуу эркин макулук менен муңкана үн алышат. Макулук күндөн-күнгө үйүр алып бараткандай, чочубайт, кыздын дартын түшүнгөндөй, жубаткандай, эш болгусу келгендей үстүнө айланып, леп-леп канат кагат...

Күкүк ай, күкүк... күкүк ай, күкүк...
Күкүк ай, күкүк... күкүк ай, күкүк...

Ортобузду кузгун жашы камтыгыс аралык бөлүп турса да, Чынар кыздын аянычтуу зары түшүндөгүдөй ың-жыңсыз тереңдикти жарып, кулактын түбүнөн чыңылдайт. Бир ууч өмүрү дастан болуп, атадан балага өтүп, энеден кызга кетип, кыяктын кылында, комуздун үнүндө. Көзү өтсө, кезинде жолборстон тайманбаган азамат эрлердин аты кошо өчөт дешет, а бу

жарганаттай алсыз кыздын элеси али тирүү. Зомбулукка түбөлүк каргыш жаадырган ый, ошо көр заманга миңден бир табылгыс адил күбө, өчпөс тамга...

* * *

– Асыл, тура калчы, үйгө кирчи, о тиги наркы бурчта кичинекей арча челек бар, ошону апкелчи. Жеңең бозо сузүп куюп кеткен ошого. Айтмакчы, кече көрбөдүң беле, ошерде эле турат.

Челекти көтөрүп муздак бозодон экөөбүз экиден кере-кере жутсак суусунубуз канып, капчыгыбыз чыга түшпөйбү. Базыкемин ансайын бабырап сөзү көбөйдү. Акыры аягында:

– Минтип, байлоодогу иттей соксоюп отурам эми! – дейт баягы эле сурун жазбай. Чөгүү, өкүнүү билинбейт. Күйүп-күйүп бүткөн шекилди, кейпине кылдай да кандайдыр бир өзгөрүү кирбейт. – Аскерге кырк үчүнчү жылы кеттим, ошондо сенден жаш болчумун. Эне сүтү таңдайымдан кете элек кез эле да. Гм, анан ушинтип эки бутту берип кайтпадыкпы.

Эки буту тең тизеден жогорооктон жок. Мултуйтуп кайыштан кеп кийгизип коюптур. Эмгектегенде урунган таштан, чөңөрдөн кадыресе калка, жанына аралжы го. Бутуна кошо батыш жакка бетинин кызылын, этинин ысыгын да калтырып келген окшойбу, жашы отуз бештердин алты-артында гана турганына карабастан, көзү оңурайып, жаагы калжайып, өз курагынан алда канча кары. Баш-аягы аптадан бери гана сырдана болуп жүрсөм да, бул адамдын бир жолу кабак чытып, жарым жанмын дегенин укпадым. Ар дайым шашылбай, сүрүлбөй кол башындай бүйрүмө калтасын алдына коюп, чылымды калем саптай кылып ороп, анан топчудай ишин тоодой деп оозуна батышынча бапылдай берет. Колунун сулуулугун, эптекейлигин терип-тепчип мактанат:

– Атасынын көрү деп, районго барып, артилге кирип, өтүкчүлүк кылсамбы дедим эле! – дейт эргип. – Садыр болбойт. Кой аке дейт. Колуңан келсе, ушерде эле бала-чаканын чокоюн ултарып берип чарбаңы карап, отура бер дейт. Эмесе, жакшы-жакшы деп кеп жыгач апкелип бер дедим. Жакында, мына жакында кеп жыгач колума тиет, карап тур, чокой бекен, кыздарга сый өтүк тигем! Көрөрсүң үке, саймалап отуруп, куп келиштирем да!

* * *

Базыл аке огородунун жарымына **асилдүү чилки жүгөрүдөн** айдаптыр. Ар бир түбү экиден-үчтөн бала кучактап, **кыйгаз дүмбүл** кези экен. Көгүнүн жагымдуу жыты кошул-ташыл болуп, сотонун үлпүлдөгөн кызыл, жашыл чачыгы алда кайдан аңкыйт. Жарымынан бери тарта бир тилке картөшкө, бир тилке коон-дарбыз, бир тилке капуста, бадыраң, сабиз сыяктуу бирдемелери бар. Так күрөндүнүн түбүнө помидор тигип салыптыр. Балдактарын ие майрамда жасанган кыз-келиндердей кызыл-тазыл болуп, көздү кызыктырат.

Дыйкан кишилер айткандай, жүгөрүнүн түйшүгү да көп, түшүмү да көп. Эки жолу айдайсың, малалайсың. Себилгенден кийин сегиз күндө эрте жаздагы байчечекейдей жабырап чыга келет. Үч айрылганда – кара чабыгы, карыштан өткөндө – орто чабыгы, тизеге жеткенде – түбүн көммөйү. Чапмак азап – үч чабыгында тең ар түптү үч тегеренип кетмен уруп, кесегин талкалап, чөбүн арылтып, кыйшаңдабай туруп маңдай териңди тамчылатышың керек.

* * *

...Бечара Базыл качан көрсөң, такта секисинде соксоюп отурса... кандайдыр көзгө көрүнбөс, балта менен чапсаң кыркылбас жип менен айлампа кылып, аркандап койгонсуп, ошол айланадан карыш жылалбаса... элге окшоп, агын сууга түшүп, ак карлуу тоого чыгып, эркинче жүрө албаса... анын жалгыздан жалгыз эрмеги ошол комуз эмес беле!.. Бала дейбиз, жан башка болгон соң жол да башка турбайбы, балдары бөрбөңдөшүп мектебине жөнөшөт, теңтуштарына кошулуп, так секирип ойноп кетишет. Кудайдын куттуу күнү керели-кечке кантип жанына кармайт. Башынан сылап мурдунан өөп бир сыйра эркелетип калышка араң үлгүрөт. Эр өлүгү тоодой үйүлгөн, кан түтөгөн жайга денесинин жармын таштап келген адамдын көөдөнүндөгү күйүтүн, ызасын, арын, кегин, көөдөктөр түшүнмөкчүбү. Ошентип, согуштун чидерин түбөлүккө кийип, ич күптүсү башынан ашып, томолонуп жаткан зарделүү эрдин көкүрөк дартын ошол өрүк комуз гана билчү эле го! Күңгүрөнүп, желдирген аттай коштоп, алда кайда тээ замандын түпкүр жагына жеткирип, кайра биздин тушка калкылдата жетелеп, ал буюм жандуу буюм эле го, тилдүү буюм эле го... санаасына тетек, көңүлүнө жетек эле го.

**битир** – сараң, эч нерсе чыгарбас
**шынаа** – жыгачтан горизонталдык багытта коюлган тосмо, штакетник

**каймал** – беш жашар ургаачы төө
**уун** – тартипсиз үндөр
**таш уйку** – ат үстүндө уктоо
**кызыл кереге кылуу** – таптакыр талап-тоноо, булук түшүрүү
**асил** – түшүм
**чилки жүгөрү** – жүгөрүнүн сорту
**кыйгаз дүмбүл** – эгиндин, мөмөнүн бышаар алдындагы мезгили

1. Базылдын тагдыры жөнүндө сүйлөп бергиле. Асылбек ал адамдан эмнени үйрөндү? Чынар кыздын арманы эмнеде? Каармандардын кебине байкоо жүргүзүп, мүнөздөрүн ачкыла.
2. Эмнеликтен автор Асылбектин таржымалына согуш майыбы Базылдын баянын кошту? Базыл жана Асылбек: кимиси коом үчүн, эл үчүн пайдалуу дешке болор эле? Силер окуган кайсыл чыгармадан Чынар кыздын баянындай кайрылууну кездештирдиңер? Ал экөөнүн жакындыгы, окшоштугу жана айырмачылыгы эмнеде?
3. «Комуз жана Базыл» деген темада ой жүгүртүп, бир шиңгил сочинение жазгыла.

## IV

– Апа, эки өтүктүк конч жок да?
– Тургандыр.
– Турса кана? Баятан бери үч сыйра эсептедим.
– Же... дагы бирөөгө бергендирсиң, эстечи.
– Ойлоном, ойлоном. Бу аптада эч кимге кайыш берген эмесмин. Өткөн-кеткенди тырышып эске салам, кайта-кайта түгөлдөйм, эки өтүктүк хром конч, башы кошо кем.
– Атаңан сурачы. Чоңдору бир жакка жумшап жибербесе, турбайт, түшкө жакын келип калар.

Өзүмөн өзүм итиркейим келип, өзүмөн өзүм буулугуп, бирөө менен сүйлөшкүм да келбей, сүйлөгүм да келбей, эшикке да чыкпай дулдуюп бурчта отурдум. Атам кечиккен сайын чыдамым кетет, кыжалатым күчөйт...

Эмне? Курдашымдан, замандашыман кем жаралган **кемпайымынбы**, ыя, турмушка бир тактача керегим болбой, өлбөстүн күнүндө эки көздү жылтыратып жүрүп, бул ааламдан бир өтүп кете берүүчү макулук катары кала беремби? Ой-кыялым алда кайдан учат, учкан сайын чарасыз абалга такалам. Чын да. «Ой, мен кантем!..» – деп дилимден ачуу кыйкырык, ызалык атылат. Алмадан алма, алчадан алча... эмне ушул чынбы, миң жылдардын тажрыйбасынан арткан калетсиз сөзбү? Мына атам байыркы койчу, азыркы чала актив, тили буудай кууруган куру

чечен, ишинде дайыны жок куу чирен... демек мен андан ашып кете албаймынбы? Ыя, кантсем да адам болушум керек эле го... Ооба, Чотурдай адамдарга ылажы барбы, алар турмуштан таалим алган, кайра турмуштун өзүнө кереги тийчү заттар. Жашай билет, жашата билет. Айланасы **абат**, шаттык, тоюнчулук. Не дейсиз буга?..

Апам ичи-тышын сыйрып жууган эски төшөгүнүн кирип калган кир **пахтасын** тытып отурат. Ал анда-санда мени алдыртан тиктеп коёт, менин көңүлүмө түшкөн бүлүктү жүрөгү сезгендей, четтетип чала-чарпы билгендей, кебетесинде кабатырлык бар.

Эң акыры чыдабады белем, жаныма келип:

– Кагылайын, Асылтай... эмне, бирөө менен нары-бери дештиңби?.. Эки күндөн бери санааркап калдың да. Же бир жериң ооруп турабы, медерим?.. – деп үйрүлө арык колу менен чекеми басып көрдү. – Чекең ысып турат, төшөк салып берейинби, бир пас жатып алчы. Ысык бирдеме ичсең тердерсиң. Кагылайын кубарган... Ошентчи, жатып эс алчы, районуңа эртең деле барарсың. Карачы көзүң киртейип...

– Апа сопсоомун!... – деп жубатып, майда-чүйдө убарага салбас үчүн чыйралып койдум.

– Кубатым... ырысым... Алдыңа кетейин... ооруң мага келсин...

Апамын минтип мындан он жылы мурдагыдай эркелете пешенемен сылап, эңиле тумшук салып, жыттап койгону жанымы ыйлагандан башканы билбеген чарасыз наристедей сездирип жиберди. Кечетен берки жүрөк өйүгөндүн баарын буркурап туруп алдына төгүп, өксөп-өксөп жардам сурагым келип кетти. Бирок, карачы, мен анте албайм. Анда ого бетер капа болот, үрөйү учуп, мени бооруна кысып, карыш жылба деп зар какшайт. Бырыш баскан жүзүнөн ылдый кулаган ысык жашты көрүшүм мага жеңил келмекпи... Туюкка такалып отурганым, беттеген багытым, көздөгөн максатым менен иши жок, ар кимдики өзүнө ай көрүнөт көзүнө, маңдайында эсен-соо кыбырап жүргөнүм бечара энеге тоодой медер, түгөнбөс ырыс да.

Атам келди. Чайга отурду.

– Ой дейм, Асыл жолдон калып отуру, эки өтүктүк кайыш жок, көрдүңбү? – деп сурады апам.

– А тиги... – Атам чай ууртап алды. – Устага берип койдум эле. Муногу өтүгү кургур майрыйып баратканын... Бири биттин кабыргасындай ылдыраган неме болучу, сага маасыга ылайыктап...

– Кой, өтүк-маасы кийбесек жылаңайлак жүрөрбүз!.. – Апам чебеленип кетти. – Ач кулактан тынч кулак, кырсыктан тышкары бололу. Эсепсиз дүнүйө барбы, баланын мойнуна түшсө кеп угуп калат экен дебейсиңби, ыя, байболгур?

Атам күлүп койду:

– Асыл эки өтүктүк булгаарынын жообун табар. Май кармаган бармагын жалайт.

– Коку-уй, байболгур, бармагын жалайт деп отуруп, жаман айтпай жакшы жок, ой, баланы каматып ал дагы!..

Атам камырабай нанын чайнай берди. Унчуккан жокмун. Куржунду алып, ордуман турдум.

Апам туталанып...

– Ыя, Асыл... – деп, кандайдыр жаман окуя, бөөдө кайгы ага алдан сезилгендей үрөйү уча чыйпылыктап зэрчий чыкты. Кагылайын... кайыштарыңы апкелдирип алып, анан барсаңчы, ыя?

– Мейли, апа. Эптеп бир жаңсыл кылармын.

Эң акыркы аптада жыйылган терилерди атка теңдеп, кайыш салынган куржунду ортосуна коюп, үстүнө баса минип, жолго чыккандан кийин кыжалаттык тарай баштады.

Алакандын чуңкурундай кичинекей сай... Ак-Жол кыштагы... Мен те күрөөнүн түбүндөгү ак жардын **кыпчылында** туулупмун. Балакатка жетип, балтыр этим чыңалганча, о тиги тегеректе курчалган ак чач тоолордун шиш чокуларынан башка көзүмө урунбаган. Ааламдын болгон чеги ушул эле го дечүмүн, андан нары учсуз-түпсүз жарга такаларын сезер элем. Чымчыктай эркин балалыгым ушул түркүн-түмөн мөмөлүү токой капталган күдүрөйгөн адырмакта, эрте жаздан кеч күзгө чейин көк жашаң үзүлбөгөн ничке өзөндө, күнгө жалтырап ийриле аккан шок суунун боюнда калды. Ушерде сабатым чыкты, эс тарттым. Мен үчүн бул жерден кыйбат эчтеме жоктой, өз энемин жүзүндөй жакындыкты, жылуулукту сезем...

...Барарым менен терилерди кампага өткөрдүм, директорго кирдим. Кадимки адаты, алгач ал мени тиктеген жок, сары мурутун сербейтип колундагы кагазга үңүлдү да:

– Сүйлө... – деп, кош көңүл күңк этип койду.

– Мени бошотуңуз.

Директор чала уктумбу дегендей, таңыркагандай карап:

– Эмне дейсиң? – деп тактады.

– Мени бошотуңуз.

– И! Эмне болду? Түш көрдүңбү?

– Эчтеме болгон жок, бошотуңуз!..

Ал кошөргөнүмү көрүп, жумшара түштү, муңайым сүйлөдү:

– Иштей тур. Ырас жакшы иштедиң, иним... дагы эки-үч ай чыдай турсаң быякка көтөрөрмүн, өзүмүн жаныма алармын. Атаң айткан, макул деп койгом. Жашсың, өсчү балдардансың...

Ар ким өз токочуна күл тартып, менин ишим алга жүрсүн дейт тура. Мунун оюна койсо, мени оңойлук менен колунан чыгаргысы жок. Орунбасарлыгыбы, башкасыбы, иши кылып, өйдөрөөк бирдемесине көтөрмөлөп алып, «Көтөрдүм, жогорулаттым...» деп, астыртан милдет коюп, коркок билиш кармап, кандай айтса ошонусун аткартып жүргүсү бар.

– Бошотуңуз. Чоң кыл дедимби сизди?...

Сиркем суу көтөрбөй турганын сезип, түңүлүп, менин акылсыздыгыма бир эсе кыжыры келип, бир эсе кейигендей акырын улутуна:

– Мейлиң, бала, – деп купуя эскертүү айтты ал. – Мындан жакшы жер таппайсың. Кыскан эч ким жок, шаштырган эч ким жок, өз оюңча ишти кылдырата бермексиң. Болуптур, арыз жаз, эсептеш.

Эсептеше келгенде, баягы эки өтүктүк кайыштын изи чыкпады. Так ошерден директор мурутун чыйрата баштады:

– Мына, жетпейт! – деп, чекирээ тиктеп, ушуну менен мени майтаргысы келди. – Кантип, бошотобуз? Жок, бала, жөн эле бошотуп... акым жок. Растрата!

Ичим күйүп:

– Эмне, эки өтүктүк конч үчүн мени баалап, байлап алгыңыз барбы?.. – деп катуу сүйлөдүм. – Үч айдан бери айлык акымы алалекмин го, ошо жетип калар! Жолто кылбаңыз, мен Шамалды-Сайга баратам... ГЭСке кетем!..

* * *

Керзо өтүгүм бир калыпта түкүлдөп барат. Ойду алаксытып, кандайдыр үй жолдоштой эш, эрмек.

Жайык жер жазды мурун тосот тура... Тоодон ылдый аба жылуу, күн чайыты таза. Кылайган кар, карайган балчык жок. Теребел магдырап, тири жанга жагымдуу, ыксыроо, кеңирсүү. Шибер тушарда Төтө мойнок шуру жайып, түркүн түстүү байчечек жыбырайт. Шыбак көк ноотудай жымылдап, жаз желинин жумшак агымына толкуйт, агат, кармасаң кычкылсымак жагымдуу жыпары бурулдап колуңа келет. Ар кай жерде бадал караалжып жашыл бүрүн күнгө тосуп дүпүйөт. Чымчыктар жазды мактап, өткөн жаманчылык күндөрдү унутуп, түрдүүчө үн салууда. Боз торгой ойкуп-кайкып, элкин канат делдиретип:

«Өй, адам, кайда барасың?» – дегендей, бир түрдүү чулдурап, **жопараңа** токтоло таңыркагандай болот. Те карайган **бөлтөктөн** бери эки күйкө обого эргип, каз-каз болушуп калкылдап көрүнөт, ошо нары жакта кандайдыр алардын көңүлүн арбаган, тарткан бирдеме бар белем, кайта шуңгуп бат эле көзгө илешпей да калып жатты. Бөлтөктүн сол тарабында жоносто кой жайылып жүрөт. Койчуманы кырыңда алдын тосмолоодо, бирде соксоюп көтөрүлө түшөт, бирде карабараңга жетет, түпкүргө төнүп, жел канатында үнүнүн жаңырыгы гана үзүл-кесил кулакка илине калат, тымыйт. Улам этекте тала-тала болуп, карайып айдоо көбүрөөк. Иштөөчүлөр кыймылдаса, араң-араң эрбеңдеп, көзгө чалынат. Соколорун чиркеген тракторлор кумурскадай бүдүрөйөт, үнү көлдүн түпкүрүнөн чыккандай туңгуюк тырылдайт, бирине бири уланып, жалпыланып, кең обого жайылып, сиңип кетүүдө.

Этекте, Нарындын жээги жакта бакка көмүлгөн кыштактар көрүнөт, четирээгинен акталган тамдар бүлбүл тартат. Кыштакты жандап, күн чыгыш жакка созулган, кашкайта асфальтталган тасма жол жатат. Жол кадырын жолоочу билет, бул абдан түз жол, азыр мен ошого түшөм. Асман тунук, ар кайда ак төөнүн чуудасындай чубалып сейрек булут асылып турат. Жакында бороон боло койбос. Улуу күн улуулугун, айкөлдүгүн кылып, жандуу-жансызга тең жылмаюуда, мээрин тең төгүүдө. Чаалыгармын, бирок жетер жериме **кыям түштө** жетермин...

Мына, бул мен эс алып отура калган казанбактай таштын түбүндө бир карабашыл боз курт жүрбөйбү. Бирде созула, бирде бели дүңкүйө түшүп, көзгө илешпеген, майда буттарын быжыратып алга өрмөлөйт, бир орунда тегерене кайрылат да, кара тумшугун өйдө көтөрүп, алтын күндү тиктеген кейиптенет, кайра өрмөлөйт. Карап турсаң, ушунун абалында да, алда нерсеге түйшүктөнүү, жашоо үчүн аракет, күрөшүү бар.

О, тирүүлүк, мынча неге кызыксың!

Ордуман туруп, андан нары жүрүп кеттим...

**кемпай** – келесоо, акылсыз, көк мээ
**абат** – мыкты, сонун
**пахта** – бул жерде кебез деген мааниде
**кыпчыл** – эки тоонун ортосунда, тоо арасында деген мааниде
**жопара** – өңү-түсү
**бөлтөк** – талаанын дөңүрөөк жери
**кыям түш** – түш ооп

## «АДАМ БОЛГУМ КЕЛЕТ» ПОВЕСТИ

Т. Касымбековдун бул чыгармасында турмуштан өз ордун таппаган, жекече ой-пикири, көз карашы али калыптана элек, өзүнүн карманып, тутунган жолу жок, али олку-солку, ээрчиме жаш адамдын башынан өткөргөн ар кандай окуялары көрсөтүлөт. Башкы каарман Асылбек адегенде окууга өтпөй калганына арданып, адам болуунун бирден бир жолу окууга өтүү деп эсептейт. Бирок окууга өтө албай, айылга кайтты. Атасы болсо анын «алдым-жуттум» болуп, башкалардан өзгөчөлөнүп бай жашашын, оокаттуу жүрүп, кошоматчыларды күтүшүн каалайт. Уулун дал ошондой адам кылгысы келген ата өз максатын жүзөгө ашырыш үчүн ар кандай иштерге барууга да даяр. Анын ою боюнча адам болуунун жападан жалгыз жолу ушул. Адегенде Асылбек да атасынын айткан сөзүнөн чыкпай, анын көрсөткөнүн аткарууга аракеттенди. Жаш жигит ошол бойдон жүрө берет беле, ким билет, анын өмүр жолу ар кыл мүнөз-тагдырлар менен тогошуп, алар Асылбектин өмүр жолуна бурулуш жасап, турмушта адам болуунун не бир изги жолдору бар экенин, дүйнөдө адамдарга жакшылык кылуу зор иш экенин көрсөттү.

Акыры апталар, айлар өтүп, чыныгы адам болуу кандай экенин Асылбек боолголоп түшүнө баштады. Бирок эмгектенгенден баштап, атасынын «алдым-жуттум» тарбиясы жедеп канжанына сиңген жаш жигиттин чындыкты издеп табышы кыйынга турду. Анткени ал жакшылык менен жамандыктын, тазалык менен арамдыктын, майда мүдөөлүүлүк менен чоң ишке умтулуунун ортосунда арабөк турат. Бир жагында «алдым-жуттум» деп, «табыштуу жумушка орноштурсам, андан ары жыргабай жаны жокпу» деген атасы турат, бир жагында майыптыгына карабай, дыйканчылык кылган, көкүрөк дартын комузу менен бөлүштүргөн Базыл турат. Дагы бир тарабында «күндүк өмүрүң болсо, түштүгүңө жорго мин» деп чардап-жыргаганды баарынан жогору койгон Мыкты, «тартайган» Чотур, анын улама-кайып баяныңдагы Чынар кыз бар. Мына ошолордун баарынын ичинде жаш жигит Асылбек да бар. Ошондой кымгуут турмуштук, ар кыл адамдардын арасында жүргөн Асылбектин дээринде аруулук, ыймандуулук көктөп келаткан экен, ал адамдыктын чыныгы түбөлүктүү адил жолун тандап алууга кудурет-күчү жетип, атасы менен кадыресе күрөшкө чыкты. Бул күрөш ыман-жанын тазартып, аны эски түшүнүктөн, көз караштан арылтты.

Мына ушул татаал жолду – жаш адамдын өз жолун табуудагы жеңилүү-жеңиштерин реалдуу көрсөтүүнү жазуучу башкы максат кылып алган. Асылбектин образы – турмуштан өз ордун таба элек, аны табыш үчүн жол издеген жаш адамдын жалпыланган образы. Башкы каарман адегенде көбүнчө окуяга өзү активдүү катышпай, байкоочу катары гана көз салып карап турат да, анан өзүн атуулдук жактан түптөнүп алгандан кийин гана адам болуш үчүн жол издөөгө өтөт. Чыгарманын акыр жагында ал айлана-чөйрөгө сын көз менен карап, ак-караны, жакшылык-жамандыкты иргеп түшүнүүгө жетишет. Өз оюу жок, жетелетме жаш жигит повесттин соңунда: «Токто, көрүшөбүз али! Мен өз ордумду табам! Мен өз ордумду бул тирүүчүлүктүн ак өзөгү – адилеттиктен, адал эмгектен табам!» – деп, күрөшкө чыккан максаттуу адамга чейин өсүп жеткенин көрөбүз.

## ЖАЛПЫ КАЙТАЛОО ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТОО ҮЧҮН СУРОО-ТАПШЫРМАЛАР

1. Повестти бүт окуп чыгып, ар бир бөлүгүнө ылайык өзүнчө темалар койгула.
2. Чыгармада бир символ-буюм бар. Ал – сомке. Бир кезде ал атасы Чаңгылдыкы болгон. «Жээктери кырылып, бети майланышып кирдеп, эскилиги жеткен ушул сомке Чаңгылдын боор этинен кесилип жасалгансып көзүнө ысык, жүрөгүнө кубат. О, оомал-төкмөл дүнүйө, бул сомке так он жыл жатса-турса жанында, атканса ээрдин кашында, машинага түшсө жамбашында жүрбөдү беле!». Кийин повесттин соңку беттеринде аны Асылбек сууга ыргытып жиберет: «Сомке аласалып агып жөнөдү. Ал агым менен айыгыша кармашкансып, жандалбас кылып, жээкке тырмышкансып, шардын ак көбүгүнө аралаш тегеренип, аккысы келбей калкып, ачылып бараткан оозунан кандайдыр бир ачуу чыңырык чыгаргандай сезилди. Шар агым көмөлөтүп, уюлгуй түшүп, зарын укпай аны түбүнө тарткан бойдон тумчуктуруп, түбөлүк кайткыс кылып агызып кетти...». Ушул символикалуу образдын айланасында эмне деп ой жүгүртө аласың?
3. Асылбек атасы жөнүндө кандай ой жүгүртчү эле? Эки өтүктүн кончунун жоголушу анын мурдагы оюн кандай өзгөрттү? Ата-эненин жана баланын мүнөзүн талдагыла. Кампа башчысы менен Асылбектин мамилесинен эмнени байкадыңар? Башчынын жашоо-мүдөөсүн кандайча түшүндүңөр?
4. Каармандардын сүйлөө ыгын, кебин талдагыла. Чыгарманын акырындагы пейзаждык сүрөттөөлөрдү жазуучу кандай максат менен жазган?
5. Повесттин акыркы окуяларынын негизинде «Асылбектин айылдан кетиши» деген темада пейзаждык дил баян-сүрөттөө жазгыла.

## ЧЫГАРМАНЫН НЕГИЗИНДЕ БАЙЛАНЫШТУУ КЕПТИ ӨСТҮРҮҮ САБАГЫ
### (Лабораториялык иш)

1. Ар бир окуучу жекече, өз алдынча тексттин ар башка жеринен үзүндү тандап алгыла да автордун тилин талдагыла:
а) көркөм-сүрөттөө каражаттары боюнча (эпитет, салыштыруу, метафора, гипербола, литота, жандандыруу ж.б.) троптун түрлөрүн табуу, талдоо;
б) стилистикасы боюнча (параллелизм, риторикалык кайрылуу, риторикалык суроо, үн катпоо, инверсия ж.б. көрүнүштөрдү табуу, талдоо);
в) төл жана бөтөн сөздөрдүн колдонулушу боюнча;
г) архаизм, тарыхый, диалектилик, кесиптик сөздөрдүн колдонулуш мааниси боюнча;
д) макал-лакаптардын, учкул сөздөрдү тексттен бөлүп алуу жана маанисин чечмелөө, ким тарабынан, кандай максатта колдонулуп жатканын байкоо;
е) синонимдик, антонимдик, омонимдик сөздүк түзгүлө. Маселен, текстте кайсыл синонимдерди, антонимдерди, омонимдерди пайдаланганын сөздүк түрүндө жазып чыккыла.

**Үзүндү жаттоо**

**Экинчи топтогу окуучулар үчүн**

2. Чынар кыз жөнүндөгү күү тарыхы – уламыштын негизинде инсценировка жазгыла. Аны класс сахнасында койгула.

**Бүт окуучулар үчүн**

«Асылбек жана мен», «Азыркы учур жана Асылбек» деген темада диспут-мүнөттөрүн өткөрүү үчүн суроолор:

1. Эгерде мен Асылбектин ордунда болсом... (андан ары эмне кыларың жөнүндө улантып жаз).
2. Асылбек адам болууну издеп кетти. Адам болуш үчүн сөзсүз шаарга барыш керекпи? Айылда, атасынын жанында жүрүп эле адам боло албайбы?
3. Асылбек менин оюмда жакшы жигит эмес, себеби ал атасын оң жолго сала албай, эң болбогондо анын жаңылыштыгын да айтууга жарабай, аны менен күрөшө албай, жеңилип кетти. Бул ойго кошуласыңбы, кошулбайсыңбы?
4. Азыркы учурда да дагы кездеше калган кошуп жазуулар, жалган маалымат берүүлөр, тааныш аркылуу кызматка көтөрүлүүлөр жөнүндө сенин жеке ой жүгүртүүң жана пикириң?
5. «Май кармаган бармагын жалайт» деген макалдын маанисин түшүндүргүлө.

# ТУРАР КОЖОМБЕРДИЕВ

## (1941–1989)



Акын катары Турар Кожомбердиев адабий майданда эрте таанылды. Анын 1961-жылы жыйырма жашында чыккан «Көлчүктөгү ай» деген бөбөктөр үчүн китебиндеги ырлары балдарга жакындыгы, бала турмушун абдан жакшы билгендиги, балдар менен бала тилинде сүйлөшө алгандыгы менен кичинекей окурмандарды өзүнө тартып, жалпы коомчулук тарабынан эң жакшы кабыл алынды. Студент-талапкер ошол китепчеси менен эле Жазуучулар союзуна кабыл алынып, «Көлчүктөгү ай» топтомундагы ырлар окуу китептерине, балдар хрестоматияларына тандалып алына баштады.

Т. Кожомбердиев 1941-жылы Чүй өрөөнүнүн Батыш жагындагы Кара-Балта капчыгайына жакын айылда – Сары-Булакта туулган. Жылкычынын уулу болгондуктан, тоого, малга, отко жакын өстү. 1959-жылы Фрунзе шаарынан № 5 кыргыз орто мектебин, 1966-жылы КМУнун филология факультетин бүтүрүп, «Кыргызстан пионери» газетасында, «Кыргызстан» басмасында, Маданият министрлигинин аппаратында иштеди.

Анын «Кызыл алма» (1965) жана «Таңкы симфония» деген ыр жыйнактары 1969-жылы Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгына арзыган. Бул өз кезегинде жаш акындын чыгармачылыгын жогору баалоо болгон.

Акындын көптөгөн поэтикалык жыйнактары окурмандардын сүйүктүү китептерине айланды.

## АПА

**(*поэма*)**

Мудугар элинде «аял» деген сөз жок, Токсондогу кемпирди да, секелек кызды да, «апа» дешет. Энени сыйлабоо укмуштуудай чоң күнөө, андай кылмыш үчүн аябаган катуу жаза колдонулат.

(*«Работница» журналы, 8, 1969-ж.*)

Сен жөнүндө баштаарымда ыр ырдап,
Сөздөр жайнап, чегирткедей чырылдап.
Сөздөр чууруп, кумурскадай капташып,
Жылдыз сымал бийиктерден жымыңдап.

Сен жөнүндө баштаарымда ырымды:
Телегейим келе калды төп болуп.
Жалкы нерсем санат жеткиз көп болуп.
Столумдан сөздөр өсөт чөп болуп.

Калемине тийгизерде колумду,
Гүлдөр көзөп тактайланган полумду.
Чачыратып алтындаган карегин –
Шүүдүрүмдөр жарык кылат жолумду.

Даярданып узак жолго басууга,
Беленденип терең кенди казууга,
Издейм сөздүн керектүүсүн, асылын
Тиштеп көрөм, сала коюп азууга.

Саргаямын, салам бардык дилимди
Салым кошоор деп үйрөнөм илимди.
Кымындай да кынтыктуу сөз кирбесин
Жыттап көрөм, тийгиземин тилимди.

Жарты бөлбөй, жараш керек барыга
Балтыр бешик балага да, карыга.
Көз ооруга сыйпаганга жарасын
Ашык тамчы кошулбасын дарыга.

Бир жал чөптөн, бир ийнени тапкандай
Сокур зергер алтын шакек чапкандай.

Шүүдүрүмдүн тамчыларын чогултуп –
Мөлтүр жашка булак кылсам, аккандай.

Кай бир сапка казык сымал байланып
Мүмкүндүк жок эс алууга жайланып.
Эртели-кеч төрт аяктуу столду –
Эмчек берчүү эне сымал айланып.

Көз алдыман бүт турпатың чубалып
Ырдайм сени... Обонумду чыгарып.
Ойдогусу орундалган немедей
Ойкуп-кайкып, учат сөздөр кубалап.

Уйкаштыктар бир-бирине уланып
Адам эмес сөздөр дагы кубанып –
Мелдешкендей жетип келет жарышып
Мени кошкун, мени жаз! деп суранып.

Тарс айрылып, таң каламын азырга.
Сен жылмайсаң дүйнө толуп асылга,
Каректерди ишенимдер уялап
Кара мышык өңүн бурчу жашылга.

Сен тиктесең, көрөм далай кызыкты
Мөңгү чачат катмарынан ысыкты.
Кара чаар жылаан уусун жоготуп
Жолборстор элестетти мышыкты.

Аңкыйт сөздөр, чымкый жашыл өңүндө
Адамдардын сакталсын деп көөнүндө... –
Аз да болсо ак эмгегин актоого
Абан салам, апакебай жөнүндө.

Ырдабаймын, калыш үчүн сыйланып.
Канды түрттү, каткан сырлар жыйналып.
Сен жөнүндө ырдаш кыйын апаке
Ырдабасам андан бетер кыйналып.

II

Таалайыбыз, ырысыбыз чачылып,
Карындардын турган кези ачынып

Анда турмуш куду бала жууркандай:
Бутту жапсаң, башың калат ачылып.

Көйнөк кирдеп балдар жонун кашынды,
Бейпилчилик таптырбастай жашынды.
Турмуш анда кудум бала жууркандай
Бутуң какшайт, жабам десең башыңды.

Ошол жылы чыкпай калды эгиндер
Сүткө толбой шалбырады желиндер.
Келе жаткан кыштан чоочуп турушту
Кеткен кейптер, кеберсиген эриндер.

Бүлбүлдөгөн согуштун жай, күздөрү
Бүркөө тарткан апалардын жүздөрү.
Жаралантып жиберүүчү көңүлдү
Жаракадай, ыйдын салган издери.

Апа капа, тойгузалбай «сыйрыгын»
Аткара албай ач курсактын буйругун.
Үч күн болду мордун үстү мемирейт
«Кара мышык» булгалабай куйругун.

Ишке жөнөйт, иштен кайтат ачкарын
«Чыр-чыр» этип нан суранат жаш карын.
Байкап келем, көзү кирип ичине, –
Ирецинен кан жүгүрбөй, качканын.

Кызылчадан күүгүм кайтат майышып
Мени менен кирет тезек жайышып.
«Кана, нан!» – деп иним чуркайт алдынан
Карбаластайт, кабыргасы кайышып.

Кесек нанды алып берип табактан.
Кечиктирбейт бирибизди сабактан.
Апам мага кызык адам сезилчүү
Түбөлүккө калып калган тамактан.

Токчулуктар, үйдөн оолак качышып
Үзүмчүлүк, бардар күнгө чатышып
Ошол нанды бөлүп жебей апаке...
...Оозум кетет уу жегендей ачышып.

Катканынан, бизге берип бүтүндү,
Өзү болсо ыроолочу күкүмдү.
Кимдин каны сорулганын ошондо
Кийин-кийин курган башым түшүндү.

Ачкачылык тийди далай салакаң
Нан тийгенде ысып кетчүү алакан,
Коркоор элем манчаларды ачкандан
«Пыр!» деп уча качуучудай балапан...

Эмне сүрдүү ачка, нандын сүрүнөн?
Апам алчуу сандыгынын түбүнөн.
Үзүм нандын жүрөгү бар сезилчүү
Уктай албай «дүкүлдөгөн» үнүнөн.

Чүкөдөй нан сурап жатып тапканын
Аңкып жыты, каңжылаарга жакканын...
Колум ачсам учуп кетип калчуудай
Угуп турам жүрөгүнүн какканын.

...Кайтат иштен, үстү-башын чаң кылып
Анан дагы үй-оокатка кам кылып.
Бөлкө сындуу желсе... ысык жүрөгүн –
Бөлүп бермек балдарына нан кылып.

Араң гана үрөң-бараң таң аткан
Апам тура ишке шашып бараткан
Энелердин баардыгы тең...
Башкага бакыт жасап бериш үчүн жараткан.

## III

Алыс жакта жүргөн болчу каралды
«Апаң оору» деген угуп кабарды.
Шашкалактап тынчым кетип заматта
Билбей калдым кандай айла табаарды.

Келдиң эле араң кырк үч куракка
Сызып барам сен жашаган туракка.
Катуу кабар адеп алат маземди,
Коңуз болуп кирип алып кулакка.

Жанталашып басып келем кыр-кырды
Маң болгондой тыштап тизгин, чылбырды.
Жин тийгендей камчы үстүнө камчы уруп
Жиниктире жаздаптырмын кургурду.

Үй алдында элдер калган топтошуп.
Мени качан келет дешип жоктошуп.
Апам араң чыдап жаткан турбайбы
Кулунуна сөз айтууга коштошуп.

Соолуп... соолуп чалгы тийген ыраңдай
Көзүң деле оттуу турду кыраандай.
Ооналактап арга таппай жатыпсың
Алкымыңдан кырсык мыкчып жылаандай.

Азыр дале ичке катам арманды
Анда уулуң, араң өзүн карманды.
Айтам дедиң керээзиңди, көз жайнап
Ага бирок табалбадың дарманды.

Бир маал башың мен тарапка ыктады.
Сөз айткансыйт, бирок тыбыш чыкпады.
...Акырындап эриндери агарып
Апам чиркин түбөлүккө уктады.

Чимирилди караңгынын барасы.
Канча киши соолуктаган, карачы
Жалгыз коюп апам менен өлүмдү
Жардамдашып боло албадык арачы.

Ачыштырып, ал кырсыктын жараты.
Сынып калган, сынат өмүр канаты.
Өлгөн күндөн бери мынча болду деп
Өтө баштайт ай-жылдардын санаты.

Тагдыр кээде алып кетет керекти
Алмаштырып берип коёт бөлөктү.
Апа сенин алп мойнуңдун ордуна
Улуп-уңшуп кучактадым теректи.

Кыркылгандар, кайдан дароо жетилди.
Кыялдардын мизи мокоп, кетилди.

Үңкүйүшүп ар кай бурчта отурсак
Үйдүн ичи элестетти жетимди.

Санаа чарчап туюктарга камалды.
Уйку келбей телмиремин, таң алды.
Үйдүн ичи үңкүр өңдүү коңулдап
Угуп жатам улуп жаткан шамалды.

Сапырылып, дене түштү чаташка
Саргыч тартып, эже түштү чаташка.
Аң-таң болуп, тилсиз-бутсуз калгандай
Андай үйдү кыйын үй! деп аташка.

Тузсуз жеген сыяктандык тамакты
Караңгылык уялады кабакты.
Апам кетип, от ажырап табынан,
Жетим кылды чайнек, чыны, табакты.

Бийиктердин жапыздады барааны...
Жүрүп калды мүңгүрөөнүн арааны.
Апам кетип, казан түбү муз болуп
Жетим кылды тулга менен чараны.

Жетим калды эт илинчү бakaны.
Жетим кылды чыны менен чаканы.
Эч бир нерсе толуктоого жарамсыз
Эң башкынын – эң башкысы апаны.

Чүрпөлөрүң тололекте эр жетип
Баарыбызды озондоттуң сен кетип...
Атам алып апа болуу милдетин
Алдей айтып ак бешикти терметип.

Апабыздын жок экенин туюнтуп,
Атам келет кызылчаңды суюлтуп.
«Апакелеп» чыңырганда наристе
Атам жашыйт, сакалдан жаш куюлтуп.

Эч бир үйдү андай кырсык чалбасын
Эч бир бала антип башты салбасын.
Апалары мезгили жок кош айтып
Аталары бешик термеп калбасын.

Сенден минтип калбадыкпы айрылып
Бир биз эмес, бүткүл айыл кайгырып.
Мурдагыдан миң эсе көп сүйөлү
Келип калчы апакебай кайрылып.

Апакебай тура калчы кыйнабай
Жүрөк бир аз тынчып калсын, туйлабай.
Аттигиниң, андан дагы ардактап
Андан дагы назигирек сыйлабай.

Үнүң жаңы келатканда, угулуп
Чуркайт элем эт-бетимден жыгылып.
Көрөндүккө көрсөтчү бир күч болсо
...Көкүрөгүм келет оозго тыгылып.

Калгансыды канаттарым кайрылып
Каңырыгым түтөгөнчө кайгырып.
Канчалары эне баркын билишет.
Калгандан соң түбөлүккө айрылып.

...Тамтык кетип, таянч таппай таканаар
Туш-тушуңан курчап турса капалар...
Омкорулуп бараткада кабыргаң
Ой-санааңан кетпей турат апалар.

Чадыраңдап, чалкып турган кезинде
Магдыратып, май калкылдап көзүңдө.
Кекеерленип турганыңда айрымдын
Келбей калат апа деген эсинде.

Мына мындай бир мисалды айталык:
Сен конокто, ууртуңан май тамып...
Апаң анда качан силер келет деп
Тамың менен балдарыңды кайтарып.

Сен мейманда арсаландап каткырып
Сөөлөттөнүп, сөздөн бирөөн мат кылып.
Апаң анда чылапчынга кир чайкап
Алдей айтып, балдарыңды жаткырып.

Доңголонүп, өмүр барат өрүндө.
Урмат менен сый көрмөкпү көрүндө?

Эмне болмок сени менен бир барып
Конок болсо досторуңдун төрүндө.

Куудулданып, кургак сөзгө жылытып...
Эсибизге жара чыксын курутуп.
Аял менен балабызды көп ойлоп
Айрым  кезде апабызды унутуп.

Унутуп койсом бутум турган таканды
Алпештеген, адам кылган апамды.
Андай болсо экинчи ирет дегендей
Ант сыяктуу, мыкчый кармайм жакамды.

...Балким бул кеп өтүп кеткен тарыхтыр
Бала чакта кулагым бир чалыптыр
Энесине катуу тиктеп койгондон
Орой жигит таштай катып калыптыр.

...Бала кезде аны кулак чалыптыр,
Ал уккан кеп унутулбай калыптыр,
Энесине орой бир сөз угузса
Тагдыр аны тикен кылып салыптыр.

Деги мейли болбойлучу кимибиз,
Кандай гана келгенде да жинибиз
Тикен болуп, таштай катып калалы
Энебизге кокус тийсе тилибиз.

Кийгизбесең оолак жогот «бөзүңдү».
Мындай тышта оройраак сөзүңдү,
Мындай тышта капаттанган кыялды,
Жадегенде ачуулантпа көзүңдү.

Эгер кокус ким энесин унутса:
Анын анда унутканы мекенди,
Адам дебейм андай мерес, «бекемди».
Алып кеткин тагдыр андай жекенди.

Эгерде ким өз энесин унутса:
Анын жүзү болуп калсын түкүргүч.
Каалагандар кетип турсун түкүрүп
Бетин дайым каптап турсун түкүрүк.

Гүл заманда, жамачылуу чапаны...
Эгер кимдер барктабаса апаны...
Ак сакалдуу карыялар наалат деп,
Ага берeер тескериче «батаны».

Эгерде ким унутуп койсо энесин:
Эч ким анын сунган колун албасын.
Ар бир эне «таш моло» деп каргасын.
Арт жагында «туяк» аттуу калбасын.

Эгерде ким өз энесин унутса:
Эч ким анын сөзүнө жооп бербесин,
Эч ким аны чакырбасын конокко,
Ал чакырса, эч ким басып келбесин.

Эгер кимдер энелерин унутса:
Ал урунсун кырсыктардын баарына.
Куйкалансын жек көрүүнүн заарына
Демек калсын апалардын каарына.

IV

Баягыдай, короз үнүн улаган
Түндүктөрдүн түтүндөрү булаган.
Баары турат. бир гана сен энем жок,
Эркелетип маңдайымдан сылаган.

Тааныш тоолор, далай сыры чечилген
Тааныш торгой, күүсүн көңүл көчүргөн.
Баары мында.
Жалгыз гана энем жок,
Шоктук кылган чактарымды кечирген.

Гүлдөр тааныш.
Тааныш учкан аарылар.
Тааныш балдар.
Тааныш тиги карылар.
Бир гана сен апам жоксуң жанымда
Турмуш дагы баягыдай, баары бар.

Сен элең го баарынан көп сагынган –
Баарынан көп карааныман кагылган.

Сен элең го баарынан тез кечирген,
Учурумда, балалыктан жаңылган.

Бак-таалайга баарыбызды карк кылып
Өмүрүңдү балдарыңа зарп кылып.
Ысымыңды күнүнө үч кайталап
Ырдап жүрсөм аздык кылаар барк кылып.

Кудуреттин көрчү мындай сараңын
Жүрөт эле аркыраган арааның.
Билбейм анда кандай алда болмокмун
Бир көрүнө түшкөн болсо карааның.

Буурул чачтар пайда болду башымда
Бул күндөрү сен болбодуң кашымда.
Мезгил деген өтөт тура, бул жылы –
Мен апамдын өлгөн жылкы жашында.

Күн күркүрөп, чагылганы жалаңдап,
Ыраң чөптөр башын ийип, салаңдап.
Сени менен кездешчүүдөй бетме-бет
Жан-жагымды карай берем алаңдап.

Өзүнчө бир өзөн элең чарбактуу.
Арабыздан алыс кеттиң ардактуу.
Койлор тепсеп жапырайткан мүрзөңө
Койгон гүлүм, коргошундай салмактуу.

Кабар күтүп, токтоп калам тымызын
Карайм күндүн батыш менен чыгышын.
Улам-улам үмүттөнүп, кылчактайм
Угулбады шырп! эткен да тыбышың.

Мүрзөң тымтырс. Кесе тиштейм бармакты.
Сезем жондо качыраткан салмакты.
Өбөөр элем, өзүң эмес апаке
Өңү сага кебетелеш «арбакты».

Пайда чыкпайт, канча какшап айталык.
Бейит турат беделиңди майтарып.
Айланалы карегиңдин жанында
Апабызды бергилечи кайтарып.

Өлсөң деле мандай жагың жарыктыр
Таштын боорун жашыл чөптөр жарыптыр.
Өмүр бою нан кармаган колуңан,
Бейитиңе буудай өнүп калыптыр.

Бир тилек бар эмне чыгат аныман?
Менин мүрзөм орун алат жаныңан.
Жаздаганда кара чымды менин да, –
Буудай өсүп чыкса алаканыман.

V

Мейли балаң кайсы жакта жүрбөсүн,
Нанын дагы тең бөлүшүп бир кесим,
Асман, жерде, океанда болбоюн,
Ар убакта уулуң менен биргесиң.

Сен биргесиң тагдырыма айкашып.
Күлсөм күлүп, башты бирге чайкашып.
Бирок кызык… көрбөйт сени адамдар,
Жаныңдагы мени гана байкашып.

Бир-биринин бар, жогуна көнүшүп,
Достор келет кубанычымды бөлүшүп.
Сен жанымда жүргөнүңдү байкабай
Алар кызык, мени гана көрүшүп.

Жүргөн жокмун муңгүрөнүп капа жеп
Жүргөн жокмун мүшкүл тартып, жапа жеп.
Антсе дагы катуу чочуп кеткенде
Аргасыздан айтып ийем «апа» деп.

Каттуу шартта, капысынан чочунам
Дал ошондо тарткан сымал боосунан –
Башка сөздү айтайын  деп турсам да
Ошол ысым атып кетет оозуман.

Киргили жок болсо дагы жаканын,
Кириптери болбосом да капанын.
Курсагым ток, кенен-кесир өссөм да,
Жок экенин далай сездим апанын.

Мээримине суусаганда апанын,
Жытын искеп, жамынамын чапанын.
Бир ырымды окубадың апаке,
Мен ушуга абдан-абдан капамын.

Араласаң поэзия – багымды,
Байкаар элең менин ар кыл жагымды.
Көкөлөтүп чынар кылам деп жүрүп
Көрбөй кеттиң жигит болгон чагымды.

...Ашуулардан артка качсам мертинип
Апа сөзү, коёр секин өлтүрүп.
Кээси келсе «апа» деген, төл сөздү
Дем кыламын, «келме» ордуна келтирип.

Калктын жүгү, моюнума үйүлүп
Калган болсом кабырылып, күйүгүп.
Кабагына кар жаап калат апамдын
Калч-калч этип, муштумдары түйүлүп.

Ак кийимчен, койбойт бир да чечинип
Уулун сынайт. Сөз да катпайт чечилип,
Жеңишимди башын ийкеп жактырып
Жетпей калган аракетти кечирип.

Сүрдөп турсам чоң максатка барыштан
Качкан турсам жан кыйнаган жарыштан
Андайымды жактырбаган мүнөздө
Апам мага сөөмөй кезейт алыстан.

Бутка чулгоом жармашса да чайырдай
Артка кеткен даңгыр жолго кайырбай.
Дагы сермел, дагы бир аз чыда деп
Дайым апам, көзүн менден айырбай.

Жашап келем кечти көрүп, таң көрүп.
Элесиңди маңдайымда шам көрүп.
Эне гана ушинталмак жадабай
Эртели-кеч баласына кам көрүп.

Ахыбалда болсом дагы кандайда.
Жаркын элес жанып тургун маңдайда.

Жадыбалдай жаттап жүрөм ысымынды.
Канттай болуп эрип турат таңдайда.

Жетпей калды жеңиштерге санаттар
Тагы калды. Унутулду жараттар.
Кубулушкан алдыдагы максатты.
Кубалоодо шуу! Шуу! Эткен канаттар.

Алды жактан күндөй жарык түн келет.
Алды жактан шаңга толгон үн келет.
Алды жактан «жетим» деген сөзү жок
Апа баарын жөнгө салчуу күн келет.

Таасын айтам, укугум жок чолушка
Дарбазаны жапмак элдер согушка.
Адам эмес, жер да токтой калмакчы
Алсыраган, «апа» деген добушка.

Жылдыздарга багыттантып жебени
Айдайт адам чексиздикке кемени.
Ичим ысып кыскым келет боорума,
Иши кылып «апа» деген немени.

Калыс бийлеп, калбайт эч ким талаага
Бөлүштүрүү болбойт «өзгө», «апага»
Эгер кокус керек болгон учурда
Ар бир апа, апа болот балага.

## ТУРАР КОЖОМБЕРДИЕВДИН «АПА» ПОЭМАСЫ ТУУРАЛУУ

Турар Кожомбердиев – лирик акын катары өз окурмандарын тапкан чыгармачыл инсан. Анын поэтикалык дүйнөсүндө турмушту образдуу чагылдырууга өзгөчө маани берилип, лирикалык каармандын бай дүйнөсүн ар тараптуу көрсөтүүгө аракет жасалат. Ырлары стилистикалык көп боёктуу, көркөм сөз каражаттары бай жана метафоралуу.

Акындын абдан көп ырларына обон чыгарылган, ошон үчүн анын чыгармачылыгын жалпы жонунан мүнөздөгөндөр «акын-песенник» деп да аташат. Бул да өзүнчө бир шыкты талап кылган жөндөмдүүлүк эмеспи.

Ыр саптарынын ыргактуулугу, ойлорунун ачыктыгы, кайрууларынын тактыгы анын чыгармачылыгына обончулардын көп кайрылуусуна омок түздү.

Т. Кожомбердиевдин дагы бир акындык өзгөчөлүгү ал табият көрүнүштөрүн жандуу тартат, анын кылкалеминен жаратылыш кадимкидей жан алат. Мисалы, бир ырдан төрт сап окуп көрөлү:

Дирилдейт айдын сууда жалбырагы
Балыктар тиштейт четин, ана тагы.
Бутакка мөмө болуп илинет ай,
Качырайт оордуктан алма багы.

Көрүнүп тургандай, акын образдуу сүрөт тартууга аракет кылат. Анын сүрөттөөлөрү элестүү жана оргиналдуу.

Турар агайыңар эне темасын кеңири жазган акын. Анын «Апа жана космонавт», «Апанын ыры», «Эне жана коломто», «Апа болуу бактысы», «Түн жана апа», «Апа колу», «Эне жана от», «Эне жүрөгү», «Апа, бала жана түн», «Апа жана үмүт», «Акын жана апа», «Ырдайт эне» деген сыяктуу ондогон ырлары ушул темада. Анын жеке тагдыры ошол темага көп кайрылууга түрткү бергендей. Эне темасында жазганда акын дайыма муңдуу саптар менен муңайым бир эне-бала мамилесин алдыга коюп, анда эненин күйпөлөктөгөн элестүү образын алдыга алып чыгат. Акындын энелери – мээримдүү, камкор, жаркылдаган ачык мүнөз аялдар. Эне менен от, эне менен очок, эне менен бала, эне менен бешик дайыма бирдиктүү каралат, аларды жакындатып турган турмуштун, жашоонун көрүнбөс, билинбес бир жиби окурмандын көз алдына тартылат.

**Жөнөкөй суроолор жана тапшырмалар**

1. Турар Кожомбердиевдин акындык бөтөнчөлүктөрү кайсыларда?
2. Акын эне темасына эмне үчүн көп кайрылган деп ойлойсуңар?
3. Турар Кожомбердиевдин «Апа» поэмасындагы эненин образы.
4. Турар Кожомбердиевдин «Апа» поэмасындагы баланын образы.
5. Эне тууралуу оюңар жана силердин энеңер.
6. Акындын ырларынын тилин талдоо.
7. Т. Кожомбердиевдин ырларындагы көркөмдүк.
8. Акындын ырларындагы лирикалык каармандын ички дүйнөсү.

*Адабият теориясынан*

## ОБРАЗДУУЛУК ЖАНА КӨРКӨМ ОБРАЗ

Образдуулук искусствого таандык нерсе. Мисалы, «Ата-Бейит» эстелигинде айкелчилер репрессияга дуушар болгон адамдарды образдуу түрдө ташка чеккен. Аалы Токомбаев болсо кышкы кечти мындайча образдуу берет:

Ай нурунда кышкы түн,
Айран төгүп койгондой.
Жаңырыксыз токой-чер,
Уктап жатат ойгонбой.
Менменсинген карагай,
Пейли кенен чалдардай.
Кар жамынган чегедек,
Ак тон кийген балдардай.

Бул жерде ай төгүлүп турган кыштагы түн «айран төгүп койгонго», карагайлар «пейли кенен чалдарга», кар жамынып турган чегедек «ак тон кийген балдарга» салыштырылып образдуу берилүүдө.

Мына ушул образдуулук менен сүрөткер окурмандарын, көрүүчүлөрүн кубантат, ыйлатат, кейитет, кыялдантат. Образдуулук мазмунун кургак сөз менен айтып берүүгө эч мүмкүн эмес нерсени кыска, таасирдүү айтып берүү.

Ал эми образ «көрүнүш», «туруш-турпат» деген сөздөн келип чыккан. Образ илим менен искусствону айырмалап турат. Турмушту элестүү жана таасирдүү чагылдыруу образ аркылуу ишке ашат, башкача айтканда турмушту образдар аркылуу берет. Мисалы, Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы баласы согушка кетип кайтпай калган карыянын образы Б. Жакиевдин «Атанын тагдыры» драмасында Акылбек аркылуу берилген. Образ түзүүдө бир адамды чагылдыруу үчүн башка бир нече адамдардын тагдырын, пейилин, жүрүш-турушун, сүйлөгөн сөзүн жазуучу үйрөнөт да, ошолордон алып-алып отуруп, конкреттүү бир образ жаратат. Жогорудагы «Апа» поэмасында энелердин типтүү образы чагылдырылган.

# ЖОЛОН МАМЫТОВ

## (1940–1988)



Акын Жолон Мамытов Ош шаарын аралап аккан Ак-Буура дайрасынын боюндагы, байыркы калаадан ат чабым алыстыктагы Кара-Суу районуна караштуу Төлөйкөн деген айылда 1940-жылы туулган. 1957-жылы айылдагы орто мектепти бүтүрүп, анан Кыргыз айыл чарба институтунун ветеринардык факультетине кирип, аны 1962-жылы аяктайт. Жаш адис катары түштүктө «Катта-Талдык» асыл тукум кой өстүрүүчү чарбасында башкы ветврач болуп иштеп, 1965 – 66-жылдарда Ош облустук комсомол уюмунда инструктор, 1966-жылы областтык ветлабораторияда бөлүм башчы болуп жүрөт. 1968-жылы телерадио комитетинин Ош облустук бөлүмүнө редактор болуп орношот, андан соң эки жыл Москвадан жогорку адабий курста окуйт. Курсту бүткөндөн кийин Фрунзеге келип, Мамлекеттик кинодо редактор, «Кыргызстан маданияты» газетасында бөлүм башчы, Кыргызстан Жазуучулар союзунда катчы, төрага орунбасары болуп кызмат аткарган. Ал коомдук иштерди зор ынтаа менен иштеген, жаш жазуучулардын тарбияланышына салым кошкон инсан болгон.

Анын чыгармачылыгы эрте башталган, жашынан эле ыр жазып келген, анткен менен «Отту сүйөм» деген жыйнагы 1966-жылы гана жарык көрдү. Бирок ошол алгачкы жыйнагына чейин эле «Ала-Тоо» журналына жарыяланган ыр түрмөктөрү менен эле СССР Жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган. Мындай окуя Кыргызстандын маданий турмушундагы сейрек көрүнүш эле. «Отту сүйөм» жана «Жашыл аалам» (1971) деген жыйнактары менен ал кыргыз поэзиясына таланттуу акын келгендигин далилдеди, адабий сында анын чыгармачылыгы жогору бааланды. Кийин «Убакыт», «Ырлар», «Мезгилдин элеси», «Буурул таңдын жомогу», «Суунун өмүрү», «Жарышкан суулар», «Жүз жашка тол, кылым» деген ыр жыйнактары чыкты. Опералarга либретто, мультфильмге сценарий жазды. Кыргызстан Ленин комсомолу жана Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээси болду. Чыгармалары башка бир топ тилдерге которулду.

## БУУРУЛ ТАҢДЫН ЖОМОГУ

### Бала Чилтен баяны

Күн кур эмес малы өлүп,
катын өлүп, бала өлүп,
кылым өтпөй кыргынсыз,
тыным өтпөй кырсыксыз,
уйгак сымал жармаша
ээрчип алып каргаша,
байыркы бир заманда
эл беталды көчкөндө,
жайлуу турак издешип
агын суудан кечкенде,
бир чал менен бир кемпир
көч артынан жеталбай,
жалгыз уулу жоголуп
журтта калат кеталбай.
Чал теңирге жалбарат:
«Аман болсун башы эле».
Ошол жылы баланын
он экинде жашы эле.
Карыганда багаарым
кайда кетти дейт кемпир.
Жалгызынан дарек жок
жапаа, кайгы жейт кемпир.
Кара журтту кайтарып
кара жанды кыйнашып,
чар тарапты искешип
чаалыгышып издешип,
туура алты ай күтүшүп
үмүттөрүн үзүшүп,
Чилтенинин бул журтка
кайрылбасын түшүнүп,
картаң эне какчайып,
бели ийилди бекчейип,
куш сезилип жалгызы
шашып учкан кеч келип.
Карт атанын көздөрү
электенип, тунарып
катты, калды сөңгөктөй
кызыл өңү кубарып...
Болбос ишке даба жок
кандай айда кылалы.
Биз окуя тизгинин
бала жакка буралы!

### Жолборс жашаган коңулдагы окуялар

...Таштан ташка секирип
бала жүрсө гүл терип,
Жамгыр төгүп жиберет
күн карайлар бүркөлүп.
Сыкма болуп кийгени
бала жаанда кайыгат.
Жүргөн селден өтө албай
бир үңкүргө кабылат.
Сөөккө жетет тим эле
ал үңкүрдүн муздагы.
Ойношчу экен ал ченде
жин-перинин кыздары.
Адам жытын түпкүрдөн
алар дароо искешип,
ким келди деп топурап
чыга калат издешип.
Тырмактары шамшардай
учкун учуп көзүнөн,
асман түспөл чачтары
узун экен өзүнөн.
Термелишип турушу
адам көөнүн сыйкырлап,
талып калып көргөн жан
эске келбейт кыйкырмак.
Бала Чилтен тиштери
үшүгөндөн шакылдап,
жин-перинин кыздары
жылат ага жакындап.
«Ай-ий жакшы бала экен,
ай-ий чачы кара экен»
дешип алар туш-туштан

сөз ташташат балага.
Ошол кезде бир жолборс
пайда болот арада.
Шарт мингизип баланы
карматат да мойнунан,
чуркап барат зымырап
тоо-токойдун койнунан.
Бир дайрадан кечкен соң
түшүрөт да баланы,
оозун сомдоп адамча
сүйлөйт жолборс жанагы:
– Мен бир жаштан ашканда
ата-энемден жашынып
ойноп жүрүп, аскага
калган элем асылып.
Эми кулаар кезимде
кол шалдырап бут талган,
адам уулу – Бир Мерген
мени ажалдан куткарган.
Издесем да Мергенде
ошол бойдон көрбөдүм.
Илбээсиндер айтышты
зоодон учуп өлгөнүн.
Жин-перинин кыздары
жешмек тытып өзүңдү.
Шакегине салышмак
оюп туруп көзүңдү.
Мен карызым өтөдүм
кааласаң кет, каала кал.
Ойнойм десең бир өсүп
менде дагы бала бар!..
...Бала Чилтен ошентип
үйүн көздөй шашпады.
Жолборс жүргөн коңулда
өмүр сүрө баштады.
Кечке токой аралап
каткырышат жарышып,
бала Чилтен, жаш Жолборс
күрөшүшөт алышып.
Оюндары канган соң.
эт жешет да чукташып,
томурайып ар жерде
жатып калат укташып.
Булчуңдары баланын
уйдун сүттүү желиндей
күндөн-күнгө чулчуюп
катып барат темирдей.
Сокбилектей билеги,
көкүрөгү керилип,
көп убакта жаш Жолборс
калчуу болду жеңилип.
Үйдөй ташты ордунан
оңой-олтоң жылдырып,
карагайды жүз кулач
койчу болду сындырып.
Бала Чилтен бакжайып
бар сезими өнүктү.
Айбанаттын тилине
өз тилиндей көнүктү.
Токсон гүлдүн бүрүн жеп
токой кезген жаныбар
бир карагер ат тапты
маңдайында шамы бар.
Туяктары таш чапчып
жал-куйругу төгүлөт.
Бул келишкен аргымак
асыл жылкы көрүнөт.
Карагерди минди эле
күч-кубаты артылды.
Алгачкы ирет ошондо
айылын эстеп талпынды.
Ата Жолборс аскадан
аркар сүйрөп түшкөндө,
Эне Жолборс эгизден
эчки сүйрөп түшкөндө,
бала Чилтен алдынан
тосуп чыгып аларды,
ыраазылык билдирди
айтып туруп саламды:
– Куткардыңар өлүмдөн,
балаңарга дос болдум.
Өз үйүмдөй кайгысыз

ойноп-күлдүм, шоктондум.
Жыргап жүрө берипмин,
Уруксаат бер, жол кетем.
Атам-энем бар эле
кандай алда болду экен?
Ата Жолборс ыракмат
ата болгон сүрүңө,
Эне Жолборс ыракмат
эне болгон күнүңө.
Досум Жолборс, кош эми,
балалыкты эстешип
бир каткырып алаарбыз
калаар болсок кездешип!
Бала Чилтен астейдил
сабал салып турганда
жооп күткөн ормонду
тынчтык басты бир дамга.
Ата Жолборс жалынан
жулуп берди бир тутам.
Эне Жолборс чачынан
түйүп берди бир тутам.
Бала Жолборс кылынан
Байлап берди бир тутам
– Кыйын күндөр туш болот,
катып жүрсөң беленде
үчөөбүздүн күчүбүз
кошо жүрөт денеңде!
Коштошушту Чилтенге
жашы менен карысы.
Жолборс бийилик жүргүзгөн
айбанаттын баарысы.

***

Чилтен жетти журтуна
кырк күн, кырк түн толгондо.
туш тарапта түмөндөп
кошун жатат жон-жондо.
Сөздөрү да бөлөкчө,
өздөрү да бөлөкчө.
Жанып турган түнкүсүн
көздөрү да бөлөкчө.
Асабага ашталган
айрылары шиш келет.
Колго тийген жандыктан
жасап жатат шишкебек.
Желедеги кулунду
туш жагынан сайышып
жеп салышты заматта
астына от жагышып.
Дагы бири баканы
тирүү жутту каратып.
Жиптей тартып жыланды
жешет экөө талашып.
Кумурсканы жайнаган
кошучуна толтуруп
чайнап жатат бирөөсү
таш түбүндө олтуруп.
Ары жакта бир тобу
адамды отко ташташты.
Бутун буттай, колун кол
тытмалаша башташты.
Муну көргөн Чилтендин
бүткөн бою муздады.
Чекесинен тер кетип
көкүрөгү сыздады.
түн жамынып үйүргө
жакын жетип караса,
жылкы кайрып сокур чал
ыйлап турат балача:
– Ыраа көрбөй койдуң ов
теңир мага ажалды.
Күнөөм үчүн качанкы
ыйгардың бул жазаңды?
Жин-перинин аскери
малды-жанды койбоду.
Эр азамат эченди
эс жыйдырбай сомдоду.
Эки жылдан бержакка
жатат жайнап жон-жондо.
Тирүү жүрөм жем болбой
өзүм арык болгонго.
Бала Чилтен муну угуп
башы жерге шылкыйды.
Чалга жакын барды да

жай сурашып сыр курду:
– Мен адамдын баласы
кулак салгын абаке.
Көп жыл мурда жашаган
мындагы журт канаке?
– Жайлуу турак издешип
алар сууну кечишкен.
Бир ат менен биздерди
журтка таштап кетишкен.
Жоголгондо балабыз
алты ай күткүн дешти эле.
Бала да жок, тууган жок,
жок дүйнөдө эчтеме.
Алты ай күтүп энеси.,
кайып болгон баланы,
моюн сунуп ажалга
акыретке карады...
«Атаке!» деп эр Чилтен
кучактады атасын.
Ал ошондо түшүндү
балалыктын катасын.
Жашы кетип он сала
буркурады, боздоду.
Ал көз жаштан коктуда
кыян жүрөр окшоду.
Ал көз жаштан бир тамчы.
чал көзүнө чачылды.
Сокур карек соолууган
чайыттай болуп ачалды.
Буудан деген жылкыны
бөлүп айдап үйүрдөн
кирип кетти ормонго
ата-бала сүйүнгөн...
– Алты ай күткөн энемдин
сөөгү калган бул жерде.
Баба менен кандаштын
Көбү калган бул жерде.
Алты айчылык сапарга
кеткен тууган не болду?
Кыр-түзөңдө бириндеп
кырылдыбы жоо колдуу?

Жин-перинин аскери
аскер эмес ач бөрү.
Алтай журттун кишиси
ач бөрүдөн кач бери,–
деп кабарлап эр Чилтен
тозгон журтту топтоду.
Кармашууга кас менен
кандуу жолго токтоду.
Усталары узанып
албарс кылыч сугарды.
Асыл ташка кылоолоп
мизин эки чыгарды.
Карагайдын учуна
болот учтук капташты.
Отуз күнү найзаны
көмүр чокко тапташты.
Тегиз күлүк суутуп
күчтөнүштү катарын.
Жеберлердин учуна
уу сүртүштү атайын.
Алты төөнүн терисин
ийлешти да майлашты.
Денесине Чилтенди
сексен ороп байлашты.
Туягына атынын
калың темир кактырды.
Толорсугун толтурбай
караңгыда бактырды.
Темир кадап төшүнө
туулга кийди башына.
Кармашууга кас менен
камчы басты атына.

### Жалпак Таман менен кармаш

Жин-перинин кошунун
Жалпак Таман бийлечү.
Жүрүп кетсе жөө жалаң
буту жерге тийбечү.
Көкүрөгү жар эле,

алп чеңгели кан эле.
Кармашканда күч берчүү
кырк илээсе бар эле.
Эң биринчи илээси
сөзү менен чуктатып
көз көрүнөө адамды
коёр эле уктатып.
Сегизинчи илээси
жылан болуп имерип
көздү сокур кылчы эле
уусун чачып жиберип.
Жыйырманчы илээси
доңуз болуп куркулдап
челип салчу душманын
чуркап жетип дүңкүлдап.
Отузунчу илээси
шамал болуп жутунуп
ороп кечтүү адамды
куюн болуп учуруп.
Эң акыркы илээси
жолборс болуп арылдап
тиш салганда касына
кан жайылчу шарылдап.

***

Жалпак Таман так билди
душман келе жатканын.
Көкүрөгү эрдигин,
көөдөнгө кек катканын.
Сынамакка душманын
миң аскерин жиберди,
каптаттырып имерди.
Миң аскерди эр Чилтен
Качыратып куурайдай
кайсап кырып жиберди.
Бул айласы бүткөн соң
алпка жолун тостуруп
дагы салса сарасап,
карагайдан сур найза
алп илинип баратат.
Жалпак таман байкады
жоосу оңой эмесин.
Алгачкы ирет коркунуч
дирт эттирди денесин.
Опол Дөөсүн чакыртып
сына деди күчүндү.
Дөөнү женсе бул Чилтен
жалпакеңе анда эле
тең келээрин түшүндү.
Дөө качырып барды эле
шаша түштү эр Чилтен.
Токтой калды апкаарып
жигиттери ээрчиткен.
Ошол кезде Дөө аны
мыктап сайган окшоду.
Сексен кабат терини
найза жиреп токтоду.
Дөө найзасын тартканча
Чилтен кылыч шилтеди.
Топ деп башы таарылып
Дөө жан берди мүрт эми.
Жалпак таман атына
ыргып минип тосту жол.
Таазим кылып астейдил
эр Чилтенге сунду кол:
– Бул алтын баш доорунда
баатырларды көп көрдү.
Ашкан баатыр экенсиң
алардан да өктөмдүү.
Миң аскерди бир кырып
алпты дароо туздадың.
Опол Дөөнү ишенген
койдой кылып мууздадың.
Тилегиң айт бачым.
айтканыңдай кылалы.
Жер меники, кет десең
ат тизгинип буралы.
Багын десең багынып
кошун болуп берели.
Кыйындыгың көтөрөөр
досуң болуп берели!..
Жалпак Таман жапылдап
сүйлөп жатты сөздөрүн.
Эр Чилтендин уламдан

уйку басты көздөрүн.
Муштай көгөн мурдуна
конуп туруп сайды эле,
чочуп кеткен Чилтен эр
кылыч сууруй калды эле,
Жалпак Таман жыйрылып
жылан болуп арбады.
Ууртуна жыйнаган
уусун эми камдады.
Камбар ата тукуму
айтуяктуу Карагер
чаткаяктай калды эле
дүң дей түштү кара жер.
Ат болбосо Чилтенди
анык азыр өлтүрмөк.
Карагердин кареги
агып түштү мөлтүлдөп.
Сойлоп кеткен сур жылан
топ бадалга жашынды.
Азуулары арсайып
доңуз болуп качырды.
Эми жарам дегенде
электебей эр Чилтен
эки азуудан кармады,
кайрып туруп сындырып
каман оозун кандады.
Доңуз дароо ошондо
жолборс болуп кубулду.
Күркүрөгөн дабышы
жер жүзүнө угулду.
Чокморбаштай куйругу
аркан болуп узарып
секирүүгө камданды
көзү оттой кызарып.
Ата Жолборс жалынан
жулуп берген тутамды,
Эне Жолборс чачынан
түйүп берген тутамды,
бала Жолборс кылынан
байлап берген тутамды
кармап Чилтен колуна
үн чыгарса күркүрөп,
жер жарылып ал үндөн
булак акты диркиреп.
Эки жолборс тирешип
эки дүйнө беттешти.
Жардап карап тургандар
жабалактап четтешти.
Ошол кезде эр Чилтен
Чын кармашты баштады.
Каршысында жолборсту
апчып туруп жонунан
жара чайнап таштады.
Жалпак Таман жан берди
чын ажалга туш болуп.
Жыйнап турган аскери
учуп чыкты куш болуп.
Далдалактаган сансыз куш
күндүн көзүн жапканда
эр Чилтендин жебеси
учуп жатты асманга.
Бир жебеге тепчилип
бир нечеден илинип,
күн кайрадан нур чачты
тазаланып куштардан
асман жара тилинип.
Карагердин кайрадан
кошкуруку угулду.
Күндүн нуру жылкынын
карегине куюлду.
Жигиттери Чилтендин
тегиз ишке жарашты.
Беш салаадай жебе огу
караңгыны таратты.
Эң акыркы кара куш
түшкөн кезде алдына,
жер титиреп, зоо көчүп
тоо силкинип алды да,
Булак мөңкүп кайрадан
жан-жаныбар ырдады.
Жин-перинин бийлиги
жер үстүнөн кыйрады.

**Дүрбүлөңдүү коктуда**

Алтымыш күн жүрүштү
ат туягын талытып,
аскалардан өтүштү
муз жарылган кар учуп.
Жетимиш күн дегенде
желдей болуп желишти.
Булут челген тоолордун
этегине келишти.
Кокту-колот, суу бойлоп
ичкерилеп жүрүштү.
Дүрбөлөңдүү жылгага
дүпүрөтүп киришти.
Бул жылганын ичинен
от атылып асманга,
сай ташындай чокторду
туш тарапка чачканда,
түнү болуп күндүздөй
бүт теребел жаркырап,
оттуу дайра кокту ылдый
кетип жатты шаркырап.
Эгээдери коктунун
жалын топтой тоголок,
эр Чилтенге аскадан
жакындады тоголоп.
Ысыгына чыдабай
аттар артка жылышты.
Куйкаланып жалдары
омуроосу тырышты.
Чекесинен эрлердин
тер жамгырдай агылды.
Топжалындан чыккан нур
көздөрүнө чагылды.
Иңир кечте коктуга
өзүнчө эле күн чыкты.
Топжалындан ошондо
мындай деген үн чыкты:
«– Кастык ойлоп адамзат
келген болсоң дилинде,
чөктүрөмүн баарыңды
от кайнаган иримге.
Эгер болсоң жолоочу
жол көрсөтүп коёмун.
Болсоң кокус каракчы
көздөрүңдү оёмун.
От уурдагыч шум болсоң
байлап туруп кул кылам.
От ташытып өзүнө
турпатыңды күл кылам.
Ачыгыңды айт бачым,
калп айтканың билемин,
жактырбаймын жалганды,
чындык сөзгө иемин».
Чилтен муну укканда
от алоолоп канында,
таржымалын жашырбай
айтып берди Жалынга.
Эр Чилтендин баяны
от эгээсин муютту.
Уккан кебин жактырып
көөдөнүнө уютту.
«– Бир заманда Жин-пери
мени менен урушкан.
Өчүрөм деп түбөлүк
отума суу куюшкан.
Ал кусурду атайы
мага согуш баштаган,
колу-бутун куйкалап
алыс сүрүп таштагам.
душманымды жок кылган
Чилтен, досум экенсиң.
Эми кантип Топжалын
санаалашка кекенсин.
Сенин журтуң чачылып
баратканда бүлбүлдөп,
жол көрсөтүп койгонмун
күн артынан жүргүн деп,
От бергенмин колуна
үшүгөндө жылын деп,
адамзатка тирүүдө
эркин болуу кыйын деп.
Бул шакекти эр Чилтен

тагып алгын салааңа.
Куйуп кетет отунан
бутундөй бир калаа да.
Жаман ойлоп колдонсоң
өзүң кошо күйөсүң,
жакшылыкка колдонсоң
жеңиш менен жүрөсүң...»
Муну айтты да Топжалын
кош деп артка шашылды.
Сай ташындай сансыз чок
аркы кырдан атылды.

### Айкөкүлдүн түшү

Уйкусунан Айкөкүл
чочуп кетип ойгонду.
жаш жүрөгү дүкүлдөп
оодарылып толгонду.
жакын көргөн адамы
бир салакат болгонбу?
Жоосу чыгып астынан
жолун тороп койгонбу?
Үч күн мурда Айкөкүл
уктап жатып түш көрөт.
Капилеттен түшүндө
кабыланга туш келет.
Атырылып кабылан
секирээрде жаңыдан
минип алат эр Чилтен
кармап туруп жалынан.
Ошол замат эки жер
жан кечтилеп кармашат.
Буйдалыштан андагы
теребелди чаң басат.
Чаң уюлгуп тараса,
бул не деген тамаша?!
Экөөнөн тең дайын жок
эчен курдай караса.
Чочуп турса ордунан
Чыгыш толо жарык нур,
кулун-бээлер кишинеп
таң агарып калыптыр.
Эртесинде түш көрсө:
кайра салса сарасап,
жоо-жаракчан эр Чилтен
кыйгач өтүп баратат.
Кыз кыйналып кыйкырат,
үнү чыкпайт кыркырап.
Кайра сүрдүү кабылан
алга жылат ыркырап.
Төшөгүнөн Айкөкүл
тура калат чыркырап.
эмелеки түшүндө
кайра дагы кабылан
жолун тороп туруптур.
Каарданган эр Чилтен
карагайды жулуптур,
кабыланды бул жолу
былчырата уруптур.
Кучак жая берээрде
Айкөкүлдү куу шамал
эр колунан жулуптур.
Камгак сымал Айкөкүл
алыс учуп барыптыр,
абайласа Чилтенди
аскер курчап алаптыр...
Ушинтип Айкөкүл
уйкусунан ойгонуп,
эт жүрөгү лакылдап
оодарылып толгонуп,
үч түн көргөн бул түшүн
жорутпастан көнөбү?
Түркүк-Эне үйүнө
таң агарбай жөнөдү.
Түркүк-Эне бул түштү
мына минтип жоруду:
«– Кабыланды өлтүрсө
Чилтениңдин соолугу.
Аскер курчап калганы
аны сана басканы.
Күндөп-түндөп жол жүрүп
катуу келе жатканы.

Кыйгач өтүп кеткени
издегени өзүңдү.
Үнүңдү укпай койгону
сагынганы сөзүңдү.
Төлгөм айтып жатты эле
айлыбызга аз күндө
бир ак барчын конoорун,
чоң жыйында ал бирок
амалына алданып
Чортон колдуу болоорун...»
Муну укканда Айкөкүл
атып туруп ордунан
арман-зарын бүт айтып
Түркүк-Эне алдында
сүйлөп түрдү шордуу жан:
«–Түпкүрдөгү замандан
Түркүк-Эне сен жалгыз
келатасың арыбай.
Убакытка баш ийбей,
пенделикте карыбай.
Ал да сенин кулунуң
куткара гөр баланды.
Мен Чилтенден айрылсам
көрөөр күнүм караңгы.
Билем Чортон өзүмдү
аялдыкка алам деп
жыйын жыйып жатканын.
Эгер тийсем Чортонго
мен Чилтенди сатканым.
Тырмактайдан бир өскөн
теңтуш көөнүн оорутуп
бетиме көө жапканым...»
Токтоналбай Айкөкүл
жашын төктү жамгырдай.
Түркүк-Эне түйшөлүп
акыл айтты ал мындай:
« – Сени дегдеп келаткан
эр Чилтенге көрүнбө.
Айдай жүзүң азгырып
себеп болот өлүмгө.
Чортон баатыр тоого жок,
кармашканда капшырып
тоо тарапка сүйрөсүн.
Бөөдө сууда чөктүрөт
соот, тулга кийбесин,
Конок түшсө эң четки
Алачыкка кирбесин,
басып алса ал жерден
уу балыктын ийнесин
колу-бутун шишитип
кедергеси тийбесин!..»
Айкөкүлдүн кабагы
аздап эми ачылды.
Күндүн нуру кылтыйып
көл жакалай чачылды.

**Чоң жыйын ээси**
**Чортон баатыр**

Чортон баатыр бул көлдү
жалгыз ээлеп жатчы экен.
Дүйүм даамын бул жердин
жалгыз өзү татчы экен.
Байкуш элге мындагы
салык салып жыл сайын,
тамашага батчы экен
тартып алып бүт малын.
Кордук минген бул элди
ачарчылык жеңгенде,
чачкын журттар биригип
убадалап коюптур
Айкөкүлдү бергенге.
Айкөкүлдүн бул жайда
он жетиде кези экен.
Ай нурунан көрк алган
чын перинин өзү экен.
Келип жатты калың журт
суюлбастан аягы.
Ушул экен биз билген
чоң жыйындын баяны.
Көл жакалай тиктирип
кырк өргөөнү көркөмдөп,

чокчурулган Чортондун
жайнап турган кези экен
той жасаймын эртең деп.
Жарчылары жар айтып
добулбасын кактырып,
ар өргөөгө ар журттун
өз белгисин тактырып.
Эр жүрөктү аярдап
жамбы атканга даярдап,
камылгасын бүтүрүп
калган кезде күтүнүп,
кашка жолдун чаңына
карап калды жамы журт
бүт айылдын ити үрүп.
Бейтааныш эр келатат,
кабылан шер келатат
карагери ыргыштап.
Чочуп кетип бул Чортон
тура калды ордунан
көкүрөгүн бир муштап.
Ал бейтааныш баатырды
аз кошуну такымдап,
адыр чаңын ызгытып
келе жатат жакындап.
Чортон мындай караса
оң өргөө жанаша
бүркүт кабак жаш жигит
күлүк минип турбаспы!
Айтты дароо буйругун:
«– Кимдер булар келаткан,
алдын тороп бил жакшы!
Конок болсо жол жүргөн
конуп өтсүн, уруксат.
Котур таштуу эр болсо
көл түбүнө чөгөрүп
тыйпыл кылам урушсак!...»
камчы басты атына
бүркүт кабак жаш жигит,
Айкөкүлдүн иниси
бардык ишке маш жигит.
Чилтен билди жигиттен
Айкөкүлдүн ал-жайын.
Элдин-журттун тагдыры
ээн күндө калганын.
Чилтен билди жөн-жайын
бул коогалуу жыйындын.
Туш келгенин моминтип
кыйынына кыйындын.
Салам айтып Чортонго
аттан түштү эр Чилтен
жол бараткан элек деп.
Сууруп чыкты таңгактан
он аюунун терисин
тоюңа деп белектеп...

### Чортон менен илтен

Эртесинде эл жайнап
эр сайышты жардашты.
Эки берен жүрөгү өрт
өжөрлөнө кармашты.
Капыс жерден качырып
көкүрөгүн кандашты.
Акырында экөөбү
бирин-бири жайлашты.
Анан туруп Чортондун
мергендери тизилди.
Алмак-салмак жамбы атып
тийгизе албай эч бири
жаанын жиби үзүлдү.
Чортон сынап ичинен
эр Чилтенге кеп салды.
Атып алып жамбыны
ала кеткин деп калды.
Келип турса кыябы.
Чилтен карап турабы.
Саадагынан ок сууруп
жааны жибин бурады.
Бир атышта эр Чилтен
ал бутаны койбоду.
Ат башындай жамбыны

куржунуна сомдоду.
Алдырганга сөзүнөн
Чортон ичи ачышты.
Азамат деп Чилтенди
эл чуулдап жатышты.
« – Элге-журтка эр Чилтен
бир тамаша куралы,
ат жалынан кол созуп
күч сынашып тыналы.
Жеңип кетсең өзүмдү
ал балбандык таалайың.
Кокус калсаң жеңилип
Карагериң алайын...»
Келип турса кыябы
Чилтен карап турабы,
жеңип кетсем бергин деп,
Айкөкүлдү сурады.
Бир ийине Чортондун
бир зор өгүз баткандай.
Бир ийининде Арыстан
эркин оонап жаткандай,
анан кантип бул Чортон
туруп калсын мактанбай:
« – Чилтен баатыр канакей
кармаш кураар төрүнө өт.
Ушул долу ажалды
издеп калдың көрүнөт»
деп билегин түрүнүп,
малайлары жүгүрүп
атка минди чоң Чортон
алаканга түкүрүп.
Аңдый карап бир-бирин
жакын барып калышты.
Заңк этише кагышып
чап билектен алышты.
Бири тоого сүйрөсө.
бири көлгө сүйрөдү.
Жер туяктан оюлду
дүңгүрөтүп дүйнөнү.
Аттар какты омуроо
өпкөлөрү калбырдай.
Чекесинен эки эрдин
тер куюлду жамгырдай.
Чортон деген кара күч
эр Чилтенге тең экен.
Эч ким билбейт, булардын
кими кимге жем экен.
Эр Чилтендин кубаты
кете түштү шалдырап.
Муну сезип калың Эл
мүңкүрөдү жалдырап.
Ошол кезде эр Чилтен
Ата Жолборс жалынан
жулуп берген тутамды,
Эне жолборс чачынан
түйүп берген тутамды,
бала Жолборс кылынан
байлап берген тутамды
коюнунан алды эле
күчү көлдөй ташыды.
Муну карап тургандар
кубангандан жашыды.
Бул укмушка таң калып
Чортон чыны сүрдөдү.
Темир алпты эр Чилтен
тоо этектей сүйрөдү.
Чортон кайра күчөнүп
болгон күчүн сарптады.
Көпчүгүнөн көтөрүп
көлдү көздөй тартты аны.
Жакындаса көл жакка
күчтөнгөнү байкалып,
көөшүп жаткан көл дагы
кеткенсиди чайпалып.
Эр Чилтендин кубаты
кайра кетти шалдырап.
муну сезген калың эл
катып калды жалдырап.
Ошол кезде эр Чилтен
кылчактабай артына
таш күзгүнү алды да
ташка чаап таштады.

Чортон өңү кумсарып
колу бошой баштады.
Көрсөң дагы көз менен
келбеген иш акылга.
Балык болуп балчайып
Чортон жатты такырда.
Кубанычтан эл жашы
көлдү көздөй каптады.
Ошол күндөн көл суусу
туздуу боло баштады.
Зор көтөрдү Чилтенди
Жаалап жүрүп эң алды,
кутулган эл Чортондон
көөдөн кере дем алды.
Кабактары жаркыды
кары дагы, жаш дагы.
Айкөкүлдү көргөндө
арманы күч эр Чилтен
эстен тана жаздады.
Журт кумары таркады
кырк күн, кырк түн той болуп.
Адам билбес бир сырды
Чилтен жүрдү ойлонуп...

**Соңку сөз**

Андан бери топ заман
өттү, кетти закымдап.
Жашап келет адамзат
убакытты такымдап.
Ачуу мезгил адамдан
алыс жылат аркырап.
Жакшы күндөр жыбырап
жакындашат жаркырап.
Эне барда адамзат
чексиздерге бара алат.
Эне гана жашоого
түркүк болуп кала алат.
Уул-кыздар дүркүрөп
бой жетишет саламат.
Желмогуздар жер үстүн
кыла алышпайт алаамат.
Журтун коргоп ар заман
жаңы баатыр жаралат!...

## ЖОЛОН МАМЫТОВДУН ПОЭТИКАЛЫК ДҮЙНӨСҮ ЖАНА «БУУРУЛ ТАҢДЫН ЖОМОГУ» ПОЭМАСЫ ТУУРАЛУУ

Жолон Мамытов кыргыз поэзиясы дүйнөлүк адабияттын салттарын Ала-Тоо аймагына батылдык менен алып келген өткөн кылымдын 60–70-жылдарында эң активдүү жана үзүрлүү иштеген акындардын бири. Анын кесибинин адабиятка алакасы жок болгондугуна карабай ыр жазуу жаш курагынан эле анын жашоосунун бир булагына айланган.

Биринчи жана экинчи китептери менен эле ал өзүн күчтүү рухтун, романтикалык пафостун акыны экенин көрсөттү. Анын лирикалык каарманы бул же тигил көрүнүшкө атуулдук позициясын айкын билдирет. «Сен пенде болгон менен бир жөнөкөй, от кошот сенин ырың зор кылымга» деген саптары анын жөнөкөй адамдын жөнөкөй иши кылымда орду бар иш болорун айтуу

менен гуманисттик бийик ойлорун көрсөтөт. Акын өзүн дүйнөлүк кыймылдын борборуна коёт да, ошондон өзүнүн активдүүлүгүн байкатат, эч нерсеге кайдыгер эмес. Анын оюнча акын жүрөгү баарын туйган, баарын кабыл алган жана баарына таасир эткен татаал аппарат, «оо, жүрөгүм – асыл сыя челегим», «оо, жүрөк бир жүрүшкө чыдап бергин» деген сыяктуу жүрөккө, мээге, өзүнө, адамга, кудайга, Күнгө, Ай-жылдызга, отко, доорго кайрылган саптары арбын. Метафоралар анын ырларынын жанын түзүп, ошолор аркылуу поэтикалык жандуу элес жаратат.

Ж. Мамытовдун поэзиясы – демдүү поэзия. Ошол поэзияны жараткан акындын жүрөгү да демдүү. Анын бүтүндөй чыгармачылыгын кызыл сызык менен тепчип өткөн нерсе – ошол демдүүлүк. Демдүүлүк деген бул – ички дүйнөнүн козголуусу, реакциясы, жүрөк-жүлүндүн туйлап турушу. Тышкы таасирге козголуп, өз сөзүн ыкчам жана бийик пафос менен эмоционалдуу айтуусу. Дал ушул нерселер акындын баркын бийиктетип, атуулдук аброюн көкөлөтүп турат.

Ж. Мамытов элдик баатырдык дастандарга бир топ чыгармаларында кайрылып келген. Анын бири – «Буурул таңдын жомогу». Жомок кыргыздын баатырдык дастандарынын салтын улантат, анда душмандар жана каракүч ээлери менен күрөшүү башкы орунга чыгат да, баатырдын көп кыйынчылыктардан өтүп акыры жеңишке жетиши көрсөтүлөт. Эр жүрөктүүлүк, эл тарапта болуучулук даңазаланат. Бабалардан айтылып келген сөз бүгүн да маанисин жогото элек, бул сөз муундан муунга айтылып келет деп билдирилет. Бул баянды жазардан мурда ушул окуяны:

Чоң атамдын атасы
Өз атамдан уккам деп,
Бул жомокту ал айткан.
Чоң энемдин энеси
Чоң апамдан уккам деп,
Бул жомокту ал айткан,

– деп айтып келип, анан гана акын аны ырга салат. Мында чоң тарбиялык маани, жомоктук укмуштуу окуялар айкалыштырылган.

### Жөнөкөй суроолор жана тапшырмалар

1. Ж. Мамытовдун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу мурдатан кабарыңар бар беле? Болсо эмнелерди билесиңер?

2. «Бала Чилтен баяны» бөлүмүндө жалпы доордун, мезгилдин өзгөчөлүктөрү кандайча берилет?
3. Жолборс жашаган коңулдун сүрөттөлүшү.
4. Акындын жин-перинин кыздары тууралуу баяндашы.
5. Жолборс жана анын жашоо шарты.
6. Бала Чилтендин журтуна келгендеги ал жердин абалы.
7. Жалпак Таман жана анын көрүнүшү.
8. Дөө менен кармашуу.
9. Дүрбөлөңдүү коктунун дүрбөлөңдүү окуялары.
10. Таш күзгү керемети.
11. Айкөкүл кандай түш көрдү?
12. Чортон менен Чилтен: каармандардын тышкы көрүнүшү, максат-ниеттери.
13. Ж. Мамытовдун поэмасынын үзүндүлөрдү жаттоо.

Татаал суроолор жана тапшырмалар

1. Акын-жазуучулар эмне үчүн элдик сюжеттерге, же элдик оозеки чыгармаларга кайрылышат?
2. Поэмадагы күрөш темасы: ак ниеттик менен кара ниеттиктин, адилдик менен кара өзгөйлүктүн күрөшү.
3. Жомоктордогу кубулуу окуялары жана алардын мааниси.
4. «Буурул таңдын жомогу» поэмасынын кыргыз элинин башка жомокторуна сюжеттик, образдык жактан окшоштуктары жана айырмачылыктары.
5. Адам жана табияттын кара күчтөрү.
6. Чыгармадагы адамгерчилик темасы.
7. Элдик оозеки чыгармалардагы түш көрүү мотивдери жана алардын мааниси.
8. Ж. Мамытовдун ыр түзүүдөгү техникалык чеберчилигин талдоо: уйкаштык; муун; муунак; куплет.
9. Чыгармадагы гипербола жана литоталарды табуу, алардын колдонулуш себептерин талдоо. Ушундай эле жол менен эпитет, метафора, салыштырууларга анализ берүү.
10. Поэма неге ушундайча аталган деп ойлойсуңар?
11. «Жолон Мамытовдун акындык дүйнөсү» жана «Буурул таңдын жомогу» деген темада дил баян жазуу.

# ОМОР СУЛТАНОВ

## (1935)



Омор Султанов – бүтүндөй өмүрүн поэзияга арнап, кыргыз адабиятында акын катары өз ордун тапкан таланттуу инсан. Ал 1935-жылы Ысык-Көлдүн Тескей тарабындагы Тосор айлында жарык дүйнөгө келген. Балалыгы согуш учурунун катаал күндөрүнө туш болгон. Кийин ал ошол эл турмушунун трагедиялуу учуру тууралуу «Ак жол, көк асман» деген кара сөз түрүндөгү повестин жазат да, анда ошол кездин картинасын сөз менен элестүү тартат. 1953-жылы Барскоондогу орто мектепти бүтүрөт. 1959-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктаган соң, «Ала-Тоо» журналында, Жазуучулар союзунда иштеген, жаш жазуучуларга таалим берген.

Башкаларга окшоп эле анын алгачкы ырлары да университетте окуп жүргөн учурда жарыялана баштайт. О. Султанов 1961-жылы «Тоо күндөрү» деген биринчи жыйнагын чыгарса да, анын атын акын катары Кыргызстанга жакшы тааныткан китептери «Отузунчу станция» (1968) жана «Аэропанорама» (1970) деген жыйнактары болду. Мына ошондон кийин анын ондон ашык ыр китептери элге тартууланды, өзгөчө эл арасына «Сен жөнүндө поэма», «Чарчоонун жүзүнчү ыры» деген чыгармалары кеңири тарады. «Адамдын турмушу» деген ат менен ыр түрүндөгү романы чыкты. Дүйнөлүк классик акындардын бир тобунун ырларын кыргыз тилине которуп берди. Өзүнүн ырлары да башка тилдерге которулду. Ал уйкашкан салттуу ырларды да, уйкаштыгы жок эркин формадагы ырларды да жазуу менен кыргыз поэзиясын жаңылоого аракет кылган акын катары да адабий сында бааланып келет.

## КОШ, ЫСЫК-КӨЛ

Кош, Ысык-Көл, жолугушуу алдыда,
Кош, толкундар, силер да аман калгыла.
Көрүнбөгөн бир бөксөрүү, бирде өксүү,
Энчиленген биздин кербез – тагдырга.

Күтөт мени кездешүүлөр белгисиз,
Аман болсок эчен ойноп келербиз.
Бакытыңды ашыгыраак канчалык,
Көз көрүшүү алтын баага теңегис.

Мен сезимдин эркине эрте багынып,
Жүрдүм мында салкыныңды жамынып.
Апакемди кээде эсимден чыгарып,
Асты унутпай сени эстеп сагынып.

Жүрөм толуп, жүрөгүмдө байлык бар,
Сен бере элек, мен ала элек кайрыктар.
Алып бүтпөс агып жаткан кенчимдей,
Аны албаган мен өзүмдө айып бар.

Мейли албасам болсун аман алтын баш,
Алып коёр бизден кийин келчү жаш...
Көл алдында перзенттик бир милдет ал,
Көрүшөбүз кайгы-кубаныч аралаш.

## БОКС

Айтабыз ал эле деп, бул эле деп
А чыны, баардык кезде күчтүү жеңет.
Билгенге бокс ойну кыйын оюн
Кыйын уул ойлоп муну тапса керек.

Мында бар кармашуунун бардык түрү
Амалдуу акылдуулук эрдик сүрү.
Багымдан көрөөрмүн да дегенге окшойт
Боксердун башын ийкеп жүгүнүүсү.

Турмуштун аренасы төрт бурч ринг
Окшобос эч бир окуу, эч бир илим, –

Жашоонун тартибинде күндө өтүүчү
Боксерлор уруп ойнойт бири-бирин.

Ур, боксер, ураар болсоң, таамайлап ур
Жеткирээр максатыңда жаштык учур.
Жеңсе да, жеңилсе да бир тобокел
Ким эле жеңиш үчүн туулуптур.

Рингде калыстыкты берсе берет
Бербесе айта албайсың бир деме деп.
Көргөндөр билсин, аны бир өзүң бил
Судья… Бири келип, бири кетет.

Кылчактап көп караба судьяга
Милдетиң уруп калыш учурунда.
Калыстык болсо болот, болбосо жок
Тагдырың мээлей кийген муштумунда.

Айтабыз ал эле деп, бул эле деп
А чыны акырында күчүң жеңет.
Билгенге бокс ойну – турмуш ойну
Бизге аны билип коюу – кызык милдет.

## АЛТАЙ… АЛТАЙ…

Алтай… Алтай… Манас атам туулган,
Көк-жашаң жер – көз жашына жуунган.
Карып аккан Катын дайра калыс суу,
Нарын менен эже-синди бир тууган.

Алтай.. Алтай… Манас атам жердеген,
Аккуласы ак жалгашып жел менен.
Миң жылдыздай миң жыл өчкөн арада,
Мен Алтайды көрөм ойго келбеген.

Алтай…Алтай… апкаарытат арааның,
Ай, жылдыздын арасында карааның.
Ак булутуң аска башын айланган,
Араң турат айтып ийбей саламын.

Алтай... Алтай... алтын сымак табылыш –
Мындай кымбат, мындай улуу кабылыш.
Жүрөөр эле атыңды уксам ар дайым,
Жүрөгүмдө чоочун жылуу сагыныч.

Алтай... Алтай... мен жоголгон баладай,
Атың сенин сынып бүткөн жарамдай.
Мен өзүңдөн акыл сурап келгенсийм,
Өткөнүмдү кайра кайрып алаардай.

## ЖООКЕР

Февралдын көп-көк түнүндө,
көмкөрүлгөн аалам-асман астында.
автоматын колуна алып,
жоокер турду постунда.
Актриса – жылдыздары чачылган
асман турат театрдан көшөгөсү ачылган.
Жоокер ойлойт:
иттер үргөн айылдын тынч түндөрүн...
Жүрөгүндөй жалгыз калган апасын.
Таңды ойготкон короздордун үндөрүн
Сүйгөн кызды сүйбөй койгон катасын...

Далай таттуу санаалар,
өткүн болуп басылды.
Постто туруп көп-көк түндө
түштү оюна атасы.

Кайда атасы?
Жоокер уккан атасынын жоокер болуп кеткенин.
Эки курдай жараланып... айыгып
жоону сүрүп Прагадан өткөнүн.

Андан бери каркыралар көп учту.
Андан бери келип-кетти турналар.
Бирок жоокер көрбөй келет
атасынын бир кайрылып учканын.
Сагынычтуу үнүн тыңшап
жазда келгин куштардын.

Эне кургур медер кылат
Жалгыз туяк – аппагын.
Постто жоокер медер тутат.
Атасынын катылуу эски каттарын.

## ОМОР СУЛТАНОВДУН ЛИРИКАЛАРЫ ТУУРАЛУУ

Лирика – акындын ички сезиминен чыгат, б. а. ар кандай эле адам катары акын кайгырса кайгысын, кубанса кубанычын, өксүсө өксүүсүн, жакшы көрсө жакшы көрүүсүн ырга салат. Лирикада окуялар, сюжет болбойт, анда лирикалык каарман гана сезим-оюю, ички толгонууларын билдирет. Ошон үчүн да лирикалык ырлардын мазмунун айтып берем деп чайнала берген болбойт. Баары бир акындын ырындай айта албайсың. Андай ырларды окуу керек, угуу керек жана колдон келсе жаттап алуу керек, ошондо гана анын ыргактарына ырахаттанып, күүсүнө термелип, не бир ажайып сөздөрдүн гүлдөрүн искеп, сөздөр менен сөздөр кыналса, кандай жаңы салыштыруулар, образдуу элестер келерине көзүң жетип, ошолордон эстетикалык табитиңди өстүрөсүң. Лирика жан дүйнөңдү козгоп, сезимиңди тазалайт. Жогорудагы ырлар мына ошондой акындык толгонуулардан улам жазылган. Эгерде акын чындап берилип, ичинен сезими болбосо жакшы ыр чыкпайт, андай ырлардын өмүрү кыска болот.

Омор Султановдун «Акынга» деген ырында мындай саптар бар:

Тур, акын сен, өйдө болгун.
Андан көрө эч түгөнбөс, эч бүтпөс
эч качан жеңилдебес
жолуңа түш.
Акын жолу –
адам баскан баардык жолдор сыяктуу
абада да
кургакта да
сууда да!
Демек ал жол –
дүйнөдөгү баардык жолдор сыяктуу
бактылуу да
бактысыз да
жеңил дагы
оор да.

Демек ал жол –
адам баскан баардык жолдор сыяктуу
ак жолтой да,
катуу да.

Бул саптардан көрүнүп тургандай акындын жолу татаал: бактылуу да, бактысыз да, жеңил да, оор да, ак жолтой да, катуу да, ал жол абада да, кургакта да, сууда да. Мына ушундай тагдырдагы акын гана чыныгы поэзияны жарата алат, ансыз ыр жазып жүргөндөр көп, бирок акындыкты тагдыр кылгандар анчалык көп эмес. Ошондой акындар гана окурмандын жүрөк-жүлүнүн элжиретип, поэзия гана тартуулай алуучу ырахатты тартуулайт. Султанов ошондой ойду айтып атат, анын жогорку келтирилген үзүндүдөгү ыр саптарына көңүл буруп карасаңар анча дале уйкаштыктарынын жыш эместигин көрөсүңөр, а түгүл уйкаштык жок. Бирок мында ыр катары ойду сактап, текстти түзүп турган нерсе – ыргак (ритм). Акын ошол ыргактын мүмкүнчүлүгүн көп пайдаланат, дайым эле уйкаш сөздөрдү издеп убараланып, уйкаштыкка байланып калбайт. Бул О. Султановдун акындын бөтөнчөлүктөрүнүн бири.

Лирикада лирикалык каарман деген болот. Муну акындын өзү десек да болот, андан башка десек да болот. Мисалы «Кош, Ысык-Көл» деген ырда туулган жери менен коштошуп жаткан, алыс жолго чыгып баратып, туулган жерине, өскөн элине ыраазы да болгон, андан сапарына ак бата да алып жаткан лирикалык каармандын образын көрөбүз. Ал Омор акын болушу да мүмкүн, андан башка да бир топ-бир топ Көлдөн узап кетип жаткан жигиттер, кыздар болушу да мүмкүн. Акындын күчү ошондо – өзүн жазып жатып, өзгөлөр жаза турганды айтып, жазып койгондугунда. Ошон үчүн акындардын ырларын жаттап алабыз, аларга обончулар, композиторлор кайрылат. Айтмакчы, Омор Султановдун сөзүнө да көп обондор чыккан. Алардын ичинен Р. Абдыкадыровдун, А. Керимбаевдин обондору жарым кылымдай убакыттан бери ырдалып келет. Бул да болсо ошол ырлардын сөзүнүн адамдардын дилине жакындыгы.

**Жөнөкөй суроолор жана тапшырмалар**

1. О. Султановдун чыгармачылыгы, өмүрү тууралуу баяндап бергиле, китепте жок маалыматтарды кошууга аракет кылгыла.
2. Ырларды көрктүү окуп чыккыла.

3. Жогорудагы ырларды ар бир окуучу окуп чыксын жана класстын эң мыкты көркөм окуган баласы же кызы бүт класска же мектепке үн кубултуп окуп берсин.
4. Ырлардагы эң таасирдүү саптар сен үчүн кайсылар? А башкалар үчүн кайсыл саптар экендигин сурагыла.
5. Ырлардан үзүндүлөрдү жаттагыла.

**Татаал суроолор жана тапшырмалар**

1. Омор Султановдун ыр китептерин таап, анын поэзиясы менен тереңирээк таанышып чыккыла.
2. Жогорудагы ырлардын уйкаштыктарын талдоо жана бейуйкаш ырларын белгилөө.
3. Лирика деген эмне? Лирикалык каармандын образы.
4. Образдуу саптарды таап, ошол саптарда образ түзүп турган каражаттар кайсылар экендигин белгилегиле.
5. Алтай тууралуу эмнелерди билесиңер? Акынды Алтайга жакындатып турган нерселер.
6. Жогорудагы ырлардагы Ата-Журт темасы.
7. Адам жана Тагдыр темасы.
8. Акындын ой айтуу чеберчилиги.

## СААДИ

### (1203–1210-жылдар ортосу – 1291)

Саадинин толук аты-жөнү Муслихаддин Абу Мухаммед Абдаллах же дагы бир эмгектерде Абу Абдаллах Мушрифаддин ибн Муслихаддин Саади Ширази. Ал фарс тилинде жазган, ошондой эле арабча да чыгармачылык менен алектенген.

Багдадда окуп билим алган соң, дербиш катары дүйнө кезген. Меккеде бир нече жолу болгон, Чыгыш Түркстанда, Индияда, Аравияда, Иранда, Сирияда, кыскасы дүйнөнүн көп жеринде дервиштик кылып, эл турмушун үйрөнгөн, илим-билим жыйнаган, кайрыдиндерге колго түшүп, кул катары да өмүр кечкен.

«Куллиет» деген ыр китебин чыгарган, 1250-жылдары Дамаскиде «Саади-наме» деген китеби жарык көргөн, Ширазда жазып бүткөн «Бостон» (кыргызча «Жемиш багы») китеби анын атын элге кеңири таанытат, ошондон кийин «Гүлстан» деген чыгармасын жазат. Философиялык-дидактикалык бул притча (үгүт-насыят) анын зоболосун көтөрөт, ушундан кийин сарай кызматтарын аткаруудан, деги эле бул дүйнөнүн жыргал-урматынан баш тартат.

Чыгыш акындарынан Европа окурмандарына Саади биринчилерден болуп таанылат, орус тилине XVII кылымда которулат.

## ПАДЫШАЛАРДЫН ТУРМУШУ ТУУРАЛУУ

**(«Гүлстан» китебинен)**

### *1-масал*

Эски убакта бир падыша туткунду өлүм жазасына буюрган экен деп уккамын. Айласы түгөнгөн бактысыз туткун падышаны сөгөт. Ким гана татып жатса өлүм суусун, өлүм даамын, жүрөгүнө сыр сактабай, ачат дешет эмеспи баарын.

Таппасаң коркунуч түшүп качар жагын,
Эрксизден бек кармайсың камчы сабын.

Адамга келсе амалы түгөнгөндүк,
Аргасыз заар тилин тыялбайт түк.

Мышыкка жол калбаса жан сакташка,
Кол салат кабаанакка, кантмек башка.

Падыша жан жөкөрлөрүнөн: «Туткун эмне деп жатат?» – деп сурайт. Бир боорукер вазир ага жооп берет:

– О, өкүмдар, бу туткун «эгерде ким өз каарын өзү бийлеп баса алса, ал айыптууну да кечире алат деп жатат», – дейт.

Падыша туткунга ырайым кылып, анын өмүрүн сыйга калтырат. Бирок алиги вазирдин душманы – башка бир вазир минтип айтат:

– Биздин чиндеги адамдарга падыша алдында чындыкты гана сүйлөөгө уруксат кылынат. Чындыгында айыпкер падышаны сөгүп, аябай каргап-шилебедиби.

Падыша бул сөздөрдү угуп, кабагын чытыды да, минтип айтты:

– Тигил вазир айткан жалган экен, ишенсең, мага ошол жалган сен айткан чындыктан ашыкча жагып калды. Анын жалган сөзү жакшылыкка багытталган тура, а сен өз жалганың менен бирөөнү айыпка жыгып жатасың.

Акылмандар айтышат:

– Жакшылык максатты көздөгөн жалган жамандыкка тарткан чындыктан артык.

Падыша ишин чечет, кеңешчисин чакырып акыл сала,
Чыныгы коркунучтуу шумпай ошо, эгерде болсо анын
дили кара...

Фаридундун ак сарайынын рабат дарбазасына минтип жазып коюлган экен:

Бул дүйнө калбайт дейсиң кимден, кайдан,
Теңирге жүрөк менен, тууган, байлан!

Адамдар, бул жалганды чындык көрбө,
Жеткирет акырында башты көргө!

Алтын так керек эмес, болсун де иман таза:
Бойро да жайлуу орун – жетсе каза!

### *2-масал*

Хорасандык падышалардын биринин түшүнө Субектегиндин уулу Махмуд кирет. Ал падышанын бүт денеси чирип, топурагы торко болуп кетсе да, бирок эки көзү тирүү бойдон көз кесесинде тегеренип, жан-жакасын жалтаңдап тиктеп турат.

Ар кай тараптан акылмандар келишип, бирок алардын бири да бул түштү жоруп бере алышпады. Эң аягында бир дербиш мунун маанисине түшүнүп, минтип айтты:

– Ал өз падышачылыгым кандайча болуп башкаларга тийди деп катуу тынчсыздануу менен тиктеп турат экен.

Канча жан жер астында баатыр, даңктуу,
Бирок да жер жүзүндө издери жок.

Ал тирүү Анушируван элге кайрым,
Денесин жеп бүтсө да курт-кумурска.

Өмүрдө ак иш бүтүр, жакын күндө –
«Ал жок, – деп кабар келет, – бу турмушта».

### *3-масал*

Мен бир ханзаада туурасында мындайча уккамын. Ал кыдыйып өтө кичинекей да, өңү да серт экен, а башка бир туугандары болсо узун бойлуу да, сулуу да болушат. Ханзааданын атасы бир күнү жийиркенич менен да, жек көрүү менен да тиктеп коёт. Сергек өспүрүм муну байкай коюп, минтип айтат:

– О, атаке, узун бойлуу акмактан көрө, кыска бойлуу акылман артык эмеспи. Узун бойлуу менен сымбаттуулардын баары эле элдин урматтоосуна татыктуу эмес, кичинекей кой адал малга жатат, а пил болсо да баары бир ал – арам, тарп.

Жер жүзүндө Тур тоосу чоң эмес – көр,
Алла алдында бирок ал баарынан зор.

Көрдүң го, арык жандын курганын кеп,
Акылсыз жоон адамга сөз айтты көп:

«Араб тукум ат абдан болсо да арык –
Бордоп баккан эшектен миң эсе артык» – деп.

Атасы каткырып күлдү, мамлекеттин мыкты адамдары пакене өспүрүмдүн сөзүн кубаттап кетишти, бирок агалары өлөрчө ыза болуп калышты.

Адам өзү сөз айтпаса элди беттеп,
Асылдыгын, акмактыгын кимдер билмек?

Бүт таргылды таар го деп көрбөгүн жек,
Сак бол, досум, жолборс болуп жүрбөсүн, тек!

Дал ушул учурда алиги падышага каршы каардуу душман кол салып кирген деп уккамын. Эки тараптын колу бири-бирине жакындашып келгенде, алиги кодо бойлуу өспүрүм биринчи болуп салгылашууга кирген экен. Ошону менен бирге кыйкырык салат ал:

Кан жуусун, өлүм келсин – коюн ачпайм,
Кармашта кас душмандан кайра качпайм.

Кел катар, өмүр ойнун үйрөн менден,
А качсаң – аскерлериң, калбайт сенден...

Ушуну айтып, душманга качырып кол салып, бир нече аскерин чапчаңдык менен сулатат. Анан атасына кайра келип, аны буту алдындагы жерди өбөт да, минтип айтат:

Санагансың, билип кой, мени алсыз деп,
Чоң курсактык – эрдик эмес, ал – ашык жүк.

Арык аттар байгеде алга умтулат,
Семиз уйдан биерде пайда жок түк!

Бирок душмандын колу сансыз көп экен, ал эми падышанын аскери саналуу гана болгон дешет. Бир убакта алар кача да башташат. Ошондо алиги өспүрүм аларга каардуу кыйкырат:

– Ээ, эркектер, кайтаргыла душман мизин, болбосо кийингиле аял киймин!

Анын сөздөрү атчандардын жүрөгүнө кайрат чакырат, алар душманга жапырт чабуулга өтүшөт.

Ошондо падыша уулун бек кучактап, көздөрүнөн, маңдайынан өбөт: күн өткөн сайын ага жакшылап көңүл буруп, эң аягында мурасчым деп жарыялайт.

Көрө албастыгы ташыган бир туугандары анын кесесине уу куюп коюшат. Айванда отурган карындашы муну байкап калып, терезесин тарс-турс жабат. Өспүрүм муну сезе коюп, колун тамактан тартып алат да, минтип айтат:

– Баатыр эрлер өлүп калса, коркоктор ордуларын бөлүп алса, бул – адилетсиздик.

Мыкый үкү үлгүсү бермек нени,
Болбосо эгер бүркүттүн эрдиктери!

Болуп өткөндөрдү атасына билдиришет. Ал ханзааданын бир туугандарын чакырып, аларды каарданып тилдейт. Анан ал тополоң басаңдап, бөлүнүп-жарылуулар тыйылсын үчүн, балда-

рына өз жеринин белгилүү аймактарын бөлүштүрүп берди, анткени мына мындай деп айтышат эмеспи: он дервиш бир килемченин үстүндө жатып уктай алышат, ал эми эки ханга бир өлкө тар – батпай калышат.

Ыйык адам бир тиштеп бүтүн нанын,
Кайырчыга жартысын назир кылат.

Падыша туусун жыкса бир өлкөнүн,
Башкасына шашылыш **казат** курат.

### *4-масал*

Угулмуштун ордосунда иштеген бир аскер башчысынын уулун көргөмүн. Ал өспүрүм ушунчалык даражада акылдуу да, ойчул да, адамдын ички сырын билгич да жана кичи пейил да экен, тим эле анын бардык артыкчылыктарын айтып берүү кыйын. Анан калса, бала чагынан эле анын жүзүнөн улуулуктун белгилери байкалып туруучу экен.

Төбөсүнөн жанып турчу кырмызы –
Акылмандын, улуулуктун жылдызы...

Ал, албетте, Султанга да аябай жакчу, анткени анын кулкмүнөзүнөн тарта, рухий дүйнөсүнүн жеткилеңдигине чейин айырмаланып турар эле. «Адамдын кубаттуулугу – анын байлыгында эмес, анын каармандыгында, улуулугу – көп жашагандыгында эмес, акылдуулугунда» деп айтышат акылмандар.

Анын чөйрөсүндөгү адамдар аны көрө алышпай чыккынчы деп айыпташат, эсепсиз көп кылмыштарды ага жабышып, падыша жазага тартса деп кымыңдашат.

Ырас, мына чындыкты көр, кур аракет аягында болот бекер.

Досуң сага жүрөктөш болсо чындап, душманың эмне кылмак?

Падыша суроо берди:

– Бул адамдардын сага душмандыгынын себеби эмнеде?

Тигил жооп берет:

– Падышанын көлөкөсү менен мен баарына жеттим, бир гана көрө албастарга жакканым жок, алар менин жыргалдуу күндөрүм бүтмөйүнчө ыраазы болушпайт, ылайым падышанын бактысы узарсын!

Мен жанмын кастыгым жок, көрө албастар мени боктойт,
Боктойт да, өздөрүнө кыжырлуу ыза топтойт.

Өл, көралбас, башка жол жок, көрсөң ана,
Көралбастык ызасынан кутуласың шондо гана!

Бактылууну кубанчынан айрысам дейт ичи тар,
Өзү жетпей жакшылыкка, ичи күйүп, болуп зар.

Жарганаттын көзү көрбөйт, күпөкүндүз чак түштө,
Күн жаныбар айыптуубу табигаттык бул ишке?
Жарганаттар болсун сокур, мейли, жүздөп, миң-миңдеп,
А жарык күн нурун чачсын, түбөлүккө күлүңдөп!

***5-масал***

Кандайдыр бир падыша түрк **гуламы** менен кемеге түшөт. Ал гулам эч качан деңизди көргөн эмес экен жана да деңиз кесели менен оорубаптыр. Кеме козголгондон эле ал калтаарып калат, баарыга бүлүк салат, бакырып ыйлап, өкүрөт, жүргүнчүлөрдү жадатып бүтүрөт. Сооротууга канчалык аракеттенишсе да, тиги түк басылбайт. Ушундан улам хандын да маанайы төмөн түшөт, бирок эч ким эч нерсе кыла албайт.

Ошол кемеде бир акылман келаткан эле. Ал падышага кайрылат:

– Эгер сен уруксат берсең, мен тигини сооротуунун жолун табам, – дейт.

– Антсең абдан жакшы болмок, ал турсун өзүңө сообу да тиймек, – деп жооп берет падыша.

Акылман алиги өспүрүмдү сууга ыргыттырат. Тиги бир нече жолу башы менен чумкуп, тумчугуп калганда, суучулдар чачынан чапчып, кемеге сүйрөп чыгышат. Гулам өлө-тала палубага чыгып, кайда жетелесе, ошол жакка макул болуп кете берет. Анан бурчка отурат да кың этпей тынчып калат.

– Бул акылмандыгыңын мааниси кайсы, – деп падыша таң кала сурады.

– Бул өспүрүм өмүрүндө бир жолу да сууга чөгүп кетүү канчалык азаптуу экендигин баштан кечирген эмес, – деп жооп берди акылман, – ошон үчүн ал кемеде коркунучсуз отуруу канчалык баалуу экендигин сезбеген. Жакшылыктын баасын жамандыктарды баштан өткөргөн адам гана билет.

О, ток адам, арпа нанды жерибе, бекер тилдеп,
Аны ар убак мага бер, аламын жеп.

Үр кыз үчүн маарам сууга алган жай болсо тозок,
А тозокту көргөн адам бейиш сезет биерди талашы жок.

Салыштырба, өз жарың маңдайынан назик
сүйүп өпкөн менен,
Башка жанды тынчсыз күтүп, дарбазаны кош көздөп
тешкен менен...

1. Сунуш кылынган тексттерден сага кайсыл окуя өзгөчө жакты жана эмнеси менен?
2. Падыша кандай болууга тийиш? Эмне үчүн?
3. «Гүлстандагы» бир башкаруучунун өмүр үзүмүнөн бир эпизодду өз сөздөрүң менен аңгеме кылып жаз.
4. Адилет жана адилетсиз падышага бирден мисал келтир, Саади алардын образын кандайча ачканын айткыла.
5. Эмне үчүн дүйнө өлкөлөргө бөлүнөт да, аларды өкүмдарлар башкарат, башкаруусуз (падышасыз) мамлекет болбойбу?
6. «Бийлик жолу – арам жол» деген сөз бар дейт, бул туурабы?
7. Сен падышасың, эми өлкөңдү кандай башкараар элең?
8. Таза адам бийликке келгенде бузулат дешет, себеби...
9. Бийлик коррупциясы дегенди кандай түшүнөсүң?
10. Саадиден кийин падышалардын турмушу кандай болду?.. Азырчы?..
11. Саади силерге кандай насаат айтат, кайсынысы сага өзгөчө жакты жана эмне үчүн?
12. Өлкөлөр эмне үчүн согушат?
13. Тексттен накыл сөздөрдөрдү тапкыла, жаттагыла.
14. «Падышалар жана Саади», «Бийлик, байлык жана адамгерчилик», «Саадинин адамгерчилик жөнүндө ойлору», «Гүлстан» – ыймандуулук күзгүсү» деген сыяктуу темаларда сочинение жазгыла.
15. «Бүгүнкү падышалар тууралуу» деген темада кара сөз жана ыр формасында (Саадини туурап) баян жазып көргүлө.

## НАЗЫМ ХИКМЕТ

### (1902–1963)

### НАЗЫМ ХИКМЕТ ЖӨНҮНДӨ[1]

Ал биздин кылым менен удаалаш Түркияда көз жарып, ушул эле кылымдын алтымышынчы жылдарынын башында Москвада көз жумган. Өзүнүн алтымыш жылдык өмүрүнүн кырк

[1] Бул чакан маалымат акындын 1987-жылы Москвадан жарык көргөн эки томдугунун 1-томуна баш сөз катары жазылган К. Симоновдун «Назым Хикмет жөнүндө» деген макаласынан кыскартылып, эркин которулуп берилди.

жылдан ашыгын ыр жазууга арнап, ошончо жыл коммунист да болгон. Он беш жылдай өз өлкөсү Түркияда түрмөдө олтурган.

Акынды эң жакшы билген биздин адамдардын айткандарына караганда, Н. Хикметтин өмүр таржымалы анын ырларында баштан аяк алдаганча жакшы айтылган. Анын турмуш жолу прозалык чыгармаларында да, пьесаларында да чагылдырылганы даана эле көрүнөт, бирок анын өмүр баяны бөтөнчө ырларында өзгөчө бир ажары ачылып, чырайына чыгып, жамалы жайнап тургансыйт, себеби прозаик катары ал – таланттуу, драматург катары – өтө чебер, ал эми акын катары – улуу.

...Ал узун бойлуу, келишимдүү, албеттүү адам эле, саргыч чачы, көгүлтүр көздөрү, жазы маңдайы куш тумшугу бешенесине куп жарашып аны ого бетер жылдыздуу, сүйкүмдүү көрсөтүп турчу. Кыймылы да, кол кысышып учурашканы да өтө тез жана илбериңки, сүйлөөр сөзүн да маалкатпай, ток этер жеринен баштоочу (ырларын да ушундайча жазчу). Ал жек көрүүсүн да, кубанычын да көөдөнгө ката билип, кайгы башка түшсө кайра жылмайып, кубанычка жарылып кетпеген, бардык ишке сабырдуу караган адам эле (бу касиет да анын ырларынан көрүнүп турат).

...Назымдын ырларында жыйырманчы кылымдын бурганак буурakandуу кырк жылынын кашкайган изи калды. Аларда акынды кыйнап да, кыйгап да, аны темир сымак ийип да, сындырып да, кысып да өткөн мезгилдин өчпөс тагы калды. Кылым акынга, акын кылымга өзүлөрүнүн өчпөс изин, кетпес тагын калтырды. Акын болсо күчтүү жана жайдары, боорукер жана жапакеч, жакшылыкка шериктеш, жамандыкка келишпес адам бойдон кала берди. Хикметтин ымандай сырын төгүп, санаттап жазган ырлары – бул анын татаал, изденген, кээде жаңылып жаза баскан, сүйө да, күйө да билген, бирок барар жерин аздектеген арманын айкын көргөн адамдын сыры, айткан санаты.

Назым көз жумардын мурунку эле күнү жыйырма жылдан кийинки турмуш кандай болору жөнүндө жанынын бардыгынча кызуу талашып-тартышкан экен. Эртеси гезиттерге кол сунган боюнча келбес сапарга кете бериптир.

## ПЕНДЕНИН МАКУЛУКТАЙ БИР ТҮРКӨЙҮ

Тууганым, көр чычкандай сыягың бар,
чыкпайсың, көр чычкандай караңгыдан.

Бир жансыңар чымчык мисал,
чымчыктай күн көрөсүң кыйпычыктап.
Түрүң бар үлүл сымал,
камалып тынч жатасың мүйүзүңдө.
Кээде сен көрүнөсүң
өчкөн вулкан оозундай коркунучтуу.
Олдо менин тууганым ай,
ойлосом каңырыгым түтөп кетет:
сен бир эмес,
беш эмес,
миллионсуң!
Бир боорум, кой сыңары момунсуң бир:
мал сатар союл кезеп сес көрсөтсө
топ койго кошулганга шашыласың.
анан да, күйдүргүм ай, барганыңчы
дегеле барктуу басып союлганга!
Жердеги жеткен түркөй бир пендесиң,
түркөйсүң жадагалса балыктай да
билбеген
сууда жүрүп суунун баркын.
Бир сенин азабыңан бу дүйнөдө
зулумдук өкүм сүрүп келатпайбы.
Эгер биз жер үстүндө куурал тартып,
сыгылган шарап үчүн жүзүм мисал
эзилип, ширебизди берип жүрсөк,
бир сенин айыңан деп мунун баары
айтканга, балким, менин оозум барбас,
а бирок биздин улуу шорубузда
аз эмес, бир кыйла бар сен кошкон туз.

## КЕРЭЭЗ

Жолдоштор, бөтөн жерде же түрмөдө
көз жумсам, өлүгүмү алып барып
көмгүлө Анатолу турпагына,
кайсы бир кыштактагы көрүстөнгө.
Жай алсын сол жагыман бай Хасандын,
мылтыгы мүрт кетирген малай Осмон,
оңумда жатсын Айша төрөп атып
жан берген буудай аңыз арасында.

Жанынан бейитимин ырлар шаңшып,
тытырап тракторлор өтүп турсун.

Таң эртең абандардын аруу деми,
бензиндин өткүр жыты келсин мага,
калса дем дем-жыт сезбей түбөлүккө.
Өзүбүз өлүк болсок, алибетте,
укпайбыз авандардын жаңырыгын.
туйбайбыз трактордун тытырагын,
жатабыз дүлөй, дудук, сокур бойдон
үзүлгөн узун, кара тамырлардай,
суналып, чирип, желип жер алдында.

Бирок мен тигил ырлар жаралганча,
кыңылдап авандарын жүргөн элем,
а түгүл трактордун дайны жокто,
астыртан бензин жытын туйган элем.
Ал эми кошуналар жайын айтсам,
мандикер Осмон менен бакыр Айша
көздөрү тирүүсүндө, бечаралар,
кусасын трактордун, ыр кумарын
жашырып жан-дилинде жүргөн чыгар,
өздөрү, балким, аны аңдабастан.

Жолдоштор, бөтөн жерде же түрмөдө,
көз жумсам (түбөлүгүм ушундай го),
көмгүлө Анатолу турпагына,
кайсы бир кыштактагы көрүстөнгө.
үстүмдө бүрдөп турса бир түп терек,
мүрзөмө эстеликтин кереги не?

## МАЖҮРҮМ ТАЛ

Айнегинде чагылат аккан суунун
мажүрүм тал шактары чуудаланып.
Мажүрүм тал наз менен ашкан сулуу
чайкайт күмүш саамайын сууга малып.
Кылыч менен талдарды чаап шакка,
кетти кызыл атчандар батыш жакка,
батыш жакка күн батып бара жаткан.
Ок жаңылды капыстан!
Бир жаш атчан
кушка окшоп канатка аткан
кулады аттан!
Бакырбады,
кеткендерди жалбарып чакырбады,

башын жерден көтөрүп бир азга араң
арман толгон көз менен карап турду
аттардын туяктарын кылактаган.
Арман күн ай, арман күн,
атаганат,
каргып туруп, ал эми кайра аттанып,
өбөктөбөйт ак көбүк ат жалына,
ак аскерди кубалап айгай салып,
ойното албайт кылычын баштарына!

Кулагында алсырап жаткан жандын
өчүп барат дүбүртү чапкандардын.
Кылк-кылк этип кызарып күн баткан жер,
жутуп алды караанын атчандардын.
Атчандар, атчандар, кызыл атчандар
аттары шамал-куюн канатчандар,
аттары шамал канат...
аттары шамал...
аттары...
ат...
Өмүр өттү атчандай шамал канат!
Аккан суунун үнү өчтү ир алдыда,
дүйнө бүтүн боёлду караңгыга,
жабылды кара парда
мөлтүр тунук көгөргөн көзүнө
анын,
төгүлдү мажүрүм тал
сары чачы төгүлгөн бетине
анын!
Баратат коюу тартып түн карасы.
Ыйлаба, мажүрүм тал, ыйлабачы!
Ыйлаба,
ыйлабачы!
ыйлабачы...

## МЕМЕДГЕ СОҢКУ КАТЫМ

Бир жактан кас душмандар кирди арага,
бир жактан калайманын салды мага
бу ант урган арсыз жүрөк.
Мемедим, уулум, сени кайра көрмөк
эми мага буюрбай калса керек.

Билемин, болор сенин сымбат-көркүң
буудайдын бышып турган сабагындай.
Мен дагы жаш чагымда
жигит элем ак саргыл, шыңга бойлуу.
Көздөрүң апаңкындай бажыраяр
бирде бир аз ачуулуу, бирде муңдуу.
Маңдайың кең, жарык, айдың,
доошуң дагы болор жакшы –
– меники начар эле.
Ыр ырдасаң биринен бири таттуу…
Колуңан келер дайым сөзмөрлүк да,
мен да кыйла чечен элем
чыргоолонбой турган чакта.
Тилиңен бал турар тамып,
Ох, Мемед, сен тараптан
кыздардын көп көргүлүк
көрөрү анык.
Атасыз кыйын болор эр баланы
жеткирмек жигитчилик катарына.
Апаңы капа кылба,
мен күлкүгө тундурбадым анын жүзүн,
уулум, эми күлдүр өзүң.
Апаң сенин
жибектей бышык киши,
жибектей назик киши.
чоң эне болгондо да сулуу болор
мен аны биринчи ирет көргөнүмдөй…
Кезинде,
он жетиде.
Айдын нуру,
күндүн нуру,
бети албырат алма сыңар,
ааламда жок ашкан сулуу.
Апаң сенин…
Таң атарда бир күнү айрылды элек
көрүшөбүз кайрадан деп,
көрүшө албай келебиз куса чегип.
Апаң сенин…
Апалардын нускалуусу,
акылдуусу,
жүз жашка чыккай эле, кудай берип!

Өлүмдөн, уулум, өзүм коркпойм анча.
ошентсе да кээде-кээде
кызуу иштеп жаткан чакта
жүрөгүм солбуй-солбуй согуп калса,
тунуп турган көгүлтүр мунарыкка
түнкү уйкусуз жалгыздыкта
ичер сууң, көрөр күнүң, ырыскынын
аз калганын айкын сезип туруш кыйын.
Өмүргө тоюп болбойт, Мемед балам,
өмүргө тоюш кыйын...
Бу дүйнөдө квартирант сыңары эмес,
бир күнгө келип кеткен конок эмес,
өз үйүңдө жүргөндөй жашап өткүн.
Үрөнгө, топуракка, деңизге ишен,
адамга ишен баарынан ир алдыда.
Булутту, машинаны, китепти сүй,
адамды сүй баарынан ир алдыда.
Бутактын куурап калган,
жылдыздын өчүп калган,
айбандын ченем чалган
сезе бил муң-кайгысын,
бирок сез ир алдыда адамдыкын.
Сүйүндүрсүн сени дайым жакшылыктар,
сүйүндүрсүн жарык менен караңгылык,
сүйүндүрсүн сени жылдын төрт мезгили,
бирок да бардыгынан ир алдыда
сүйүндүрсүн адам сени.
Мемед, эгер билгиң келсе,
өлкөлөрдүн өзгөчө ширини экен
Түркия,
биздин өлкө.
Адамдар да мээнеткеч,
өжөр, баатыр,
Бирок, аттиң, өтө жакыр.
Эмне гана көрбөдү кайран элим!..
Бирок болор жакшына келечеги.
Сен а жерде,
бир боор өлкөбүздө
биргелешип элиң менен
курасың коммунизм.

Сен аны көрө аласың көзүң менен,
кармайсың колуң менен.
Мемед,
мен тилимден, аванымдан,
турпагымдан, туз-нанымдан
алыста сага, апаңа куса чегип,
дос-жолдошко, калкыма куса чегип
өлөт окшойм.
Бирок эрксиз айдоодо эмес,
же бир чоочун колдордо эмес
өлөмүн тилегимдин өлкөсүндө,
ак шаарында эң сулуу күндөрүмүн.
Мемедим, шам чырагым,
мен сени Түркиянын
коммунисттер партиясына
аманатка калтырамын.
Келсе дагы эгер өлүм,
кете берем мен ток көңүл,
себеби сен аркылуу көп заманга
калкымда өлүм билбей жашай берер
    мендеги бүткөн өмүр!

1. 1969-жылы «Кыргызстан» басмасынан жарык өкргөн Назым Хикметтин «Мажүрүм тал» деген жыйнагын таап, аны классыңар менен бүт окуп чыккыла. Окуганда да үн чыгарып, көрктүү окугула.
2. «Мажүрүм тал» аттуу ыр аркылуу акындын көркөм дүйнөсүнүн наркнасили, дегеле анын поэзиясынын өзгөчөлүгү тууралуу эмнени айта аласыңар. Ырды жаттагыла.
3. «Мемедге соңку катым» кандай шартта жазылган? Акын өзүн, аялын, уулун кандайча баалайт? Уулуна кандай насаат-өтүнүч берет? Бул ырда баарынан жогору коюп, акындын аздектегини эмне?
4. «Катта» акындын өзүнүн туулуп-өскөн Түркиясы, анын келечеги, өлүм менен өмүр тууралуу ой толгоолорун айтып бергиле. Анда акындын өмүрүнүн кайсы учуру чагылдырылган?
5. Бул эки ырдын интонациясы, ыргагы менен уйкаштыгы, аны жаратуудагы акындын көңүл жайы – бүт көркөмдүк маани-тасмиясы боюнча эмнени түшүндүңөр?
6. Назым Хикмет жөнүндө дагы кандай маалыматтарды билесиңер? Анын кандай поэмасын, прозалык чыгармаларынан эмнесин окугансыңар? Кайсы драмасын көргөнсүңөр? Алар боюнча кандай ойдосуң? «Назым Хикметтин өмүр жолу жана анын чыгармаларында берилиши» деген тема боюнча семинарга даярдангыла.

## НАЗИМ ХИКМЕТТИН ПОЭЗИЯСЫ ТУУРАЛУУ

Назым Хикмет «Мажүрүм тал» деген ырында Түркиянын каардуу, оор турмушун көрсөтүп, өз элинин боштондугу үчүн күрөшкөн жаш жоокердин образын кайталангыс таамай боёк менен тарткан.

...Жаш жоокерге капыстан ок жаңылды, канатына ок тийген кушка окшоп аттан кулады. Тигине, анын кызыл атчан куралдаш курбулары батыш жакка чабуул коюп баратышат. Жарадар жаш жоокер аларды чакырып, жардам сураган да жок. Бир гана жолдошторун, алардын аттарынын кылактаган туяктарын арман толгон көз менен телмире тиктеп узатып кала берди. Бул көз караштa өзүнүн ак иши үчүн шейит болгон өлүмүнө ыраазылык да, жек көрүү да бар. Бирок:

Арман күн ай, арман күн,
атаганат,
каргып туруп, ал эми кайра аттанып,
өбөктөбөйт ак көбүк ат жалына,
ак аскерди кубалап айгай салып,
ойното албайт кылычын баштарына!

Өлүп бараткан жигиттин телмире тиктеген армандуу көзүнөн умтулганына умсунуп жетпей калган өкүнүч байкалат. Аңгыча алсыраган жаш жанга алыстап кеткен ат дүбүртү угулбай калды. Ааламга түн пардасы тартылып, жарадар жаш жоокердин өмүрүнө да түн кирди. Ошентип:

Өмүр өттү атчандай шамал канат!
Аккан суунун үнү өчтү ири алдыда,
дүйнө бүтүн боёлду караңгыга,
жабылды кара парда...

Согуш алааматынан жалаң эле адам эмес, табият да жабыр тарткан. Жарадар жаш жигит пааналаган мажүрүм талдын да айрым бутактары кылычка тонолгон. Бирок жашоо токтоп калбайт, мына мажүрүм тал да аман калган чуудаланган шактарын сууга малып, кайрадан назданып чыга келди. Анан кайрадан эми эле асман чапчыган албуут атын ойнотуп, жалын бүркkөн жаш жоокердин көз ирмемде жалп этип өчкөн өмүрүн сактап калчудай, жигиттин бетине адамды суктандырган ашкан сулуу күмүш саамайын төгүп, мажүрүм тал боздоп ыйлап турат:

Баратат коюу тартып түн карасы,
Ыйлаба, мажүрүм тал, ыйлабачы!

Ыйлаганда не пайда. Муң аралаш ачуу арман айтылган бул ырды окуганда чын эле мажүрүм талга копулуп ыйлагың келет. Чыгарманын кайгылуу бүткөнүнө карабастан, анда акындын келечектеги жарык турмуш жөнүндөгү жаркын үмүт-тилеги берилген. Теңдешсиз айкашта жоокер жаш жанын кыйды, анткен менен тээ кылк-кылк этип кызарып күн баткан жакка чабуул коюп бараткан кызыл атчандар өлгөн жигиттин өмүрүн улайт, ал умсунуп ала албаганга жетип, ал аткарбаган иштерди аткарат, ак көбүк ат жалына өбөктөп, айгай салып, ак аскерди кубалап, кылычтарын алардын баштарына ойнотот.

Поэмага тете маани-мазмун камтылган бул чакан ырда кызыл атчандардын, капыстан ок жаңылып көз жумган жаш жоокердин, мажүрүм талдын жана башка адамдар менен табияттын образдары да өтө бир элестүү, символикалуу берилген. Ал эми ырдын интонациясы, муң, арман аралаш келечектен үмүттөндүргөн оптимисттик доошу, бир караганда комсоо көрүнгөн менен кыраатына келтирип окуй келгенде, жүрөк титиретип өзүнө тартып ала койгон көркөмдүк касиети Назым Хикметтин улуу акындык сапатын айгинелей алат.

Акындын уулуна жазган соңку каты көп пландуулугу, масштабдуулугу менен айырмаланат. Мында эмнелер гана жөнүндө айтылбайт. Жогоруда Назым Хикметтин өмүр жолунда белгиленгендей, бул ыр аркылуу акындын башынан өткөн бардык нерсе: анын өмүрлүк жары да; акыркы ишеничи, мурасчысы, ал жаккан отту өчүрбөй, өмүрүн улантуучу перзенти да; дос-душманы да – дегеле чиеленишкен бүтүндөй татаал турмуш, жаман-жакшы, оң-терс жактары менен көз алдыбыздан чубап өтөт.

Үй бетин көрбөй, он беш жылча набакта отурган акындын бу ырында адегенде эле уулу менен аялына болгон сагынычка толгон кусалыгы берилет. Набакта жата берип, ал уулунун кандай болуп чоңоюп, эс тартып өсүп келатканын да билбей калган.

Билемин, болор сенин сымбат-көркүң,
буудайдын бышып турган сабагындай…
Көздөрүң апаңкыңдай бажыраяр
бирде бир аз ачуулу, бирде муңдуу.
Маңдайың кең, жарык, айдың…
Ыр ырдасаң биринен бири таттуу…

Ушинтип, акын уулун боолголоп гана билет. Ал эми нечен жылдап көрбөгөн аялынын элеси да ага ным түрмөнүн тордолгон кичинекей терезесинен элес-булас гана көрүнөт. Бирок Ме-

меддин апасы аял затынын эң бир «назиги, ай менен күн нурундай ары сулуу, ары акылдуу». Деген менен ырдын маани-мазмуну ата менен баланын, бири-бирине арзып жүрүп кошулушкан, сүйүшкөн эки жардын сагыныч-кусалыгын, сырдаштык мамилелерин көрсөтүү менен эле чектелбейт. Акын уулуна жазган соңку катында өзүнүн түрмөдөгү абалын жогорку чеберчиликте баяндайт.

Арийне, мындай ырда кусалык менен сагынычтан башка да, сөзсүз, кайгы-муң, арман болору, жабыр тарткан адамдын зарлаган доошу угулуп турары да табигый иш.

...Мемед, тилимден, аванымдан,
турпатымдан, туз-нанымдан
алыста сага, апаңа куса чегип,
дос-жолдошко, калкыма куса чегип
өлөт окшойм...

Турмуш бурмалабай бетке айткан акын гана дал ушинтип ачуу чындыкты жерине жеткире жаза алат. Ак иш, алдыңкы идея үчүн күрөшкөн Назым Хикметтей чыныгы коммунист адамдарды түрмө да, кыйноо-кыстоо да, өлүм да коркута албайт («Өлүмдөн, уулум, өзүм коркпойм анча»). Бирок ал өмүргө тойбойт, ага өтө соргок карайт («Өмүргө тоюп болбойт, өмүргө тоюш кыйын...»). Анан акын бул ырда Түркиянын татаал тагдырын бирден санап көрсөтөт да, өлкөлөрдүн өзгөчө ширини Түркиянын өтө жакыр, не бир кыйынчылыкты баштан өткөргөн, бирок мээнеткеч, өжөр, баатыр эли жакшы турмуш курарына, аны акындын уулу Мемед өз көзү менен көрөрүнө чексиз ишенет. Бирок мына ушул чиеленишкен турмуш базарынан акындын уулуна өзгөчө бөлүп көрсөтө турган эң бир ыйык негизги нерсеси бар. Ал уулун үрөн, топурак, деңиз, булут, машина, китепти, ал гана эмес куурап калган бутакты да, өчүп калган жылдызды да, адашкан айбанды да сүйүүгө, аларга ишенүүгө, жакшылыкка да, жарык менен караңгыга да, жылдын төрт мезгилине да сүйүнүүгө, бирок ири алдыда адамга ишенүүгө, адамды сүйүүгө, анын жакшылыгына сүйүнүүгө үндөйт. Анан эртеңки тагдыры белгисиз акын Мемедин, шам чырагын Түркиянын коммунисттик партиясына аманат калтырат.

# МУСА ЖАЛИЛ

## (1906–1944)

Муса Мустафович Жалил (Залилов) 1906-жылы Орусиянын Оренбург губерниясында Мустафино кыштагында туулган. Мусанын балалык чагы жокчулукта өттү. Атасы алакандай жерин сатып, айылдан шаарга көчүп, кайта шаардан кыштакка келип, бала-чакасын багуу үчүн кыштактан да, шаардан да жарытылуу оокат таба албагандардын бири эле. Муса адегенде дин мектеби – медреседен окуйт. 1916-жылдан тартып жаза баштаган. 1934-жылга чейин анын бир нече ырлар жыйнагы татар, ал эми «Муса Жалилдин ырлары» деген жыйнагы орус тилинде басылып чыкты.

Журналдын редактору, республиканын жазуучулар уюмунун жетекчилеринин биринен болду. Мусанын басып өткөн ары кыска, ары нуска өмүр жолу мына ушундайча.

Согуш башталганда Муса өз ыктыяры менен кандуу казатка жөнөдү. Бөлүктөрдүн биринде саясий кызматчы болуп иштеп, Волхов фронтуна жиберилет. Майдандан да ал калемин таштаган жок. 1941–1942-жылдардагы ырлары «Замбирекчинин анты» деген ат менен өзүнчө жыйнак болуп чыгат. Ал ырларында бардык күч душманды талкалаш үчүн жумшалсын деп үндөдү.

1942-жылдын июль айынын бир күндөрүндө Волхов фронтундагы катуу салгылашууда Муса Жалил оор жарадар болуп, аргасыздан душмандын колуна түшөт. Акын тирүү туткунга түшкөнчө өлүп тынууну артык көргөн.

Муса түрмөдө да калемин таштабады. Анын Моабит түрмөсүнөн жазган 115 ыры биздин күнгө жетип, колго тийди. Анын аманат калтырган ырларын Жалил менен түрмөдө бирге болгон бельгиялык Андре Тиммерманс Брюсселдеги советтик элчиликке тапшырган. «Моабит дептери» – акындын эң акыркы, баасы чексиз, кымбат китеби.

**Замандаштары Муса Жалил жөнүндө**

«Менимче, Муса жана өлүм деген сөздөр бири-бирине карама-каршы түшүнүктөр. Муса өлбөс акын... Анын ырларынын маанисин, күчүн кара сөз менен берүүгө мүмкүн эмес.

Мусаны эмне гана толкундатпасын ал аны поэзиянын назик тили менен берүүгө шашкан».

*(Гази Кашшаф, татар жазуучусу)*

«Мусанын ырлары келечектен үмүттөндүрүп, кубат берчү... Жалилдин ырлары колдон-колго өтүп, туткундар аны жатка билишчү. Бирок жүрөктү титиреткен бул саптарды ким жазганын эч ким билчү эмес...».

*(Леон Небенцаль, немец жазуучусу, коомдук ишмер)*

«Муса Жалилдин өмүрү – биздин адабиятыбыздын тарыхынын бир бөлүгү».

*(Константин Симонов, орус жазуучусу)*

## АЛМАН ЭЛИНДЕ

Сенби эли улуу көсөм Маркстын,
Сенби жери борошолуу Шиллердин,
Туткун кылып, мында айдап келдиң да,
Эркин кестиң, кордоп мени «кул» дедиң.

Айтчы мага, «Рот-Фронт» от жанган
Күндөрүңдү кайда, качан кыйраттың,
Неге мени – Кларадай иненин
Сүйгөн уулун кыйнап, уруп, ыйлаттың.

Ушундай деп билчү белем өзүңдү,
Гётени окуп, эсим кеткен чагымда.
Симфония Бетховенден жаралган
Жаңырбайт го мрамордуу залында.

Сүйгөндөргө чын жүрөктөн Гейнени
Кожоюнуң темир кишен кийгизди.
Каны тамган Розанын, Карлдын
Түрмөдөгү музга башын тийгизди.

Көрө албадым күндүн нуру жеткирбей,
Тосуп турган кандуу чандан бөлөгүн.
Тааныдым мен оор кулпту олчойгон
Эшигинен Тельман жаткан төлөнүн.

Мына ушинтип Либкнехт Карлды,
Розаны талап түндүн биринде
Өлтүрүшкөн тайгандарың мени да
Көпүрөдөн ыргытышар иримге.

Кайдасыңар, эр жигиттер, Гейненин,
Алп Марксты окуп өскөн, күрөшкөн.
Бакчасында ошолордун жыты аңкып
Вильгельм Телль, Энгельстей гүл өскөн,

Араңарда Цеткиндин уулу ким,
Улуу Тельман жигити ким, чыккыла!
Биз тумчуккан түрмөлөрдү ачкыла,
Болот эрктүү биздин үндү уккула!

Он тогузунчу жылдагыдай азыр да
Сап-сап болуп, ырлар ырдап келгиле.
Муштум түйүп, оң колдорду көтөрүп,
«Рот-Фронт» айтып жооп бергиле.

Шарт жулгула мойнун ач көз кузгундун,
Күн да чыксын ушул **Алман** жерине.
Чыксын Тельман трибунага кайрадан,
Маркс, Гейне кайтсын боордош элине.

Араңарда Цеткиндин уулу ким,
Улуу Тельман жигити ким, чыккыла!
Биз тумчуккан түрмөлөрдү ачкыла!
Улуу элдин чакырыгын уккула!

## ИШЕНБЕ!

Мен жөнүндө сага кабар беришсе,
«Жолдо чарчап, жыгылган» деп келишсе,
Ишенбегин, жаным!
Мындай сөздөрдү
Достор айтпас, мени достой көрүшсө.

Каным менен кызыл тууга жазылган,
Ыйык антым сүрөйт алга баруугa.
Акым барбы жыгылууга чалынып,
Акым барбы чарчап артта калууга.
Мен жөнүндө сага кабар беришсе,
«Элди, жерин сатты» дешип жүрүшсө,
Ишенбегин, жаным!
Мындай сөздөрдү
Достор айтпас, мени чындап сүйүшсө.

Асып алып, автоматын желкеме,
Жөнөп кеттим, элим менен сен үчүн.
Элим менен сени жоого саткан соң
Эмне калат жер бетинде мен үчүн.

Мен жөнүндө сага кабар беришсе,
«Муса өлгөн» деп башка кайгы үйүшсө,
Ишенбегин, жаным!
Мындай сөздөрдү
Достор айтпас, эгер мени сүйүшсө.

Топуракка тулку боюм көмсө да,
Көмө албастыр ырга толгон көңүлдү.
Чындыгында өлдү дешке болобу,
Жеңиш менен мындай өлгөн өмүрдү.

1. «Алман элинде» деген ырда фашисттердин мыкаачылыгы, канкорлугу кандайча ашкереленген? Улуу кишилердин: Маркстын, Шиллердин, Бетховендин, Гейненин, Тельмандын... өлкөсүн мыкаачылардын, канкордун өлкөсүнө айландырды деп акын кимдерди айыптайт? Ал улуу адамдардын өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө эмне билесиңер?
2. Муса өз өмүрүн кандайча баалаган?

   – «Элим менен сени жоого саткан соң,
   Эмне калат жер бетинде мен үчүн?» –

   деген ыр саптарынын маанисин чечмелеп түшүндүргүлө.
3. Жогорудагы эки ырда акындын эл-жерди сүйгөн патриоттук сезими, совет элинин жеңишине чексиз ишенгендиги кандайча айтылган?

## ЭРК

Канетип кайда койсом да башым,
Кетирет кайгы эт жүрөк шайын.
Кечирээк жатып, турсам да эрте,
Бир нерсем жетпей тургансыйт дайым.

Кол-бутум бүтүн, бүтүнүн сезем,
Сын-сыпат жактан кем дебейт эч ким.
Бүтүндөй нерсем жетишин жетет,
Эркиндик жетпейт, жетишпейт эрким.

Каалаган кезде жүрө албайм эркин,
Кол-буттун жогу мына ушул дегин.
Пайдасы кайсы, болбосо эрким,
Барымдын менин, жогумдун менин.

Ата-энем жокто элимде мени,
Айткыла, кимдер жетимсиң деди?
Жоготтум душман колуна түшүп,
Энемден жакын бир пууган элди.

Кул болдум мында мекенсиз-эрксиз
Эрким жок, эл жок, өксүдүм дакта.
Ата-энем мында болсо да тирүү,
Болмокчу ордум улага жакта.

Азаттык кезим, алтындай эрким,
Кай жакка учтуң куш болуп жапан?
Учпады неге акыркы демим,
Ошондо эле кошулуп саган?

Байкадым бекен эрктүүлүк баркын,
Турганда достор эркиндик доор?
Билдим мен эми эркиндик даамын,
Тартканда кулдук жабырын оор!

Кубантса тагдыр көңүлдү чөккөн,
Көрүшсөң эрик – сырдашым менен.
Сарп кылар элем өмүрдү калган,
Күрөшкө ыйык эркиндик деген.

## АЙРЫЛУУ

Күрөшпөөнү сезип туруп айрылуу –
Ар убакта кайгысы экен кайгынын.
Жер жүзүндө достук менен махабат,
Болгон кезде бүтүн сенин байлыгың.

Кокусунан ачуу тагдыр бороону,
Айрып койсо сени жакын адамдан.
Соңку жолку өпкөн кези, көз жашы,
Түбөлүккө чыкпай калат санаадан.

Көп эле го менин жакын досторум,
Көп эле го көңүл сүйгөн курдаштар.
Калды жалгыз жаагымда сакталып,
Ошолордон тамган ысык көз жаштар.

Билбейм, билбейм, бороон айдап, сел каптап,
Дагы канча азаптарды кеземин.
Не болсо да эти качкан бетимден,
Досторумдун соңку жашын сеземин.

Татып чексиз ачуу даамын азаптын,
Өзөк куурап, кайран өмүр солуптур.
Ыйлай, ыйлай өбүшөйүн от чыксын,
Тагдыр мени досторума жолуктур!

Айлар эмес, жылдар... бою азаптын,
Оор жүгүн жүрөгүмө жыйнадым.
Тагдыр, эми бир минуттук көрүшүү,
Кубанычын берип мени сыйлагын!

**төлө** – жер кепе. Мында түрмөнүн камерасы деген мааниде
**алман** – немец деген сөз
**Алмания** – Германия
**дак** – күйүттө, жапа чегүү деген мааниде

1. «Каалаган кезде жүрө албайм эркин,
Кол-буттун жогу мына ушул дегин.
Пайдасы кайсы, болбосо эрким,
Барымдын менин, жогумдун менин», –

деген саптар аркылуу Муса Жалил эмнени айткысы келген?
2. Акын эркиндикти, достукту кандайча баалайт? Эмнеликтен тууган элди энесинен жогору коёт?
3. «Айрылуу» деген ырдын акыркы эки куплетинин мааниси эмнеде?

## АЧЫНУУ САПТАРЫ

Акырындап алып тынар шум ажал,
Же ач калып, же бит талап, же үшүп.
Өлөрмүн мен, өлгөн сыяк карт кемпир,
Оту өчкөн меш үстүндө бүрүшүп.

Ойлогонмун ок астында мөндүрдөй,
Өлөмүн деп баатырларча кармашып,
Жок, антпедим! Сокур чырак кейиптенип,
Өчүүдөмүн ыш муунтуп, дат басып.

Көп иш койгон, максат койгон алдына,
Жокко чыкты, текке кетти үмүттөр.
Бекер жазгам: «Күлүп туруп өлөм!» – деп,
Жок, жок, менин өлгүм келбейт жигиттер!

Көп деп айтар өмүр сүрдүм канчалык?
Көп деп айтар ишим кайсы кыйраткан?!
Азыркыдан пайдасы көп болмокчу,
Мындан ары жашаар өмүр, чын айтсам.

Сезбегенмин мындан мурда эч качан,
Мындай күчтүү, мындай оор күйүүнү.
Билбегенмин жүрөктөгү кек толгон
Кайрат өчтү, санаркоону, сүйүүнү.

Эми сездим эр жүрөгүн кишинин,
Ушунчалык күчтүү жалын чалганын.
Өх, өкүнүч, бирок ушул жалынды,
Өз колумдан элге бере албадым.

Тилеймин мен өлбөй туруп берүүгө,
Элим сага жүрөгүмдүн бүт күчүн.
Өлсөм дагы айта алсам болгону,
Өлдүм мен деп бир туушкан эл үчүн!

## КУЛ

Алдында жоонун коркоктук кылып,
Калтырап туруп көтөрдү колун.
Согуштун кызуу кезинде атпай,
Ыргытып ийди мылтыгын, огун.

Душмандар болсо сүйүнүп, жектеп,
Артына колун байлады толгоп.
Зоңкойгон жүктү жонуна артып,
Айдады тылга камчылап кордоп.

Баратат илкип, кан жууйт мойнун,
Оор жүк эзип, камчылар тийип.
Койкойгон шамдай келишкен бою,
Чүлүктөй болгон койгонсуп ийип.

Адамдык сыпат бул кезде барбы?
Шүмшүккө ушул көргүлө сурап.
Кол-буту, башы, аялуу жаны,
Баары да душман эркинде турат.

Жок эми сага күн көрүү элдей,
Бекиттиң жашоо жолуңду өзүң.
Душмандан коркуп, жигитче колду,
Көтөргөн сен да жалдырап көзүң.

Же согуш жактап акыйкат ишти,
Же таңда түндөй кулдукту шүмшүк.
Биринчи жолдо – даңк шамы турат,
Экинчи жолдо – тозоктуу түйшүк.

1. «Ачынуу саптарында» акындын патриоттук сезими, элге болгон сүйүүсү кандайча берилген?
2. Эл үчүн дагы көбүрөөк эмгек калтыра албагандыгын Муса Жалил кандай өкүнүч менен белгилейт? Бул жөнүндө кимдерди айыптайт?
3. «Көп иш койгон, максат койгон алдыма,
Жокко чыкты, текке кетти үмүттөр.
Бекер жазгам: «Күлүп туруп өлөм» – деп,
Жок, жок, менин өлгүм келбейт, жигиттер!» –

деген ыр саптарына кандайча түшүнөсүңөр?

4. Акын кул деп кимди айтып жатат?

«Же согуш жакта акыйкат ишти,
Же таңда түндөй кулдукту шүмшүк.
Биринчи жолдо – даңк шамы турат,
Экинчи жолдо – тозоктуу түйшүк», –

деген ыр саптарынын маанисин айтып бергиле.

## ДОСКО
## (А. А.)

Кайгырба дос, жаштай өлөбүз деп,
Биз албадык сатып өмүрдү.
Өзүбүзчө жашап, өзүбүзчө бир,
Биз чектейбиз аны көрдүңбү?

Белгилүүбү, өмүр канчага,
Жылдын саны каруу белгилер.
Балким, ушул өлүм бизге чын,
Өчпөй турган жашоо келтирер.

Мен ант бердим, жанды кызганбайм
Сактоо үчүн жерим, элимди.
Жүз жыл өмүр болсо баарын да,
Ушул жолго бербес элеңби?

Кубандырат бизди, элден ар күнү
Бир-бир жаңы кабар таштаган.
Кандай зор күч четте кармалып,
Элиң менен кошо жашаган.

Мен темирди сактап калганда,
Менден өлүм аша секирсе.
Ошол жашоо наалат эмеспи,
Элим келип, бетке түкүрсө.

Мен тилебейм мындай жашоону,
Жүрөк буга такыр көнбөгөн.
Жерде мага суулар түгөнгөн,
Кишиминби андан жүдөгөн?

Жок, кайгырба дос, биздин өмүр,
Элдик өмүрдүн бир аз учкуну.
Биз жан берсек, биздин өлүмдөн,
Артта болот баары жакшысы.

## БЕЛЕГИМ

*(Туткунда таанышкан бельгиялык досум Андре Тиммерманска)*

Кайтып барсак гүлдөр ичине,
Гүлдөп өткөн ачык күндөрүм.
Досум сага белек кылам мен,
Мекенимдин жыттуу гүлдөрүн.

Колдон азыр келбейт, бул жерде,
Журтум, бакчам, укук, эрким жок.
Гүлдөр мында такыр көрүнбөйт
Жерлер мында мыкаачы колунда,
Чет жери бул – күйүп турган чок.

Капкараңгы ойлор ушунда,
Жеңилбеген кирсиз жүрөгүм.
Жүрөгүмдүн жазгы гүлүндөй,
Ырым сага болсун белегим.

Өзүм өлсөм, атым, ырым өлбөс,
Ал жаңырар тууган жеримде.
Сүйлөп элге туткун күндөрүн,
Гүл чыгар достук жөнүндө.

1. Жашоодогу баарынан кымбат нерсе деп акын эмнени эсептейт? Муса Жалил элинен четте жүрүп өз элинин үмүт-тилеги менен кандайча бирге жашай алды?
2. Акындын:

   Балким ушул өлүм бизге чын,
   Өчпөй турган жашоо келтирер», же:
   «... Ошол жашоо наалат эмеспи,
   Элим келип бетке түкүрсө», –

   деген ыр саптарынын маанисин түшүндүргүлө.
3. «Бакыт – эмгекте, эрдикте» жана «Бекем достук» деген темада дил баян жазгыла.
4. Андре Тиммерманс ким? Аны менен Муса Жалилдин туткунда жүргөндө мамилеси кандай эле? Акын ага кандай кымбат нерсесин белек кылып калтырды?
5. Мусанын ырларынын образдуулугу, дегеле көркөмдүк нарк-насили жөнүндө эмне айта аласыңар? 1962-жылы кыргыз тилинде жарык көргөн Муса Жалилдин «Менин ырларым» деген жыйнагын бүт окуп чыккыла. Ал жыйнактын негизинде «Өмүрү да, өлүмү да жаңырган ыр» деген темада сабак-семинар өткөргүлө. Бүт классыңар менен Муса Жалил жөнүндөгү көркөм фильмди көрүп, рецензия жазгыла.

# МУСА ЖАЛИЛДИН ТУТКУНДАГЫ ЫРЛАРЫ ТУУРАЛУУ

Муса Жалилдин «Алман элинде», «Эрк», «Айрылуу саптары», «Кул», «Белегим», «Доско» аттуу ырлары бири-бирине үндөш, бирдей тематикада болгону менен ал ырларда акындын туткундагы турмушунун ар кандай кырдаалдары камтылган.

Каалаган кезде жүрө албайм эркин,
Кол-буттун жогу мына ушул дегин.
Пайдасы кайсы, болбосо эрким,
Барымдын менин, жогумдун менин...

«Эрк» деген бул ырда акын туткун болгонуна күйүп-бышып, андан кутулуунун жолун издесе, «Айрылуусунда» достукту эң жогору коёт. «Ачынуу саптарында» жүрөгүнүн акыркы кагышына чейин эли, Мекени үчүн кызмат кыларын баяндайт. Ал эми «Кул» аттуу ырында бардык туткундарды кулчулукка каршы күрөшүүгө үндөйт. Акын акыркы жүрөк канынан жаралган ырларын аманат калтырган чет элдик бейтааныш адам жөнүндө ойлонуп-толгонобу («Белегим»), же алыскы Мекенде калган досуна кат жазабы («Доско»), же туткун түйшүгү туурасында сөз кылабы – ушунун баарында өз элинин максат-тилегин, эртеңки эркин турмуш жөнүндөгү үмүтүн жогорку чеберчиликте сүрөттөйт. Бүт элди фашизмге каршы күрөшүүгө чакыруу бул ырлардын жалпы идеялык өзөгүн түзөт.

Муса Жалилдин Моабит түрмөсүндө жазылган ырларынын ар бир сабы өзүнчө жашоо кумары, өмүрдү, турмушту эңсөө болуп саналат. Фашисттик мыкаачылар укмуштуудай кыйноо учурунда, өлүм алдында жазылган бул ырларда турмуштан аша кечүүнүн, жазмыш тагдырына моюн сунуунун кымындай да доошу сезилбейт. Себеби, бул ырларды Муса жүрөк кылын бирден сууруп, ар кандай кыйноо-кыстоолорго чыдап, өлүм менен бой тирешип, жашоо үчүн күрөшүп, өз элинен алыс болсо да, анын тагдыры менен бирге жашап отуруп жазды, анткени Муса таза жүрөгү, тунук акылы эмнени буюрса ошону жазды. Ошондуктан ал ырлар Мусага өчпөй турган өмүр берди, түбөлүктүү даңк да ала келди.

Эгер тагдыр ага жүз жылдык өмүр берсе, андан да кечип, керек болсо өлүмгө баш байлап, фашисттик мыкаачылар менен акыр-аягына чейин кармашууга досторун чакырат. Муса жана анын жолдоштору баштаган улуу иш алардын кырчын жанын кыйды. Ушул улуу иш үчүн болгон өлүм, акын өзү айткандай ага түбөлүк «өчпөй турган жашоону» да ала келди. Бирок Муса

айласы түгөнгөнү үчүн, даңк үчүн өлүмгө тике качырып барып отурган жери жок. Фашизмге, анын зомбулугуна ченемсиз кыжыр кайноо, элди кулчулуктан куткаруу жөнүндөгү асыл максат, адамгерчилик бийик сезим Мусаны акыр-аягына чейин душман менен кармашууга буйрук берди. Муса бар болгону элинин, жүрөгүнүн ошол буйругун аткарды, адамгерчилик бийик сезимин булгабады. Эгер күнүмдүк жан жыргалын ойлосо, ага бардык шартты түзүп берүүгө фашисттик өкмөт да даяр эле.

Акындын «Моабит дептериндеги» бардык ырларында өмүр жана өлүм алка-жакадан алышып турат. Бирок сүрөткер дайым өмүрдүн өлүмдөн күчтүүлүгүн күүгө салат, өлүп баратып да чыныгы адамдык ыйык сезимден ажырабоого чакырат.

Мен эмеспи доско, жарга кат жазган,
«Кайгырба, – деп өмүрлөшүм жолдошум.
Соңку тамчы каным тамса мейличи,
Бирок менин антым киргил болбосун!»

Муса Жалил «Дептердеги» дээрлик бардык ырларында өзүнүн туткунга түшүп калгандыгы жөнүндө көп айтып, элинен кечирим сурайт. Бирок ал ырлардын негизги идеялык мазмунун жогорку саптардагыдай чын жүрөктөн айтылган акындын анты түзөт.

«Алман элинде» деген чыгармада дүйнөгө белгилүү улуу адамдарды жараткан немец элинин өлкөсү каракчылардын мекенине айланганы кейиштүүлүк менен баяндалат. Көлөмү чакан «Ишенбеде» Муса Жалилдин поэзиясына таандык өзгөчөлүктү таасын байкоого болот. Согуш катаал, ырайымсыз эле. Айрыкча, колго түшүү ар бир совет адамынын моралдык духун сынады. Мына ушундай учурда душмандан баш калкалап, түрткөнүнөн жыгылып, канкордун көрсөткөн кордугунан чаалыгып-чарчоого, анын жырткычтык жабырына чыдабай эл-жерин сатууга ар бир совет адамынын акысы жок болчу.

Муса «Моабит дептеринде» негизинен өлүм алдында да душманга тизе бүкпөөгө, өмүрдүн акыркы мүнөтүнө чейин эркиндик үчүн күрөшүүгө чакырса да, бул ырлар турмуштук ар кандай теманы камтыйт. Айрыкча сүрөткердин «Ачынуу саптары» өзгөчө көңүл бурарлык:

Сезбегенмин мындан мурда эч качан,
Мындай күчтүү, мындай оор күйүүнү.
Билбегенмин жүрөктөгү кек толгон
Кайрат өчтү, санаркоону, сүйүүнү.

Туткундук акынга чыныгы күйүттүн, жүрөктөгү кектин, өкүнүч менен санаркоонун, кайрат менен сүйүүнүн кандай экендигин толук үйрөттү. Ошондуктан ал иштеген ишин салмактап, жашап өткөн күндөрүнө көз жүгүртөт да:

Көп деп айтар өмүр сүрдүм канчалык?
Көп деп айтар ишим кайсы кыйраткан?
Азыркыдан пайдасы көп болмокчу,
Мындан аркы жашаар өмүр, чын айтсам, –

деп, элге жарытылуу эч нерсе бере албай калганына жаны ачып, эгер өмүр жашоо непада кайра бир колго тийип калса, мурдагыга караганда элге алда канча көп пайдасы тие турганын кейиштүү эскерет. Дагы бир «Бөрүлөр» деген ырда фашисттердин жырткычтан да жаман экендиги көркоо карышкырлар менен салыштырылып сүрөттөлөт.

...Кан майдан... Адамдар бири-бирин майсандап кырып жатат. Ак кайыңга башын жөлөй, жарадар жоокер сулаган. Аны лала гүлдөр менен көк шибердин мөлтүрөгөн шүүдүрүмү да аягансыйт. Кала берсе өлгөн адамдарды жеп жүргөн көркоо карт бөрү да жарадар жигитти көргөндө «селт этип» токтой калды. Анын жүрөгүнөн оор жаралуу жоокерди аяган «учкун жылт этип», ага тийбей өз жолуна түштү. Аңгыча жаракчан адамдар келишти. Алар жигиттин жарадар денесине отко ысытылган сүмбөнү сойлотушуп, аябай кыйнашып, анан асып салышты. Ошентип, адам карышкырлары – бөрүлөрдөн да жырткыч. Акындын негизги ою ушуну айтуу.

Мүмкүнчүлүгү бар кезинде фашистти да, өзүн да жайлабай, мылтыгын ыргытып жиберип, душманга себепсиз жерден туткун болгон шүмшүккө акын «Кул» деген ырын арнайт.

Муса Жалилдин өмүрү да, өлүмү да – жер жаңырткан ыр. Өз ырларына акын жүрөк сезимин, мөлтүр тунук жаштыгын берип, досту сүйүнтүп, душманды күйүнттү. Ал өзүнөн жогору койгон ырын да, өмүрүн да сүйгөн калкына арнады. Желдеттин өлүм кылтагы мойнуна илингени турганда да, башын өлүм балтасына тутканда да ал акыркы ырын ырдап калууга үлгүрдү. Ыр аны ар кандай азаптан, кыйноодон, өлүмдөн коркпой, эркин жашоого үйрөттү.

## РАСУЛ ГАМЗАТОВ

**(1923–2004)**

Кавказда авар деген улут бар. Ошол улутту дүйнөгө тааныткан Расул белгилүү ырчы-акындын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келип, атасы Гамзат элине гана эмес ошол кездеги бүт СССР деген өлкөгө барктуу акын, арабча да билген киши болгон. Тоолуу айылда эр жетип, окуу издеп Москвага келип, Адабият институтуна кирет. Ал өмүр бою жазуу менен шугулданды. Чет тилдерге которулду. Сый-урматтын баарын алды. «Бийиктеги жылдыздар» ыр китеби өзгөчө мыкты поэтикалык чыгарма катары бааланган. Расул Гамзатов Кыргызстанда да бир нече жолу болгон.

Авар акыны Расул Гамзатов советтик доордогу эң эле белгилүү акындардын бири болгон. Бул таланты таш жарган залкар инсандын чыгармачылыгы жөнүндө калемдеши Чыңгыз Айтматов: «Акындар азыр аз эмес, көп, андан да аларды акын деп аваз кылгандар көп. Ал эми Расул Гамзатов сыяктуулар болсо бу турмушка мээр чөптөй чанда эле бир жаралып, сейрек чыгат. Гамзатовдун бактысы да, баркы да ушунда, бир окшосо ал өзүнө гана окшойт, болбосо, анын өзүнө үндөш, өзүнө теңдеш өнөгү жок. Ал кептер улуттук наар-насип менен оозанган, ошонун өзүнөн бүткөн акын, ошондо да көп өлкөгө аты угулуп, окурмандарга төтөн таанымал акын. Аны эч ким менен чаташтыра албайсың, месел кептүү, өкмөт сөздүү акындын поэзиясы «а» деген алгачкы арибинен, биринчи ыр сабынан эле өзгөчөлөнүп, аттын кашкасындай болуп айырмаланып турат. Таң баарында Чолпон жылдыз кандай балбылдаса, акындар ааламында анын ысмы да ошондой балбылдап, тунук нурга чайканып, жаркырап турат. Дегиси, көп жактуу жоомарт таланттан, дүйнөнү ачык көңүл, айкөл пейил менен карап көргөн шыбагадан табият Гамзатовго калганда дегеле аянган эмес экен», – деп жазат.

### МЕНИН ДАГСТАНЫМ

Мен дүйнөнүн көп эле жерин араладым. Ошол алыс сапардан кайтканда, жүрөгүм элеп-желеп болуп, тууган айылым Цадага шашам…

Цада!.. Жетимиш жылуу очок. Бийик тоолордун чаңкайган асманына жүлүндөй көтөрүлгөн жетимиш түтүн. Каралжын тарт-

кан тоолор. Аппак **саклялар.** Айылдын алдында, жапжашыл жайык талаа, артында зоокалар. Тегиз чатырдын үстүнө чыгып алып, той өтүп жаткан короону карап отурушкан балдарга окшоп, айылдын үстү жагында тизилген аскалар сүрдүү маңкаят... Жан биргем Цада! Мына, мен сага... чоң дүйнөдөн келдим. Мен бул дүйнөнү кыдырып чыктым, не бир таң каларлык шумдуктарды көрдүм. Кайсынысын караарым билбей, ажайып кооздук менен бетме-бет турган учурларым болду... Бирок ошол тири укмуш кооздуктарды карап туруп, мен дилимде эртең мындан асем, мындан да адеми-асылзат нерселерди көрөрүмө ишенгем... Бул дүйнө чексиз тура...

...А неге азыр мына бул аскалардын аягын жазданып жаткан жетимиш түтүн айылымды көргөндө алтымыш эки тамырым болкулдап, жүрөк көөдөнгө батпай алып учуп, көздөрүм туманданып, башым айлана түшүп отурат.

Кантип эле дагстандык ушул чөйчөктөй айыл Венециядан, Каирден же Калькуттадан асемдүү болуп кетсин? Бир аяк жолдо отун көтөрүп келаткан авар келин кантип эле скандинавиялык шыңга бойлуу ак саргыл перизаттан сулуу болсун?

Цада! Чарчаган буттарымды таңкы муздак шүүдүрүмдөр жууп, мен сенин талааңда басып баратам. Тиш какшаткан тоо булагынан да өтүп барып, башатка жүзүмдү чайыйм... Сен менин башатымсың, Цада!..

Атам... Аны билгендердин ар бири атамды өзүнчө элестетсе керек.

Албетте, ал жер айдаган, чөп чаап, арабага салган, атты сылап-сыйпап багып, табы менен минген. Бирок менин көз алдыма анын колуна китеп алып олтурганы гана элестейт. Ал китепти ар убак мына азыр учуп кетчү чымчыктай, аяр кармаар эле. Үйгө киши-кара көп келишин жакшы көргөн, ал китеп окуп олтурганында бирөө кирип келип, жолтоо болгондо, намазы бузулгандан бетер жаман болор эле. Атам окуп олтурганда апам бутунун учу менен басып, сөөмөйүн эринине такай, бизге шыбырачу:

– Тынч, атаңар иштеп атат.

Жазуучунун китеп окушу – анын иштеп атышы экенин ал туура түшүнгөн.

Ал өзү атама баш багып, бирдеме керекпи, сыясы түгөнгөн жокпу, ошону сурагандан айбыгып турчу. Апам атамдын сыясы түгөнсө куюп, толтуруп, дамамат көз салып турар эле.

Эгер атамдын өмүрүндө кайгылуу эки нерсе болгон болсо, ошонун бирин китеп алып келген.

Китеп дегенимде өзү окуган китептер бар, өзү жазган китептер бар.

Кишилер ага эмне гана сурап келишпесин жок деп айткан күнү болгон эмес. «Бар» турса «жок» деп айтууну ал барып турган катуу күнөө, мындан өткөн калп жок деп эсептечү. Жакшы көргөн китебин сурап келгенде, айрыкча жаман абалда калаар эле. Берерин берип, китеп бөтөн колдо турганда да, ал китептен көңүлүндө ажырай албай, апкелем деген мөөнөтүндө апкелбей калса, чыдабай: «Бая өгүнчөрөөк ээрчитип кеттиңиз эле, досумду аябай сагындым. Кайра үйгө келем деген ою барбы?» – деп, кат жазып жиберчү.

Атам жети кыздын ортосундагы жалгыз бала болгон. Баары жетим калышып, атама кичинесинде эле айылдан сыртка кетүүгө туура келген. Жетимдерге каралашкан тууганлдарыбыз «чоң айылдын таалим-тарбиясы да чоң», – деп, Гамзатты башка айылга медресеге жөнөткөн. Ошондон кийин бир көзүндө талканы бар куржунун салып алып, атамдын кыдырбаган айылы калган жок. Кайра айылга байып кайткан десе болот. Байыганы ошол – жер кыдырып, көзү ачылып, билимдүү болуп келген. Ошондо айыл аксакалдары, «эми талантың менен билимиңди бир арабага чексең далайга кетесиң» дешкен.

Атам жаңылган жок. Атамдын ысмы белгилүү болуп чыкты. Ырларынын далай саптары макалга айланып кетти.

Атам көп жазган. Чоңдор үчүн да, балдар үчүн да, дүйнөгө көз жарып келгендерге да, дүйнөдөн көз жуумп кеткендерге да арнап ырлар жазган. Анын жазган ырлары, поэмалары, пьесалары, тамсилдери, жомоктору бар. Жазганда шашпай, мончоктой тизип, тегиз жазаар эле. Тили да ошондой болучу. Өзүнүн табияты да ошондой эле. Жаш кезинде Гамзаттын колунун сулуулугуна карап, ага чечим, элге кайрылуу өңдүү маанилүү кагаздарды көчүртүшүп жаздырышкан. Ал арабча да, латынча да, орусча да ариптер менен, солдон оңду карай да, оңдон солду карай да жаза берчү. Түркүн алфавиттерди өздөштүрүү тамаша эмес болчу. Ырды болсо бардыгын дээрлик аварча, эне тилинде жазчу.

Айрым ырлары арабча жазылган. Алардын көбү – сырдаштык ырлар. Аны үйдөн эч ким окуй алчу эмес. Бирок мындай ырлары аз. Гамзат андай жазууга таптакыр каршы турган адам эле. Ырды энеси, кызы, карындашы окубай тургандай кылып жазуу жарабайт. Мага жанагы «он алты жашка чейинки балдар кирбесин» деген кинофильмдер анча жага бербейт, – дечү атам.

Атам көбүнчө араб ариптерин колдончу. Тамгалардын өзүн, жазылышын айрыкча жактырып, ошолордун коздугуна маа-

ширланчу. Ариптерин иттин арткы шыйрактарындай кылып жаман жазгандарды көргөндө, чыдай алчу эмес. Бир жолу эски досунун арабча тамгалар менен киши окуй алгыс кылып, жазып жиберген катын окуп, аны шылдыңдап ыр жазган.

...Ал тамгаларды жаман урунуп, кебетесин бузуп жазгандарды сындаган. Дегинкисинде атам бир да алфавит жөнүндө жаман пикирде болгон эмес. Алфавиттин биринен бирин өйдө койгондорду ал жек көргөн.

«Арабдар Дагстанга басып киргени ырас, – деп айткан атам,– бирок буга араб жазуусу да, араб китептери да күнөөлүү эмес».

Түшкү тамактан кийин биздин саклянын үстүндө айылдык кишилер чогулган учур көп болор эле. Атам аларга таң каларлык повесттерден, аңгемелерден, ырлардан окуп берчү. Араб ырларынын ыргагы бир калыпта калкып, созолонуп турчу.

Атам орусча билчү эмес. Чеховду, Толстойду, Ромен Ролланды ал ошол эле араб тилинде окуду. Тоолуктар а кезде булардын бирөөнөн да кабары жок эле. Башка жазуучуларга караганда атама Чехов айрыкча жакчу, өзгөчө анын «Хамелеон» аттуу аңгемесин кайра-кайра окуй берчү.

Деги, араб тили бизде кеңири тараган. Кээ бири Дагстандын өзүнүн жазмасы жоктуктан арабча жазса, кай бирлери бул тил өзүнүн Дагстан тилдеринен байыраактай, кооз көрүнгөнү үчүн жазган. Бардык иш кагаздары менен документтер араб тилинде жазылган. Мүрзө таштагы жазуулар – бүт эле арабча тамгалар. Атам аларды шыр эле окуп, маанисин айтып берчү.

Кийинчерээк араб тилин буржуазиялык саркынды катары жарыялаган жылдар болду. Арабча жазып, окушкан адамдар да, арабча китептер да запкы тартты. Дагстандык агартуучулар Алибек Тахо-Годи менен Желал Коркмасов нечен түйшүк тартып жүрүп чогулткан бүтүндөй китепканалар жоголуп кетти. Желал Сорбоннодо окуган, Анатоль Франстын досу, он эки тил билген адам болгон. Курал-жарак, ат, уй, кийинчерээк бир ууч ун, бир айрык момпосуй берип жатып, ал тоолук айылдардан эски китептерди чогулткан. Ошолордун баары, ага кошулуп далай кол жазмалар жок болду. Орду толбос, оор жоготуу!

Дагстандын азаптуу китеби! Түркүн түрдүү тамгалар менен түркүн тилде жазышты сени. Жазышты, себеп дегенде жазбай коё алышпады, пайда көздөп, акы көздөп, жазышкан жок, дили буйруп өздөрү жазышты.

Кийинчерээк бирде «Тоолук», бирде «Большевиктик тоолук» деп аталган «Кызыл тоолор» газетасы пайда болду. Атамдын ырлары биринчи ирет ушул газетада жарык көрдү. Ал бир

топ жылдар бою газета менен тыгыз байланышмак гана тургай анын секретары да болуп иштеген. Мен ошо кезде газета ырларды ушунчалык тез чыгарарына таң калар элем. Кечээ эле менин көз алдымда атам жазган ырлар, бүгүн газетабызга жарыяланып чыга келчү. Кийин ырлары топтолуп, китепке кирди. Көлөмдүү төрт том атамдын бүткүл өмүрүн, бүткүл эмгегин камтыды.

Ал өзү да кабинетинде, китептеринин, карандаштарынын, жазылган жана али жазыла элек актай кагаздарынын жанында каза болду. Айла канча. Жазылбай калган барактар эми жазылат. Дагстан көптү үйрөнүп, окуп, жазып жатпайбы.

Эми өзүмдүн кантип окуганымды айтып берейин. Туураак айтканда, мени окууга кандайча мажбурлашканы жөнүндө сөз болмокчу.

Анда беш жашар кезим. Бүткүл Дагстан сабатын ачууга бет койду. Мектептер, окуу жайлары, техникумдар биринин артынан бири ачыла баштады. Кары, жаш, аял, эркек дебей окууга баш коюшту. **Ликбездер** ачылып, маданий жүрүштөр жасалды. Атам мага сатып берген эң алгачкы китеп – алиппе менен эң алгачкы дептер эсимде. Атам өзү айылдарды кыдырып, элди сабаттуу болууга үндөп жүрдү: «Дагстан – биздин улуу өлкөнүн бир бөлүгү. Бул өлкөнү билүү парз, бүткүл адамзатты билүү, анын туруш китебин окуй билүү, кандайча жазаарын талдай билүү парз», – деп айтты ал.

«Жаңы жол», «Жаңы жарык», «Жаңы адамдар» – ал кездеги ураандар мына ушундай болучу. Атам уулдарын мезгилдин ошол чакырыгын беттетип, багыттады. Жаңы заман шыр эле даңгыр жолго түшүп, жүрүп кетпеди. Анын жолуна таш ыргыткандар көп болду. Алгачкы мектептердин терезелери далай жолу талкаланды. Билимдин, агартуунун душмандары айтышты: «Дүйнө эмне болуп баратат, чабан китеп кармап, тегирменчи сабак окуйт деген эмне? А койду ким кайтарып, унду ким салат?». Андан да ары кетүүлөр болду. Мугалимге аткан ок мектептин дубалында илинип турган картага тийгени эсимде. Ошондо атам: «Бу акмак бир ок менен бүт дүйнөнү талкалай атып коё сактады» – деген.

Ошол жылдары көп айылда жаңы окууга эски, диний окууну жалгаштырууга аракет кылышты. Экөө аралашып кеткен учурлар кезикти. Кайсынысы магазин, кайсынысы базар, кимиси Али, кимиси Омар экенин ажырата албай калган учурлар болду. Менин улуу агаларым коммунисттик жаштар мектебине барып жүрүштү. Аларга суктанып, кыларга ишим жок, качан келер экен деп, кеткен жолун карап, кечкече ошолорду күтүп олтурчумун. Ушунчалык окугум келчү. Бирок жашым жетиге келе элек.

Ошол учурда Хунзах сепилине окууга жибергиси келбегендердин балдары үчүн биздин айылда мектеп ачылып калды. Бул – жарым-жартылай диний мектеп эле. «Гасандын мектеби» деп аталчу.

Гасан деген ак көңүл, жүрүм-туруму кызык адам эле.

...Ал бир айылдын комсомол уюмунун секретары, ошол эле учурда экинчи айылдын молдосу болчу. Мунун аягы эмне менен бүтөөрү белгилүү го: быякта молдосуң деп комсомолдон кууп чыгышса, тыякта комсомолсуң деп, мечиттен айдап чыгышты. Граждандык согуш учурунда ал кызыл партизан болгон. Тагдыр буйруп, кийин менин биринчи мугалимим ушул киши болуп калды. Биринчи мугалимиң жөнүндө канча айтсаң да ашепкелиги жок эмеспи.

...Анын сөзүн абдан кызыгып жатып уккандай көрүнөөр элек, бирок таң калам, азыр ошол айткандардын бир да бири эсимде жок.

Анын окуткан программасында орусча, арабча, латынча – баары эле аралашып жүрчү.

Фанерге килейтип туруп арабча тамганы жазып, айтчу:

– Мына ушуну жазганды үйрөн. Сенин атаң өмүр бою ушул тамгалар менен окуп, жазып келген.

Анан так ошондой кылып, орус тамгасын жазып:

– Үйрөнгүлө ушуну. Сенин атаң көзүнө айнек тагынып калган кезде ушуларды үйрөнүп отурат. Булардын пайдасын көрөсүң.

Кээде бизге «балан кылгыла» деп, тапшырма берип коюп, өзү намаз окуганы мечитке кетээр эле.

Араб жазмасын окуткан кезде колуна таяк алып, ката кетирсек же бир күнөө кылсак, жондон ары салып туруп калчу.

Орус арибине келгенде Гасан колуна сызгыч кармачу. Ошентип, бизге бирде таяк тийсе, бирде сызгычтан запкы жечүбүз.

Мен да таяк жегем. Биздин үй менен мечит жанаша болчу. Ортосунда аралык бир аттамдай эле бар. Өзүбүздүн үйдүн үстүнөн мечиттин үстүнө секире бермей бир өнөкөт таап алдым. Гасандан ошон үчүн таяк жедим. Кийин мечитти жаап, аер айылдык клуб өңдүү бирдеме болуп калды. Мен баягы өнөкөтүм боюнча секирип жүрсөм, Гасан көрүп калып, дагы урду.

Атам да Гасандыкын туура көрүп:

– Секиргидей сен эмне, чегирткесиңби? Жер үстүндө басып көн, – деп койду.

Жетиге чыкканымда секиргеним өзүнөн өзү калды. Хунзах сепилиндеги мектепке барып окуй баштадым.

Гасандын мектебин эч ким бүтүрбөй калды, аны жаап ташташтты. Гасан колхоздун фермасында иштеп, андан Бүткүл союздук айыл чарба көргөзмөсүнө барып, көргөзмөнүн медалын тагынып кайтты. Фронттон алган да эки медалы бар болчу. Согуш бүткөндөн кийин минтип айтканын уккам:

– Каерде гана болбоюн, согушта жүргөн кезимде бир ирет да намазымды каза  кылганым жок. Антпесем үйгө аман-эсен кайтат белем, жок белем, ким билет?

Кыскасы, ал баягы эле Гасан боюнча калды. Азыр ал авар ханы Суракат жөнүндө материал жыйнап жүрөт. Апендиси апенди, бирок баягысындай эле ак көңүл, ичинде кири жок, чынчыл.

Айылга барганымда ага жолукпай койбойм, канча кылса да өзүмдүн эң биринчи мугалимим катары урматтайм.

Кадимки мектепке келгенден кийин экинчи мугалимим да эсимде. А киши качан болсо өзү жөнүндө жомок айтып карап отурар эле. Ал авардын анык Мюнхаузени экенин мен эми түшүнүп жүрөм. Ар бир сабагын ал адатынча минтип баштаар эле:

– Эмне, балдар, өз өмүрүмдөн бир окуяны айтып берсемби?

Биз жөн турабызбы:

– Айтып бериңиз! – деп, чурулдап жиберебиз.

– Айтып берсе мындай. Бир жолу Авар-Койсунун үстүнө салынган аркан менен аркы өйүзгө өтүп бараткам. Аңгыча эле карасам килейген аюу мени көздөй келатат. Экөөбүз беттешип калдык: ал мага жол бербейт, мен ага жол бербейм. Кармаша кеттик. Далай эле аюу менен кармаштым эле, бул алардын баарынан күчтүү экен. Ага караймбы, бир маалда моюнун бурай кармап туруп, сууга ыргытып жибердим.

Оозубуз ачылып калды.

...Бир жолу сабакта олтуруп, жанымдагы Басир экөөбүз сүйлөшө кеттик.

Агай мени чакырып алып ачуусу келди:

– Эмне жөн олтурбайсың? Бир сааттан бери Басир менен эмнени сүйлөшүп жатасың?

– Талашып жатабыз, агай. Басир айтат, баягы талаада сиз өлтүргөн жыландар сегиз эле болчу деп, мен айтам он сегиз болчу деп.

– Басир билбейт, он сегиз болчу.

Ошондон кийин мектепке эчтеме окубай эле барып жакшы баа апкелгениме атам менен апам аябай таң калып жүрүштү.

Ак көңүл адам эле, бирок бир жерге байыр алып тура алчу эмес. Тээ бир алыскы айылдарга, бирде Силухка, бирде Арадерихке айдап жиберишчү, аерде деле көп турбай, которулуп кетчү.

Жакында ал Жазуучулар союзуна келип, мага кирип, иш сурады.

– Эмне кылайын деген оюң бар?

– Согуш жөнүндө эскерүү жазсам деп кыяз кылам. Маршалдардын баары эле менин досторум болчу. Кээ бирин а түгүл өлүмдөн алып калган жайым бар.

Түркүн мугалимдерим болду. Ошолордун ичинен чыныгы биринчи мугалимим иретинде мен ак көңүл орус аялы Вера Васильевнаны атаар элем. Мага орус тилинин ажайып кооздугун, орус адабиятынын улуулугун ачып берген киши ошол болгон.

Авар педагогикалык окуу жайындагы мугалимдер, Москвадагы Адабий институттун профессорлору!

...Дагстан! Сенин да түркүн мугалимдериң болду. Өзүңдүн Гасандарың, Мюнхаузендериң болду. Кээ бири өзү окутуп жатканга өзү ишенген жок, кээ бири алдады, айрымдары адашты. Бирок кийин улуу жана акыйкаттуу, ак көңүл жана кайраттуу мугалим келди. Ал мугалим – СССР, Революция эле. Жаңы турмушка, жаңы мектепке, жаңы китепке ээ болдук.

Илгери бүтүндөй айылда катты же китепти жалгыз гана молдо окуй алчу. Азыр жалгыз молдодон башканын баары китеп окуй алат.

Дагстан жөнүндө дагы повесть жазылат. Ал түбөлүк жазылып бүтпөйт. Эгер ошол өлбөс, алтын китептин ичинен эң куру дегенде мен жазган бир баракка орун тийсе – анда менин бактым чоң. Өз ырымды сага сунам, Дагстаным, кабыл ал!

Не тапсам адамдардан – анын баарын,
Өзүңө тартуу кылам Дагстаным.
Чокуңа кадагым бар ордендерим,
Сен алсаң – ошол менин тагынганым.

Күү сендик, ырым сендик – дилде жаткан,
Бир гана ыраазы элем мага жапсаң:
Кементай – токоюңду, анан дагы,
Ак мөңгү – бапагыңды сыйга тартсаң.

Мына бүттүк. Эми коштошолу, кыйбас жаш досторум! Эл айткандай, кудай жолуктурса дагы жолугарбыз. **Васалам, вакалам!**

**сакляр** – тоолуктардын үйү
**ликбез** – улгайган адамдардын сабатын ачып, окуу, жазууну үйрөтүүчү жай
**васалам, вакалам!** – үйүңө кут консун. Сөз бүттү!

## ЭНЕ ТИЛ

Эмнелерди көрбөйт адам түшүндө,
Өз өлүмүм кирди бүгүн түшүмө.
Жаткан экем, былк эталбай ок тийип,
Түшкү ысыкта, Дагстандын түзүндө.

Шар агымы окшоп өмүр, мезгилге,
Тоо дайрасы мага жакын сайда агат.
Бүттүм эми. Керегим жок эч кимге,
Денем чирип, топуракка айланат.

Тирүү жан жок минтип өлүп жатканда,
Бир да адамдын доошун чалбайт кулагым.
Жалгыз гана бүркүт шаңшып асманда,
Жана эликтин бышкырганын угамын.

Мага күйөр адамдардан жанымда,
Бири дагы караан болуп турган жок.
Жаштайымда жайрап калган чагымда,
Аны айтасың – кошок кошкон бир жан жок.

Өлүк-тирик ортосунда чымырап,
Мына ошентип жалгыз жатсам тигинде.
Эки адамдын сүйлөшкөнү угулат,
Канга сиңген менин авар тилимде.

Жатканымда өчүп оту денемдин,
Алар барат бакылдашып сүйлөшүп.
Жоругуна күлүп Али дегендин,
Гасан деген да бирөөнү тилдешип.

Жүрөк болк деп, кулак тостум мен үнгө,
Ошол үндөр денеме жан кийирди.
Врач, бакшы шыпаа болбой өлүмгө,
Өлгөн денем эне тилден тирилди.

Ар бир тилдин кудурети ошончо,
Өз ээсине дабалыгы алардын.
Эртең тилим жоголору чын болсо,
Анда жакшы бүгүн өлүп калганым.

Эне тилим – кенч-байлыгым түгөнбөс,
Жарды тил дээр, балким да бир оозу шок.
Ассамблейде сүйлөнбөсө сүйлөнбөс,
Бирок мага андан өткөн улуу жок!

Балдарыма котормодон жетеби,
Махмуд деген авардын өз акыны.
Авар тилде жазгандардын кечээги,
Кантип эле мен болоюн акыры.

Бул жашоону, бул жер шаарын сүйөмүн,
Булар болду кумар-бактым, жыргалым.
Советтердин өлкөсү деп жүрөгүм,
Аны аварча ал жеткенче ырдадым.

Балтикадан Сахалинге керилген –
Мекен жатат кут төгүлүп койнуна.
Мейли ал үчүн чыксын жаным денимден,
Бирок сөөгүм тууган жерге койгула!

Анткендигим – Цададагы Гамзаттын,
Ордун баскан Расул деп аварлар.
Келген кезде сөзүн тыңшап жатмакмын,
Өз тилимде сүйлөп турмак жана алар.

### Р. ГАМЗАТОВ ТИЛ ЖӨНҮНДӨ ОЙ ЖҮГҮРТӨТ

«Тилдин баркына жетпей жатып, бир нерсе жазам деген киши сүзгөндү билбей туруп дайрага секирген акмакка тете».

* * *

«Мага ар түрдүү элдердин тилдери көктөгү жылдыз катары туюлат. Мен бардык жылдыздар чогулуп келип, асмандын тең жартысын ээлеген, талпайган чоң жылдыз болуп калышын каалабас элем. Ал үчүн Күн бар. Мейли, жылдыздар да жаркырап турсун. Мейли, ар бир адамдын өз жылдызы болсун. Мен өз жылдызымды – авар тилин боор этим менен тең көрөм».

* * *

«Жан биргем, авар тили! Сен менин байлыгымсың, бүгүндөн эртеңкиге алып бараткан кенчимсиң, жан дүйнөмө сыркоо койбос дарысың. Эгер адам жүрөгү толо кыр болуп, бирок дудук төрөлүп калган болсо, анда анын жарык дүйнөгө келбей койгону

жакшы. Менин жүрөгүмдө далай ыр, жан-табиятымда жаңырган үн бар. Ал үн сенсиң, жан биргем, авар тили. Сен мени баладай колуман жетелеп, айылыман чоң дүйнөгө, адамдарга алып чыктың, эми мен аларга өз журтум жөнүндө баян кылып отурам. Сен мени ээрчитип улуу орус тили деген алпка алып бардың. Ал да менин кан-жаныма аралашты, экинчи колуман алып, дүйнө өлкөлөрүн кыдыртты, мен бул тилге эмчек энеме кандай карыз болом, дал ошончолук карызмын деп сеземин өзүмдү. Бирок канткен менен да менин өз энем бар экени көкүрөгүмдө турат».

* * *

«Авар тилимдин эртең жоголору чын болсо, мен бүгүн жүрөгүм жарылып өлгөнүм жакшы».

* * *

«...Эртең тилим жоголору чын болсо,
Анда жакшы бүгүн өлүм калганым».

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ «МЕНИН ДАГСТАНЫМ» ЖӨНҮНДӨ

Гамзатовдун бул жолку чыгармасы да биз буга чейин окуп билген адабий дасмиялардын эч бирине окшобойт. Жанры жактан ага жакындашаар бирер-жарым нерсе бизден түгүл, дүйнөлүк адабияттын өзүнөн да чыкпачудай. Анан калса кеп жалгыз эле жанрда жатыптырбы? Бул китеп жарпыңды жазаар төтөн кумар менен окулуп, ой-санааңды сапырып, жан-дүйнөңдү козгоп, ар түрдүү абалга салып, бирде курсант кылса, бирде жаныңды сыздатып, кайра туруп күлкүгө тундуруп, адам акылынын тапкычтыгына таңдантып, тамшантып турат. Анткен сайын авторго алпейимиң төгүлүп, анын ушундай жаралып, ушундай кемел менен дүйнөгө келип калганына жетине албай, турмушту ошол тубаса жарашыгынан жазбай туюп-көргөнү үчүн, тирүүлүктүн сантүркүн санатын козгоп, кыябын таап, кыраатына келтирип ажайып аңгеме салып бергени үчүн ыраазы боло бересиң.

«Менин Дагстаным» – түзүлүшү жагынан татаал, көп үндүү китеп, мезгил алдындагы ыймандын сыры, анда биздин мезгилдин турпаты тартылып, ал замандаштарыбыз менен мекендештерибиздин, чет өлкөдөгү жакшы санаалуу досторубуздун кабылдоолору, ой-пикирлери жана акыйкат сөздөрү аркылуу сүрөттөлөт. Бардык маселеде, турмуштун кайсыл жагына кайрылса да, алардын баарында Гамзатов принциптүү позициясын көрсөтөт, баарын жеке өзүнө таандык граждандык ой-жүйөсүнө са-

лып айтып, чоңбу, майдабы, бардык ишти өзүнүн чен бирдиги, тараза ташы менен өлчөп, өкчөп чыгат. Гамзатовдун баяны бир баптан экинчи бапка карай деңиз толкунундай түрүлүп, өркөчтөнүп жүрүп олтурат. Бир туруп күр-шар этип көк чапчып көтөрүлүп чыгат да, бир туруп жай термелип, күн желеси сымал чуудаланып, түркүн-түскө боёлуп, көз уялткан көрккө тунуп, көөлбүй түшөт. Анан кайрадан толкун түрүлөт...

Китеп маек кептерге, ички толгонууларга, философиялык чабыттагы кайрыктарга абдан бай, анда уламыш, укумчул сөздөр, жомоктор менен болумуш иштер, адам турмушун, эл менен мамлекет тагдырын санаттаган санжыралар түркүм-түркүмү менен жолугат. Мунун баары Гамзатовдун акындык жумурунда жуурулуп, анын кайталангыс улуттук нарк-наарына каныгып, адеми түрүнө келген. Мунун баары биздин мезгилдин уулу жана атуулу – көрүнүктүү акын Расул Гамзатовдун өрүшү кең, өрүү билбес ойлорунун оролун түзүп турат.

1. Расул Гамзатовдун өмүрү, чыгармачылык жолунан эмнени баамдадыңар? Акындын «Менин Дагстаным» деген китебин окуп чыккыла. Ага каламдашы жана замандашы Ч. Айтматов кандай баа берген экен? Мындай баалар ага көп берилген, андай пикирлер эсиңерде барбы?
2. Акындан «Эне тил» деген ырын айтып бергиле. Ырдын негизинде бир шиңгил аңгеме жазгыла. Эне тил деген эмне? Газета-журнал беттериндеги эне тилин сактоо, өнүктүрүү жөнүндөгү маселелерди сен кандай карайсың? Бүгүнкү кыргыз тилинин абалы сени ойлондурабы? Эне тилин билбегенди эмне үчүн маңкурт дешет?
3. Эне тилиңдин өткөн тарыхы жөнүндө кандай маалыматтарды билесиң? Эне тилдин тазалыгы дегенди сен кандай түшүнөсүң?
4. Кыргыз тилин таза сактоо үчүн сен кандай үлүш кошо аласың?
5. «Эне тилибиздин бүгүнкү абалы» деген темада талкуу өткөргүлө.

## А. П. ЧЕХОВ

**(1860–1904)**

«Чехов... Россиянын эң мыкты досторунун бири, акылдуу, адилет, чынчыл досу, аны сүйгөн, ага бардык жактан жан тарткан досу».

*М. Горький*

«Чехов – прозадагы Пушкин».

*Л. Н. Толстой*

«Чехов өз доорунун көркөм, тарыхый эстелигин тургузуп кетти».

*К. Федин*

Антон Павлович Чехов – дүйнөлүк адабиятта өз орду бар жазуучу жана драматург. Ал биринчи кезекте кыска аңгемелердин чебери катары даңазалуу.

Кичинекей Антоша Россиянын чет жакасында Таганрог шаарында туулуп, алты балалуу үй-бүлөдө өскөн. Эң эле эрте, кичинесинен атасынын майда-чүйдө сатылуучу дүкөнчөсүндө соода-сатык ишине жардамдашуу менен эл турмушуна аралашып, жамандык-жакшылыктын даамын эрте татып, кыйынчылыктарга бышат. Чай-чамек, кант-мант алуу үчүн кирипчыккан адамдардын мүнөз-кыялын үйрөнүп, алардын тагдырлары менен тереңден таанышып чоңоёт. Дал ушул мезгилде жазуучулук көрөгөчтүгү, айлана-чөйрөнү, дүйнөнү тааный билиши калыптанат. Кийин гимназияда окуйт, Москва университетинин медициналык факультетин тамамдайт, учук оорулуу экенине карабай, өмүргө кооптуу алыс сапарга аттанып чыгып, Сахалинге барып, сүргүндө жүргөндөрдү дарылайт.

А. П. Чехов аңгемелеринде, повесттеринде, пьесаларында Россиянын өткөн кылымдын акырындагы ачуу чындыкты, адамдардын жашоо-шартынын оор абалын, таптык жиктелүүлөрдү, ыймандык кыйроолорду сөөккө жеткире кыска, таамай көрсөткөн. Караңгылыкты, укуксуздукту жектеп, адамгерчиликти асманга чыгара көкөлөтүп жактап чыккан. Көптөгөн чыгармаларында сатиралык, юмордук ыкмаларды кеңири пайда-

лануу менен, помещиктердин наадандыгын, зулумдугун, ач көздүгүн, адамдын тунук сезимдерин кордогон айбандыгын ашкерелеген.

Силер, балдар, А. П. Чехов жөнүндө орус адабияты сабактарынан кеңири маалымат аласыңар, демек бул жазуучу менен таанышуу али алдыда.

## ХАМЕЛЕОН

Базар аянтын аралап, үстүнө жаңы шинель кийип, колуна түйүнчөк кармаган **полиция көзөмөлдөөчү** Очумелов келе жатат. Анын соңунда каалгый басып, **конфискация** кылып алынган **крыжовник** жемиши жык толгон себетти көтөрүп, куйкул сары кичи полицей жүрөт. Айлана тыптынч... Аянтта бир да жан жок... Дүкөн жана **кабактардын** ачык эшиктери ач бөрүнүн оозуна окшоп, кудайдын жарык дүйнөсүнө кандайдыр кайгылуу түрдө карайт: булардын жанында турган кайырчы да жок.

– Сен кабат экенсиң го, шүмшүк! – деген сөз угулду Очумеловго. – Балдар, кармагыла муну! Биздин заманда кабышып отурууга болбойт! Карма! А...а!

Иттин каңкылдаганы угулду. Очумелов каптал жагына карай салса: көпөс Пичугиндин отун кампасынан үч буту менен сороктоп, улам артына карап, бир ит качып келатыптыр. Чыт көйнөк кийип, желеткесинин топчуларын чыгарып салган киши анын соңунан кууп алыптыр. Кууп келаткан киши илгери умтула жерге боюн таштап көмкөрөсүнөн жата калып, иттин арткы шыйрагынан кармады. Иттин каңкылдаганы жана «коё бербе» деген кыйкырык кайрадан дагы чыкты. Дүкөндөрдөн уйкулуу өңдөр сороё чыга келип, отун кампасынын жанында калк жерден чыга калган сыяктуу бат эле топтоло түштү.

– Тартип бузулду окшойт, таксыр! – деди кичи полицей.

Очумелов солго бурулуп, жыйылган топту карай жөнөдү. Кампанын дарбазасынын так түбүндө жогоруда айтылган желеткечен киши оң колун өйдө көтөрүп, чогулган элге канга боёлгон сөөмөйүн көрсөтүп турганын байкады. Анын чала мас өңүндө: «Мен сенден бир нерсе алам, куруган куйту!» – деген сөз жазылып тургансыйт. Ал киши зергер уста Хрюкин экенин Очумелов тааный койду. Топтун так ортосунда алдыңкы эки бутун талтайтып, бүткөн бою калтырап, азыркы чатактын айыпкери тумшугу чуштугуй, жонунда саргыч темгили бар ак күчүк турат. Анын жаш мөлтүрөгөн көзүнөн аябай коркуп, кайгыга баткандыктын белгиси байкалат.

– Бул кандай окуя? – деп сурады Очумелов топту жирип кирип. – Мунуңар эмне? Сөөмөйүң эмне болду сенин?.. Ким кыйкырды?

– Мен эч кимге тийбестен жөн эле келаткам, таксыр... – деп Хрюкин өз колуна жөтөлө сөз баштады. – Митрий Митрич экөөбүз отун жөнүндө келгенбиз... Анан мына бул шүмшүк өзүнөн-өзү келип сөөмөйүмдү тиштеп алды. Сиз мени кечирип коюңуз, мен иштеги кишимин... Ишим эң эле майда. Мага эми акча төлөшсүн, анын себеби – бул сөөмөйүм мындан ары, балким, бир жумага ишке жарабай калар... Мындай айбанаттан азап чек деп мыйзамда да айтылган эмес, таксыр... Көрүнгөндүн баарын эле тиштей берсе, жарык дүйнөдө жашабай эле койгонум артык.

– Гм!.. Дурус... – деди Очумелов сурданып, жөтөлө жана кашты серпе сүйлөп. – Дурус... кимдин ити бул? Мен муну жөн койбойм! Итти ээн коё бергенди көрсөтөм, силерге! Токтомго баш ийгиси келбеген ушундай төрөлөргө көңүл бурар убакыт жетти! Мындай митаамга салык салар замат ит жана ушуга окшогон тентип жүргөн айбандын эмне экенин мен ага түшүндүрөм? Акесин таанытам ага!.. Елдырин! – деди Очумелов, жанындагы кичи полицейге карап. – Бул кимдин ити экенин аныктап бил да, токтом жаз! А иттин өзүн өлтүрүш керек. Тезинен жок кыл! Балким, кутурган ит чыгар... Бул кимдин ити деп жатам мен?

– Генерал Жигаловдун ити болсо керек эле! – деди топ ичинен кимдир бирөө.

– Генерал Жигаловдукубу? Гм!.. Елдырин, менин пальтомду чеччи... Күндүн ысыгын кара! Жаан жаайт окшойт... Мен мында бир гана нерсеге түшүнбөй турам: сени кантип капты ал? – деди Очумелов Хрюкинге карап. – Сөөмөйгө күчүк кантип жетет? Бул кичине, сен лөкүйгөн чоң экенсиң. Колуңду, балким, мыкка сайып алып, анан бирөөдөн акча согоюн деп акылга киргенсиң го. Сенин... Кандай киши экениң белгилүү эмеспи? Силердей шайтандарды билем мен!

– Тамаша кылыш үчүн бул иттин мурдуна тамеки тыккандыр, таксыр, анан бул акмак эмес да, колун каап алгандыр... Өзү терс аяк киши, таксыр!

– Калп айтасың, кыйшык ооз! – деди Хрюкин. – Көрбөгөн соң, демек калп сөздүн кереги эмне? Биздин ушул турган урматтуу таксыр акылдуу төрө, ким калп айтса да, ким чын сүйлөсө да түшүнөт, кудай акы... Ал эми меники калп болсо **мировой** текшере берсин. Анын мыйзамында ачык айтылган... Азыр бардык эл бирдей. Эгер билгиңер келсе, менин өз иним да **жандармда** иштейт.

– Көп сөзүңдү кой!

– Жок, генералдыкы эмес бул, – деди кичи полицей терең ойлонгон түрдө. – Генералда мындай ит жок. Аныкы көбүнчө машке иттер...

– Сен муну даана билесиңби?

– Даана билем, таксыр...

– Мен өзүм да билем... Генералдын иттери кымбат баалуу асыл тукумдан, а бул эмне ит экенин шайтан билеби? Жүнү да начар, кейпи да жаман... Өлчөсү курусун, мындай итти эмне багат? Акылыңар кайда силердин? Эгер мындай ит Петербургда же Москвада көрүнө калса, эмне болорун билесиңерби? Анда мыйзам-заңга карап отурбастан, ошол замат дымын чыгарбай салат! Хрюкин, сен кыйноо көрүпсүң... Бул ишти эми жөн койбогун... үйрөтүш керек!.. Убакыт жеткен.

– А балким, генералдыкы чыгар, – деди полицей кайра ойлонуп. – Тумшугуна жазылган белгиси жок. Өгүнү ушундай итти анын короосунан көргөн элем.

– Генералдыкы болуу керек! – деди бирөө.

– Гм!.. Менин пальтомду кийгизип койчу, Елдырин тууган. Желге урунуп калдым окшойт. Чыйрыга баштадым... Сен бул күчүктү генералдыкына жеткирип, өздөрүнөн сурагын. Мен таап жибергенимди айт... Муну көчөгө чыгарбагыла дегин... А, балким, бул абдан кымбат күчүктүр: анан ар бир жолуккан чочко мурдуна тамеки тыга берсе, бат эле бузулбайбы? Ит – назик макулук. А сен акмак, колуңду түшүр эми! Макоо, колуңдун эмнесин көрсөтөсүң! Айыптуу өзүң!..

– Генералдын ашмачысы келатат, ошондон сурайлы... Эй, Прохор! Бери келчи, жалгагыр! Мына бул итти көрчү... Силердикиби?

– Тапкан экенсиң! Мындай ит өмүр бою болгон эмес!

– Узак убакка сурап олтуруштун кереги жок, – деди Очумелов. Тентип жүргөн ит бул! Көп сөздүн кереги эмне... Тентиген дедимби – тентиген... Өлсүн, кеп ушул.

– Бул биздин ит эмес, – деп Прохор сөзүн улантты. – Генералдын инисиники, ал бая күнү гана келген. Биздин генерал тайган күтпөйт, а иниси жакшы көрөт.

– Ырас эле анын иниси келдиби? Владимир Ивановичпи, – деп Очумелов сурай баштады, элжиреген түрдө жылмайып күлүп. – Мына, кудай жалгасын. Мен аны билген да эмесмин! Конокко келишкен го?

– Ооба...

– Кудая тобо... Агасын сагынган экен. А мен билген жокмун! Бул ит ошолордуку дечи? Жакшы болуптур... Эмесе алып

кеткин. Дурус ит көрүнөт... Шамдагай турбайбы... Мына мунун, сөөмөйүн шап гана тиштеп алыптыр! Ха-ха-ха... Кана, неге калтырайсың. Рррр-р... Ачууланып турат, шайтан... арам тентек...

Прохор итти чакыра ээрчитип алып, отун кампасынан алыстап кетти. Жыйылган топ Хрюкинди шылдыңдай баштады.

– Мен сага дагы көрсөтөм! – деп Очумелов аны катуу опузалап, анан шинелин кымтылады да, базар аянтын аралап өз жолуна түштү.

**полиция көзөмөлдөөчүсү** – падышалык Россияда тартипти байкоо үчүн коюлган өкмөттүк кызматкер

**конфискация** – бул жерде базарда сатуучулардан тартып алынган деген мааниде

**крыжовник** – барсылдак, тикендүү келген, бакта өсүүчү жемиш

**кабак** – ичимдик ичилүүчү жайлар мурда ушинтип аталган

**генерал** – жогорку аскердик наам, чин

**мировой** – майда иштерди текшерүүчү кызматкер

**жандарм** – полициялык чини бар киши

1. Эмне үчүн аңгеме «Хамелеон» деп аталган? Эмнеликтен хамелеон деген кескелдирикке салыштырылып жатат? «Күчүктүн тополоңу» кандайча башталды?
2. Адамдардын сырткы кебете-кешпирин сүрөттөгөн жерлерди таап окугула жана ар бир кейипкердин тышкы кейпи менен ички дүйнөсүн салыштыргыла. Очумелов өз өңүн канча жолу, кандай себептен өзгөрттү? Хрюкиндин даттануусун жакшылап окугула жана анын кандай киши экендигин териштирип көргүлө. Аңгемедеги жалпы элдин ордун мүнөздөгүлө.
3. Чыгарманы ролдоштуруп, класс-сахнага алып чыккыла. Анда ар бир каармандын ички дүйнөсүнө карап үн тандагыла. Аңгеме деген кандай жанр? Бул окуяларды сүрөттөөдө жазуучу эмнеликтен аңгеме жанрын тандап алды?
4. Сабак-талкууда талкууланууучу маселелер: Чеховдун учуру жана бүгүнкү күн: Хамелеондор жоголдубу? Кошоматчылык деген эмне? Биздин класста кошоматчылар барбы? Мен билген кошоматчылар... Бир жолу мындай окуя болду... (андан ары өзүң улант); Кошоматчылар менен кантип күрөшүү керек?

## ЧИНОВНИКТИН ӨЛҮМҮ

Күндөрдүн биринде короздоно сыланган Иван Дмитрич Червяков театрдагы мамык орундуктардын экинчи катарында көзүнө дүрбүнү кармап, сахнада жүрүп жаткан «Корневиль коңгуроолорун» карап олтурат. Тиктеген жагынан көзүн тарта албай жыргалдын нагыз төрүндө жүргөндөй ыракаттанат. Бирок кокусунан... Аңгемелерде дал ушул оңбогон «кокусунан» деген сөз көп учурайт эмеспи. Аны жазган кишилерде эч айып жок, турмушта күтпөгөн жерден боло калчу окуялар эң эле көп!.. Бирок кокусунан беттери бырышып, көздөрү жумулуп, деми токтоло калды... Ошол учурда дүрбүнү четке кармап, эңкее берди да... апчүү! – деди. Өзүңөр көрдүңөр го, чүчкүрүп жиберди. Чүчкүргөндүгү үчүн эч ким, эч жерде тил угууга тийиш эмес. Мейли мужиктер болсун, мейли **полицмейстер**, а түгүл жашыруун кеңеш берүүчүлөр да кай бир учурларда чүчкүрө калышат. Чүчкүрбөгөн киши болбойт. Червяков уялган жок, кол жоолугу менен мурдун аарчып, өзүмдүн чүчкүрүгүм менен бирөөнүн тынчын алган жок бекем деп, эки жагына көз жүгүрттү. Бирок эми уялышка туура келди. Алдыңкы катарда олтурган картаң киши кашка башын, моюнун мээлейи менен кайра-кайра сүртүп, өзүнчө күңкүлдөп жатыптыр. Аны тааныды, темир жол тармагында иштеген генерал Брызжалов экен.

«Буга чачыратып койдум. Менин үстүмдөн караган улук эмес, бирок ошондой болсо да уят. Кечирим сураш керек», – деп ойлоду.

Червяков акырын жөтөлүп, алга умтула эңкейди да, генералдын кулагына шыбырап:

– Кечириңиз, таксыр, мен сизге шилекейимди чачыратып койдум... байкабай калдым, – деди.

– Эч нерсе эмес.

– Кудай үчүн кечирип коюңуз. Мен байкабай калбадымбы!

– Ах, жөн олтуруңузчу! Оюнду көрөйүн!

Червяков уялган бойдон жөнү жок күлүп, кайра сахнага карады. Бирок мурдагы жыргалы өз ордуна келбей койду. Тынчы кетип, кадимкидей азапка түштү. Дем алыш убагында Брызжаловду жандап басып, бардык күчүн жыйнап, оозун кыймылдатып:

– Мен сизге чачыратып койдум... Кечириңиз, таксыр. Кантип эле мен...

– Ах, болбодубу!.. Мен аны капкачан унутуп койсом, сиз дале кобурайсыз, – деп генералдын алдыңкы эрди титирей түштү.

«Унутса да көзүндө куйтулук бар экендиги көрүнүп турат, – деген ой менен Червяков генералга карады – сүйлөшкүсү келбейт. Бул окуя атайын эмес, кокусунан боло калышын... Жаратылыштын мыйзамы ушундай экенин жакшылап айтышым керек... Болбосо атайлап түкүрдү деп ойлойт. Азыр ойлобосо да, кийин ойлойт!»

Червяков үйүнө келип, өз наадандыгын аялына айтты. Аялы бул ишке жеңил ой менен караган сыяктанды. Адегенде аялы аябай чочуп, кийин Брызжалов «башка киши» экенин билип, биротоло тынчып калды.

– Эмне болсо да барып кечирим сура. Көпчүлүк арасында адам сыяктуу олтурганды билбейт экен деп ойлобосун, – деди аялы.

– Кеп ошол! Кечирим сурасам жарытылуу жооп айтпай койду... Жакшылап сүйлөшүү үчүн мүмкүндүк болгон да жок.

Эртеси башкача жасанып, чачын алдырып, жакшылап сүйлөшмөкчү болуп, Брызжаловду карай жөнөдү... Келип генералдын кабыл алчу бөлмөсүнө кирсе, арызданып жаткан көп кишилер, алардын арасында арызды уга баштаган генералдын өзү олтуруптур.

Эки-үч кишинин арызын уккандан кийин, ал Червяковго карады.

– Эгер эсиңизде болсо... түндө «Аркадиде» олтуруп, – дей баштады Червяков, – мен чүчкүрүп жибердим, таксыр... Шилекейим кокус чачырап кетип. Кечире...

– Жок... сөз! Кудай үчүн коюңузчу... Сиздин эмне датыңыз бар? – деди генерал андан кийинки кишиге.

«Сүйлөшкүсү келбейт, – деп ойлоду Червяков, бетинен каны ичине тартып. – Демек аябай ачууланып олтурат... Жок, муну ушул бойдон калтырышка болбойт... Жакшылап түшүнтөйүн...»

Генерал ар кимдин арызын угуп бүткөндөн кийин ордунан турду да, аркы үйдү карай кадам койду. Червяков анын артынан калбай жете барып:

– Таксыр! Эгер мен тынчыңызды алган болсом, жан-дилим менен кечирим сурайм!.. Байкабай калдым, билип тургандырсыз... – дегенде, генералдын бети-башы тырыша түшүп, колун шилтеп жиберди.

– Мунуңуз шылдың го, төрөм, – деп генерал эшикти жаап алды.

«Кантип шылдың болсун? – деп ойлоду Червяков. – Мында эч кандай шылдың жок. Өзү генерал, бирок түшүнбөй жатканын кара. Эмесе бул мактанчаактан кечирим сурабай эле кой-

сом эмне болот экен! Муну шайтан урсун! Кат жазып жиберем. Өзүм келбейм! Кудай урсун, келбейм!..

Ушуну ойлоп, Червяков үйүнө кайтты. Бирок генералга жиберүүчү катты жаза алган жок. Ойлоп, ойлоп... эбин таппай койду. Ошондуктан, анын эртеси дагы барышка туура келди.

– Кечээ мен тынчыңызды алдым, таксыр, – деди Червяков генерал суроолуу көз менен карап калган кезде. – Сиз айткандай шылдың кылайын деп ойлогон эмес элем... Чүчкүрүп жибердим, шилекейим чачырап кеткени үчүн... кечирим сурагам... Мен кантип шылдың кылайын? Эгер кишини шылдыңдоочу биз болсок сый-сыпат кимде болот...

– Көзүмө көрүнбөй жогол! – деди өңү кумсарып, бүткөн бою титирей баштаган генерал.

Червяков араң угулган үн менен:

– Эмне? – деп кайра сурады.

– Жогол! – Генерал дагы бакырып, тактайды тарс эттире тээп жиберди.

Червяковдун ичегиси үзүлүп, карыны каңтарылып кеткен сыяктанды. Көзү караңгылап, кулагы бүтө түшүп, эптеп эшикке чыкты да, илең-салаң басып кетти. Ошол бойдон үйүнө келип, үстүндөгү кийимин чечпестен, диванга кулар замат жан берди.

**чиновник** – Россияда мамлекеттик кызматкер, өзүнчө чин
**полицмейстер** – Россиядагы ири шаарлардагы полиция кызматкерлеринин башчысы, жетекчиси

1. Эмне үчүн автор бул аңгемеде чүчкүрүктү пайдаланган? Червяков адегенде өзүнүн чүчкүрүгүн капарга албай, кийин ага эмнеге катуу уялды? Бул окуяны аялы кандай кабыл алды?
2. Эки каармандын диалогун ролдоштуруп окугула. Жазуучунун майда көрүнүштөргө чоң маани бергендигин далилдегиле. Бул аңгемени трагедия дешке болобу? «Хамелеон» жана «Чиновниктин өлүмү» аңгемелеринин окшош жактары барбы?
3. «Чүчкүрүк» деген темада төмөнкү план боюнча баяндама жазгыла: Червяков – театрда; чүчкүрүү; бул боюнча чиновниктин биринчи жана экинчи ою; кечирим суроо; үйдө; экинчи күн; генералдын мамилеси; өлүм.

## А. П. ЧЕХОВДУН УЧКУЛ СӨЗДӨРҮ

Адам бардык жагынан сулуу болуш керек: келбет-жүзү да, кийим-кечеси да, ички дүйнөсү да, акыл-ою да.

Ар бир адам өз мүнөз-жүзү менен көрүнүшү жана өзүнүн кеби менен сүйлөшү керек.

Чыныгы жазуучу башкаларга караганда бардыгын айкын көрүп туруугa тийиш.

Намысты тартып алууга болбойт, жоготуп коюуга болот.

Арак ак болгон менен адамды кызыл тумшук, кара бет кылат.

Уяттуу киши иттен да уялат.

Калп айтуу – өзүнчө бир оору, илдет, кесепет. Ага чалдыккан киши өлүп баратса да бир ооз калп айтып калат.

Бирөөлөрдүн кайгысына кубанган кишинин айыбын кечирүүгө болбойт.

Кыскалык – таланттын боордошу.

*Адабият теориясынан*

## САТИРА ЖАНА ЮМОР ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

«Сатира» – «аралашма» деген маанини билдирген латын сөзү. Андай аталган себеби, байыркы мезгилде мындай чыгармаларда пародия, памфлет, каалоо ырлары – баары топтолуп, биригип, аралашып келген.

Азыр адабияттагы сатира дегенде коомдук турмушта ошол турмушка, чөйрөгө ылайык келбеген айрым бир көрүнүштөрдү, адамдардын жүрүш-турушундагы, иш-аракетиндеги, мүнөзүндөгү жалпыга туура келбеген жагымсыз белгилерди, туура эмес жорук-жосундарды сынга алган чыгармаларды түшүнөбүз.

«Юмор» деген сөз англис тилинен бизчеге которгондо «суюктук» деген маанини билдирет. Мында сатирадан айырмаланып курч сын айтылбай, тамаша, жеңил күлкү чыгарууга басым жасалат. Сатира жана юмор көп учурда аралашып, бири-бирине сиңишип келет, аларды жаратуучу негизги каражаттар: шылдың, келеке, шакаба, азил, чымчыкей, тамаша. «Манас» эпосунда жигит башы Тазбаймат кезектеги уруштан кийин кол (аскер) санагын жүргүзүүдө кайра-кайра эсептеп бир кишисин таппайт, кийин көрсө ал – баатыр Манас өзү экен. Бул ыкма – юмор. Анда коомго каршы көрүнүштү сындаган жок, жөн гана бир турмуштук окуя, мүнөздүн бир учуру, күлкү келтирер баян көрсөтүлдү. Юмор сындабайт, сатира сындайт, юморго алынган каармандын коомго коркунучу жок, сатира сынга алган киши жалпы коом үчүн зыяндуу. А. П. Чеховдун аңгемелеринде сатира жана юмор көп кездешет. Аны силер жогорудагы эки аңгемесинен көрдүңөр.

## МАЗМУНУ


Салам сага, жаш окурман....................3

Киришүү. Турмуштун көп түрдүүлүгү жана аны адабиятта чагылдыруунун формалары....................5

ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН КАЗЫНАСЫНАН

«Кожожаш»....................10
«Эр Табылды»....................29

ЭЛ АКЫНДАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

Молдо Кылыч....................62
«Чүй баяны»....................64
Токтогул Сатылган уулу....................70
«Насыят»....................72
«Санат»....................73
Барпы Алыкул уулу....................76
«Ак кымкаптан тон албайм»....................78
«Сүйлөш үчүн тил керек»....................78
«Ала-Тоо көрккө келбейт эл болбосо»....................78
Айтыш: Жеңижок менен Эсенаман....................80
Калык Акиев....................100
«Баскан жол»....................101
Коргол Досу уулу....................113
«Токтогулдун баласынын өлгөнүн угузганы»....................113
Осмонкул Бөлөбала уулу....................116
«Бизден мурда өткөндөр»....................117
«Уялам»....................121
Алымкул Үсөнбаев....................123
«Токтогул менен биринчи жолугушуу»....................123

КЫРГЫЗ ПРОФЕССИОНАЛ АДАБИЯТЫНАН

А. Токомбаев....................133
«Жараланган жүрөк»....................135
Т. Сыдыкбеков....................151
«Акылман куудул»....................153
Ч. Айтматов....................172
«Эрте келген турналар»....................174
А. Осмонов....................203
«Маляр»....................204
«Жумушчу»....................205
«ФЗОдогу иниме»....................205

«Буудай сапыруу»........................................206
«Ысык-Көлдө төрт мезгил»........................................208
«Кайынды»........................................209
«Оорулуу акын»........................................210
Ж. Садыков........................................212
«Манастын уулу – Семетей»........................................213
Б. Жакиев........................................254
«Атанын тагдыры»........................................259
Т. Касымбеков........................................286
«Адам болгум келет»........................................289
Т. Кожомбердиев........................................308
«Апа»........................................309
Ж. Мамытов........................................324
«Буурул таңдын жомогу»........................................325
О. Султанов........................................339
«Кош, Ысык-Көл»........................................340
«Бокс»........................................340
«Алтай»........................................341
«Жоокер»........................................342

## КЛАССИКАЛЫК ЧЫГЫШ АДАБИЯТЫНАН

М. Саади........................................346
«Падышалардын турмушу тууралуу»........................................346
Н. Хикмет ........................................352
«Пенденин макулуктай бир түркөйү»........................................353
«Керээз»........................................354
«Мажүрүм тал»........................................355
«Мемедге соңку катым»........................................356
М. Жалил........................................363
«Алман элинде»........................................364
«Ишенбе!»........................................365
«Эрк»........................................367
«Айрылуу»........................................368
«Ачынуу саптары»........................................369
«Кул»........................................369
«Доско»........................................371
«Белегим» ........................................372
Р. Гамзатов, «Менин Дагстаным» китебинен үзүндүлөр............376

## КЛАССИКАЛЫК ОРУС АДАБИЯТЫНАН

А. П. Чехов........................................388
«Хамелеон»........................................389
«Чиновниктин өлүмү»........................................393

Окуу басылмасы

Бектурсун Алымов, Абдыкерим Муратов

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

Орто мектептин 7-классы үчүн хрестоматия
окуу китеби

*Оңдолуп, түзөтүлүп, үчүнчү басылышы*

Адис редактору *Н. Ишекеев*
Редактору жана корректору *С. Дуулатова*
Көркөм редактору *Ж. Субанов*
Техникалык редактору *В. Крутякова*
Компьютердик калыптоочу *Б. Тимуров*

Терүүгө 15.08.2014-ж. берилди. Басууга 02.02.2015 кол коюлду. Офсет кагазы № 1. Форматы $60x90^1/_{16.}$ «Мектеп» ариби. 25,0 физ. басма табак. Нускасы 54 768.
Заказ №101

«Билим-компьютер» басмасы
720065, Бишкек ш., Горький көч., 1/2, 701

«ST. art LTD» ЖЧК типографиясында басылды
720040, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Тыныстанов көч., 199-46